КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# КЛАССИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖАНА ТЕКСТТЕР

## *ЫБРАЙЫМ АБДЫРАХМАНОВ*
## *МАНАС, СЕМЕТЕЙ*

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясынын астында

***Түзгөн***
***Кубат ИБРАИМОВ***

Бишкек
«ПОЛИГРАФБУМРЕСУРСЫ» – 2018

УДК
ББК
К

Кыргыз Республикасынын 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж. 6-апрель, №151-б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редколлегия:

Акматалиев А. А.
Байгазиев С. О.
Жайнакова А. Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С. Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К. Т.
Эркебаев А. Э.

**К** **Классикалык изилдөөлөр жана тексттер:** Ыбрайым Абдырахманов. Манас, Семетей / Түзгөн: К. Ибраимов. – Бишкек: «Полиграфбумресурсы», 2018. – 532 б.

ISBN

«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясынын бул томуна Ыбрайым Абдырахмановдун вариантындагы «Манас», «Семетей» эпосторунун үзүндүлөрү кирди.

Китеп фольклористика, манастаануу адистиги боюнча эмгектенген окумуштууларга, жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттерине, аспиранттарга жана элдик маданий мурастарга кызыккан жалпы окурмандарга сунуш кылынат.

УДК
ББК

К

ISBN

© КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2018

© Полиграфбумресурсы, 2018

## «МАНАС» ЭПОСУНУН УНИКАЛДУУ ВАРИАНТЫ

Бүгүнкү күндө «Манас» эпосу улут сыймыгы, элибиздин туу туткан мактанчы болуп калды. Мына ушул эпоско жарым кылымга жакын өмүрүн арнап, эпостун бир эмес бир нече вариантын учурунда кагазга түшүрүп, сакатап калган адам – Ыбрайым Абдырахманов. Ал (ылакап аты Ак Молдо) 1888-жылы азыркы Ысык-Көл облстынын Жети-Өгүз районундагы Чырак айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Абдрахман дыйканчылык менен күн өткөргөн, ошондой эле колунан көөрү төгүлгөн уста, мергенчи, тамырчы, комузчу жана чоң сынчы адам болгон экен. Ыбрайым бала кезинде чоң ата, чоң энесинин тарБиясында өсөт. «7 жашымда айылдагы бала окуткан молдодон окуй баштап, кат-сабатсыздыгын толук жойгондон кийин Прживальскийдеги 7 жылдык татар мектебине кирип окуп бүтүрүп, 1905-жылы Жети-Өгүздөгү жаңычА ачылган биринчи баскыч мектепте мугалм болдум. Ал мектепте II жылы мугалим болуп, 1916-жылы Ат-Башыга кеттим. Ат-Башыга барганда да мугалимдикти уланттым» – дейт өзүнүн 1960-жылы жазып калтырган кыскача өмүр баянында (инв №489/2061.1). Ы. Абдырахманов ревалюциядан кийин Ат-Башы өрөөнүндө ачылган советтик мектептерде иштеген алгачкы мугалимердин бири. 1920-жылы Алма-Атада, 1926-1927 жана 1928-жылдары Фрунзе шаарында ачылган эки-үч айлык мугалимдер курсунан окуп билимин өркүндөткөн. 1930-жылы Фрунзедеги педагогикалык институттун эки жылдык мугалимдер курсунун Кыргыз тили жана адабияты факультетин бүтүргөн. 1935-жылы ноябрь айында Ыбрайым Абдырахманов кыргыз элинин тарыхын, этнографиясын, элдик оозеки чыгармаларын, айрыкча «Манас» эпосун мыкты билген адам катары илим-изилдөө институна чакыртылып, илимпоздор арасында иштеп калат.1948-жылы ал СССР жазуучулар союзуна мүчө болот. Кыргыз элинин маданий мурастарын жыйнап,

жарыяладоо сиңирген эмгеги өкмөт тарабынан жогору бааланып, «Эмгектеги каармандыгы үчүн», «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалдары жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталыры менен бир нече ирет сыйланган. Ыбрайым Абдырахманов 1967-жылы 12-апрелде Ат-Башы районунун «Пограничник» колхозунда дүйнөдөн кайткан.

Ыбрайым Абдырахманов сексенге аяк басканча үзгүлтүксүз эмгектенип, өзүнүн артында баа жеткис рухий казына-байлык калтырып кеткен. Жаштайынан мугалимдик кесипти аркалап келген Ыбрайым кийин кыргыз элинин улуу эпосу «Манас» башында турган элдик оозеки чыгармаларды жыйнаган, аларды тартипке келтирген жыйноочу-фольклорист катары белгилүү болду. Анын кыргыз фольклору боюнча жыйнаган материалдары өтө арбын, кол жазмаларынын жалпы көлөмү 800 басма табакка жакын. Кыргыз элинин байыртан келаткан «Төштүк», «Жоодарбешим», «Мендирман», «Эр Эшим», «Жаңыл Мырза» сыяктуу эпосторун, жөө жомокторy менен макал-ылакаптарын, дуба-дарым, ырым-жырым айтымдарын, куудулдар менен чечендердин учкул, күлкүлүү сөздөрүн, ар кандай темадагы элдик ырларды топтоо жагынан Ы. Абдырахмановдун эмгеги өтө зор. 19-кылымда жана 20-кылымдын башында жашаган эл акындарынын чыгармаларын, алардын чыгармачылык жолуна байланышкан маалыматтарды топтогон. Улуу демократ акын Тоголок Молдонун өз оозунан эле 100дөн ашык чыгарма жазып калган. Кыргыз элинин тарыхый окуялары, үрп-адаты, каада-салттары боюнча жазып калтырган материалдары бар. Алардын айрымдарын ырга айландырган акын-жомокчу. Ыбрайым Абдырахмановдун «Манас» эпосуна сиңирген эмгеги өзгөчө орунда турат.

Мугалимдик кесипте жүргөн Ыбырайым Абдырахманов 1922-жылы «Манас» дүйнөсүнө чындап аралашып, улуу манасчы Сагымбай Орозбаковдун «Манасын» жазып алууга киришкен. Ошондон өмүрү өткөнчө (1967), эпостон кол үзбөй, «Манас» эпосу анын бүтүндөй өмүр жолун, чыгармачылык ишмердүүлүгүн аныктап турат десе болот.

Адегенде «Манасты» жазып алуунун маанисине анча түшүнө бербей, көңүлсүз баштаган Ыбырайым, бара-бара бул ишке жан дили менен берилип, акы албай, эч жерде иштебей, төрт жыл бою (1922-1926) манасчы менен бирге жүрүп, Сагымбайдын 10 томдон

турган уникалдуу вариантын, үчилтиктин биринчи бөлүмү «Манасты» жазып калды. Фольклордук чыгармаларды жыйноо боюнча аздыр-көптүр тажырыйбасы бар Каюм Мифтаков иштин башталышын мындайча сүрөттөйт: «Эл адатынча Манастын арбагына бир койду арнап сойгондон кийин жыйналган көп элдин алдында, тегерегиме Ибрайды, Сапарбайды, Чаки Каптагаевди олтуртуп, бутка жаздык, анын үстүнө батнос коюп жаза баштадым. Бир нече бет жазгандан кийин калем сапты, жастык, батносту Ибрайга берип өзүм Ибрайдын бир нече бет жазганын карап отурдум. Анын кол каты мага абдан жакты.» (КФ, инв. №96/298,36). Ал эми бул иштин күбөсү, жыйноочу Сапарбай Сооронбаев болсо «Ыбырайымдын бир артыкчылыгы – ал арабча абдан тез жазган адам экен. Кол жазмасы да абдан сулуу. «Манасты» Сагымбай эч качан жазып алууга ылайыктап айтып көнүкпөгөндүктөн, биз анын айтып бергенин жазып жетише албай койдук. Жалгыз Ыбырайым Молдо гана анын айтканына жетишип жазууга үлгүрүп жатты. Ыбырайымдын бул жөндөмдүүлүгү бизди таң калтырды» (Мамыров М. Жомокчу, жыйноочу, фольклорист // Ала-Тоо, 1967, №11,858) – деп эскерет. Тилекке каршы, өтө өкүнүчтүү жагы Сагымбайдын ооруп калганынан улам үчилтиктин кийинки бөлүмдөрү «Семетей» менен «Сейтек» жазылбай өзү менен кетти. Анткени Сагымбай өзүн жана өзүнүн укум-тукумун колдоп жүргөн Семетей деп эсептеп, «Семетейди» өзгөчө шык менен айтчу экен. ОШол жылдардагы ыңгайсыз, оор шарттарга карабастан, бир топ жыл аракеттенип, акыры бул түйшүктүү ишти аягына чыгарган Ыбырайым Абдырахмановдун эмгенине баа жетпейт.

Өткөн кылымдын жыйырманчы жылдарында «Манас» эпосу дале болсо эл ичинде айтылып, манасчы Саякбай Каралаевдин ысмы эл арасында белгилүү болуп калган. Ыбырайым Абдырахманов 1935-жылы Фрунзеге чакыртылып келээри менен ошол Саякбайдын вариантын жазууга киришет. Ага чейин Ленинграддагы Чыгыш таануу институтун бүтүрүп келген окумуштуу Х. Карасаевдин демилгеси менен Саякбайдын «Семетейин» Рыс уулу Жунуш жазып жүргөн. 1931-жылы башталган жазуу иши ар кандай себептер менен үзгүлтүккө учураган. 1936-жылы 24-мартта Ы. Абдырахманов бул ишти кайрадан колго алып, Саякбайдын «Семетейин» жазып алууну уланткан. Жыл аягына чейин 63550 сап ырдан турган (2599 бет) жети дептер жазып алат. Анда Семетейдин Букардан Таласка келишинен тартып

Коңурбай менен болгон урушуна чейинки окуялар сүрөттөлөт. «Семетейдин» андан аркы окуяларын Жумабаев Керим жазып аяктаган. 1937-жылы Ы. Абдырахманов Саякбайдан эпостун «Манас» бөлүмүн жаза баштайт. К. Жумабаев тарабынан жазылган Манастын төрөлүшү жана балалык чагы жөнүндөгү окуяларды камтыган биринчи дептерди эске албаганда, «Манас» бөлүмүн бүтүндөй Ы. Абдырахманов жазган. Ал жазып алган он эки дептердин (томдун) жалпы көлөмү 80285 сап ырдан турат, 2663 бет.

Ошентип, Ы.Абдырахмановдун аркасы менен кыргыз фольклору бүгүнкү күндө «Манас» эпосунун эң мыкты эки вариантына ээ болуп отурат. Жазып алуунун азыркыдай технологиялык ыкмалары кайдан болсун. Колго калем сап кармап, ушунча зор көлөмдөгү эпосту, узак убакыттар бою эринбей жазып отуруу үчүн канчалык эрк, канчалык күч-кубат керектелээрин элестетүү кыйын. Манасчынын айтканына үлгүрүп, аткаруу ыргагын бузбай, тынымсыз агылган ыр саптарын калтырбай кагазга түшүрүү, жеңил эмес, ага өзүнчө жөндөм-шык, өжөрлүк керек. Албетте, кээде манасчы өтө толкуп, ээлигип, эргип, поэтикалык экстазга түшкөн маалда айрым жерлерин жазып жетишпей калышы ыктымал. Бирок мурда жазылгандарды окуп көрүп, текшерип, кайра жазган учурлар болгон. Канткен күндө да, Ы. Абдырахманов кыргыз элинин баа жеткис маданий мурасын сактап калууга теңдешсиз иш кылган.

Ыбырайым Абдырахманов улуу манасчылар Сагымбай менен Саякбайдын «Манасын» жазуу менен чектелбей башка көрүнүктүү манасчылардын «Манасынын» жазылышына да түздөн-түз жетекчилик кылган. Шапак Рысмендеев, Жаңыбай Кожеков, Багыш Сазанов, Акмат Рысмендеев, Молдобасан Мусулманкулов сыяктуу манасчылардын көбү жыйноочу-фольклорист Ыбырайым Абдырахмановдун үйүндө туруп, анын көзөмөлү, кеп-кеңеши астында өз варианттарын жаздырышкан. Келдибек, Балык, Акылбек, Тыныбек, Чоюке, Сагымбай, Саякбай өңдүү он бешке жакын залкар манасчылардын өмүр баянын жазып, чыгармачылыгы, айтуу чеберчилиги жөнүндө материалдарды, алар жөнүндө эл ичинде айтылган улама сөздөрдү жыйнаган.

Ыбырайым Абдырахманов Илим изилдөө институтунда иштеп турганда В.М. Жирмунский, П.Н. Берков, А.Н. Бернштам, С.М. Абрамзон сыяктуу көрүнүктүү орус окумуштуулары менен дайыма жолугуп, пикирлеш болсо, М. Ауэзов, К.К. Юдахин, И.А. Батманов,

Т.Саманчин, Ж. Шүкүров, Б. Юнусалиев, Б.И. Богданова, З. Бектенов, Т. Байжиев өңдүү белгилүү окумуштуулар менен бирге иштешип, ыгы, кезеги келген учурда ал замандаштарына, калемдеш курбуларына кеп-кеңеш берип, консультанттык милдет аткарган десе да болот. Академик К.К. Юдахин аны «тирүү энциклопедия» – деп атаса, учурунда адабиятчылар З. Бектенов менен Т. Байжиев: «ал (Ы. Абдырахманов – И.К.) кыргыздын тилчи, адабиятчы, фольклорист жана тарыхчыларына жандуу сөздүк катары кызмат кылып келе жатат» – деп жазат. (Бектенов З., Байжиев Т. Кыргыз адабияты. Орто мектептин 8-классы үчүн окуу китеби. – Ф., 1949, 50-бет).

«Манас» эпосуна байланышкан бардык илимий талаш-тартыш, диспуттарга активдүү катышкан. Ал илимий-теориялык изилдөө иштерин жүргүзгөн жок, концептуалдуу монографиялык эмгектерди да жазбады. Ага даяр эмес да болчу. Бирок кыргыз фольклористикасынын өнүгүшү үчүн көп иш аткарган, айрыкча «Манас» эпосунун текстин басмага даярдоодо, архаикалык сөздөргө түшүндүрмө берүүдө, варианттарды өз ара салыштырууда эмгеги зор. «Манас» эпосунун жаралуу мезгили, тарых менен байланышы жөнүндө жазылып, жарык көргөн жана кол жазма түрүндө сакталган макалалары бар. Ал ислам дининин идеялары эпосто кандайча орун алып калгандыгын түшүндүрүүгө аракет кылат. «Манас» эпосуна арналган конференцияда (1952) чыгып сүйлөп, эпостун тексттин, поэтикалык структурасын мыкты билгендиктен, диний мотивдер эпостун негизги сюжеттик линиясына тиешеси жок, кийинчерээк кирген катмар катары белгилейт.

1940–1941-жылдары «Манас» сериялары деген ат менен Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча «Алооке хан» (1941), «Макел дөө» (1941), «Манастын балалык чагы» (1940), Саякбай Каралаевдин варианты боюнча «Каныкейдин жомогу» (1940), «Манастын өлүмү» (1941), Тоголок Молдонун варианты боюнча «Семетейдин Букардан Таласка келиши» (1941), Акмат Рысмендеевдин варианты боюнча «Үргөнч» (1941) деген китепчелерди даярдап, жарыкка чыгарган. «Манас» эпосунун ар түрдүү варианттары боюнча белгилүү эпизоддорду басмага даярдап, китеп түрүндө элге жеткирүүгө жасаган аракети өтө маанилүү. Анткени, В.В. Радлов даярдап чыгарган «Манастын» варианты адис окумуштуулардын тар чөйрөсүнө гана белгилүү болсо, Ч. Валиханов жазып алган текст архивдик кол жазмалардан азырынча табыла элек болчу. Демек, газета-журнал беттерине

жарыяланган «Манас» эпосунун чакан үзүндүлөрүн эске албаганда, бул биринчи жолу ишке ашып жаткан өтө олуттуу, элге керектүү, пайдалуу эмгек болгон, кийинки фундаменталдуу басылмаларга жол баштап, чыйыр салган. Бул учурда кыргыз фольклористикасында элдик оозеки чыгармаларды, анын ичинде «Манас» эпосунда басып чыгаруунун, жарыялоонун илимий принциптери али иштелбеген эле. Эпосту басып чыгарууда илимий критерийлер талап кылынаары белгилүү. Ы. Абдырахманов фольклорист-түзүүчү катары мындай масштабдуу ишти алгач ирет аткарып жаткандыктан, болгону өз мүмкүнчүлүгүнө, жеке иш тажырыйбасына таянган.

«Манас» эпосун изилдөөнүн алгачкы этаптарында негизги варианттардын сюжетин кыскача кара сөзгө айлантып жазып чыгуу зарылчылыгы турган эле. Бул ишти да Молдоке колго алып, 1946-1950-жылдар аралыгында өз вариантын баш кылып, Сагымбай, Саякбай, Тоголок Молдо, Шапак, Багыш, Молдобасан, Жаңыбай, Жакшылыктын варианттарын кара сөзгө айлантып жазып берген. Прозалык тексттин жалпы көлөмү 81 басма табакка барабар.

Ыбрайым Абдырахманов – өз вариантын толук жазып калтырган белгилүү манасчы. Анын манасчылык шыгы бала кезинен башталган. Ысык-Көл айланасындагы белгилүү манасчыларды, акындар менен жомокчуларды, көптү көрүп, көптү билген сөз устаттарын, санжырачыларды жаш чагынан ээрчий жүрүп, алардын айткандарын далай ирет уккан. Уккандарын дароо илип алып, көңүлгө түйүп, эсинде бекем сактап калууга жана анын чып-чыргасын коротпой, чыгармачылык менен кайра айтып берүүгө аракеттенген.

Ы. Абдырахмановдун жашында өзгөчө ынтаа менен берилип мамиле кылган чыгармаларынын бири «Манас» эпосу эле. Өзүнүн кийин жазып калтырган эскерүүлөрүнө караганда айылдагылар кыш мезгилинде манасчыны атайылап чакыртып, кезек менен ар бир үйдө «Манас» айттырыша турган. Күүгүм кирери менен ал үйгө эл жык толгон, Ыбырайымга улуулардан орун тийбей босогонун түбүндөгү керегеге сүйөнүп отурган. Түн ортосу жакындаганда чоң балдардын уйкусу келип үйлөрүнө тарашкан. Ыбырайым болсо алар кеткенден кийин тулганын түбүнө мине келип отуруп «Манасты» угуп, таң жакындап жомок айтуу токтолгондон кийин гана өз үйүнө кайтуучу экен.

Ысык-Көлдө жашаган манасчылардын көпчүлүгүн көрүп, кийин 15-20 жылдап алардын айткан «Манасын» угуп жүргөн. Алсак 13

жашында чыгаан манасчы Акылбекти биринчи ирет көрүп, 28 жашка барганча анын айткандарын тыңдаса, Жандаке, Байжан атуу манасчылар менен кыштоо-жайлоосу бирге 20 жылча айылдаш турган. Ошентип дайыма «эпикалык чөйрөдө» өмүр сүрүп, «Манас» менен жашагандыктан табият берген талант-шыгы, чыгармачыл жөндөмү бар Ыбрайым манасчы катары калыптанды.

Манасчылардын көпчүлүгү түш көрүү, же кандайдыр бир сырткы күчтүн таасиринен кийин гана оозуна сала берип «Манас» айтып калышкандыгын кеп кылышат. Чындыгында манасчылык өнөрдө таалим алып үйрөнүү чечүүчү мааниге ээ. Манасчы болуу үчүн баарыдан мурда поэтикалык жөндөмдүүлүк зарыл, башкача айтканда, ал адамдын акындык күчүнө, чыгармачылык дараметине байланышкан нерсе. Түш көрүү жана анын чыгармачылыкка тийгизген таасирин да жокко чыгарууга болбойт. Анткени болочоктогу манасчы чыгармачылык шыктануунун жана эпосту айтууну катуу эңсөөнүн туткунуна чалдыгып жүргөн учурда түш көрүшү толук ыктамал.

Манасчылык өнөрдө өзүнчө салттуулук, поэтикалык «мектеп» болору белгилүү. Саякбай Каралаев Ысык-Көлдөгү ири жомокчу Чоюкени ээрчип жүрүп үйрөнсө, Шапак-Балыктан, Сагымбай – өз агасы Алишерден, Алмабек – агасы Дыйканбайдан, Багыш менен Тоголок Молдо – Тыныбектен үлгү алган экен. Ыбрайым Абдырахмановдун манасчылык тагдыры бир аз башкачарак болду. Биринчиден, Анын поэтикалык мектеби өтө кеңири. Ал белгилүү манасчылардын дээрлик көпчүлүгүн угуп, алардан үйрөнгөн, өз ара салыштырууга мүмкүнчүлк алган. Экинчиден, 1922-жылдан тарта жалаң «Манас» менен иштеп, оозеки түрүндө эле эмес, жазуу түрүндөгү варианттары менен да кеңири таанышты. Үчүнчүдөн, анын поэтикалык эс-тутуму өтө мыкты болгондуктан, бир укканын унутпай эсте сакатап кала алган. Албетте, ал табият тартуулаган, тубаса поэтикалык жөндөм-шыкка ээ болгон инсан. Мына ушунун баары чогулуп келип, кыргыз эпопеясынын өзгөчө бир уникалдуу вариантынын жаралышын шарттады.

Эпостун кол жазма варианттары жөнүндө сөз болгондо «Манас» эпосу Сагымбай, Саякбай жана Ыбырайымдын айтуусунда гана толук сакталгандыгын, ал эми «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтиги баштан-аяк Саякбай менен Ыбырайымдан гана жазылыш калгандыгын белгилеп коюу керек.

Ыбырайым Абдырахмановдун «Манасы» – 26456, «Семетейи» – 23584, «Сейтеги» – 7839 сап ырдан турат. Бардыгы биригип – 57879 сап. «Семетей» жана «Сейтек» эпостору 1947-1948-жылдарда, ал эми «Манас» 1951-1952-жылдары жазылган.

Эмесе, Ы. Абдырахмановдун вариантындагы традициялуулук менен индивидуалдуулук маселесине учкай токтолуп кетели. Биз адатта, фольклордук чыгармаларда узак убакыттар бою өзгөрүүсүз, туруктуу сакталып келаткан белгилүү бир образдык системаларды традиция катары түшүнөбүз. Традиция таптакыр эле өзгөрбөгөн, же өзгөртүүгө болбой турган нерсе сыяктанганы менен тарыхый доордун, мезгилдин талаптарына ылайык же эл турмушундагы кандайдыр бир кырдаалдардан улам өзгөрүүлөргө сөзсүз душар болот. Бирок кылымдар бою калыптанып, жеткире иштелип чыккан өзүнүн баштапкы өзөгүнөн ажырабайт, Ал такай жаңы мотивдер менен толукталып байыйт, жогорку көркөмдүүлүккө ээ болот.

Мына ушул туруктуу традициялык формалардын жардамы менен байыртан келаткан элдик оозеки чыгармалардын мыкты үлгүлөрү өзүнүн негизги сюжеттик нугун сактап, баштапкы көркөмдүк касиеттери менен биздин күнгө жетип отурат. «Манас» эпосунун кылымдардан бери келаткан поэтикалык традициясы эң эле байыркы образдар менен түшүнүктөрдү, мифологиялык мотивдерди бүгүнкү күнгө чейин алып келди. Ар бир доор, мезгил өзүнө мүнөздүү жаңы нерселери менен мурунтан келаткан эски көркөм формалардын айрымдарын сүрүп салат же кандайдыр бир даражада өзгөртөт, бирок аны таптакыр эле, бүтүндөй жаңы поэтикалык табылгалар көркөм образдардын системасы менен алмаштырып жибере албайт, Манасчылар адатта эпостун мурунтан келаткан традициялык нугунан сыртка чыгып кете алышкан эмес. Алар негизги эпизоддорду айтканда традицялык сюжет даана сезилип турган. Манасчы эпостун кайсы бир эпизодун же бир окуясын өзгөртүп жаңыча айтууну каалап турса да, ал традицияны танып жокко чыгара албаган. Себеби, манасчыны угуп отурган эл эпосту өздөрү мурдатан угуп-билип жүргөн жана «классикалык» формасы (эң туура, жогорку үлгүсү) – деп эсептеген традициялык тартипте кабыл алышкан жана оңдоп-түзөп турушкан. Ошондуктан манасчылар – традициялык тартипти бузбай, эл угуп жүргөндөй айтууга аракет кылышкан. Андай болбогондо манасчынын айтканын угуучу чөйрө, эл кабыл алган эмес, сынга алган. Демек

эпостун традйциялык спецификасына дал келе турган жогорку көркөмдүктөгү кошумчалар гана кабыл алынышы мүмкүн.

«Манас» эпосун терең билген Ы. Абдырахманов эпостогу традициялык элементтерди, көркөм системаны бузбай сактаган. Анын вариантында эпостун негизги традициядык сюжети, композициясы, поэтикасы, көркөм ыкмалар толугу менен сакталган. Бул баарыдан мурда анын жеке чыгармачылык өзгөчөлүгүнө жана варианттын жаралуу жагдай-шартына байланышкан. «Манас эпосу негизинен төмөнкүдөй традиңиялык эпизоддордон турары белгилүү: а) Манастын төрөлүшү жана балалык чагы; б) Алмамбеттиң окуясы; в) Манастын Каныкейге үйлөнүшү; г) Көзкамандар окуясы; д) Көкөтөйдүн ашы; е) Казаттар. Эпостогу мындай сюжеттик окуялар ар бир вариантта түрдүүчө орун алышы мүмкүн, бирок негизги традициялык тема өзгөрүүсүз кала берет. Ы. Абдырахмановдун вариантында традициялык эпизоддор толугу менен орун алган жана дал ушундай сюжеттик сызыкта курулган.

Ы. Абдырахмановдун айтуусунда «Манас» төрт бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмү «Манастын туулуп өскөнү» же «Алтайдагы окуялары» – деп аталып, Манастын төрөлүшү, балалык чагы, анын калмак жана уйгур баатырларын, Нескара менен Жолойду жеңгендиги баяндалат. Экинчи бөлүм «Манастын Орто Азиядагы окуялары» деген ат менен берилет. Анда элдин Алтайдан көчүп Ала-Тоого келиши, Алооке, Шоорук жана Акун кан менен болгон аңгемелер, Алмамбеттин окуясы, Манастын Каныкейге үйлөнүшү, Көзкамандардын окуясы жөнүндөгү эпизоддор орун алган. Үчүнчү бөлүм – «Көкөтөйдүн ашы». Төртүнчү бөлүм негизинен казаттарга арналып «Калмак менен кыргыздын кагылышы» – деп аталат. Бул бөлүм Манастын өлүмү, Каныкейдин кошогу жана күмбөздүн салынышы жөнүндөгү окуя менен аяктайт. Ы. Абдырахманов өз вариантында «Манас» эпосуна тиешелүү традициялык окуяларды. толугу менен камтыган.

Ы. Абдырахмановдун «Манасы» чыгарманын жалпы сюжети, окуяларды камтышы, алардын ички мазмуну, ички традициялык сюжеттик мотивдери боюнча да байыртан келаткан туруктуу салттан четтебейт. Алсак, эпикалык баатырдын ата-тегин териштирүү, Жакыптын карыганча бала көрбөй зарлап жүрүшү, Манас төрөлөрдөн мурда ата-энесинин кереметтүү түш көрүшү, Чыйырдынын жолборстун жүрөгүнө талгак болушу, бала төрөлгөндө чоң той берип, ага ат

коюу – Манастын төрөлүшүнө байланышкан традициялык мотивдер болсо, Манастын Ошпурга койчулукка барышы, анын алгачкы баатырлыктары, Нескара, Жолойду жеңиши, душмандын баатырлары менен болгон жеке күрөштөрү баатырдын бала чагы жөнүндө бардык варианттарда учураган традициялуу мотивдерден. Маселен, эпикалык баатырдын кандайдыр кереметтүү белгилер менен дүйнөгө келип, өзгөчө шартта, эл кыйынчылык тартып, душмандан запкы көрүп турганда төрөлүшү баатырдык эпосторго мүнөздүү белгилерден. Манас төрөлө электе ата-энесинин көргөн түшү бардык вариантта мазмун жагынан окшош болбогону менен, келечекте баатыр уулдун төрөлөрүнөн кабар, баарында тең берилет.

Эпостун андан кийинки эпизоддорунда деле Ы. Абдырахманов негизги сюжеттик окуяларды, андагы традициялык мотивдерди сактаган. Албетте, анын варианты индивидуалдуу өзгөчөлүктөргө да ээ. Ы. Абдырахмановдун «Манасындагы» традициялуулук чыгарманын идеялык багытынан, образ системасынан, поэтикалык деталдарынан да жакшы байкалат. «Манас» эпосундагы башкы идея – эркиндик жана көз карандысыздык үчүн болгон күрөш. Бул традициялык идея Ы. Абдырахмановдун вариантында айкын-ачык чагылдырылат. Эпостогу башкы каарман Манас баатырдын иш аракеттери бүтүндөй сырткы баскынчы душмандарга каршы жүргүзүлүп, эл-жерди, Мекенди коргоого, эл биримдигин сактоого багытталган.

Ы. Абдырахманов манасчы болууга чейин өзүнөн мурдагы профессионал манасчылардан таалим алып үйрөнүп келген. Мындай таалим алып үйрөнүү баарыдан мурда, эпостун сюжетин өздөштүрүүдөн башталат. Манасчылар эң алды эпостун сюжетин, окуялардын бири-бири менен байланышын, иретин, дайыма колдонулуп келген көркөм сөз каражаттарын туруктуу традициялык ыр түрмөктөрүн (ыр сабактарын), ар кандай ситуацияларды, каармандардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүп алгандан кийин гана акындыкка салып импровизациялап айта баштаган. Демек, манасчылар эпостун текстин толугу менен сөзмө сөз үйрөнүп, жаттап алышпайт. Атүгүл бир эле манасчы бир эле окуяны кайталап айткан учурда окуя мазмун жактан өзгөрбөгөнү менен ырдын текстинде орчундуу айырмалар болору белгилүү.

Чыныгы таланттуу манасчылар үчүн эпосту айтып жаткан учурдун өзү бир эле мезгилде чыгармачылык процесс да болуп эсептелген. Башкача айтканда, ал аткаруучунун да, эпостогу эски традицйяларды

сактоочулардын да, ошондой эле аны андан ары өркүндөтүп иштеп чыга турган жаратуучунун да милдетин аткарат. Ошондуктан кагаз жүзүндө эмес оозеки жашаган эпикалык текстти бир эле айтуучу-манасчы кайра кайталап айткан учурда мурда айтканын кайталай алган эмес. Албетте, сөзмө-сөз жат болгон традициялуу саптар, даяр ыр түрмөктөрү сөзсүз болот жана мындай туруктуу ыр сабактары манасчынын чыгармачылыгында өзгөчө мааниге ээ. Кээде эпикалык туруктуу формулалар эле эмес, элге кеңири белгилүү болгон бүтүндөй бир эпизоддор да кыйсы бир манасчылардын вариантында бири бирине сөзмө сөз дал келип кала тургандыгын Ы. Абдырахмановдун варианты ырастайт. Мындай көрүнүш эпосту, айрыкча, белгилүү бир манасчыны өзгөчө кунт коюп үйрөнгөн Ы. Абдырахманов сыяктуу айтуучу-манасчылардын гана чыгармачылыгына тиешелүү болсо керек. «Манас» баатырдык эпосунун көркөм каражаттар арсеналында туруктуу поэтикалык формулалар, традициялык ыр сабактары абдан жыш. Айтуучулардын улам бир муунунан экинчисине өтүп, өзгөрүүсүз айтылып келаткан мындай традициялуу саптарды башка манасчылардай эле Ы. Абдырахманов да өз вариантында пайдаланган. Айрыкча баталдык сценаларды, эпикалык каармандардын портретин сүрөттөөдө, баатырлардын минген атын, сулуулардын келбетин тартууда, бир эпизоддук окуядан экинчисине өтүүдө, же аларды байланыштырууда традициялык мүнөзгө ээ болгон ыр сабактары кеңири учурайт. Бирок Ы. Абдырахманов туруктуу ыр сабактарын кайра-кайра кайталабай, эпостун жыйынтыктуу, тыкан болушун көздөп, традициялуу ыр түрмөктөргө өтө кылдаттык менен мамиле кылган. Ал эмес айрым жерлерди (мисалы, Манастын портиретин, баталдык сценаларды ж. б.) эске албаганда, туруктуу ыр саптарынын кайталанышына таптакыр эле жол берген эмес. Ал эми традициялуу поэтикалык формулалардын, туруктуу ыр түрмөктөрүнүн кайталана бериши эпикалык чыгармаларга мүнөздүү көрүнүш.

Ы. Абдырахманов өзүнүн поэтикалык арсеналында даяр турган туруктуу ыр сабактарын, традициялуу түрмөктөрдү зарыл учурда колдоно билүү менен аны айтылып жаткан эпикалык сюжеттин негизги өзөгүнө тыгыз байланыштырат, бул тексттин көркөмдүк дегээлине таасир тийгизет, эпикалык каармандардын көркөм образын түзүүгө, сүрөттөлүп жаткан окуянын мүнөзүн ачып берүүгө көмөк берет.

Албетте, манасчы традициялуу ыр сабактарын сөзмө-сөз жаттап алууну максат кылбайт, бирок эпосто канон болуп калган

традициялык саптарды манасчылар баса көрсөтүп, өзгөртпөй так айтууга, жок эле дегенде жакындаштырууга аракеттенет. Ошондон улам «Манастын» варианттарында эч бир айырмасыз айтылган ыр түрмөктөрүн көп эле учуратууга болот. Бул кылымдар бою иштелип чыккан тексттин традициялуулугуна байланышкан нерсе.

Ы. Абдырахманоз көркөм сөз каражаттарын колдонуу жагынан да эпостун салтынан чыкпайт. Эпос Манастын төрөлүшүнөн тартып, өлүмүнө чейин, башкача айтканда, эпос баштан-аяк поэтикалык гиперболанын ар кандай түрлөрүн колдонуу менен эпикалык каармандын образын, анын курал-жарак, жоо кийимдерин, минген атын, ар кыл көрүнүштөрдү атайлап апыртып, чектен тыш күчөтүп сүрөттөйт. Мындай ыкманын негизинде эпос өзгөчө эмоционалдык мүнөзгө ээ болот. «Манас» эпосундагы каармандардын ар биринин өзүнө ылайык берилген туруктуу эпитеттери сакталып, Манаска карата «айкөл», «кабылан», «шер», «арстан», «көкжал», «жолборс» сыяктуу эпитеттерди колдонот же болбосо «Коңурбай калча», «сырттан Сыргак», «чыканактай Эр Агыш», «кырктын башы Кыргынчал», «Катагандын кан Кошой», «Элемандын Эр Төштүк» – деп айтылат. Ы. Абдырахманов традициялык мүнөзгө ээ метафора менен салыштырууну, стилистикалык параллелизм ыкмасын, антитеза, аллитерация, учкул сөз менен афоризмдерди, макал, лакаптарды ыктуу пайдаланган.

Ошентип, эпостун жалпы сюжети, поэтикасы, көркөмдүк өзгөчөлүгү, туруктуу традициядык сабактары жагынан Ы. Абдарахмановдун варианты эпостун салтын толугу менен сактаган. Бирок, ошондой болсо да аны башка варианттардан айырмалап турган индивидуалдык өзгөчөлүктөрү бар.

Эпостун колдо болгон варианттарына салыштырганда Ы. Абдырахмановдун «Манасы» С. Орозбаковдун вариантына жакын. Мунун өзүнчө объективдүү себептери бар. Биринчиден, С. Орозбаковдун «Манасы» камтыган окуяларынын толуктугу жана көркөмдүгү жагынаан башка варианттардан жогору турса, экинчиден, Ы. Абдырахманов жыйноочу жана манасчы катары бул вариантты абдан мыкты өздөштүргөн. Ошондуктан Ы. Абдырахманов өз вариантын жазып калтырууда Сагымбайдын «Манасына» көбүрөөк басым жасап, анын үлгүсүнө таянган. Анткен менен бул варианттардын ортосунда орчундуу айырмалар да бар. Аталган варианттардын сюжетин өз ара салыштырганда эпостун негизги сюжеттик өзөгүн түзгөн көпчүлүк

эпизоддор менеН окуялар эки вариантта тең айтылса, айрым бир эпизоддор биринде кездешсе экинчисинде жок. Маселен: С. Орозбаковдун вариантында айтылган төмөнкүдөй өзүнчө көлөмдүү окуялар Ы. Абдырахмановдун «Манасында кездешпейт: 1) Манастын биринчи казаты, же  Манас менен Кошойдун Кытай жериндеги окуялары; 2) Манастын экинчи казаты, же Түркстанды ээлеп алган кытай хандарын Манастын талкалашы; 3) Манасттын бешинчи казаты; 4) Манастын башка жактарга жасаган жортуулу; 5) Алмамбеттин кеңеши менен Манастын Кенжутту чапканы; 6) Манастын Мекеге баырышы. Ы. Абдырахмановдо бул сыяктуу көлөмдүү окуялар жок. Жогоруда айтылган эпизоддордун көпчүлүгү эпостун традициялык сюжети менен байланышпай, кийинчерээк манасчы тарабынан  киргизилген кошумча  окуялар  катары  түшүндүрүлүп  жүрөт.

Варианттар кайсы бир эпизоддордун  биринде болуп экинчисинде жок экендиги менен эле айырмаланбайт. Алардын экөөндө тең айтылган окуялар менен эпизоддорду ич ара салыштырганда алардын ортосунда да ар кандай айырмачылыктар менен өзгөчөлүктөр кездешет. Адатта  манасчылар эпосту Манастын түпкү  ата-бабаларын, тек-жайын териштирүүдөн баштайт. Бирок бардыгына орток генеалогиялык система жок. Сагымбай Орозбаков Манастын ата-тегин Карахан, Огузкандан таратат. Алардан кийин Аланча хан Уругунан Байгур, Уйгур болуп, Байгурдан Бабыркан, андан Түбөй, Түбөйдөн Көгөй, Көгөйдөн Ногой, Шыгай, Чыйыр деген үч уул, ал эми Ногойдон төрт уул – Орозду, Үсөн, Бай, Жакып (Манастын атасы). Ы., Абдырахманов Манастын түп атасын Түбөйдөн бери баштап, калган укум-тукумдарын Сагымбай сыяктуу айтат. Бирок Ыбырайым эпостун экспозициялык милдетин аткарган киришүү бөлүмүн Сагымбайдай кара сөз менен эмес ыр менен берген.

Ы.  Абдырахмановдун вариантында Ногой өлгөндөн кийин салт боюнча улуу баласы Орозду кан болот. Бул учурда Эсенкан көп кол менен келип кыргызга кыргын салып, Ногойдун балдарын ар тарапка сүрөт. Үсөн менен Жакып Алтайга, Бай Кашкарга  тентип, Орозду Алайда калат. Ногойдун балдарынын өз жеринен сүрүлүшүн С. Орозбаков эпостун кириш бөлүмүндө эмес, кийинки эпизоддорунда кеңири баяндайт. Ы. Абдырах-мановдо Алтайга азып-тозуп барган азыраак казак, кыргызга Айдаркан башчы экендиги айтылат. Ушул эле эпостун кириш бөлүмүнө байланыштуу Ы. Абдырахмановдун

вариантындагы дагы бир өзгөчөлүк – Жакыптын дыйканчылык кылып байыгандыгы. Алтайдагы калмактын чоңу Бөйөндүн уулу Чаййянга баш калкалап барган Жакып эгин эгип, эсепсиз мал күтөт, төрт түлүгү шай болот. Бул жагынан аталган вариант Б. Сазановдун вариантына жакын. С. Каралаевдин варианты боюнча Жакып күмүш кенин казып жана аштык эгип жүрүп байыйт.

Манастын төрөлүшү жана анын Алтайдагы окуялары негизинен бири-бирине жакын. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Жакып сүйүнчүгө келген, Акбалтага сүйүнчүсүн берип Камбар боздун үйүрү үч жүзгө жетип, жашы үч асыйга толгонун айтат. Эсенкан жиберген кербенге байланыштуу эпизоддо Манас Анаркулга жолугуп, аны өзүнө кошуп алат. Душмандардын өлүгүн карга-кузгунга сүйрөп салуу, Жакыптын энчисине тийген буту сынган нардын жүгү, андагы байлык сүрөттөлөт. Манастын Нескараны жеңгендиги жөнүндөгү окуянын башталышында Бай Алтайга барып жер чалып, иниси Жакыпты издеп келүү жөнүндө оюн балдарына айтат. Ушул учурда С. Орозбаков Ороздунун он уулу, алардын өз ара чыр-чатактуу мамилелери, кылык-жоруктары жөнүндө кеңири баяндайт. Жогорудагы окуялар Ы. Абдырахмановдун «Манасында» кездешпейт.

Баатырдын минген атына тил бүтүп, кыйын-кысталыш учурда жардамга келиши фольклордук чыгармаларга кеңири мүнөздүү. Ы. Абдырахмановдун вариантында Жакыптын жылкысын тийип, «уюган чаңга кире элек, уруштун ыгын биле элек» жаш Манасты кармап келүү жөнүндө Нескарага кеңеш берген «бир айбаты суук эр адам» болсо, Сагымбайда Нескаранын: «ээси менен сүйлөшүп, эс үйрөтчү чабдар аты бар экен» ошол аты кеңеш берет.

С. Орозбаковдун вариантында Манасты кармап келүү үчүн чыккан балбандардын кимиси кайдан, кайсы шаар, кайсы элден чыкканы баяндалса, Ы. Абдырахманов он бир балбанды Көөнө-Турпан шаарында турган уйгур каны жибергенин айтат. Алар эки вариантта тең Жакыптын айылын издеп жүрүшүп, талаадан анын өзүнө жолугуп калышат. Бирок Сагымбайдын айтуусу боюнча Жакып мал жыйнап жүргөнүн шылтоо кылып башка жолго салып узатса, Ы. Абдырахмановдо карыган чалды кыйнабагыла, алым жок деп башы чыккан Чоң тоо тарапка жөнөтөт.

Сагымбайдын вариантында Манасты байлап алып кеткени келген балбандарга Манас өзү талаадан жолугуп айылына ээрчитип келсе,

Ыбырайымда Жакып Манасты издеп чыгып айылга келген балбандар жөнүндө кабарлайт. Ушул эпизоддогу аңчылыкка байлашдштуу окуяларда да айырма-чылыктар бар. Алсак, Манастын жолдоштору менен тапкан олжосу, ал шумдуктуу бир жандык көрүп Айкожо берген Аккелте менен атып алышы, ошол жандыктын кыйкырыгынан өлгөн жети жүз он төрт кулжанын этин эли барып жүктөп алышы, жөнүндөгү окуялар Ыбырайым Абдырахмановдун вариантында айтылбайт.

Манастын Нүкөр дөө менен болгон окуясына байтланыштуу да Ы. Абдырахмановдун варианты айрым сюжеттик өзгөчөлүктөргө ээ. Алсак, С, Орозбаковдо сексен төрт жолдошу менен ит агытып, куш салып жүргөн мезгилде жолдоштору Манастын жетелей жүргөн боз быштысын союп, өзүн ак тердикке салып кан көтөрүп алышат. Мындай эпизод Ы. Абдырахмановдун вариантында жок.

Нүкөр дөөнүн көп колун көрүп Көкчөнүн жүрөксүп, тайсалдашы, Манастын бир чети ага кайрат берип, бир чети жемелеп айткан сөзү, ошондой эле Манастын «канкор» атка коюлушу да Ы. Абдырахмановдо айтылган эмес. С. Орозбаковдун варианты боюнча Нүкөр дөөнү жеңип, колун талкалагандан кийин жолдоштору Манасты «канкор» атка коюшат.  Нүкөр дөөнү жеңгенден кийинки окуя эки вариантта тең Алтайдагы калмак, маңгул (С, Орозбаковдо), казак, кыргыз, найман, тыргоот өңдүү ар кыл элдердин баш кошуп, биримдик түзүшү менен аяктайт. Бирок Сагымбайдын варианты Ыбырайымдыкына караганда алда канча кеңири планда сүрөттөлүп, Манастын Алтай элине кан көтөрүлүшү жөнүндөгү окуянын берилиши менен айырмаланып турат.

Сагымбай Манастын чакырыгы боюнча жыйналган элди жана жер-суу аттарын кеңири планда санап өтөт. Жакып чогулган элге баш кошуп, биримдик түзүү зарыл экендигин айтып, баш кошууга үгүттөйт,  Көпчүлүк эл жалпы баш кошуп, кандуу эл болуп, кан  көтөрбөсөк болбос деген бүтүмгө келет. Манастын жолдоштору (чоролору) Манасты кан көтөрүп коюшканын айтат. Көкчөнү сен малыңды аяп кан болбой калдың, кандыкты кыргыздар алып кетти деп жемелегенде, Көкчө элге кайрылып төрөлүктү сурап алат, Бай болгондуктан Жакып кан болсун, баатырлык мансап уулу Манаста калсын деген сунуштар болот, Акыры кыйла талаш-тартыштан кийин Манас кан көтөрүлөт (Ак кийизге Жакып экөөнү бирге отургузушат, бирок жети кадам өткөндө Жакып өзү түшүп калат). Жакып чоң той берет,

Манас Алтайдагы элдин эсебин алат. Ошентип Сагымбайдын «Манасынын» биринчи бөлүмү Манастын кан көтөрүлүшү менен аяктайт.

С. Орозбаковдун айтуусу боюнча андан ары «Манастын биринчи казаты» башталып негизинен Манас менен Кошойдун кытай жериндеги окуяларын сүрөттөйт. Анда Манастын он бир дуудунун колун талкалашы, Жолойду жеңиши, Кошойдун Жаангир кожонун баласы Билерикти бошотушу, анын дөө-пери, аярлар менен болгон кармашы, Кырмуз шаа, Найза канды өлтүрүп Ороңгуну жеңиши, Манастын Дүбүрө канды өлтүрүшү, Кошой менен Манастын Жаркент, Даңгу шаардарын алганы, Манастын үйлөнүшү өңдүү өтө көлөмдүү, зор окуялар орун алган.

Мына ушул окуялардын ичинен Ы. Абдырахмановдун вариантында «Манастын Жолойду жеңгени» жана «Манасгын үйлөнүшү» жөнүндөгү эпизоддор менен Ыбырайымдын «Манасынын» биринчи бөлүмү («Манастын туулуп, өскөнү, Алтайдагы окуялары») аяктайт. Мындан кийинки бөлүмдөр деле ушул сыяктуу өзгөчөлүктөрү менен айрымаланып турат.

Абдырахмановдун «Манасында» башка варианттарга окшобой өзгөчө даана сезилип турган бөтөнчөлүк – идеялык багытынын ачык, так жана жеткилең иштелгендигинде. Эпостун сюжеттик өнүгүшү, окуялардын берилиши жагынан негизинен Орозбаковду эрчигени менен. Ы. Абдырахманодун варианты кыйла эле айрымалуу. Айрыкча Манас баатырдын төрөлүшү жана ага ат коюу, Алмамбеттин окуясы жөнүндөгү эпизоддорду Ы. Абдыраманов башкача жол менен өзүнчө чечмелеп түшүндүрүүгө аракет кылат.

Ы. Абдырахмановдун «Манасындагы» айрым эпизоддор текстологиялык жагынан Сагымбайдын вариантына өтө жакын, ал эмес кээде С. Орозбаковдо кандай айтылса эч өзгөрүүсүз кайталанган. Айрыкча эпостун биринчи бөлүгүндө, башкача айтканда, Манас баатырдын төрөлүшү менен Алтайдагы окуяларын сүрөттөөдө, Алооке хандын Анжияндан качышы, Манастын Каныкейге үйлөнүшү жөнүндөгү окуяларда, Көкөтөйдүн ашындагы Кошой менен Жолойдун күрөшү, Коңурбай менен Манастын сайышы, чабылган аттардын келиши өңдүү элге кеңири белгилүү сюжеттик мотивдерде, казаттагы салгылашуулар, Манастын өлүмү, Каныкейдин кошогу, күмбөз жөнүндө айтканда эки вариантта тен эч өзгөрүүсүз кайталанган эпизоддор, ыр түрмөктөрү арбын.

Анын жеке чыгармачылык өзгөчөлүгүн, жөндөмүн, көптөгөн варианттарды, андагы айрым сюжеттик мотивдерди, эпизоддук окуяларды жатка билип айта ала турган чыгармачылык сапатын, өтө мыкты эс тутуу мүмкүнчүлүгү бар экендигин көңүлгө алсак, жалпы эле эпостун текстине традициялуулук мүнөздүү экендйгин эстен чыгарбасак, анда мындай тексттик окшоштук Ы. Абдырахмановдун чытармачылыгына мүнөздүү законченемдүү нерсе.

Ал эми ошол текстологиялык жактан бири-бирине өтө жакын турган же эки вариантта бирдей айтылган окшош эпизоддорду, ыр сабактарын өз ара салыштыруу Ы. Абдирахмановдун вариантынын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн дагы ачып бермек. Анткени, тексттеги айрым сөздөр же ыр саптары манасчы тарабынан атайылап, чыгармачылык максат менен өзгөртүлгөнү байкалат. Манасчынын мындай чыгармачылык мүнөздөгү иш аракети баарыдан мурда эпостун идеялык-тематикатлык багытына байланыштуу жүргүзүлгөндүгүн байкоо кыйын эмес. Алсак диний түшүнүктөргө байланыштуу келип чыккан «теңир», «алла», «пайгамбар», «кызыр», «чилтен», «капыр», «мусулман», «молдо», «кожо», «эшен» дегендей сөздөрдү сейрек колдонууга аракеттенген, же башка сөздөр менен алмаштырган жана Сагымбайда айтылган «хан», «бек», «кул», «жарды» сыяктуу социалдык маанидеги сөздөргө да Ыбырайымдын мамилеси башка.

Ы. Абдырахмановдун варианты боюнча кыргыздар кытайлар менен эмес калмактар менен согушкандыктан «кытай» деген сөздү такыр колдонбой, анын ордуна «калмак» же башка сөздөр айтылат. Мунун өзүнчө себеби бар сыяктуу. 1952-жылы мезгилдүү басма сөздө «Манас» эпосунун айрым проблемалары боюнча курч талаш-тартыштар жүрүп, кеңири талкуу уюштурулганы, ошол эле жылы бул эпосту изилдөөгө арналган атайын илимий конференция болуп өткөнү белгилүү. Ошондо эпос тарых эмес, оозеки көркөм чыгарма экендигин унутуп ага тарыхый окуя катары талап койгондор чыккан. Алар тарыхта кытай эли менен кыргыздардын ортосунда эч кандай карама-каршылыктар, кагышуулар болгон эмес деп, эпосто айтылгандарды түздөн түз тарыхта болгон окуя катары түшүнүшкөн. Мына ошондуктан манасчы кыргыздардын каршылашкан душмандары катары калмактарды көрсөтүп, «кытай» деген сөздү колдонбосо керек. Ушул себептен улам Саякбай Каралаев дагы 1952-жылы жаздырган «Манасында» «кытай» деген сөздү айтпай калган. Ал эми адеп отузунчу

жылдардын ичинде жаздырган вариантында Сагымбай Орозбаков сыяктуу эле Манас баатырдын эпикалык душмандары катары кытай, калмак, манжулар сүрөттөлгөн.

Ы. Абдырахманов «канкор», «казат», «алач», «түрк» дегендей сөздөрдү да, чыгарманын идеясына көлөкө түшүрө турган сөздөр катары түшүнүп, эпостогу мындай сөздөрдү башка сөздөр менен алмаштырып берген. Ал эми эпосто «Чоң казат», «Кичи казат» деген традициялуу аталып келген негизги согуштук эпизодорду Ы. Абдырахманов «Калмак менен кыргыздын кагылышы», «Коңурбайдын чабуулу» – деп берген. Эми «канкор» дегендин ордуна көбүнчө «кабылан», «арстан», «эр» деген эпитеттерди колдонот. Манаска карата колдонулган «канкор» эпитетинин айланасында кыйла талаш-тартыштар болуп келет. Алардын айрымдары сөздүн түз маанисинде «кан ичкич» деп түшүнсө, башкалары «баатыр» деген мааниде колдонуларын ырасташат, дагы бирөөлөрү бул сөздү байыркы мифологиялык түшүнүктөр менен байланыштырат.

С. Орозбаковдун тилине мүнөздүү болгон диалектилик өзгөчөлүктөрдү Ы. Абдырахманов ээрчибейт. Тактап айтканда, С. Орозбаков кыргыз тилинин ичкилик диалектисине таандык жөндөмө мүчөсү (табыш жөндөмөсү) аркылуу «түшүнү», «кушуну», «колуну», «башыны», «куруну», «жолуну», «бетини» сыяктууу уйкаштыктарды түзөт, «барады», «турады «эңди» дегендей диалектизмдерди колдонот. Ыбырайым адабий тилдин лексико-грамматикалык нормаларынан чыккан эмес.

Сагымбайдын Манасынадагы кийин эле кирген лексикалык составды мүмкүк болгон башка сөздөр, тагыраак айтканда эски сөздөр менен ооштурат. Сыягы бул эпостун тилйнин байыркылыгын сактоого кылган аракет го. Алсак, Сагымбайдын вариантындагы «аскер» деген сөз контексттеги ыңгайына карай «черүү», «черик», «кошун», «кол», «жигит», «журт» сыяктуу сөздөр менен алмашат. «Солдат», «замбирек» деген сөздөрдү «жигит», «төө мылтык» – деп атайт. Айрыкча Сагымбай окуяга катышкан элдин санын көрсөтүүдө конкреттүү, так сандар менен айтат.

С. Орозбаковдун вариантында аллетирация, ассонанстан курулган уйкаштыктар көп колдонулган. Мындай уйкаштыктар Ыбрайымдын айтуусунда көбүнчө бузулуп, ырдын көркөмдүгү төмөндөй түшкөн.Ошентип бири-бирине дээрлик окшош деп айтралык сюжеттик

эпизотторду, андагы айрым ыр саптарын өз ара салыштыра келгенде алардын ортосунда белгилүү даражада айырмачылыктар бар экени байкалат. Ырас, ар каңдай эле фольклордук чыгармаларды кайталап айткан учурда түрдүү алымча-кошумчалар киргизилип, өзгөртүүлөргө учурашы, фольклордук текст дайыма кыймылда болору белгилүү. Айтуучу канчалык мыкты феноменалдык эсте тутуу жөндөмдүүлүгүнө ээ бодсо да, фольклордук чыгармаларды, асыресе, «Манас» эпосундай көлөмдүү эпикалык чыгарманы бардык көркөмдүк касиеттери менен баштан-аяк толук сактап калышы же жатка билиши кыйын. Ошондуктан өзгөчөлүктөрдүн болушу закон ченемдүү нерсе.

Мындай сапат Абдырахмановдун чыгармачылыгына да тиешелүү. Бирок анын варйантындагы индивдуалдык өзгөчөлүктөр эсте сакталбай унутулгандыктан эмес, атайылап иштелген, аң-сезимдүү чыгармачылык аракетинин натыйжасы деп түшүнүү керек. Албетте, ал «Манасты», анын варианттарын көп кайталап, тереӊ өздөштүргөн. Манасчыда аталган эпос боюнча «фольклордук маалымат» же «эпикалык билим» жетишерлик даражада бар эле. Ал билгендерин белгилүү максатка ылайык чыгармачылык менен пайдаланган.

Эпостун идеялык-көркөмдүк деңгээли манасчынын талант-шыгына, жөндөмүнө жараша болору ырас. Бирок, айтуучу-манасчыны, анын вариантын жакшы билип түшүнүү үчүн ал жашаган доорду, анын угуучуларын айлана чөйрөсүн эпос жазылып алынган жагдай-шартты, кырдаалды көңүлгө алуу зарыл, Баарыдан мурда манасчынын билим деңээли, дүйнөгө болгон көз карашы зор мааниге ээ болот. Мунун баары эпостун жалпы мазмунуна, идеялык-көркөмдүгүнө орчундуу таасир этет, белгилүү из калтырат.

«Манас» эпосуна коомдук кызыгуу артып, эпос ар тарапуу, интенсивдүү изилдене баштаган учурда Ы. Абдырахмановдун варианты жазылган. Эпостун адресине айтылган сын пикирлерди уккан манасчы эпоско атайлап аң-сезимдүүлүк менен мамиле кылып, өз кабылдоосунан өткөрүп, жеке билимине, түшүнүгүнө жараша ылгап, ошол учурдагы коомдук талапка ылайыктап, жакшыртып айтууну максат кылган.

Ошентип, «Манас» эпосунун аталган варианттары өзүнүн мазмуну, сюжеттик линиясы, эпикалык каармандары, көркөм каражаттары жана түзүлүшү боюнча негизинен бирдей жалпылыкка ээ. Ошол эле учурда ар бир варианттын өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөрү бар.

Сагымбай Орозбаковдун варианты айтылып жаткан окуяны өтө кеңири масштабда майда-чүйдө деталдарына чейин сүрөттөп бергендиги, эл тарыхын, турмушун, үрп-адаттарын кеңири камтыгандыгы, эпикалык каармандар арбын катышып, географиялык жана эл аттарынын көп айтылгандыгы, архаико-мифологиялык, диний түшүнүктөрдүн кеңири орун алышы менен айырмаланып, көркөмдүгү жагынан кыйла жогору турат. Ы. Абдырахманов болсо окуяларды өтө кыскартып, анын негизин гана берүүгө аракеттенген.

Варианттардагы сюжеттик окуялар негизинен бири-бирине жакын. Бирок, Ыбырайым Абдырахманов манасчы-импровизатор катары көпчүлүк эпизоддорду, кээ бир традициялык мотивдерди өз алдынча айта алган. Анын вариантындагы Манастын бабасы, Нукер дөө, Манастын Карабөрккө үйлөнүшү, элдин Алтайдан Ала-Тоого көчүп келиши жөнүндөгү эпизоддор, Шоорук кан, Акун кан, Алмамбеттин окуялары, Манастын Каныкейге үйлөнүшүндөгү айрым бир эпйзоддор, Манастын Самаркандан Таласка көчүп келиши, Көзкамандар окуясы, Көкөтөйдүн ашы, Чоң казаттын башталышы менен финалдык бөлүмдөрү, Манастын Жолой ханды чапканы манасчы тарабынан өзүнчө айтылган. Аталган эпизоддор текстологиялык жагынан Сагымбайдыкынан башка варианттардан да айырмаланат.

Элдин жай турмушун, жашоо-тиричилигин, айрыкча аш-тойлордун өтүшүн сүрөттөгөн эпизоддордо Ыбырайым Абдырахманов кыргыз элинин каада-салт, үрп-адаттарына кеңири токтолуп, көркөм баяндап берет. Эпостун мурдатан келаткан мазмунуна кийинки мезгилдеги каада-салт, нравалык белгилерди киргизүүгө аракеттенет. Алсак, аш-тойлордо акындарга жар чакыртуу, мактатып ырдатуу, өлүк өлгөн жерде дооран, мүчө берүү, жаңы көчүп келгенди өрүлүктөө, ал эмес куда-кудагыйларга кийит кийгизүү, жеңелерге жеңкетай берүү өңдөгөн каада-салт белгилери орун алган.

Манасчы эпостон бүгүнкү күндүн идеясын талап кылган. Ал «Манастын» идеялык жагына ашыкча көңүл бөлүп, байыртан келаткан элдик баатырдык эпостун окуяларын азыркы учурдун көз карашынан сүрөттөгүсү келет. Ушунун натыйжасында эпостогу айрым традициялык мотивдер бурмаланып калган. Манас баатырга дубана же кызыр келип ат коюп, көздөн кайым болбостон жөнөкөй эле адамдын ат коюшу, Карабөрк менен Акылайды тартууга албай, кудалашуу жолу мекен үйлөнүшү, тартууга келген кыздардан баш тартуу,

кыргыздардын эпикалык душмандары кытайлар эмес калмактар болушу сыяктуу мотивдер буга далил. Ушул эле себептерден улам жерсуу эл аттарына, диний түшүнүктөргө байланыштуу айтылган эпостогу традициялык көрүнүштөр өзгөртүлгөн. Негизи традициялуу тексттин сөздөрүн «жакшыртуу» максатында каалагандай алмаштырып, өзгөртө берүүгө илимде жол берилбейт.

Манасчы өзү деле жакшы билип турган традициялык ыр саптарына атайылап өзгөртүүлөрдү киргизе бергендиктен, көпчүлүк учурда куюлушкан аллитерациялык уйкаштык, ыр сабынын жалпы ыргагы бузулган. Ы. Абдырахманов өзүнчө айтып кеткен эпизоддогу айрым жерлер да жогорку көркөмдүк даражага жете алган эмес. Ошондуктан анын варианты көркөмдүк деңгээли жагынан Сагымбайдын «Манасына» жете бербейт. Манасчы айрым бир сюжеттик окуяларды өтө кыскартып, схемалуу сүрөттөгө жол бергендиктен, эпостун айрым эпизоттору композициялык жагынан бошоңдой түшкөн. Алсак, Чоң казат, Кичи казат окуялары Сагымбай менен Саякбайдын варианттарына салыштырмалуу абдан схемалуу айтылган.

Жыйынтыктап айтканда, Ыбырайым Абдырахмановдун варианты «Манас» эпосундагы традициялык окуяларды толук камтыгандыгы, эпоско тиешесиз эпизоддордун жоктугу, сюжеттик-композициялык жагынан тыкандыгы, идеалык багытынын жеткилең, айкын иштелгендиги жана көркөм каражаттардын жакшы сакталгандыгы аркылуу башка варианттардан айрымаланып турат.

***Кубат ИБРАИМОВ***
***Филология илимдеринин кандидаты***

# МАНАС

## МАНАСТЫН ТУУЛУП ӨСКӨНҮ

### МАНАСТЫН АТАЛАРЫ

Арстан Манас баатырдын,
Түп атасы Түбөй дейт,
Түбөйдүн уулу Көгөй дейт,
Көгөйдөн болгон үч бала,
Айтылат аты дап-даана.
Эң улуусу Ногойдур,
Ортончусу Шыгайдыр,
Эң кенжеси Чыйыр – деп,
Байыртан бери карата,
Ооздон-оозго келген кеп.
Ногой баатыр чыгыптыр,
Ошо кезде кыргызга,
Беттебей душман чыгыптыр.
Катыла келген душманды,
Кара жерге тыгыптыр.
Кыргызды Ногой коргоптур,
Каарданган душмандын,
Кашаалап жолун торгоптур,
Кара жерге сомдоптур.
Ногойдун болот төрт уулу,
Орозду, Үсөн, Бай, Жакып,
Жомокчулар Жакыпты,
Байыртан бери карата,
Атаган атын көп танып.
Кабылан Ногой өлгөндө,
Кайтпас жайды көргөндө.
Салт боюнча улуусу,
Орозду кан болуптур,
Тынччылык бербей кыргызга,
Сыртынан душман тооруптур.
Эсенкандан кол келип,
Эң артыкча мол келип,
Кыргызга кыргын салыптыр.
Кылычтан катуу өткөрүп,
Кыргыз уруу болгондон,
Кыйла адам өлүп калыптыр.
Ар тарапка таратып,
Кыргыздын элин бөлүптүр,
Туулган жерден айрылып,
Азып-тозуп кыргыздар,
Көргүлүктү көрүптүр.
Эсенкандын сынчысы,
Эл кыдырган тыңчысы,
Ногой кандын төрт уулун,

Баш-аягын кынаптыр,
Бар мүнөзүн баамдап,
Баарын бирдей сынаптыр.
Үсөн менен Жакыпты,
Тургузбай Алтай айдаптыр,
Орозду калып сенделип,
Кең Алайды жайлаптыр,
Бай кетиптир Кашкарга,
Баарысы тентип сайлаптыр.
Самарканда Кара-Тоо,
Ата конуш жер экен.
Конушунан айрылып,
Азып-тозуп кыргыздар,
Олутунан айрылып,
Жыйырмага жетпеген,
Чырымтал беттен кетпеген.
Айдалып барып жаш Жакып,
Алтай, Каңгай жерине,
Ал жердеги кайнаган,
Кара калмак элине,
Калмактардын чоңу экен.
Бөйөндүн уулу Чаянды,
Баш сала кирип жан сактап,
Чаянга Жакып таянды.
Малай болуп Чыянга,
Төрт түлүктүү мал багып,
Актап кызмат кылгандан,
Туш келди Жакып аянга.
Эгин эгип, мал багып,
Эптүүлүгү ашынып,
Эмгеги кетпей талаага,
Чаянга Жакып куп жагып,
Эмгекке Жакып жол алып,
Эгинди артык мол алып.
Ороолорду казыптыр,
Таман-акы, маңдай тер,
Тапкан эгин баарысын,
Ороого ныктап басыптыр.
Алтайдагы калмактар,
Эгинди билбес, эл экен,
Төрт түлүктүү мал күткөн,
Тынбай көчкөн ар жерге,
Сызып турган жан экен.
Сатты Жакып калмакка,
Ороодогу эгинди,
Тайга сатып табагын,
Койго сатып кош уучун,
Тапты мыктап тегинди.
Ар жылы мыктап эгиптир,
Эмгекти катуу күчөтүп,
Эгинден жыйып төрт түлүк,
Эндөөлөгөн жалкоону,
Эми Жакып жеңиптир.
Арбытып эгин айдашы,
Аркасы менен эгиндин,
Азып барган Жакыптын,
Чаянга тийип пайдасы,
Кадыры калкка жетиптир.
Камкорлугу ашынып,
Чаянды бийлеп тап-такыр,
Сан кара күтүп кетиптир,
Ажал жетип, күн бүтүп,
Анда Чыйыр өлүптүр,
Кайтпас жайды көрүптүр.
Чыйырдын Шакан зайыбы,
Ак жоолуктан башкача,
Ар мүчөсү теп-тегиз,
Кыпындай жок айыбы.
Акылы терең, ачуу кем,
Айткан сөзү баарыга эм.
Шаканды Жакып алыптыр,
Дагы жөңкүп жаш Жакып,

Илгери кадам салыптыр:
Карайлаган бул бурут,
Камкорлук менен байыды деп,
Калмактар айран калыптыр.
Шакан аты жоюлуп,
Мындан кийин бул Шакан,
Чыйырды атка коюлуп,
Калтырап барган бул Жакып,
Караларга жай таппай,
Жалдырап барган бул Жакып,
Кызматы жагып Чаянга,
Бакдөөлөт кызын алганы.
Алтайдагы калмакка,
Тең тууган болуп калганы.
Арадан канча жыл өтүп,
Антип-минтип күн өтүп,
Азып барган ал Жакып,
Элүүгө жашы барыптыр,
Чый эткен үнүн укпастан,
Туяксыз болуп калыптыр.
Азган-тозгон Алтайда,
Казак менен кыргыздан,
Аз канчасы бар экен,
Азыркы күндө алардын,
Арманы тоодой чагы экен.
Казактардан Камбар чал,
Кандын уулу Айдаркан,
Айдалып барган баарына,
Башчы болгон жан экен.
Бир күнү туруп бул Жакып,
Туучунак атын токунуп,
Ичинде сөзүн окунуп,
Кечкурун малга барыптыр.
Бүүрүл убак болгондо,
Кайта айылга жаныптыр.
Капалык ичке жык толуп,
Дем чыгарбай бук болуп.

## ЖАКЫПТЫН ЗАРЫ

«Тукуму жок өтөмүн,
Туяксыз кандай кетемин.
Жалгыз куу гана башым бар,
Датым кимге кетемин!
Күндө-түндө тыным жок,
Дүнүйө жыйып нетемин.
Ажал келсе бир күнү,
Акыретке кетемин!»
Баласы жоктон зарланып,
Балалууну көргөндө,
Байкуш Жакып арданып.
Ботосу жоктон зарланып,
Ботолууну көргөндө,
Боздоп Жакып арданып,
Мойнуна курун салынып,
Мазарды көрсө бул Жакып,
Баркырап ыйлап жалынып:
«Баласыз болдум чара жок!
Эмгек менен курган жан,
Төрт түлүктүү мал жыйдым,
Төрт чака булча пайда жок.
Жабдык салып ат минип,
Жака салып тон кийип,
Жанында болгон каран жок!
Тутунарга туяк жок,
Журтунан такыр айрылган,
Журтта мендей чунак жок!
Же карманарга туяк жок,

Калың элден айрылган,
Калкта мендей чунак жок!
Ажал анык чара жок,
Аман жүрөр санаа жок,
Акыретке бет алсам,
Атакелеп артымда,
Наалып калар балам жок!
Жүргөнүм менин чала экен,
Дүнүйө ээси бала экен,
Артымда бала жок болсо,
Дүнүйөсү курусун,
Бузулуп калган калаа экен!»
Бу сөздү айтып кайгырып,
Көрүнбөй көзгө эчтеме,
Акылынан айрылып.
Кеч курун үйгө кайтыптыр,
Арманын зарлап айтыптыр.
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Ыраңы кетип түрдөнүп,
Атына Жакып карабай,
Караганга жарабай.
Кирип келип үйүнө,
Сойлоп жатып калыптыр.
Акынбек деген тууганы,
Баласы экен Меңдибай,
Жакыпка көзүн салыптыр.
Меңдибай анда кеп айтат:
«Эртели-кечти ыйлайсың,
Көзүңдүн жашын тыйбайсың»
Деп сурады Меңдибай,
Кайгы менен капанын,
Жөнүн айтчы бизге дейм,
Таамай он төрт жашында,
Кара бөркү башында.
Чыйырды анда кеп айтат:
«Эмне болду бу сизге,
Кайгы менен капанын,
Айтыңыз жөнүн» – деп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Эси жок кандай катынсың,
Эзирген кандай капырсың,
Эртели-кечти мен чыксам,
Элким үйгө жетерсиң!
Эркелеткен балаң жок,
Эрмек болор адам жок!
Же сүйүнүшөр адам жок,
Ушундайды эстесем,
Сүлдөрүм бар дарман жок.
Сүйсөм бала арман жок!
Баштатадан тап жүрдүм,
Бала болор деп жүрдүм!
Кутмандуудан бата алдым,
Куруп калсын дүнүйө,
Куубаш Жакып атандым.
Карыды Жакып куубаш – деп,
Калктын баары сени айтат,
Катыны жүрөт туубас – деп,
Санап туруп дүнүйө,
Заманым бүгүн айланды,
Баштагы сенин жолуң кууп,
Бакдөөлөт жолу байланды!
Эки катын алганым,
Эч туяк көрбөй калганым,
Эсиме түшүп эл кимдик,
Эндиреп ыйлап зарландым!»
Жакып турду муну айтып,
Байбичени муңайтып.
Чыйырды анда муну айтат:
«Мендей карган кемпирди,
Элүүгө жашым жеткени?
Эчактан бери түңүлүп,
Эсимден бала кеткени

Эркелеткен катынын,
Эмдиге туубай неткени.
Бакдөөлөт ат коюлуп,
Бала төрөп бергендей,
Басып жүрөт чоюлуп.
Эки катын биригип,
Эркек деп сени сактады.
Эркелеткен катынын,
Эмдиге бала таппады.
Эзелтен ишим тетири,
Эмгек мени чактады!
Мөмөсүз жыгач отундур,
Туубай турган болгон соң,
Тумшугу жок катындыр!»
Чыйырды турду майышып,
Жатты Жакып кайышып,
Жетип келди Бакдөөлөт,
Жекенге буту чалышып.
Бакдөөлөт туруп муну айтат
Байбичени муңайтат:
«Мен шордуута нетти дейм,
Эжекемдин жолун кууп,
Этегимден кан чыкпай,
Жолун жолдоп кеттим дейм!
Балам десем зарланып,
Бала туубай койгондон,
Байбиче өлбөйт арданып.
Үйүм толгон тамак-аш,
Үмүтүм көп башым жаш!
Жер отосу Боз-Дөбө,
Билебиз басып жылбасын,
Мээнет баскан Чыйырды,
Бендени сендей кылбасын!
Берер бир күн өзүмө,
Мен киргенде үйүңө!
Мен өңдөнгөн жалаңкыч,
Көрүнөт экен көзүңө!»
Бакдөөлөт аны айтыптыр,
Басып чыгып кайтыптыр.
Ал сөздү угуп Чыйырды,
Айтар сөзу жок болуп,
Акыл ойлоп токтолуп,
Көңүлү канча сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Жүүнү бошоп жыгылып,
Жүк алдына бүгүлүп.
Арманын айтып Чыйырды,
Башын коюп жаздыкка,
Боздоп ыйлап чыйырды,
Чырым көзү илинди.
Уйкуга көзү барыптыр,
Уюп уктап калыптыр.
Чыканагы талыптыр,
Чырым уйку алыптыр.
Уйкусунда Чыйырды,
Сонун бир түш көрүптүр.
Көрүп көңүл бөлүптүр.
Аяктай болгон ак алма,
Эзелден ширин бак алма.
Колуна пайда болуптур
Кызыл алма сол колдо,
Эки алма алып колуна:
Чыйырды көөнү толуптур,
Арт жагына караса,
Айландыра санаса,
Алтымыш кулач ажыдаар,
Заар төгүп баркырап,
Казандай көзү жаркырап,
Ышкырыгы баш жарып,
Төгүлгөн заары таш жарып,
Сойлогон жери коо болуп,
Топурагы тоо болуп,

Аңдап карап билиптир,
Атырылып Чыйырды,
Алтымыш кулач ажыдаар,
Ат ордуна миниптир.
Алма жеп ичи толуптур,
Айсал-буйсал дегиче,
Артынан чыгып ышкырып,
Ажыдаар болуптур,
Ачууланып оп тартса,
Ала-Тоону соруптур.
Көрүп чочуп нес болуп,
Узартыптыр өз боюн,
Бир жүз отуз кез болуп.
Ойгонуп чоочуп калганы,
Оюна ар иш алганы.
Байкап көрсө кашында,
Жакып да уктап калыптыр,
Коңуругу баш жарып,
Козголбой уктап алыптыр.
«Чыйырды, Жакып неткени,
Байлаган киши жок беле,
Ат бошонуп кеткени,
Акынбек уулу Меңдибай,
Артынан кууп кеткени.
«Байларга киши болбосо,
Ал өңдөнгөн доңузду,
Байбичеси, токолу,
Байлап койсо неткени».
Бердике туруп бек айтты,
«Бала көрбөй койдук – деп,
Булар өчөшөт кимге» – деп айтты.
Болобу, жокпу ким билет,
Атты байлап коюшу,
Жаш эле келин турбайбы,
Бакдөөлөтткө чоң милдет!»
Бердике муну айтканы,
Мындай сөздү укканда,
Бакдөөлөттүн мойнуна,
Баса минди шайтаны.
Бакдөөлөт анда муну айтат:
«Буурул сакал адамдар,
Бузук сөздү айтабы?!
Мен байлачу белем башынан,
Байы чыкпай калганбы,
Байбиченин кашынан,
Куруп калган томаяк,
Курсагы тоюп калганбы,
Куу кепирдин ашынан!»
Бердикеге бек айтат:
«Мээнет баскан!» – деп айтат,
Безеленип Бакдөөлөт,
Бекем-бекем кеп айтат.
Бердике сөзү токтолду,
Белден ашкан Меңдибай,
Ат кууган бойдон жок болду.
Көз байланды түн болду.
Ат кууган бойдон жоголуп,
Меңдибай аты ким болду.
Меңдибайдын энеси,
Бейжайырак немеси.
Канымжан келди күүлөнүп,
Жакыпка карап сүйлөнүп,
Карап көрсө Жакыпты,
Жаздык коюп башына,
Узарып уктап калыптыр.
Умтулуп Канымжан,
Уруштун сөзүн салыптыр.
Чыйырдыга кеп айтат,
Чымырканып бек айтат:
«Баштан башы байлалуу,
Малайың белек – деп айтат.
Ойготсоңчу эриңди,

Ойлонсоңчу сөзүмдү!
Он төрттө балам жоголсо,
Оболтон бала көрбөгөн,
Мени окшотпогун өзүңө!
Байбиче десе мактанып,
Биз өңдөнгөн кишини,
Бир илбейсиң көзүңө!
Эртеден балам жоголду,
Эч албайсың эсиңе?!
Каракчы бар, ууру бар,
Жалгызымдан айрылсам,
Сенин жаныңды коёр ким дейсиң!
Миңдеп жаткан жылкыңды,
Бир түгүнө албаймын,
Чабыр толгон жылкыңды,
Чыпалагына албаймын.
Адыр толгон жылкыңды,
Аягына албаймын.
Өзүн тирүү бербесең,
Өлбөй тирүү калбаймын!
Байбиче сага мал кызык,
Бу күндө мага бала кызык.
Олтурамбы бул жерде,
Оолугуп сага алышып.
Түн ортосу болуптур,
Жыбырап жылдыз толуптур.
Же алигиче балам жок,
Артынан киши барган жок,
Узатпай уучтап алууга,
Ургаачы менде дарман жок!
Атын Жакып качырды,
Басып келип Канымжан,
Чыйырдыга асылды:
«Адашып балам жоголсо,
Албаймын дүнүйө малыңды,
Азыр ойгот чалыңды.
Бөрүсү бар, түлкү бар,
Жандаймын сени деп жүрүп,
Балам кокус жоголсо,
Магада мазак менен күлкү бар!
Аюу менен жолборс бар,
Жолугуп калса кокустан,
Аман жанын койбос бар!
Жолукса жолборс албайбы,
Менин жолум катып калбайбы!
Качырса каман албайбы,
Менин кадемим катып калбайбы!
Ат байлоодон эригип,
Алжыганың билбейсиң,
Айткан сөздү укпастан,
Тантыганың билбейсиң!
Кеткен сенин кыябың!
Кемигениң билбейсиң.
Келинден бетер сыягы,
Кеткен атың кубалап,
Менин кетилеби туягым!
Кеби менен курсун деп,
Мени кенебей турган сыягың!
Балам кетти кечинде,
Күүгүм кирген кезинде,
Артынан барган бир жан жок,
Албайсыңар эсиңе!
Байбиче болсоң мейлиңе,
Баланын баркын билбейсиң,
Баятадан сөз айтсам,
Курган куубаш кемпирсиң,
Кулагыңа илбейсиң!»
Чыйырды барды камынып,
Жакыпка карап чамынып.
«Же жоошурак аттан минбейсиң,
Жобогонуң билбейсиң,
Бу жолу каткан куу малды,

Ээлөчүбүз ким дейсиң.
Каргаша болуп атыңа!
Качып кетип жоголду,
Капаланып сен келип,
Канетип ишим оң боду!
Канымжан кылды капаны,
Айтпаган кеби калбады,
Ажалсыз менин жанымды,
Азирейил албады!
Артында бала болбосо,
Ак жоолуктун тегеле,
Арылбайт экен арманы!
Тап деп келип баламды,
Бетимде наарым калбады!
Түн бою калды урушту,
Түк көргөнүм жок эле,
Бул өңдөнгөн жумушту!
Таап берсеңчи баласын,
Талыкшып жатып аласың!
Издесеңчи баласын,
Эринип жатып аласың!
Жакын калды таңына,
Жапаа түштү жаныңа!
Кечинде келдиң жыгылдың,
Кебелбей уктап не кылдың!
Күндуздөн келдиң жыгылдың,
Күчөнүп уктап не билдиң?
Арам өлгөн Туучунак,
Адырды көздөй кеткенби,
Ат качканы өзүңдө,
Же сенин ажалың жакын
жеткенби?
Доңуз копкон Туучунак,
Токтобой качып кеткенби!
Же тоого чыгып кеткенби?
Аны кармайм деп жүрүп,
Акынбек уулу жоголду,
Кап-кайдагы сөздү айткан,
Катындан көрдүм чогоолду!
Качкан атты кармайм деп,
Баладан көрбөй шоктугун,
Береги катын көрүптүр,
Менде баладан бирөө жоктугун!
Кайгырып келип жыгылдың,
Кайгыңды билген киши жок,
Катыным карма деп койбой,
Минген ат менен ишиң жок!
Бирөөнүн кууптур баласы,
Эртеден бери эсти алып,
Бүлүндүрдү карачы!
Таңга жакын түн болду,
Эч көрүнбөйт карасы,
Таппайсыңбы баласын,
Таң эртеден бери жакка,
Даңкайып жатып аласың!
Токолуң кетти кээрдеп,
Канымжан турат зээрдеп,
Балам деп башым катырды,
Урушуп таңды атырды!»
Чыйырды сөзү токтолду,
Жакып жаткан ордунан,
Баш көтөрүп октолду.
«Кайгырбачы кемпирим,
Каалаганың табылса,
Кайра толор кемтигиң!
Күйүнбөчү кемпирим,
Күчөгөнүң табылса,
Күндө толор кемтигиң!

## ЖАКЫПТЫН ТҮШҮ

Белги болор өрнөгүм,
Мен бекер жатып өлбөдүм,
Уйкуну бекер уктабай,
Урматтуу бир түш көргөнүм,
Кукулуктап үн чыкса,
Куштан башка үнү бар,
Куйрук, башы жылтылдайт,
Куудан аппак жүнү бар.
Айбат менен караса,
Алпкара куш сүрү бар.
Саңоор жүнү сары алтын,
Таканак жүнү баары алтын,
Чырымтал жүнү чылк алтын,
Текөөрү болот темирден,
Серпкени өлгөн себилден;
Тумшугу болот танардан,
Тырмагы болот канжардан,
Жубар менен жуулган,
Жибектен боону тагыпмын,
Ай мунарын жем кылып,
Абыдан сылап багыпмын!
Күмүштөн боо тагыпмын,
Күн мунарын жем кылып,
Күпкө ичине багыпмын!
Асмандагы канаттуу,
Айбатынан уча албай,
Жердеги жүргөн аяктуу,
Желип чыгып кача албай,
Ага конорго туур жайладым,
Алача моюн ак шумкар,
Ага кошо байладым.
Билдим бир жакшылык болорун,
Анын качан болор экенин,
Бирок, билбей шорум кайнадым!
Чыйырды анда муну айтат:
«Кондурат экен акыры,
Башыңа дөөлөт кушуңду,
Башка жанга билдирбей,
Жакынга айткын ушуну.
Эритет экен акыры,
Жүрөктөгү муңуңду,
Ээн калган малдардан,
Несин аяп коёлу,
Эртеден баштап эл жыйып,
Элүү, кырк мал соёлу!
Ат кууган бала табылса,
Аябай малды соёлу.
Арты кандай ким билет,
Бир аз той кылып коёлу!
Кабыл болсо түлөөбүз,
Кайтып аман табылса,
Кайып болгон бүлөбүз!»
Чыйырды сөзүн укканда,
Жакыптын келди ачуусу,
Башкача катуу тийиптир,
Байбиченин айтуусу.
«Мен малай жүрүп мал таптым,
Ээ, кара жолтой кепирим,
Малдарыңды кыргын – деп,
Мындай сөздү сен таптың,
Ээ, кара жолтой кемпирим,
Кырып салгын малды – деп,
Кыйшык сөздү сен таптың!
Мен монголдун четин чаптымбы,

Бар малды союп салгыдай,
Сен башкадан дүйнө таптыңбы?
Мен кылымдын четин чаптымбы,
Кырып малды сойгудай,
Сен кызматтан дүйнө таптыңбы?
Эркек түгүл, кыз туубай,
Эмегектен чыгып бел буубай,
Мынча малды не кырам,
Мал түгөнүп калган соң!
Сенин balaңды мен не кылам?
Бала болсун мал менен,
Аргымак болсун жал менен,
Ар ким ишин кылбайбы,
Өзүнө туштук ал менен»
Олтурганда сүйлөшүп,
Таңдын сары жылдызы,
Чыга калды таң менен.
Бакдөөлөт келип кеп айтат:
«Байкачы байым түш көрдүм,
Башкача сонун иш көрдүм,
Боз ала туйгун боосу жез,
Боору кара, мойну кез.
Оң колуңа алыпсың,
Обоолото салыпсың,
Сонону көздөй салыпсың.
Бөпөлөдүң, үндөдүң,
Талпынып конду колуңа,
Салганыңдын баарысы,
Далдайып жатты жолуңа!
Байбичеңдин үйүндө,
Балдагы алтын туурда,
Баса конбой талпынат,
Канатынын күүсүнө,
Канча жандар чарпынат!
Куп айтамын жалган жок,
Куу кемпир куру калган жок.
Туурдагы туйгунуң,
Турна моюн, жез канат.
Тумшугу болот, боо манат,
Ойдон туруп талпынса,
Үйүмдөгү эки куш,
Кайра качып жалтанат,
Ушу кандай түш экен?
Түшүмдө көргөн иш экен!»
Бакдөөлөт түшүн айтканда,
Баркырады Жакып чал,
Балага чукак киши экен.
«Көргөн болсоң түшүңдү,
Оңуна салсын ишиңди,
Бүгүнкү түнүм кандай түн?
Кечээки күнүм кандай күн.
Кечээ түштү оюма,
Такатым турбай боюма.
Ар неме кирди түшүмө,
Айран болуп турамын,
Кемпирдин айткан ишине!
Мал союп элди чогултуп,
Жорутсак белем бул түштү,
Артыкча көрдүк көп ишти!»
Бул сөздү айтып Жакып чал,
Бакдөөлөт үйүн бет алып,
Жанына басып Бакдөөлөт,
Жакып чалга кеп салды:
«Не аяйсың абышка,
Бу ээн калган көп малды,
Байбиче айткан кеп экен,
Байкап турсам айтканы,
Баарыбызга эп экен.
Кана кабарын мен да угайын,
Канча мал сойгун деди экен?»
Ачууланды Жакып чал,
«Бачым сойгун кырк деди,

Баарын бирдей жык деди.
Байбиченин сөзу ушул,
Малдан тойгон кези ушул.
Сен да айтасың сойгун деп,
Бу сойгун деген кандай кеп.
Бирди бакса сан болот,
Малды бакса тырышып,
Баракелди деп айтып,
Байкаган адам таң болот.
Менин мал союуга оюм жок,
Же бала көргөн тоюм жок,
Бул ишиңден кыйын жок.
Же бир тушүрүп жаткан
жыйын жок,
Кебиңди катын албаймын,
Кээсине малдын калбаймын.
Тентип жүргөн бир башым,
Малдан калсам айрылып,
Кедей болуп зарлаймын!»
Ушуну айтып Жакып чал,
Буруп жүзүн алганы,
Буркурап ыйлап Бакдөөлөт,
Капшытынан кармады.
«Кырк эле мал сойгун деп,
Кысынган экен байбиче,
Бакдөөлөт билген кеп болсо,
Байым сага эп болсо,
Сексенди союп сел кылып,
Коногума чакырып,
Сегиз уруу эл кылып,
Арбытпас белем ашыңды,
Майлабас белем башыңды,
Эстебейсиң, билбейсиң,
Элүүгө келген жашыңды!
Байбиче сөзүн кылсаңчы,
Малды аяба кырсаңчы.
Бала дейсиң карыйсың,
Пайдасы жок тарыйсың,
Тарыган экен бейлиң дейм,
Талаада калды кебим дейм,
Тагдыр ажеп бир келсе,
Талаада калып мал-буулуп,
Табылар сенин эбиң дейм!»
Айтып-айтып сөздөрүн,
Бакдөөлөт токтой калганы,
Ачууланып Жакып чал,
Байбиче үйүн бет алып,
Басып жана барганы.
Астынан чыкты Канымжан,
«Жакып чал сага не болду,
Менин балам кайда жоголду?
Таппайсыңбы менин баламды,
Ат куудуруп издебей,
Көрбөдүм сендей адамды!
Кечетен бери балам жок,
Көөнүмө салдың алаңды!
Ач албарс кылыч миздебей,
Ак бараң атсаң туздөбөй,
Алигиче баламды,
Артынан кууп издебей,
Айтамын Жакып атыңды,
Аке дебей, сиз дебей,
Кулуңдун баркын билбеген,
Куу баштыгың билинди.
Кадырын билбей баланын,
Какбаштыгың билинди.
Кандай болду балам – деп,
Кара боорум тилинди!
Чыканак жерге салбадым,
Чырым этип уйку албадым!
Көрбөй турбу көзүңүз,
Чыгып күндүн калганын!»

Анда Жакып муну айтат:
«Кой деген жакшы мал экен,
Койчунун аты бар бекен,
Уй деген улук мал экен,
Уйчунун аты бар бекен?
Ат кеткен жөнүн билейин,
Алып келчи минейин.
Сакалымды тарайын,
Заңкылдатып олтурбай,
Мунун баласын издеп карайын.
Ат куу деп качан мен айттым,
Бул катындын баласын,
Бу баласын таппасак,
Бизге коёт экен жалаасын».
Койчунун Коңур күрөңүн,
Токунуп Жакып миниптир,
Тоодой болгон Жакып чал,
Томсоруп жолго кириптир.
Адар-адыр бел менен,
Аркар баскан жол менен.
Будур-будур бел менен,
Бугу оттогон жер менен,
Булуңдуу токой чер менен.
«Шумурай бала неткени,
Арам өлгөн Туучунак,
Кайда качып кеткени.
Куу баланын мингени,
Кунан бекен, тай бекен,
Кууса кайдан жетти экен.
Же токтолорго жери жок,
Жоголорго эби жок.
Караңгыда баланы,
Качырып каман чалдыбы,
Мени кара басып кун берип.
Кадемим катып калдыбы?
Жолдон жолборс алдыбы,
Жолум катып кун берип,
Менин шорум катып калдыбы?
Нардай боздоп каңгырап,
Ай-талаада Жакып чал,
Меңдибайлап заңгырап.
Кыйкырыгы таш жарып,
Кырдап келет Жакып чал,
Кызылдай жанын бу күндө,
Кыйнап келет Жакып чал.
Кызыл аяк кеткен деп,
Ыйлап келет Жакып чал.
Салкындуунун өзөнүн,
Бойлоп келет Жакып чал.
Алты бөлөк аралды,
Арытып Жакып карады.
Ак-Өтөк деген аралга,
Арасында кара суу,
Аттатып өтүп барды бу.
Арам өлгөн Туучунак,
Карп алдынан кабылды,
Арты жагын караса.
Сайда жаткан колдоюп,
Ак жолборс аңдан табылды.
Өлгөн жолборс табылып,
Аны көрүп Жакыптын,
Каалы кетти жаңылып.
Баланы жолборс алган го,
Менин башыма мүшкүл болгон го,
Балакетке салган го!
Жеп жатканда баланы,
Жетик мерген аткан го,
Жеткире кунду мен берип,
Менин жеримден шорум
каткан го,
Алганын көрүп баланы,
Адис мерген аткан го.

Аргасыздан кун берип,
Менин абыдан шорум каткан го.
Куну курсун кутулам,
Бей-жай экен энеси,
Безеленген немеси,
Мээнетке анык тутулам,
Аман экен өз атым,
Алда кандай түн эле.
Кайгы менен түн каттым!
Атым аман табылды,
Ак жолборс кайдан кабылды!
Артынан түшүп кубалап,
Же, бала адашып кеттиби?
Же, качып кетткен бул атка,
Же, кабылан каршы жеттиби,
Качырып кармайм дегенде,
Каран калган Туучунак,
Муну как жүрөккө тептиби!
Жолборстун боорун бөлгөнбү?
Ат алам деп ак жолборс,
Ажалы жетип өлгөнбү?
Бу арам өлгүр токтоп тур,
Арт тарабын боктоптур.
Ушу жердин өзүнө,
Таң атканда оттоптур.
Меңдибайдын энеси,
Бей-жай катын бети жок,
Жаттың эле күйүнүп,
Же, менин жаман нээтим жок.
Же, качкан атты карма – деп,
Балага айткан кебим жок.
Атты кандай кууду экен,
Бекер жүрчү шуңурай,
Мени менен ишим жок.
Мээнет тартып кун берип,
Мендей шордуу киши жок.
Атты алды колуна,
Кайтайын деп жолуна,
Кайта карайт соңуна.
Токойдон чыгып буралып,
Толук жүзү нурданып,
Меңдибай басып келгени,
Жабыркап турган Жакыпка,
Салам бала бергени.
«Ай атаке ук сөзүм,
Айылга жүрсүз баш болуп,
Кече чыккан жолуңдан,
Айласыз көзүң жаш болуп,
Кандайлыктан ыйлайт – деп,
Кара жашын тыйбайт – деп,
Как ошондо сурадым,
Кашыңа токтоп турбадым.
Балада мунун ою – деп,
Майышып ичим бурадым.
Байбиче менен сүйлөшүп,
Үйүңө кирип суладың.
Астыңдагы Туучунак,
Ат байлар киши жок болуп,
Турбады атың токтолуп,
Чылбырын сүйрөп бош басты,
Чындап качып кыр ашты.
Кыр ашкан атты тозом – деп,
Кубаласам озом – деп,
Кунан менен чү дедим,
Куу чабдар кууп жетерде,
Ыкчамдык менен Меңдибай,
Чылбырдан илип кетерде,
Туурадан жолборс качырды,
Меңдибайды шаштырды,
Жолборс кучак саларда,
Токтоосуз атты аларды.
Аттан арстан Туучунак,

Жолборсту тепти бир туйлап.
Туучунак боорун бөлгөнү,
Күркүрөп жолборс өлгөнү».
«Энең кылды мазакты,
Түндөтөн бери уктатпай,
Артыкча салды азапты»
Жолборсту союп алганы,
Тоодой болгон Жакып чал,
Меңдибайды ээрчитип,
Кайта жолго салганы,
Баланы алып, атты алып,
Барды Жакып үйүнө,
Байбиче менен Бакдөөлөт,
Басып чыкты сүйүнө.
Канымжан келди кашына,
Баласын көрүп кургуруң,
Коюну толду жашына.
«Эсиң чыгып ыйлаган,
Эшикке түндө чыкпаган,
Жаткандан турбай түшкөчө,
Эрикпестен уктаган.
Талаага не деп кеттиң сен,
Таң атканча уктабай,
Бекерге шорум каттым мен!
Бул жолборстон кантип
калдың сен,
Баарыбызды бул жерде,
Жоболоңго салдың сен!»
Жолборстун аттан өлгөнүн,
Өлгөнүн бала көргөнүн,
Угуп турду баарысы,
Кары дебей жаш дебей,
Айылдагы жалпысы.
Таң калышып турушту,
Жабырып сөзүн урушту:
«Төлгөлү жакшы түш экен,
Жолборсту ат алышы,
Оңунан келген иш экен!».

## ТҮШТӨРДҮ ЖОРУТКАНЫ

Катар сүйлөп такылдап,
Эки катын какылдап.
«Кечетеден бери жакка,
Жакшы белги көрүндү,
Ал көрүнгөн белгиге,
Көөнүбүз башка бөлүндү!
Берсеңчи тойду абышка,
Талаада калчу малыңа,
Сараңдык кылып карыба!»
Анда Жакып күүлөнүп,
Катындарга сүйлөнүп,
«Берчи мына той деймин,
Бээ семизин сой деймин!
Калмактан жылкы куугандай,
Кантип соём көп малды,
Катыным эркек туугандай!
Же кыйырдан черүү келгендей,
Кырамын кантип көп малды,
Кыз күйөөгө бергендей,
Кызыл ала кыламбы,
Кырдан кырк теке аткан
мергендей.
Айылы бирге акыр дейм,
Анда бар го кыйла акыл,
Акбалтаны чакыр дейм,
Бердике келсин мында дейм,

Бечара менен карыпка,
Кемпир берериңди чыңда дейм!
Аксакал, чаго карысы,
Азыр келсин барысы,
Эркегинин барысын,
Азып келген кыргызга,
Уруш кыстоо бар жерде,
Калабалуу тар жерде,
Азаматка таратам,
Ургаачысы баарысын,
Ак түлөөгө каратам.
Камбар боздун үйүрүнөн,
Тогуз кара ат болсун,
Ушу малды сойгон соң,
Толуп жаткан той болсун.
Уйдан жетөө союлсун,
Ач арыктар тоюнсун!
Мал сойсоң бала берет – деп,
Байбичем жүрөт элеңдеп.
Той кылсаң бала берет – деп,
Бакдөөлөт жүрөт делектеп.
Берейинчи тоюңду,
Анан карап турайын,
Катындар сенин жоюңду!
Чакыргын бери Күлдүрдү,
Кабар салып Жакып чал,
Азган-тозгон кыргыздын,
Баарысына билгизди.
Жылкычысы Ыйманды,
Ылдам алып кел деди.
Бадачысы Байболду,
Бачым алып кел деди.
Койчу башы Кубат – деп,
Баарына кабар айта көр,
Койду ылдам чубат деп.
Төө башчысы Сарбаны,
Төрт түлүктүү малына,
Төрт азамат барганы.
Төрт түлүктүү малынан,
Бөлүп айдап баарынан.
Жергесинде Жакыптын,
Тентип келген кыргыздан,
Жетимиш үйлүү киши экен,
Элүүгө жашы келгиче,
Эч кылбаган иш экен.
Алтайга кыргыз келгени,
Андай ишти көрбөдү.
Тогуз жылкы токсон кой,
Болуп жаткан бул бир той.
Уйдан сойду жетини,
Төөдөн сойду экини.
Бул Жакып бирди көрдү – деп,
Көргөндун баары шекиди.
Жер очокту каздырды,
Калдайта казан астырды,
Катарында калмакты,
Калтырбай тойго чакырды.
Жакып чалдын башына,
Катындар салды азапты,
Азып келген Алтайга,
Чакырды койбой казакты.
Эки күн этин бышырды,
Элдин алдын түшүрдү.
Табагын элге тарттырды,
Майга тоюп баарысы,
Кешиги кенен артылды.
Эки күнү эт тартты,
Аттарын чаап эл кайтты,
«Кетпесин туугандарым» – деп,
Келип Жакып элге айтты.
Алтайдагы кыргыздын,
Аксакалы Бактыгул,

Жакын тууган мына бул.
Казактан Үйүшүн карыя,
Алчын менен Абагы,
Ата уулудан калганы.
Кыйындын бири Байжигит,
Кыпчактардан Таз чечен,
Нойгуттардан Акбалта,
Ногой уулу эр Эштек,
Баарын жыйып Жакып чал,
Өз үйүнө киргизди,
Бирден ичик, бир кымкап,
Эр башына кийгизди.
Бечаранын балдары,
Той жемекке барганы.
Бирден чапан кийгизип,
Белине жоолук кур берди.
Бирден теңге бул берди.
Эттерин алып этектеп,
Балдардын баары кубанып,
Күдүңдөшүп баарысы,
Кетти үйүнө делектеп.
Жаштары эмес карысы,
Жакып чалдын үйүнө,
Шыкала кирди баарысы.
Көңүлү жакын көсөмдөр,
Көкүрөк тунук чечендер.
Олтурушту жыйылып,
Билгичтерден нечендер.
Туруп Жакып кеп айтат,
Той, ага, ини деп айтат,
Уктап жатып түш көрдүм,
Түшүмдө сонун иш көрдүм.
Түшүмдө бир куш алыпмын,
Түмөндөгөн ак кууга,
Апарып шилтеп салыпмын!
Кукулуктап унчукса,
Куштан бөлөк үнү бар,
Куйрук башы жаркылдап,
Куудан аппак жүнү бар,
Айбат менен караса,
Алпкаракуш сүрү бар.
Саңоорлору сары алтын,
Таканак жүнү баары алтын.
Чырымтал жүнү чылк алтын.
Текөөрү болот темирден,
Серпкени өлгөн себилден.
Тумшугу болот тумжурдан,
Тырмагы болот канжардан.
Жубар менен жуулган,
Жибектен боону тагыпмын,
Ай мунарын жан кылып,
Азем менен багыпмын!
Күмүштөн боону тагыпмын,
Күн мунарын жем кылып,
Күпкө ичине багыпмын!
Асмандагы канаттуу,
Айбатынан уча албай,
Жерде жүргөн аяктуу,
Желип чыгып кача албай.
Ага конорго туур жайлапмын,
Алача моюн ак шумкар,
Ага кошо байлапмын!
Билдим бир жакшылык болорун,
Кара жором жоруңар,
Канаты күмүш ак туйгун,
Качан келип конорун!
Байбичем байкуш түш көрүп,
Башкача сонун иш көрүп.
Алма жеп ичи толуптур,
Артынан чыгып ышкырып,
Алтымыш кулач ажыдаар,
Ат ордуна болуптур,

Ачууланып оп тартса,
Ала-Тоону соруптур!
Ал эмине болучу?
Акылмандар олтурсуң,
Бу түшүмдү жоручу!
Жана токолум сонун түш көрүп,
Түшүндө эки куш көрүп.
Боору кара, мойну кез,
Болот текөр, боосу жез.
Капшытка туур жайлаптыр,
Катыра бекем байлаптыр.
Бул эмине болучу?
Бу тушүмдү жоручу!»
Баянын айтты Жакып чал,
«Байкаңарчы карылар,
Жакшылап түштү жоруңар,
Жакынымсыз баарыңар!»
Айтып Жакып токтолду,
Жар-жоронун баарынан,
Жалгыз жооп жок болду.
Сакалдарын тарашып,
Бири-бирин карашып,
Айта албады бир сөздү,
Түшкө ылайык түр сөздү.
Аш кайнамдай токтолду,
Ага чейин кыңк этип,
Айтууга киши жок болду.
Аш кайнамга жеткенде,
Алардын шайы кеткенде.
Байжигит кепти баштады:
«Эй, ага-ини-карылар,
Аңдагыла баарыңар!
Жакыптын түшү түш экен,
Бул оңунан келген иш экен.
Ушу түшү чын болсо,
Ойротту баскан иш экен,
Куш болгондо баладыр,
Азыр бала жогунан,
Жакыптын көөнү аладыр.
Асыла келген душманды,
Алат экен балаңыз,
Андан тынсын санааңыз!
Күчүнө келген душманды,
Күбүйт экен балаңыз,
Күндө тынып санааңыз,
Алтымыш кулач жибек боо,
Аягына такканың,
Ай мунарын жем кылып,
Азем менен бакканың.
Алтымыш жашка чыкканча,
Аздырбастан журт коргоп,
Асылышкан жоолордун,
Абыдан жолун куп торгоп,
Ажыдаар ат кылып,
Байбичең минип жүргөнү,
Ошол балаң чоңойсо,
Атыша келген жоолорду,
Алсыратып сүргөнү.
Ажыдардай айбаттуу,
Ач арстандай кайраттуу,
Эркек уул эр болуп,
Эңшере келеген душмандар,
Оруну кара жер болуп.
Карайлайт экен өзүнчө,
Кара тоодой касиет,
Конот экен өзүнө!»
Жакып чал боздоп ыйлады,
Байжигит айткан сөзүнө,
Байлап койгон ак шумкар,
Жакыптын келди эсине:
«Карчыга болсо эр дедиң,
Ак шумкар кошо байладым,

Муну да жооруп бер деймин!»
«Сууктун күнү кыш экен,
Ак шумкар болсо кыз экен»
Эми Жакып эстеди,
«Эрке токол Бакдөөлөт,
Жоругун түшүн тез» – деди.
«Бакдөөлөттүн үйүнө,
Байланган эки куш деди,
Байкаңар кандай иш» – деди.
Бердике туруп кеп айтат:
«Баракелде Байжигит,
Куп жоруду деп айтат.
Бакдөөлөт туур эки уул,
Баштагы сөздү бакканда,
Баянын айтсак мына бул:
«Айтылгындай жоругун,
Алат экен ал экөө,
Агасынын орунун.
Көкүрөк черин жазгандай,
Көрүп түштү үчөөңүз,
Аман болсо ал бала,
Ачылат экен мүдөөңүз!»
Бата берип таражты,
Жай-жайына карашты.
Тою тарап кеткени,
Жакыптын көргөн неткени.
Азып барган Жакыптар,
Оокатын кылып жетиптир.
Аралдын башын жай алып,
Алтайдын тоосун таянып,
Кара шаар Камбылдан,
Ичерине чай алып.
Камбылга малды көктөтүп,
Калмактарга көптөтүп,
Калмактан көргөн кордукту
Катуурак көргөн зордукту.
Байкуш болуп азгандар,
Жакып чалга жолукту.
Ат берип Жакып азганга,
Тон берип Жакып тозгонго.
Баш кошуп алар эл болуп,
Буларга Жакып бел болуп.
Кылыптыр калмак өкүмдү,
Кылмыш жоктон өкүндү.
Кыстоосун көрүп калмактын
Кыйналып Жакып өкүрдү.
Азган менен тозгондон,
Ата-энеден бозгондон,
Ар кайсысын ар жактан,
Айдап келип кошкондон.
Жетимиш болду түтүнү,
Калдайга жетип арыз айтып,
Жетик экен бул Жакып,
Жер алууга күтүндү.
Алтайдын башы Үч-Арал,
Ататып алды жерине,
Азыркысын жайлап тур,
Асоо-Белдин белине.
Азыр кулак салыңар,
Арстан Манас кебине?
Тойдон кийин токтолуп,
Эки жыл тамам өтүптүр,
Чыйырдынын ниети,
Башкага ооп кетиптир.

## МАНАСТЫН ТУУЛУШУ

Өз тамагы эсте жок,
Же көрүнүүчү көзгө жок.
Бал, шекерге карабайт,
Башка тамак жарабайт.
«Жесем деп жолборс жүрөгүн,
Мындан башка санабайт.
Же тийбейт жолборс жүрөгү,
Жинди болуп Чыйырды,
Жеригинен жүдөдү.
Жылкычы кабар бергени,
Каңгайдын кара мергени,
«Бир жолборс атты дегени.
Жолборсту атып салыптыр,
Терисин союп алыптыр,
Тулку бою жолборстун,
Кош жанында калыптыр»
Айтканын Чыйыр угуптур,
Алдынан чурап чыгыптыр.
Барып келди Чыйырды,
Жылкычынын жолуна,
Кара калак чоң жамбы,
Кармай барды колуна:
«Кайыптан дүйнө тапсаңчы,
Кайта ылдамдап чапсаңчы.
Жашырып-жаап жүрбөгүн,
Жарып жолборс жүрөгүн,
Келе көр алып өзүмө,
Ата-энемден сен жакын,
Көрүнөсүң көзүмө.
Каалаганың баарысын,
Качанда берем өзүңө!»
Чыйырды айтып бу кепти,
Жылкычысын жиберди,
Жылкычы буга таң калды,
Акысына жамбы алды,
Ара конуп арага,
Ал жылкычы сандалды.
Барса жолборс жатыптыр,
Зыңкыйып муздап катыптыр.
Жолборстон жүрөк алганы,
Жолго кайра салганы.
Жол боюнда бир бээ,
Телиден бөлүп жатыптыр,
Жылкычылар жыйылып,
Аны союп атыптыр.
Анын да алды жүрөгүн,
Экөөн бирдей бермекке,
Чыйырдынын бул ишин,
Байкап соңун көрмөккө.
Жылкычы төлгө салганы,
Эртесинде түш ченде,
Жылкычы келип калганы.
Жылмайып басып Чыйырды,
Элечектен каш чыгып,
Эки көздөн жаш чыгып.
Жылкычы аты Бадалбай,
Чыйырды келип кеп айтат:
«Бадалбай балам, деп айтат.
Эки жүрөк эмне?
Жолборстор жолго жатканбы?
Каңгайдын кара мергени,
Катарлап экөөн атканбы?
Же мал жүрөгүн жолборс – деп,
Башынан шорум катканбы!

Айт Бадалбай балам сен,
Аныгын сурап жатам мен.
Чыйырды сүйлөп калыптыр,
«Жүрөгү дейм жолборстун»
Бадалбай айтып салыптыр.
«Жалган айтсам жашаймбы,
Аксиң мени урбайбы.
Кыласызбы дары дейм,
Кыйла барктап аны дейм,
Кызарып агып турбайбы,
Жүрөгүнүн каны дейм»
Бадалбай айтты баянды,
Чыйырды көөнү жай алды.
Челкеңдей басып Чыйырды,
Челекке суусун алганы,
Оозу капка жез казан,
Эки жүрөк салганы,
Чала-була бышырып,
Бир кесим койбой жалмады.
«Сонун экен буда деп,
Сорпосун ичем жүда» – деп.
Эки аяктай сорпосун,
Калтырбай ичип алганы.
Чыйырдынын талгагы,
Магдырап канып калганы.
Эр Манас бойго бүткөнү,
Тогуз ай, тогуз күн болуп,
Толгоо жаңы киргени,
Бейшембинин түн болуп,
Акбоздон бээ союлду,
Ак тирөөч бакан коюлду.
Анын сайын Чыйырды,
Айгайын салып чоюлду.
Коңшунун баары жыйылды,
Козголгон сайын Чыйырды,
Кокуюн айтып ыйынды.
Ордого катын жыйылды,
Ойбоюн айтып ыйынды.
«Бала туура бекен» – деп,
Жакып чал жүрөк дегдеди,
Бала койсо чиренип,
Байбиче бою тердеди.
Бала катуу чиренди,
Байбиче бакан тиреди.
Бекем туйлап кеткенде,
Басып тарткан катындар,
Башы жерге киргени.
Байбиченин ичинде,
Ажыдаарбы, жолборспу,
Же адамдан арга болбоспу?
Бала туйлап кеткенде,
Байбиче көзү сүзүлдү,
Белдемчинин жакасы,
Беш жеринен үзүлдү.
Алып келип Жакып чал,
Ак сары башыл кой чалды,
Ай мүйүзгө уй чалды,
Айры өркөчкө төө чалды,
Анын сайын байбиче,
Айгайын баспай үн салды.
Менин жанымды жечү балабы,
Же, жарып ичтен алабы?
Бу, башымды жечү балабы,
Жакып чал жесир калабы?
Же, жабырбаян шер беле,
Же менин жатарым кара
жер беле?
Мени жалмачу бала келди эле!
Баканды кармап бакырды,
Бакшы менен бүбүдөн,
Немесин койбой чакырды.
Түндүктү кармап түйүлдү,

Көргөндөр жандан түңүлдү.
Жети күн тартты толгону,
Жергеси чарчап болгону.
Алты күн тартты толгону,
Айылы чарчап болгону.
Толгосу эми толду деп,
Эртеңки күнү бейшемби,
Туур күнү болду деп.
Бердикенин катыны,
Беленденип калыптыр.
Акбалтанын катыны,
Азыр болуп калыптыр,
Данийардын катыны,
Даярданып алыптыр,
Куттубайдын катыны,
Курсагын оңдоп салыптыр,
Эми туур деген сөз,
Куруп калган Жакыптын,
Кулагына барыптыр.
Байбичең тууйт дегенде,
Жакып чал ыйлап заңгырып,
Бакырып ыйлап заңгырап.
«Баласы жоктон жүдөдүм,
Эркек деп бирөө жүгүрсө,
Жарылып кетер жүрөгүм!
Ботосу жоктон майышып,
Боздоп жүрдүм кайышып.
Сүйүнчү десе бир адам,
Тура албасмын тайышып!
Өзүмдү-өзүм жайлайын,
Өңкөй баштуу кара боз,
Элүү, кыркын байлайын.
Айылга туруп нетейин,
Адырга чыгып кетейин.
Токтолуп туруп нетейин,
Тоого чыгып кетейин.
Жыгылсам да, талсам да,
Же кайрат кылып калсам да,
Элге шылдың болбостон,
Ээн жакка барайын.
Алыстан айыл карайын,
Айткандан кабар алайын».
Ошону айтып бул Жакып,
Кыл аркан керме шайлатып,
Кырк кара боз быштыны,
Кыдырата байлатты.
Жетпей калган минсин – деп,
Жети кур ат байлады.
«Эркек болсо, эр болсо,
Кокусунан кыз болсо,
Кыз болсо үйдө калыңар,
Эркек болсо чабыңар.
Талаадан мени табыңар.
Эркекпи деп, кызбы деп,
Аныктап алып чабыңар.
Адырдан мени табыңар».
Айтып Жакып аттанды,
«Аттарды байлап койду» – деп,
Айылдагылар шаттанды.
Жакып жолго салыптыр,
Жорго боз айгыр үйүрү,
Жолунан чыгып калыптыр.
Кара жалдуу Кула бээ,
Кайкалактап алыптыр.
«Кайдан келди булар – деп,
Как ушу бүгүн тубар – деп.
Эркек болсо кулунун!
Энчилейин балама,
Жеткирер бекен санаама.
Жорго боз атын жоёюн,
Катыным тууса эркекти,
Мындан кийин аттарын,

Камбар боз – деп коёюн».
Ушуну айтып Жакып чал,
Атынан түшүп алганы,
Жылкыга көзүн салганы.
Жылкынын баары чубашып,
Жылгага кирип калганы.
Азганакай жабырга.
Ат кулактуу шабырга.
Асты барып toктолду,
Аркы-терки оттоду.
Туруп жатып Кула бээ,
Тууй турган окшоду.
Аны көрүп бул Жакып,
Аңдап карап токтолду.
Аны таштап салыңар,
Байбичеси Шакандын,
Баянын угуп алыңар.
Толгоосу сегиз күн болгон,
Толготкон мындай ким болгон,
Тарткандардын баарысы,
Талыкшып колу тим болгон.
Чиренип бала чыгарда,
Толгонду бекем Чыйырды,
Чыдай албай чыңырды.
Талыкшып турган келинди,
«Тарта көр» деди белимди.
Он эки катын бек тартты,
Оңдоштуруп көп тартты,
Каканак суусу шар этти,
Баланын үнү бар этти.
Карынды катуу сүзгөнү,
Эки колун толтура,
Кан чеңгелдеп түшкөнү.
Бала жерде туйлады,
Бар-бар этип ыйлады.
«Эркек бекен, кыз бекен,
Мага качан айтат» – деп,
Байбиче жашын тыйбады.
Көшүдү көзү илинип,
Көрө салган катынга,
Эркектиги билинип.
Чочогу чыгып чороюп,
Эркек экен дегенде,
Эси кетти Чыйырды,
Жыгылып кетти сороюп.
«Байбичеге нетти – деп,
Мартуу басып кетти» – деп.
Катындын баары чочуду,
Кайта башын көтөрүп,
Жыгылбады токтоду,
Антаңдабай катындар,
Аныктап көрчү капырлар.
Жерден алгын тез – деди,
Даниярдын зайыбы,
Киндигин өзүң кес» – деди.
Баланын кести киндигин,
Туйлаганда билиптир,
Бул баланын тыңдыгын.
Оромолун колго алып,
Ороюн деди баланы,
Ушу күндө бу бала,
Оң колун сууруп алганы,
Отуздагы кишидей,
Колун сууруп кеткенде,
Катындар айран калганы.
«Татай көтөк нетти – деп,
Так кырктагы кишидей,
Тартып бутун кетти – деп,
Карап турбай катындар,
Кармалашсаң нетти» – деп.
Канымжан катын муну айтат:
«Кандай сөзүң жаман – деп,

Кармоого карууң келбесе,
Сен качып кутул аман» – деп.
Бакдөөлөт жерден алганы,
Бакырып жаткан баланын,
Он бештеги баладай,
Көтөргөндө салмагы,
Берген экен бу бизге,
Берекелүү баланы,
Көзү каткан Бакдөөлөт,
Көтөрүп өөп алганы.
Куртканын зайбы Канышбек,
Оозантмакка баланы,
Оозуна бал салганы,
Өзөгүн үзө бир соруп,
Өлө жазып калганы.
«Чыктан толо май» – деди,
Салган кошо бал – деди,
Эки-үч карын май алып,
Эми оозуна сал – деди.
Үч карын май алганы,
Үч кайтара салганы,
Үч карындын майларын,
Бирдеме койбой жалмады.
Астына алып Чыйырды,
Оң эмчегин салганы,
Оболкусу сүт чыкты,
Экинчиси суу чыкты.
Үчүнчүсү кан чыкты,
Байбичеден ошондо,
Чыдай албай жан чыкты.
Чыгарып алды эмчекти,
Айылдагы баарысын,
Чакырып алып бергени,
Сегиз бээ союп жентекти.
Тоюнбаган тоюнуп,
Топтогон малдар союлуп,
Ачтын баары тоюнуп,
Ар түрдүү малдар союлуп.
Балдарын катын жетектеп,
Май көтөрүп этектеп.
«Жакып чал кайда экен» – деп,
Айылдагы жигиттер,
Баары шашып энтеңдеп.
Эми аны таштап салыңар,
Жакыптан кабар алыңар:
Байлаган аты кырк сегиз,
Баары бирдей теп-тегиз,
Айылдагы адамдар,
Арбып-дарбып минишип,
Апкаарып жолго киришип,
Тоого чапты топтошуп,
Адырга чапты анталап.
Бөксөгө чапты бөлүнүп,
Талаага чапты дабырап,
«Жакып кайда кетти деп» – деп,
Баарысы жүрөт жабырап.
Эркектен неме калбаптыр,
Эки атты бирөө албаптыр.
Кермеде жылкы калбаптыр,
Кедеңдей басып Сулайка,
Келип ордун караптыр.
«Кеткен экен Акбалта,
Кетсе ишке жараптыр.
Керменин несин карайын,
Эми үйгө барайын»
Басып келип Сулайка,
Кашын үйгө салыптыр,
Үтүрөйүп Акбалта,
Үйдө олтуруп алыптыр,
Көрө сала Сулайка,
Көтөк – деп чоочуп калыптыр.
«Абышкам дүнүйөдөн тойдуңбу?

Атпай журт алган олжодон,
Бир неме албай койдуңбу?
Сүйүнчүгө шайлаган,
Куруп калган Жакып чал,
Кырк кара боз байлаган,
Кырк жылкыдан бирди албай,
Сенин кандай шоруң кайнаган.
Жана байлаптыр сегиз кур атты,
Ошолордон кур калып,
Олтурушуң уяттыр».
Акбалтанын катыны,
Ачууланып акыры,
Айтып муну салганы,
Акырайып Акбалта,
Катынга карап калганы.
«Эй кара жолтой Сулайка,
Карасаңчы уятка!
Тоюнбаган топор бар,
Жарыбаган жарды бар.
Куурункөй жүргөн кулдар бар.
Мал көрбөгөн бакыр бар,
Короодо жүргөн коңшу бар,
Коёбу мага ушулар,
Эркек кызын аңдабай,
Эки жагын карабай,
Эр Жакыпка барам» – деп,
Эбак чаап кетиптир,
Албай койсо Жакыптан.
Акбалтага нетиптир!
Төшөгү жок корунган,
Топорлор алсын сүйүнчү.
Алкын бузган ар качан,
Аңгилер алсын сүйүнчү.
Кууп жүргөн Жакыпты,
Кууруңкай алсын сүйүнчү.
Барбадым да, албадым,
Балакетке калбадым,
Азыр атка минерге,
Калбайт менин дарманым.
Канча күндөн бери жакка,
Каралашып жүрөсүң,
Канча сенин алганың?»
Акбалта айтып салганы,
Суп чапандын бирөө экен,
Сулайканын алганы.
«Эки элечек, бир чапан,
Мына менин олжом» – деп,
Эрине таштап салганы.
Кайта такап Сулайка,
Барсаңчы Жакып кашына.
Катын айтып салганы.
Ага болбой Акбалта,
Мойнун буруп алганы,
«Кырк киши кетти чапкылап,
Элүү киши таласа,
Жакыптын жаны калабы?
Кермеде сегиз кур атты,
Кез келген минип чуратты.
Катыны эркек тубарбы,
Карыганда малды талатып,
Жакып мындай куурарбы?
Элүү киши барган соң,
Энтелеп барып Акбалта.
Сүйүнчү сурап турарбы!
Жалгыз илик Көкчолок,
Жандоого кантип чабамын?
Элирип кеткен кезек кул.
Алардын элесин кайдан табамын?
Удан калган итке окшоп,
Элкип кайда чабамын?»
Акбалта айтып болбоду,
«Барсаң-барсаң байым» – деп,

Катыны камап койбоду.
Анда Акбалта кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Кандай курган катынсың,
Калабалуу жакырсың,
Жакыпка баргын деп айтып,
Тынчымды койбой жатырсың.
Дөөгүрсүп көбү баргандыр,
Күлүктү минип алгандыр,
Аларын алып Жакыптан,
Тарап кетип калгандыр»
Акбалта кетип токтолду,
Катууланып Сулайка,
Акбалтага октолду:
«Жүгүрткөн киши алабы?
Жүрбөгөн куру калабы?
Чапкылаган аларын,
Аны кайдан сен билдиң,
Чаппаган куру каларын!
Көкчолок менен чабарсың,
Жакып чалды табарсың»
Эми барбаймын деп айталбай,
Бармак болду Акбалта,
Катындын сөзүн кайтарбай,
Байлап койгон Көкчолок,
Басыгы ылдам шайтандай,
Акбалта чал бокчоюп,
Аттанып чыкты чокчоюп.
«Жададым үйдө жатып – деп,
Табылар бекен Жакып» – деп,
Акбалта жолго салыптыр,
Айылга жакын көмүскө,
Азганакей жабырда,
Ат кулактуу шабырда,
Кара суунун четинде,
Көк өтөктүн бетинде.
Минген атын суудуруп,
Кара жалдуу кула бээ,
Бир аксары кулун туудуруп,
Олтурган экен Жакып чал.
Шыйрагын оңдоп шыпырып,
Тумшугун сыгып телчитип,
Энесине ээрчитип.
Көкчолок минген Акбалта,
Жакыпты көрдү жайма-жай.
Жан-жагында киши жок,
Акбалта көрүп акырды,
«Сүйүнчү» – деп бакырды.
Кубангандан бул Жакып,
«Не дейсиң?» – деп, чакырды.
Анда Акбалта муну айтат:
«Айтканымды туюнчу,
Арстаным Жакып сүйүнчү!
Жобогондо байбиче,
Жолборс тапты сүйүнчү!
Жоголордо байбиче,
Жолдош тапты сүйүнчү!
Эриккенде байбиче,
Эрмек тапты сүйүнчү!
Кайгырганда байбиче,
Каралды тапты сүйүнчү!».
Акбалта айтып салыптыр,
Аны угуп бул Жакып,
Акылынан таныптыр.
Көздүн жашы он талаа.
Жашын узун сурайын,
Тууганына сүйүнбөй,
Турарын тилеп турайын!
Муңканган бойдон өтөм – деп,
Туяксыз өтүп кетем – деп!»
Акбалта жакын барганда.
Шалак этип жыгылып,

Талып Жакып калганы.
Жакыптын келди кашына,
Тең курбусу Акбалта,
Ырамы келди жашына.
Кыйкырса Жакып кыңк этпейт,
Кыймылдаса былк этип.
Акбалта чоочуп калганы,
Ак калпакты колго алып,
Байпаңдай басып Акбалта,
Аккан сууга барганы,
Басып келип Акбалта,
Талып калган Жакыптын
Көөдөсүнө бүрккөнү,
Көтөрдү башын Жакып чал,
Суудан бою үрккөнү.
Сурады Жакып Балтадан:
«Акбалта чалым нетти дейм,
Сен кайжактан жеттиң дейм?
Суу бүрктүң менен өзүмө,
Эч эчтеме көрүнбөйт,
Карагат менин көзүмө,
Кандайлыктан талганым,
Билинбейт менин өзүмө.
Өзүң келдиң не үчүн?
Өзөгүм өрттөй күйүптүр,
Сен сүйлөсөң экен деп,
Кулагым кейпи сүйүптүр.
Не жүрөсүң Балта чал,
Кебиң болсо айта сал».
«Айтпадымбы сага дейм,
Эркек тууду катының,
Не бересиң мага дейм?»
Акбалта айтып салганы,
Анык бекен, чынбы дейм,
Айта көр Балтам чынын дейм.
Анык эркек экенин,
Көзүң көрүп чыктыбы,
Же карап анык көрө албай,
Катындардан уктуңбу?
Кайтып айтчы чалым деп,
Жакып сурайт дагы көп,
Акбалта сөзүн баштады,
Тең курбуң Жакып шашпады,
Уккан сайын Жакып чал,
Бурчактай көзүн жаштады.
Байбичең тууду эркек уул,
Байкасаң Жакып сөзүм бул.
Баркыраган доошу,
Тай чабым жерден угулду,
Олтурат элем үйүмдө,
Окшуп келип жүрөгүм,
Оозума келип тыгылды.
Каралашкан катындар,
Кармалашкан келиндер,
Кошо жүргөн зайыптар,
Кошоматчы кемпирлер.
Жашы менен кары айтты.
Курсакты катуу сүздү дейт,
Эки колун толтура,
Кан чеңгелдеп түштү дейт,
Орогондо чиренсе,
Отуздагы кишиден,
Ошондо да күчтүү дейт.
Бала да болсо мыкты дейт,
Байбиченин боорун,
Балчыктай кармап түштү дейт»
«Эй, эмнени айтасың Акбалта,
Капчыгымда бар эле,
Сары алтындан бир калта,
Санап сага берейин,
Жайытта малдан бир канча.
Сүйүнчү дейсиң жакшы кеп,

Сүйүнгөн менен Жакыпты,
Сыныңды айтсаң болбойбу,
Дүнүйөңдөн какты деп.
Өлөңдүү жерден өрт койгон,
Бир өткүр бала десеңчи.
Өз журтума чуу салчу,
Жеткир бала десеңчи!
Кара сууга кан куйган,
Бир канкорду тууган белем да,
Калайыкка чаң салган,
Анткорду тууга белем да!
Эр өлтүрүп соёр да.
Кун кор кылып коёр да!
Кызыл-тазыл көрүнсө,
Кыздардан ала качар да,
Калыңды суудай чачар да!
Баласын бооруна алыппы,
Ботом байбиче аман калыппы!»
Анда Акбалта кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Балам жок дейсиң майышып,
Каран жок дейсиң кайышып,
Балага жаңы жетесиң,
Эй, Жакыбым нетесиң,
Баладан малды жуук көргөн,
Бакыл киши экенсиң!
Же, берериң болсо берсеңчи,
Же, бере албасаң Жакыбым,
Бербеймин сага десеңчи!
Айтарың болсо айтсаңчы,
Айтар малың жок болсо,
Мен азыр үйгө кайтсамчы!»
Акбалта сүйлөп салганы,
Ал сөзүнө Жакып чал,
Арсаңдап күлүп калганы.
Андай болсо Акбалта,
Мына алтынды алчы бир калта!
Камбар боздун үйүрүнөн,
Каалап туруп тогузду ал.
Төөдөн алгын төртөөнү,
Төрт уруу малдан төрт тогуз,
Калганы болсо Акбалтам,
Катындардан калпып ал,
Кыз балдардан кымтып ал,
Келиндерден кетип ал,
Сүйгөнүңдү сүйрөп ал,
Каалагының кармап ал,
Жээк жергемден жетип ал:
«Сүйүнчүлөп келгениң,
Болду бекен Балта чал?!»
Камбар боздун үйүрүнөн,
Кармап берди тогузду.
«Ай талаада нетели,
Аттангын үйгө кетели.
Байбичеге жүрөлү,
Баласын барып көрөлү»
Жакып менен Акбалта,
Айылына кайта барыптыр,
Аңыртка кеткен кырк киши,
Алардын астынан чыгып
калыптыр,
Сүйүнчүлөп баарысы,
Катуулап айгай салыптыр.
«Кай бириңди ылгаймын,
Жакының бар, жатың бар,
Өз өзүңөр алыңар,
Минген-минген атыңды».
Жакыптын үнүн укканы,
Канышбек менен Канымжан,
Каршы басып чыкканы.
«Бешик боо бек болсун,
Кундагың боосу кут болсун!»

Жакып айтып бу сөздү,
Басып кирди үйүнө:
Баласын алып болукшуп,
Байбичеси толукшуп,
Олтурган экен үйүндө.
Анда Жакып кеп айтат,
Бакдөөлөткө бек айтат:
«Байбиченин баласын,
Алып келчи» – деп айтат.
Бакдөөлөт барып кол сунду,
Байбиче берип озунду.
Баланы Жакып алганы,
«Бала деген ушубу?»
Бакырып ыйлап калганы,
Кубанды Жакып ыйлады,
Кучакта бала туйлады.
Баланын үнү баркырап,
Айбатынан атасы,
Тулку бою калтырап.
Баркырап ыйлап баласы,
Жалмалап тамак карады,
Атакеси Жакып чал,
Аяк колун кармоого,
Алы калбай калганы.
«Балаң кандай ыйлак!» – деп,
Байбичени карады.
«Берсең эмчек нетти дейм,
Бир баланы тойгузбай,
Бейлиң кандай кетти дейм?»
«Жакшы эле сүтүм дейм,
Эки сорсо эмчектен,
Немесин койбой бүтүн дейм,
Эң ачкараак балаң бар,
Тамагына күтүн дейм».
Байбиче сөзүн салганы,
Байкайын деп баласын,
Бул Жакып көзүн салганы.
Маңдайы жазы, башы кууш,
Бир боюнда турат тууш.
Кочкор тумшук, кош кирпик,
Көркү калча, көзү тик.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаагы жазы, ээги узун,
Эрди калың көзү үңкүр,
Эр мүнөзү көрүнөт.
Алакан жазык, колу ачык,
Аттанып чыккса жолу ачык,
Алп мүнөзү көрүнөт.
Жолборс моюн, жоон билек,
Бөрү кулак, жолбор төш,
Бөлөкчө түрү бар экен.
«Кут кылган болсо ылайым,
Өмүрүн узун сурайын.
Кеткенден алар кегимди,
Кек алганын көрөрмүн,
Кетирбесе эбимди.
Өткөндөн алар өчүмдү!»
Башкы мүнөз жоголду,
Жакып чалдын нээтинен,
Кармап туруп колуна,
Баланын өптү бетинен.
Байбиче баланы алганы,
Талыкпай эмчек салганы,
Балага той берүүнү,
Эсине Жакып алганы.
«Күмүшүм жатат таш болуп,
Күрүчүм жатат аш болуп,
Күлүгүм семиз мас болуп,
Күлүктү таптап минүүгө,
Күрдөлдүү кыргыз аз болуп!
Алтыным жатат таш болуп,
Анбарда буудай аш болуп,

Аттарым семиз мас болуп,
Аттарды таптап минүүгө,
Айлымда кыргыз аз болуп.
Кордугун көрүп калмактын,
Конушун кошпой куруду,
Коңшу болуп калмакка,
Кор болду кыргыз уругу!
Орозду калдыополдо,
Бай калды башкы сугумда.
Көз камандын балдары,
Көйкапка жакын барганы.
Көрө албай бизди калганы.
Көрүндү көзгө ойлосом,
Бул дүйнөнүн жалганы!»

## МАНАСТЫН ТОЮ

«Азган-тозгон кыргызды,
Чакырып кашына алганы.
Балага той берүүгө,
Ортого кеңеш салганы.
Кеңеш салды баарга,
Жашы менен карыга,
Чакырчууну аткарды,
Алтайда калың калмакка,
Ойроттун орчун элине,
Той беремин келсин – деп,
Үч-Аралдын чегине.
Төрт жарым айдан калбасын,
Төгүн деп жатып албасын.
Беш айдан кийин калбасын,
Бекер деп жатып албасын.
Өзү келсин өнөрпоз,
Баары келсин балбаны.
Байлап келсин күлүгүн,
Мага салсын түлүгүн.
Ээрчитип келсин эченин,
Тилге жүрүк чеченин.
Мыктап келсин жолдошун,
Түшүнбөй келип калдым – деп,
Өкүнчү ичте болбосун.
Чакыруучу жиберсин,
Жайкай конду иш берди.
Тойдун камын күтүнүп,
Катындар тонун бүтүрүп.
Келиндер чачын тарашып,
Кемпирлер кийимин жамашып,
Кыз балдар чачын тарашып,
Кызык тойду көрүүгө,
Кылайтпай күнүн санашып.
Азаматтын баарысы,
Аргымак жалын теришип,
Ай кылайтпай санашып.
Күн айланды күзүндө,
Той берүүгө конуптур,
Үч-Аралдын түзүнө.
Тууну Жакып аштады,
Тойду бүгүн баштады,
Ошо күнү бейшемби,
Токсон бээ союп таштады.
Уй деген бир улук мал,
Андан сойду токсонду,
Тогуз жүз чаркар ирк сойду,
Баштады Жакып чоң тойду.
Күрүч, мөмө жемиши,
Бири кемип калбастан,
Шайдоот болду баарысы,
Телегейи тегизи.
Калмактарга ылайык,

Кара мейиз салдырган,
Кызыл арак тарттырды,
Кыларына келгенде,
Кызматын элге арттырды.
Жети жүз очок ойдурду,
Жетимиш үйлүү кыргызын,
Эт бышырып койдурду.
Дуутар менен комузун,
Чертмекчилер чертишип,
Сурнайын суулап тартышып,
Ырчылар ырын айтышып,
Алтайдан арбын эл келди,
Аккан дайра кол келди,
Кал жылоолу ойроттон,
Туушаң төрө зор келди.
Тойго келген көп элди,
Тосуп конок алганы,
Жекендос менен баяндос,
Астына орун салганы.
Ордун калың салдырып,
Отун чырак жандырып,
Оюнга кумар кандырып,
Кымыз ичип кызышып,
Сөөк тери ысышып,
Чекеден терин сызышып,
Арак ичип алкынып,
Ала чакмак болушуп,
Азаматтар жулкунуп,
Жер жемиши чачылып.
Эки адамга бир табак,
Эттен туурап тартылып.
Чай кайнатып, бал салып,
Чатыраш ойноп даң салып.
Ногойдон калган кызыл туу,
Оболотуп аштады,
Оюнду жаңы баштады.
Карасман калмак балбаны,
Казактын Калдар бөкөсү,
Каршы алдына барганы,
Кармашкан жерде бул Калдар,
Каптай камтып алганы,
Калдайтып келип калмакты,
Кара жерге салганы,
Алты жылкы, бир төөнү,
Байгесине алганы.
Калмактан Чокон дөө чыкты,
Ат минбеген жөө чыкты.
Аты Чокон балбан дейт.
Намыстанып калмактар,
Айбаттуусун салган дейт.
Түгөлбай аттуу балбан – деп.
Бу сүрүшкөнүн алган – деп.
Каалады калкы баарысы,
Жашы менен карысы.
Чокон дөө келди күркүрөп,
Оозунан түтүн буркурап.
Бармак болду Түгөлбай,
Балбандыкка бекинип,
Сый тонун сыйрып чечинип.
Түгөлбай басып барганы,
Барган жерден бул экөө,
Багалектен кармашып,
Күрөштү экөө салганы.
Билектешип калганы,
Бир жулкканды Түгөлбай,
Билегин сууруп алганы.
Эрдемсиген Чокондун,
Түгөлбай колун карады,
Балбансыган бадырек,
Сууруй албай колун калганы,
Колун кошо куушуруп,
Белбоодон барып кармады.

Мен-менсиген чоң Чокон,
Бери бакбай калганы.
Калың журт карап турганы,
Калдайтып келип Чоконду,
Кара жерге урганы.
Балбанды түгүл жыгыптыр,
Алты уй менен беш жылкы,
Байгесин алып чыгыптыр.
Кызыл чок ойрот журтунан,
Күнөс деген бир балбан,
Күрсүсүн алып колуна,
Күндөй болуп күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Майданга кирди бакырып,
«Балбаның кел» – деп чакырып.
Аркы атасы Барак кан,
Өз атасы Камбар кан,
Казактан чыккан мыкты жан.
Өзүнүн аты Айдаркан.
Айдаркан чыкты акырып,
Айбаттанып бакырып.
«Кызыл чок ойрот сен деди,
Кызыталак көйрөң кул,
Кыйын болсоң кел!» – деди.
Калың ойрот элинен,
Бир миң киши ат койду,
Аялдабай бат койду.
«Тойду баштап салганым,
Тозокко кандай калганым!»
Коркуп Жакып шашмалап.
Не кыларын биле албай,
Табалбай калыс анталап.
Эштек менен Эламан,
Жедигердин Багышы,
Азганы кыргыз, казактын,
Аксакалы ушулар.
Калмактан алды каласты,
Тамаша токтоп, ат чаппай,
Эрегишип эки журт,
Токтотуп тойду салышты.
Эки күн жатып алышты.
Эки күн токтоп жатканы,
Элчиликке келишип,
Эртеси атты чапканы.
Байгенин башын байлады,
Беш жүз жылкы, бир миң кой,
Байгесине шайлады.
Беш жүз жылкы зарларын,
Эки төөгө жүктөгөн,
Эсептеп асып зарларын,
Алты кара, сексен кой,
Аяккы аттын байгесин.
Байлап берди Жакып чал.
Арнаган байге баарысын.
Эки күн атын айдады,
Эл тамакка жайланды.
Атка болжол айтыптыр,
Өгүз-Кечүү калкандан,
Ошо жерден кайтыптыр.
Эштектин аты жел таман,
Сүрөгөн экен Эламан,
Арандай оозу ачылып,
Кара болот суулугу,
Жерди көздөй басылып.
Даңканы тийген жерлери,
Таш да болсо казылып.
Төрт аягы ачылып,
Оздуктан аккан ак көбүк,
Омуроого чачылып,
Сары кызыл, кара жал,
Сайдан чыккан булуттай,
Закымдап учкан кандай мал!

Артынан келет закымдап,
Аткан октой бир сур ат,
Аркасынан такымдай,
Багыштын аты Сур кийик,
Анда-санда бир тийип.
Анын арка жагынан,
Каңгайлардын Кара сур,
Анын жүгүрүшүн карап тур.
Анын арка жагынан,
Таз чечендин Тоо кара,
Семиз экен бечара.
Ичи көөп солоктоп,
Сүрөөгө кирип болоктоп,
Алардын арка жагынан,
Алтайлыктын Нар кара,
Арышын керип арымдып,
Айгайын Алтай салыптыр,
Ачып көздү жумганча,
Бир тору тай кеип калыптыр,
Тай өткөн жашы кунандыр,
Калмактын Каражой деген түндүкчү,
Артынан салып айгайды,
Кунанына кубанды.
«Тыргооттук сага нетти дейм,
Тырмактай болгон кунаным,
Сай тулпарга жетти дейм!
Көтөрмөлөй көргүн дейм,
Көп тыргоот кандай өлдүң дейм!»
Аркасынан бир кара ат,
Бакпаягы майышып,
Кабыргасы кайышып,
Коңур бий келип акырды,
«Коржоңдогон бу доңуз,
Не болгон!» – деп бакырды.
Айкырыгын укканда,
Арам өлгөн Ак Бакай,
Коёндой кулак жапырып,
Даңканын көккө сапырып.
Байгеге жакын барганы,
Башын чайкап жел таман,
Басууга келбей калганы.
Багыштын аты Сур кийик,
Барып тууга бир тийип.
Жедигер аты чыкканы,
Жакыптын туусун жыкканы.
Отуз бир атта байге бар,
Ойротто мындай кайда бар.
Отуз ат байге алыптыр,
Акбалтанын Көкчолок,
Отуз бир болуп калыптыр,
Алты кара, сексен кой,
Акбалта айдап алыптыр.
Анда Багыш кеп айтат:
«Аксакалым ат минсин,
Топ башчылар тон кийсин,
Айылдан келген адамдар,
Алтынды сатып булдасын,
Арам жемсөө жигиттер,
Бирин-бири бурдасын»
Топ тарады, эл кетти,
Эми Жакып канетти:
Ат коюуга балага,
Байыртан келген салты бар,
Аз да болсо Алтайда,
Казак, кыргыз калкы бар,
Көптү көргөн сары бар,
Көп жашаган кары бар.
Кыпчакатардан Байжигит,
Кыйындын бири Эламан,
Анжияндык Куртка чал.

Аргындан Каракожо бар,
Нойгуттардан Акбалта,
Чагоо кары, Бердике,
Өзүлөрү олтурду.
Кеңештерин болтурду.
Катагандан Мунарбай,
Карк алтын дейилде сарпай кий,
Аксакалдан алтооң кий,
Кара сакал, кер мурут,
Калгандарга бир-бир тон.
Үч түр сарпай чыгарды,
Улууларга ыйгарды.
Кийген тону жараштьі,
Бирин-бири караштьі.
Баланы Жакып алыптыр,
Этегине салыптыр,
Ээрчий басып Чыйырды,
Эки кымкап алыптыр.
Элүү дилде, кызыл бул,
Колуна кармап салыптыр.
«Ат коюңар» деп айтып,
Аксакал Жакып кеп айтып,
Көптүн келди астына,
Ат асмандан дечү эле,
«Жакып ат коёр бекен» – деп,
Көзүн салып Жакып чал,
Аяк менен башына,
Олтурган эрлер дегдеди
Оозуна бир ат келбеди.
Ат коё албай алдырап,
Акылмандын баарысы,
Турушту карап жалдырап.
Сакал, мурут тарашып,
Бирин-бири карашып,
Байжигит турду сөз баштап,
Акырын айтып, бек таштап:
«Мунун чоң атасы Ногой кан,
Согушкан душман болгон нан.
Өз атасы Жакыптыр,
Байланып келип Алтайга,
Азган-тозгон кыргыздын,
Баштарын курап жатыптыр.
Көрүптүр Жакып бир бала,
Бала көрбөй жүргөндө,
Көңүлгө түшкөн көп бала.
Кайгылуу Жакып түш көргөн.
Жоорудук түшүн көзмө көз,
Мен айтамын туура сөз.
Аты болсун Манас дейм,
Аман өсүп чоңойсун,
Ар балаадан калас дейм!»
Отургандын баарысы,
«Аты жакшы болду – деп,
Айтканда оозго толду – деп.
Ат коюлду той тарап,
Келгендер тамам кеткени,
Арадан жети жыл өтүп,
Сегизге Манас жеткени.

## МАНАСТЫ КОЙЧУЛУККА БЕРГЕНИ

Эркелетти энеси,
Аркалап жүрдү атасы,
Аркалабай не кылсын,
Артында жалгыз ботосу,
Ар мүчөөсүн караса,
Адамдан башка жотосу.
Кээ бир күнү караса,
Кездей белин буунат,

Керели кечке жуунат.
Кете берет бир күнү,
Билгенин кылып турбастан,
Жүрүп кетет кээ бирде,
Бир айда колун жуубастан.
Болуп турат кээ күнү,
Байлоодо буудан мингендей,
Басып кетет кээ күнү,
Байлатпаган жиндидей.
Улук мазар дегенди,
Кыйып атып ойногон,
Кыялына келгенин,
Кылбай асты койбогон.
Балдарды көрсө жыйыптыр,
Мазарды көрсө кыйыптыр,
Жакыптын бул баласы,
Чоң балакет кылат деп,
Калайык ушак кылыптыр.
Дубана көрсө уруптур,
Асасын тартып алыптыр,
Азапка бөөдө салыптыр.
Андайын көргөн эл-журту,
Акыр бала кылат деп,
Айыңдашып калыптыр.
Кожону көрсө кор тутат,
Бир сабада кымызды,
Кармап туруп бир жутат,
Акылы кетип мас болбойт.
Доргону көрсө токмоктойт,
Жамбы тийсе колуна,
Чака булча токтотпойт.
Жакып байкап көргөнү,
Баласынын кылыгын,
Байбичеге сүйлөдү.
«Аңдасам балаң шок болду,
Кенедей эстен жок болду.
Кагып-согуп амалдап,
Жоошуталы баланы,
Жоошутпасак баланы,
Акыры бир көрөрсүң,
Салат го бизге балааны!
Үй азабын балага,
Бир тартырып көрөлү.
Койчу башчы Ошпурга,
Апарып малай берели.
Эркелетип олтурбай,
Койчуга берип салалы,
Катыктырып алалы.
Сөз айтууга жатыксын,
Сөөгү бышып катыксын.
Малдын баркын билгизип,
Малай кылып киргизип,
Дүнүйө баркын билгизип,
Түк кап барып киргизип.
Кеңеш сөзүн Жакып чал,
Байбичеге айтып салганы,
«Макул экен бул сөз» – деп,
Байбиче кабыл алганы,
Жакып чалдын балага,
Мал бактыруу талабы.
«Карыганмын атаң мен,
Кагылайын ботом сен.
Жылкы, төө малым бар,
Карып калдым мал табар,
Кайда менин алым бар.
Араң бир жүз коюм бар,
Ошпур деген бир бай бар,
Алты ай баксаң козусун,
Коюбузга кошумча,
Кой берер деген оюм бар.
Атаң Жакып мен – деди,
Мал табар кезиң сен» – деди,

Барып Ошпур козусун,
Аз күнү багып бер» – деди.
Жооп берди баласы,
Жоругу бөлөк Манасы.
«Ошпур кайда бай? – деди,
Баласы жок малы көп,
Ал, курган кандай жан – деди.
Ачка кылып койбосо,
Жеткирип мени сал – деди.
Бай бекен малы мол? – деди,
Арасы канча жол?» – деди.
Анда Жакып кеп айтат:
«Арасы күндүк» – деп айтат.
«Кой берүүчү бай болсо,
Андан несин качайын,
Жегениме май болсо.
Чоң эмесмин, баламын,
Токтобоймун барамын,
Байкуш болор жайым жок,
Мал табууга барамын,
Мени коюп атаке,
Өз алыңды карагын».
Бармакка бала кубанды,
Токуп келди Жакып чал,
Кула чабдар кунанды.
Ээрчитип Жакып баланы,
Эрмек кылып алганы.
Койчу башчы Ошпурдун,
Короосуна барганы.
«Барсыңбы? Ошпурбай – деди,
Ошпурбай күттүң далайды,
Алып келдим мен сизге,
Козу багар малайды».
Ошпур үйдөн чыкканы,
Жакыптын сөзүн укканы,
«Түшүңүзчү аттан» – деп,
Чылбырынан тутканы.
Аттан түшүп Жакып чал,
Акылдашып турганы.
Ал айлында бар экен,
Атасы кыргыз Кадообай,
Бар экен анда бир бала,
Анын аты Чегебай.
«Манас менен Чегебай,
Козу баксын жайма-жай».
Айтты Жакып ушуну,
«Баксын» деди козуну.
Ошпур менен Кадоого,
Баланы багып кароого.
«Кээде ач болсун, кээде ток,
Кеби тийсе ур да сок.
Катыксын деп баламды,
Карыган Жакып талабы»
Жашырып айтып Жакып чал,
Кайтты үйүнө жайма-жай.
«Чеге бала чором – деп,
Жеке менин жором – деп.
Жүр козуга баралы,
Жүдөтпөй малды багалы»
Козуну айдап кобурап,
Тоону көздөй жобурап.
Баланын сөзүн сөздөшүп,
Бара жатат бул өкөө,
Бадалдуу тоону көздөшүп.
Козусун балдар жайыптыр,
Колуна чыбык алыптыр,
Каршы алдынан бир бөрү,
Качырып чыга калыптыр.
Карышкыр деп, бөрү деп,
Кабарын мурун укпаган,
Жашы жеткен тогузга,
Карыш үйдөн чыкпаган.

Көзүн Манас салганы,
Баса коюп козунун,
Куйругун жулуп алганы.
«Бул эмине шумдук» – деп,
Көрүп айран калганы.
Манас туруп кеп сурайт,
Он бирдеги баладан,
«Бул эмине? – деп сурайт.
Көрө салып Чегебай,
«Атасынын көрү дейм,
Аты мунун бөрү дейм,
Коё берсе эркине,
Кете берет тоо жакка,
Бу козунун баарын жеп».
Чегебай айгай салганы,
«Каткырганың эмине?
Бөрү болсо нетүүчү,
Кардуу тоого кетүүчү»
Манас аттын калганы.
Бала чурап калганы,
Бара жаткан балага,
Бөрү көзүн салганы.
Кайрат кылды күркүрөп,
Кайра качты Чегебай,
Кайра бою дүркүрөп.
«Коркуп кайра качтың ээ,
Акылыңдан шаштың ээ»
Кужуру кайнап эр Манас,
«Муну кулагынан алайын,
Өлбөгөн жерде калайын!
Мунун аты бөрү экен,
Адамды бөрү жейт бекен!»
Кашына чуркап барганы,
Көтөрүп барып козуну,
Качып карышкыр кеткени,
Айкырып үнү таш жарып,
Кыйкырык үнү баш жарып,
Кууп Манас жеткени.
Кашкая качкан карышкыр,
Сандиректеп баса албай,
Беттеген кырды аша албай.
Карышкыр беттен кулады,
Ойго келип жыгылып,
Узунунан сулады,
Жетип барып жаш Манас,
Толгоп мойнун бурады,
Жулуп башын салганы,
Эптеп-септеп бул экөө,
Терисин сыйрып алганы.
Куйругунан айрылып,
Козу аман калыптыр,
Аны көрүп Чегебай,
Акылынан таныптыр.
Эми Манас кеп айтат:
«Чуркап жүрүп эртеден,
Ачка болдум дап айтат.
Бир козу кармап соёлу,
Ушу жерге бышырып,
Этине мыктап тоёлу.
Козу союп жедик – деп,
Эч кимге айтпай коёлу.
Бу козуну сойдук – деп,
Сойгон менен ушуну,
От табалбай койдук» – деп,
Терип алды жыгачты,
Ойсуратты отунду,
От таба лабай отурду.
Ошогунча болбоду,
Белине балта байлаган,
Беш таначар айдаган,
Бир чал келип калганы.
Балдарга көзүн салганы,

«Кандай бейбаш баласың,
Бекеринен талаага,
Козу союп саласын?
Ата-энеңе айтамын,
Айтып коюп кайтамын,
Абышка жолго салганы,
Оттугу бар жанында,
Бастырарда абышка,
Манас тура калганы,
Ат жалынан алганы.
«Абышка токтоп от берчи»
Асылып бекем калганы.
Үтүрөйүп бу калмак,
Үңсөңдөдү куу калмак,
От бербеди балага,
Тогуздагы баланын,
Толук күчү келгени,
Сураса калмак бербедиң,
Курдан кармап алганы,
Оодара тартып атынан,
Чалды жерге салганы.
Чал жыгылды чалкадан,
Жүрөк боору үзүлүп.
«Жүдөгөн чал өлөт» – деп
Жанындагы Чегебай,
Жөлөп калды аркадан.
Чалдын көзү сүзүлүп,
Кур белинен үзүлүп,
Оттук менен бычагын,
Кыжыры кайнап кычаган,
Кыраан Манас жөн бала,
Чалдан тартып алганы:
Ачуу келип бек айтат,
«Чагып бер десек чакмакты,
Көрбөдүм сендей акмакты.
Айтып баргын Ошпурга,
Ачуу келип ошого,
Айдасаң тана мал деди.
Алдың каткан чал – деди.
Айтып баргын Ошпурга,
Мага билгениң кылып сал – деди.
Сенин танаңдын бирин соёюн,
Аларсың Ошпур байдан сен,
Ачуулансам бир жолу,
Көчүрөм ушул жайдан мен.
Көз жеткен жердин баарынан,
Көрбөдүм сендей айбанды,
Көрүнө шайтан салганды.
Айтып барып байыма,
Талабыңа жеткиниң,
Тарпың калбай өлөсүң,
Тез аттанып кеткиниң.
Оттук, бычак куруңуз,
Олжо бизге мунуңуз.
Бул абышка бек сурайт,
«Бурут кимдин баласы,
Жөнүн айтчы? – деп сурайт.
Анда Манас кеп айтат,
Ачуусу келип бек айтат:
«Аты жөнүм сурабай,
Аттангын чалым» – деп айтат.
Корккондон чалың компоюп,
Аттанып алып сомпоюп,
Оттук, курдан айрылып,
Ошпурду көздөй бокчоюп,
Чалдын жөнөп кетекни».
Балдардын көргүн неткенин.
Сары найман уруу экен,
Саламат экен атасы,
Эки жүз козу сугарып.
Козусун жайып чыгарып,
Кемирчек казып алыптыр,

Бул экөөнүн кашына,
Төрт бала келип калыптыр.
Төртөө боюн теңешип,
Төмөндөп келет кеңешип.
«Бу козу айдоочу жер эле,
Бир жагы токой чер эле,
Чендетпейлик черине,
Келтирбейлик буларды,
Козу айдоочу жерине.
Экөөн койсок ыйлатып,
Эзип жыгып кыйратып,
Үйлөрүнө баруучу,
Ушу жерге келиштен,
Үмүтүн үзүп калуучу.
Короосуна баруучу,
Коркуп кетип калуучу,
Төрт бала келе калганы,
Аксакалы Айнакул,
Жанындагы Чегенин,
Төшүнө минип алганы.
«Төрөм кантер экен – деп,
Чегебай көзун салганы.
Төрө демек бир кыял,
Оюна келип калганы.
«Ой, акмак сен тургун» – деп,
Аны барып жаш Манас,
Жыга тартып салганы.
Тура калып Манасты,
Муштап туруп калганы.
Башы, көздү туштады,
Манас туруп муштады.
Айнакул калба баштады,
Манас башка койгондо,
Башы үзүлө таштады.
Эки көзүн жаштады,
Эстен таньп далдайып,
Айнакул калды шалдайып,
«Ойногонго нетти» – деп,
Ооп эсиң кетти – деп,
Ойлонбостон айтасың,
Оозуңа келген кепти – деп,
Өз кылганың өзүңө,
Жетип келип баскандай,
Не көрүндү көзүңө».
Бала Манас муну айтып,
Жакасынан сүйрөдү.
«Жаным чыгат кокуй!» – деп,
Жалынып бала сүйлөдү.
«Сынганга окшойт башым – деп,
Чыкты көздөн жашым» – деп,
Тура албады ордунан.
«Тур» – деп келип бу Манас,
Көтөрдү анын колунан,
Урууга келген үч бала,
Манастын кирди соңунан.
Бирөө кармап оңунан,
Бирөө кармап солунан,
Бирөө келип жабышып,
Түшпөдү Манас соңунан,
Ачууланып Манастын,
Түгү тешип жонунан,
Катуу кармап үчөөнү,
Урду жерге колунан.
Төртөө бирдей ыйлады,
Төгүп жашын тыйбады,
«Төрө мени дегин – деп,
Козунун этин жегин» – деп,
Төртөөн Манас сыйлады.
Шишкебек кылып козуну,
«Жегин» – деди ушуну.
Башы менен куйругун,
Куп жедирди мунусун,

«Тойдуңарбы кардыңар?
Кардың тоюп алган соң,
Үйгө не үчүн бардыңар?
Алты бала чогулдук,
Ушу жерге жатабыз,
Ашык оюн атабыз».
Бала Манас муну айтып,
Козусун кошуп алганы,
Кокуйга антип салганы.
Балдардын баарын кетирбей,
Конуп жатып калганы.
Түн ортосу болгондо,
Тура калып бу Манас,
Жана бир козу кармады,
Балдарына сойдурду,
Баягы турган алтоону,
Шишкебекке тойдурду.
Балдарды минтип майтарып,
Басып жүрөт уктабай,
Козуларды кайтарып.
Саргарган таң чыгыптыр,
Дагы кармап бу Манас,
Бир козуну жыгыптыр.
«Ач болобуз эртең» – деп,
Ойготту эле баарысын,
Бешөө турду темтеңдеп,
«Бачымыраак бышыр» – деп,
Манас шашат энтеңдеп,
Шишкебегин сайышып,
Козуларын жайышып,
Алты бала турушту,
Андай кылды жумушту,
Айылдагынын баарысы,
Кечетен бери жакка,
Козу издешип курушту.
Койдун баары маарашып,
«Козу кайда кеткен? – деп,
Жакыптын тентек баласы,
«Манас түпкө жеткен» – деп.
Кокту, кырды карашып,
Кеткен экен шум балдар,
Айыл таппай адашып.
Ошпур айтып ушуну,
Атка минип алыптыр.
Айгайды кырга салыптыр.
Саламаттын айылы,
Санаалары бузулуп,
Козусу үчүн кысылып,
«Төрт балага неткен – деп,
Адашып булар кеткен деп,
Кыргандыр го кыйласын,
Карышкыр түпкө жеткен» – деп.
Аттуу-жөөлүү болушуп,
Адырдан издеп тепеңдеп,
«Алда эмне болду экен?
Аман тапсак экен» – деп.
Алар дагы санап жүр,
Алмалуунун жылгада,
Алыс жерден караса,
Көп козунун ичинде,
Балдар жүрөт ойношуп.
Аккан сууну бойлошуп,
Жок издеген кишилер,
Он-он бештен жыйылып,
Чогулушуп турганы,
«Не кондуңар мында» – деп,
Жаш балдардан сурады.
«Береги Ошпур байдын малайы,
Ойрон кылды далайды,
Үч козуну сойгону,
Үйүбүзгө жибербей,
Кондуруп мында койгону».

Балдар сөзүн салганы,
Байдын бирөө Саламат,
Байкап туруп бу кебин,
Айран азыр калганы.
«Конгонуңар талаа – деп,
Козуну бөлүп сана» – деп,
Конгон жерин карады,
Сана деген Саламат,
Жанында кыйла жамагат.
Эсен түгөл козусу,
Эми Ошпурга кеп айтат:
«Эсебин ал козуңдун,
Козу эсебин алууга,
Мен сенден мурун озундум».
Саламат айтып салганы,
Кадоо менен Ошпур бай,
Козусун санап алганы.
«Аман-эсен» экен – деп,
Аксакалдар тепеңдеп,
«Манас козу сойду деп,
Үч козуну күн-түнү,
Кара көзүн ойду деп.
Этине мыктап тойду» – деп.
Козуларды бөлүшүп,
Айдап алып келгендер,
Айылына барышты.
Кылыгын айтып Манастын,
Кобурашып калышты.
Чалдар чогулуп турганда,
Баягы Баянчор калмак барганы,
Барып сүйлөп калганы.
Ошпур байга кеп айтат:
«Тааптырсың малайды,
Малайың кылар далайды,
Тогуздагы бала экен,
Тозоку болчу жан экен,
Онго жакын бала экен,
Ойрон болчу жан экен.
Үрпөйгөндө кайраты,
Үрүстөмчө бар экен.
Жетимиш төрт жаштамын,
Серпкенинде өзүмдү,
Жерге кире таштадым.
Оодарып аттан алганы,
Ойрон болор чагымда,
Жанындагы бир бала,
Жакшы жөлөп калганы.
Жалган дебе мунумду,
Тартып алды курумду.
Оң жактан салды кучакты.
Оодарып тартып алды го,
Оттук менен бычакты.
Алып бер малайыңдан сен,
Бузукту сүйсөң бурутум,
Бычагын тартып алармын,
Малайыңдан дагы мен».
Баянчор айтып салганы,
«Бар болсо алып берем» – деп,
Ошпур жөнөп калганы.
Манаска Ошпур кеп айтат:
«Кандай курган баласың,
Келгениң сегиз күн болду,
Калабаны саласың!
Карып калган калмактын,
Курун үзүп саласың.
Оттук менен бычыгын,
Зордук кылып алыпсың.
Ойноп алсаң бере кой,
Бул бейлиңди койбосоң,
Сени ойрон кылып бычамын,
Бере кой, Манас балам сен,
Берип абийир алам мен»

Ошпур чал айта салганы,
Одурайып бетине,
Манас карап калганы.
«Кече алдым жаңы олжону,
Менин бербесимди болжогун.
Олжону берип болобу,
Ошондо Манас оңобу!
Чал сүйөнүп чалдарга,
Бөлүп берип койгонмун,
Жанымдагы балдарга.
Бергин десе Ошпур бай,
Калаба салып көрөмүн,
Калмагыңды өлтүрүп,
Кунун байлап беремин».
Айтып муну жаш Манас,
Баянчорго жеткени,
Айбатына тура албай,
Аттана качып кеткени.
Артынан кууп жаш Манас,
Аттууга жөө жетпеди,
Манаска Ошпур бата албай,
Батынып сөзүн айта албай,
«Курган кандай бала – деп,
Мени куруткан экен Жакып чал,
Берген экен мага – деп,
Атасына барайын,
Мунун баянын айтып салайын.
Куу баладан кутулуп,
Анан тынчтык алайын».
Аны ойлонду Ошпур бай.
Жакыпты көздөй жөнөдү,
Эртеси жок кечинде,
Кечки дигер кезинде,
Барды Жакып чалына,
Чыйырды менен Бакдөөлөт,
Амандашты баарына.
«Балаң кандай жүрөт» – деп,
Байбиче келди жанына.
«Аман-эсен акыр – деп,
Билгенин кылып жатыр – деп,
Өзүңөрдүн кой багып,
Мен бир жүргөн бакыр деп,
Коё берсең оюна,
Козуң менен коюңду,
Бүтүргүдөй такыр деп.
Албасаңар болбос дейм,
Ал коюндан койбос дейм,
Көп болсок да койчубуз,
Байкап турсам балаңдын,
Көңүлүнө толбоспуз.
Айдап коюн бөлдү деп,
Аз күнү койсоң угасың,
Аксакал Ошпур өлдү» – деп,
Ал сөзүн айтып салганы,
Аңдап билип байбиче,
Бай Жакыпка барганы.
«Кутула албай жүрдүңбү,
Курган жалгыз баламдан,
Бассам муунум бошонуп,
Балам кетпейт санаамдан,
Тентек өскөн балаң бар,
Телмерип журөт бекен деп,
Көңүлүмдө алаң бар.
Алып келгин баламды,
Сактабаймын талааңды».
Байбиче сүйлөп салганы,
Байкап туруп бу кепти,
Оюна Жакып алганы.
А күнү анда конуптур,
Эртеңки жарык болуптур,
Баланын алды кунанын,
Баянын билди булардын.

«Баламды алып келейин,
Байбиченин колуна,
Соо-саламат берейин.
Ошпур байым жүргүн» – деп,
Ойду тоону ойлонуп,
Жакын жолго салыптыр.
Ошо күнү кечинде,
Ошпур байдын айлына,
Жакып жетип барыптыр.
Атасы Жакып кеп айтып,
«Айланайын каралдым,
Бери келгин – деп айтып,
Козу бакпай коюпсуң,
Бир айча да болгон жок,
Бир күндө үчтөн союпсуң.
Урупсуң кары калмакты,
Калмак ойлоп кетиптир,
Мени бир балаага салмакты»
Жакып айтып салганы.
Манас угуп алганы,
«Эмне дейсиң атаке,
Бала көзүн салганы.
Корголоп жүрүп күн көрбөй,
Коё койсом не болор,
Качып жүрүп күн көрбөй,
Катылышса көрөрмүн,
Каза жетсе бу башка,
Кандай да болсо өлөрмүн.
Калмактан мени кач дебей,
Атаке кайтып өзүң жөнөгүн».
Анда Жакып кеп айтат:
«Энең алды эсимди,
Баласын малай берди деп,
Эл кайтарды тезимди,
Эми куру барганда,
Энең алар бетимди».
Турду Жакып майышып,
Баласына кайышып,
Барбаймын деп айта албай,
Атанын сөзүн кайтарбай,
Бармак болду баласы,
Жакыптын тынды санаасы.
Кере күндүк жол эле,
Бара турган арасы,
Асты жагын караса,
Ак-Өтөктүн талаасы.

## МАНАСТЫН КАЛМАКТАРГА СОККУ УРГАНЫ

Алмалуунун алты суу,
Айланасы түшчүлүк,
Жылкы жатар жери бу,
Жылкычы башы Найманды,
Ак-Өтөктөн көрүптүр.
Асман баскан туманды.
«Бул эмине тозоң» – деп,
Айран болуп турганы.
Аңдап турса артынан,
Жылкычыны токмоктоп,
Алты зубун калмагы,
Он чактысы чогулуп,
Ортого алып кууганы.
Кулундары куюгуп,
Кунандары жарышып,
Куйругун сыртка салышып,
Аңгилери алышып,
Токтото албай жылкычы,
Токмокту жеп калышып.
Жер кооруган калмакка,
Жетип Жакып барганы.
«Алты зубун нетти? – деп,

Жылкыны кызыл май кылып,
Эмне болуп кетти? – деп,
Апыраңдабай баарыңар,
Айтыңарчы кепти?» – деп.
Жакыпты көрүп желгени,
Жылкычысы Ийманы,
Ыйлап жашын тыйбады.
Жанына Жакып келгени,
Башы, көзү кан болуп,
Манас турат таң болуп.
Таңыркап Манас турганы,
«Кимдин малы бу мал» – деп,
Атасынан сурады.
Калмактар кандай урган – деп,
Бу жылкы кайда мурун турган? – деп.
Эмне үчүн калмактар,
Бу байкушту урган» – деп.
Баласы сурап калганы,
Чыдай албай Жакып чал,
Чынын айтып салганы.
«Балам биздин жылкы го,
Башы жок мал курусун,
Башынан мазак кылды го!
Алты зубун калмагы,
Коруган экен бу жерин,
Отуз байтал, беш аттан,
От майына бергемин.
Ошону да азсынып,
Кууп жылкы келгенин».
Айтып Жакып салганы,
Жакыпты көрө салганда,
Жарылдашып калмактар,
Курчап келип калганы.
«Тегеректеп туралы,
Жакыптын өзүн уралы.
Тентегирээк сүйлөсө,
Өткөрө кордук кылалы.
Башчысы Кортук кеп айтат:
«Кайнатам калдай» – деп айтат.
Урмак үчүн камын жеп,
Ачууланды бу Кортук,
«Эне талак бурут» – деп.
Анда Манас сурады,
«Атаке, бул эмне деди?» – деп.
Анда Жакып муну айтат:
«Айланайын – деп айтат:
Аябай азап тартууга,
Азыр турат атаң» – деп.
Оозуна Жакып алганы,
Он калмактын бирөөсү,
Озунуп келип Жакыпка,
Оройго камчы салганы.
Башына камчы чабылды,
Тебетей чаңы кагылды.
Тегеректеп он калмак,
Бу Жакыпка жабылды.
Атасын көрүп жаш Манас,
Урушмакка камынды.
Жылкычысы Ийманы,
Жаш кайыңдан кыйганы.
Кайыңдан кыйып катырган,
Кабыгы менен жаткырган,
Кара боолук укурук,
Иймандын алды колунан,
Үйүнө Жакып келгиче,
Балакет чыккан жолунан.
Качырып кирди жаш Манас,
Калмактардын соңунан.
Укурукту жаш Манас,
Учунан кармап алганы,
Калмактын Кортук башчысын,

Качырып келип жаш Манас,
Как төбөгө салганы.
Укурук тийди башына,
Кан жабылды кашына,
Калмактын мээси агарып,
Кошо кетти караса,
Укуруктун башына.
Аттан түштү албайып,
Жер кучактап далдайып,
Жолдош болгон тогузу,
Коркуп турду шалдайып.
«Баласы укурук алды – деп,
Башчы бологн Кортуктун,
Башын жарып салды – деп.
Баланы кармап алалы,
Башына шири салалы.
Алып барып кыйнайлы,
Алты зубун калмакты,
Аяк башын жыйнайлы.
Каңгайга кабар салалык,
Жакыпка малдан түк койбой,
Талап кетип калалык».
Кармоого баары камынды,
Карап турган Манаска,
Кайгылашып жабылды.
Укуругу колунда,
Ушунун кара соңунда.
Кармоого калмак жеткени,
Качырганда буларга,
Карап турбай жаш Манас,
Карсылдаша кеткени.
Чапканы түштү чалкадан,
Урганы түштү узундан,
Урушкан менен калмактар,
Аман калбас ушундан.
Атасы Жакып акырып,
«Айланайын койгун» – деп,
Арачалап бакырып,
Беш жылкычы бир бала,
Менменсиген калмактан,
Беш, алтоону кубалап,
Бел ашырды жапырып,
«Бери токто балам» – деп,
Жакып барат чакырып.
Аралоого калмакка,
Айлына Жакып калыптыр!
«Жалгызым эми кантет» – деп,
Аркасынан баланын,
Айгайды Жакып салыптыр.
Атанын үнүн уккан соң,
Астындагы сур бышты,
Оозун тартып алыптыр,
Атакеси Жакып чал,
Артынан келип калыптыр.
«Айланайын каралдым,
Алды-артыңды карагын.
Кымбаттуу кыргыз элиң жок,
Азыр кыйындык кылар эбиң
жок!
Тегиз алай жериң жок,
Тентектик кылар эбиң жок,
Дегелешип калмакка,
Тик айтышар жөнүң жок!
Балтыр этиң толо элек,
Балбан чагың боло элек!
Жүрөк этиң толо элек,
Жүткүр чагың боло элек!
Карагын айткан сөзүмдү,
Аңдап көрчү кулунум,
Алды-артыңа күйөр жок,
Ачып кара көзүңдү!
Каңгайдан кара кол келет,

Карып калган чагымда,
Кара жанга зор келет!
Алтайдан арбын кол келет,
Аксакал болгон чагымда,
Азаптуу жанга зор келет!
Кара чоктуу көп ойрот,
Калмак кайдан соо коёт!
Кызыл чоктуу көп ойрот,
Кыйратпай кайдан соо коёт!
Кара көзүм оёт дейм,
Карып калган атаңды,
Калмактар кармап соёт дейм!
Кара жаным саа курман,
Белиме таңуу каралдым,
Сени дагы кокустан,
Мерт таптырып коёт дейм!
Өлбөсөң өчүм аларсың,
Өлүп калсаң каралдым,
Өксүп жатып каларсың!
Кетпесең кегиң аларсың,
Кетип калсаң кулунум,
Кейип жатып каларсың!
Баштан ары бир салып,
Башчысын мурун сойгонуң,
Башкалары не болду,
Балаага мени койгонуң!
Чокудан ары бир салып,
Чоңсунганын сойгонуң,
Жолдоштору не болду,
Мени жоболоңго койгонуң!
Жүргүн кайра жөнөйлү,
Калмактарды көрөлү,
Кантер экен калмактар,
Кааласа кунун берели!»
Бала Манас кеп айтат:
«Эй, атаке» – деп айтат,
Курулай корктуң тегеле,
Кун дегениң эмине?»
Анда Жакып кеп айтат:
«Кун деп санап мал алат,
Ал малына көнбөсөң,
Аз кыргыз анда таланат!
Акырында кулунум,
Өлтүрбөй койбойт өзүңдү,
Ойбой койбойт көзүңдү,
Аңдап бил айткан сөзүмдү!»
Баласы Манас кеп айтат,
«Эй, атаке – деп айтат:
Оболуну кол салып,
Сени келип камалап,
Урган калмак турбайбы,
Жалгыз чака бул берсем,
Арбак мени урбайбы!
Жылкычы Ийман угузду,
Кулакка сөзүн жугузду,
Калмак өлүп калды – деп,
Кааласа алар малды – деп.
Кайрат айтып Ийманың,
Калмакка кыргын саларда,
Кайтарып мени тыйганың,
Ырасын айтсам өзүм бул:
«Ырасымды кыйганың!
Коркуп жүрүп бирөөдөн,
Мен короого малды жыйбадым!
Жалынып жүрүп бирөөгө,
Мен жайытка малды жыйбадым!
Арбытып айыл жыйайын,
Аманат жанга бир өлүм,
Намыс үчүн кыйайын!
Короого коңшу жыйайын,
Корксо да жанга бир өлүм,
Кордуктан башым чыгайын!

Ата сенин түбүң кимден
болчу дейм,
Түрмөгүн айтып койчу дейм?
Тегиң кимден болчу дейм?
Терип айтып койчу дейм?»
Тегин бала сурады,
Телмерип Жакып турганы.
Түбүн бала сурады,
Түнөрүп Жакып турганы.
«Ой, балам уругуң кыргыз
эл болгон,
Кыран эрлер барында,
Кыйрашкан душман кем болгон,
Ичтери толгон дем болгон,
Өзүнөн өзү кем болгон,
Чоң атаң Ногой кыргызга,
Ала-Тоо аскар бел болгон.
Чоң атаң аты Ногойдур,
Ногой кайдан оңойдур.
Соноор-Көлдү бойлогон,
Атаң Ногой тушунда,
Согуштан душман сойлогон.
Кээ бир кезде чоң атаң,
Лоп жакасын жердеген,
Ойротко намыс бербеген,
Алдырбай баккан атакең,
Анжиян менен Алайды,
Асыла келген душмандан,
Алсыраткан далайды.
Кас санаган душманга,
Кактырбай баккан Кашкарды,
Кара шаарга жеткече,
Кан атаң Ногой башкарды.
Санатын алган сары колду,
Ага самаган душман сан болду.
Ордо кылган ополду,
Даңдуң тоонун оюна,
Бечара калкты которду.
Атаң Ногой өлгөндө,
Акыретти көргөндө,
Биз атадан жаш калып,
Акыл ойдон бош калып.
Бизди кудай урганда,
Эл кадырын биле албай,
Эңдейинки турганда.
Эсен кандын жардыгын,
Көрүп калдык ошондо,
Башка токтоп турбаган,
Дүнүйөнүн кардыгын.
Эсен кандан кол келди,
Чаап түштү талкалап,
Кыргыз уруу көп элди.
Эндекей жатып эзилдик,
Кенебей жатып кемилдик,
Байкабай жатып малындык,
Башыбыз торго чалындык!
Кыргынды калмак салганы,
Кыргыз уруу дегендин,
Кыйласы өлүп калганы,
Башынан минтип чачылып,
Атаңдын ичте арманы,
Букарабыз бу күндө,
Башты калмак кармады.
Бай деген бир агаң бар,
Ополду жердеп калганы,
Орозду деген агаң бар,
Жердейт деп угам Алайды.
Өз атакең мен Жакып,
Жалгыздыктын айынан,
Мен да көрдүм далайды!
Үсөн деген агаңдан,
Үмүтүм андан үзүлдү,

Кытайдын кыям жагында,
Даңгирди жердейт шекилдүү.
Бир жагында кырк күндүк,
Караңгы токой чер бар дейт,
Ал токойдун ичинде,
Аюу, жолборс, кабылан,
Адбан түрдүү шер бар дейт.
Андан өтүп барганда,
Кайып багып мал кылган,
Канча түрдүү эл бар дейт.
Байкап уксам не түрдүү,
Барса келбес жер бар дейт.
Көп алыс жолго барды дейт,
Көргөн, уккан эл айтат,
Эл айтканда нени айтат,
Көрө албайсың деп айтат.
Үсөн атын жойду дейт,
Аттары бузук алардын,
Көзкаман деп койду дейт.
Көз камандан жети уул дейт:
Эң улуусу Көкчө көз,
Угулат мага шондой сөз.
Экинчиси Агалдай,
Анын элесин калдык таба абай.
Үчүнчүсү Арбалдай,
Үшкүрөмүн бара албай.
Төртүнчүсү Дөрбөлдөй,
Анын барган жери бир көрдөй.
Бешинчиси Бегалдай,
Башка түшсө кыйындык,
Чачылат экен ар кандай.
Алтынчысы Бекебай,
Аларды санап олтурсам,
Арман кылам бир далай!
Жетинчиси Токобай,
Ногой деген атаңдын,
Иниси бар Шыгай дейт,
Шыгайдын уулу Жапак дейт,
Сары-Кол менен Үч-Артта,
Жатат деп угам ушунда.
Жеркен жагы күн батып,
Жамыра тоодо мал багып,
Балам чачылган сенин тууганың,
Менин чамам кетип турганым,
Капилет жерден эр өлүп,
Карыганда менин курганым!»
Атым Жакып болгону,
Кайышып бала толгонду.
Жер коруган калмактан,
Жетиси калган жыгылып,
Алтоо аман качыптыр,
Аттарын кошуп жылкыга,
Ийманкул айдап алыптыр.
Чамбыл ала чаң болуп,
Кызыл ала кан болуп.
Акылын жыйып алдырап,
Көкө теңир урду» – деп,
Алды алдынан балдырап.
Өлүп жаткан Кортукту,
Өзүлөрү көрүшүп,
Өткүр Манас балага,
Тийишип коюп өздөрү,
Өкүмүнө көнүшүп,
Көнбөгөндө неткени,
Жөөлөп басып темтеңдеп,
Айылын көздөй кеткени.
Экөөн колу сыныптыр,
Бирөөн буту чыгыптыр.
Үчөөн башы айрылып,
Үшкүрүшүп кайгырып,
Калмактар кетип жайына,
Карсаман суунун сайына.

Кандай арга кыларын,
Биле албай Жакып турганда,
Алда канча кайгы сөз,
Айтып жооруп турганда.
Бир топ калмак келиптир,
Жакып менен Манасты,
Келип алар көгөнү,
Калмактар көзүн салганы,
Тарбын деген бир калмак,
Тааныган экен баланы,
«Так ушул бала жуткан» – деп,
Алтоону айтып калганы.
«Андай болсо нетели,
Муну айдап алып кетели.
Атасы экөөн апарып
Эмгекке тирүү салалы,
Эми Көкө теңир бериптир,
Көрүп таанып баланы.
Бирөө тоодо калганы,
Ал тоого бары ат коюп,
Ат койсо да бат коюп,
Балага жакын барганы.
Баламды алат экен деп,
Ыйлап Жакып зарлады.
«Калмак келсе бекер – деп,
Кайгырбачы атаке:
Алты киши турбайбы,
Алы канчага жетер – деп,
Алтымышы келсе да,
Алдырып ийсем бекер» – деп,
Алтоо келип ал экөөн,
Арага алып турганы,
Ат чылбырдан алууга,
Бирөө колун сунганы.
«Колуңду сунба такыр дейм!»
Тартты Манас чылбырды,
Жана болбой жандырып,
Калмак колду салганы,
Жаалданып жаш Манас,
Далысынан кармады,
Көтөрүп колго турганы,
Бирин бири менен урганы,
Тарбынга катуу тийгени,
Балдыр-салдыр сүйлөнүп,
Өлүм тонун кийгени,
Анысы да өлгөнү,
Өлгөнүн анык көргөнү,
Катыла албай балага,
Калганы качып жөнөдү.
Азабын анык тартышып,
Берки калган беш калмак,
Эки өлүк төөгө артышып,
«Бу кандай бала – деп,
Жок белем буга даба – деп,
Бир кишинин үстүнө,
Жана бирди өлтүрүп!
Кетишине кара!» – деп.
Калмактар кайра тартышты,
Карбаластап барышып,
Көргөндөрүн айтышты.
Ээрчитип алып баласын,
Үйүнө Жакып барганы,
Жылкычысы Ийманкул,
Талаага таштап жылкыны,
Бекке боюн салганы.
Кордук көргөн калмактар,
Кокуйлашып кайгырып,
Көкө теңир урду деп,
Акылынан айрылып,
Чагалалап буркурап,
Жалпы баары чуркурап.
Кыргыздын кылган кордугу,

Кыйын болду зордугу.
Айыл башын өлтүрүп,
Айдап жалкы алуусун,
Кордук кылган жерлерге,
Кордоп келип салуусун.
Койбойлук тирүү түк жанын,
Колго тийсе союңар,
Жакып деген куу чалын,
Алалык койбой бир малын!».
Ар тарапка аттанып,
Калмактар кабар салыптыр,
Калмактан угуп кабарын,
Саламаттын иниси,
Сарбан аттуу бир киши,
Жакыпка жетип барыптыр.
«Камынып жатат калмак – деп
Эртең шашыке – түш менен,
Сизди чаап салмак» – деп.
Чыкты Жакып алдырап,
Токтобой бою калтырап,
«Бердикеге барыңар,
Менден кабар салыңар,
Бекер өлүп калбайлык,
Белен дегин баарыңар!
Даниярга нетти – деп,
Түнөгөр кайда кетти – деп.
Мал-мүлкүмдү алса экен,
Балам аман калса экен.
Намыстанып калмактар,
Аттанган экен баарысы.
Оңдурбас жумуш болуптур,
Менин катарым каркап толуптур.
Алты зубун журтуна,
Аябай кабар салыптыр,
Азганакей кыргызды,
Ойрон кылып салууга,
Кеңешин кылып алыптыр!
Менин өлгөнүм болсо көрбөйбү,
Кеңири кыргыз балдары,
Кейиген болуп көмбөйбү!
Саламат менен Ошпурга,
Салам айткын ушуга,
Карабек казак бийине,
Калмак камап жатканда,
Кантип жатат үйүнө!
Наймандан Чоро баатырга айт,
Шашыкеге калбай ылдам айт,
Коңурат Байбак карыга айт,
Айдаркан деген тың бала,
Как ошого тийип кайт!».
Ушуну айтып Сарбанды,
Ат каторуп мингизип,
Айтып сөзүн блгизип,
Жакып жолго салганы,
Ат аябай Сарбаны,
Күн чыкканда барганы.
«Азыр Жакып өлдү – деп,
Малын калмак бөлдү – деп.
Онго жетпей баласы,
Ойрон болгон Манасы,
Ошо кошо өлдү – деп,
Өлгөнүн көзүм көрдү – деп.
Кыргыз уулу барсыңбы?
Баарың дүңкүйүп жатып алдыңбы
Сарбанбек кабар салыптыр,
Ал кабарды укканда,
Аз гана казак, кыргыздар,
Сапырылып калыптыр.
Күлүктү минип тыңданып,
Соottон кийип чынданып
Кыргызга тийген пайдасы,
Калыктуу Жакып эр эле:

Кызматы бөөдөн кетпесин,
Калмактан өлүм жетпесин.
Көрсөк да башка бир өлүм,
Тобокел кылып көрөлү,
Алдырсак да, алсак да,
Чогулган бойдон жөнөйлү.
Өлүп калсак баарыбыз,
Бир чуңкурда бололу.
Тирүү болсок баарыбыз,
Бир дөбөгө конолу!»
Найзанын баары шоодурап,
Азамат көзү жоодурап,
Бел байлаган жигиттен,
Беш жүзү чыкты бөлүнүп,
Беш атанын уулунан,
Белгиленген байрактан,
Беш, алтысы көрүнүп,
Беш, алты жүз кол менен,
Жүрө турсун ушулар.
Чынжырдан чыккан жол менен,
Аны таштап салалы,
Жакыптан кабар алалы:
Жакып чал кылды кайратты,
Байбиче көзүн жайнатты,
Байкап турат Жакып чал,
Баласы артык айбаттуу.
Өлгөндү албайт эсине,
Өртү күйүп көзүнө,
Эр өлтүрдүм бүгүн деп,
Эгер албайт эсине.
Эрикпей кулак салыңар,
Эки эрин бирдей өлтүргөн,
Калмактардын сөзүнө,
Жеке Кортук өлдү деп,
Жети жүз калмак жыйыптыр,
Жергесинин баарысын
Кандуу булоон кылыптыр,
Калмак конуп алыптыр,
Зубун-зубун калмактар,
Эр өлгөн жерге барыптыр.
Канча малын кырышып,
Кандуу булоон кылыптыр,
«Кыргызга ойрон салабыз,
Түк койбой талап алабыз.
Эли кайда буруттун,
Каңгыраган ушулар,
Жери кайда буруттун.
Кунду кандай кылабыз,
Буга куугунду кандай салабыз,
Айыпты кандай алабыз,
Айып алдык деп тим болбой,
Азапты кандай салабыз!
Жакып менен баласын,
Катар жулуп албасак,
Адам болбой калабыз!»
Бу сөздү айтып салганы,
Куптан маал болгондо,
Кужулдашып чуркурап,
Катындары чаркырап,
«Баягы Манас туруптур,
Барган жети кишинин,
Дагы бирөөн жутуптур!
Өлүгүн жүктөп алыптыр,
Өзгөчөсү келип калыптыр,
Жолдон ага жолугуп,
Жоболонду салыптыр.
Качырса койбос какай го,
Дагы бирди чалыптыр,
Каршы чыгып кармайм деп,
Булардын кадеми катып калыптыр
Колго келген калмакка,
Койбой Жакып элинен,

Коңшусун талап алмакка,
Кобурашып баягы,
Конок болгон калмакка,
Аламан коюп таң эртең,
Аралдагы Жакыптын,
Элин талап алмакка.
Кеңешип кебин бүтүрүп,
Жарык болду таң сүрүп,
Жебелерин бастырып,
Колокторун асынып,
Колоктошуп бастырып,
Милтелерин чоктошуп,
Жүз, элүүдөн топтошуп,
Калмактар жолго салганы,
Кайыңдынын өзөндө,
Карарып жаткан жылкынын,
Караанын көрүп алганы,
Чабуул коюп келгени,
Талаа түзгө койбостон,
Эңшерип тийип алганы,
Колду көрүп шекинип,
Жылкычысы Ийманкул,
Жылгага кирип бекинип,
Каңгайлап калмак тийишип,
Кара жагал тондорун,
Сыртынан баса кийишип,
Алтайдан калмак мол келип,
Эр Домобий зор келип,
Көңтөрүп жылкы алганы,
Айдап жолго салганы,
Эри өлгөн калмактын,
Түтүнү беш жүз эл экен,
Башчысы Дөгөн дээр экен.
Дөгөн кирди айкырып,
Алтайлыкка кыйкырып,
«Азыр бизден эр өлдү,
Алтайлык сага не болду!
Көңтөрүп жылкы аласың,
Көңүлүнө караса,
Көзүнө илбей барасың!
Эрим өлгөн меники,
Эминең чыкты сеники?!
Жакып бурут малы деп,
Өлгөн киши биздики,
Өзүбүз олжо алсак деп,
Жаман аттуу жазыгын,
Бизге коюп салсак деп,
Жакып бурут жылкысын,
Баарын тийип алсак деп,
Аз болгодо сегиз мин,
Алып кетип бир жолу:
Азабынын баарысын,
Бизге коюп салсак – деп.
Пайдасын көрүп алсак – деп,
Балаасынын баарысын,
Бизге коюп салсак – деп.
Кылыгыңар ушу го,
Мындагынын баарысын,
Адамбы деп ойлойсуң,
Же айткан тилге болбойсуң!
Алтайдан келген калмактар,
Өкүмдүгүн койбойсуң.
Кындагынын баарысын,
Өлүккө деп ойлойсун!
Байкасаңар болбойбу,
Ээсиз калган бу малдан,
Эки миң алган тойбойбу,
Эптүү алсаң болбойбу»
Ал сөздү айтып акырын,
Айыл башчы Атакул,
Биз жаккылар өлдүңбү,
Мабуларды көрдүңбү?

Элинен азган бир бурут
Жанына такыр батканда
Алы келбей калсада,
Арызга бир күн барбайбы,
Азапка бизди салбайбы,
Артык алган жылкынын,
Азабы бизге калбайбы,
Кунунду качан алдык – деп,
Алтайдан келген калмактар,
Куйругун сыртка салбайбы,
Дөгөн деген башчысы,
Беш жуз түтүн калмактын,
Элбийлеген жакшысы,
Үч жүздөй экен жасоосу,
Алтайлык алган жылкынын,
Укурук, жүгөн тийбеген,
Үркүп жүрөт азоосу.
Дөгөн келди бакырып,
Жылкыны кайра жапырып,
Алтайлык кирди акырып,
Домобил деген башчысы,
Токтобо деп бакырып.
«Айып алгандыкы – деп,
Атасын көрү буруттун,
Алгандын кетем баары жеп!
Кун болсо куугандыкы деп,
Көрүп калсын буруттар,
Куугандын кетем баарын жеп,
Өлгөн киши өзүң – деп,
Өлгөнүнө кун ал деп,
Кече күнү биздерге,
Не үчүн айткан сөзүң – деп,
Ат арытып, тон созуп,
Алыстан келдик мында биз,
Чакыртып алып бу бизди,
Бекер ишти кылба сиз.
Жакып болсо бурут дейм,
Кайда жүрөт жылкыны,
Талаша турган журут дейм!»
Домобил айтып күүлөнүп,
Дөгөндү көздөй сүйлөнүп.
Өч алууга буруттан,
Озунуп келген менмин го,
Өзүң мени чакырып,
Убара кылган сенсин го.
Чакырганың чын болсо,
Чыгымымды бер деймин,
Ат арытып, тон тозуп,
Азап кылдың сен деймин!»
Аны укканда Дөгөндүн,
Абыдан ачуу келгени,
Апсап жакын көргөзүп,
«Ал мунумду сен!» – деди.
«Көргөзөт мага көтүн – деп
Жарайын кулдун өтүн» – деп
Атына камчы салганы,
Качырып барып Дөгөнгө,
Айбалта шилтеп калганы.
Айбалта менен бирди жеп,
«Атаңдын көрү Алтай!» – деп
Дөгөн айгай салганы.
Дөгөндүн эли бакырып,
«Кайдасың?» – деп бир-бирин,
Алтайлыкты жапырып,
Алар бир миң, бул үч жүз,
Чабышкан жери керме түз,
Айбалта башка шака-шак,
Чоюнбаш башка чака-чак.
Найзаны төшкө мылгытып,
Дөгөн жаккы үч жүздү,
Айылын көздөй дыргырып.
Домобил баштап эрлери,

Токтобой сүрүп келгени.
Кас чыкты калмак өзүнөн,
Кара учуптур көзүнөн.
Каардуу айткан кадимки,
Домобил жайсаң сөзүнөн,
«Кызы талакты кырыңар,
Кызыл кыргын кылыңар,
Кыз, катынын олжолоп,
Анан кийин тыныңар!»
Ал сөздү айтып Домобил,
Айгайды бийик салганы,
Токтобой качты баарысы,
Дөгөн баштап анысы,
Айылга жакын барышты,
Алтайлыктын элинен,
Жана эки жүз барыптыр,
Кече күнү угушкан,
Кун алууга чыгышкан.
Жер жайнаган мол болуп,
Алтайлыктан келгени,
Бир миң эки жүз кол болуп,
Башчылары булардын,
Эр Домобил зор болуп,
Тура албады бетине,
Дөгөн качып камалды,
Айылынын четине,
Катыны, кызын олжолоп,
Айдап алып кетмекке,
Алтайлыктын нээтинде.
Чагалалап баарысы,
Камалган эл четине,
Мылтыктарын октошуп,
Милтелерин чоктошуп,
Өлөбүз деп өкүрүп,
Өткөн ишке өкүнүнүп,
Үйүн кармап чеп кылып,
Арбын келип Алтайлык,
Айрылдык каражандан деп,
Аманат жандан шек кылып,
Камалышып калышып,
Катын, кызы баарысы,
Канжар, бычак алышып.
Баканын алып сүйрөшүп,
Балдыр-салдыр сүйлөшүп,
Каражанын калкалап,
Качары жок аркалап.
Барары жок мааналап,
Кеп айталбай дааналап.
Уруша турсун ушулар,
Түн боюнча жол жүрүп,
Кыргыздын колу камынып,
Жакын келип калыптыр,
«Мынчалык киши келдик» – деп
Жакыпка кабар салыптыр.
Таң атканда Жакып чал,
Өзү болуп башында,
Балта чалы кашында,
Алтымыш киши аттанып,
Ак сакал Жакып шаттанып,
Бармак болду жылкыга,
Жакып жолго салганы,
«Барам ата мен да! – деп
Ак сур бышты токунуп,
Манас да жөнөп калганы.
Жылкыны салган жерине,
Жыйылган калмак элине.
Жакып көзүн салганы,
«Аман экен малым – деп
Арбын калмак кол экен,
Аламандап ат койсо,
Азыр келбес алым» – деп.
Караанын көрүп камалып,

Бараарын көрүп байланып,
Бадалдуунун оюна,
Токтоп Жакып калганы,
Өлгөн Кортук баласы,
Өздөрүнө белгилүү,
Акылынын даанасы,
Аты Шакум бу бала,
Акылы даана куу бала,
«Өз кордугун көргөнчө,
Жат кордугун көрөйүн,
Бакылга башым бийлетпей,
Март кордугун көрөйүн,
Барып алып бу көрө,
Жакыпка кабар берейин!
Жайымды айтып салайын,
Жакыпка турбай барайын!
Жанында болсо баласы,
Жаңы өспүрүм Манасы,
Жайы-көйүн көрөйүн».
Муну ойлоп бу бала,
Мурунтан Шакум куу бала.
Уруштан чыгып бөлүнүп,
Астындагы куу чабдар,
Учкан куштай көрүнүп,
Бала Шакум барганы,
Жакып чалды көргөндө,
Көздөн жашы төгүлүп,
Түшүп аттан баш уруп,
«Алтайлык түпкө жетти – деп,
Айылды талап кетти – деп,
Аксакал Жакып баатыр дейм,
Алтайлыктан кол келип,
Айлымды талап жатыр дейм!
Аман койбойт бир жанды,
Ажылдаган жакыр дейм!
Атам өлдү, сиздерден,
Ушу күндө шай кетип,
Асты аргабыз калбады,
Бөлөктөн жардам издерден.
Кыргыздан келген сиз элең,
Кыйыр калмак мен элем,
Кырганы жатыр Алтайлык,
Кыйлабыз өлүп тамтайдык!
Жайытта жаткан малыңдын,
Жалгызын койбой айдады,
Артык алба малын – деп,
Айтып шорум кыйнады.
Аяйсың сен бурутту,
Айлымды кырып курутту!
Койчу Жакып атаке,
Корооңо барып коноюн,
Коңшулап тууган болоюн,
Ажалдан өлгөн атама,
Албастан кунун коёюн!»
Шакум бала бу кепти,
Жакыпка айтып салганы,
Чынжырга салган жол менен
Камбардын уулу Айдаркан,
Карк алты жүз кол менен,
Байрактары желбиреп,
Кайкаңдан чыга калганы.
Аны көрүп Жакып чал,
«Бачым жүрө көргүн» – деп,
Айгайды азыр салганы,
Аны көрүп аларда,
Ат коюп жүрүп калганы.
Аябай Жакып бакырып,
«Бат жүргүн» – деп чакырып
Байрактын башын жапырып,
Атына Жакып миниптир,
«Булар марашып жаткан
экен» – деп

Бачымырак тепеңдеп,
Алар келип калганы,
Аркасынан Жакыптын,
Андан-мындан жайылып,
Отуз киши барыптыр.
Антип-минтип чогулуп,
Жети жүз сексен кол болду,
Ошо колдун ичинде,
Ортоктош болгон нойгут бар,
Аркалаш турган Шакум бар.
Коңшулап жүргөн коңурат,
Үйүрлөш жүргөн үйшүн бар,
Аркалашкан арчын бар,
Айылдаш жүргөн аргын бар.
Анда Жакып кеп айтат:
«Өлгөн киши өзүмкү,
Өчөшүп мынча не кырат!
Талган калмак өзүмкү,
Талаада калмак не кылат,
Талгандын айбын албайт деп,
Талкалап муну кырат деп!
Атасы өлгөн бу бала,
Алды менин тынчымды,
Аягымды кучактап,
Айрып койгун ата деп,
Агып жашы буурчактап,
Зарлап карап турат го,
Талабына жеткирбей,
Талатып ийсек уят го!
Кыйналып бала турат го,
Кызыталак Алтайга,
Кырдырып ийсек уят го!
Аламан коюп калыңар,
Атышкансып баарыңар,
Айырып муну алыңар.
Аралаш тууган болом дейт,
Айлыңа келип коном дейт,
Андаңарчы балдар» – деп,
Айтып муну салганы,
«Атасын көрү Алтайлык,
Айдаркан сүйлөп калганы.
«Муну айырбайт деген эмне»
Манас айтып салганы.
Оңдошуп атын минишип,
Жарашып жарак кийишип.
Урушмак болду калмакка,
Урушсак ушуну алабыз,
Ураанды ким деп салабыз,
Көпчүлүк сурап калганы,
Көргүн Манас баланы:
Көк найза колго алганы,
Астындагы сур бышты,
Атына камчы салганы.
Башка сөзгө карабай,
«Манас – Манас – Манас» – деп,
Ураан тартып калганы.
Баары бирдей бакырып,
Кылкандай найза жапырып,
Башка сөз келбей оозуна,
Манастап ураан чакырып,
Ак асаба кызыл туу,
Асман чалган улуу чуу,
Көк асаба кызыл туу,
Көк жарылган улуу чуу.
Мылтыктарын сундуруп,
Айгай кулак тундуруп.
Желегин жерге жапырып,
Тозоңду тоодой сапырып,
Домобил шорун катырып.
Кыйгыйлап кирип калганы,
Кыргынды кыйла салганы.
Айбатына чыдабай,

Ат соорусун салганы,
Аземилге бет алып,
Ат коюп качып калганы,
Аламандап киргенде,
Бирөөн жанчты экинин,
Үчөө өлдү жетинин.
Аламанды кыргыздар,
Коюп кетип баратыр,
Алты, бештен ар жерге,
Союп кетип баратыр.
Чакыр- чукур чаң клып,
Керме өтөктү кан кылып,
Өлтүргөнүн сан кылып.
Керменин кара белине,
Керип кетип баратыр,
Сазайларын калмактын,
Берип кетип баратыр.
Сакал менен мурутун,
Терип кетип баратыр.
Өөдө салып калмактар,
Өрүп кетип баратыр.
Көрбөгөндү Алтайлык,
Көрүп кетип баратыр.
Башын кесип ар жерге
Таштап кетип баратыр.
Карагай найза сүнгүнү,
Калматардын жонуна,
Аштап кетип баратыр.
Кара жанын жаш Манас,
Карыштап кетип баратыр.
Астындагы Ак сур ат,
Арыштап кетип баратыр.
Алтайлык калмак ары жакка,
Жапыстап кетип баратыр,
Бир миң калган алтайды,
Төрөсү өлүп Домобил,
Төгүлүп каны далдайды.
Түштүк жерге сүрүптүр,
Түшүргөндүн баарысын,
Этегин башка түрүптүр.
Эсепсиз өлүп бүлүптүр.
«Эми оңбойбуз мындан» – деп,
Эстүүлөрү билиптир.
Асты качып үркүшүп,
Алтайды ашып дүргүшүп,
Калганынын кыйласы,
Камбылга качып киришип.
Жалгызынын артынан,
Баласынын дартынан.
Туу чунакты моюндап,
Ак сакалын коюндап.
Барат Жакып бакырып,
«Балам бери токто – деп,
Байрак булгап чакырып,
«Асый эмес, бышты – деп,
Астына элдин түштү – деп,
Чарчабаган бул доңуз,
Кандай жылкы күчтүү» – деп
Жакып атын карады,
Айрынын сары кайкаңдан,
Баласын жетип кармады,
Манас токтоп калган соң,
Андан ары кубалап,
Алтайга киши барбады,
«Кут болсун Манас төрөм» – деп,
Кортуктун уулу барганы.
Кубанып Жакып атасы,
Кайра тартып калганы,
Калмактардын тон томо,
Кара журт талап алганы.
Алтайлыктын калмагы,
«Ажыдаар чыкты – деп,

Аты Манас мыкты– деп,
Эсенканга неткен – деп,
Эмдигиче соо коюп,
Эси кайда кеткен!» – деп,
Жайсаңына жабырап,
Калдайына каңкуулап,
Жата турсун Алтайлык,
Андан айрып калмагын,
Аты, тонун олжолоп,
Айылына барганын.
Кыргынды кыйла салыптыр,
Дөгөндүн эли калмактан,
Элуусу өлүп калыптыр.
Өлүгүн жыйып алышты,
Өкүрүп ыйлап калышты,
«Өкүрбөңөр ыйлап» – деп,
Калганынын баарына,
Казак менен кыргыздар,
Кайрат айтып салышты.
«Журт болобуз сиздерге,
Өлгөн жанды тиргиздиң,
Тууган болгун бизге – деп,
Ырайымыңар артыкча,
Көрүнөт жакшы көзгө – деп,
Ынаныңар сөзгө» – деп,
Калмактардын карысы,
Карыган Жакып алдына,
Калбай келди баарысы,
Өлүктү кандай кылсак» – деп,
Акылдашып калышты,
Бала Манас кеп айтат:
«Баарыңарга эп болсо,
Мен бийлеген кеп болсо,
Бизди тууган көргүлө,
Жерди казып өлүктү,
Бир жерге баарын көмгүлө».
Маакул болот акыр деп,
Жерди терен оюшту,
Өлүктөрдүн баарысын,
Бир жерге сөөгүн коюшту.
Казак менен кыргыздар,
Айылына тарап конушту.
Жылкычысын чакырып,
Каран калган жылкыдан,
Беш жүздү айдап кел деди.
Атасы өлгөн балага,
Арада өлгөн калмакка,
Аларга бөлүп бер деди.
Жана бир миң кой болду,
Бергенин бөлүп алышты,
Береке таап калышта.
Чөйчөк алган жылкыдан,
Жыйырманы союп салышты,
Казак, кыргыз, калмагы,
Жыргап жатып калышты.
Атасы өлгөн баланы,
Бий көтөрүп салыптыр.
Каратоко Мажик деп,
Кабары кийин калыптыр.
Камданбай Жакып калбады,
Казак, кыргыз баарына,
Баягы Дөгөн карыга,
«Алсаң мына мал – деди,
Айкалышып биригип,
Абыдан тууган бол» – деди.
Колго келген баарысын,
Жашы менен карысын.
Айылга жүр деп аларды,
Баштап Жакып барганы.
Жетимиш үйлүү тууганы,
Конокторду кондурду,
Жеп-ичкен жактан болтурду.

Ата уулудан аксакал,
«Ат минсеңер жол» деди.
Аяккынын баарына,
Аруу жакшы тон берди.
«Аттаныңар кайтыңар,
Аман-эсен бол» – деди.
Ата улуулар ат минип,
Аяк жагы тон кийип.

## МАНАС ЭСЕНКАНДЫН БААТЫРЛАРЫН ӨЛҮМ КЫЛГАНЫ

Ушу күндө Манастын,
Он бирге жашы жетиптир,
Жылыкынын туур маалы деп,
Барып көрөм аны – деп,
Айбанбоз минип алганы,
Төрт асый болгон мал экен,
Тоодой шаңы бар экен.
Айбанбоз минип каргытып,
Аңгемесин арбытып,
Балдардан жыйып алыптыр.
Тогуз коргоол, ордону,
Жылкы жаткан жайытка,
Жол боюна салыптыр.
Жол боюнда ордосу,
Атып жаткан ордону,
Отуз экен жолдошу.
Он алтысы бир тарап,
Жана он алтысы бир тарап,
Ордого кирип анталап.
Аны таштай салалы.
Ары түбү Эсенкан,
Андан кабар алалы:
Баш карматкан канча жан,
Падышасы экен Эсенкан,
Жайсаңдын жайын угуптур,
Калдайдан кабар угуптур,
Кан да болсо Эсенкан,
Кайгыланып туруптур,
«Аты Жакып бурут дейт,
Айдалып келип жашында,
Алтай тоодо туруп дейт.
Эгин эгип, мал багып,
Эптеп-септеп жан багып.
Ушу күндө ал Жакып,
Сан кара күтүп бай болуп,
Төрт түлүгү шай болуп.
Элүүгө жашы келгенче,
Эч бала көрбөй туруптур.
Баласы жок, малы көп,
Байкуш болуп куруптур.
Элүү жашка келгенде,
Баркыраган ыйлаган,
Баланын үнүн угуптур.
Баланы жерден алганда,
Баары жандын эси чыгыптыр.
Арбын малды союптур,
Алтайдын элин чакырып,
Атын Манас коюптур.
Аргы түбү бурут дейт
Акылмандар муну айтат:
Ааламга салат бүлүк дейт,
Акыры бир күн ок атар,
Эсенканга жүрүп дейт.
Оошуп келген бурут – дейт,
Ойрон кылар жүрүп – дейт.
Ою терең аярлар,
Аларда бар мындай кеп:
Паашадан буйрук уксак – деп,

Баштап кошун чыксак – деп,
Акылмандар муну айтат,
Бар тамырын кырксак деп.
Эсенкан турат таңданып,
Эл карады жарданып,
Эсенкан элге кеп айтат:
«Эй, калайлык – деп айтат.
Буруттан катын туубайбы,
Дүүлүксөм буркан урбайбы!
Дуушаңкер пашаа тушунда,
Буруттарды таратып,
Чачты деген ушунда.
Ошондо келген буруттар,
Алтайдын тоосун калкалап,
Анда алты зубун калмак бар,
Калмактын калкын аркалап,
Араң жүргөн буруттур,
Элуу жылдан бери жакка,
Бизге букара болуп туруптур,
Катыны эркек тууду деп,
Биздин калдайды буркан
буруптур.
Жаңы туулган баладан,
Жаны коркуп калбаган!
Эми туулган баладан,
Эси чыгып бир жолу,
Эс-акылы калбаган!
Кандыгымды билдирем,
Жаңы туулган бала үчүн,
Калкты кантип бүлдүрөм?
Пашаалыкты билдирсем,
Баары жокту кантип бүлдүрөм?
Же көтөрүп чыккан туусу жок.
Же, кулак тунган чуусу жок.
Же көп жыйнаган колу жок,
Пашаадан черүү барууга,
Байкап турсам жолу жок.
Казыналык төөлөрдөн,
Кырк, элүү төө ыйгарып
Төөлөргө жүктөп асыл бул,
Соода кылып чыгарып.
Казыналык асыл бул,
Төөлөргө жүктөп арттырып,
Эл аралып саттырып.
Жакып кандай жерде экен,
Анын баласы Манас эр экен,
Дайындап жерин көрүшүн,
Каяша кылып биздерге.
Кол салуучу эл бекен,
Же, корголоп жүрүп жан баккан,
Менин комутум толбос кем
бекен?
Кандайлыктан бул иштин,
Кабары мында келди экен?
Он алты калмак, он уйгур,
Бааатырдан тандап ыйгарып,
Кызматкери уйгурлар,
Жыйырма алты киши чыгарып.
«Убал кылбай бирөөгө,
Укканыңарды айтпаңар,
Көрмөйүнчө көз менен,
Жалгандык менен кайтпанар»
Кылдырды соода Эсенкан,
Кызыгын көргөн болот таң.
Эсен кандын алдынын,
Кербендер чыгып алыптыр,
Салгар жолго салыптыр.
Аз гана эмес мол жүрүп,
Алтай тоонун оюнда,
Аземил суунун боюнда.
Ойноп, кулуп жатышып,
Оён Санас баш болуп,

Ордолорун атышып.
Ордого оюн салыптыр,
Баягы ойрон болгон кербендер,
Эсенкандын алдынан,
Эл кезмекке келгендер.
Ордосу жолдун бетинде,
Атып жаткан кезинде.
Атып жаткан чүкөгө,
Ичке түшүп имерип,
Томпой менен жиберип.
Чертүүгө Манас барганы.
«Төөңдү тышка тарткын» – деп,
Четкилер айтып салганы.
«Төө тартпасак нетет – деп,
Койчу чүкөсү ок беле,
Эмнеге алы жетет деп,
Кан кишиси болгон сон,
Бу канте коёт экен» – деп.
Катар-катар төөлөрү,
Ордонун четин кечкени,
Томпойго Манас жеткени.
Томпойду колуна алганы,
Кулжадан алган эңкени,
Кошо коюп калганы.
Томпойдун тийген учунан,
Манастын черткен күчүнөн,
Астыңкы төөнүн соңкусу,
Тоо мылтыктын огундай,
Черткенде сака жеткени,
Төө шыйрагын сындырып,
Төө кырданып кеткени.
Бир эңкеси барыптыр,
Астынкы эшек бутуна,
Ада тийип калыптыр.
«Бул кандай кыйын бала? деп
Кербенчилер таң калды,
Ушу жерде Манасты.
Улуктан келген калмактар,
Кырабыз деп чаң салды
«Карма-карма-карма деп,
Как ушуну байла» – деп.
Жабылып калмак калганы.
«Карматпайбыз Манасты,
Жабыла баары барганы.
Темир тору колунда,
Торго салып алмакчы,
Ушунун кара соңуна.
«Карматпайбыз Манасты,
Жанындагы отузу,
Жабыла колду салганы,
Калмактар менен отузу,
Карсылдашып калганы.
Калмактар катуу айкырып,
Кылыч, мылтык жарагын,
Катар шилтеп киргенде,
Качты отузу дыркырап,
Кара жаны чыркырап,
Адегенде жаш Манас,
Калмактын кыйын баатырын,
Чала кармап алганы,
Көтөрүп жерге салганы.
Көтөрүп жерге бир уруп,
Көөдөндөн басып бир туруп.
Чилдей башын жулганы,
Оңдонуп карап турганы.
Кызыл өңгөч кыйылып,
Кекиртеги жыйылып.
Башкасы калды зоңкоюп,
Башы калды томпоюп,
Башчысы мунун өлгөн соң,
Баягы турган жигиттер,
Баары коркту сумсайып.

«Сумсайбаңар баарың сен,
Буларга сонунду кылам азыр мен,
Кырк беш төө жүк экен,
Олжо кылам такыр мен?
Бирин да аман койбоймун,
Барын союп тойлоймун!
Он уйгур аман калсын дейм,
Баарын олжо кылыңар,
Кырк беш төө малды дейм.
Ордону кызыл кан кылды,
Өлтүргөнү буларды,
Он алты калмак жан кылды,
Жылкычыдан бар деди,
Айылга кабар сал деди.
Баары келип калышсын,
Манастын тапкан олжосун,
Текши бөлүп алышсын.
Айылга жетип кабарчы,
Аныктап кабар салыптыр,
Ал кабарды укканда,
Айылдагы кишилер,
Сапырылып калыптыр.
«Алда кандай шумдук» – деп,
Дагы Манас тим жатпай,
«Ким менен кылды уруш» – деп
Даныяр менен Түнөгөр,
Ошпур менен Саламат,
О жактагы жамагат.
Манжубек менен Дөгөндү,
Калмак менен кыргыздар,
Үйдө калбай адамы,
Бары жүрдү тамамы.
Жетип келип калганы,
Жүгү менен кырк беш төө,
Жанында турат так он жөө,
Буларга кулак салганы,
Карап көрүп баргандар,
Айран азыр калганы.
«Оңой-олпоң мал эмес,
Ушу турган он уйгур,
Бул төөлөргө ээ болуп,
Алып жүрчү жан эмес.
Карандай мойну бир кучак,
Казыналык нардан го!
Үстүндөгү жүктөрү,
Карк алтын кымбат зардан го
Башчылары жоголгон
Бу байкуштарга не болгон.
Акыл кылып баарысы,
Ак балта, Жакып карысы.
Кеңеш кылып кеп сурайт,
Кербен болгон уйгурдан,
«Кеп айтыңар – деп сурайт.
«Кайдан келдиң өзүңөр,
Айткыла азыр сөзүңөр».
Кербенден жайын сурады,
Коркуп алар сабыркап,
Кол куушуруп турганы.
«Уйгурдан болот түбүбүз,
Кумулдун туура жагында,
Оокат кылып турубуз.
Кандан кабар келгени,
Чабарманы желгени.
Он уйгур бизге келсин – деп,
Так бир айга жол жүрүп,
Кызмат кылып берсин – деп,
Онубузду чабарман,
Тойшотуп айдап алганы,
Эсенкандын алдына,
Алып жетип барганы.
Не кылар экен бизди деп
Кара жандын камын жеп.

Карап турдук бүгүлүп,
Кан алдында жүгүнүп.
Карып жандан түңүлүп.
Он алты мыкты эр калмак,
Абдан болуп куп тандап.
Казыналык нарынан,
Камдатып асыл зарынан.
Төөлөрдүн баарын чомдотуп,
Төө жарагын оңдотуп,
Жүктүн баарын арттырып,
Жүндөн аркан тарттырып,
Жүрөрдө кан кеп айтты:
«Алтай, каңгып аралап,
Ангирени сыдырып,
Ары жагы Эртиш дайра бар,
Соода кылып кыдырып,
Алтай деген жер бардыр,
Ошо жерди жердеген,
Аты Жакып эр бардыр.
Анын Манас аттуу баласы,
Кандайлыгын билиңер,
Эгер бузук көрүнсө,
Тирсегинен илиңер,
Аралап анык көрүңөр.
Бузуктугу чын болсо,
Мында кайтып келиңер,
Аныктап билип кабарын,
Айтып бизге бериңер.
Өтрүк сөз өлгөн сөз,
Жалган айткан жаман сөз.
Убай кылбай бирөөгө,
Укканыңды айтпагын,
Көрмөйүнчө көз менен
Айтып келбе бу жерге.
Бирөө айткан сөз менен.
Аныктап билип баласын,
Көз менен көрүп Манасын,
«Кызматкери биз элек,
Кыйшыгы жок түз элек.
Кече күнү биз келсек,
Бурулбай жолго түз келсек.
Ордодон тышка чык деди,
Айткан сөздү ук деди.
Айткан сөзүн укпадык,
Жолдон тышка чыкпадык.
Жолду түзөп алыптыр,
Жолго оюн салыптыр,
Астыңкы төө жетелеп,
Ордого карап салганын,
Чык дегенди укпайт – деп,
Томпоюн колуна алганы.
Чоң чүкө төөгө жеткени,
Шыйрагына тийгенде,
Буту сынып кеткени.
Төөнүн буту сынган соң,
Төрөбүз өкүм кылган соң.
Кармагын деди баланы,
Калмактары жыйылып,
Балага колду салганы.
Баары бирдей жабылды,
Ошолордун баарысын,
Өлтүрмөккө камынды.
Калмактын кыйын баатыры,
Балага каршы турганы,
Бала аны кучактап,
Көтөрүп жерге урганы,
Көөдөнүнөн бир басып,
Шол жерде башын жулганы,
Он алтысын өлтүрүп,
Оңдонуп карап турганы.
Түндө бизди кондурду,
Конок кылып оңдурду,

Эмдигисин билбейбиз,
Кандай күндөр болорду!»
Уйгурлар айтып салганы,
Санап туруп Жакып чал,
Акылынан танганы.
«Эй, ага, ини көпчүлүк,
Аңдаңарчы бу кепти,
Акыры мага түштүңөр,
Аябаган көп түлүк!
Алтымыш келген жашымды,
Акыры балам жутат бейм.
Азапка калган башымды!
Калмактын калың калкы бар,
Канча туркун алпы бар,
Катылгандын баарысын,
Канын ичкен салты бар.
Кылым журтка катылып,
Кыйынга калган экенмин!
Кандуу журтка катылып,
Калбага калган экенмин,
Кара башым калкалап,
Кайсы жакка кетемин!
Эсенкандын малы экен,
Не сонуну бар экен.
Карап турган ага, ини,
Кандай кылсак эп болот!
Калбайт деймин тукуму,
Бу кандай кыйын кеп болот!»
Муну айтып Жакып чал,
Муңайып турду бир далай.
Акбалта чалы кеп айтат:
«Ай, Жакыбым – деп айтат:
Болсун бала шок болсун,
Шок болбосо жок болсун.
Ажал жеткен өлбөйбү,
Башка келген иштерди,
Учурунда көрбөйбү.
Эсенкандан кол келип,
Эсепсиз арбын мол келип,
Кырып бизди салганга,
Азыр алып туралы,
Олжого мыктап туналы.
Алтайдын арбын калмагы,
Аз болгондо беш жүзүн,
Балаң Манас жалмады,
Анда калың кол келип,
Кана бизди кырып салганы,
Арууланып алардан,
Кутулар шайман калбады.
Башка кандай иш келсе,
Учурунда көрөбүз,
Кейип турбай курулай,
Кеңешиңер жөнөйбүз!»
Карыясы Акбалта,
Кайрат айтып салганы,
Олтургандар баарысы,
«Оо сөз – дешип калганы.
Озгон кайта келеби,
Өкүнгөн менен береби.
Кеткен жан кайта келеби,
Кейиген менен береби,
Сабыркоодон не чыгат,
Сары санааны коёлу!»
Кайрат сөздөр токтолду,
Ачууланып жаш Манас,
Атасын көздөй октолду.
«Айттың сөздү атаке,
Акыл-эсиң канаке?
Башка келген ажалдан,
Кутулган жүргөн экенсиң,
Куу дүйнөнүн түбүнө,
Куусаң кантип жетесиң,

Курулай корко берсигң,
Куурган бойдон кетесиң!
Бу жарык дүйнө түбүнө,
Чапкылап кантип жетесиң,
Коркуп жүрүп кор болуп,
Кордукка көнгөн экенсиң!
Кансырап айтпай сөзүңдү,
Кандан кыстоо иш келсе,
Кармап бергин өзүмдү!
Калмактын баары биригип,
Кастыгы менде турбайбы,
Калмактан коркуп калтылдап,
Жүрсөм арбак урбайбы!
Эсенкандын өзүнөн,
Кабарын угуп турдуңар,
Төөчүлөр айткан сөзүнөн.
Казынанын малы экен,
Кан Эсенкан баш болуп,
Калмактардын баарысы,
Кастыгы менде бар экен.
Өлүүчү менин өзүмдүр,
Өзүңөр угуп турдуңар,
Төөчүлөрдүн сөзүдүр.
Төөлөрдү бөлүп алыңар,
Дүрбөбөңөр баарыңар!»
Кырк беш төө жүк малды,
Кырк ата уулу эл алды.
Ар кайсысы талашып,
Нар тазасын алыптыр,
Жилиги сынган кызыл нар,
Жакып чалга калыптыр.
Алгандардын баарысы,
Дүнүйөгө өмөлдү,
Тарап алып баарысы,
Үйлөрүнө жөнөлдү.
Бала Манас бу күндө,
Таамай он төрт жашында,
Чоро кылып кураган,
Отуз бала кашында,
Жатсын Манас ушунда.

## МАНАС НЕСКАРАНЫ ЖЕҢГЕНИ

Бир агасы Жакыптын,
Анын аты Бай болгон,
Байдан эки бала бар,
Байкап кебин караңар.
Улуусу аты Бакай дейт,
Нускалап угуп сөздү жейт.
Кичүүсү аты Тайлактыр,
Айылдын көөнүн жайлаптыр.
Кашкар менен Жеркендин,
Кап ортосу тушунда!
Бай туруптур ушунда.
Ушу жерге токтогон,
Жакыпты ойлоп жоктогон.
Көй-Капка кеткен Үсөндү,
Көрөмбү деп күсөдү.
Бай Бакайга кеп айтат!
«Балам уккун – деп айтат.
Ат току балам минейин,
Айбалтаны белге илейин,
Тобокел жолго кирейин.
Алтайдын тоон чалайын,
Жакыпты издеп табайын.
Өлүү бекен, тирүүбү,
Тирүү болсо Жакыбым,
Жалгыздыктан зарланып,
Ыйлагандын бириби?
Бар болсо байкап билейин,
Өлгөнү болсо көрөйүн,

Өкүрүп кайра жөнөйүн.
Балдарым сага эп болсо,
Алтайдын тоон аралап,
Азыр бир барып көрөйүн!»
Ал сөздү айтып Бай турду,
Акылын айтып жай турду.
Баласы Бакай кеп айтат:
«Баарыңыз ата – деп айтат.
Быйыл он үч жыл болду,
Жакыбың белин бууду деп,
Уктум эле уламыш:
Шакан эркек тууду деп.
Башка Жакып болбосо,
Байкай турган бир кеп го.
Бөлөк Жакып болбосо,
Ойго алышың сизге эп го.
Барып ата көрүңүз,
Алтай жери кайда – деп,
Айныбасын көөнүңүз.
Бакай айтып салганы,
Макул болду бармакка,
Бай жөнөлүп калганы.
Күдүрлөгөн бор менен,
Күрпүлдөгөн шор менен,
Жетиген кыям жол менен.
Бай жолуна салыптыр,
Үчүнчү күнү түш ченде,
Мелтиреген бир жапан,
Чөлгө келип калыптыр,
Арык казган алты миң,
Элге келип калыптыр.
Өөдө-төмөн өткөндү,
Өмөлүп кармап алучу экен,
Өзүнө арык каздырып,
Атын союп салчуу экен.
Башкарганы арыкты,
Басаңкул аттуу эр болгон,
Баскан менен тургандын,
Жүрөгүнө чар болгон.
Ал арыкты каздырган,
Нескара деген дөө болгон.
Көлүгүнөн айрылып,
Көп адамдар жөө болгон.
Атын союп көлүгүн,
Арыктын таштайт кырына,
Адамдардын өлүгүн.
Кетмен чаап шалкылдап,
Башчы болгон Басаңкул,
Басылбай сүйлөп бакылдап,
Мадикердин баарысы,
Басаңдап коркуп калтылдап,
Байкуш Бай муну билбеген,
Барып калды салпаңдап.
Чалга көзүн салганы,
Чапа кармап алганы,
Жер чалам деп желигип,
Бай балаага калганы.
Байдын атын союшту,
Байкуш кылып коюшту,
Кетмен берди колуна,
Кебинин кара соңуна.
Чалга арык каздырып,
Чарчадым десе түк болбойт,
Чап бачым деп шаштырып.
Эки жарым күн болду,
Чалдын аты ким болду,
Чарчадым эми болду деп,
Чал суналып тим болду.
Чал жыгылды көргүн деп,
Арыктын сүйрөп кырына,
Топурак үйүп койгун деп.
Кырга сүйрөп салганы,

Жерди чалам деп келип,
Балаага бу чал калганы.
Көңдөйүндө кырчындын,
Көөдөнү ачык калыптыр,
Акырындап курган чал,
Жарыкка көзүн салыптыр.
Ошондо келди бир адам,
Нескарага кеп айтат:
«Ой, Нескара – деп айтат.
Эр Нескара дөө – деди,
Өлбөй турган камыңды,
Ушу баштан же – деди.
Алып жаткан алышын,
Анык ырас билемин,
Ай талаада калышың.
Айткан кебим бу – деди,
Алып жаткан алышың,
Аксыдан чыккан суу – деди,
Алтай тоон жердеген,
Түмөндөгөн жылкы бар,
Айдап бери куу – деди,
Аркандан салат ошондо,
Ногой деген чуу – деди.
Ошо чуунун ичинде,
Толо элек азыр күчүнө,
Манас деген бала бар,
Эсиңе муну сала бар.
Отуз нөкөр кашында,
Быйыл он үч жашында,
Аземил суунун башында.
Тийип жылкы ал деди,
Артынын келген куугунга,
Тиктеп көзүң сал – деди,
Ал жылкынын ээси,
Жакып аттуу чал – деди.
Жалгыз туума Манасын,
Куткарбай кармап ал – деди.
Куткарып ийсең курудуң,
Жалганы жок мунумун.
Качырып ийсең кайгырдың.
Кара жандан айрылдың!
Балтыр эти толо элек,
Балбан чагы боло элек.
Умтулуп уруш сала элек,
Уруштун ыгын ала элек.
Чаң көзүнө толо элек,
Чабышка камбыл боло элек.
Уюган чаңга кире элек,
Уруштун ыгын биле элек.
Ушу күндө тутпасаң,
Урушуп аны жутпасаң,
Оёр эки көзүңдү,
Ойлонгун менин сөзүмдү,
Акырында ал Манас,
Ойрон кылар өзүңдү!»
Бу сөздү уккан Нескара,
Алды, артыңды тез кара.
Манасты барып сой – деймин,
Айдап келип жылкысын,
Арыкчыга кой – деймин.
Арык казган тойсун дейм,
Эгер тийсе колуңа,
Манастын көзүн ойгун сен».
Айтып турган божурап,
Сөзүн макул алганы,
Каарданып Нескара,
Алты миң ашык кишини,
Айдап жолго салганы.
Кулундардын баарысы,
Кара кулак болуптур,
Кур аттар майга толуптур.
Кулан-Жайлоо, Куу-Тезге,

Жылкы салчу бир кезге.
Жайлоосу жашыл көк экен,
Өлкөгө барып конору,
Куу-Тездин ою дээр экен.
«Кулан-Жайлоо барам – деп,
Кабарсыз калды балам – деп.
Туучунак менен болкоюп,
Абаң Жакып золкоюп,
Атына минип алыптыр,
Аралдан чыгып барыптыр.
Алты күнү жол жүрүп,
Аңгирче барчу жол менен,
Алты миң ашык кол менен.
Нескара келип калыптыр,
Кол карaанын көргөндө,
Коркуу кирип Жакыпка,
«Бул эмне шумдук – деп,
Бурулуп тура калыптыр.
Жалгыз жарым жан болсо,
Сурасам экен сөзүн» – деп,
Көрүнгөн ушу көп колдун,
Артына көзүн салыптыр.
Колдун арка жагынан,
Элес-булас бир караан,
Эми жакын көрүптүр.
Көрүп көңүл бөлүптүр.
«Жалгыз, жарым жан экен,
Жалгыз жүргөн буда бир,
Мээнеттүү мендей жан бекен.
Ким экенин билейин,
Кебин угуп илейин»
Аны таштап салыңыз,
Арыкка көмгөн Бай байкуш,
Андан кабар алыңыз:
Эс алып жатып Бай байкуш,
Суурулуп кумдан чыгыптыр,
Нескаранын сөздөрүн,
Шашпай баарын угуптур.
Колун айдап Нескара,
Жакыптын жылкын алууга,
Кармап алып Манасты,
Айдап келип жылкысын,
Арыкчыга союуга,
Мындай иш кылып коюуга.
Арбып-дарбып дүрбөшүп,
Аттан, болгун жүр дешип.
Айткандын баарын угуптур,
Адамдын баары кеткен соң.
Көмгөн жерден чыгыптыр,
Жан-жакка көзүн салыптыр,
Жаргак деген колотто,
Эшек, качыр аралаш,
Беш, алтысы калыптыр.
Качырды кармап алууга,
Бай барпайып барыптыр.
Этекке конок салыптыр,
Качырлардын бирөөнү,
Эптеп кармап алыптыр,
Арык казган адамдан,
Элүү, кыркы калыптыр.
Эң учунда арыктын
Байдын эптеп чыкканын,
Баятан көрбөй салыптыр.
Качыр кармап жүргөндө,
Карaанын көрө коюптур,
Кайдан келген адам деп,
Кууп кармап алам деп,
Кужулдашып келатыр,
Азы бала, көбү чал,
Аңгемесин көрүп ал.
Алардан качып озунуп,
Ак куудай мойну созулуп,

Бай кыраңга чыгыптыр,
Экөө, үчөөн таш менен,
Кырдан уруп жыгыптыр.
Кайра кетчүү бир жолду,
Алар тозуп алыптыр,
Аргасы жок курган Бай,
«Кеткен колдун артынан,
Бура тартып нетейин,
Эл карасын көргөнчө,
Ээрчип кошо кетейин.
Көрүнбөйүн көзүнө,
Жолу каткан көп колдун,
Жолукпайын өзүнө».
Ошону ойлоп байкуш Бай,
Качырды коюп кулакка,
Кары чал келет бу жакка.
«Бу кандай черүү – деп,
Кайсы жактын эли – деп,
Каяктын каны, беги – деп,
Кабарын уксам теги – деп.
Жакып чал көзүн салыптыр,
Туучунак менен жол тозуп,
Сурайын деп жол кошуп.
Жакып каршы келгени,
Анда салам бизде жок,
Мөндү деп салам бергени,
Буурул сакал бу Жакып,
Ал аксакал экен келгени,
Келген жерден адагы,
«Амансызбы?» дегени.
«Аман – эсен баатыр деп,
Аты – жөнүң ким болот?
Айт жөнүңдү акыр» – деп.
Бай сурады Жакыптан,
Анда Жакып кеп айтат:
Жайым ушу – деп айтат.
«Түп атам аты Түбөйдү,
Төмөндөп эли көбөйдү,
Төртүнчү атам Көгөйдү,
Көгөйдөн туулган Ногойду,
Ногойдун уулу мен элем,
Он жетиде жашымда,
Ата, энеден айрылып,
Айдоого кеткен кем элем!
Калмактын чоңу Бөйөндү,
Бөйөндүн уулу Чаянды,
Мусапыр болуп бу башым,
Чаянга келип таянды.
Башымды бердим малайга,
Кызматын кылдым далайга.
Алтай тоодон жай алдым,
Байым Чаян Өлгөн соң,
Үч-Аралга таяндым».
Атым Жакып дегенде,
Бай бакырды баа деди,
«Өткөн экен дүнүйө ай,
Өмүрдүн баары аа! - деди.
Он жетиде сен элең,
Ата, энеңе эркелеп,
Эчтеме билбес неме элең.
Жыйырмада жылас мен элем,
Куйругу эмес жал элең,
Куруп калсын дүнүйө ай,
Ойноп жүргөн бала элең!
Көзүм болсо көргөнүм,
Көргөндө жалгыз эрмегим!
Өөдө болсом өбөгүм,
Алдейлеген бөбөгүм.
Тайгылганда жөлөгүм,
Тар курсакта жатканым,
Талашып чүкө атканым!
Айдоосу менен улуктун,

Айрылып калып курудум!
Камоосу менен калмактын,
Каралдым сенден айрылып,
Кабыргама батырдың!
Туушаң пааша тушунда,
Туш-тушка айдап ушунда.
Кыргызды бирден бөлгөнү,
Кайран жаным өлбөдү.
Ошондон бери заркырап,
Ушубу көзүм көргөнү!
Күйөрүң Байың мен элем,
Сенден калып айрылып,
Күйүткө түшкөн кем элем!
Чарчасак минер бурагым,
Ташка бассам туягым,
Жоого кирсем кыягым,
Жобогонуң көп белем,
Карып калган сыягың.
Кубанды бүгүн жүрөгүм!»
Айгайды Байың салганы,
Агасы Байды көргөндө,
Ал атынан түшүп калганы.
Айрылганы алардын,
Элүү жылча болуптур,
Аккан жашы булардын коюнуна толуптур.
Бай олтуруп кеп сурайт,
«Балаң барбы?» – деп сурайт.
Жакып «балам бар – деди,
Эл-журтумдун жогунан,
Дүнүйө мага тар – деди.
Дагы эки келиниң,
Бойлорунда бар – деди.
Келиндерин боюнда,
Кененем деймин оюмда»
Анда туруп Бай айтат,
Жакыбына жай айтат:
Карыганда бала көрүпсүң,
Кайгы менен жүрүпсүң,
Калдайган талаа жер жатат,
Мунун калкы кайда сүрүлгөн,
Ээн экен жери неткени,
Мунун эли кайда кеткени?
Бетеге белден булаган,
Элиги ээн сулаган,»
Жаңы келген Байыңыз,
Жакыптан жайын сураган.
«Мен келген бу жерге,
Отуз жылга толгону,
Так отуз жыл болгону.
Ээн экен мурун жер,
Жерди айтайын уга бер:
Мен жаңыдан келгенде,
Аркан бою желгенде,
Ат түтөгүп жыгылчуу.
Адыр-адыр жерлерди,
Артмак улуу белдери.
Адырдын чөбү суюлуп,
Аркары кумдай куюлуп.
Аркары киши таанибайт,
А түгүл арыздуу адам наалыбайт.
Будур-будур желери,
Буруш-буруш белдери,
Мында жок экен элдери.
Будурдун чөбү суюлуп,
Бугусу кумдай куюлуп.
Бугусу киши таанибайт,
Бу түгүл муңдуу киши наалыбайт.
Жерим эркин жай болдум,
Жергемден озгон бай болдум.
Алың кандай аба дейм,
Айтып бергин мага дейм»

Сурап Жакып калганы,
«Эки эркек балам бар,
Эрмек кылган карам бар,
Эбактан бери ажырап,
Элден тынбайт санаам бар!
Он эки уруу кыргыздын,
Олутун жоктоп кыйналдым,
Аларды санап ыйладым,
Кенже иним Жакып дегенде,
Санаа тартып сыздадым!
Ошондон бери мен жүрүп,
Ороздуну сыйладым.
Орозду карып болгону,
Балдарынын зарпынан,
Бат урушкан дартынан,
Кайгыга каркап толгону.
Бегирек бейпай болгону,
Балдарынын дартынан,
Мээнетке каркап толгону:
Орозду жүрөт ойбой деп,
Ордолуу жаткан кыргыздын,
Ордосу аман чагында,
Ошондо өлүп койбой деп.
Сексен калган жашы бар,
Сексен аппак чачы бар.
Сен дегенде зарланып,
Сел болгон дайра жашы бар».
Бай сүйлөдү баарысын,
Укту Жакып наалышын.
«Баянын айтып тим эле,
Балаңдын аты ким эле?»
Сурап Жакып салганы.
«Бир балам аты Бакайдыр,
Бир балам аты Тайлактыр,
Бакайым терең акылдуу,
Айылдын көөнүн жайлап тур».
Бай берди минтип жообун,
«Аларды аман көрсөм» деп,
Кылды Жакып тообун.
Бай сурады Жакыптан,
Байкуш болгон экен жан.
«Жай сураштык тим эле,
Жакын сенин жанагы,
Жалгызың аты ким эле?»
Байга Жакып кеп айтат,
«Жалгыз көргөн бир балам,
Аты Манас» – деп айтат.
Аны уккан соң Бай айтып:
«Айткан оозго толуптур,
Аты жакшы болуптур».
Айтып аны салганы,
Эзилишкен эки чал,
Эси кеткен Байыңдын,
Эсине түшө калганы.
Оозуна сөз кирбей,
Алдырады Бай эми.
«Сөз айтам Жакып бери кара,
Кармаймын деп Нескара.
Алты миң черүү кол баштап,
Аңгире жолго салганы,
Менден мурун кетти эле,
Ушу күндө Нескара,
Сурамалап отуруп,
Акыр болду болбоду,
Айылыңа барып калганы.
Издеп чыгып өзүңдү,
Көрөмбү деп көзүңдү.
Эки жарым күн жүрүп,
Алтай жолго салганым,
Арык каскан Нескара,
Жолдо учурап калганым.
Жол боюнда жатыптыр,

Аңдабай шорум катыптыр.
Көргөн жерден өзүмдө,
Карайлатып көзүмдү,
Союп алып атымды,
Шорду абдан катырды.
Кетмен берип колума,
Кекетип турду соңума.
Керилип кетмен салганым,
Бир күн бүтүп чапкылап,
Эртесинде түш ченде,
Күйүгүп жатып калганым,
Күркүрөшүп сүйлөдү.
Өлдү чал деп сүйрөдү.
Казган арык сыртына,
Арыкка салган кырчынга,
Жатыптырмын далдайып,
Эстен танып шалдайып,
Өлдү деп мени көрүптүр,
Өңкөй салдын ичине,
Топурак менен көмүптүр.
Көчүк жагым басылып,
Көкүрөгүм ачылып,
Жарым күндө эс алып,
Жан жагымды карасам,
Жаадай чабдар аты бар,
Жагалдуу кара тону бар,
Алеңгир жаа асынган,
Нескара деген эр экен.
Беттешкен киши соо калбас,
Бели катуу неме экен.
Казып жаткан арыгын,
Кайрылбады, таштады,
Алты миң ашык адамын,
Аңгире жолду баштады.
Манас деген ким? деди,
Же башта жайын бил деди,
Суурулуп чыгып турпактан,
Суу буюрар деп бу жактан.
Качыр кармап алганым,
Каркап алты күн болду,
Каңгып жолго салганым,
Колдун түшүп артынан,
Көрүнбөдүм аларга.
Бая чала өлтүргөн дартынан,
Эл караанын көрөм деп,
Эл караанын көрбөсөм,
Эми ачкадан өлөм деп.
Кайгыланган кезимде,
Кагылайын каралдым,
Сен көрүндүң көзүмө.
Манас деп тикти бир күчүн,
Ынангын ушу сөзүмө».
Бай айтты Жакып агасы,
Муну уккан соң Жакыптын,
Дирилдеди жакасы.
«Аттаналы, чабалы,
Айылды ылдам табалы,
Ары-бери камданып,
Адам жыйып алалы».
Аны ойлонду Жакып чал,
Ашыкканды карап ал,
Жетимиш үйлүү кыргызы,
Жетип кабар салыптыр,
Уйгу-туйгу баарысы,
Убарага калыптыр,
Бая карып калган Балтаны,
Дагы буйруп салыптыр.
Жаңы тууган калмагы,
Аларга кабар салганы.
Ошпур менен Саламат,
Олорго түштү аламат.
Бул кабарды укканда,

Күнөс балбан күркүрөп,
Атка минип алыптыр.
Камбардын уулу Айдаркан,
Казактан чыккан мыкты жан,
«Көптүрбөйлүк муну деп,
Лоптон келген кулду» деп.
Жүргонү чынжыр жол болуп,
Селдей каптап булар да,
Төрт миңчелик кол болуп,
Жүрө турсун ушулар.
Нескаранын көп колу,
Адашкан бойдон кетиптир,
Жакыптын жери Үч-Арал,
Аягы менен өтүптүр.
Калмактын калкын басыптыр,
Жайытта жаткан жылкысын,
Тийип алып кайтыптыр.
Айдап жолго салыптыр,
Аны көргөн калмактар,
«Улуу черүү кол экен,
Адам арбын мол экен,
Алдыргандын шору экен,
Жайсаңбай деген бай экен,
Он миң жылкы бар экен,
Оңбогондой мал экен,
Оодарып тийип алыптыр,
Ойбойду Жайсаң салыптыр.
Ар тарапка чапкылып,
Ким экенин биле албай,
Же бирөөнөн сурап тил албай,
«Кандай жүргөн кол дешип,
Аркасынан чабалак,
Андан кабар табалак».
Беш жүз адам болуптур,
Ат салышып акырып,
Айгайлашып бакырып,
«Ким болосуң элиңер,
Койбой айтып бериңер?
Жоолгонуң ким эле,
Жообуңду айтчы тим эле,
Тиктегениң ким эле,
Айтыңарчы тим эле.
Айгайды алар салганы,
Арык башчы Басаң кул,
«Жакып чалдын баласы,
Кайда болот айтыңар?
Жалгыз туума Манасы».
Анда булар кеп айтат,
«Кулан-Жайлоо, Куу-Тезде,
Жакып, Манас бу кезде,
Жакып деген атасы,
Манас деген уулу бар,
Бу жүргөн жандын чатасы.
Ан үчүн жылкы албагын,
Азапка бизди салбагын,
Айтыңарчы кебиңди,
Колдун башы бегиңди?
Бизде бар болсо алыңар,
Мурунтан калган кегиңди».
Айгайды Жайсаң салганы,
Угуп алып Басаңкул,
Эр Нескара баатырга,
Жайын айтып барганы.
«Биз Аксыдан чыктык жол менен,
Алты миң толук кол менен,
Бул Жакыптын өзү экен,
Алдап айткан сөзү экен,
Жашырып коюп Манасын,
Буйткап коюп баласын,
Ал Жакыпта болбосо,
Башкада мындай мал болбойт.

Жылкыңды берем деп туруп,
Мойнуна боолук салалык,
Бортоңдогон бу чалдын,
Өзүн кармап алалык».
Нескара акыл чыгарды,
Басаңкул залим кеп айтып,
«Амалы менен бу чалды,
Кармаса болот деп айтып,
Колдон чыгып алганы,
Антип-минтип аларда,
Алты жүз болуп калганы.
Басаңкул аны көргөнү,
Жайсаңды көздөй жөнөдү.
«Айдабайлык жылкыңды,
Ачпайлык сенин уйкуңду,
Чачпайлык деги мүлкүңдү,
Жайсаң, жакын кел – деди,
Сенин кылар кызматың,
Жакыптын уулу Манасты,
Таап кармап бер» деди.
Анда Жайсаң кеп айтат,
Ачууланып бек айтат,
«Келген сенин жолуңда,
Ушу жактын тоолорун,
Көргөн кишиң жок беле?
Ушунчалык тобуңда,
Ал калды сенин артыңда,
Катылбаймын коркомун,
Бала Манас баатырга.
Кармап берер колум жок,
Айдап берер алым жок.
Жылкы түгөл жып-жылас,
Айлымды чаап кетсе да,
Кармап берер табым жок!».
Ушуну айтып Жайсаңбай,
Карап турду жайма-жай,
Айтканын угуп алганы,
«Бери келгин бастыр» – деп,
Басаңкул айтып салганы.
«Каныңа ыкчам баргын сен,
Кабар айтып салгын сен,
Алар жылкыны алдың го,
Бери келгин мага деп,
Не асылып калдың сен!».
Ушуну айтып Жайсаңбай,
Бура тартып калганы,
Кууп кармап алам деп,
Кутурган капыр Басаңкул,
Атына камчы салганы.
Бура тартып Жайсаңбай,
Колун көздөй качыптыр,
Кууп келген Басаңды,
Таноо деген бир калмак,
Колок менен атыптыр.
Коркурап барып жыгылып,
Басаңкул өлүп жатыптыр.
Басңкулдун өлгөнү,
Өлгөнүн көзү көргөнү,
Башчы болгон Нескара,
Жайсаңбайга жөнөдү.
Карап турган калың кол,
Адамы анан кумдан мол,
Төрт миң төрт жүз калганы,
Эки миңи ат коюп,
Ат койсо да бат коюп,
Аламан уруш салганы.
Алиги турган алты жүз,
Атышарга жери түз,
Жазайылды жаткырды,
Төө мылтыктын бир жүзүн,
Күркүрөтө аттырды.
Төө мылтык үнү күркүрөп,

Эки миң барган черүүнүн,
Тула бою дүркүрөп,
Кайра качып калганы.
Каарданып Нескара,
Чабдарга камчы салганы,
Чаң уюду обого,
Алты миңи бирдей тең,
Чабуул коюп калганы.
Көптөп чабуул койгон соң,
Чыдай албай Жайсаңбай,
Чыга качты айлынан,
Токтоно албай Жайсаңбай,
Тоого качып жөнөдү.
Толкуп барган көп кошуун,
Айылга кирип өмөлдү.
Келин-кызын кармашып,
Дүнүйөгө жармашып,
Олжолорун талашып,
Орчунун сен алдың деп,
Ороңдошуп чабышып.
Алганы мурун жылкыны,
Чыкпай алды жанадан,
Артып-тартып мүлкүн бу,
Ырайымсыз Нескара,
Чабылды Жайсаң бечара.
Кармарын билип шекинип,
Качты Жайсаң бир тоого.
Токойго кирди бекинип,
Кармап аны сойбой деп,
Нескара жүрөт өкүнүп.
Катындар ыйлап чуркурап,
Балдар ыйлап чыркырап,
Колго түшпөй калганы,
Кокту, жылга, тоо-ташка,
Качып кирди быркырап.
Айлына кирген калың кол,
Жүздөй киши өлтүрүп,
Элдин көбүн бүлдүрүп,
Олжону арбын алышты.
Оңуп-жыргап калышты,
Ошо күнү конушту,
Ою менен болушту,
Кандуу булоон болушуп,
Кара малын союшуп,
Ал күнү антип жатканы,
Олжого кабат батканы.
Эртеңки күнү аттанып,
Эрдемсинип шаттанып,
Он бештеги жаштуудан,
Олоңдой кара чачтуудан,
Көчтөн чыккан көрктүүдөн,
Көмкөрө кундуз бөрктүүдөн,
Жүз отуз кыз калыптыр,
Эмчеги тикче, эти арык,
Эңчегер бойлуу, кара каш,
Эптүү сулуу келинден,
Эки жүзүн түшүрүп,
Төөлөрүн бакыртып,
Төрт түлүк малын жапыртып,
Уйлары мөөрөп күңгүрөп,
Койлору маарап дүңгүрөп,
Кишенетип жылкысын,
Кишилерин байлатып,
Жылдырып малын айдатып,
Аңгире жолго салыптыр.
Бара турсун жол менен,
Нескара башчы зор менен.
Көтөрүп алып көп тууну,
Эми жолдон көрүп ал,
Кулак тунган көп чууну.
Жакып кабар салыптыр,
Аккула менен болкоюп,

Ак кисе колдо койкоюп,
Наакери бутта чойкоюп,
Төгөрөктөн жыйнатып,
Төрт жүз жигит алыптыр,
Төрөм-төрөм-төрөм деп,
Төгөрөктөп калыптыр.
Ала байрак куу найза,
Шоодураган көй кашка,
Жакып чалдын кашында,
Кемпир менен чалдардан,
Жашы толгон балдардан,
Эки жүзү бир башка,
Алты жүздөй кол менен,
Амалдуу кыя жол менен,
Айбаттанып айкырып,
Алдын кайра жапырып,
Жазайылды жаткырып,
Күлдүр мамай мылтыкты,
Күркүрөтө атыптыр.
Күлдөн бетер сапырып,
Жолун бууп салыптыр.
Алты миң төрт жүз колу бар,
Алардын арбын шору бар,
Алмалуу деген жолу бар,
Арстан Манас алыптыр,
Айкырыкты салыптыр.
Жарым күндөй бологондо,
Камабардын уулу Айдаркан,
Алтай казак калкынан,
Ашкере баатыр бу бир жан,
Күнөкөр балбан күркүрөп,
Наймандардан Карабек,
Атаңдын көрү Нескара,
Урушчу болсо кайда?» – деп.
Найзанын учу чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Кырк жигиттин башы экен,
Он алтыда жашы экен,
Көкчө деген баласы,
Аты Көкчө коюлган,
Айбатын көргөн адамдын,
Көрсө көөнү тоюнган,
Ак тасмадай чоюлган,
Алымсейит дегенин,
Астына баштап алыптыр.
«Көкчө деген менмин деп,
Сен көпсүнүп кайдан келдиң? – деп,
Жеке-жеке-жеке» – деп,
Жекеге чыгып туруптур.
Анын жекесине келе албай,
Нескаранын көп колу,
Камалып карап туруптур.
Арка жактан карасаң,
Бу да калмак баатыры,
Ушаң деген акыры,
Үстүнө темир кийинип,
Чыга келди бакырып.
Бир жүз он беш киши бар,
Ар бир сонун иши бар,
Үмөт чыкты жол менен,
Эки жүз ашык кол менен,
Жайсаң жандап алыптыр.
Бир миң беш жүз кол болуп,
Алды-артынан оролуп,
Нескаранын көп колу,
Кетпес болду оңолуп.
Күнөс балбан күңгүрөп,
Күрсүсүн сүйрөп дүңгүрөп,
Сегиз миңдей кол барып,
Селдей жайнап мол барып,
Курчап-курчап алыптыр.

Ак-Кыянын белесин,
Атасы Жакып кашында,
Он үч жарым жашында,
Дөөлөт кушу башында,
Манас тосуп калыптыр.
Даңдаң деген бир балбан,
Урушканын сойлоткон,
Уларбоз атын ойноткон,
Устундан кыйып улаткан,
Учуна болот сулаткан,
Урган тоосун кулаткан,
Узун найза колунда,
Карабастан соңунда,
Качырып келип калганы.
Күнөс барды күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Найзаларын сундуруп,
Атка камчы урдуруп,
Ээринин кашы деп,
Эт жүрөктүн башы деп,
Качырып найза сайышып,
Төшкө найза так этип,
Чарайнага шак этип,
Тирешип карап турушту,
Көргүн сонун жумушту,
Найзадан арга болбоду,
Күрсүнү колго толгоду,
Күрсүнү күүлөп алышты,
Күркүрөшүп чабышты,
Күндүк жерге угулуп,
Чакылдаган дабышы.
Күрсүнү белге салышты,
Күркүрөшүп бир-бирин,
Качырышып калышты.
Жакасына жармашып,
Ажыдардай арбашып,
Эки балбан кармашып,
Эңишүүгө жетишти.
Тирешип өкөө тартканда,
Бакайынан аттары,
Жерге кире кетишип,
Каарын бойго салганы,
Даңдуң балбан ошондо,
Кайран Күнөс баатырды,
Аттан жулуп алганы.
Калың кол карап турганы,
Айлантып келип Күнөстү,
Алып жерге урганы.
Күнөс өлдү таң болуп,
Тийген жери чаң болуп,
Кызыл жаян чаң болуп.
Кыйын дөөсүн сойдум – деп,
Кыргызды каран койдум – деп,
Ажалыңды сагынган,
Адам болсоң келгин деп,
Айгайын азыр салганы.
Аны көрүп акырып,
Айдаркандап бакырып.
Көкчө жөнөп калганы.
«Койгун балам койгун – деп,
Көзүмдү менин ойдуң» – деп,
Айдаркан жетти акырып,
Баласына бакырып.
Жеткирбеди Даңдаңга,
Айдаркан жетип барганда,
Көкчө мырза кеп айтып:
«Арт жагымдан не чыктың,
Ай, атаке» – деп айтып.
Токтоп тура калганы,
Майданга кирген баланы,
Айдаркан тосуп калганы.
«Балтыр этиң толо элек,

Балбан күчүң боло элек.
Жүрөк этиң толо элек,
Жүткүнөр кезиң боло элек.
Койгун балам барба – деп,
Жолобогун ага» – деп.
Айдаркан айтып салганы,
Аны көрүп эр Көкчө,
«Атамдын кеби акыл – деп,
Андай болсо макул» – деп,
Бура тартып калганы,
Кайтарып ийип баланы,
Айдаркан баатыр калганы.
Кара көк атты моюндап,
Качырып каршы жеткени,
Уларбозун моюндап,
Малакайды коюндап.
Атка камчы салыптыр,
Найзаны колго алыптыр,
Качырган бойдон эр Даңдаң,
Айдарканга барыптыр.
Каары менен багыптыр,
Качырып найза саларда,
Акылга толук Айдаркан,
Найзасын кагып калыптыр.
Найзасы жерге сайылды,
Асабасы жайылды,
Күүлөнүп келип эр Даңдаң,
Айдаркандын найзасынын,
Учуна келип сайылды.
Эр Айдаркан турушун,
Көөдөгө найза урушун,
Бир урганда найзаны,
Бүтүрдү минтип жумушун.
Ооздон найза салыптыр,
Моюнду барып талкалап,
Шилиден чыга калыптыр,
Болжолу жок Айдаркан,
Ушу жерде Даңдаңды,
Ойрон кылып салыптыр.
Нескаранын колунан,
Дагы чыгып келгени,
Көдөң деген балбаны,
Адегенде найзаны,
Айдарканга салганы,
Айбатынан чыдабай,
Камбардын уулу Айдаркан,
Кайра качып калганы.
Карап алып ошону,
Аккуланы моюндап,
Томогону коюндап,
Манас чыкты бакырып,
Кыргыздап ураан чакырып,
Желекти желге жапырып,
Жекеге чыкты качырып,
Жеткен жерден Көдөңдү,
Тебетейдей учуруп,
Көмө коюп өткөнү.
Аркасынан удаалаш,
Ыраңшоо деген балбаны,
Ыргап найза алганы,
Калың кара көп черүү,
Бакырыкты салганы.
Ага каршы жаш Манас,
Аккула атын чуратты.
Бир урганда найзаны,
Ыраңшоону кулатты.
Ыраңшоо калды жыгылып,
Чаңга башы тыгылып.
Этеги башка чабылды,
Сайып Манас өткөндө,
Канжыгадай кара кан,
Найзасына жабылды.

Шаңмуусары дегени,
Шашпай турган эрени.
Шалтаң деген аты бар,
Шаңы бийик каркы бар,
Шалтаңга камчы салыптыр.
Алиңгир жаа, сыр жебе,
Жебесин кездеп алыптыр,
Качырган бойдон жаш Манас,
Каарданып жеткени.
Ашыккан бойдон Манасты,
Алыс атып салганы,
Коломсокко кол салып,
Колуна тартып ок салып,
Киричине чалганы.
Коюп Манас кеткени,
Баатырлык эмей неткени,
Түшүп башын кескени.
Шалтаң атын алганы,
«Урушка бата бергин» – деп,
Байга тартып салганы.
Нескаранын кошуну,
Айгайлап ыйлап калганы,
Аны көрүп чыдабай,
Арданган бойдон Нескара,
Чаптарга камчы салганы,
Кыргызды көздөй бет алып,
Чабуул коюп калганы.
Арстан Манас жаш бала,
Аккула камчы салганы,
Акырып жетип барганы.
Качырганын куткарбас,
Кара чаар жолборстой,
Катылган аман болбостой.
Аккула аты астында,
Алпкаракуш үстүндө.
Ажыдаар түгү түсүндө.
Качырганда Манаска,
Уялбас ултаң бетиби,
Эси чыкпас жанагы,
Нескаранын өзүбү?
Чаптарга камчы салыптыр,
Чарк айланып көп колун,
Айлана качып калыптыр.
Аккуласын кындыйтып,
Ак найзасын зыңкыйтып.
Арстан Манас баатырың,
Артынан түшүп калыптыр.
Чарчабас күлүк мал экен,
Нескаранын чабтар ат,
Тоодой шаңы бар экен.
Айлана качып өз колун,
Чаптарга камчы салыптыр,
Аябай качып алыптыр.
Аккула менен закымдап,
Арстан Манас жакындап
Өртөй көзү кызарып,
Өрдөктөй мойну узарып,
Кууп Манас алыптыр.
Ошончо колдун башы экен,
Ошо кезде Нескара,
Жыйырма жашта экен.
Качып жүрүп муну айтат,
Калкынын баарын муңайтат:
«Кабылан жолго жатарбай,
Катыларга катылбай,
Кадемим мындай катарбай!
Жолборс жолго жатарбай,
Жолугарга жолупай,
Жолум мындай катарбай!»
Буркурап коркуп Нескара,
Бу сөздү айтып салыптыр,
Колуна түшкөн кыз, келин,

Кутулсак экен мындан» – деп,
Кужулдашып калыптыр.
Айрөктөшүп карага,
Алкыш айтып балага.
Аккула менен жетерде,
Ак найза менен нетерде.
Нескара элге кеп айтып,
«Эсен бол калкым» – деп айтып.
Чаптарга камчы салганы,
Камбылды көздөй качмакка,
Эми ойлонуп калганы.
Аккула менен чууратып,
Артынан Манас жеткени.
Алтын кемер чети деп,
Айдалынын бети деп,
Ак найза менен неткени.
Өзгөчө күлүк Чаптар ат,
Өксүтүп кетип баратыр,
Накеринин такага,
Үзөңгү кагып шаркылдап,
Кыр аркага келтирип,
Ак найза менен жанчкылап,
Эки жанчып, үч сайып,
Үзөңгүдөн бут тайып.
Аман болгун элим – деп,
Талкаланды белим – деп,
Азап айдап бу жерге,
Эмне үчүн келдим» – деп.
Октой болгон Чаптардын,
Оозун жыйып алыптыр,
Алмалуу белдин үстүндө,
Четиндүү кыя чер менен,
Кийик баспас жер менен.
Өөдөнү көздөй салыптыр,
Өкүм күлүк Чаптар ат,
Өргүп ашып алыптыр.
Каркап күчү толбогон,
Бели толуп болбогон,
Каран калган Аккула,
Өөдөдөн өксүп калыптыр.
Өзгөчө буудан Чаптар ат,
Булуттуу көктүн астынан,
Муңдуу чөптүн үстүнөн,
Буркурап учуп калыптыр.
«Жер түбүнө жетсе да,
Көй-Капка кирип кетсе да,
Артынан кууп жетейин,
Же өлтүрбөй, же өлбөй,
Кантип кайра кетейин!»
Аккула менен аргытып,
Белге жакын калыптыр,
Туучунак менен түйүлтүп,
Атасы Жакып барыптыр.
«Тура тургун балам» – деп,
Чылбырдан коштоп алыптыр.
Чыңырып турат кууйм деп,
Коштогон бойдон баласын,
Колуна Жакып барыптыр.
Айланасы кол болгон,
Арылбаган шор болгон,
Айдап мында келгени.
Эр Нескара зоо болгон.
Башында Басаңкул ал өлгөн,
Баатыр менен балбаны,
Мен-менсиген барганы,
Улугунун баары өлгөн,
Эси чыгып Манастан,
Нескара качып жөнөлгөн.
Колдун баары калтырап,
Жан сооголоп буркурап,
Жалпы баары чуркурап.
Колдорун алып төбөгө,

«Катылбайбыз эми» – деп,
Койдой чуулап барганы.
Жесирдин баарын бошотуп,
Үйшүн, Үмөт, Жайсаңы,
Урматтуу кебин айтканы.
Үй мүлктөрүн таңышып,
Баарын жыйып көтөрүп,
Айтып сөзүн наалышып.
Жайсаңбайы башында,
Чабылган калмак баарысы,
Баары келди ушунда.
«Мүлктүн баарын алгыла,
Мындан кийин туугандар,
Көзүңөрдүн кырларын,
Ушу биге салыгыла!»
Айдаркан, Жакып, Дөгөнгө,
Алдына келди ошого.
Анда Манас кеп айтат:
«Ой, ага, ини – деп айтат,
Бу сиздерге не болду,
Айрып алдык жоодон деп,
Аксакалдар алганда,
Ишибиз кайдан оңолду.
Чабылдың да чачылдың,
Бетиңден пардаң ачылдың.
Жазайыл мылтык түздөп ал,
Керектүү болсо бизден ал.
Он миң экен жылкыңыз,
Оодарылды мүлкүңүз.
Кыргын тапты элиңиз,
Кыпкызыл боду жериңыз.
Колго тийди мүлкүңүз,
Эми чыксын күлкүңүз.
Аяк-башты жыялык.
Аккан жашты тыялык.
Эндекей жүрбөй минетип,
Аяк жагы Үч-Арал,
Тарбагатай-Кыңгырдан,
Алты-Бийдин Тармал-Таз,
Айткан сөздү аңдап бак.
Марал-Кечүү, Орхунда,
Башы жатсын ушунда.
Арада болсун аңырты,
Кара-Эмилдин кажырты,
Как ушуну жерденер.
Эсенкан эгерим соо койбойт,
Кыра берсек ар качан,
Убал го деп ойлонбйт,
Көптүгүнө салганда,
Көп аркан салса бойлбойт.
Бекемденип алалы,
Бекке бойду салалы,
Асыла келсе Эсенкан,
Анда биз да тим жатпай,
Алеңгирди салалы!».
Бу сөздү айтып жаш Манас,
Эл чарчады кеч болду,
Эми таркар кез болду,
Нескаранын көп колу,
«Алда эмне кылат» – деп,
Абдырашып нес болду.
Бая катын, кызга кол салган,
Таамай бир жүз адамды,
Бирин да аман койбостон,
Чаап баштарын жайлады,
Дүнүйөдөн тамам айдады.
Ат, тондорун алганы,
Чабылган элдин баарына,
Бөлүп берип салганы.
Үлөштүрүп бөлүптүр,
Бала Манас баатырдын,
Айтканына көнүптүр.

Нескаранын колунан,
Төрт жүз уйгур бөлүнүп,
Көздөн жаштар төгүлүп,
«Кандын тартык кардыгын,
Кызыл чоктуу Нескара,
Кыйла тарттык кыйынын.
Төгүн эмес мунубуз,
Кыйын каардуу Нескара,
Кызматында турубуз!».
Тизелерин бүккөнү,
Кыраан баатыр жаш Манас,
«Абалыңарга түшүндүк,
Токтоңор эми шүк» – деди.
Калгандары буркурап,
Койдой маарап чуркурап:
«Калмактан болот түбүбүз,
Башыбызга ээ болбой,
Кыйын каардуу Нескара,
Кызматында жүрүбүз.
Айдоо менен сенделдик,
Өзүбүз качан биз келдик!
Айткан сөздү угуңуз,
Жан соогалап турубуз!».
Анда Манас кеп айтат:
«Жайыңарды билемин,
Бекер корко бербеңер,
Болду кабыл тилегиң.
Чабуул көргөн калмактар,
Бир миң экен түтүнү,
Аксакал Жайсаң баш болуп,
Анда турган кыргыздын,
Алдына келди бүтүнү:
Конушташ тууган бололу,
Кол кармашып оңолу,
Айылдаш тууган бололу,
Абыдан жырагап оңолу.
Асылып душман кол салса,
Аянбай кирип коёлу!»
Күнөс балбан агасы,
Күлдүр Жайсаң муну айтат:
«Айылым кетип чабылып,
Алыстан душман табалып.
Мен айтамын бир сөздү,
Кулакка сыйчуу түр сөздү:
Бурул-түндүн түбүндө,
Чагаан аткан күнүндө,
Катыным эркек бала тууп,
Баласыз жүргөн бу башым,
Эмгектен чыгып белим бууп,
Чагамбай аты баламдын,
Ушу турган көпчүлүк,
Сөзүмдү байкап уксун деп,
Ортоңорго саламын.
Балам он төрт жашында,
Айдары бар башында,
Жолдош болсун Манаска,
Жоролош тууган болдук го,
Азып-тозуп эл болгон,
Алтайда кыргыз, казакка,
Эл болгондун белгиси,
Эрке бала жалгызым,
Эми кошуп алыңыз,
Эби келсе баарыңыз!».
Күлдүр айтып салганы,
Күлдү журттун баарысы,
«Ак нээти менен айтты» – деп,
Күңгүрөп күлүп калганы.
Азат кылган көп колду,
Ат, тонуна тийбестен,
Азык берип колуна,
Аларды салды жолуна.
Тууган болду душманы,

Нескара айдап келгендер,
Ичинде болду бушманы.
«Атанын жакшы, эл бол ай,
Өткүр Манас жаш бала,
Өлүмдү билбес, эр бол ай,
Ушу элди жаман дегендер,
Ордуң кара жер, бол ай!».
Кубанып тарап кетишти,
Ар тарапка жол алып,
Айдалып барган калың кол,
Үйлөрүнө жетиши.
Аман-эсен баарысы,
Жерлерине бырышты,
Алтайдагы көргөнүн,
Баяндап айтып салышты.
«Алтайда азган кыргыздан,
Аты Манас жаш бала,
Азыр келип чыкты деп,
Аябаган мыкты деп,
Асылышкан эрлерди,
Ажыдаар шерлерди,
Казбай көргө тыкты деп.
Кулаалы таптап куш кылды,
Курама жыйып журт кылды,
Тилек куш таптап куш кылды,
Тентиген жыйып журт кылды.
Баатыр Манас баланын,
Дагы көргөн неткенин,
Арадан алты ай өткөнү,
Он төрткө Манас жеткени.
Он төрт жашар жашында,
Үйдөн чыгып келиптир,
Үч-Аралга куш салып,
Үч-Аралдын аралы,
Үйрүн жазбай жүңкүгөн,
Бугу мененен маралы.
Жолдошторун таратып,
Бет-бетине каратып.
Эндөөлөп жолго салыптыр,
Эмилдин башы Боз-Дөбө,
Эми чыгып барыптыр.
Эки жагын караса,
Эмилдин сары суусунун,
Боюна келип калыптыр.
Булар кандай адам деп,
Оюна Манас алыптыр:
Кырк элүүдөй төөсү бар,
Кыйла баскан жөөсү бар.
Аргымагы кекейген,
Көк кепичи тепейген.
Качыр, эшек дагы бар,
Карап турат жаш Манас,
Бул сыяктуу адамды,
Түк көрбөгөн чагы бар.
Колдоруна караса,
Мончок тизип алыптыр,
Баштарына караса,
Ак чүпөрөк чалыптыр.
Артып жүргөн жүгү бар,
Алда канча камы бар,
Аппак болгон наны бар.
Дастаркону жайнатып,
Даңканга чайын кайнатып.
Чогулуп токтой калышып,
Сууну көздөй барышып,
Көчүгүн жууп алышып.
Көзүн Манас салыптыр.
Көчүгүн кандай жуушат деп,
Көрүп айран калыптыр.
Ычкырларын байлашып,
Орундарын жайлашып.
Анан жууду колдорду,

Он төрт жашка келгенче,
Көрбөгөн мындай жолдорду.
Анан жууду беттерин,
Оздору кыбырап,
Бирдемеге оодарып,
Байкап турса нээтерин.
Чыканакка жеткенче,
Чыгарып колун алганы,
Билегин жууп салганы.
Башын сыйпап өткөнү,
Моюнга колу жеткени,
Көрүп туруп не адам,
Манас ойго кеткени.
Эртең эмес кеч экен,
Түш кыңгайган кези экен.
Кырк кишиден бирөөсү,
Күн батышка карады,
Эки колдоп кулагын,
Эми бекем кармады.
Алдоо акбар деп айтып,
Катуулап айгай салганы,
Аны көрүп бу Манас,
Аңырайып калганы.
Ордунан туруп баарысы,
Күн батышты бет алып,
Колдору жетип кулакка,
Түшүрүп кайра колдорун,
Боорлоруна алганы.
Бирөө турса жыгылып,
Баары тура калганы.
Тизелерин таянып,
Тиктеп жерге карашат,
Баштарын жерге эки уруп,
Кайта баары тик туруп.
Чүкө түшүп отуруп,
Күбүрөшүп калышат,
Эки жагын карашып,
Элеңдешип калышыт.
Салам айтып ийинине,
Алакандарын жайышып,
Кобурашып майышып,
Жүздөрүн сыйпап алышып,
Андан кийин бирөөсү,
Узун сөз айтып кобурап,
Бир кыйлага жобурап,
Бирөө дагы кыңк этпей,
Турушту тыңдап жоодурап,
Кол көтөрүп болгон соң,
Жүздөрүн сүртүшүп,
Түшүрүп колун койгон соң.
Отурушту жайына,
Кам урушту чайына.
Тамакка булар киргени,
«Кандай адам ушулар»
Ойлоого Манас киргени.
Бастырып келип калганы,
Буларга көзүн салганы.
«Кандай жансыз» – деп сурап,
Кербендерден кеп сурап.
«Кайда болот жериңер?
Кайсы жактан келдиңер»
Бөлөк турдуң баарыңар,
Не деген болот шаарыңар?»
Манас сурап калганы,
Баары жогу жабылып,
Манаска көзүн салганы.
Мындан мурун жаш Манас,
Укпаган сөздү сүйлөшөт,
Өз бойлорун күүлөшөт.
Айткан сөздүн ичинен,
Ушу сөзү билинет,
«Калмак-калмак-калмак» дейт,

Андан башка айтканы,
Кулагына илинбейт.
Кайра тартып жаш Манас,
Үйүн көздөй жол алып,
Жолдон көргөн кырк киши,
Алардын иштерин таңданып.

## МАНАС УЙГУР БААТЫРЛАРЫН ОЙРОНДОГОНУ

Ит агытып, куш салып,
Жанына бир топ кошчу алып,
Үйдөн Манас кеткени,
Таамай он бир күн болду,
Караанын көргөн бир жан жок,
Кабарын уккан тирүү жан жок.
Кечигип кетип баласы,
Жакыптын тынбай санаасы.
«Талаага бүгүн барайын,
Үч-Арал жолун карайын.
Алыскы жолго салганбы,
Шумрай Ала-Көл кетип калганбы?
Тентектигин салганбы,
Теңизге кетип калганы!»
Туучунак атын миниптир,
Төтөлөп жолго кириптир.
Узап Жакып айылдан,
Ат чабым жолго барганы,
Асты жаккы жабырдан,
Ат кулактуу шабырдан,
Бир тобу чыга калганы.
Күүлктүн бели ийилген,
Көп-көк темир кийинген.
Белге кылыч байлаган,
Колго найза шайлаган.
Очогор мылтык асынган,
Ойку-кайкы бастырган.
Он бири чыга калганы,
Жетип келди Жакыпка,
Ортосуна алганы.
«Жакып деген кыргыз дейт,
Баласы Манас бар экен,
Жакып деген ал киши,
Баласыз жүргөн жан экен.
Ушу күндө болуптур,
Манас аттуу баласы,
Кармап алып кетебиз,
Кармап алып кетпесек,
Кандарга тиет балаасы.
Биз кетпейбиз мындан тим,
Чалкайыңкы курсагың,
Чалым өзүң атың ким?»
Он бири алып ортого,
Жакыпка камоо салганы,
Жылдырбай камап алганы.
Анда Жакып кеп айтат,
Аргасы кетип бек айтат:
«Аты жөнүңөр ким болот?
Ата журтуң ким болот?
Кандай түрдүү жүрдүңөр,
Жакыпты кайдан билдиңер?
Баласы Манас дегенди,
Кандай издеп келдиңер!».
Айтып сөздү Жакып чал,
Мукактанып турганы,
«Мурдар атың бат айт!» – деп,
Булар күчөп сурады.
Жакып атын жашырып,
Амалын эми ашырып.
«Бердике деген мен – деди,

Чыныңды айткын сен – деди.
Ары жагы кыргыз элибиз,
Аралдуу Алтай жерибиз.
Өзүм кыргыз, айлым аз,
Баласы Манас он төртө,
Атасы Жакып мага кас.
Байлап кетсең баласын,
Мага десең канаке,
Өлтүрүп койсоң Манасын.
Айдап кетсең канаке,
Жакып деген атасын.
Баянын айтчы балдар» – деп,
Жакып сурап турду кеп.
Ал сөздү угуп он бири,
Жалгыз жүрсүң бу жерде,
Сага Жакып кас болсо,
Жакыптын айлы кай жерде.
Баштап бизди баргының,
Жакыпка кандай кылганды,
Байкап көрүп алгының»
Баягылар турганы,
«Жайыңарды айткын» – деп,
Жандырып Жакып сурады.
«Сук экенсиң болбойсуң,
Сурап чалым койбойсуң,
Көргөзгүн көзүбүзгө сен,
Жакыптын айлы кай жерде,
Жолуктур өзүбүзгө сен.
Жок сөздү айтпй таштагын,
Жолу кайда баштагын».
Кайраттана калганы,
Айласы кетип Жакыптын,
Он бирине кеп айтат:
«Ой баатырлар – деп айтат,
Тарбагатай жери бар,
Ушу жерден жөнөсө,
Арасы эки күнчүлүк,
Теректи деген жери бар.
Кышка жакын конуучу,
Кыштоосу шондо болуучу.
Ээрчитпеңер өзүмдү,
Эсиңерге ал сөзүмдү,
Манаска кылар жумушту,
Айтып берип бир жолу,
Ачыңарчы көзүмдү».
Сурап Жакып койбоду,
Жаңкыларды торгоду.
Он бири анда кеп айтат:
«Ой, аксакал – деп айтат,
Оңой эмес бу жумуш,
Ушунда келип бир туруш,
Манасты кармап барбасак,
Алтайлыктын элинен,
Арылбайт го чоң уруш.
Кан уйгур деген эл болот,
Ал уйгурдун көптүгү,
Кара туман сел болот.
Өзөндүү дайра суусу бар,
Өзгөчө арбын ушулар.
Кан уйгур деп аталат,
Түтүшүп жоо чак келбей,
Душманы колго маталат.
Көөнө Турпан шаары бар,
Көп өнөрдүн баары бар.
Манасты кармап келүүгө,
Кан жиберди биздерди,
Бир топ күндөн бер жакка,
Таба албадык силерди.
Бир топ күн өттү арадан,
Асты дарек табылбайт,
Айтылган Манас баладан.
Кайда экенин биле албай,

Карап жүргөн өзүбүз,
Карыям ушу сөзүбүз».
Ушуну айтып билдирди,
Жакыпты жаман бүлдүрдү.
«Мен кетейин балдарым,
Карып калган бир чалды,
Кыйнабаңар жандарым!
Ал Жакыптын айлына,
Алып барар алым жок,
Баштап барар мааним жок.
Бара бергин өзүңөр,
Башы чыккан чоң тоону,
Көрбөйбү силер көзүңөр».
Айтып Жакып бул сөздү,
Узатып жолго салганы,
«Жалгызым кандай болот?» –
деп,
Убайымга калганы.
Төрт ай болгон топ-толук,
Эркек бала Бакдөөлөт,
Ада төрөп салганы.
«Манасты душман алабы,
Бакдөөлөт тууган бир бала,
Аман колдо калабы?
Бешиктеги жаш бала,
Белге таңуу болобу,
Бектер, кандар асылды,
Белиме таңган Манасты,
Мерт таптырбай коёбу?
Каканакта Абыке,
Кайрат кылсам болобу,
Кандардын баары асылды,
Каралды кылган Манаска,
Кас кылбастан коёбу?
Манасты алып тим болбой,
Карайлатып элимдин,
Кара көзүн оёбу?».
Туучунакты туйлатып,
Үйүнө Жакып келгени,
Айыл башы Акбалта,
Акылдашы Бердике,
Жүз түтүндөй кыргызды,
Жүрүп жыйып алганы,
Дүрбөлөңдү салганы.
Байын алды башына,
Баарын жыйды кашына.
«Кан уйгурдан эр келди,
Манасты кармап алууга,
Он бир балбан шер келди.
Эми арга нетемин,
Кайсы жакка кетемин!».
Анда туруп бай айтат,
Акыл сөздөн жай атат:
«Чыландан чыккан жол барбы?
Чырмап келип бу жерде,
Камап жаткан кол барбы?
Кумулдан чыккан жол барбы?
Курчап келип бу жерде,
Кууратып жаткан кол барбы?
Кандай айткан кебиңдир,
Калжайып тайган эбиңдир.
Алты миң черү кол келди,
Эр Нескар зор келди.
Кыйратты Манас көзүңчө,
Жакып жаман экенсиң,
Кыйнала берип өзүңчө.
Он бир балбан турбайбы,
Ошолорго алдырса,
Манасты кудай урбайбы?».
Бай жактырбай таштады,
Байбиче көзүн жаштады.
«Төрөгөнүм бир бала,

Төгөрөк баары асылат,
Дүмөгү качан басылат!
Араң көрдүм бир бала,
Ар кайсы кандар асылат,
Азабы качан басылат!».
Ал сөзү айтып байбиче,
А, деп токтоп калганы,
Туучунак атты каргытып,
Аксакалың жаргытып,
Олтура албай токтолуп,
Туш-туш жактан жол чардап,
Жакып жүрөт октолуп.
«Бу Манаска не болду,
Көптөн бери дарек жок,
Кара жолтой шумурай,
Кайда кетип жоголду,
Кайта келсе он бири,
Ишим кайдан оңолду!».
Ал аңгыча болбоду,
Аккуланы каргытып,
Аңгемесин арбытып,
Бөксө жолго салыптыр,
Ушу убакта атасы,
Туучунакты моюндап,
Аксакалын коюндап,
Астынан чыгып калыптыр.
Манаска мындай кеп айтып,
«Ээ, айланайын Манасым,
Амалым кетип турамын,
Атаңдын тапкын дабасын!
Уйгурдан он бир эр келди,
Сени кармап алууга,
Азапка башың салууга,
Үйөр аккан сел келди!».
 Айтып оозун жыйганча,
Ойдон-тоодон жарышып,
Азаматтан бир тобу,
Манаска келип калышты,
Келди Манас мына деп,
Жабырашып айтышып.
Айтып алар салыптыр,
Кайта келген он бирдин,
Манас-Манас деген сөз,
Кулагына барыптыр,
Кайда Манас деген деп,
Издеп келип калыптыр.
«Манас бизге табылды,
Абийирибиз жабылды!
Азыр токтоп нетебиз,
Айдап алып кетебиз».
Ошону айтып ушулар,
Бая улуктан келген кишилер.
Көрүп таанып Жакыпты,
«Жашырынып калдың сен,
Эмне үчүн бу бизди,
Алыс жолго салдың сен.
Каршы экенсиң канга дейм,
Тетири жолго салууга,
Биз калабыз таңга дейм,
Катуу каар-казапты,
Салалыкпы сага дейм,
Адаштырып киргизип,
Арамзаңды билгизип,
Азыр сени соёлук,
Башыңа шири кийгизип».
Ушуну айтып чамынып,
Төртөө турду камынып.
«Байла муну азыр» – деп,
Басып келди жабылып.
Анда Жакып кеп айтат:
«Балдарым токто – деп айтат,
Күнөөм болсо балдарым,

Күндөңдү мага камдагын!
Шоктугум болсо балдарым,
Зоолуңду мага камдагын!
Дос кишини кас көрүп,
Биздин элди аз көрүп,
Өлүмтүк кылып салбагын,
Убалга бөөдө калбагын».
Айтып Жакып салганы,
Жакыптын болбой сөзүнө,
Жан деп илбей көзүнө,
«Кармап байлап салгын» – деп,
Жабылышып калганы.
Жанындагы баласы,
Жаалы катуу Манасы.
Сен он бир киши экенсиң,
Айтканыңа көнбөсө,
Анда кантет экенсиң?
Жүйө менен сөз менен,
Канеткенде байлаттык,
Көрүп туруп көз менен,
Катылба карган кишиге,
Кан кишиси болсоңор,
Көрүнгөндү карма деп,
Байкашканды байла деп,
Айранмын калган ишиңе!»
Ал сөздү айтып жаш Манас,
Арасына барганы,
«Муну кошо байла»! – деп,
Айгайды алар салганы,
Аны көрүп Манастын,
Ачуусу келип калганы.
Жаалы чыкты сөзүнөн,
Жалыны чыкты көзүнөн.
Бирөөн кармап оң колдон,
Бирөөн кармап сол колдон.
Бирөөн алды далыдан,
Бирөөн алды жакадан.
Төртөөн кармап турганы,
Көтөрүп жерге урганы.
Жана жетөө камынып,
Жекелөөгө жабылып,
Манаска колду салганы,
Ач арстандай чамынып,
Эки колго экөөнү,
Кошоктоп кармап турганы,
Ал төртөөн үстүнө,
Экөөн басып турганы.
Алтоо астына басылды,
Топурагы тозулуп,
Кармашкан жери казылды,
Берки турган бешөө да,
Манаска эми асылды.
Экөөн экөө менен урду эле,
Бирөө коркуп турду эле.
«Ичейинби каныңды?
Кыйнайыңбы жаныңды,
Мынча колум тийген соң,
Соо койбоюн баарыңды!»
Оң көзүнүн баарысын,
Оюп алып койгону,
Кармоого келген балбандар,
Жандарынан тойгону.
Оң кулагын култуйтуп,
Шыпыра кести мултуйтуп.
Мурунун кесип кеңкейтип,
Кыркып сакал, мурутун,
Коё берди деңкейтип.
«Кайда болот каныңар,
Кабарын айтып баарыңар.
Каардансам бир жолу,
Калбас тирүү жаныңар!
Как ушу сөзгө ынаныңар,

Токтобостон ыкчамдап,
Каныңарга барыңар.
Укканды айтып салыңар.
Улуу черүү жыйыңар,
Урушту мага кылыңар!
Тартынып коркуп калбасын,
Талкан кылып кармасын,
Так ошентип келбесе,
Табалбайт Манас чарасын,
Чаң кылгандай кол келсин,
Асман жердин арасын!
Бекер жаткан бенде жок,
Он бириң байлап кетем деп,
Оолугуп келген бу жерге,
Тырмактай акыл сенде жок.
Тирүү баргын өзүңөр,
Баштарыңа садага,
Кулак, мурун, көзүңөр.
Күйөр болсо кандарың,
Күрмөлгөн кошун камдагын!
Капилетке калбагын,
Баланчам болбой калды деп,
Калбасын ичте арманың!
Жекеге чапчуу баатырың,
Жер тыңдоочу капырың,
Жетик толук акылың.
Өнөр билген аярың,
Өчтөшкөндүн баарысын,
Өтүн жара саярың.
Күрөшчү чыкчуу бөкөңдү,
Күүлөп чыгар жекеңди,
Бычак салбай бычарым,
Бапылдаган текеңди!»
Ал сөздү айтып он бирин,
Миниңер деди атыңа,
Айтып баргын көргөндү,
Кандарың жетсин датыңа!
Кыраан Манас баатырдын,
Кыйырында турган чоролор,
Кыл дегенин кылышып,
Аттарынын көкүлүн,
Көзүнө ченеп кыркышып.
Манастын кылды буйругун,
Толорсуктан кыркышты,
Аттарын куйругун,
«Заманың болсун тар – деди,
Самаганың бар болсо,
Кандарыңа бар – деди.
Өзүңөр көргөн кордугуң,
Өчүңдү менден ал – деди.
Кечикпегин бат баргын,
Колуңдан оңой мен келсем,
Кошунуң арбын аткаргын!»
Айтып Манас ошону,
Узатып жолго салганы,
Карайлап жүрүп балбандар,
Кандарынын алдына,
Алтымыш күндө барганы.
Бир күн туруп жаш Манас,
Атасына кеп айтат,
«Эй, атаке кулак сал,
Ушу жолу талаадан,
Мен бир сонунду көрдүм –
деп айтат,
Талаада көргөн кырк киши,
Алардын кылгандарын көп айтат.
Айткан сөзү билинбейт,
Ар канча тыңшап турсам да,
Бир да бири бу менин,
Кулагыма илинбейт,
Алар кандай эл деймин,
Билген болсоң атаке,

Терип айтып бер деймин».
«Мен айтайын өзүңө,
Кулак сал балам сөзүмө,
Күн батыш жакта кулунум,
Эбегейсиз эң ысык,
Какыраган борчук таш,
Аккан суусу эң бир аз.
Как ошондой жер бар дейт,
Ошо жерди жердеген,
Арап деген эл бар дейт.
Медийне, мекке шаары дейт,
Адам жашап туруура,
Дүнүйөнүн тары дейт.
Ошол араб элинен,
Мухаммет аттуу бир киши,
Байгамбар болуп чыгыптыр,
Ислам деген динди таап,
Бүгүн араб элдерин,
Ошо динге жыгыптыр.
Куран аттуу бир китеп,
Жаздырыптыр Мухаммет,
Ислам динге киргенге,
Жүктөлгөн экен көп милдет.
Ал динге кирген адамды,
Мусулман деп айтылат,
Арабдан башка бир канча эл,
Ислам динине тартылат.
Ойно бала жаш чакта,
Эчтеме билбес мас чакта,
Ислам динин үйрөтүп,
Арабтан адам көп келген,
Ошо динди жайганда,
Тактадан кыргыз тайганда,
Келип калдык Алтайга,
Калганыбыз билбей ал динди,
Ал динди толук ким билди.
Талаада көргөн кырк киши,
Алардын кылган ал иши.
Бир күндө беш маал кылышат,
Ордунан эрте турушат.
Ал иштин атын намаз дейт,
Үзбөй кылса ал ишти,
Эки дүйнө жүзүндө,
Жакшылыкты табат дейт.
Кербенчиси арабтын,
Келип калган экен го,
Балам чыгып үстүнөн,
Көрүп калган экен го».

## МАНАС НҮКӨР ДӨӨНҮ ЖЕҢГЕНИ

Куралган эли кашында,
Жаңы келди жаш Манас,
Даана он беш жашында.
Дөөлөт кушу башында,
Атпай журтун баарысы,
Барып конгон жерлери,
Мамырдын кара сазында.
Айдың-Көлдү жакалап,
Жаш Манасты бакалап,
Өзөндү бойлой конушуп,
Өз алдынан болушуп.
Жандоого жаңы конушуп,
Жай-жайына болушуп.
Өлкөдөн уйлар өкүрүп,
Өтөктөн төөлөр бакырып,
Ар кайсысы ата уулу,
Ураандарын чакырып.
Атканы мылтык түз болуп,
Мыйзам учуп күз болуп.
Жан казаны жез болуп,

Жыргалчылык кез болуп.
Баш жагы Канкоо-Тоосуна,
Чыккан экен калайык,
Чаркастандын уусуна.
Алтай тоонун киндиги,
Асманга жакын бийиги.
Адамды билбейт кийиги.
Ар жагы Орхун суусу дейт.
Аягы Бар-Кол көлү дейт,
Түн жагы Ангир бели дейт,
Арасы жакын эркинче,
Аӊга ылайык жери дейт.
Аны ойлошуп калышып,
Азыкты арбын салышып,
Алгыр куштар алышып,
Түз мылтыгын асынып,
Отуздан, кырктан бастырып.
Очогор мылтык асынып,
Ондон, бештен бастырып,
Бүркүт алып шаӊшытып,
Тайгандарын кыӊшытып.
Арбып-дарбып дүрбөшүп,
Бирин-бири жүр дешип.
Аттанып чыгып алышты,
Чаркастандын оюна,
Бир жүз киши барышты.
Чатыр тигип, кош курап,
Тамашаны салышты.
Алтай тоодо Аӊыртты,
Ашып аны алышты.
Ар жагы Орхун дайра бар,
Марал-Кечүү бармакка,
Батыра чалгын чалмакка,
Агындуу Орхун дайрада,
Марал-Кечүү бар экен,
Башка жери жар экен,
Урган таштай койгулап,
Орхундун суусу шар экен.
Узап жолго салганы,
Ара конуп арага,
Акыры келген жери ошо,
Орхундан берки талаага.
Үч бөлүнгөн жер көрдү,
Эки жолу оӊ жакта,
Бир жолун анык сол көрдү.
«Бири терек, бири тал,
Жыгачынын көркү ушу,
Бир жыгачта миӊ уя,
Чынарынын көркү ушу.
Жакшы экен го жери деп,
Жаӊгел токой-чери деп,
Жандуунун баары барган окшойт,
Жабыр баян, шери дейт,
Алты күнү, беш күнү,
Аялдайлы теги деп.
Акылдаша калганы,
Аса байлап аттарын,
Көрпөчөсүн алышып,
Көк шибердин үстүнө,
Көлгүтүп жая салышып,
Көйкөлүп жатып калышып.
Эригип элик атышып,
Эс алышып жатышып.
Буурукса бугу атышып,
Буурукпаса жатышып.
Муну мындай таштайлы,
Эсенкандан баштайлы.
Эсенкан туруп кеп айтат,
«Калдай менен жайсаӊдар,
Жардыгым уккун деп айтат.
Манасты билип келүүгө,
Жиберген кишим жоголду,

Ушу күнчө кабар жок,
Баргандарга не боду.
Кырк беш төө бул менен,
Кыйла кишим жоголду,
Ушу күнчө жооп жок,
Аларга акыр не болду.
Алардан кабар табыңар,
Каяша кылган жан болсо,
Башын үзө чабыңар!»
Ошону айтып Эсенкан,
Аткарган экен канча жан.
Нүкөр деген башчысы,
Бир уруунун жакшысы,
Жолго Нүкөр салыптыр,
Бир миң черүү кол менен,
Марал-Кечүү жол менен.
Башчысы Нуукер зор менен.
Маңдайга келип калыптыр,
Байкап көрүп буларды,
«Алтайлыктын адамы,
Алдымдан чыгып калды» – деп,
Нукөр баатыр кубанды.
«Айтканыма көнсүнчү,
Ажалдуусу өлсүнчү.
Өлбөгөнү келсинчи,
Өзүмө жооп берсинчи.
Жүзүң азыр барыңар,
Жүр деп кабар салыңар,
Жүрбөйбүз деп тартынса,
Жүндөй сабап барыңар».
Нукер буйруп айтыптыр,
Жүз адам келип караса,
Орхундун суусу кириптир,
Башынан мөңгү бузулуп,
Жандоосунан караса,
Жайсаңдын суусу кошулуп,
Капкара болуп көрүнөт,
Кан жыттанып жоошулуп.
Токою калың зоолдап,
Тоосу бийик доолдап,
Тергеги шамадай сайылып,
Теңизден чыккан толкуну,
Кайың, талдын түбүнө,
Как тизеден жайылып.
Жаткан экен күркүрөп,
Жакын келген адамдын,
Тула бою дуркүрөп.
Нукер буюруган жүз баатыр,
Сууну көздөй келатыр.
Сууну көрүп алганы,
Сүрү кетип калганы.
«Адам аяк салбас – деп,
Аяк салган адамдар,
Аман тирүү калбас – деп.
Кечип адам болбос – деп,
Кечемин деп кирген жан,
Бери багып оңбос – деп.
Нукерге кайра сал – деди,
Бул жумшаган жүз кишиң,
Бири калбай өлөр – деп,
Барып жооп ал – деди.
Өкүм кылсаң кечели,
Ар кимдин жаны аялуу,
Өлүмгө кирип нетели»
Муну айтышып токтолду,
Барып айткан кишиге,
Карап Нукер октолду.
«Жалтанбасын суудан – деп,
Баш тартпасын чуудан» – деп.
Буйрук кылып ийгени,
Жүз кишиси бирдей тең,
Сууну көздөй киргени.

Бирден-бирден бөлүнүп,
Ар кайсысы ар жерде,
Өрдөктөйүн көрүнүп.
Ат жалдаган чыгышып,
Кийимдерин сыгышып.
Жыйырмасы агып өлүптүр,
Өлгөнүн көзү көрүптүр.
Сексени чыгып бер жакка,
Бая Манастар жаткан жер жакка.
Тал, токоюн аралап,
Бая жаткандарга каралап,
Жакын келип калыптыр,
Ат байлашып жаратып,
Арстан Манас суу жакка,
Адам койгон каратып.
Адамдар көрүп кайтыптыр,
«Жүздөй киши кечти – деп,
Манаска келип айтыптыр.
«Кылыч, мылтык бар жарак,
Келип кирди дайрага,
Бизди көздөй түз карап.
Улугу буйрук кылбаса,
Ушу сууну ким кечет,
Өкүмү катуу болбосо,
Өлүмгө туура ким кирет.
Айтканымды тыңда дейм,
Азат боюң чында дейм,
Азыр келип мында дейм».
Кароолчу көрүп кайтканы,
Баатыр Манас балага,
Кабарын барып айтканы.
«Атыңарды миниңер,
Алда кандай жан экен,
Аңдап сөзүн билиңер.
Эгерде душман көрүнсө,
Кың этпегин бириңер,
Кырылышка кириңер».
Манас айта салганы,
Айтып оозун жыйганча,
Нүкөрдөн барган сексени,
Буларга жетип барганы.
«Алтайлыкпы элиңер,
Азыр кайдан келдиңер?
Багып жүргөн малың жок,
Тигип жүргөн үйүң жок,
Соода кылган булуң жок,
Же, сонундан алган буюм жок.
Бүркүтүң бар, кушуң бар,
Адырмактан аң уулап,
Келген жанбы ушулар.
Нүкөр эрден барганы,
Ушуну айтып салганы.
Анда манас кеп айтат:
«Өөдө-төмөн сөзүңөр,
Өкүм менен жүргөндөй,
Ким болосуң өзүңөр?».
Манас сурап турганы,
Кыжылдаган кызыталак,
Буларды кудай урганы.
«Эсенкандын калкыбыз,
Кандай өлүм келсе да,
Качууну билбейт наркыбыз.
Башчыбыз биздин Нукер дөө,
Алыстан көрүп силерди,
Айдап кел деп жиберди.
Аттаныңар жүрүңөр,
Астына барбай койсоңор,
Аман калбас бириңер».
Ашыктырып ат мин деп,
Анталаткан чагы бар,
Арстан Манас баланын,
Сурар кеби дагы бар:

«Нүкөрдөн келген баатырлар,
Кабарыңды угалы,
Кандай түрдүү ишиң бар?
Алтайлыкка асылган,
Ким деген душман кишиң бар?»
Бу сөздү айтып салганы,
«Биз билбейбиз душманын,
Нүкөр деген улукка,
Көрдүк бизди кошконун,
Суудан кечип чыгыңар,
Кандай сөзү болсо да,
Нүкөр дөөдөн угуңар,
Чакчаңдаган бурутту,
Бала туруп жайдагыр,
Тике сүйлөп курутту».
Өткүр Манас балага,
Өкүм кыла калганы,
«Өлөсүң ылдам бастыр – деп,
Катуулап сүйлөп калганы.
«Айдап барчу сенсиңби,
Айдалып барчу менминби».
Ушуну айтып жаш Манас,
Ач албарс колго алганы,
«Барчу кишиң менмин деп,
Башын чаап салганы.
Башчынын башы чабылды,
Берки турган сексени,
Бири калбай жабылды,
Баарынын башын алганы,
Жеткирбестен бир демге,
Өлүм кылып салганы.
Аты, тонун жарагын,
Олжо кылды карагын.
Олжону бөлүп алышты,
Ойронду мыктап салышты,
Ошо бойдон былк этпей,
Булар ордуна түнөп калышты.
«Жүз кишиге нетти – деп,
Кайта бирөө кайрылбай,
Не жоголуп кетти» – деп.
Нүкөр дөө жатып алыптыр,
«Кеткеним келбей калды!» – деп,
Кейишке башын салыптыр.
Алар жатты аякта,
Булар жатты буякта.
Өйүз-бөйүз болушуп,
Өзөндү бойлой конушуп.
Нүкөрдүн колу ачыкка,
Кыйла иш болор ашыкпа.
Манастар жатат токойдо,
Азы, көбү билинбей,
Аңдаса көзгө илинбей.
Түн болгондо карашса,
Түтүн чыгат токойдон,
Жылдыздай болгон от көрөт,
Ар кайсы жерден аянттан,
Чыга калган ат көрөт.
Канча экенин биле албай,
Кабар угуп тил албай,
Капаланып Нүкөр дөө,
Казбай көргө кире албай.
Жүз кишиси жоголду,
Жүргөнү кайдан оң болду.
Санаадар болуп бул жатты,
Саргарып чыгып таң атты.
Добулбас үнү дүңгүрөп,
Жер солкулдап күңгүрөп,
Керней тартты бапылдап,
Сурнай үнү такылдап,
Туу көтөрдү калкылдап,
Асабасы жалтылдап.
Терек кыйып, тал кыйып,

Тегеренгис сал кылып.
Эки жүздөн байлады,
Элин суугa айдады.
Төрт бурч кылып ийиптир,
Токтолбой суугa кириптир.
Бөлөк-бөлөк кирбестен,
Суунун жайын билбестен,
Алар кирип алыптыр.
Бирин уруп бирине,
Убарага салыптыр.
Ушаланып ортодон,
Бир жүздөйү өлүптүр,
Калганы чыгып дайрадан,
Адамы калган, аты өлгөн,
Аты өлүп, кээси жөө болгон.
Сегиз жүзү барыптыр,
Айгайды Нүкөр салыптыр.
Калгандары жыйылып,
Бурканына сыйынып,
Баатыр менен балбаны,
Ар тарапка барганы,
Аралдагы аз киши,
Тегеректеп калганы.
«Кайсы калктан уругуң?
Кай жер болот туругуң?»
Чаңчаң деген да бирөө,
Шашыңкырап сүйлөдү,
Анда Манас кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Кетиремин саныңды,
Суу ордуна төгөрмүн,
Суурусам кылыч каныңды!»
Манас салды айгайды,
Жолдоштору баарысы,
Атка минип алганы,
Токтолуп алар калганы.
Нүкөр дөөнүн жагынан,
Кымкаар деген бир балбан,
Кылычын сууруп алганы.
Кыйкырып чыга калганы.
Чыгайын деп жекеге,
Камданып Манас калганы,
Ачууланып, күүлөнүп,
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Атка камчы салганы,
Кыйын Кымкаар баатырга,
Маңдайлашып калганы.
Көкчөдөн найза жеткени,
Көкүрөккө неткени,
Көк тулпардан Кымкаарды,
Көмө коюп кеткени.
Болот кылыч алганы,
Болжоң деген бир баатыр,
Колдон чыга калганы.
Ала мойнок аты бар,
Адамдан башка заты бар.
Болжоң келди күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Коломсокто огу бар.
Көтөн ооз көк бараң,
Милтесинде чогу бар.
Болжоң чыга калганы.
Болумдуусу эр Көкчө,
Буга каршы барганы.
«Кымкаарды кырдан салдың – деп,
Кызы талак сен бурут,
Кыйынсынып калдың – деп.
Кыйкырып келди Көкчөгө,
«Эр көкчөгө жетер деп,
Найза сайбай ок менен,
Мерт таптырып кетер» – деп.

Оӊдонуп Манас калыптыр,
Ак бараӊ менен бир атып,
Ойрон кылып салыптыр.
Аттан түшүп далп этип,
Болжоӊ баатыр өлгөнү,
Болжоп Нукер көргөнү,
Атына камчы салганы,
Чыдай албай акырып,
Чымырканып бакырып,
Нукер жөнөп калганы,
Сайганын зая кылбаган,
Жармашкан жоолор кыйрагын,
Жеткени эсен болбогон.
Эӊишкен жоолор сойлогон.
Арстан Манас баатырыӊ,
Аккула камчы салганы,
Нукөр дөөгө бет алып,
Маӊдайлашып барганы.
«Баатыр Манас нетти – деп,
Не балаа болуп кетти – деп,
Мен түшкөндө майданга,
Сен каяктан жеттиӊ – деп,
Эмне болуп кетти?» – деп.
Эр Көкчө айтып салыптыр,
«Калмактан Нукер чыкты деп,
Уктум эле мурунтан,
Кылымдан ашкан мыкты деп.
Аны көрүп алганым,
Жаным ачып калганым,
Ан үчүн келе салганым».
Айтып Манас салганы,
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Акырып кирип барганы.
Мылтык атпай, жаа тартпай,
Найза, кылыч көтөрбөй,
Эрдиги эмей неткени,
Ачууланып жеткени,
Айдаркан уулу Көкчөнү,
Акырган бойдон чоӊ Нүкөр,
Атынан жулуп кеткени.
Атынан жулуп алганы,
Апарып ташка уруугa,
Даярданып калганы.
Аны көрүп жаш Манас,
Аккула камчы салганы,
Айкырып жетип барганы,
Ат үстүнөн Нукерди,
Айдалыдан алганы.
Астында Көкчө баланы,
Алган бойдон албайтып,
Бала Манас колуна,
Экөө бирдей барганы.
Аттын коюп жалына,
Кайра чаап жаш Манас,
Жолдошторго барганы,
Кармаган колу карышып,
Калган экен Көкчөгө,
Карчытына жабышып.
Коё бербей туруптур,
Алып келип бу Манас,
Нукөр дөөнү жутуптур.
Жутпаганда неткени,
Жулуп башын кеткени.
Башын чаап салганы,
Нукөр дөөдөн калгандар,
Баары бирдей ат коюп,
Аламан деп калганы.
Берки турган кара көк,
Бет алган жагы болуп өрт.
Найза, кылыч алышты,
Желектүү найза жапырып,
Манастап ураан чакырып,

Аралашып калышты.
Айбалта башка шак этип,
Найза төшкө так этип,
Башка кылыч жарк этип.
Карсылдашты кошулуп,
Кара кан баштан жошулуп.
Тон тозулуп электей,
Тебетейдин астында,
Томуктай болгон курган баш,
Жошологон челектей.
Кабылан Манас акырып,
Каарданып бакырып.
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Алактатып бир четтен,
Асманга чаңын сапырып.
Акбараң үнү чаңырып,
Арстан Манас баланын,
Ач кыйкырыгы жаңырып.
Орто жери оюлуп,
Өлүгү тоодой мол болду.
Аркасынан бир жүзү,
Аралаш уруп салыптыр,
Алда канча жарадар,
Атка өбөктөп калыптыр.
Айнакул келди акырып,
«Жаралуулар туруңар,
Кошту көздөй барыңар,
Кошулушуп алыңар».
Ушуну айтып Айнакул,
Кыжылдаган калмактын,
Артынан түштү мына бул.
Кортуктун уулу Мажикбек,
Кайда жүрөт көп жоолор,
Качырып кууп жапырып,
Кандарын суудай сапырып.
Кылыч, найза салганы,
Качып калган калмактан,
Бир жүз ат сайып алганы.
Чалыбай кирди чаң салып,
Кыйкырык улуу чуусуна,
Чыдабастан калмактар,
Орхундун кирди чуусуна.
Ат жакшысын мингендер,
Ага түшүп бөлүнүп,
Аркы өйүздөн көрүнүп.
Чабал аттуу калмактар,
Чалкасынан түшүшүп,
Чабактай сууга сүзүшүп,
Жанынан үмүт үзүшүп.
Эзилген топо тапталып,
Этеги башка капталып.
Суу үстүндө сулайып,
Көк күрмө менен булайып,
Шалак-шулак этишип,
Шалкайып сууга кетишип.
Тебетейдей бөлүнүп,
Дарыянын үстүнө,
Тегеренип көрүнүп.
Соорусу чыгып томпоюп,
Соо кутулган кай бирөө,
Соолудук го деп сомсоюп.
Бир миң черүү кол келип,
Нукөр балбан зор келип.
Кыргынды кыргыз салыптыр,
Кыйратууга келгендер,
Жер майланып калыптыр.
Жер майланбай неткени,
Бир миң толук черүүдөн,
Эки жүзү араң кутулуп,
Эсенкан жакка кеткени.
Сегиз жүзү өлүптүр,
Өлгөнүн булар көрүптүр.

Ошо жерде ат, тонун,
Олжо кылып бөлүптүр.
Эң аяккы балдары,
Он бирден жылкы алганы.
Топону тоодой үйүшүп,
Топусун үйдөй жыйышып.
Күлүгүн тандап минишип,
Күрмөсүн тандап кийишип,
Күлкүгө бүгүн киришип.
Кош-колоңун артышып,
Кош аргамжы тартышып.
Аңырты белин ашышып,
Алтайдын түзүн басышып.
Келишти кайта элине,
Айдың-Көлдүн жээгине.
Баары келип калышып,
Баштан аяк иштерин,
Баяндап айтып салышты.
Камбар боздун үйрүнөн,
Кармап келип тогузду,
Баарын бирдей сойдуруп,
Жер очогун ойдуруп.
Ата уулдан түк койбой,
Алды Манас чакырып,
Укпай калган кай бирөөн,
Кайта баштан чакырып.
Келбегендер келишти,
Келип баары көрүштү.
Көгала майдан шиберди,
«Көңкү журтум отур» – деп,
Көк жалың айтып жиберди.
Тегерек тартып тең болду,
Ортосу ачык кең болду.
Кары, жашы баары бар,
Баатыр Жайсаң дагы бар,
Күлдүр, Калдыр беги бар,
Бала Мажик эри бар.
Аксакал Дөгөн кары бар,
Азып-тозуп баш кошкон,
Ар уруктун баары бар.
Алчын, үйшүн, найман бар,
Айдаркан баатыр кошо бар
Кыргыздан кары Саламат,
Кыпчакатардан Чечентаз.
Ногой уулу Жакып чал,
Нойгуттардан Акбалта,
Тотудан барган Токто бий,
Наймандардан Өмүрзак,
Жакын нтууган Акымбек,
Өткүрлөрдүн баарысы,
Ойлошкон экен акыл кеп.
Бердике басып безилдеп,
«Билермандар келгин» – деп.
Аксакалдуу каарысы,
Акылмандар баарысы.
Жыйылышып олтуруп,
Тамагын тартып болтуруп.
Карыя Жакып ортого.
Чыгып сөзүн сүйлөдү,
Тулку боюн күүлөдү,
«Көрүп калдык башында,
Эсенкандан кастыкты,
Акыл-эстен айрылып,
Делбе болгон мастыкты.
Баштагыдан бешбетер,
Эсенкан бизге жоо болду,
Эми мыктап бизге киришсе,
Алтайдагы аз элиң,
Аягы кайдан соо болду!
Учурунда көрөлүк,
Башка келген буйругун,
Басып калдык окшодук,

Ажыдаардын куйругун.
Эсенканга караган,
Санат жеткис эли бар,
Анжиянда Алооке,
Кайнаган калмак эли бар.
Самарканда Калдай бар,
Биз жай алганча далай бар!
Тукум калбай кырылып,
Тумшугубуз катпайлык,
Туйгун минтип жатпайлык!
Эсенкан туруп бир күнү,
Балакетке салбасын,
Балаа кылып калбасын!
Ургаачыңды күң кылып,
Таң атпаган түн кылып,
Эркегиңдин баарысын,
Таманга басып жүн кылып.
Сатыкка сатып кул кылып,
Зардалдын баарын өлтүрүп,
Зайыбыңды тул кылып.
Санабай малың айдатып,
Сайкашканды жайлатып,
Ата уулдан түк койбой,
Айдап жүрүп кырбасын,
Ар тарапка сайлатып.
Баарыңарга эп болсо,
Мен байкуш айткан кеп болсо,
Камаданып катуу калалык,
Капыс келсе зордукту,
Каяша кылып салалык,
Каза келсе бу башка,
Кармашып өлүп калалык!
Бу түгөнбөгөн Эсенге,
Сүрүшпөй кантип калалык!
Ушу турган көпчүлүк,
Ойлонуңар ошону,
Ойрон болгон Эсенкан,
Оңдурбаска окшоду!»
Айтып Жакып бу сөзүн,
Ортосунда токтоду.
Атпай турган көпчүлүк,
Айткан сөзүн угушту,
Акылдашып турушту,
Эстерине алышты,
Эчен душман үздүксүз,
Кол салып келген жумушту.
«Сактын саны калат – деп,
Саңыроонун ар качан,
Сайда каны агат – деп,
Байыртан бери карата,
Айтылып келген бу бир кеп.
Баарың турсун көзүңөр,
Акылга куп сыйымдуу,
Сак болсок деген сөзүңөр!»
Атпай журту буркурап,
Жер көчүрүп чуркурап.
Идерлүү жигит-азамат,
Эсебин эми алыптыр,
Эндекей жатып албаска,
Эстерине салыптыр.
Анда туруп Жакып чал,
Азаматтарга ат берди,
Аялдабай бат берди,
Тонсуздурга тон берди,
Топ толтура мол берди,
Кылыч, мылтык жарагын,
Баарын берди карагын.
Сан кара малын чачканы,
Азган-тозгон аз элдин,
Кабагын карыш ачканы.
Азаматтын баарысы,
Бедөөдөн тандап минишип,

Белине кылыч илишип.
Найзаны илип карыга,
Айбалта байлап жанына.
Соот, чопкут кийишип,
Жоолорду эске түшүрүп.
Очогор мылтык асынып,
Ойду, дөңдү бастырып.
Кадиктүү жолду чардашып,
Катарлашып жардашып.
Кароол менен чыңголду,
Кас кылчуу жоонун жолуна,
Кабат коюп салыптыр,
Кабарын уккан душмандар,
Кандай арга кылсак деп,
Карайлашып калыптыр.
Катылган кайдан оң болду,
Катыла келген душмандар,
Кайрылып үйүн көрбөстөн,
Кара жерге сомдолду.
Тутушкан кайдан оң болду,
Тутуша клеген душмандар,
Тура албай ушу дүйнөгө,
Тушунда жерге сомдолду.
Алтайдын жери жай болду,
Азып барган аз гана эл,
Азыркы күндө бай болду.
Кошулуп калмак эл болду,
Компондогон душмандар,
Өзүнөн өзү кор болду,
Ичтери толгон дем болду.

## МАНАС ЖОЛОЙДУ ЖЕҢГЕНИ

Үч-Аралдын башынан,
Каңгар-Тоого таянып,
Чыңголду чыңдап коюшуп,
Жатпады беле жай алып.
Калмактардын журтунан,
Жолой аттуу балбаны,
Бир миң төөгө чай жүктөп,
Жолго кирип калганы.
Сандап жаткан жылкыны,
Көңтөрүп Жолой алганы.
Эки жүз жолдош кашында,
Ушу кезде чоң Жолой,
Так отуз бир жашында.
Тийип жылкы алыптыр,
Кароолчу менен жылкычы,
Беттеше албай Жолойго,
Кабылан Манас балага,
Кабарын айтып барыптыр.
Угуп алып жаш Манас,
Доол согуп күңгүрөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрөп,
Керней сурнай тарттырып,
Айбатын жоого арттырып.
Кырк чоросу дүркүрөп,
Кыргыл баатыр күркүрөп.
Азыр жөнөп калганы,
Астын тозо барганы.
Арстан Манас баш болуп,
Аламанды коюшуп,
Эки жүзчө жолдошун,
Алты, бештен союшуп.
Бирин койбой сойгону,
Кара көзүн ойгону.
Жолой балбан калыптыр,
Жалгыз уруш салыптыр.
Ачбуудан деген аты бар,

Ал атына караса,
Айбандан башка заты бар.
Он эки карыш казандай,
Оң колунда күрсүсү,
Жылас болгон Жолойдун,
Айтып турган сөзу бул:
«Жашым жаңы отуз бир,
Бурут болбой жерге кир.
Эсенкан эсен турганда,
Эсиңди буркан урганда!
Куп силерден өлөрмүн,
Эгер өлбөй турсам мен,
Кутулганың көрөрмүн!
Кумга башың көмөрмүн!
Курумдай каның төгөрмүн!
Эске албадың сен бурут,
Эсепсиз калмак жанды сен!
Жерге кирген буруттар,
Качан башы ачылып,
Кандык тийип калдың сен!
Кара-Коён, Каспаңды,
Укпайсыңбы Эсенкан,
Дүнүйө жүзүн басканды.
Байың-Куюр жерим бар,
Бирөөнө миңиң чак келбес,
Сазаңшаң деген элим бар,
Уга, көрө олтуруп,
Не катылар демиң бар!
Эсенкан эсен турганда,
Көрөрмүн таңда күчүңдү,
Бооруңдан алып өтүңдү,
Жоготормун баарыңды,
Жоботормун карыңды,
Жоктугуңду билбейсиң,
Ой, сен бурут алыңды,
Неме койбой эркегиң,
Бордок койдой сойбосом,
Катын менен кызыңды,
Кан сыктатып койбосом,
Калкыңды койбой кырбасам,
Катының отун кылбасам,
Катын кылып кызыңды,
Агызам сенин жашыңды,
Бүтүрөмүн ишиңди,
Жолукпай жүргөн экенсиң,
Жоготуучу кишиңди!
Бата турган жай барбы?
Же, башка жакатан кол келип,
Айрып калар бай барбы?!
Калың калмак каптаса,
Бурут сенин өзүңө,
Кутулуучу шай барбы!»
Бу сөзду айтып чоң Жолой,
Күрсүсүн колго күүлөдү,
Анда Манас кеп айтат:
«Акмак айбан не дейсиң,
Айтарыңа сөз тапайсың,
Тантыраган кедейсиң!
Атың күлүк көрүнүп,
Абыдан качтың бөлүнүп,
Кайратың бар эр болсоң,
Кайтып келип мага уруш!
Каның калсын төгүлүп,
Кабыргаң калсын сөгүлүп.
Мактанасың көпмүн деп,
Жердеги өскөн чөпмүн деп.
Көп да болсоң соёрмун,
Кара көзүң оёрмун!
Калдайыңды чабармын,
Жайсаңдарың баарысын,
Жайнаган отко жагармын,
Эсенкандай каныңды,
Тирүүлөй жерге кагармын!»
Ал сөздү айтып акырып,

Ат койду Манас бакырып.
Айбатына чыдабай,
Каңкус тоону бет алып,
Качып Жолой калыптыр.
Астындагы Ачбуудан,
Балтыры өгүз белиндей,
Учканы сырттын желиндей.
Аккула менен закымдап,
Арстан манас жакындап.
Астындагы аккула,
Жаа огундай кыркырап,
Туягы тийген таштары,
Туш-тушунан быркырап.
Арам өлгөн Ачбуудан,
Аягы менен тик туулган.
Үстүндөгү Жолой дөө,
Атка кылды өкүмдү,
Өлөмбү деп өкүрдү,
Ач кайкаңга жеткенде,
Арстан Манас жаш бала,
Аркага найза батырды,
Кемердин четин жапырды,
Жолойдун шорун катырды.
Аркага найза мылгыды,
Аркан бою муздактан,
Ачбуудан аты ыргыды.
Аккула менен токтолуп,
Алышар жоосу жок болуп.
Кап сени деп сөз айтып,
Кабылан Манас кайгырды.
Өлтүрө албай калдым деп,
Манас кетти өкүнүп,
Жолой кетти өкүрүп.
Өкүрүп жолго салыптыр,
Жарадар болуп калыптыр.
Эсенкандын алдына,
Качкан бойдон барыптыр,
Манастан көргөн кордугун,
Айтып Жолой салыптыр.
«Туулган жери Чүй экен,
Турган жерим Көкө-Ноор,
Падышалык балбан деп,
Экикемин жеримден,
Эсенкан сурап алдың сен,
Буруттан көрдүм кордукту,
Көрүнө көрдүм зордукту!»
Эсенкан угуп алганы,
Айран азыр калганы.
Эсенкан турду кайгырып,
Акылынан айрылып.
«Кызы талак бурутту,
Бирин койбой кырбадык.
Айдап келип Алтайга,
Кулак коюп тыңдадык,
Манасты билип келүүгө,
Жибергендер жок болду,
Эми Жолойдун качып келиши,
Жүрөккө тийген ок болду!
Жаштайында жайратпай,
Кырчынында кыйратпай.
Ушу күндө ал Манас,
Чынар болуп алыптыр,
Ажыдаар, шерлерди,
Астын-үстүн салыптыр.
Алышып ал келбейт го,
Адам аны жеңбейт го!
Чабышып чарк келбей го,
Чабышам деген эрлерди,
Чарпым Манас жөндөйт го!
Алтайды конуш кылыптыр,
Азган-тозгон бурутту,
Баштарын кошуп Алтайга,
Акыр Манас жыйыптыр».

## МАНАСТЫН ҮЙЛӨНГӨНҮ

Арстан Манас айкөлүң,
Алтайда туулуп зор болуп,
Асылган душман баарысы,
Акыры түбү кор болуп.
Алтайда туулуп чоң болуп,
Ар кылган иши оң болуп,
Асыла келген душмандар,
Аргасы кетип сомдолуп.
Эсенкан баштап элейип,
Эсинен танып селейип.
Такталуусу делдейип,
Тажылуусу шалдайып.
Ааламга аты билинип,
Асылган душман бүлүнүп.
Алтайдагы аз элди,
Коргоп турган кезинде,
Айбаты катуу душманды,
Торгоп турган кезинде.
Эл болушкан калмакта,
Кайыпдаң деген жан экен,
Кайыпдаңдын колунда,
Бой жеткен кызы бар экен.
Кызынын аты Карабөрк,
Эч кызда болбойт андай көрк,
Он жети жашында,
Кары бою кундуз бөрк,
Оң чекеге кыйшайтып,
Сүлөсүндөй керилип,
Акырын сүйлөп суй салып.
Бир күнү Жакып кыбалап,
Карабөрк кызды көрүптүр,
Көргөндө көңүл бөлүптүр.
«Мен бийлеген кеп болсо,
Манаска кебим эп болсо.
Ушу кызды Манаска,
Үйлөндүрүп коёюн,
Толуктап тойду соёюн».
Муну ойлонуп Жакып чал,
Чоролорго кеп айтат:
«Чогулуп уккун – деп айтат.
Кайыпдаңдын кызы экен,
Ар мүчөсү түз экен.
Ушу кызды Манаска,
Алып берсем канетет,
Манаска бу сөз эп болсо,
Кайыпдаңдын өзүнө,
Жуучу салсак канетет?».
Жакыптын сөзүн укканда,
Макул болду чоролор,
Манаска сырдаш жоролор.
Баатырына барышып,
Атасынын сөздөрүн,
Баяндап айтып салышып.
Макул болуп Манасы,
Баласы макул болгон соң,
Жакыптын тынып санаасы.
Акбалта менен Дөгөндү,
Кайыпдаңдын өзүнө,
Айтып сөзүн Жакып чал,
Жуучулукка жөнөттү.
Акбалта, Дөгөн карпайып,
Кайыпдаңдын алдына,
Жуучулукка барышып,
Жигиттер атын алышып,

Кайыпдаңга жуучулар,
Саламдашып калышып.
Астына даам койгон соң,
Аш-тамакка тойгонсоң.
Акбалта сөздү баштады,
Бир баштан айтып таштады.
«Жуучулукка кордук жок,
Элчиликке өлүм жок,
Өткөн ата-бабадан,
Айтылып келген ушу сөз.
Ырыстууга жуучу,
Ырысы жокко доочу.
Айткан сөзгө көнүңүз,
Жуучу болуп биз келдик,
Карабөрк аттуу кызыңды,
Каалады Манас бериңис».
Анда Кайып кеп айтат:
«Кызымды Жакып кааласа,
Келин кылып берейин,
Калк атасы Жакыптын,
Дегенине көнөйүн».
Кайыпдаң макул болуптур,
Дөгөн менен Акбалта,
Кайыптан жылуу сөз угуп,
Көңүлдөрү толуптур.
Акбалта, Дөгөн каркылдап,
Курдашы Жакыпка келип,
Кабагы карыш ачылып,
Сөздөрүн айтып баркылдап.
Топтотуп малды айдатып,
Көкүлүнө баш аттын,
Табактай кебез байлатып.
Куда башы карысы,
Акбалта менен Бердике,
Айдаркан менен Саламат,
Дөгөн, Жайсаң дагы бар,
Толуп барды жамагат.
Куда түштү Кайыпка,
Кулдук уруп той союп,
Ай туякка бээ союп,
Аксары башыл кой союп,
Тоюна толкуп эл келип,
Толкуган дайра кол келип.
Кудалар кийит кийгизип,
Тойго келген жаш балдар,
Эттерин курга түйүшүп.
Бата кылып тарашып,
Жай-жайына карашып,
Кайыпдаңга Жакып чал,
Айры өркөчтүү нар берип.
Күйөлөп Манас келиптир,
Жеңе менен балдызга,
Жеңетайын бериптир.
Боло турган салттардын,
Бири калбай өтүптүр.
Түндүк үйдү көтөрдү,
Убактысы жетиптир.
Калың тойлор союлуп,
Ак ордо үйү тигилип.
Ак ордонун түндүгү,
Көтөрүлүп коюлуп.
Ак ордо жайы ушундай,
Уугун күмүш сулатып,
Керегенин порумун,
Кандай чебер кылган деп,
Көргөн жанга суратып.
Ак манат менен жаптырып,
Керегенин кобулун,
Күмүштөн накып чаптырып.
Ичин кызыл сырдаган,
Чийин жибек чырмаган,
Салтанытын көргөндө,

Жайсаң ырчы дегени,
Жалаң үйдүн порумун,
Жарым күнгө ырдаган.
Ак ордо үйүн көтөрүп,
Атилес, шай, дүрүйө,
Бериптир арбын дүнүйө.
Ак ордону бүктөтүп,
Атандарга жүктөтүп,
Карабөрккө Кайыпдаң,
Жоргодон тандап мингизип,
Торкодон тонду кийгизип.
Шөкүлө салып башына,
Бериптир себин ашыра.

# МАНАСТЫН ОРТО АЗИЯДАГЫ ОКУЯЛАРЫ

## АЛТАЙДАН КӨЧҮҮ ЖӨНҮНДӨ КЕҢЕШ

Бар-Көл, Тур-Көл көлү бар,
Баатыр Манас султандын,
Аңгемеси көбү бар.
Анжияңда Алооке,
Ага салган түйшүгүн,
Аяк жагын көрүп ал.
Аяк жагы кыргыздын,
Үч-Аралга жай алып,
Башкы жагы кыргыздын,
Енисей тоосун таянып.
Уксаң сонун ушу бар,
Ошо күндө колуңда
Орхундун дайра суусу бар.
Тууган жериң баары бар
Улук Манас баатырдын,
Манас аттуу шаары бар.
Мындан башка ар жерде,
Толгон белги дагы бар.
Арстан Манас туулгандан,
Алтайдын тоосун жер кылып,
Азган-тозгон элдерди,
Ар жерден курап эл кылып,
Асыла келген душмандын,
Ичтери толгон дем кылып.
Кырк чоро курап эр кылып,
Кысталаң салган душмандын,
Ордун кара жер кылып,
Алтайда турган кезинде,
Анжиянда Алооке,
Адиден ашкан каардуу,
Арстан Манас эсинде.
Алооке деген кыйын кан,
Алооке сурап турган эл,
Азапты башка тартышып,
Ачылбай оозу тыйылган.
Арстан Манас кабылан,
Бир күнү туруп ойлонуп,
Тура албастан токтолуп,
Арстан сындуу комдонуп.
«Алоокени чабам деп,

Ар жерден жыйган аз элим,
Аман турса колумда,
Алууга келер чамам» – деп.
Атакеси Жакыпты,
Чакыртып алып кашына,
Кызылдан кийип үстүнө,
Сарыдан ороп башына.
Арстан Манас баатырың,
Айбатын салып акырып.
Астыңкы эрди албайып,
Үстүңкү эрди далбайып.
Ал муруту сеңирдей,
Айбаты албарс темирдей,
Мурду тоонун кырдачтай,
Муруту чөлдүн камыштай.
Көзү көлдүн буткулдай,
Каарданып караса,
Көрүнгөндү жуткандай,
Ар мүнөзүн караса,
Ажыдаар болсо жуткудай.
Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Алды калың кара жер,
Жерлигинен түткөндөй.
Ай алдында дайранын,
Толкунунан бүткөндөй,
Обоодогу булуттун,
Салкынынан бүткөндөй,
Асмандагы ай, күндүн,
Жарыгынан бүткөндөй.
Көркү калча, көзү тик,
Көбүнө айтса сөзү тик.
Жолборс жүрөк, таш билек,
Жооруну калың жар кабак,
Жоругуна карап бак.
Кайраты кара түн болуп,
Бетинен чыккан ызгары,
Беш байпактык жүн болуп.
Кышкы кирген буурадай,
Кычырап тиши ун болуп.
Жаны калбай аянып,
Жатпай чыкты үч түнү,
Жалаң кылыч таянып.
Чыканак жерге салбады,
Чырым уйку албады,
«Тилимди билген журт болсо,
Тилим менен келсин дейм,
Тилимди билбей калгандар,
Тилмечи жооп берсин дейм!
Өзүмдү билген журт болсо,
Өзүмдү билип келсин дейм,
Өзүмдү бидбей калгандар,
Чакыруу менен келсин дейм!»
Кабар салды калкына,
Калың кыргыз жалпыга.
Үч уруу казак элине,
Жыйын болот деп айтып,
Алтайдын Арал көлүнө.
Бир жумадан бир жума,
Элди жыйып жуп жууда.
Атасы Жакып кары бар,
Акылмандын баары бар,
Чагоо менен Бердике,
Береңдердин баары бар.
Эл чечени Байжигит,
Айдаркан, Үмөт алда бар,
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Баары келген чагы бар.

Үмөт уулу Жайсаң бар,
Өлүмдөн коркпос көп жандар.
Билдин жүгүн кийгендер,
Бири миңге тийгендер.
Жарагын темир кийгендер,
Жалгызы санга тийгендер.
Башчысы Бакай кары бар,
Баатырлардын баары бар.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Кыраандын бири Кутунай.
Каратоко, Мажиги,
Камбардын уулу Чалиги.
Сары Үйшүндүн Сатайы,
Алчындардын Атайы.
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үмөт уулу Жайсаңы.
Аргындын Каракожосу,
Акылга дыйкан кошосу.
Бообек, Шаабек, Шүкүрү
Болор иште бикири.
Арбаңдардын Алтайы,
Акылмандын далайы.
Дөрбөңдөрдүн Төртайы,
Төп сүйлөгөн сөз жайы.
Төлгөчү кара Төлөгү,
Төгүн эмес өнөрү.
Агыдай далы көрүүчү,
Акыр заман оодарып,
Ашкере айтып берүүчү.
Топтун башы Токотай,
Эл белгиси Эламан.
Калк башчысы Калкаман.
Кайратына чыдабай,
Кабылан Манас баатырга,
Качып барган аркадан.
Сырттан Сыргак, Сереги,
Сырттан Манас баатырга,
Кысылса тийген кереги.
Көп башкарган Ыбышы,
Козголбойт аргез кылышы.
Алымдын уулу Алкең,
Баатыр Марак бар экен.
Караңгыда жол жүрсө,
Калың эли кол жүрсө,
Карсактын изин жаңылбас,
Кадыр, Жайнак, Шууту,
Калктан чыккан куусу.
Түн ичинде кол жүрсө,
Түмөн кыргыз жол жүрсө,
Түлкүнүн изин жаңылбас,
Түмөн, Жайнак, Шууту,
Түмөндөн чыккан куусу.
Казактардан Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу.
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү.
Бөрү жолдуу Бөгөлү,
Жоону алыстан көргөнү.
Ыраман уулу ыктуусу,
Эр Тазбаймат мыктуусу,
Жоо келгенде токтобой,
Алдын торой чыкчуусу,
Кара Түлөө, Кабыке,
Жаңгар уулу Жабыке.
Акбалтанын Чубагы,
Арстандын бири будагы,
Арстан Манас баатырдын,
Иш кылуучу убагы
Кырктын башы Кыргын чал,
Кыйланы жеңген дыңгыл чал.
Наабаттардын Калдары,

Ушул күнү жыйылган,
Атпай кыргыз балдары.
Баатыр Манас кеп айтат,
«Кеңешке келгин көпчүлүк,
Баарың уккун!» деп айтат.
Кылар ишти ойлонуп,
Кыргыз, казак курадым,
Ата мекен жер үчүн,
Аттансам деп турамын,
Акылмандын баарынан,
Ата-Мекен жериңди,
Баштан аяк сурадым.
Ата конуш жер экен,
Намысты калкым санайбы,
Ынтызар болдум алууга,
Алоокени кубалап,
Анжиян менен Алайды!
Туулмак бар, өлмөк бар,
Башка келген иштерди,
Өз тушунда көрмөк бар!
Алоокени карата,
Аттануудан тартынба,
Айтууга калсын артында!
Душманды сүрүп жапырып,
Туршбай баарын сапырып.
Аягың чыгар кишенден:
Анжиянды Алооке,
Алдым го деп ишенген.
Жүр-жүргө алып көчүрүп,
Издеймин журттун пайдасын,
Азганакай бул элиң,
Алайды канкор Алооке,
Анжиянга тургузбай,
Атпай кыргыз айдасын!
Ата конуш Алай бар,
Анжияндын борунда,

Азап тарткан бул күндө,
Ар уруудан далай бар.
Алооке кандын өзүндө,
Алтындан салган сарай бар.
Калмактан бизге эл болгон,
Катылып душман кол салса,
Кайрат берип дем болгон,
Ушундан көрдүк пайданы,
Тапсам дейм журтум айланды!
Казактан көрдүк жөлөктү,
Ар качандан бир качан,
Көрбөдүк го акыры,
Жакшылыктан бөлөктү
Кырка келип олтурсуң,
Кыргыздан чыккан кыйыным,
Кыйкырып сүйлөп турамын,
Кыңк этпейсиң жыйыным!
Жакканың айткын жакты деп,
Араң турган журт бардыр,
Алтайдан бизди какты деп.
Баш жагың Амур дария,
Кашымда азыр отурсаң,
Аз болгондо бу топто,
Алты жүздөй карыя,
Жакканы болсо жакты деп,
Жакпаганы жакпайт деп,
Айтыңарчы жарыя!
Алтайдын жери элге чет,
Ар канча десең жоого бет
Өзгө элге өкүм кылбаңар
Өчмөндүн болор түбүңөр,
Өткөн, кеткен сөзүмдүн:
Жаздымы болсо кечирип,
Сөз айтты Манас көбүнө,
Жайнаган Чалкар көлүнө.
Кыргыздын кыйла башы бар,

Кыпчактын чечен Тазы бар,
Айдаран, Жакып карысы,
Акылдашып калышты.
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Айбаты бар бөлөкчө,
Ордунан турду кеп баштап,
«Ой, калайык» деп баштап:
«Биринчиси жер пайда,
Билим керек мындайда!
Экинчиси эл пайда,
Эмгек кылып баш байлап,
Эл табуучу эр кайда?!
Кыргыз, кыргыз бул күндө,
Аркандаган ат өңдүү,
Айланып турбай Алтайда!
Ата мекен конушту,
Ойлогула буларды:
Эл калса да мен көчөм,
Ар-намысты кууган эр,
Алтайга карап турбайбы!»
Аны айтып Көкчө баалады,
Тунжурады кыйла журт,
Кубаттап Манас баатырды.
Көчмөкчү болду көпчүлүк,
Көңүлгө түшүп көп мүлүк.
Байжигит туруп кеп айтат:
«Байкаңар журтум!» деп айтат.
«Алтайдан көрбөй жазыкты,
Алты атаң өткөн Алтайдан,
Суурбайлык казыкты,
Мында киши койбостон,
Орун кылып Алтайды,
Озунуп кол салгандан,
Ойрондодун далайды,
Алтайга тынчып жатпастан,
Самадыңар Алайды.
Букарды көздөй көчүрүп,
Буздуңарбы басыкты!
Алтайың ээн калбайбы?
Артыңардан бир күнү,
Аша көп калмак барбайбы.
Кайда жүрөт казак деп,
Казакка кылгын казат деп.
Кайда жүрөт бурут деп,
Бурутту көрсөк курут деп.
Кыжылдап акыр келбейби,
Кызы талак бурутту,
Кыйраттыңар дебейби?
Кысырык бээ, семиз кой,
Кечилдер кармап жебейби!
Калкылдап турган калмактар,
Кайра басып калбасын,
Качып көчтү токтобой,
Казак менен бурут деп
Калбаны катуу салбасын!
Ойлонуңар баарыңар,
Улуу, кичүү – карыңар,
Чың ушу жерден көчүүгө,
Чайралдыңар баарыңар,
Кыйындык көрүп тынч албай,
Кыйналар бекен жаныңар!»
Байжигит айтып басылды,
Баары журту ошондо,
Байкады Манас баатырды,
Алтайдан көчүп кетүүгө,
Токтолду журттун акылы.
Эми сөздү коюңар,
Эт, кымызга тоюңар.

## ЭЛДИН АЛТАЙДАН КӨЧҮШҮ

Сойдурган экен ал күнү,
Сегиз жүз кой, сексен бээ,
Жай олтуруп тамак жеп.
Алып келди кызматкер,
Алты жүз чанач кымызды,
Арак ичип кай бирөө,
Аңгемесин кылышты.
Аксакалдын баарына,
Сары казы, кыйма жал,
Шарапка кошкон таттуу бал,
Сандыргалуу султандын,
Аңдап беришин аңдап ал.
Жал менен жая тарттырып,
Арганча соргок – опкоктор,
Алты киши тойгондой,
Аш аркасын арттырып.
Атпай кыргыз, казакты,
Ал күнү антип жаткырып,
Эртең менен нан ушта,
Ар түрдүү даам таттырып.
Ата уулдан калтырбай,
Аземдүү тондон жаптырып,
Айыл башчы аксакал,
Ал себептен Манастын,
Артында калды көп макал.
Топ башынын баарына,
Жоргодон тандап мингизди,
Жоо бөрүсү шер Манас,
Жоомарттыгын билгизди.
Ак сакалдар ат минди,
Арстандыгы билинди.
Үлүш тарап эл кетти,
Ошондо Манас канетти.
Аземин артык арттырып,
Алтын ооз кернейди,
Арылдата тарттырып.
Алтын доол кактырды,
Алтын кежим абайы,
Аргымакка жаптырды,
Алты жүз экен атаны,
Ак ордо үйүн арттырды.
Коколору көнөктөй,
Коңгуроолуу кара нар,
Колго көчү бара бар,
Козголгондо төрөңдүн,
Салтанатын караңар!
Жебилгеси жер читеп,
Жекеси баш жарып.
Кымбаты көп, арзан аз,
Кыз, келини кыял мас.
Алтайдын бети жоюлуп,
Аземдүү сулуу чоюлуп,
Алты миң, беш миң кошуну,
Ашуулуу төргө коюлуп.
Жылкынын баарын жыйнатып,
Жырынты менен аңырты,
Жык толтуруп жайнатып.
Жылдыздап сыртка салыңар,
Ала-Тоону кыдырып,
Ысык-Көл, Турпан арасын,
Тууралап алып барыңар,
Саламатты баш кылып,
Жылкычыларды башкар деп,
Ыманга бекем тапшырып.
Көрүктөн жылкы бөлгөнү,
Бөлгөнүн көзү көргөнү,

Малымдан мен да калбайм деп,
Кан Жакып кошо жөнөдү.
Бара турсун Манасың,
Барды Жакып жылкыга,
Жаш Абыке баласын.
Аны таштап салыңар,
Айдаркан уулу Көкчөнүн,
Кабарын угуп алыңар:
Улуу тоонун оюнан,
Орхун дайра боюнан.
Алты жүз атан арттырып,
Алтын доол кактырып,
Кошмок кара нарларга,
Коңгуроону тактырып.
Ырастап көчтүн түрлөрүн,
Испаны килем жаптырып.
Дүңгүрөтүп жылкысын,
Түпөктүү найза боз балдар,
Түрмөгү менен бастырып.
Тарбагатай кайда деп,
Күрмөлдүн ара талаадан,
Күрмөлтпөй жылкы айда деп.
Күн жүрүш жак жылдыз деп,
Алтайдан көчтү дүңгүрөп,
Атпай казак, кыргыз деп.
Каран калган жылкыны,
Кагып-согуп айда деп,
Каркыра, Текес кайда деп.
Аз гана эмес мол көчүп,
Ай жарымына жол көчүп.
Ысык-Көл, Иле арасы,
Каркырага жетпесе,
Басылбай Көкчө санаасы.
Кан Айдаркан жай алып,
Каптап келип жыгылды,
Каркырага таянып.
Иле, Текес калмагы,
Ырайым түрүн көргөн соң,
Жаңы тууган келди деп,
Өрүлүктөп барганы.
Аны таштап салыңар,
Кыпчактардын Үрбүнүн,
Алда кандай сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар,
Сапырылып сан кыпчак,
Туура басып Тур-Көлдү,
Турбай көчкөн көп эли.
Басып өтүп Бар-Көлдү,
Кыңгырдын жолун кыдырып,
Тарбагатай сыдырып,
Баштап кыпчак, кыргызды,
Басып өтүп Жылдызды.
Казактардан Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу.
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү.
Бөрү жолдуу Бөгөлү,
Жоону алыстан көргөнү.
Ыраман уулу ыктуусу,
Эр Тазбаймат мыктуусу,
Жоо келгенде токтобой,
Алдын төрөй чыкчуусу,
Кара Түлөө, Кабыке,
Жаңгар уулу Жабыке.
Акбалтанын Чубагы,
Арстандын бири бу дагы,
Арстан Манас баатырдын,
Агыяз башы бел менен,
Айдарым шамаал жел менен.
Ошо калды үйдү деп,
Оодук качан табабыз,
Ойрон болгон Чүйдү деп.

Кыпчактар жолго салыптыр,
Кыйла күнү жол басып,
Ысык-Көл келип калыптыр.
Кечүп өтүп Көт-Малды,
Кетилтпей айдап көп малды.
Чүйдүн башын таянып,
Жатыптыр Үрбү жай алып.
Ал жерде турган калмактар,
Алтымыш миң үй экен,
Алтымыш киши бай экен,
Кыпчактардан келгендер,
Кырк миңчелик киши экен.
Ысык-Көлгө тарашып,
Анда тургун калмактар,
Өрүлүккө жарашып.
Казак Көкчө, эр Үрбү,
Катары бирге болушуп,
Каркыраа тоо сабына,
Кара курттай толушуп.
Жата турсун жай алып,
Ала-Тоого таянып.
Аны таштап салыңар,
Арстан Манас баатырдын,
Анда эмне сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар:
Арбын экен көчкөнү,
Алтымыш миң үй экен,
Калмак менен кыргыздан,
Манас жакка өткөнү.
Аңдасаң анда кыргызды,
Азыраагы ашып Жылдызды,
Арбыны ашып Куу-Түздү.
Алты-Шаар тарабын,
Алда кандай жер дешип,
Атка катар болот деп,
Акылмандар кеңешип.
Бурбай ашып Муз-Белди,
Баштаган Манас бул элди.
Ак-Сайга жетип жай алып,
Ала-Тоону таянып.
Анжиян, Кашкар арасы,
Адырынан көрүнбөйт,
Алакандай талаасы.
Тоолору арбын, жери тик,
Токтолуучу жери жок,
Алооке жатат чоң душман,
Арстан Манас баатырдын,
Ал жерге жатар эби жок.
Сегиз ай алып тынчтылык,
Сергитип журтун тынч кылып.
Анжия менен Кашкардын,
Арасынды жайланып,
Аркы-берки жүргүнчү,
Токтолуп өтүп чайпалып,
Айбаты жетти далайга,
Айылы конуп Алтайга.
Сегиз айга карк толуп,
Эми Манас баатырың,
Серпише турган чак болуп.

## МАНАСТЫН АЛООКЕ КАН МЕНЕН БЕТЕШКЕНИ

Арстан Манас айкөлдүн,
Таамай отуз жашында,
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп салган жагы кызыл өрт.
Капчыгайдын жол менен,
Сегиз миң черүү кол менен,
Атасы Жакып зор менен.
Айбаты катуу эр менен,

Ат жүргүс кыйын чер менен.
Анжияндын тарабын,
Арстан Манас баатырдын,
Ар жоругун карагын.
Анжиян жаккы бетине,
Алоокенин элинин,
Аралап кирди четине.
Кан Жакып көчүн кондуруп,
Саадактын огун жондуруп.
Отуз-Адыр оюна,
Бөксө жолдун боюна,
Караптыр малдын жайына,
Айдап жылкы сугартып,
Кара-Кулжа сайына.
Айыл конуп, үй тигип,
Ар шайманын бүтүрүп,
Ата уулунун баарысы,
Алооке кыйын душман деп,
Азырланып күйүнүп.
Алар минтип алыптыр,
Алтымыш жигит кошчу алып,
Манас ууга барыптыр.
Кардуу бийик тоо менен,
Көз учкан бийик зоо менен.
Таш бийиги аскадан,
Тамашасын баштаган,
Кашындагы көп мерген,
Атканын аргез жазбаган.
Тоолуу-токой-чери бар,
Жолборс, илбирс, шери бар.
Ар тарабын чуу кылып,
Арстаның жүрдү уу кылып.
Буруштан атып бугусун,
Булардын көргүн жумушун.
Курбудан атып кулжасын,
Кубандырып курдашын.
Эчки, теке кийигин,
Эгиздин издеп бийигин.
Адырдан аркар үркүтүп,
Аяк, колун сындырып,
Артынан кууп мүргүтүп.
Кыйкырып чыгып бийикке,
Кызыгышып кийикке,
Тоого кетти баарысы,
Тогуз күн токтоп калышты.
Ак келте атып түздөшүп,
Адырдан аркар издешип.
Мылтыктан түтүн булатып,
Бугудан атып сулатып.
Олжо дешип мүйүзүн,
Олордун көргүн жүрүшүн.
Тамашага батышып,
Тандашып кийик атышып.
Эрдиги немей неткени,
Эрегишкен Алооке,
Эсен-аман жатканда,
Элебей ууга кеткени.
Баатырлыгы эмей неткени,
Басташкан жоосу турганда,
Байкабай ууга кеткени.
Кырандар чыгып бийикке,
Кызыгышып кийикке.
Тогуз күн тоого калыптыр,
Алар тоодо жүргөндө,
Толкуган кошун барыптыр.
Аларды таштап салыңар,
Адам уулу бас келгис,
Алооке деген каны бар,
Андан кабар алыңар.
Беш жүз миң экен чериги,
Беленденип калыптыр,
Бейпайды катуу салыптыр.

Туура жагы Коконду,
Журтун тамам которду.
Аяк жагы Маргалаң,
Асты койбой кол жыйып,
Атка токтоор калбаган
Кыштагы бир миң болуптур,
Кылымга саны толуптур.
Чоң-Анжиян, Созогу,
Чогулткан экен ошону,
Шаарга толгон өзөнү,
Эсепсиз эли өскөнү.
Арабанты, Күлүшө,
Анын баары күлдүү шаар,
Айта берсе жомогу,
Аңгемеси кыйла бар.
Кара-Алма бар, Кайкы-Бел,
Кыжылдаган калмак эл.
Көргөнгө сонун ушу бар,
Көк-Арт суунун бою бар.
Үйдүн үстү үй болгон,
Үйгө жери карк толгон.
Там үстүнө там болгон.
Талаасында чоло жок,
Кайнап калмак карк толгон.
Оюнда бар Самаркан,
Ошондо бар канча жан.
Оро-Төбө, Жызагы,
Ой, тоо толгон кыштагы,
Малдуусуна сан жетпейт,
Мал откоргон сырттагы.
Кожонт менен тузу бар,
Колго келген ушулар.
Кара туман калмагы,
Катуу душман келди деп,
Катуулап кабар салганы.
Карк алтын туусун көтөрүп,
Кан Алооке аштаптыр,
Каарын төгүп катуулап,
Калбаны арбын баштаптыр.
Баатыр менен балбанды,
Баарын жыйып алганы,
Бар Манаска деп айтып,
Тизелик деген баатырын,
Арага элчи салганы.
«Кордук кылбай элиме,
Коңбосун де жериме!
Болбос иш кылбай элиме,
Токтобосун жериме!
Эсенкандан качкандыр,
Эси чыгып шашкандыр.
Калк дүйнөсүн чачкандыр,
Кара жан алып качкандыр!
Каалайт экен кай жерди,
Өткөрөйүн жол менен,
Өзүм баштап кол менен.
Ысар менен Көлөп бар,
Бадыкшан менен Балык бар,
Мага турса Манастын,
Башына түшөр салык бар!
Маймун менен Кабул бар,
Мага келсе баш коюп,
Башкача сонун кебим бар!
Беттешип мени жеңе албас,
Беш жүз миң баатыр эрим бар!
Оолуксам ойрон кылармын,
Кара туман элим бар!
Сураксыз келип конгудай,
Оолугуп кандай деми бар!
Азыр берсин жообун,
Алайын арбын сообун.
Качканын айтсын жашырбай,
Каралык сөзүн ашырбай.

Жолун ачып шар кылып,
Жайлашып жолго салайын,
Жайын айтсын чын сырын,
Жан жолдош кылып алайын.
Бу жерге бекер келген жок,
Азып көчүп жүрүптүр,
Алтайда кыргыз элден жок,
Тууганынан айрылып,
Турарына жер таппай,
Туташ кыргыз кайгырып.
Жакшылык көргөн эли жок,
Жалгыз турар жери жок!
Турам десе жай алып,
Алоокеге таянып.
Баш болуп келсин Манасы,
Каралашкан канча экен,
Кашында жүргөн жоросу.
Атанга жүгүн деңкейтип,
Айылын не үчүн кондурат,
Анжиянга эңкейтип!
Эсенкандан качпаса,
Эси чыгып шашпаса,
Жыргалдуу киши бери жакка,
Жылдызды ашып качабы,
Акылынан шашабы!
Компоңдогон бурутка,
Койдой кыргын салбасам,
Парганага баш болуп,
Алооке болбой калбасам!
Тартынбай айткын кебимди,
Ар кандай Манас болсо да,
Тайдырармын эбиңди.
Арзан жоосу менминби,
Же ажал айдап келдиби?!
Сураксыз конуп жериме,
Чуулган салып элиме,
Чыйраксынып келиптир,
Кең Паргана жериме,
Көтөрүлгөн буруттун,
Көрсөтөмүн көзүнө!
Эки болсо биримин,
Бири болсо өзүмүн,
Угуп билип тез келсин,
Урматтап айткан сөзүмүн!»
Колун жыйып белендеп,
Кокус Манас келер деп.
Опузалап кеп сүйлөп,
Оолугуп сөздү көп сүйлөп.
Элчисин жолго салыптыр,
Элүү киши кошчу алып,
Эрдемсинип Тизелик,
Манаска беттеп алыптыр,
Малдын карап жайына,
Кан Жакып тоого калыптыр,
Бөксөдө конгон Жакыпка,
Бөлөк түрдүү адам барыптыр.
Сөз сүйлөшүп көбүрап,
Тизелик баатыр баш болуп,
Өңкөй баатыр шоодурап.
Жакыпка баса барыптыр,
Балдар атын алыптыр.
Учурашып бүгүлүп,
«Улук киши буда» деп,
Урмат кылып жүгүнүп.
Даяр экен меймандын,
Олтурарга оруну,
Оңдурбастай көрүнөт!
Ошолордун поруму.
Конок кылып жаткырды,
Конок ашын таттырды,
«Айылга душман келди!» деп,
Аркасынан Манастын,

Алты киши чаптырды.
Кайтамын деп ашыгып,
Айылга келген Тизелик,
Ат токунду түзөлүп.
«Азыр Манас келер» деп,
Ал күнү, кайра жаткырды.
Барды Манас баатырга,
Алты азамат чапкылап,
Ала-Тоодо жүрүптүр,
Аң кийигин аткылап.
Тоонун издеп бийигин,
Тосмолоп атып кийигин.
Кырга чыгып алыптыр,
Тосо көр бери кийик деп,
Туш-туштан айгай салыптыр.
Айгайды бийик салыптыр,
Арстан Манас баатырга,
Атасы Жакып жиберген,
Алты азамат барыптыр.
«Баатыр келдик мында деп,
Байкап сөздү тыңда деп.
Ашыгып келдик мында, деп,
Айткан сөздү тыңда деп.
«Алоокеден кол келип,
Аябай черүү мол келип.
Айылды басып карк толуп,
Алеңгири көп болуп.
Караса карап берсин деп,
Карабас болсо бир жолу,
Кармашар жерге келсин деп.
Элчиси келди элге» деп,
Эндиреп сүйлөп энтелеп,
Жүрүңүз – деп эртелеп.
Айылга келди арачы,
Алооке буруп ийиптир,
Алып кел деп Манасты,
Ашыгып сүйлөп барыптыр,
Аларга жообун бергенче,
Асты жакта курбудан,
Алда канча чубаган,
Арышын керип чураган.
Курсактары чалкактай,
Мүйүздөрү калкактап,
Көп бугу чыгып калыптыр.
Булардын сөзүн аңдабай,
Бугуну көздөй ат коюп,
Бууданга камчы салыптыр.
Аккелтенин түтүнүн,
Асманды көздөй булатып,
Аккула менен чуратып,
Тозмолонгон жолунан,
Алты бугу сулатып,
Минтип кетип калыптыр.
Бир артылмак бели бар,
Ушу күндө атагы,
Миң бугу деген жери бар.
Арбыган экен кийиги,
Анжиян, Кашкар арасы,
Ала-Тоонун бийиги.
Андагы аты Ара-Туз,
Азыркысын атагы,
Арпа деп айтат анык сөз
Арасында тоосу көп,
Аска бийик зоосу көп,
Тар капчыгай коосу көп.
Курбусунда кулжа бар,
Кайыптын баары мында бар,
Будурунда бугу бар,
Көрбөгөндүн муңу бар,
Дүйүм жыгач баары бар,
Жабыр баян дагы бар,
Кылыч куйрук тайбастан,

Кыйындардын баары бар.
Кабылан менен шери бар,
Ал кезекте Анжиян,
Калмактын калың эли бар,
Эгин менен малы бар,
Не турдуу сонун баары бар.
Аң уулаган киши жок,
Алаткак, жезит дагы бар.
Тумшугу жез киши бар,
Убара, чаркоо дегени,
Ал кезекте Анжиян,
Ар түрдүү сонун иши бар.
Адамноо-чыңроон,
Айтылгандын баары бар.
Жер жүзүндө кесенде,
Ар түрдүүнүн баары бар.
Азыркы жери ээн экен,
Арстан Манас баатырың,
Аңга ышкылуу эр экен.
Күн түштүгү жагында,
Ала-Канчык дээр экен.
Аңга кызып калыптыр,
Каралдынын тоосунан,
Карыя Бакай абасы,
Көмүрдөй кара кулжадан,
Көбүн атып алыптыр.
Марал менен бугу атып,
Баары адамын чуулатып.
Аркар мене кулжа атып,
Ар сонунду мында атып.
Кырк нөкөрү кашында,
Оён Манас баатырың,
Таамай отуз жашында,
Дөөлөт кушу башында,
Тура турсун аң уулап,
Ала-Тоонун кашында.
Аны таштап коюңуз,
Алооке деген каны бар,
Кабарынан болуңуз.
Тизелик эки конуптур,
Аң уулаган Манастан,
Кабар келбей коюптур.
«Келбеди сенин Манасың,
Кегимди сенден аламын.
Кетти паша Алооке,
Келбей койду Манас деп,
Кебиңди айтып барамын!
Соо калбайсың өлөрсүң,
Сонунду анда көрөрсүң,
Кызың катын болгондо,
Кыңк этпестен көнөрсүң,
Калкында болгон катын дейм,
Катынын болор отун дейм!
Как ошондо саргарып,
Улутунуп олтур дейм!
Укуругу шиш болор,
Унуткусуз иш болор!
Туурдугуң ичмек кылынып,
Туташкан журтуң кырылып.
Үзүгүң болор токулга,
Үшкүрүп карап отурба!
Түндүгүң менен чай кайнап,
Жүрбөгөн жерде көз жайнап.
Темирден кылган очогуң,
Ат така болуп ошонуң!
Тебеленип мончогуң,
Тепсенди да болбогун!
Батарыңа жайың жок,
Баш калкалар байың жок,
Алоокеге бу күндө,
Алышарга жайың жок!
Чамгарагың чагылып,

Элиңдиң баары чабылып,
Журтундун баары сабалып.
Көрө элегин көрөрсүң,
Жакшылыкча жарашпай,
Жамандыкка көнөрсүң!
Эркиң менен иш кылгын,
Ээн Алтай жериң жок.
Алоокеге чакташып,
Кайрат кылар демиң жок!
Алыңды кийин билемин,
Айдаган малдан үмүт үз,
Аманат жанын тилегин!
Манасың болсо биздики,
Аман калсаң сүйүнгүн,
Аманат жаның сиздики!
Аты Манас балаңды,
Асили көңүл тынчыбайт,
Ак үйлүү албай таштарга,
Ак үйлүүгө бербесең,
Балакети да жугар,
Мынабу турган жаштарга!»
Ал сөздү айтып Тизелик,
Абыкени көрсөттү,
Ак сакал болгон Жакыпка,
Тизелик айтып ар сөздү.
Кайтмакчы болуп калганы,
Карпаңдаган бул Жакып,
Кандан келген элчи деп,
Элүү желдет Тизелик,
Эстүүсүнүп түзөлүп,
Алоокеге барууга,
Айтып кабар салууга,
Арбын кошуп кол келип,
Айылын чабып алууга.
Кыргызын чаап таратып,
Кыйладан көзүн каратып.
Калкын чаап таратып,
Калмактын көзүн каратып.
Атпайга азап салмакка,
Ата уулдан калтырбай,
Жигит кылып алмакка.
Кыргызга кыргын салмакка,
Кыйындардын баарысын,
Кызматкер кылып алмакка.
«Бузулуп булар келгени,
Бурултуп бизге бергени!
Жеринен азган эл оңбос,
Жергеден качкан эр оңбос!
Жайынан качкан эл оңбос!
Жакындан качкан эр оңбос»
Баатырлык сөзүн кеп айтып,
Бара турсун Тизелик.
Көтөрүлүп мактанып,
Бара турсун Тизелик,
Алооке канга аттанып.
Беш жүз миң толук кол жыйып,
Бели катуу балбандан,
Беш мин балбан мол жыйып.
Ордого добул согулуп,
Ойроттун баары чогулуп.
Көзгө аткан мерген машынан,
Көп жалтанбас башынан,
Көңүлгө толук жакшыдан.
Айтууга даана чеченден,
Арбагы чыккан неченден.
Карысын коюп жашынан,
Аягын коюп башынан.
Как Алооке камданып,
Кара боюн тыңданып.
Барабанын кактырып,
Баш көтөргөн баарына,
Бат кел деп кабар чакырып.

Туу желектен көп болуп.
Тура турсун токтолуп.
Байрак, желек сан жетпей,
Бадырегиң Алооке,
Баасына башка кан жетпей.
Манас үчүн кекенип,
Манастан чочуп шектенип,
«Бул жерде арзансып,
Келгени экен мында» – деп,
Калдай менен жайсаңга,
Кан Алооке күүлөндү.
«Кара боюн чыңда!» – деп,
Алооке айгай салыптыр,
Азаматтын баарысы,
Азырланып калыптыр.
Баатыр Манас айылынан,
Балкыбек атту бир киши,
Анжиян шаарына,
Базарга малын салыптыр.
Булдап алып баарысын,
Бар керегин алыптыр.
Бакылдаган көпчүлүк,
Манасты чабат деген сөз,
Кулагына чалыптыр.
«Абыдан кыйын иш экен»
Чыгып алып шаардан,
Ашып-шашып чапкылап,
Жакыпка жетип барыпбыр,
Баяндап айтып көргөнүн,
Калтырбай айтып салыптыр.
«Эсеп жеткис эл көрдүм,
Нечен түрдүү эр көрдүм!
Жайыт жеткис жан көрдүм,
Азыркынын мазары,
Алооке деген кан көрдүм!
Конуш жеткис кол көрдүм!
Кошунун кумдан мол көрдүм,
Колун койдой айдаган,
Алооке деген зор көрдүм
Алачык үйдөй күрсү алган,
Ачууланса токтолбой,
Ала-Тоону бир салган!
Бир салып тоону жок кылган,
Алптын көрдүм сонунун,
Ар кандай кыйын порумун.
Турган экен Алооке,
Анжиян кылып орунун.
Күрсүлөрү бир үйдөй,
Күчтүүлөрдү мен көрдүм.
Ажыдаар айбаттуу,
Түстүүлөрдү мен көрдүм.
Аянбай чыгып майданга,
Түшчүлөрдү мен көрдүм!
Өлтүрмөккө Манасты,
Кекенгенди мен көрдүм,
Өкүм кылып урушка,
Бекингенди мен көрдүм!»
Эми кандай кылабыз,
Эмгекти тартып кыйлабыз,
Айылдаш казак эл да жок,
Ала-Тоо Алтай жер да жок,
Азыркысын аңдасак,
Азганда биздей бенде жок!
Болот капка-дарбаза,
Болгон экен чоң паша,
Карап турсак калаба,
Чыгат экен каргаша!
Жетип келет турбайбы,
Жең, этекке жармаша,
Кабарды барып ким берет,
Каңгырап кеткен Манаска,
Чабылып кетип биз калсак,

Калганга болдук тамаша!
Ким берет барып кабарды,
Кийикке кеткен Манаска.
Алып койсо Алооке,
Ааламга болдук тамаша,
Орхун дайра, Амурду,
Ошону жердеп тим жатсак.
Эндиретип бу бизди,
Эсенкан кылып аларды,
Кандай айла кылабыз,
Алоокеден биз эми,
Эсен-аман каларды!
Бар-Көл, Тур-Көл, Ала-Көл,
Башынан муну билген,
Казак менен кыргызды,
Калкты бүтүн ала кел!
Көчүп келип Алтайдан,
Көнбөгөн жерге барбайм деп,
Келбей калды кээ айбан.
Кызылдын боюн кыдырып,
Желбе кылып жылкысын,
Байжигит кетти Сары-Колго,
Ээрчиген киши жок болуп,
Эли калды токтолуп,
Маңкан, Кордой, Куштайга,
Баары калды кызайың,
Падыша экен Алооке,
Баштатан билбей мындайын!
Көкчөсү келди Илеге,
Көрүнгөн жерден чаппайбы,
Чачкын жаткан бул элдин,
Көп экенин билеби?
Алооке деген бул экен
Адамы арбын кум экен.
Алыстан бери жер кылып,
Анжиянда тур экен.
Аял-уял кылбастан,
Азыр келип чаап алса,
Армандуу дүйнө ушул экен!»
Көрүп барган Балкыбек,
Көбүнө айтты мындай деп.
Анда Жакып кеп айтып,
Кийигиң менен куруп кал,
Балакет болду деп айтып.
Душмандар жатса өч болуп
Өзүбүз жүрсөк көч болуп!
Конуш жүрсөк кор болуп,
Коркутуп келди элчиси,
Алооке деген зор болуп!
Алты киши жибердим,
Алда кандай заман деп,
Камыңды жедим силердин!
Асылган менен Алооке,
Кыргызды кайдан каратсын,
Кайгырбайбы калайык,
Билгени бардыр Манастын,
Мен барбасам болбоду,
Мерген болуп ойноду.
Аттанбасам болбоду,
Акыры бул иш оңбоду!»
Жакып айтып мындай сөз,
Уларбоз минип болкоюп,
Улуу тоого бет алып,
Барды Жакып золкоюп.
Кырдын баары кыйкырык,
Кыйла жол экен арасы,
Кыйкырышып аң уулап,
Кызыгып жүрөт Манасы.
Жалама таштар жаңырык,
Беш бугу деген бир жер бар,
Жанындан кийик табылып.
Ойдо-тоодо айгайлап,

Адамдар жүрөт жабылып.
«Токто Манас бери деп,
Жакып барды сабылып».
«Алтайдан балам көчүппүз,
Арман менен өтүппүз,
Көчкөндө балам өчүппүз!
Астыңдан жайган тор чыгып,
Али дагы атаңдын,
Арылбаган шор чыгып.
Элүү киши элчиси,
Элге келди ченчиси.
Токтобо деп жеримди,
Токтотор болсоң жеримди,
Болтуруп жигит алам деп,
Моюну жоон эриңдин!
Жердебе деп жеримди,
Чендебе деп элимди,
Жердер болсоң жеримди,
Ченетип жигит алам деп,
Жекеге чыгаар эриңди!
Оём дейт эки көзүңдү,
Ойлонгун айткан сөзүмдү!
Манас баштап келсин деп,
Кылууга жигит өзүңдү!
Элчи келди камдангын.
Не кылуучу ишиң бар,
Эртелеп акыл жамданган!
Үшүп кетип турамын,
Үмүт үзүп жандан мен!»
Айтып Жакып салганы,
Бакай баштап кубалап,
Марал менен бугу айдап,
Бадалга кирип алганы,
Байкабай атам сөзү деп,
Манас кетип калганы.
Кайтарып жооп бербеди,
Кандай сөзүң дебеди.
Кара шакка бет алып,
Атып бугу, маралды,
Бир жагын аска жаралды,
Аткылашып кийигин,
Адамдар андан тарады.
Жоноюл жондо турганда,
Соңунан Жакып барганы.
Манас жүрөт баш болуп,
Баары кийик атууга,
Калган экен маш болуп.
Санап ар бир жумушту,
Шайланып кеткен Жакыптын,
Сакалы ылдый жаш болуп.
Алтайга кетип акылы,
Ардеме ойлоп акыры.
Бар-Көлгө кетип көңүлү,
Көзүнүн жашы төгүлдү.
Атасы жердеп жүрсө да,
Анжиян көргөн жер эмес.
Акылдашып иш кылчуу,
Айланышкан эл эмес.
Бабасы жердеп жүрсө да,
Баяга Ала-Көл эмес.
Бастырып жүргөн бул тоосу,
Башта жүргөн тоо эмес.
Жер да чоочун, эл чоочун,
Бакырып Жакып токтоптур,
Манастын баары жолдошун.
Бакай менен Айнакул,
Баары токтоп турду бул.
Бакай, Кыргыл турганын,
Манас көзүн салыптыр,
Атам кандай жүрөт деп,
Байкап тура калыптыр.
Баркырап төөдөй бул Жакып,

Баласын айгай салыптыр.
«Элүүгө жашым жеткенде,
Эсимден бала кеткенде.
Көп ыйлап көзүм жашталып,
Көр жагыма башталып.
Наалып көзүм жаштанып,
Ак кепиним жазданып.
Туяксыз өтүп кеттим деп,
Өлөргө Жакып жеттим деп.
Түңүлгөндө көргөнүм,
Дүйнөгө калаар өрнөгүм!
Эриккенде эрмегим,
Эмгектүү Жакып кургурга,
Эс оогондо келгеним!
Карганда көргөн каралдым,
Артымда калаар карааным!
Сүрдүккөндө сүйгөнүм,
Тйгылганда таянчым,
Азап салдың атаңа!
Балаа салдың бабаңа!
Оңгон жерден не көчтүн,
Оңор барбы кылуучу,
Өчмөндүү жоого бет алып,
Өжөрлүк кылып туруучу?!
Өскөн жериң Алтайда,
Өрттөнүп кеткен Алооке,
Өксүтмөк болду далайды,
Ушул турган Анжиян,
Атабыз өскөн жер экен,
Алтайда туруп алышпай,
Адиден ашкан Алооке,
Ааламды баскан эр экен,
Ары-бери аңдасам,
Алтайда болсок эп экен.
Тууган болуп кошулуп,
Калмактан келген далай бар,
Каран калган Түркстан,
Үйрөнгөнчө далай бар,
Ээлеп калган эл көрдүм,
Өз жериме келтирбей,
Өкүмү күчтүү эр көрдүм,
Алооке элчи салыптыр,
Азапка атаң калыптыр.
Элүү жайсан кошчусу,
Тизелик деген башчысы,
Атайын келип алыптыр.
Мен өлтүргөн эмесмин,
Чоң бабасы Ногойду,
Баса конуп жериме,
Жакып деген бул бурут,
Тапкан экен оңойду,
Келсе менин жериме,
Кеңешип кирсин элиме.
Өкүмүнөн айрылып,
Өкүнбөс болсо турсун деп,
Улуктуктан айрылып,
Урушпас болсо турсун деп,
Манасын алам ак үйлүү,
Мага моюн сунсун деп.
Элчиси бизге келиптир.
Эмгек чогуу эриптир,
Ар шайманын мол кылып,
Алты түмөн кол кылып.
Көнбөгөнгө көнөр деп,
Көп чыгар менде өнөр деп.
Каяша кылган бурутту,
Казбай көргө көмөр деп.
Алган экен оюна.
Адамы кумдай толуптур,
Анжияндын боюнда.
Адам менен жык толсун,
Анжияндын бою деп,

Алакандай буруттун,
Абыдан болор тою деп.
Айтканы өттү мага дейм,
Алooке аман турганда,
Алтайга кайра барам дейм!»
Арстан Манас айкөлүң,
Кылая багып күлбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген,
Күнгүрөнө сүйлөгөн,
Күчү артылган дүйнөдөн.
Жакыпка көзүн салганы,
Жаалданып карады.
Сол бөйрөгү солк этип,
Оң бөйрөгү болк этип,
Жолборс моюн шылк этип,
Анда туруп бир күлдү,
Ал муруту былк этип.
«Кайда кондуң ата!» деп,
Кайраттанып айтты кеп.
Аң уулаган адамын,
Алды-алдыңдан барыңар,
Аяк-башың жыйгылап,
Кайта келип калыңар,
Отуз-Адыр башы бар,
Ушу күндө дагы бар,
Сексен акыр ташы бар,
Айылы конгон ал жерге,
Арбак конгон ал жерге,
Арбак конгон бул эрге.
Жакып баштап барганы,
Барганында Манастын,
Баштагы бейли калганы.
Арстандай түрдөнүп,
Ажыдаардай сүрдөнүп.
Аяк-башын жыйынып,
Азаматтын баарысы,
Үч күн, үч түн,алты күн,
Кошуну келди жайылып.
Отуз-Адыр оюна,
Орчун Көк-Арт боюна
Капчыгайга карк толду,
Канча түрдүү кол болду.
Кырк чоронун баары бар,
Кыргын чал, Бакай кары бар,
Кыйындардын баары бар.
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп салган жагы кызыл өрт.
Башка белги төрт болуп,
Бет алган жагы өрттөнүп.
Салтанаттуу сайкашка,
Санаты артык бир башка.
Аттанып алып шоодурап,
Арстандын баарысы,
Алooкеси кайда деп,
Адамдардан жол сурап.
Катылса канын төгөрбүз,
Каталдык кылса көрөрбүз!
Кас жоодон башын тартпаган,
Кайрылып кайта кайтпаган.
Ойротту бузган көп баатыр,
Улуу суунун боюнда,
Уюган кошун кол жатыр,
Ушуга бет болсок деп,
Умтулуп келет көп баатыр.
Алooке колу кыжылдап,
Кара курттай быжылдап.
Аралап жолго салыптыр,
Алардын түрүн көргөндөр.
Ааламда мындай болбойт деп,
Айран-азыр калыптыр.
Көлүктүн бели ийилген,
Көпкөк темир кийинген,

Бедөө тулпар аттары,
Бери заттай заттарды.
Ат чабым жерге ок учкан,
Алма баш мылтык атканы.
Асынып алган жаалары,
Аңдап көрсө алары.
Саадагы өгүз белиндей,
Астындагы сай тулпар,
Басканы сырттын желиндей.
Көрүп турган калмагы,
Көпсүнбөйлүк буга деп,
Албарс кылыч кында деп.
Арстанбы булар жолборсбу?
Манас баатыр бул болсо,
Жарашкан экен жолдошу.
Каарынан катылбай,
Айбатын көрүп асылбай,
Бардашын көрүп баталбай,
Көчөнүн бою жол болуп,
Көз кайкаган кол болуп.
Жыргаландын башында,
Алоокенин чарбагы,
Кара суунун кашында.
Улуу Анжиян учунда,
Арабанты тоосунун,
Учу кирген тушунда.
Алооке кандын сарайы,
Анын үчүн сарп болгон,
Арбын дүйнө далайы.
Соколдоп чоюн түптөгөн,
Дүнүйө малы түтпөгөн.
Кокок деген жемиш бар,
Өкөчү киши башындай,
Телегейи тегиз бар.
Алма менен жаңгагы,
Анжыр, курма бар дагы,
Аралап кирген адамдын,
Арылгандай арманы.
Мисте менен алча бар,
Биз көрбөгөн канча бар.
Жүзүмү жерде төгүлүп,
Коргондун коону сөгүлүп.
Аралап өтүп анысы,
Аңдап көргүн арстан эр,
Алоокеге барышын.
Сейил кылып Алооке,
Чыккан экен багына,
Олтурган экен ал күнү,
Падышалык тагына.
Чатыры сексен кубулган,
Жан жагынын баарында,
Сандыгач салган чуулган.
Сары барпы таңшыган,
Каңкулу чымчык каңшыган.
Булбулу сайрап таңшыган,
Булагы агып ташыган,
Миң түрдүү гүлдөр гүлдөгөн,
Милтелүү булбул сүйлөгөн,
Кызыгы артык дүйнөдөн,
Тоту куш куйрук сүйрөгөн,
Азем тоту деген бар,
Адамдын тилин сүйлөгөн.
Көлүндө бака чардаган,
Көргөн адам таңгалган.
Көгүндө күкүк сайраган,
Бир бирине окшошпой,
Миң түрдүү гүлдөр жайнаган.
Бирин койбой жыйнаптыр,
Бул дүйнөлүк пайдадан,
Атагы жок, аты бар,
Андан бетер көп жатыр,
Адамга пайда майдадан,

Багыптыр сексен кабылан.
Аземге күткөн айбанат,
Алоокеден табылган.
Бакмада элүү шери бар,
Байкабай кирген адамдын,
Барса келбес жери бар,
Тайбастан тапкан үчү бар,
Бир тайбастын өзүндө,
Токсон жолборс күчү бар.
Тарынак деген бири бар,
Падышалыкка бактырган,
Он бир кара били бар.
Кылыч куйрук баяс бар,
Кызыл аюу саяс бар.
Маймыл дарек деген бар.
Жабырбаян бир жандар,
Бил, керикти жеген бар.
Кериги бар, били бар,
Мамонуттан бири бар.
Жолборсу отуз төлдөгөн,
Ошолордун баарысы,
Бирин бири көрбөгөн.
Катын аюу кетелик,
Карышкырдан жүз баккан,
Ажайыбын нетелик.
Илбирси бар, чөөсү бар,
Желмаян айса төөсү бар.
Мүйүзү бар аты бар,
Бул дүнүйө жаанда,
Кулак уккан баарысын,
Күткөн экен каркы бар.
Хавз кылган көлү бар,
Ал көлүнүн ичинде,
Түрдүү балык көбү бар.
Алоокенин өзүндө,
Ар ишти билген аян бар,
Хавз кылган көлүндө,
Алтымыш кулач жаян бар,
Чоңдугу аттын башындай,
Салагын деген чаян бар.
Ажайыпка киргизген,
Алты жүздөй кулан бар,
Ар түрдүү булбул үнүнө,
Адам укса кубанар.
Ажайыпкана талаасы,
Айланасы шер коргон,
Ал коргонго багылган,
Ажыдаар деген балаасы.
Ажыдаар багыптыр,
Төрт жүз кулач узуну,
Жети таш жерден кишини,
Көзү көрсө оп тартып,
Жеп бүтүрөт ишин бу.
Угуп көргүн ушуну,
Бактырган экен Алооке,
Жалгыз канат кушту бу.
Куштун аты Өгөрөк,
Казылык деп дагы айтат,
Шалдыр кирпи деген бар,
Бака баккан чарадай,
Чулу сөөк тегерек.
Аркардан багып миң кылган,
Аземди андай ким кылган.
Кулжасын багып жүз кылган,
Аяк башы түшчүлүк,
Ар орунун түз кылган.
Маралды багып мал кылган.
Байкап көргөн кишинин,
Акылын жоюп дал кылган.
Маралы төрт жүз, кырк бугу,
Байкап көргүн сен муну.
Тоо кийиктен жетөө бар,

Жыйырма жылан кара мар,
Жылас болгон Алооке
Салтанатын караңар?!
Алтын комуз-домбра,
Колдоруна алган бар,
Дүйнөдөгү нааманы,
Түрдүү-түрдүү чалган бар,
Акын кыздан алтымыш,
Ар түрдүү оюн салган бар.
Ар бир мезгил учурда,
Буйругун угуп кайткан бар,
Адамдан берки болгонду,
Жомок кылып айткан бар.
Кыл тагылган кыягы,
Сулайман менен Шидаттан,
Кем көрүнбөйт сыягы.
Куралы деген жылкы бар,
Куйган чоюн туягы.
Дайрадан алган арыгы,
Айтылып келген жомоктун,
Андасаң ушул аныгы,
Намурут менен Искендер,
Төмөн эмес алардан,
Алоокенин калыбы.
Падышалык багы бар,
Бакка келип бу күндө,
Сейил кылган чагы бар.
Үйдөй күрсү көтөргөн,
Төгөрөктөн караган,
Төрт жүз балбан дагы бар,
Өлүмдү билбес баатырдан,
Алты жүзү дагы бар.
Акындар айтып жомокту,
Аңгемесин көргөндүн,
Акылын баштан жоготту.
Ырчылар ырдап ырларын,
Адам алын белгисиз,
Алоокенин сырларын,
Акыл жетип болжогус,
Ангемелүү чырларын.
Өлөңчү өлөң айтышып,
Өкүмүнүн ээлери,
Буйругун угуп кайтышып.
Аземи минтип артылып,
Бакка башаа киргенде,
Барпыраган кернейден,
Алты жүзү тартылып.
Кернейдин үнү бапылдап,
Сурнайдын үнү такылдап,
Көтөрүп ылаң байрагын,
Дүнүйө жүзү жаркылдап,
Кошуну жатыр жүз миңдеп,
Асабасы жалпылдап.
Найзанын учу жаркылдап,
Айбатын көргөн адамдар,
Барар эмес жакындап.
Сыбызгы, чоор ызылдап,
Жезнай үнү тызылдап.
Жезден кылып куйдурган,
Бил терисин чойдурган.
Каптатып билдин терисин,
Каккан болсо көчүрөт,
Маргалаңдын керүүсүн.
Узундугу үч кулач,
Үнүн уккан оолак кач.
Жоондугу үч кулач,
Доолбасын карап бак.
Казандай күрсү алганы,
Кагарда чабат балбаны,
Эгер чапса балбаны,
Жаман-жуман тамдардын,
Чыгуучу экен далдалы.

Ал доолбас кагылса,
Аманат айбан жыгылган,
Алты күндүк жерлерге,
Ашпай-шашпай угулган.
Доолбасы согулуп,
Кара калмак, тыргооту,
Шибе менен солоону,
Тыйпыл баары чогулуп,
Арстан Манас келер деп,
Кан Алооке күтүнүп,
Ар шайманын бүтүрүп.
Чоңдугу кунан өгүздөй,
Чагарактап куруп жүр:
Алты жүз кошуну,
Айбат менен сөз кылып,
Аркы-терки жүрүп жүр,
Кара аламан букара,
Кандай заман болду деп,
Жандан үмүт үзүп жүр.
Салтанаттык чатырын,
Паашалык бакка куруптур,
Кан вазири жакыны,
Кашында төрт жүз туруптур.
Ортон колдун шадысы,
Орто карыш билектей,
Билектерин караса,
Бир жоон челектей.
Күчү кайнап ташкандай,
Күрөшүүгө жан таппай,
Өз күчүнөн шашкандан.
Моюну бука белиндей,
Оп тартканда деми бар,
Улуу белдин желиндей.
Териси билдин теридей,
Төш жагын караса,
Дөбөлүү тоонун керүүдөй.
Кышкы кирген буурадай,
Кычырлап тишин чайнаган,
Кылып иер балаа деп,
Өрттөй көзү жайнаган,
Кишен салып аягын,
Күндө салып колуна,
Чынжыр менен байлаган.
Тогуз жүз экен балбаны,
Согушуучу адамдын,
Чыга турган далдалы.
Азыркысын ааламга,
Алдырбастай чагы бар,
Алты аяры дагы бар.
Алты миң киши тим баткан,
Саяпана чатыры,
Аргымак бедөө ат минип,
Он эки миң санаты,
Ордо багар баатыры,
Олтурган экен Алооке,
Ай ааламдын баарына,
Алдырбастай акыры,
Кыя тартпай тик барган,
Кыргыздын Манас баатыры.
Манастын жайын айталы,
Баштай түшүп кайталы.
Себлидүүсү сексен төрт,
Серп салган жагы кызыл өрт.
Бешке белги төрт болуп,
Бет алган жагы өрттөнүп.
Ааламдан артык сези бар,
Алооке түгүл ар жагы,
Намурут, Жамшит келсе да,
Ала турган кези бар.
Карала байрак сыр найза,
Карылыкка салгандай,
Ажыдаар жыланы,

Артынан сойлоп калгандай.
Көсөө куйрук көкбөрү,
Көкжал эрдин жөкөрү,
Артынан ээрчип алгандай
Асман жакы айбаты,
Алп кара куш арбайып,
Асмандан бутун салгандай.
Карабашыл ак буура,
Он капталдан туп туура,
Калжаң уруп качырып,
Кабактан чыга калгандай.
Каршы алдында көрүндү,
Кара чаар жолборсу,
Кабылан, жолборс, арстандар,
Канкор эрдин жолдошу.
Бири кабылан, бири шер,
Кашында бар сексен төрт,
Бири миңге тийген эр.
Алп кара куш арбайып,
Алоокени алчудай,
Асмандан бутун салыптыр,
Айбатын көргөн адамдар,
Айран казыр калыптыр.
Чагарак куйрук чаар тан,
Чамынганы соо болбос,
Шаңы чыгып сур жолборс,
Кыран Манас баатырга,
Кылапат айткан жан оңбос.
Аяр экен Алооке,
Алыстан көзүн салыптыр,
Айбатын көрүп баатырдын,
Айран азыр калыптыр.
Астында бар жыйырмасы,
Андис мерген жыласы.
Арстан Манас жолдошу,
Айтканын жазбас жолборсу.
Ата турган баштаныып,
Мылтыгын бетине алыптыр,
Кароолго көзүн салыптыр,
Кан Алооке бет алып,
Каптап кирип барыптыр.
Арт жагында жыйырмасы,
Ашкере баатыр жыласы,
Болот учтуу сыр найза,
Манасты көздөй сундуруп,
Доошу кулак тундуруп,
Оң жагында жыйырмасы,
Ойротту бузган жыласы.
Саадагы өгүз белиндей,
Зардабы сырттын желиндей.
Оройно огун чалыптыр,
Жаа тартуучу немедей,
Жандап жүрүп калыптыр.
Асты жагын караса,
Алты жол баштап,
Орот жерде кула атын,
Он эки жайсаң бош коштоп,
Жети желдет желдирип,
Жол ачкан деп бошбоштоп.
Доол согуп күңгүрлөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрлөп.
Толкуган көлдөй шарданып,
Токтолбостон жарданып,
Айбатын көргөн адамдар,
Акылы кетип танданып.
Арстан Манас барыптыр,
Айбатынан чыдабай,
Алооке сындуу зор паша,
Тагынан түшүп алыптыр.
Башын ийип бүгүлүп,
Калмагынча жүгүнүп.
Чатыры жакка жол берип,

Учурашып кол берип.
Аярлык көзүн салыптыр,
Айбатын көрүп Алооке,
Айран азыр калыптыр.
Кирпиги жалын, көзү чок,
Кишиде мындай сонун жок.
Айткан кеби аткан ок,
Адамда мындай сонун жок.
Айбат менен караса,
Ажыдаардын түсү бар,
Кирпигине караса,
Курч албарстын учу бар,
Бир өзүнүн башында,
Миң балбандын күчү бар.
Жолборс маңдай, таш жүрөк,
Жооруну калың бил билек.
Кыр мурундуу кызыл көз,
Кыйгач каштуу заар сөз.
Айбат сакал, тик мурут,
Ачууланса каарына,
Турар эмес жан туруп.
Жалжайган ооз, жар кабак,
Жаалы катуу көрүндү,
Качырганы соо болбос,
Каары катуу көрүндү.
Акылы терең, ачуу кем,
Айткан сөзү, журтуна эм.
Алооке деген кан экен,
Акылы терең жан экен,
Аярлыгы ашынган,
Сынчылыгы бар экен,
Башка журтка баш бербес,
Тыңчылыгы бар экен.
Көрдү көк жал Манасты,
Көрүп туруп Алооке,
Акылынан адашты.
«Найза жанчып, ок атып,
Алуучудан көрүнбөйт,
Кармашканы соо болуп,
Калуучудан көрүнбөйт!
Беттешкени мерт болуп,
Кетүүчүдөн көрүнөт,
Талабына тартышкан!»
Алоокенин акылы,
Аңдап туруп мүнөзүн,
Башынан кетти акыры.
« Катылбайын кол салып,
Кара жанга зор салып,
Баштабайын буга уруш,
Балакетке жол салып.
Ажайыпта шерлер бар,
Айдап кийирип жиберсе,
Аш кайнамда жеген бар,
Баарысынан кыйыны
Жабыр баян деген бар.
Көрөмүн десе окустан,
Көңүлдөнсө кокустан.
Барса келбес жолуна,
Баарын кийирип иейин,
Кабыландар жеген соң
Калган мунун элине,
Эрким менен киреин».
Көөнүнө муну алыптыр,
«Ажайыпты көрсөм деп,
Көкжал эр айтып салыптыр.
Аш-тамакка карабай,
Алсырады каныңыз,
Аш ич дээрге жарабай.
Айбалтасын таянып,
Арстан Манас жөнөлдү,
Айбалтанын чокусу,
Анча-мынча чарадай.

Барса келбес жолуна,
Баары басты сексен төрт,
Баатырынын соңуна,
Туш-тушунун баарысы,
Темир коргон тешиги,
Капкасы бар жетимиш,
Карап ушу сөзүнүн,
Маанисине жетиңиз!
Панжаралуу тешиги,
Башын салган соо болбос,
Бирине бири жете албай,
Күркүрөп жаткан көп жолборс.
Темирден салган дубалын,
Тешиктен киши көрүнсө,
Алып жесем муну деп,
Термелтер эле буларың.
Темирди келип кажышып,
Чыгып тышка кете албай,
Көрүнгөн жанга жете албай,
Урунуп жүрүп тажашып.
Калуучу экен токтолуп,
Карaанын көрсө кишинин,
Качыруучу экен октолуп.
Панжарага жетүүчү экен,
Башы менен бир тийип,
Кайра басып кетчү экен.
Кабылан Манас барыптыр,
Капкасын ачып алыптыр,
Бир башында миң жаны,
Болсо бири калбас деп,
Көчөгө ийрип салыптыр.
Качты жолборс баатырдан,
Катылары болбоду,
Кармап алып кай бирөөн,
Куйруктарын толгоду.
Жолборстор турду жыйылып,
Башын ийип баатырга,
Ишарат кылып сыйынып.
Жолборс түгүл тайбасы,
Анык бүгүн ачылды,
Алоокенин пардасы.
Кылыч куйрук шери бар,
Кылайган тирүү калбаган,
Кыйынырaак жери бар.
Мамонт жаткан ору бар,
Башты өлүмдөн тартпаган,
Манаста мындай порум бар.
Айбан экен ашкере,
Напси кылды бул эрге.
Качырууга камданды,
Качырып башын саларда,
Кабылан Манас кармады.
Кулагынан алганы,
Куйругунан кармады,
« Кутурган кандай жансың деп,
Көтөрүп жерге салганы.
Алтымыш кулач узуну,
Алтайдын карсак түлкүдөй,
Айлантып башынан,
Урду жерге ушуну.
Жети тамын кулатып,
Мамонт тийген тушуну.
Өлдү Мамонт сулайып,
Жарылып ичи булайып.
Жырткычтын бирөө карабай,
Сексен төрт жүргөн адамды,
Көрдү Алооке ушунда,
Башына түшкөн заманды.
Агулук деген башчысы,
Айбанатка жем берип,
Ар качан күтүп бакчуусу.
Ачыгып турган айбандар,

Агулугун талады,
Бөлүп кетип жолборстор,
Алакандай калбады.
Алооке карап сыртынан,
Акылынан танганы,
«Ай бир айла болбойт!» деп,
Наалып айгай салганы.
Жабырбаян жандары,
Жалгызы кылбай жамандык,
Жандарын тилеп калганы.
Тайбас, кылыч куйругу,
Жалпы турду токтолуп,
Залал кылып кол салып,
Катылары жок болуп.
Кабыланы, шерлери,
Кандай кыйын жерлери,
Кашында жолдош сексен төрт,
Катылып бери келбеди.
Кырк уруу экен уругу,
Жалпы жырткыч ичинде,
Жабыр баян улугу.
Баары бакма жандары,
Айбандан айбан ал экен,
Мамонт деген зангары.
Илбирстей иттей иргешип,
Ичинде жүрөт эр Манас,
Бир күнү кечке кеңешип.
Канча жүрсө айбанат,
Катылганы болбоду,
Карап туруп Алооке,
Капалыкка толгону.
«Ажыдаар бар көрсүн деп,
Айгай салды тышынан,
Ажыдаар жутаар бекен деп,
Үмүт кылды ушундан.
Токтолбой Манас барганы,
Адамча айтып саламды,
Ырайымын салганы,
Жетип барып эр Манас,
Желкесинен кармады.
Сүйрөгөн бойдон чыгыптыр,
Көчөдөгү адамы,
Көрүп качып чыгыптыр.
Бошогон соң ажыдаар,
Зыркыратып ышкырды,
Бакмадагы кулундар,
Баары да үркүп бышкырды.
Падышалык чарбакка,
Ажыдаар сойлоду,
Алиги турган Алооке,
Арстан Манас баатырды,
«Не жан бу!» деп ойлоду.
Айбан жырткыч баарысы,
Залал кылбай койгону.
Өлүм түшүп оюна,
Улук паша Алооке,
Өз жанына тойгону.
Ажыдаар кетти жайына,
Аттуу киши көрүнгүс,
Сойлогон жери коо болду,
Барганы соктун тоо болду,
Тоого барып жоголду,
Ажыдаар сокту деп,
Сок атагы ошо болду,
Алооке жыйган үстүнө,
Алты жүз миң көп колду,
Урушуудан баш тартып,
Ушундай ишин көргөн сон,
Алооке алы жоголду.
«Урушуп ушум келбейт го,
Ушу дүйнө жыйылса,
Бул Манасты жеңбейт го!

Атышып алым келбейт го,
Ааламдын баары жыйылса,
Акыр муну жеңбейт го!
Ал көрөчкө Манаска,
Акылдашып көрөйүн
Амандык тилеп кеңешип,
Айтканына көнөйүн!»
Оюна муну алыптыр,
Ордо кана чатырга,
Ал күнү кайта барыптыр,
Заар салам ашка деп,
Санаасына алыптыр,
Сандыргалуу төрөгө,
Сын көзүн чындап салыптыр.
Айта берсе жомогу
Аңгемеси кыйла бар,
Алооке берчүү уусунан,
Манастын ичи артык заар.
Заар өтүүчү жери жок,
Жаман жоодо жүрөм деп,
Шашуу деген кеби жок.
Аргасы кетти Алооке,
«Куп көрдү өлчөп мен өзүм,
Жалын кылып жаратып!
Койгон экен го көзүн!
Катылбастан калайын,
Караттым дүйнө далайын,
Канга забын болбостон,
Кайтарып жолго салайын,
Катарлаш туруум да болбойт,
Кара жаным куткарып,
Каспанды көздөй барайын!»
Оюу терең Алооке,
Ойлоноюн иш деген,
Ар түрдүү санаа ой ойлоп,
Амандыгын издеген,
Кабылан Манас баатырды,
«Коносузбу сиз» – деген.
Ээси жоосун байкабас,
Баатырлык менен күчүнө,
Өз боюна болгон мас.
«Кономун» – деди баатыры,
Конок ашка Алооке,
Даярданды акыры.
Саясы салкын терек бар,
Сандыргалуу Серек бар.
Анда Серек мындай дейт:
«Алооке кылар конокту,
Алоокеден аш жесең,
Арбыттыңар домокту!
Аш жегенди коюңар
Малынан алып союңар,
Өзүбүз колго бышырып,
Өлчөө менен тоюңар».
Ал сөзүн макул алганы,
Аксакал Бакай абасы,
Алты бээ, төрт өгүз,
Он мал салык салганы.
Тандап туруп семизин.
Алып калды сегизин.
Сегиз малын союшуп,
Сексен төрт кишилер,
Этке мыктап тоюшуп,
Жатышты жайлап конушуп.
Эртең эрте туруптур,
Алоокөнүн ордого,
Булдурсунун уруптур,
Аяк башы Анжиян,
Бири калбай угуптур,
Алты жүз миң кошуну,
Бири калбай аттанып,
Майдан тартып туруптур.

Кармасак дешип Манасты,
Алоокөнүн баатырлар,
Бул санааны санашты,
Манасты кармап алууга,
Мыктысы жолду талашты.
Кол башчысы Түкүрүк,
Ач арстандай бүгүлүп.
Манасты байлап алууга,
Барды Алооке канына.
Алоокеге жүгүнүп,
Түкүрүк айтат мындай деп:
«Уруксат берсең өзүмө,
Ушуну азыр тутайын,
Узатып тирүү жибербей,
Ушу бүгүн жутайын!
Кезеги келди тутайын,
Кетирбей бүгүн жутайын!
Мыкты болсо миңдиктир,
Күчү болсо бирдиктир.
Жырткычтан болсо жолборстур,
Көпчүлүк камап кирген соң,
Жолборста аман болбостур,
Арстан болоор, шер болор,
Мен киргенде кол салып,
Оңдурбасмын акыры,
Оруну кара жер болор!»
Ал сөздү айтып Түкүрүк,
Алоокеден өтүндү,
Алда канча жүгүнүп.
Кан Алооке кеп айтат:
«Кандай жансың?» деп айтат.
«Баарын бекер көрбөдүм,
Бирге жүргөн бүлөсүн,
Баарысынан өткөрө,
Манастын көрдүм көздөрүн.
Сайса найза тешпеген,
Эр-азамат көрүнөт,
Чапса кылыч кеспеген,
Керемети көрүнөт.
Мылтык атса, ок өтпөс,
Эремети көрүнөт,
Отко жакса чок өтпөс,
Керемети көрүнөт,
Кирпиги жалын, көзү чок,
Кишиде мындай сонун жок.
Ажыдаар айбаттуу.
Ач арстандай кайраттуу.
Кишиси бар сексен төрт
Бет алган жагы кызыл өрт.
Кошун башчы Түкүрүк,
Урушууга Манаска,
Мага турсуң жүгүнүп,
Мен турамын түңүлүп.
Атын угуп Манастын,
Чоочуп эсим чыккамын,
Чакырсам келди тарынтпай,
Көргөндө чочуп ыктадым!
Алты жүз миң кол жатыр,
Аңдап көрсөң баарысы,
Ааламды бузган көй баатыр
Алты жүз миң колуңду,
Алты адамча көрбөптүр,
Аял-буял кылбастан,
Бизди көздөй жөнөтүп.
Калың черүү жатат деп,
Капарына албаптыр,
Кайнап жаткан кошунду,
Киши деп көзүн салбаптыр.
Кырк алты жыл кан болгон,
Кылганы журтка даң болгон,
Алооке деген мен элем,
Акыл, айлам менин да,

Бир кишилик эр элем!
Манас келди кечээ күн,
Бар мүнөзүн көргөн соң,
Башыма түштү кара түн!
Үмүтүм көрүп үзүлдү,
Акылым кетип кысылды.
Айран калып турамын,
Сенин кайрат сөзүңдөн,
Ушу күндө учуптур,
Каңгайдын жери көзүмдөн,
Чылгый айран таң калдым,
Чыйрак айткан сөзүңдөн!
Конду Манас бакчага,
Коё бергин ага деп,
Өтүнүп менден какшаба!
Зыяпаткана чатыр бар,
Падышалык тактада
Барсаң Манас баатыр бар.
Биздер койгон кечээтен,
Кызматкерден кыркча бар,
Кыйынсынбай Түкүрүк,
Бул кебимди тыңшап ал!
Кызматкерге кошулуп,
Кыран эрге көзүң сал!
Байкап көрүп сен өзүң,
Келер болсо колуңдан,
Кетирбестен байлап ал!
Келдесин чаап жайлап сал!
Келер болсо колундан!
Керденкеч тартып не турам!
Алар болсом ал келип,
Айнып коркуп не турам!
Каңк этсек кыргын салар деп,
Кыпчынып араң турам!
Оолукса ойрон салар деп,
Ойлонуп коркуп мен турам!
Акылың жок Түкүрүк,
Айтканың арсыз сөз окшойт,
Ар мүнөзүн карасам,
Алуучунун өзү окшойт!
Карап бер десе карасам,
Кармашар элем мен дагы,
Өлтүрүүгө жарасам.
Өлтүрөм деген өлгөндөй,
Сексен төрт турат ушунда,
Жүдөбөстөн ар бирөө,
Жүз миңден колду болгондой.
Алты миң кол жайса,
Көзүн көрүп олтурсуң,
Аралап келип калганын,
Өлбөсөк дагы көрөбүз,
Асылганга түйшүктүү
Аябастан салганын.
Боз үй экен киргени,
Болжолсуз экен жүргөнү.
Өзү көчмөн эли бар,
Атышарга душманга,
Азаматы шаймашай,
Кошун жатса түмөндөп,
Ашыкпай келди жайма жай.
Барып башын кесип ал,
Батырак өлүм кылып сал.
Көрүп туруп Түкүрүк,
Көтөрүңкү сүйлөйсүн,
Көчүктү кысып тим барып,
Көрүп кел дейм мүнөзүн»
Алооке айтып жумшады,
Кошун башчы Түкүрүк,
Айтканын угуп тыңдады.
Манас жаткан бакчага,
Баскан бойдон барыптыр,
Баатырсынып алыптыр,

Ач арстандай түрү бар,
Айбатына жан тургус,
Ажыдардаай сүрү бар.
Талаага чыккан Манаска,
Каршы учурап калганы,
Жабинибин жаби деп,
Көзүн басып Түкүрүк,
Качып жолго салганы,
«Токто келгин мында деп,
Манас айтып калганы.
Баатырсыган Түкүрүк,
Бара жатып жүгүрүп.
Токто деген бир сөзү,
Жутат го деп бул өзү,
Кош арыкка жыгылып,
Жүрөгү оозго тыгылып.
Жүрөгү кетип кабынан,
Билеги кетип сабынан.
Түкүрүгү өлүптүр,
Аны Алооке көрүптүр.
Айран болду Алооке,
Амандыгын тиледи,
Алты калдай ээрчитип,
Азыр келди Алооке,
Арстан Манас кашына,
Сөз сүйлөдү батына.
Анда Алооке сайрады,
Кызыл тилин кайрады.
«Душманыңмын мен деди,
Душманда болсом жан кыйба,
Амандык бергин сен деди.
Катылбадым карадым,
Тынчтыкты кааладым!
Ары-бери карасам,
Алышар алым калбадым
Күрөшөргө күчүм жок,
Жүдөдүм баатыр сүрүндөн,
Жүрөгүмдө бүтүн жок
Ар кандай айтсаң көтөрдүк,
Амырына чаара жок,
Амандыкты өтүндүм
Чын айтамын жалган жок,
Чыр кылаар шайым калган жок.
Урчун, Кокон, Анжиян,
Оболдон муну жердедим,
Түк бир жерин бербедим.
Ушу Анжиян жерине,
Уруксаат берсең жердедим
Таазим кылып алдыңа,
Башымды ийип келгеним!
Жооп берсең турайын,
Жоолашпай моюн сунайын!
Упалуу беттен кан акса,
Убалы кимдин мойнуна,
Сурмалуу көздөн жаш акса,
Суусу кимдин койнуна.
Атышсам аман калбадым,
Аманат жаным жалмадым!
Өкүнчүм жок сөзүмдө,
Өлүм жакын өзүмдө,
Арстан Манас экенсиң,
Адилеттик иштериң,
Турат экен көзүңдө.
Башы казык, жөлөктү,
Ыркын бузбай караттым,
Ысар менен Көлөптү,
Назарыма эч албай,
Манас сенден бөлөктү.
Алтайдан берки жерди алдың,
Эсен кандын колунан,
Азып кеткен элди алдың,
Аягында келдиң да,

Алоокеге кол салдың.
Корктум салган колуңдан,
Уруксат болсо өтөйүн,
Өзүндүн келген жолуңдан,
Жайдары Манас экенсиң,
Жамандык келбес калуңдан.
Азыркысын аңдасам,
Аргам жаман куурулду,
Аксал жетип кол салбай,
Аманат жаным суурулду!
Өлбөй тирүү турушум,
Өлүмдөн кыйын жумушум!
Айрылым таажы-тагымдан,
Кармашып адам жеңе албас,
Башыңда сыймык-бактыңдан,
Баяныңды уккамын,
Баштатан кылган наркыңды!
Катыла албай Алооке,
Кабылан Манас баатырга,
Кадырын салды жеп-жеке.
Өлүмүн тилеп өтүндү,
Жанын тилеп жалбарды,
Кыйын экен Алооке,
Кыйла сүйлөп кеп салды.
Жанын тилеп жалбарды,
Аяр экен Алооке,
Каарын көрүп иш кылды,
Кашында Манас кайбарды.
Кыраан Манас кеп айтат:
«Мынча не деп кысылдың,
Э, Алооке» – деп айтат,
Жалбарып жаның сурадың,
Жайыңды көрүп турамын.
Чакырсам эгер жинимди,
Кең Анжиян боорунан,
Кетирбес элем тириңди,
Кесер элем тилиңди.
Түп Каңгай сенин жериңдир,
Түмөн калмак элиңдир.
Калмакты Манас тим койду,
Кыргыздын жерин ээлөөнү,
Калмак сага ким койду.
Айткан сөзгө көнүңүз,
Эң улуу балаң Боокени,
Мага жолдош бериңиз.
Ак үйлүүгө аламын,
Ал сөзүмө көнбөсөң,
Азыр бүгүн башыңа,
Акыр заман саламын!
Конгуроолу агаңыз,
Абыш аттуу уулу бар,
Айтканымды угуп ал!
Кошабышты бериңиз,
Кошабышты бербесең,
Колуңду курап келиңиз!
Бергин Бооке balаңды,
Түптүз кылам кааланды!
Көчүп алып тез жогол,
Көргөзбөгүн карааңды!
Өлүмдөн билсең кообуңду,
Атышар болсоң колуң жый,
Азыр бергин жообуңду!»
Күчөдү Манас күркүрөп,
Жаалына чыдабай,
Алты калдай Алооке,
Оно бою дүркүрөп.
Байлалуу төрт жүз балбаны,
Айтып коюп ал сөздү,
Балбандарга бет алып,
Басып Манас барганы,
Манасты көрүп балбандар,
Масы тарап калганы.

Айбаты катуу заары күч,
Айкөлгө көзүн салганы,
Адамдан туулган ар түрдүү,
Алп да болот экен деп,
Айран азыр калганы.
Лаңге деген балбаны,
Ылдам тура калганы,
Кара башы казандай
Кармап күрсү алганы.
Жалтанып Манас калбады,
Чабам деген күрсүнүн,
Сабынан чала кармады.
Оң колунан түшүрүп
Ошо жерде жутуптур.
Төрт ордо балбаны.
Күрсү туткан Лаңгу,
Шо жерде чыкты далдалы,
Кармап алып колуна,
Камчыдай жерге салганы.
Лангу жерге чабылды,
Башы кетип жарылып.
Мээси жерге жабылды,
Көргөн башка балбандар,
Акылынан жаңылды.
«Катылган менен өлөт деп,
Денеден жанын бөлөт деп,
Урушту сүйбөй ушу үчүн,
Лангудай балбанды,
Көрдүңөрбү баарыңар,
Колун сууруп алганды,
Койгулашсак бел байлап,
Көрөсүң өлбөй калганды!
Сонун көрсөң өлүмдү,
Согушка бер деп көөнүңдү,
Согушканын соо койбос,
Сонундугу көрүндү.
Кармашса каны төгүлдү,
Кайраты башка көрүндү.
Төрт жүз баатыр балбаным,
Калбасын ичте арманың,
Кашыңа келип жоо турат,
Күчүңөр жетсе алууга,
Көптөп туруп кармагын,
Каруун келбей алууга,
Калктын баарын кырдырып,
Калкка забын кылбагын!
Лангу чокмор көтөрдү
Түптү ойлонбой катылып,
Дүнүйөдөн өтөрдү.
Кошабыш менен Боокени,
Кошуп бербей иш болбойт.
Келгениңде түнүлдүм,
Кездешкен баатыр эч оңбойт.
Падыша болуп кармадым,
Ушу Манас келген соң,
Урушпай кетти дарманым!
Кызыл ээк чалдардан,
Кырылып кетер деп аяйм,
Кызыл муштум аялдан,
Кыйласы өлүп калаар деп,
Мен ойлондум башынан.
Башын жутчуу адамдар,
Манаска уруш салаар деп.
Эңкейип калган кары бар,
Эмгектеген жаштардын,
Эл ичинде баары бар,
Убар болбос жерине,
Убайыма жок барыңар!
Катылып каның төгүлбөй,
Каалашын кылып салыңар!
Кайратың болсо Манастан,
Кекти кийин алыңар!

Урушпайлык карайлык.
Карап бердик деп туруп,
Орхунду көздөй тарайлык.
Азыркысын карайлык,
Карап бердик деп туруп,
Каңгайды көздөй тарайлык!
Каңгайдын барып бетине,
Каспаңдын барып четине,
Анан ишке жарайлык!»
Ал сөздү айтып Алооке,
Калкынын көөнүн басыптыр.
Кошабыш, Бооке келгени,
«Кой баатыр урушпаймын деп,
Кошуп экөөн бергени,
Алооке уулу Бооке экен.
Атканын жазбас мергени,
Кошабыш деген эр экен.
Кошун болсо кол болсо,
Адегенде кошундун,
Эсебин алчуу неме экен.
Баласы менен инисин,
Баатырга кошту Алооке,
Баркын кийин билерсиң.
Кармашып каны төгүлбөй,
Урушуп уят болбоду,
Акылман экен Алооке,
Үшүнтүп ишин ондоду.
Каалаган экөөн алыптыр
Кабылан Манас айкөлүң,
Кайта жолго салыптыр.
Анжияндын башы бар,
Андан көргүн калайык.
Сай тулпарды байлатып,
Акыр кылган ташы бар.
Аппак таштан ойдурган,
Ат акыр кылып койдурган,
Кас буудандын баарысын,
Жемге байлап тойдурган,
Алты ай тынчтык алыптыр,
Алтайдан келген калайык,
Азгана тынчып калыптыр.

## АЛООКЕ КАНДЫН КАЧКАНЫ

Алоокөнүн калмагы,
Анжиянга тура албай,
Туруууга көңүл буралбай,
Качууга кирип алганы.
Наалып көчтү далайы,
Каңгырады сарайы.
Алпылдатып чалдарын,
Айры менен нарлары,
Төрт жамбыга табылбайт,
Төө деген малдары,
Жер адамга бир тууган,
Төктү жашын барлары,
Төөдөй боздоп чалдары.
Алооке кандын калмагы,
Алып качып астыртан,
Жыл маалына калбады.
Калганы болду бир тууган,
Алоокенин калмагы,
Сен деп айткан бирөө жок,
Өзүнөн-өзү бузулган,
Жыл маалына жеткенче,
Орчун калмак калган жок.
Кеткендерин кетирип,
Келгендерин келтирип.
Алооке, Манас айкашып,
Жатып калды жайкашып.

Урушка Манас кетиптир,
Уруш-талаш баарысы,
Так төрт айга жетиптир.
Уруш кылып барыптыр,
Өзөз тийген Шоорукка,
Ал кезекте кыргыздар,
Токтолбогон доорукка.
Чоң үйдүн баары калыптыр,
Анджиянда оорукка.
Өрүш толуп мал калган,
Өбөктөгөн чал калган,
Өңкөй зайып жан калган,
Көңүлдөнүп көчүүгө,
Эр Алооке кан калган.
Анжиян болуп калаасы,
Алооке кандын баласы.
Атын койгон Каң төрө.
Кылымды баскан чоң төрө.
Он үч жашка кетиптир,
Бээжинде жакын тууганы,
Беш жылында кетиптир.
Окушун билип кытайдын,
Он сегиз жашка кетиптир.
Алоокенин калмагы,
Асталап көчүп алганы,
Ала-Тоону кыркалап,
Аралап өтүп канча жан,
Асты бири калбаптыр,
Алооке күткөн калмактан.
Ким чыдайт деп кыргызга,
Асты кирип барыптыр,
Аманат-Көл, Жылдызга.
Кербен болуп чубашып.
Кебирлешип чуулашып.
Алтай ээн калды деп,
Анжиянды, Букарды,
Ак калпак кыргыз алды деп,
Алооке берип уруксат,
Адамы чыгып жолго узап.
Көчөкөндөрү көчүшүп,
Көчөбүз деп баарысы,
Көрүктөн чубап өтүшүп.
Эки ай жарым жол жүрүп,
Аңгире-Амур жетишип.
Калмак көчүп калыптыр,
Аркасында элинин,
Аста бирден жөнөтүп,
Алооке жатып алыптыр.
Он сегизде Коң төрө
Даңша деген Бээжинде,
А да кыйла чоң төрө.
Анын уулу Кур экен,
Коңбай мындан барганы,
Кызматында тур экен.
Алооке кан Анжияндан,
Көчүп чыгып калыптыр,
Эки таш жерге барыптыр.
Алооке конуп алыптыр,
Коңурбай менен Кур экөө,
Конгондо келип калыптыр.
Жолдогу элди көргөндө,
Жобоп келди эр Коңур.
Көчкөн элди көргөндө,
Көп кейиди Коңбайы,
Анжиянда түк калбай,
Качкан экен далайы,
Калган экен калмактын,
Карк алтын далай сарайы,
Аңдап көрсө Коңурбай,
Басыптыр кыргыз далайды,
Сайылган бойдон бак калып,
Курулган бойдон так калып,

Тигилген бойдон тал калып,
Салынган бойдон там калып,
Заңгыраптыр сарайы,
Сапырылып жатыптыр,
Калмактардын далайы.
Беш жылдан бери көрбөгөн,
Бээжинге кетип жөнөгөн.
Жан жолдошун ээрчитип,
Коңурбай келди ушунда,
Кан Алооке ордодон,
Көчүп чыккан тушунда.
Алооке менен катыны,
Келген кенже балам деп,
Өбүүгө барды акыры,
«Өппөй өлүп калгыла!»
Кол силкип Коңбай капыры.
Жакындатпай энесин,
Жаман көрүп атасын.
«Өлбөй тирүү калыпсын,
Өрттөнүүчү калксың!
Кыргызга кыргын салбайсың,
Кыйрашып не үчүн калбайсың!
Казакка каран салбайсың,
Каңгайга калкты сүргөнчө,
Кара жер кучуп калбайсың!
Кармашпай калкты көчүрүп,
Атаке өзүң кандайсың?!
Кыргыздын билип уругун,
Анжиян эле туругуң,
Ушу кылган ишине,
Айран болуп туруумун!
Каңгайда калмак уругуң,
Бу жерде жатып атаке,
Кимден коркуп курудуң!
Белде турган мал көрдүм,
Меңкерип калган чал көрдүм,
Маарап жүргөн кой көрдүм,
Басып жүргөн бой көрдүм.
Боздоп жүргөн төө көрдүм,
Бозоруп жүргөн жөө көрдүм.
Кишинеп жүргөн бээ көрдүм,
Кимден корктуң атаке!
Эл бүлдүрүп не көрдүң?
Калың калмак кеттиби?
Каңгайга качып барганда,
Өлбөскө көзүң жеттиби?
Алтайга айлың кеттиби?
Алтайдан өтүп барган соң,
Азбаска көзүң жеттиби?
Угууга жакшы кеп бекен,
Ушул иш сага эп бекен?!
Арбак мындай атарбы,
Анжиян менен Алайда,
Атпай кыргыз жатарбы!
Кызылдай дүйнө чачарбы,
Кыргыздан калмак качарбы!
Анжияндан качтык деп,
Азып жүргөн эл көрдүм,
Аркы-терки чубашып,
Басып жүргөн эл көрдүм,
Ачкасына чыдабай,
Тарбычындын ийинин,
Казып жүргөн эл көрдүм!
Акылынан адашып,
Шашып жүргөн эл көрдүм,
Ач белесте көчтөрүн,
Ташып жүргөн эл көрдүм,
Анжияндан качып ашыгып,
Алооке атам не көрдүң?!
Жолоочу кетип жободум,
Баатырсынган бурутка,
Жолугушпай жоголдум!

Окушка кетип оюлдум,
Элден, жерден тоюндун!
Каңгайды көздөй салганың,
Качып көчүп алганың,
Мен менсинген бурутка,
Бет алышпай калганым!
Мээнеттүү менин арманым!
Өзүм болсом бул жерде,
Өлүшпөйт белем бурутка,
Жумшакты чайнап жутуптур,
Тиши тийбей катууга,
Эми амал-айла жок,
Эл кетип мында жатууга!»
Намыстанды Коңбайы,
Айран болду сөзүнө,
Турган жандын далайы.
Кур бала туруп кеп айтат:
«Куру сөздөн не чыгат,
Аңдаңарчы!» – деп айтат.
«Алтайга кеткен адамга,
Амурга барган көп жанга,
Бул жерден кабар салабыз,
Урушсак жеңип бурутту,
Көз жетерби аларга?!
Алган болсок бурутту,
Асты Амурдан, Кумулдан,
Кайра тартып каларбыз.
Башында басып алганбыз,
Баатырсынган бурутту,
Бардашпай туруп Манаска,
Бар журтту кандай курутту!
Коңбай болуп, Кур болуп,
Койгулашып бурутка,
Өлүп берип алдырбай,
Өкүмсүп келген бурутка,
Өлтүрүп өчтү кандырбай!
Анжиянга киргизбей,
Акимсип келген бул кедей,
Арманы жок салышпай,
Айдап элди көчүпсүз.
Акыл айтып билгизбей,
Атышып жатып бир жолу,
Арга кетсе киргизбей!»
Аны айтып Кур токтолду,
«Элди кайра токтот деп,
Эр Коң төрө октолду.
Байкап бала сөздөрүн,
Алооке анда октолду.
Алооке акыл ойлонуп,
Ары-бери толгонуп.
«Кылайтпай кырып салгандай,
Кыргыз арзан көрүнбөйт,
Айдап койдой кыргандай,
Манас арзан көрүнбөйт,
Айтасың балам мыктылык,
Касташканды соо койбос,
Кабылан арзан көрүнбөйт!
Бет албай буга жоо калбас,
Белин ашпай тоо калбас,
Бекерге балам эрсинбе,
Беңгүйүң мындан соо калбас!
Катылбай буга жоо калбас,
Кайкысын ашпай тоо калбас,
Курулай балам эсирбе,
Каңгайың мындан соо калбас!
Көчүп барам өзүм мен,
Көкүрөгүң өргө айдап,
Көөсөрлүк айткан сөзүң сен.
Бей карар сөздү сөздөп ал,
Бел кубатың толгондо,
Берен Манас баатырды,
Бенгүй тоодон көздөп ал!

Бедөөнүн жалын өрүп ал,
Беттешем десең Манаска,
Бенгүй тоодон көрүп ал!
Айттым муну мен атаң,
Аяганым сен балам!
Кишиңдин көбүн мактагын,
Мен Манасты көргөндө,
Кирүүгө жерим таппадым,
Киши болсоң сен балам,
Кийинге күчүң сактагын!
Элиңе барда эрегиш,
Калкыңа барып кайрат кыл!
Түркстан бизге жер эмес,
Сүрүшө кетсек бул жерде,
Түгүндү коёр неме эмес!
Алына карап ойногун,
Акылың менен ойлогун!
Алышам деп Манаска,
Арам өлүм болбогун!
Атаңдын көзүн ойбогун!
Ак сакал болгон Алооке,
Арманда кылып койбогун!
Акылың болсо сен балам,
Ал жетер жоого ойногун!
Адамым көп деп мактангын,
Артыңды ойлоп сактангын,
Арстан эрди көргөндө,
Алапайым таппадым,
Бул жерде турсам оңбосту,
Мен боюма чактадым!
Бели катуу эр болсоң,
Беттешер жерге сактадым!
Кайгырба Анжиян бу жайга,
Калкына барып кайрат кыл,
Катылып болбойт мындайда,
Катылган менен Манаска,
Калкың таппас эч пайда!»
Ал сөздү айтып Алооке,
Жүк артканы токсон төө нар,
Каралап калган канына,
Кандын калган жанына.
Жыйырма беш миң киши бар,
Атасынан уккан соң,
Коң төрө тили байланды,
Көңкү журту баарысы,
Көчөрүнө шайланды.
Үй кылышты чатырдан,
Жогунда көчүп кетүүгө,
Коркуп Манас баатырдан.
Алооке сындуу улук кан,
Катарында канча жан.
Ашып чаначтында бели,
Басып өттү Алооке,
Кең Сары-Өзөн Чүй жерин.
Короготту ашканы,
Дария Иле кечкени.
Кечип Иле суусуну,
Кекселик кылып Алооке,
Ашайын деп ушуну.
Ары жагы шарпылдак,
Аягуз суусун сыдырып,
Эгиз-Кара кыдырып.
Кечип Эртиш суусунан,
Кан Алооке токтобой,
Кеткен экен ушундай.
Кечип өтүп Орхундан,
Енисейден жай алып,
Жата турсун Алооке,
Эсели тоосун таянып.

## ШООРУК КАНДЫН ОКУЯСЫ

Башы жагы Тагырма,
Алайдын түштүк жагында.
Башы Дундун тоосунда,
Калчанын каны эр Шоорук,
Жаткан экен ушунда.
Калча деген калкы бар,
Калча жайын сурасаң,
Кыргызга жакын наркы бар.
Алтайдан кыргыз барыптыр,
Кең Алайдын жайлоосун,
Чоло жок басып калыптыр.
Аягы өтүп Алайдан,
Ысар тоону өткөнү,
Алаптаган Шоорук кан
Адиден ашып көпкөнү.
Анда Шоорук оолугуп,
Айта түшүп соолугуп.
«Алтайдан келген ургурлар,
Калмакпы, кыргыз билбедим,
Кандайлыктан келгени,
Билинбеди ушулар.
Не десем болор булардын,
Эрдемсинип келген өзүңө,
Баш ийип мага сыйынбай,
Сонунду көргөн жүргөн го!
Күн чыгыштан Алтайдан,
Буларды бир сонун мээнет
сүргөн го!
Жакама келген буларды,
Жалмабай болбойт экен го,
Жаны бар адам болгон соң,
Жалпайып жаткан оңбойт го!
Кыйындыгын билейин,
Кыйкырып жылкы тиейин.
Кызыкты буга салайын,
Четин чаап алайын.
Кыйкырып жылкы бөлөйүн,
Калмактан качкан кызыталак,
Кайратын байкап көрөйүн!
Сегиз уруу элим бар,
Сегиз миң баатыр эрим бар,
Серпиштен буларга,
Не деп жатар эбим бар.
Кошунду жыйып алайын,
Аралап кирип бүлдүрүп,
Анжиянга, Кашкарга,
Артылта кууп салайын.
Кошун жыйып, кол жыйып,
Кысмакты буга кылайын,
Кырып-жоюп бүлдүрүп,
Кызылдан ары өткөрүп,
Кыр ашырып тынайын!
Кошун алып жүрөйүн,
Аягын өөдө түрөйүн,
Алсыратып буларды,
Айдап тоодон ашырып,
Алайдан такыр сүрөйүн!»
Кезенген экен Шоорук,
Кесиреттү бу бир жан.
Шоорук кан кызы Акылай,
Шоодураган капырай.
Он сегизде жашы бар,
Оролгон кара чачы бар,
Аземдеген топчудай,
Келишкен кара кашы бар.
Каарданган Шоорукан,

Кошунун жолго салыптыр,
Эртең аттанамын деп,
Эр Шоорук үйдө калыптыр.
Кериле басып Акылай,
Кеп айтуучу кези бар,
Кыздын кеткен үшү бар,
Түндө көргөн түшү бар:
«Ата сизге кеп айтам,
Алысты санап мен айтам,
Аттанбасаң деп айтам!
Жетиген жактан сел келди!
Селдей көчүп жер келди,
Жер учурган сел келди!
Аккан селин аңдасам,
Кара баткак Алайды,
Карайлатып куткарбай,
Каптап калды далайды!
Сел баткакка калыпмын,
Сенделип качып алыпмын,
Агып суугa өлөрдө,
Алтын дарак чынарга,
Өзүм жетип барыпмын.
Чыктым чынар башына,
Ачасында олтурсам,
Атакем келип кашыма.
Терекке калдык тербелбей,
Керүүдө калдык кебелбей.
Ижираттын талаасын,
Таш-Котон менен Самбыла,
Бул экөөнүн арасын.
Суу каптады сел болду,
Кыян менен кыжылдап,
Агып жүргөн эл болду.
Жоруучуңуз бар бекен,
Атаке бул иш болду,
Жүрөгүм чочуп айрылып,
Жүдөдүм жаман кайгырып
Алтайдан келген кыргыз деп,
Каңгайдан келген качкын деп.
Асыла берип атаке,
Жүрбөгүн тактан айрылып!»
Башың курган сен балам,
Мага башчы болбогун,
Өз жүрүмүң оңдогун.
Бүбү болуп кеттиңби,
Жашабай жатып кандай түш,
Айттың балам шумдук иш.
Кыян каптап сел келсе,
Сел болгон бул эмеспи,
Кыргыз деген эл келсе.
Чыккан чынар терегиң,
Чындап кудай бергени,
Чаап алып кыргызды,
Чынарга чыгып турганың,
Чырагым сенин турганың!
Такка минген өзүмдүр,
Так ушу, балам сөзүңдүр!
Карыган Шоорук канына,
Каарданып Шоорук кан,
Кабар берди баарына.
Эсеби жок мал кылып,
Колун жыйып алыптыр,
Чечендер аттуу баатырлар,
Ченсиз жаман акыры.
Култуккан аттуу балбаны,
Күрмөлтүп колун алганы,
Эр Шоорук кан баш болуп,
Күңгүрөп жолго салганы.
Чаталак ашуу бел менен
Санатсыз калың кол менен.
Шоорук кандын кызыл туу,
Асабасы далбырап,

Доолбасын какканда,
Кулак тунуп каңгырап.
Керней тартып бапылдап,
Сурнай үнү такылдап.
Доолбасы кагылып,
Тууга байрак тагылып.
Бара турсун каныңыз,
Баатыр Манас не болду,
Кабарын угуп алыныз.
Кыйшайбай иши жөн болуп,
Кылганы журтка эм болуп,
Кыраан элге ар элден,
Кырк чоро келип дем болуп.
Атпай кыргыз жам болуп,
Айтканы журтка даң болуп.
Жери Анжиян кур болуп,
Ченине келген эр болуп.
Чечилишүүчү душмандын,
Жүрөгүнө чер болуп.
Жалпы кыргыз журтуна,
Шамаал тийгиз ык болуп,
Жан жолдошу кырк болуп,
Сайышуучу душмандын,
Жүрөгүнө дык болуп.
Атышкан жоону мерт кылган,
Алыстан угуп кабарын,
Ар кайсы кандар кеп кылган,
Атагын угуп Манастын,
Анжиянда Алооке,
Алты жыл мурун шек кылган.
Оюна келбей эл чабуу,
Оолугуп кирип жер табуу.
Көзүн салбай бөлөккө,
Артын жайлап элинин,
Асы менен жөлөккө.
Айылы конуп баатырдын,
Самарканда Кара тоо,
Байкап көргөн кай бирөө,
Көңүлүнө алыптыр,
Салышкан аман калбайт соо.
Кара тигин жол салып,
Алайда жаткан кыргызга,
Кан Шоорук келип кол салып.
Нойгутка ойрон салыптыр,
Ошпурдун айлын оңдурбай,
Онтотуп чаап алыптыр.
Нойгут кыргыз уругу,
Ойбой салып куруду.
Акбоз атын моюндап,
Ак сакалын коюндап,
Айыл башы Акбалта,
Айла кылбай бул калкка.
Бирин койбой жылкысын,
Желени кыркып айдады,
Айдап тийген жылкысын,
Кыруулашып ээледи,
Кулундары кишинеп,
Кайра качып бээлери,
Арбандатып нар менен,
Артынан куба келгени.
Мылтык менен атышып,
Ок тийгендин баарысы,
Коркурап келип жыгылып,
Короого сулап жатышып.
Айыл үркүп Алайдан,
Аз болгондо алты жүз,
Адам өлүп алардан.
Качып келген жылкыдан,
Кармап алып минишип,
Анжиянды бет алып,
Качып жолго киришип,
Кошундун көбү ары жакта,

Кулунга качкан бээлерге,
Тособуз деп киришип.
Тоз-тоз кылып жылкыны,
Тополоң кылып жүрүшүп.
Калаба салды калчасы,
Кереминдин коо менен,
Көлдөлөңдүн тоо менен,
Кырга чыгып кутулду,
Нойгут элдин канчасы.
Ычкырдык деген бел менен
Алмалуу деген жер менен,
Айтышууга чыдабай,
Арбын калча эл менен.
Кылчайбай кырга чыгыптыр,
Нойгуттун андис мергендер,
Кыйласын атып жыгыптыр.
Күн асманда чак түштө,
Кан Шооруктун кошуну,
Каптап уруш салыптыр.
Кечки бешим кезинде,
Күлүшөнүн тоосунан,
Кийик атып аң уулап,
Келиптир Манас ушунда,
Нойгут эли чабылып,
Кыйрап калган тушунда.
Акбалта барды айкырып,
Айгай салып бакырып,
Жүлүндөй боз ат алдында,
Жүр Манас деп чакырып.
Акбалта чыкты бир жонго,
Уу кылганы көп киши:
«Арзан жумуш эмес го,
Акбалтанын бул иши?!
Ашыгып мынча не келди,
Кабарын сурап билелик,
Кандайда болсо бул ишти!»
Чапкылап Манас, Чубагы,
Чоролор дүрбөп будагы.
Чапкылашып туш-туштан,
Тар капчыгай буруштан.
Кырдагысын кыйкырып,
Ойдогусун ойбойлоп,
Коктудагы жүргөнүн,
Коркутпа деп кой-койлоп.
Акбалтага жыйылып,
Аң издөөдөн тыйылып.
Келишип кебин угуптур,
Акбалта сөзүн укканда,
Арстан Манас баатырдын,
От көзүнөн чыгыптыр.
«Кошун ылдам келсин деп,
Алты киши чаптырды,
Аялдабай желгин деп.
Акбалта сайрап кеп айтат:
«Калкыңа түштү калаба,
Капталып калды көп Нойгут,
Кажылдаган балаага.
Нар төө минген адам бар,
Алаптаган зангарлар.
Кара желек найза алган,
Караганды кайсаган.
Кабагы бийик, көзү үңкүр,
Кара сакал, тик мурут,
Кайдан чыккан бул журут.
Каңылжаары каңкайган,
Кайсы бироон карасак:
Кара нар минип даңкайган.
Оңкочор мурун, чункур көз,
Оозу жүйрүк башка сөз.
Аңдап турсак буларды,
Айылга кирип кол салып,
Аткылашып биздин эл,

Кыйласы өлүп сулады!
Кыз-катындын баарысы,
Кырга качып чуулады.
Арбын жаа, аз мылтык,
Айдады жылкы дыргытып,
Казандай болгон күрсүсүн,
Канчалык жерге ыргытып.
Төө минип найза алган,
Төбөңдөн урган кандай жан.
Найза деген бир жарак,
Ат мингенге ылайык,
Кайта электе бат барып,
Калабаны кылалык!»
Акбалта барып ашыгып,
«Кырып кетти элди дейм,
Кызыл ээк чалдарга,
Кыйын түйшүк болду го,
Кызыл муштум балдарга.
Чаап кетти элди дейм,
Кары-жаштын башына,
Жаман дүмөк келди дейм!»
Акбалта айтып салыптыр,
Аны-муну дегенче,
Алтымыш миң кошуну,
Азыр болуп калыптыр,
«Артымдан келе бергиле,
Арстан Манас баатырың,
Адеп жолго салыптыр.
Салтанаттуу сай кашка,
Санаты артык бир канча.
Кызыл байрак кырк кашка,
Кылганы артык бир башка.
Ак асаба кызыл туу,
Асман жарган улуу чуу
Көк асаба кызыл туу,
Көк жарылган улуу чуу,
Жүрүп калган жерибиз бу.
Алайга барчуу белинен,
Ашыгышып ашынып,
Ат баспаган жеринен.
Кийик ашпас тоо менен,
Ашып кыя бел менен,
Өлгөнчө кармаш кылууга,
Өзү тийген эл менен.
Ашып түштү Алайга,
Аңдап турса ушунун,
Арты кетер далайга.
Шоорук кандын кошуну,
Тоо таянып жетиптир,
Карaанын жаңы көргөндө,
Караңгы кирип кетиптир.
Урушту түндө салбайын,
Убарага калбайын.
Калбаны түндө салбайын,
Канга забын болбойюн!
Не болсо эртен көрөмүн,
Үрүстөм өзү болсо да
Үстүн астын бир салып,
Үлгү кылып жөнөрмүн.
Атым Манас болгону,
Асылган душман оңбоду.
Жатып тынчтык алыптыр,
Таң кашкайып атыптыр,
Тараза жылдыз батыптыр.
Арстан Манас айкөлүң,
Жарагын белге чалынып,
Аттанууга камынып.
Ак күбө тонду кийинип,
Саадагы киши белиндей,
Тасма тартып ийилип.
Алыскы, жуук айныбас,
Ортосу болот, оозу албарс,

Түтүнү туман түбү ыспан,
Кароолу дажал, бу ажал.
Асынып жүрсө ак келте,
Ашыкпаса кой чагыр,
Ачууланса замбирек.
Камыш кыйып каптаган,
Тарамышка чаптаган.
Темирин сегиз кырдаган.
Он эки түрлөп сырдаган.
Бөрү тил мизин чыгарган,
Учун ууга сугарган,
Шамалга тийсе ырдаган,
Тийген жери ырбаган.
Чагарак алтын актырган,
Душман жакка бактырган.
Салды найза карыга,
Сандыргалуу султанын,
Бүгүн минип каарына.
Түн ичинде суурса,
Өрт өңдөнүп кызарган,
Урушту күндө узарган,
Заарын тарткан мунардан,
Учун кайкы чыгарган.
Тоого чапса, таш кескен,
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен.
Ач албарс аттуу кылычын,
Аңдап көр жоого кылышын.
Боосун асып мойнуна,
Карап көргүн баатырдын,
Жоого кылар оюнуна.
Таш көмүргө таптаган,
Как ыргайга саптаган,
Көөкөрчө кылып ийдирген,
Кыл кыял чаап чийдирген.
Чагарак алтын сомдогон,
Чапкан жоосун оңдогон.
Эшик эндүү айбалта,
Кыстарып алып белине,
Жөнөдү баатыр токтолбой,
Шоорук кандын жерине.
Коргошун, чоюн куйдурган
Сабына темир бурдурган.
Бери болсо күрсүсү,
Беш жүз батман салмагы,
Беленденип алганы.
Ээринин кашына,
Кыпчып алып чатына.
Арстандын аты Аккула,
Өңү кула, кара жал,
Өзгөчө сонун бу бир мал.
Чаткаягы чаткалдай,
Жүрүп берсе чатына,
Жүктүү төө баткандай,
Куюшкандын кошконго,
Он бир карыш казанды,
Ойноп клүп аскандай,
Болжолу жок чоңдугу,
Бооруна карандын,
Момолой ийин казгандай,
Таноосуна мурдуна,
Адамдардан канчасы,
Кийими менен баткандай.
Камыш кулак, сом туяк,
Балтыры өгүз белиндей,
Басканы сырттын желиндей.
Чарайна төшкө тартынып,
Каруу жарак шаймандан,
Көп көк темир артынып.
Карычысы, кыягы,
Каармандай сыягы.
Белдемчи темир байланып,

Бел булуттай айланып.
Майданга барып турганы,
Душмандан жүзүн бурбады.
Дөгөшү аттуу балбаны,
Төрт миң кошун алганы,
Төрөнү көздөй от коюп,
Баары жөнөп калганы.
Арстан Манас баатырың,
Ат койгон төрт миң баатырды,
Астын-үстүн салганы,
Аккуланы жулкунтуп,
Аралашып калганы,
Дөгөшү келип качырып,
Төрөгө найза салганы,
Дөгөшүнүн найзасы,
Төрөгө батпай калганы.
Төшүнө найза такалды,
Карылар айткан макалды.
Төшкө сайып Дөгөшү,
Жыгууга алы жетпеди,
Найза сайган баатырга,
Аккула ат менен жеткени.
Найзасы сынып качырып,
Өз найзасына илинип,
Чалкасынан кеткени,
Жыгылып жаткан баатырды,
Сырттан Манас беттеди,
Жерден өөдө турарда,
Башын кагып кеткени.
Башы калды томпойюп,
Тулку бою зоңкоюп.
Төрө Манас баатырың,
Төрт миң келген душманды,
Эт бышымга жеткирбей,
Туш-туш жакка жапырды.
Жана Шоорук жиберди,
Чечендер аттуу балбанды,
Он эки миң кол менен,
Манасты көздөй бет алып,
Аламан койду акыры.
Култукан аттуу балбаны,
Күркүрөп күрсү алганы.
Күрсүсү бар молодой,
Караса көзү балбандын,
Тереӊ казган ороодой.
Он эки миң жабылып,
Ак келте мылтык бир атты,
Арстан Манас камынып.
Ак келтенин добушу,
Алты күндүк жерлерге,
Ашпай-шапай угулду,
Огу тийип алардан,
Отуз, кыркы жыгылды.
Түтүнү басты тумандай,
Кулап түштү Култукан,
Жер силкинген дубалдай.
Найза салды Чечендер,
Андай найза салгандан,
Алек болгон нечендер.
Найзасын баатыр кагыптыр,
Артынан кылыч салыптыр.
Найзасы тийбей неткени,
Найза салган Чечендер,
Ажалынын жеткени,
Жетпегенде неткени,
Төрө чапкан бу кылыч,
Төбөсүнө жеткени,
Ат-маты менен бөлүнүп,
Жардай кулап кеткени.
Атпай кыргыз күңгүрөп,
Ураан тартып дүңгүрөп,
Бакай баштап баарысы,

Кыргын чал баштап карысы,
Алтымыш миң кыргыздар,
Ат коюшуп калышты.
Аш кайнамга калбады,
Он эки миң кошунун,
Таратып кууп салганы.
Жана Шоорук акырды,
«Качыр капта койбо! – деп,
Кайраттанып бакырды,
Сексен миңдей черүүсү,
Селдей каптап качырды,
Лаз экен деп ойлонуп,
Арстан Манас баатырды.
Жеткен ажал далайга,
Уруш болду Алайга.
Айбалта, кылыч алышып,
Аралашып салышып.
Төө мингенин төбөлөп,
Жоо жүргөнүн тебелеп.
Астында арстан Манасы,
Аккула менен чуратып,
Ажалаган канчасын,
Ач албарс менен сулатып,
Артынан чаңын буратып.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргын чал, Бакай карасы,
Кыжылдап келген душмандын,
Кыйласын кууп сапырды.
Арстан Манас баатырдын,
Атактуусу сексен төрт,
Астында жүргөн кызыл өрт.
Манастын колу жагынан,
Бир миңчелик киши өлүп,
Өлүмгө болбос ишенип.
Терип жүрүп ар жерден,
Өлгөндөрүн жыйнашып,
Өкүрбө деп бир бирин,
Көзүнүн жашын тыйышып.
Калбаны катуу салыптыр,
Койгулашкан эки журт,
Кайтып конуп калыптыр.
Эртеси түш болгондо,
Күн обого толгондо.
Шоорук кандын колунан,
Аттанып чыкты бир баатыр,
Каарын төгүп келатыр.
Чаптар качыр ат минген,
Чаап чыгып келгени,
«Жаткан кыргыз эл деди,
Ажалын анык жеткениң,
Азыр мага кел!» деди.
Майданда байрак булгады,
Өлөрүн келгин дегенге,
Өткүр Сыргак турбады.
«Өнөрү болсо көрөйүн,
Өнөрү жок ал болсо,
Өзүн жерге көмөйүн!»
Арстан Сыргак күүлөнүп,
Ачууланып сүйлөнүп.
Эр Сыргакта не туруш,
Кызыл атка камчы уруш.
Качырып Сыргак жеткени,
Оолугуп турган Чаталак,
Оптулуп найза неткени,
Чаталактын найзасы,
Чарайнага бир тийип,
Чарт үзүлүп кеткени.
Атырылып эр Сыргак,
Оозго найза неткени,
Шилисинен коркоюп,
Найза чыгып кеткени.
Чаталакты өлтүрүп,

Чалкасынан салганы,
Майданда Сыргак бакырып,
«Баатырың болсо бат кел» – деп,
Байрак булап чакырып,
Отуз миң чертүү ат койду,
Ат койсо да бат койду.
Отуз миңи жабылып,
Ок, мылтыкка камынып.
Туш-тушунан Сыргактын,
Душман келип кол салды,
Тайманбастан аларга,
Баатыр Сыргак кол салды.
Миңди көрсө шашпаган,
Көп экен деп качпаган,
Билген ишин баштаган.
Санды көрсө шашпаган,
Санды көрсө бир өзү,
Жалгызмын деп качпаган,
Сундурса найза тартпаган,
Сумсайып жоодон кайтпаган.
Көк казык атты чуратып,
Көсөмдөрдүн кыйласын,
Көмө чаап сулатып.
Эр Сыргак уруш салыптыр,
Элүү, кыркын чапканда,
Эңшерилип көп кыргыз,
Эми кирип барыптыр.
Элүү миң черүү акырын,
Кыргыздап ураан чакырып.
Ушулар кирди урушка,
Шоорук кандын көп колун,
Оюн көздөй жапырды,
Обоого чаңын сапырды.
Аларды көрүп акырып,
Найзага желек жапырып.
Акбалта, Жакып карысы,
Арстан Манас баш болуп,
Атпай колдун баарысы,
Ат коюшуп калышты,
Аралашып эки кол,
Арманы жок салышты,
Айбалта, кылыч чабышты.
Качыр минген, нар минген,
Төө мингени дагы бар,
Төбөлөшүп эки кол,
Уруш болгон чагы бар.
Кыйгактуу найза, көк түпөк,
Кыргызга коргон кырк баатыр.
Кыран Манас баш болуп,
Аламан уруш салышып,
Аянбастан чабышып.
Алайдын башы Ала-Бел,
Аралашкан калың эл.
Тууга карап турушуп,
Туу такандап урушуп.
Колтуктун баары чоюлуп,
Колдун баары кайрылып,
Чапандын баары айрылып.
Этектин баары түгөнүп,
Ээрлер сынып үбөлүп.
Эриндин баары кесилип,
Эмчектин баары эзилип.
Тизенин баары сүзүлүп,
Тизгиндин баары үзүлүп.
Мылтыктын баары атылып,
Кызылдай канга батышып.
Кылычтын баары чабылып,
Найзанын баары жанчылып,
Ажалдуу олүп жанчылып.
Күрсүнүн баары угулуп,
Денесинен суурулуп.
Качыр минген кайгырды,

Кара жандан айрылды,
Нар мингендер аргытып,
Кайраттанып каргытып,
Эртеси жок кечинде,
Түш эңкейген кезинде,
Көтөргөнү туу болуп,
Көзүнүн жашы суу болуп.
Сандыргалуу төрөнүн,
Заарына чыдабай,
Шоорук каны баш болуп,
Качып алып жөнөдү,
Ар тушунда бел менен,
Ашып алып жөнөдү,
Алда канча бөлүнүп,
Шашып алып жөнөдү.
Анжиян, Кашкар арасы,
Алайдын башы бел экен,
Ары жагы Таш-Коргон,
Тагырма деген жер экен,
Каптал-каптал коосу бар,
Тар капчыгай тоосу бар,
Шоорук кандын калчасы,
Качып кирди канчасы.
Аты, тондон кетишип,
Ташка чыгып кетишип.
Үңкүр-чуңкур талашып,
Жерге кирген андан көп,
Чытырмандуу токойго,
Черге кирген андан көп,
Тоого, ташка тыгылды,
Качкандыгы курусун,
Катылышты шүк турбай,
Карагыла жумушун.
Бозуп жүргөн аттарды,
Кыргыздар олжо кылышты,
Чылбырга колу үч толуп,
Олжого мыктап тунушту.
Мыргапты көздөй бет алып,
Кан Шоорук беттеп алыптыр,
Айдап барган колунан,
Жарымындай калыптыр.
Калчалардын Шоорук кан,
Баса келип кутуруп,
Башын жутту акыры,
Балакетке тутулуп.
Баатыр Манас кошуну,
Кара-Тигин тоо менен,
Капчыгай терең коо менен.
Бош калган көлүк алышып,
Болжолдоп жолго салышып.
Шоорук кандын кошуну,
Эки күн, бир түн качыптыр,
Энтелеп жаман шашыптыр.
Кан Шоорук барды жерине,
Тынч турган элге катылып,
Балаага башы чатылып,
Акыркы болор кебине.
Бадыкшаң, Балык, Таш-Котон,
Үмүтүн үзүп ошондон,
Уруштан качып бошогон.
Өз жерине козголуп,
Качууну Шоорук ойлонуп.
Кең дүнүйө тар болуп,
Кутулууга жер таппай,
Айланып башы дал болуп.
Кууган Манас баатырдан,
Куруп калган Шоорук кан,
Бир күнү мурун барыптыр,
Жар чакыртып туш-тушка,
Калкына кабар салыптыр.
Таң атканда Шоорук кан,
Үркүп калды дооруккан.

Ордосуна барыптыр,
Ойбоюн айтып салыптыр.
Шашыкеге калбастан,
Баатыр Манас айкөлүң,
Шатырап кирип барыптыр.
Кырдагысы кызыл уук,
Козголо элек кезинде,
Кыйкырып кыргыз келди жуук.
Байланган бойдон мал калды,
Баштыкта бойдон дан калды,
Баса албастан ордунда,
Байпаңдаган чал калды.
Доол согуп күнгүрлөп,
Тоо көчкөндой дүңгүрлөп.
Ак асаба кызыл туу,
Асман жарган улуу чуу.
Көк асаба кызыл туу,
Көк жарылган улуу чуу,
Барып калган артынан,
Көңкү кыргыз колу бу.
Башка элине карабай,
Бейкүт жаткан эл-журтту,
Душман деп ойлоп санабай.
Шооруктун өзүн беттептир,
Ордосун курчап кептептир.
Кан Шоорукту камаптыр,
Талаадагы малдарын,
Тартынбастан талаптыр.
Айдап кырдан жылкысын,
Тийип жүргөн дагы бар,
Алтындуу тон дейилда,
Алып куржун ичинен,
Кийип жүргөн дагы бар,
Там тарагын оодарып,
Кирип жүргөн дагы бар,
Ноктолуу атын карматып,
Минип жүргөн дагы бар.
Оодара тартып куржунун,
Тилип жүргөн дагы бар,
Казып жерге катканын,
Билип жүргөн дагы бар.
Саймалуу саадак бото кур,
Жарашар деп белине,
Алып жүргөн дагы бар.
Шоорук кан өзү чабылды,
Калкына кылды забынды.
Мааратып айдап койлорун,
Мөөрөтүп айдап уйларын,
Булат алып булдарын,
Кара жандан түңүлтүп,
Катарында Шооруктун,
Канат болгон шумдарын.
Жетим менен жесирин,
Тийгизбеди кыргызга,
Баса барып эл чапкан,
Шоорук кандын кесирин.
Жолдун баарын алышты,
Чыгарбай тышкы бир жанды,
Шоорук канды ордого,
Бекем тыгып салышты.
Адам жүрбөс тоо менен,
Тар капчыгай коо менен.
Карангыда жашынып,
Качып Шоорук анталап,
Кара жанын калкалап.
Асмандан булут тутулуп,
Тоого барып кутулуп.
Аккан суусу аз болгон,
Айласыз жери таш болгон,
Ар уруудан баш болгон.
Маңгыт менен Калча бар,
Тагырмада Тарса бар.

Кан Шоорук катуу кайгырып,
Не кыларын биле албай,
Акылынан айрылып.
«Капталда каман жатарбы,
Катылбаска катылып,
Кадемим мындай катарбы!
Жолума жолборс жатарбы,
Жолукпаска жолугуп,
Жолум мындай катарбы!
Өзүм барып кол салдым,
Ары-бери кылам деп,
Балакетке жол салдым!
Амалды кандай кыламын,
Арстан Манас баатырга,
Айкашып кандай тынамын!
Калмактан качкын деп,
Монгулдан качкан байкуш деп.
Ойлобой колду салганым,
Атпай журттун тап такыр,
Убалына калганым!
Бузулуп кетти кандыгым,
Мурунтадан ойлонбой,
Мындай иштин бардыгын!
Өзүңө барып жыгылып,
Өлтүрбө деп сайынып.
Кыл деген ишин кылайын,
Кабылан Манас баатырга,
Карап берип тынайын!»
Кызыл ээк чалдар бар,
Кызыл муштум балдар бар.
Эмгектеген жашы бар,
Эңкейип калган кары бар,
Эл ичинде баары бар,
Тындырбасам эл-журтту,
Арстан Манас баатырдын,
Кылар иши дагы бар.
Кетер калкым чачылып,
Калды пардам ачылып.
Менин туура жагымда,
Кундуз, Талкан жери бар,
Жердеп турган ал жерди,
Беш уруу кыргыз эли бар,
Беттешкен жоону кайсаган,
Берен Кошой эри бар,
Баш ийбестен турушум,
Меники кандай эби бар,
Ойлонуп аны Шоорук кан,
Оболу барып катылып,
Ойрону чыкты канча жан.
Муну ойлонуп Шоорук кан,
Мурунтадан ойлонбой,
Мурдар болду канча жан.
Кыз баштап тартуу барайын,
Кечирим тилеп сыйынып,
Тоздоп эли кетиптир,
Тоого-ташка жыйылып.
Көрүндү дүйнө көзүнө,
Көмөмсүгөн кан Шоорук,
Эми келди эсине,
Бармак болду тартуу алып,
Баатыр Манас өзүнө.
Ордодогу отуз кыз,
Оймоктуудан баарыда уз.
Кыйбаат баа кийим кийгизип,
Кылтылдаган жоргодон,
Отуз бедөө мингизип.
Жасап кыздын баарысын,
Таштады Шоорук намысын.
Өзүнүн кызы Акылай,
Ойлонсоң кара жан кыйын,
Ошону баштап алышын.
Он сегизде жашы бар,

Олоңдой кара чачы бар.
Тал чыбыктай бою бар,
Салтанатын коюп ал.
Кашы кара кыйылган,
Көзү кара коюлган,
Көргөндүн көөнү тоюнган,
Ар мүнөзү бир башка,
Ак тасмадай чоюлган.
Тиши актаган күрүчтөй,
Он шоошагы сыпаты,
Сымга тарткан күмүштөй.
Ачык кабак, жатык сөз,
Кобул мурун, колоң чач,
Ордон моюн, ийриме баш.
Эми Шоорук кеп айтып,
«Акылай балам» деп айтып.
«Башында балам кой дедиң,
Байкабай туруп жок жедим!
Урушпа ата кой дедиң,
Угуп туруп жок жедим!
Тилиңди балам албадым,
Тигилди капка арманым.
Тим кетти балам дарманым!
Нуркталып калган эл экен,
Ушу күндө бу кыргыз,
Уруш кылган ким болсо,
Ушалаган неме экен.
Түптөлүп калган эл экен.
Түк качпаган уруштан,
Түбүнөн мындай неме экен.
Алсаң балам тилимди,
Тартуу кылып барсам деп,
Таап турам эбиңди.
Ат уяты сатуу деп,
Кыйладан угуп жүргөмүн,
Кыз уяты тартуу деп.
Айтканда тилим алсаң дейм,
Атакеңди азаптан,
Ажыратып калсаң дейм!
Каалаган атын мингиниң!
Кайышканым билгиниң!
Тандаган тонуң кийгиниң,
Табытта турам билгиниң!
Тартуу тартып багынып,
Жарашып акыр тынбасак,
Жакшы болбос күнүбүз!»
Муну айтып Шоорук кызына,
Кыз сүйлөдү тышына,
«Өкүнбө өткөн ишине,
Өкүнүчтүү өлүм келгендир,
Өлгөн далай кишиңе!
Бар десең ата барайын,
Барбай кантип калайын,
Оңуна келер иш болсо
Журт куткарып алайын!»
Так кырк кызыл нар менен,
Кырк көмүркөй зар менен,
Беш жүз кара мал менен,
Отуз сулуу кыз менен,
Нан көтөрүп, туз менен.
Арстан Манас баатырдын,
Астына барды Шоорук кан,
Абайлабай башында,
Азап салып кыргызга,
Абыдан жаман оолуккан.
Бото куру мойнунда,
Эки колу боорунда,
Жаш төгүлгөн койнуна.
Келип Шоорук кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Болдум душман сизге мен,
Айкөлдүгүң чын болсо,

Кечирим бергин бизге сен!
Алдыңа тартуу мен келдим,
Сага барып кол салып,
Алымды билбей сенделдим!
Сунуп турган моюнду,
Суурган кылыч кеспейт деп,
Айтылып келгени анык сөз,
Оболтон бери канык сөз.
Өзүң билгин баатырым,
Ырайым бизге кыларды,
Кылбас болсоң ырайым,
Көзүм жетти ашкере,
Өбөктөтүп кырарды.
Боздоторсуң элимди,
Бошоторсуң жеримди!
Салсаң бизге каарыңды,
Талкаларсың шаарымды!
Жоботорсуң баарымды,
Жол кыларсың шаарымды!
Чабамын деп камындым,
Камынганы курусун,
Кайта баштан баш ийип,
Жан соогалап жалындым,
Арзан деп барып тием деп,
Арстаным сага катылып.
Акылымдан жаңылдым!»
Айтты Шоорук мүдөөсүн,
Арстан Манас баатырдын,
Адам билбес мүнөзүн.
Кылая багып күлбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген,
Күңгүрөнө сүйлөгөн,
Күлпөңү артык дүйнөдөн.
Каалгадай кашка тиш,
Кашкайып чыгып алыптыр,
Абакеси Бакайга,
Арстан эр көзүн салыптыр,
«Абаке бу сөз кандайча?»
Арсаңдап күлүп калыптыр.
«Ачуундан аба жаныңыз,
Алдыңа келди баш ийип,
Азап салган элине,
Азыркы Шоорук каныңыз!»
Арстан Манас айкөлүң,
Ал сөздү айтып салганы,
Абасы Бакай баш болуп,
Атпай турган кошундар,
«Оң сөз дешип» калганы,
Ордосуна кирүүгө,
Оболунда Шооруктун,
Өзүн баштап барганы.
Шоорук кандын ордого,
Кирип барды чубуруп,
Кол-кошундун баарысы,
Улуу, кичүү, карасы.
Тегерек тартып тең болду,
Ортосу ачык кең болду.
Көпчүлүктүн баарысы,
Көлдөй жайнап токтолуп,
Үн деген бирөө жок болуп,
Арстан Манас – айкөлүң,
Айтты сөзүн октолуп.
Арстан Манас кеп айтат:
«Атпай турган көпчүлүк
Уккула сөздү, деп айтат.
«Алтайдан келген кыргыздар,
Катылбадык Шоорукка:
Өзү келип кол салып,
Бизди салды доорукка.
Биз тийбедик калчага,
Тийишип келип кол салып,
Кырып-жоюп нойгутту,

Азап салды канчага!
Калкынын жоктур жазыгы,
Кандары бузук болгон соң,
Катылып бизге кол салып,
Аягында бир жолу,
Суурулуп турат казыгы.
Карайлатты калыкты,
Кандарга жетсин убалы.
Азыркы күндө калчанын,
Кулады коргон дубалы.
Кандардан көрүп жазыгын,
Калың элдин биз эми,
Суурбайлык казыгын,
Оң колуна бастырып,
Кагалы кайта казыгын.
Кандарга коюп убалын,
Калың элди биз эми,
Кайта баштан оңолтуп,
Тургузалы дубалын.
Калктан көрбөй жазыкты,
Карайлаган бул элди,
Кайта баштан оңолтуп,
Кагалы түркүк казыкты.
Элден көрбөй жазыкты,
Эндиреген бул элге,
Эми кайта жаңыдан,
Эптейли түркүк казыкты.
Калайлуу капка дарбаза,
Калкына кылбай каргаша,
Калчалардын калкына,
Болбосун акыр каргаша.
Мал-бараны жуушасын,
Баркыбызды билишип,
Мындан кийин тынч жатып,
Балдары жыргап уктасын!
Шоорук кан уккун сөзүмдү,
Ачып кара көзүңдү!
Упалуу беттен кан акса,
Убалы кимдин мойнуна,
Сурмалуу көздөн жаш акса,
Суусу кимдин койнуна!
Адамдан тартуу тартышың,
Ал ишиң кандай Шоорук кан,
Аялдабай кол салып,
Алайда нойгут дооруккан.
Кишиден тартуу тартканың,
Мунуң кандай Шоорук кан,
Бурултпай айдап колуңду,
Буйгатта нойгут дооруккан.
Адамдан тартуу албаймын,
Азапка журтту салбаймын.
Кишиден тартуу албаймын,
Кейишке тартуу салбаймын.
Куда болуп мал айдап,
Кулдук уруп май чайнап,
Алышалы кыздарды,
Адал ниет жол менен,
Татышалы туздарды,
Ойлоп кара Шоорук кан,
Тартууга алып койгондо,
Билебиз сөөгү сыздаарды!
Тынчып калсын элиңиз,
Сынбасын акыр белиңиз,
Чыкпасын бизден демиңиз.
Кандыгың калсын колуңда,
Жамандык иш жатпасын,
Баса турган жолуңда,
Ишиңди салгын оңуна,
Тартууң калсын өзүңө,
Сал кулагың сөзүмө.
Мындан кийин Шоорук кан,
Адилет жолдон жылбагын,

Баштагы кылган ишиңдин,
Кылдайын Шоорук кылбагын!
Айтып турган сөзүмдү,
Бирөөнү бөөдө жибербей,
Баштан аяк сындагын.
Элиңе кылба кесирди,
Эндиретпе Шоорук кан,
Жетим менен жесирди.
Какшатпагын калыкты,
Карып менен касардан,
Катуулап алба салыкты,
Көргөз калкка жарыкты,
Тоо, ташка качып камалган,
Барарыңа жер таппай,
Батарына тоо таппай,
Баш аламан сандалган.
Элиңди кайта жыйып ал,
Жакшы сөз айтып сооротуп,
Жайлаштырып жоботуп,
Көз жаштарын тыйып ал.
Бүлүнтпөгүн элиңди,
Бекер корко берем деп,
Кетирбегин демиңди»
Манас айтып салганы,
Айтып сөзүң жыйганча,
Азаматтар аттанып,
Колго жарак камчы алып.
Тоолорго чаап чыгышып,
Тоздоп жүргөн баарысын,
Топтотуп баарын жыйышып.
Адырга чаап барышып,
Адырда жүргөн сандалып,
Аларды жыйнап табышып.
Токойдон таап алышып,
Токтотпостон баарысын,
Айдап жолго салышып,
Шоорук кандын ордого,
Токтобой келип калышып.
Манастын кылган жардыгын,
Баарына айтып билдирип,
Кабагын карыш ачтырып,
Качкандарды күлдүрүп.
Калың калктын баарысы,
Жашы менен карысы,
Тилге жуйрук чечени,
Тил билгичтен нечени.
Баары бирдей буркурап,
Кол көтөрүп чуркурап.
Тууган кылган душманың,
Мындай жакшы эл бол ай,
Кылапат айткан Манаска,
Ордун кара жер бол ай!
Ал сөздү айтып салышып,
Атпай турган көпчүлүк,
Арсаңдап күлүп калышып.
Кыран Манас баш болуп,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргын чал, Бакай карысы,
Колго келген кыргыздар,
Козголуп жөнөп калышты.
Шоорук кандын кошуну,
Доол согуп күңгүрлөп,
Барабан кагып бапылдап,
Сурнай үнү такылдап,
Туу көтөрүп калкылдап.
Узатып жолго салганы,
Коштошуу сөзүн айтышып,
Кол кармашып көрүшүп,
Кайра тартып кайтышып.
Кабылан Манас баатырың,
Анжиянга бет алып,
Аман келди акыры,

Душманы тууган болуптур,
Эр Манастын жакыны.
Шоорукка Манас кейиптир,
Уруш-талаш узарып,
Так төрт айга жетиптир.
Алооке кетип калыптыр,
Анжиянда көп калмак,
Бири дагы калбастан,
Үркүп жолго салыптыр.

## АКУНКАНДЫН ОКУЯСЫ

Шаш келигинде Алайдын,
Ооган кандын жери экен,
Ошо күндө канынын,
Атын Акын дээр экен.
Кундуз, Талкан жери бар,
Шаарынан тышкары,
Боз үйлүү көчмөн эли бар.
Кабарчыңдан кеп угуп.
Алтайдан келген кыргыздар,
Жайлоосуна Алайдын,
Чоло жок толду деп угуп.
«Калмактан качкан эл экен,
Карап турсак жүрүшүн,
Кара шамал жел экен.
Өргүтпөй куубай болбойт го,
Өрүп батып алган соң,
Өжөрлөнүп кол салып,
Бир күнү бизди сомдойт го.
Кошунду арбын жыйалы,
Компоңдогон кыргызды,
Кондурбастан Алайга,
Кокуй күндү көргөзүп,
Айдап салып тыналы!»
Бул сөздү айтып Акун кан,
Барабанын кактырып,
Ар тараптан баарына,
Чабармандар чаптырып.
Чабармандар аттанып,
Колго кылыч, камчы алып.
Кабарды катуу салганы,
Кайнап жаткан Оогандын,
Калкындагы баатырлар,
Камданышып калганы.
Идерлүү жигит азамат,
Жамандашып алганы.
Тулпардан тандап минишип,
Туулга, соот кийишип.
Найза, кылыч, айбалта,
Жарактарын камдашып,
Түз мылтык, жебе тандашып.
Кырк миң черүү кол менен,
Жөнөп калды Ооган кол,
Алайга беттеп жол менен.
Туу көтөрүп калкылдап,
Асабасы жалпылдап,
Кыргызды ойрон кулууга,
Жөнөп калды шартылдап.
Жетип келип Алайга,
Айдап жылкы алганы,
Жылкычыларды кыйратып,
Өлүм кылып салганы.
Кол баштагын башчысы,
Акундун жакын иниси,
Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Акылманы Ажыбай,
Алайда жаткан жылкы,
Айдап жолго салыптыр.
Кароолчулар беттебей,

Качкан бойдон жетишип,
Кабылан Манас баатырга,
Кабар айтып барыптыр.
«Алайды каптап кол келди,
Аз келбеди мол келди.
Жылкычыларды союшту,
Өлүм кылып коюшту.
Такалуудан тай койбой,
Айдап алды жылкыны,
Алайдагы кыргыздан,
Ачып койду уйкуну.
Оогандан келген эл өңдүү,
Көптүгү туман сел өңдүү.
Ары ашырып жылкыны,
Кайра тартып калбасын,
Алайдагы айылга,
Алааматты салбасын!»
Качып барган кароолчу,
Кабар айтып билдирди,
Камырабас Манасты,
Капысынан бүлдүрдү.
Кабарчыдан кеп угуп,
Алайдагы жылкыны,
Ooган жактан кол келип,
Көңтөрө алды деп угуп.
Жылкычыларды сойду деп,
Кара көзүн ойду деп,
Бул кабарды укканда,
Кабылан Манас баатырдын,
Оодон оту буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап.
Кайраты каркып толуптур,
Катылып келген Ооганды,
Оңдурбай турган болуптур.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштык карысы.
Абар-шабар ат минип,
Аялдабай бат минип.
Жоо жарагын шайланып,
Кырандардын баарынын,
Каар жүзүнө айланып.
Отуз миң черүү кол менен,
Ооганды көздөй жол менен.
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп.
Алайды басып өтүшүп,
Мыргаптын суусун кечишип.
Оогандын жетти жерине,
Аралады элине.
«Элине зыян келтирбей,
Колуна уруш салалы,
Компоңдогон Акунду,
Ордосунан жаралы».
Ал сөздү айтып салышып,
Буудан минген көй баатыр,
Булкунтуп баары жарышып.
Кырк миң колу Оогандын,
Көп жылкыны алыптыр.
Кысырык семиздин көбүн,
Жол боюнча жарыптыр,
Түмөңдөгөн жылкыны,
Акун кандын ордого,
Сүрүп кирип барыптыр.
Анда Акун кан кеп айтып:
«Артынан келсе куугунчу,
Кайра тартып жол тозуп,
Кыйраткыла – деп айтат.
Аны менен тим болбой,
Жана кайра баргыла,
Алайга кыргыз койбостон,
Кыргын кылып салгыла!
Кайта барып чапкыла,

Калың олжо тапкыла.
Кыргынды кыйла салып кел,
Кызынан кыйла алып кел,
Баш көтөргөн эрлерин,
Жол боюнча жарып кел!»
Кан Акун буйрук кылыптыр,
Кайта тартып калың кол,
Алайды карай жылыптыр.
Эки кол каптап келишип,
Алыстан көрүп бири-бирин,
Аныкташып көрүшүп.
Айгайды катуу салышып,
Ат коюшуп калышып.
Аламан уруш кылышып,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушту.
Найзага камбыл ыктуулар,
Айбалта чабар мыктылар.
Кандуу канга батышты,
Каршы терши чабышты.
Азаматтар кыйкырып.
Кыйгактуу найза, кызыл бөрк,
Кыран эрдин кырк чоро,
Кылымды бузган Кара көк,
Кыргыздан чыккан кырк бөрү,
Кыран эрдин жөкөрү.
Аралап уруш кылганы,
Токтолуп уруш кыла албай,
Оогандын колу жылганы,
Аламан койгон кырк бөрү,
Азгана зыян кылышты.
Оогандын колу жөнөлдү,
Кыргыздын колу артынан,
Кашкая кууп өмөлдү.
Качты Ооган шаарына,
Токтолуп уруш кыла албай,
Кырандардын каарына.
Шаарга качып кириптир,
Колго тийген Оогандын,
Этегин башка түрүптүр.
Курчап шаарын калганы,
Тыштан ичке жан кирбей,
Ичтен тышка жан чыкпай,
Сасык камал болгону,
Тынч жаткан элге кол салып,
Түбүндө кайдан оңгону.
Калың Ооган элинин,
Калк бийлеген зардалы,
Акылмандын чанданы.
Кан Акунга барышып,
Сөздөрүн айтып салышып:
«Кыргызга барып кол салдык,
Тынч жаткан элге асылып,
Кесирибиз ашынып,
Балакетке жол салдык!
Атагы кыргыз эл экен,
Оболтон бери карата,
Асыла барган душманга,
Каптаган кыян сел экен!
Арстан Манас баатырга,
Алышам деген кем экен!
Атасынан бабасы,
Алышкан жоону кор кылган,
Айланасын чыккысыз,
Темирден тарткан тор кылган,
Маңдайын карыш шор кылган.
Чоң атасы Ногой кан,
Айтканы журтка эм болуп,
Алышкан душман кем болуп.
Канаттууга кактырбай,
Тумшуктууга чектирбей,
Камчылууга чаптырбай.

Кайтарып багып кыргызды,
Кас санаган душманды,
Так катырып тургузду.
Атасы Ногой өлгөндө,
Кайтпас жайды көргөндө.
Кыргыздардын эсебин,
Тапкан экен Эсенкан.
Тунжурата кыргызды,
Чапкан экен Эсенкан.
Кара көзүн кыргыздын,
Ойгон экен Эсенкан,
Кандарына чыңала,
Тойгон экен Эсенкан.
Тополоңун тоз кылып,
Ар тарапка бөлүптүр,
Өлгөндөн калган карыздар,
Көргүлүктү көрүптүр.
Баарысын бөлүп таратып,
Башка элдин көзүн каратып.
Өкүм күч менен таратып,
Өзгө элдин көзүн каратып.
Жолдорун бузуп жоюптур,
Жоготуп такыр коюптур.
Атасы Жакып Алтайга,
Айдалып барып туруптур,
Калмактардын колунда,
Кордук көрүп куруптур.
Туулган экен бул Манас,
Кең Алтайдын жеринде,
Кеңири калмак элинде.
Тогузга жашы толгондо,
Тоорулушкан элдерге,
Тогошор кези болгондо.
Зордук кылган калмакты,
Бир баштан кармап союптур,
Баатырларын баш кылып,
Кара көзүн оюптур.
Эсен кан нечен асылып,
Чамасы жетпей калыптыр,
Кол сала келген эрлерин,
Астын-үстүн салыптыр.
Алтайды Манас жер кылып,
Азган-тозгон кыргызды,
Баштарын курап эл кылып.
Асмандан мунар жошулуп,
Алтайдагы калмактын,
Журт болуптур кошулуп.
Көчө келип Алтайдан,
Анжиянда Алооке,
Кыргызга абдан жаман жоо.
Алооке деген кан чыккан,
Айбатынан жан чыккан.
Анжиянды сураган,
Ал сураган калың журт,
Алымына чыдабай,
Абыдан кейип кууралган.
Алты миң жамбы, миң кундуз,
Алып турган Алооке,
Аябаган бүлүктү,
Салып турган Алооке,
Каш кайтартпай бир жанды,
Чарбысынан камандай,
Жарып турган Алооке.
Калк чуркурап бүтүптүр,
Каран калган кара жер,
Калыңдыктан түтүптүр,
Калкты соруп Алооке,
Элүү жылы күтүптүр.
Баатыр Манас беттешип,
Алоокени көрүптүр,
Кың дей албай Алооке,
Жүрөгү чочуп өлүптүр.

Дегенине Манастын,
Анда Алооке көнүптүр,
Кошабыш, Бооке балдарын,
Тартуусуна бериптир.
Алоокенин элинен,
Бир кишини өлтүрбөй,
Башына зыян келтирбей.
Кечиримди бериптир,
Бергенин атпай көрүптүр.
Тугун туруп Алооке,
Сапырылып качыптыр,
Тынчып токтоп тура албай,
Эсенкан карай качыптыр.
Калчанын каны Шоорук кан,
Тим турбай оозу дооруккан,
Кабылан Манас баатырга,
Катылып Шоорук оолуккан.
Калчанын каны Шоорукту,
Каптап кыргыз киргенде,
Мойнуна салып боолукту.
Шоорукту Манас жеңиптир,
Улактай кылып эңиптир.
Кылмышын алып мойнуна,
Жарашып Шоорук эл болуп,
Катылам деген Манаска,
Ичтери толгон дем болуп,
Өзүнөн өзү кем болуп.
Ошолорго окшоп биз,
Арстан Манас баатырга,
Аңдабай туруп кол салдык,
Балакетке жол салдык.
Адилет Манас болуучу,
Астына барган оңуучу.
Камалып жатпай шаарда,
Алдына тартуу баралы,
Кылмышты моюнга алалы,
Арстан Манас баатырга,
Айкалышып калалы,
Калк кырбайлык катышып,
Ал келбесе элге тайышып»
Акылмандан баарысы,
Атпай журттун ичинде,
Эл эскирткен карысы.
Акун кан турду ойлонуп,
Ойлоп акыл толгонуп:
«Көп жашаган карылар,
Көптү көргөн сарылар,
Айтканыңар эп экен,
Ойлоп турсам биздин иш,
Барып турган чеки экен.
Баарыңарга эп болсо,
Мен Акун айтар кеп болсо:
Арстан Манас баатырдын,
Астына тартуу баралы,
Акылдан шаштык баатыр деп,
Кылмышты монга алалы».
Айтып сөзүн Акун кан
Кызыл куйрук токуңар,
Асыл булдан арттырып,
Ар нарлардын үстүнө,
Калың килем жаптырып.
Токсон боз ат үстүнө,
Абай үртүк тарттырып,
Алтындан жүгөн каттырып.
Көчтөн озгон көрктүүдөн,
Көмкөрө кундуз бөрүктүүдөн.
Олоңдой кара чачтуудан,
Он алты менен он жети,
Ортосунда жаштуудан.
Отуз сулуу кыздарга,
Торгун, тубар кийгизип,
Жоргодон тандап мингизип.

Акун кан өзү баш болуп,
Арстан Манас баатырдын,
Алдына тартуу барышты,
Аттан түшүп баарысы,
Колдорун алып бооруна,
Салам айтып салышты.
Акун кан сөздү баштады,
Сөз айтуудан шашпады:
«Арстан Манас айкөл шер,
Астыңа келип турабыз,
Азыр биз бир кылмышкер.
Баатыр сени таанымбай,
Баса барып кол салдык,
Кол салганы курусун,
Башыбыздан арылгыз,
Балакетке жол салдык!
Өзүбүз барып катылдык,
Катылганы курусун,
Башыбыз чырга чатылдык!
Аңдабай барып кол салып,
Абийирибиз ачылып,
Аягында сенделдик,
Аргабызды таба албай,
Алдыңа тартуу биз келдик!
Упалуу беттен кан акса,
Убалы кимдин мойнуна,
Сурмалуу көздөн жаш акса,
Суусу кимдин койнуна!
Кызыл муштум балдар бар,
Нечен бир мүңкүр жандар бар.
Аларга убал болбосун,
Убалын бизге койбосун!
Сунган моюн меники,
Сууруган кылыч сеники.
Сунуп берген моюнду,
Суурган кылыч кеспейт деп,
Оболтон бери карата,
Айтылып келген бу бир кеп.
Мойнумду сунуп бурамын,
Жан соогалап турамын!
Карап бер десең карайын!
Жер бош десең тарайын!»
Акун кан айтып басылды,
Аркасынан токтобой,
Манастын оозу ачылды:
«Кой Акун кан кайгырба,
Акылыңдан айрылба!
Адамдан тартуу тартуну,
Коё койгун Акун кан,
Мындан кийин бул ишти,
Жоё койгун Акын кан.
Каратып сени не кылам,
Тынчытып коюп элиңди,
Кайра тартып мен жылам.
Адамдан башка тартууңду,
Олжо кылып аламын,
Кол кошундун апарып,
Ортосуна саламын.
Кыз керек болсо Акын кан,
Сыйлашып куда болушуп,
Семизден малды союшуп,
Май чайнашып оңушуп.
Сарпайы кийит кийишип,
Кадырлашып сүйүшүп.
Ушундай өрнөк баштайлы,
Кектин баарын жоюшуп,
Бир тууган эл болушуп,
Кол кармаша баштайлы»
Манастын өзү токтолду,
Аркасынан удаалаш,
Акун сүйлөп октолду.
« Кулдугум бар баатыр дейм,

Айтканың бизге акыл дейм»
Акын кан мындай дегенде,
Анда Түлкү кеп айтат,
Нускалуу сөздөн көп айтат:
«Кулдук деген ушу сөз,
Кудалыкка айтылчу,
Өткөн ата-бабадан,
Бизге калган ушу кеп.
Манас менен сен Акун,
Кудалашып тынгыла,
Жарашканың чын болсо,
Ушундай өрнөк кылгыла»
Сураштырып көрүшсө,
Акунда бар кыз бала,
Манаста жок түк кана.
Түлкүнүн сөзү оң экен.
Жана Түлкү кеп айтат:
«Ооздон чыккан жакшы сөз,
Кетирбестен талаага,
Бел куда болуп алыңар,
Урушуп кулдук калыңар»
«Макул болот баатыр дейм,
Ушу сөзүң акыл дейм»
Токсон жылкы, токсон нар,
Азыр келди айдатып,
Аргымактын көкүлгө,
Аяктай кебез байлатып.
Куда түштү мал айдап,
Кубантып көңүл куп жайлап.
Мал семизин сойдуруп,
Малайы, байын ылгабай,
Башына жаздык койдуруп,
Кол, аягын чойдуруп,
Аппак майга тойдуруп.
Чай кайнатып кант салып,
Чатыраш ойноп даң салып.
Дасторкону жыйылбай,
Тамашасы тыйылбай.
Тамаша менен таң атып,
Күлкү менен күн батып.
Ооган, кыргыз жарашып,
Жакшылык ишти санашып,
Кадыр, сыйын карашып,
Жакындашып жанашып.
Буулум, бута дүрүйө,
Казынада Акундун,
Толуп жаткан дүнүйө.
Баашайы, торгун барча бар,
Дейилде, кымкап, шөкүлө,
Толуп жаткан канча бар.
Кийитти берди Манаска,
Ал кездеги кыйла кан,
Акун канга жетем деп,
Эгеримде талашпа.
Ооган, кыргыз эки журт,
Эл болуп калышты,
Кыргыздын колу дүңгүрөп,
Кайра жолго салышты.
Коштошуу сөзүн айтышып,
Узатып чыгып кыргызды,
Оогандын колу кайтышып,
Адилет Манас экен деп,
Ар бири сөзүн айтышып.

## АЛМАМБЕТТИН ОКУЯСЫ

Алооке кан, Эсен кан.
Соорондук үчөө бир тууган.
Бала көрбөй калыптыр,
Баласыздык жөнүнөн,
Кайгыга башын салыптыр.
Балалуу болсом экен деп,
Атын уккан ырымдын,
Бирин койбой кылыптыр.
Бакшы менен бүбүгө,
Абыдан кулак түрүптүр.
Бурканына табынып,
Бала сурап бергин деп,
Кечилдерге жалынып.
Мал бериптир аябай,
Мал көзүнө карабай.
Бул бериптир аябай,
Бул көзүнө карабай.
Калың калмак элинде,
Бир уруунун каны экен,
Тагылык деген бар экен.
Тагылыктын колунда,
Экзер кызы болуптур,
Акылы менен көркүнө,
Көргөндүн көөнү толуптур.
Он жети жашка жеткенде,
Он сегиз көздөй өткөндө.
Курачылар көрүптүр,
Көргөндө көнүл бөлүптүр.
Соорөндүккө барышып,
Курачылар медиреп,
Тагылык кызы Экзердин,
Жайын айтып салышып,
«Тагылык кызы Экзерди,
Алгын каным турбастан,
Башкалардын сөзүнө,
Кулак салып бурбастан.
Ушул Экзер эр тубат,
Кара кулак шер тубат.
Ажыдаардай октолгон,
Айкыргандай тоошунан,
Алаа саат болгончо,
Алты сан кошун токтолот,
Алышкан эр жок болот».
Курачыдан кеп угуп,
Тагылык кызы Экзердин,
Сын сыпатын калтырбай,
Кан Соорөндүк төп угуп
Тагылыкка Соорөндүк,
Калдай менен жайсаңдан,
Жуучуларды салыптыр,
Кызына малын аябай,
Сарып кылып чачыптыр.
Жуучулардын сөзүнө,
Кан Тагылык көнүптүр,
Тоюна топтоп мал союп,
Экзер кызын бериптир.
Жомокчулар кээ бирөө,
Мына мындай кеп айтат:
«Алмамбеттин атасы,
Азизкан деген деп айтат.
Азиз деген арап тил,
Уккандар ойлоп анык бил,
Азиз демек арапча,
Ыйык деген мааниси,
Ушу экен сөздүн мааниси.
Алтынай ат, Алманбет,

Бул аттардын баарысы,
Бирге кирип дин менен:
Ислам динден жуккан кеп.
Соорөндүк көөнү тоюнуп,
Кайгынын баары жоюлуп:
Туруптур Экзер кашында,
Ак тасмадай чоюлуп.

## АЛМАМБЕТТИН ТУУЛУП ӨСКӨНҮ

Бир күндөрү Экзердин,
Боюна бала бүтүптүр,
Аман төрөр бекен деп,
Кан Соорөндүк күтүптүр.
Бойго бала бүткөнү,
Үч ай каркап толуптур,
Жүрөгүнө жолборстун,
Экзер талгак болуптур.
Жээри жолборс жүрөгү,
Жериги күчөп ашынып,
Жүдөп Экзер кетиптир,
Күндөн күнгө басынып,
Байкап билип Соорөндүк,
Каарын төгүп бакырып,
Эл ичинде мергендин,
Бирин койбой чакырып.
Жыйылып мерген келгенде,
Буйрук сөзүн айтканы,
Жандарынан түңүлүп,
Кашына келген мергенге:
Кан Соордөндүк кеп айтат:
«Карап турган мергендер,
Жарлык сөзүм угуңар,
Аял кылып турбастан,
Азыр аңга чыгыңар!
Жолборс, илбирс шер болсун,
Кара чаар кабылган,
Арстан болсун не болсун.
Жолукканын атыңар,
Алып мында кайтыңар,
Аңда көргөн иштериң,
Төкпөй-чачпай айтыңар»
Кандан буйрук кеп угуп,
Кан Соорөндүк өзүнө,
Жүрөгү керек деп угуп.
Мергендердин баарысы,
Жашы менен карысы.
Мылтыктарын октошуп,
Миңден, жүздөн топтошуп.
Колокторун асынып,
Колок-колок бастырып.
Тоолуу токой черлерди,
Камыштуу чөл жерлерди,
Аюу, жолборс, кабылан,
Алар жүрчүү жерлерди.
Аралап баарын кыдырып,
Арылдап аккан чоң дайра,
Арытып баарын сыдырып.
Аркардан миңден атышып,
Аркардын этин татышып.
Бугудан миңден атышып,
Бугунун этин татышып,
Ээн талаада мергендер,
Тамашага батышып,
Эриккенин жазышып.
Мылтыктан түтүн булатып,
Жолборстон атып сулатып.
Ак бараңдан түтүнүн,
Асманды көздөй булатып,
Арстандан атып сулатып.

Кара чаар кабылан,
Катар атып кулатып,
Аюу менен каманды,
Аралаш атып чубатып.
Мергендер кайта келишип,
Аткандардын баарысын,
Кан Соорөндүк колуна,
Тактап санап беришип.
Ыраазы болуп мергенге,
Самагандын баарысын,
Бир эле эмес бир канча,
Атышып келип бергенге.
Бирин койбой баарына,
Аттан тандап миңгизип,
Асылдан сарпай кийгизип,
Мергендерди күлгүзүп.
Жерик болгон Экзерге,
Арстан, жолборс, шерлердин,
Жедириптир Экзерге,
Бир эмес тогуз жүрөктү,
Көрөсүңөр акыры,
Экзерден чыккан дүмөктү.
Жериги тарап басылып,
Кабагы карыш ачылып,
Токтолуп жүрөк жазылып.
Курсакта бала өсүптүр,
Күндөн күнгө жетилип,
Кыймылдоого жетиптир,
Токтоно албай бул Экзер,
Башка түргө өтүптүр,
Агыны катуу дайрадан,
Аяк малбай кечиптир.
Аттап өтүп коолорду,
Арымдап өтүп бир демде,
Ашуусу бийик тоолорду.
Караса көзгө илинбей,
Закым болуп жоголуп,
Кай кеткени билинбей.
Кыймылдады баласы,
Айтылган сөздүн даанасы.
Чиренип бала койгондо,
Экзердин көзү сүзүлүп,
Белиндеги кемери,
Беш бөлөк болуп үзүлүп.
Бойго бала бүткөнү,
Тогуз айга толуптур,
Убакты мезгил болгондо,
Толготор кези болуптур.
Толгоосу кирди чоюлуп,
Чыдай албай толгоого,
Токтоно албай чиренип,
Экзердин көзү коюлуп.
Бакшы, бүбү келиптир,
Курсагын оңдой бериптир.
Толгоосу тогуз күн болду,
Толготкон мындай ким болду.
Тогуз күнгө толгондо,
Туштү бала баркырап,
Доошу чыгып ыркырап.
Кармалашкан катындар,
Баланы жерден алышып,
Чиренип бала койгондо,
Катындардын баарысы,
Чалкадан кетип калышып.
Отуздагы кишидей,
Айкырыкты салыптыр,
Боордой болуп уюган,
Оң колуна кара кан,
Бек чеңгелдеп алыптыр.
Сол колунда уучтаган,
Жети кара таш болгон,
Бала жерге түшкөндө,

Жыгылып Экзер мас болгон.
Жаңы туулган баланы,
Ак жубарга орошуп,
Адамдан арстан туулду – деп,
Айтат сөзүн жорошуп.
Табак-табак салыптыр,
Оозандырып алыптыр,
Экзер эркек тууду деп,
Соорөндүктүн өзүнө,
Азаматтан бир канча,
Сүйүнчүгө барыптыр.
Кабагы карыш ачылып,
Кайгынын баары чачылып.
Төбөсү көккө жетиптир,
Төгүлүп капа кетиптир.
Аргымак тандап ат берди,
Аялдабай бат берди,
Шаңдуу жамбы, сары алтын,
Баарын берип Соорөндүк,
Орундатты эл салтын.
Буулум, бута дүрүйө,
Берди толгон дүнүйө.
Торгун, тубар, барчадан,
Баашайы, макмал, торкодон,
Толуп жаткан канчадан.

## АЛМАМБЕТТИН ТОЮ

Соорөндүк тойду баштады,
Толгон мал союп таштады.
Арак, шарап тарттырып,
Аземин элге арттырып.
Кулак угуп, көз көргөн,
Жер жемишти жайнатып,
Даңкандарга чайларды,
Кып-кызыл кылып кайнатып.
Ак күрүчтү бастырып,
Ар шайманын ашырып,
Эсенканды баш кылып,
Ойрот менен калмактын,
Баарын тойго чакырып.
Тоюна топтоп эл келип,
Толкуган дайра көл келип.
Ала-Тоодой эт кылып,
Ала-Көлдөй чык кылып,
Тойго келген адамдын,
Тойдуруп баарын жык кылып.
Балбан күрөш, ат чабыш,
Баары өнөрү бүтүптүр,
Тойго келген көп элге,
Бардык менен түтүптүр.
Эл жыргашып тараптыр,
Жай-жайына караптыр.
Кан Соорөндүк баласын,
Ак супка салып оротуп,
Ар ишинин баарысын,
Жакшылыкка жоротуп.
Колуна алып келгени,
Эсенкандын алдына,
Ат коюп бер балама,
Ме деп сунуп бергени.
Эсенкан колго алыптыр,
Салмактап кармап калыптыр.
«Аман жүрүп чоңойсо,
Оңой бала болбойтт го,
Оодарышкан эрлерди,
Оңдурбастан сомдойт го!
Тегин бала болбойт го,
Серпишем деген эрлерди,
Темселетип сомдойт го!

Аты болсун Мажик – деп,
Асылам деген эрлерди,
Алам саатка койбостон,
Алары мунун анык – деп,
Айдап жолго баарысын,
Салары мунун анык» – деп.
Тою тарап эл кетти,
Эми бала канетти.
Мойнуна жагоо тагыптыр,
Ата-энеси баланы,
Ардактап акыр багыптыр,
Боконосун көтөрүп,
Жетиге жашы толуптур,
Ата-эненин колунда,
Эркелик күндө болуптур.
Илгерилеп өскөндө,
Онго жашы толгондо,
Окуур кези болгондо.
Окууга берип окутту,
Көңүлгө билим токутту.
Окууну чыган окуду,
Көңүлгө бекем токуду.
Жер алдына кириптир,
Жети жыл анда жүрүптүр.
Жер алдында жатуучу,
Жети баштуу ажыдаар,
Андан өнөр окуптур,
Окуткандын баарысын,
Биринката кетирбей,
Көңүлүнө токуптур.
Мылтык атып, жаа тартуу,
Октун илимин окуптур,
Ачып көзду жумганча,
Өрт алдырып жиберчүү,
Чоктун илимин окуптур.
Ободогу булутту,
Оодарылтып айлаткан,
Жердин жүзүн бир демде,
Тегиз кылып жайнаткан,
Жайдын илимин окуптур.
Өнөргө каркып жеткенде.
Он сегиз жашка өткөндө.
Кыран Мажик баланын,
Жүрөк эти толуптур,
Жүткүнөр кези болуптур.
Булчуң эти толуптур,
Булкушар кези болуптур.
Кара кылды как жарган,
Калыс болот Алмамбет,
Жалганчы, бузук адамдан,
Алыс болот Алмамбет.
Бей-бечара момунга,
Көзүн салат Алмамбет,
Бой көтөрүп турбастан,
Сөзүн салат Алмамбет.
Калктан түрдүү кеп угат,
Кан Эсенкан баш болуп,
Катарында улуктар,
Кара ниет деп угат.
Бир күнү туруп Алмамбет,
Атасынан жол алат,
Жанына жолдош кылууга,
Жайсандардан кошчу алат.
Атка минип эрмекке,
Аралап элди көрмөккө.
Элди аралап чыгыптыр,
Элди кандай кысканын,
Сураштырып угуптур.
Башына көк капталып,
Мойнуна зоолу салынып,
Күндөгө колу байланып,
Бутуна кишен илинип,

Карып жандан түңүлүп.
Күнөөкөрдү көрүптүр,
Көргөндө көңүл бөлүптүр.
Жээрине тамак жок,
Кийими жок үстүндө,
Ачкадан өлгөн адамды,
Баштан көргөнү,
Санат жеткис адамды.
Жөө кишиге көтөрткөн,
Кандарды көрүп Алмамбет,
Адамдыктан айрылган,
Жандарды көрүп Алмамбет.
Айран азыр таң болуп,
Эл кордугун көргөндө,
Ойлонуп башы маң болуп.
Ботодой көзү жайнаптыр,
Оздогу отуз тиш,
Качырата чайнаптыр.
Болот кылыч айбалта,
Билегинде чалылуу,
Жоо жарактын баарысы,
Тулку бойдо тагылуу.
Үйнө кайта келиптир,
Ата менен эненин,
Келип жүзүн көрүптүр.

## АЛМАМБЕТ ЭЛДИН УКУГУН ТАЛАШКАНЫ

Бир күнү туруп Соорөндүк,
Каарданып акырып,
«Бачым келгин кашыма,
Алмамбет» – деп чакырып.
Алмамбетке кеп айтат:
«Айтып турган сөзүмө,
Сал кулагың – деп айтат.
Коңурбайдай калчага,
Тарынбастан барып кел,
Тартып алган Кан-Жайлак,
Менин жерим болучу,
Кайтарып иттен алып кел,
Калчага алың келбесе,
Кайта келбей өлүп ал,
Караңгы жайды көрүп ал!
Эркек уул туулганда,
Намыс жолду куучу,
Мен өңдөнгөн атасы,
Белин бекем буучу!»
Атасынын айтканын,
Тыңшап туруп Алмамбет,
Бирин ката кетирбей,
Сындап туруп Алмамбет.
Атасына кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Зордукчу Коңур калчага,
Бар десең ата барайын,
Журт куруткан канкорго,
Барбай кантип калайын!
Ажалым жетсе өлөйүн,
Ааламды бузган залимге,
Бир беттешип көрөйүн!»
Айтып сөзүн Алмамбет,
Бар жарагын байланып,
Жоо жарагын шайланып.
Жаалы чыгып жүзүнөн,
Жалыны чыгып көзүнөн.
Кайратын жыйып боюна,
Ардеме келип оюна.
Белдемчи белге байланып,
Берендин көөнү жайланып,
Беттешүүгө Коңурга,

Бел булуттай айланып.
Доолбасын байланып,
Толкуган көңүл жайланып,
Тогошууга Коңурга,
Тоо булуттай айланып.
Албарсын аса байланып,
Арстандын көөнү жайланып,
Алышууга Коңурга,
Асмандагы булуттай,
Аркы-терки айланып.
Сараланы токунуп,
Сандыргалуу Алмамбет,
Атасынын кашында,
Сайрап сөзүн окунуп.
Сыр найза илип карыга,
Сызылтып жолго киргени,
Чоң Коңурга барууга.
Сараланы каргытып,
Аңгемесин арбытып.
Чөк-Табылгы жайлоодо,
Алгара тулпар байлоодо.
Он эки канат ак ордо,
Көгала майдан шиберге,
Боз дөбөдөй ийилип,
Каардуу Коңур калчага,
Калдай менен жайсандар,
Каршы-терши жүгүнүп.
Алмамбет кирип барганы,
Ашкере залим канкорго,
Абайлап көзүн салганы.
Алооке кандын Коңурбай,
Эл чабууга камданып,
Каарынан канкордун,
Калың эл чочуп таңданып,
Айланада кошуну,
Алты түмөн жарданып.
Олтурган экен чоң Коңур,
Ойротту баскан оңбогур.
Оң жагында туруптур,
Оёндон толгон калдайы,
Сол жагында туруптур,
Жайсаңдардын далайы.
Олтурган экен баарысы,
Аксакалдуу карысы.
Адырайган чоң Коңур,
Адамга ырай оңбогур.
Алмамбет байкап караса,
Айландыра санаса,
Ашкере канкор Коңурга,
Ала тоодой обурак,
Конуп калган кези экен,
Ааламды басып шоораты,
Болуп калган кези экен,
Он эки мүчө тең келип,
Толуп калган кези экен.
Кайраты каркап жык толуп,
Даарып турган кези экен,
Баш көтөртпөй калмакты,
Каарып турган кези экен.
Атпай элдин баарысын,
Ажыдардай оп тартып,
Соруп турган кези экен,
Баш көтөрбөй бир адам,
Коруп турган кези экен.
Кылымга толгон калмакты,
Басып турган кези экен.
Баш көтөрбөй калайык,
Шашып турган кези экен.
Ар уруунун элине,
Алты миң жамбы, миң кундуз,
Айда санап токтотпой,
Алымына какшатып,

Алып турган кези экен.
Аябаган дүмөктү,
Салып турган кези экен.
Кайыр айткан ким болсо,
Койдой кылып баштарын,
Чалып турган кези экен,
Каарын төгүп калыкка,
Кыйнап турган кези экен,
Кандай жорук болот деп,
Калың кара калайык,
Ыйлап турган кези экен.
Астындагы Алгара,
Мойноп турган кези экен,
Жер жүзүнүн элдерин,
Талкандай кылып чалсам деп,
Ушу күндө Коңурбай,
Ойлоп турган кези экен.
Каш кайтарган Коңурга,
Сойлоп турга кези экен.
Адамды адам экен деп,
Эч убакта Коңурбай,
Билбей турган кези экен.
Тушарына башканы,
Илбей турган кези экен.
Күндөн күнгө күч алып,
Күчөп турган кези экен.
Күйгөн оттой жалындап,
Түтөп турган кези экен.
Кабылан Алмаң камынып,
Ач арстандай чамынып.
Кирип барып ордого,
Ажыдаардай октолуп,
Алда канча улуктар,
Жайнап карап токтолуп.
Көпчүлүккө Алмамбет,
Салам берди ийилип,
Алмамбетти көргөндө,
Эр Коңурбай калчанын,
Кабагы карыш түйүлүп,
Ооздон оту буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап.
Аттан түшпөй кеп айтат:
«Менин айткан сөзүмдү,
Ук Коңурбай» – деп айтат.
«Салам бердим калыкка,
Алик алмак сенде жок,
Өзүңдөн эч кимди,
Албайсың го барыкка.
Салам бердим өзүңө,
Өзүңдөн башка адамды,
Илбейсиң го көзүңө,
Көзүңдү ачып Коңурбай,
Сал кулагың өзүмө!
Текеберлик оюңда,
Өзүңдөн башка адамды,
Теңебейсиң боюңа!
Мен айтамын көп сөздү,
Кулакка сыйчуу эп сөздү.
Мен айтамын ар сөздү,
Алооке кан, Соорөндүк,
Эсенкан үчөө бир тууган.
Алоокеден сен болсоң,
Соорөндүктөн мен болом.
Соорөндүктөн Кан-Жайлак,
Жерин тарып алыпсың,
Атакеме караган,
Элин тартып алыпсың,
Күч-кубаттан айырып,
Демин тартып алыпсың!
Кайтарып жерин бергиниң,
Айтканыма көнгүнүң!
Айтам сөздү Коңурбай,

Журт куруткан оңорбу ай!
Калың калмак уруусун,
Карып кылып турупсуң,
Кайыр айткан ким болсо,
Толгоп мойнун жулупсуң!
Койдой башын кесипсиң,
Коондой ичин жарыпсың,
Кан сыктатып калыкты,
Ашып-ташып даарыпсың!
Ыйлатыпсың Коңурбай,
Карып, жетим, жесирди,
Убалына карабай,
Кылыпсың тоодой кесирди.
Алты миң жамбы, миң кундуз,
Айда санап токтотпой,
Алымыңа алыпсың,
Азапка журтту салыпсың!
Атпай калмак элине,
Билгениңди кылыпсың,
Каш кайтарган адамды,
Тамам союп тыныпсың!
Сап кылыпсың элдерин,
Сай кылыпсың жерлерин,
Түгөтүпсүң демдерин.
Бир да ырайым кылбапсың,
Жетим, жесир кемдерин.
Залимдигиң койбойсуң,
Ар качандан бир качан,
Ичип канга тойбойсуң!
Бул эмне кордугуң,
Ар качандан бир качан,
Элге кылган зордугуң!
Бул эмне мазагың,
Элге кылган азабың!
Кара ниет чоң Жолой,
Адагы залим неме экен,
Караган ага бир уруу,
Талпак болгон кем экен,
Өмүрлүккө жем экен.
Арманы тоодон чоң болуп,
Ичтери толгон дем экен.
Бороончу менен Наскара,
Ал экөөнө не чаара,
Аларың таш боор өзүндөй,
Боздоду эл-журт бечара.
Бозкертик менен Мырадыл,
Кан сыктатып калыкты,
Иштерине жок адил.
Сырларын уктум кечилди,
Аларың турган учурда,
Эл-журттун сөөгү эшилди!
Айтып турган сөзүмө,
Киресиңби Коңурбай?
Эл курутпай түз жолдо,
Жүрөсүңбү Коңурбай?!
Менин айткан сөзүмдү,
Аласыңбы Коңурбай,
Эл курутпай түз жолго,
Барасыңбы Коңурбай!
Ынсап менен топукка,
Жыласыңбы Коңурбай,
Эл курутпай токтолуп,
Тынасыңбы Коңурбай,
Адилеттик иштерди,
Кыласыңбы Коңурбай.
Баштагы жаман бейлиңден,
Кайтасыңбы Коңурбай,
Кайттым деп азыр бу мага,
Айтасыңбы Коңурбай.
Кел Коңурбай макул бол,
Бирлешип туруп экөөбүз,
Баштайлык элге туура жол!

Эл үстүндө заңытты,
Кайта баштан оңдойлу,
Ким баспаса оң жолго,
Күнөөсүн коюп мойнуна,
Ойрон кылып сомдойлу!
Тындыралык калыкты,
Бей-бечара үстүнө,
Салбайлык оор салыкты!
Эл жыргасын куунасын,
Барарына жер таппай,
Кирерине көр таппай,
Эл куруткан канкорлор,
Жолу катып ууласын!
Эсенканга баралы,
Айтып турган сөзүмдү,
Бирин жерге калтырбай,
Кулагына салалы!
Макул болсо Эсенкан,
Жаңыдан илим жазылсын,
Ар урууда кандардын,
Ордосуна асылсын.
Эсенкан макул дебесе,
Биз айтканга көнбөсө.
Чатакты мыктап баштайлы,
Журт курутпай жогол деп,
Сыймыгын баштан учуруп,
Тактан алып таштайлы!
Атпай журттун ичинде,
Акылманын жыялы,
Кеңешти салып ортого,
Жаңыдан илип чыгартып,
Эл тынчытып тыналы!»
Алмамбет сөзү токтолду,
Ачууланып Коңурбай,
Алмамбет көздөй октолду.
Анда Коңур кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Ээ, Соорөндүктүн арамы,
Калжыраба – деп айтат,
Оозуңа келген кепти айтып,
Калжыраган арамсың,
Бир сөзүңдүн эби жок,
Тантыраган арамсың!
Не кыларын билбеген,
Алдыраган арамсың!
Ушу менин өзүмдү,
Залим-залим дей бердиң,
Тантырап бокту жей бердиң!
Эл куруткан дей бердиң,
Эби жок бокту жей бердиң!
Адилет деген эмине?
Аныңды билбейм тегеле!
Эл дегениң эмине?
Эбиңди билбейм тегеле!
Калк дегениң эмине?
Кандайын билбейм тегеле!
Каңгайдын калың калкы ушул,
Кадимден берки салты ушул!
Илийди оңдоп калмакка,
Сендей арам береби,
Сен арамдын сөзүнө,
Эсен кан пашаа көнөбү?!
Баатырлыгын көрөйүн,
Тантыраган арамдын,
Канын жерге төгөйүн!
Кара көзүн оёюн,
Ичиндеги кара кан,
Кош уучтап ичип тоёюн!
Боорунан өтүн алайын,
Өлүм кылып салайын,
Арам итти сойдум деп,
Эсенкандын алдына,

Тартуу кылып барайын!»
Ал сөздү айтып Коңурбай,
Көк жолборстой чамынып.
Очогорун октоду,
Ooздон оту буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Алмамбетке октолду.
Алмамбет кирди акырып,
Тозоңун тоодой сапырып.
Коңурбайга карата,
Сырнайзаны сундуруп,
Доошу кулак тундуруп.
Алмамбеттин үнүнө,
Ажыдаардай сүрүнө,
Токтолуп Коңур туралбай,
Качырып найза суна албай.
Алгара камчы салганы,
Алапайын табалбай,
Алактап качып калганы.
Калдай менен жайсаңдар,
Не кыларын биле албай,
Качты баары чуркурап,
Бет-бетинен дыркырап.
Ордонун баары чачылды,
Калың кол сайлап качканда,
Кара жердин топурак,
Арык болуп казылды,
Арбагын баштан учуруп,
Сыймыгын баштан качырып,
Желегин желге жапырып,
Жетти Алмамбет айкырып,
Сыр найза менен неткени,
Адырайган чоң Коңур,
Алгаранын үстүнөн,
Аңтарылып кеткени.
Бооруткалап оңолуп,
Жана качып жөнөлдү,
Аркасынан айкырып,
Алмамбет кууп өмөлдү.
Каран калган Алгара,
Булуттуу көктүн астынан,
Буралган шибер үстүнөн,
Көрүнгөндө көрүнүп,
Көрүнбөсө Алгара,
Закым болуп бөлүнүп.
Коңурбай кетип кутулуп,
Алмамбет калды умтулуп.
«Эми туруп нетейин,
Артынан кууп жетейин.
Эсенканга барайын,
Барбай кантип калайын,
Тартынбай сөзүм айтайын,
Андан кийин кайтайын.
Аны ойлонуп Алмамбет,
Сараланы каргытып,
Аңгемесин арбытып.
Коңурбайдын артынан,
Жөнөп калды Алмамбет,
Эл үчүн ойлоп кыйла нээт.
Адырайган чоң Коңур,
Азабы артык оңбогур.
Алгараны каргытып,
Алмамбет кууп жетет деп,
Кеткен жолун чаргытып.
Капкасы болот коргонго,
Кирип барды Коңурбай,
Эсенкандын ордого,
Акылынан шашыптыр,
Алмамбеттен чочунуп,
Жан талашып качыптыр.
Таазим кылып бүгүнүп,
Эсенкандын алдында,

Коңурбай турду жүгүнүп.
Эр Коңурбай кеп айтат:
«Ээ, Эсенкан каныбыз,
Менин айткан сөзүмө,
Аңдап кулак салыңыз!
Коломтодон кор чыкты,
Соорөндүктүн арамы,
Эң артыкча зор чыкты.
Мен айтайын сөзүмдү,
Соорөндүктүн арамы,
Айдай сары талаада,
Аттан сайып түшүрүп,
Кан жөткүрттү өзүмдү,
Оймок болду көзүмдү.
Үстү-башы канталап,
Коңурбай турат анталап.
Антаңдап Коңур кеп айтат,
Арамдык сөзду көп айтат:
Соорөндүктүн арамы,
Ушу турсун бу жерге!
Арам итти кордугу,
Артыкча өттү зордугу!
Арам иттин кеби көп,
Өзүнчө кылган эби көп.
Атпай калмак калың эл,
Элиңди алам деп айтат,
Жашап туран атпай эл,
Жериңди алам деп айтат,
Астыңа минип олтурган,
Тагыңды алам деп айтат,
Башыңа конгон дөөлөт куш,
Багыңды алам деп айтат,
Там коргонуң кулатып,
Кыям дейт чынар багыңды,
Кыйратып алтын тагыңды.
Отунга кыйып багыңды,
Ойрондойм деп баарыңды!
Колуңдан өкүм алам дейт,
Илийнди които
Башка жолго салам дейт.
Такып сөздү көп айтат,
Өзүңдү баштап Эсенкан,
Баарыңды бузук деп айтат!
Өзү билген эби бар,
Көөнү келсе арам ит,
Күн батышта бурутка,
Кете берер чени бар!»
Анда Эсенкан кеп айтат:
«Ай, Коңурбай – деп айтат.
Соорөндүктүн жери эле,
Кан-Жайлактай жайлоосун,
Зордук менен алганың,
Ырас эле – деп айтат.
Тартып алган өз жерин,
Бере койсоң не болот,
Бир сапаркы сөзүнө,
Көнө койсоң не болот,
Арбытасың чырды сен,
Калыстыкты айтам мен»
Ал аңгыча болбоду,
Алмамбет келди закымдап,
Коңурбайды такымдап.
Ордого кирди камынып,
Ач арстандай чамынып.
«Текебер кылып болбойтко,
Текебер адам оңбойтко!»
Ал сөздү алып оюна,
Кайраты толуп боюна.
Кандарга салам бергени,
Эсенкан баштап көпчүлүк,
Келгенин көзү көргөнү.
Эми Алмамбет кеп айтат,

Кеп айтканда деп айтат:
«Менин айткан сөзүмө,
Ой, Эсенкан каныбыз,
Сал кулагың – деп айтат.
Мен айтамын ар сөздү.
Акылга сыйчуу шар сөздү.
Мен айтамын көп сөздү,
Акылга сыйчуу эп сөздү,
Элиң калмак атагы,
Ушу күндө көрүндү,
Сурагыңдын чатагы!
Эл башкарган эрлериң,
Канкор экен баарысы,
Алык-салык көп алып,
Кесиптир элдин демдерин!
Адилеттик иш кылбай,
Акылга сыяр түз кылбай,
Какшатып калкты соруптур,
Болор болбос иш үчүн,
Кара көзүн оюптур!
Алмадай башын алыптыр,
Азапка журтту салыптыр.
Койдой башын кесиптир,
Коондой ичин жарыптыр,
Катуу өкүмгө чыдбай,
Эл чуркурап калыптыр.
Алоокенин Коңурбай,
Ал башкарган атпай эл,
Асили түбү оңорбу ай!
Ар уруудан ал канкор,
Алты миң жамбы, миң кундуз,
Алым алып жатыптыр,
Азапка атпай батыптыр.
Айткан сөзгө кириңиз,
Бузуктардын баарысын,
Жолотпой элге сүрүңүз!
Канкорлорду жоюңуз,
Калың кара калк үчүн,
Калыстык сурак коюңуз!
Калайыктын баарысын,
Кордобогун Эсенкан,
Калайыкты какшатып,
Катуу темир тор менен,
Тордобогун Эсенкан.
Калың журтту какшатып,
Ыйлатпагын Эсенкан,
Канкорлорду тукуруп,
Катуу оор салыкты,
Жыйнатпагын Эсенкан!
Кары-чири жаштарды,
Кыйратпагын Эсенкан!
Калайыкты какшатып,
Боздотпогун Эсенкан,
Көздөрүнүн жаштарын,
Тоздойтпогун Эсенкан!
Журт куруткан конкорду,
Эгерим койбо оюна,
Алардын көнбө жоюна!
Канкорлор көзү оюлсун,
Калк ичинен жоюлсун!
Каардуу күндөн кутулуп,
Калктын баары тоюнсун!
Эл бузгуч көзү оюлсун,
Эл ичинен жоюлсун,
Эң жаман күндөн кутулуп,
Эл-журт жыргап тоюнсун!
Кой үстүнө боз торгой,
Жумурткалап жайрасын,
Токойдо булбул сайрасын,
Калың элдин баарынын,
Казаны толук кайнасын!
Көргөндөрү түшүндө,

Өңүндө болсун деп айтам,
Жыргалчылык бир заман,
Көөнүндө болсун деп айтам!
Түнү жарык түш болсун,
Жыргалдуу күнгө туш болсун,
Укум менен тукумга,
Унуткусуз иш болсун!
Кел Эсенкан макул де,
Айтып турган сөзүмдү,
Катасы жок акыл де!
Адамды-адам кордогон,
Адилет ишке жатабы,
Ойлоп кара Эсенкан,
Арам иш жерге батабы,
Адилет ишти бузукка,
Акылдуу киши сатабы,
Такап айтам сөзүмдү,
Кан Эсенкан ойлонуп,
Ачып кара көзүңдү!
Калжыраган эме деп,
Ойлобо менин өзүмдү!».
Алмамбет айтып басылды,
Каарын төгүп Эсенкан,
Арандай оозу ачылды:
«Сен кандай курган баласың,
Өмүрүмдө укпаган,
Эң укмуштуу көп сөздү,
Мага сүйлөп саласың!
Минте берсең чунагым,
Чоң балаага каласың,
Узун өмүр көрбөстөн,
Жайрап жатып каласың!
Сендей чунак болбоду,
Сен айткан уккан соң,
Анда Эсенкан оңобу!
Кадимден калмак калк ушул,
Журт башкарып оболтон,
Келе жаткан салты ушул.
Кадимден кангай жер ушул,
Байыртан илийдин,
Келе жаткан чеги ушул.
Такта өткөрдүм кырк жылды,
Илийди котор деген сөз,
Азыр чунак өзүңдөн,
Кулагыма угулду.
Андай сөздү дебегин,
Антип бокту жебегин!
Оболтодон бери кеп келген,
Төрөнү төрө деп айтып,
Караны кара деп келген,
Төрөлөрдүн айтканы,
Каралардын үстүнө,
Абыдан туура эп келген.
Кан күтпөгөн болорбу,
Кансыз калык оңорбу?!
Төрөсүз журт болорбу,
Төрөсүз журт оңорбу?!
Кансыз элдер кем болот,
Ар качандан бир качан,
Кара журт канга жем болот.
Төрөсүз эл кем болот,
Ар качандан бир качан,
Төрөгө төмөн жем болот!
Кан менен төрө айтканы,
Калайыкка эм болот!
Кандын берген жардыгы,
Калайыкка дем болот!
Мындан кийин чунагым,
Айтпагын андай сөзүңдү,
Ачып кара көзүңдү!
Коңурбайды кордобо,
Өз башыңды зордобо!

Жүрөк этиң толгондо,
Жүткүнөр чагың болгондо.
Балтыр этиң толгондо,
Балбан чагың болгондо.
Бир кандыкты берейин,
Кыйын болсоң чунагым,
Анда өнөрүң көрөйүн!
Азыр кайта кете кой,
Эл камын ойлоп кайгыруу,
Аны сага ким койду.
Соорөндүккө жете кой!»
Айтып сөзүн Эсенкан,
Чыгып кетти ордого,
Бак баксалуу коргонго.
Эсенкан кетти жайына,
Капасы ичке жык толуп,
Кайнап ичи чок болуп,
Алмамбет келди каарына.
«Эсенкан эмес эсер го,
Адилеттир деп жүрсөм,
Бузуктарды жактаган,
Эл куруткан кесир го!
Барып турган анткор го,
Мунун өзүн сойбосом,
Кара көзүн ойбосом,
Адам болбой өлөйүн,
Туубай туна чөгөйүн!».
Аны ойлонуп Алмамбет,
Оюна алып далай кеп.
Эшикке чыкса Эсенкан,
Алмадай башын алсам деп,
Өлүм кылып салсам деп,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарсам деп.
Ордосунда капкадан,
Жети күнү күткөнү.
Жетинчи күнү болгондо,
Капкасы болот коргондон,
Эсенкандын ордодон.
Айнектей сулуу кыз чыкты,
Алмамбетти бет алып,
Бурулбастан түз чыкты.
Ар бир сөз айтып шоодурап,
Айнектей көзү жоодурап,
Жыпар күңкүп, жез бурап.
Алмамбет көрүп таң калды.
Акылы ооп сандалды,
Анда Алмамбет кеп айтат:
«Ой,кыз бала – деп айтат.
Менин айткан сөзүмө,
Көнөсүңбү» – деп айтат.
Кыздын аты Бурулча,
Акыл-эси кыйынча.
«Каалап турам мен сени,
Келесинби Бурулча,
Убадалуу сөзүңдү,
Бересинби Бурулча!
Менин айткан сөзүмдү,
Моюн сунуп мен жакка,
Ыгасыңбы Бурулча!
Макул десен Бурулча,
Азыр алып кетейин,
Атакеме жетейин!
Атакем тойду баштасын,
Баш коштуруп бир жолу,
Нике кыйып таштасын!»
Бурулча анда кеп айтат:
«Алмамбет уккун кебимди,
Жол талашып кандардан,
Кыла турган эбиңби!
Азыр мени алам деп,
Чыгарбаган демиңби!

Эсенканга сынчылар,
Сен тууралу кеп айтты,
Бир айтпастан көп айтты:
«Соорөндүктүн баласы,
Сынап байкап биз билдик,
Турбай бизге эл болуп,
Ичинде толгон аласы.
Азыр тутуп сойдургун,
Кара көзүн ойдургун!
Алмамбет турбай бу жайга,
Кетип калат бир күнү,
Чатак салып кандарга,
Оолак жакта бир жайга»
Анда Эсенкан кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты.
«Карыганда көрдү эле,
Соорөндүктүн баласы,
Ичинде болсо аласы.
Аны өлтүртүп болобу,
Өлтүрткөндө баласын,
Урушту катуу кылбастан,
Соорөндүк соо коёбу!
Өзү да көрөт Соорөндүк,
Баласынын аласы,
Ала экени чын болсо,
Өзүнөн өлсүн баласы»
«Өз атаңа ишенбе,
Атандын бутун кишенде!
Акылыңды жамдагын,
Бара турган жайынды,
Ушу баштан камдагын!
Акылындан айрылба,
Атам деп ага кайгырба!
Аман жетсең бир жерге,
Тынчып жатар бир элге.
Үзбөгүн үмүт бу менден,
Үмүтүм үзбөйм мен сенден.
Таңда күнү таң атар,
Саамал ичер күн тубар!
Убадамды актаармын,
Аман болсо Алмамбет,
Акыры бир күн келер деп,
Алты жылы сактаармын!
Желелеп жибек түйөрмүн,
Алмамбет келбей койбос деп,
Жети жылы күйөрмүн!»
Кол кармашып коштошуп,
Айры төөдөй боздошуп.
Бурулча туруп калганы,
Кылчак-кылчак караныл,
Алмамбет жолго салганы.
Сараланы каргытып,
Артынан чаңын баргытып.
Сараланы чуратып,
Артынан чаңын буратып.
Алмамбет келди коргонго,
Атасынын ордого.
Сараладай тулпарды,
Түркүккө аса байлады,
Ашыкпай көңүл жайлады.
Ордого кирип барганы,
Атасына Алмамбет,
Абайлап көзүн салганы.
Салам берди бүгүлүп,
Атасынын алдында,
Алмамбет турду жүгүнүп.
Атасына кеп айтат,
«Коңурбайдай калчага,
Бардым ата» – деп айтат,
Тик бастырып Коңурга,
Барганын айтат Алмамбет,
Тартынбастан туура сөз,

Салганын айтат Алмамбет.
Коңурбайды кекетип,
Турганын айтат Алмамбет,
Сөзүнө көнбөй койгондо,
Сундуруп найза Коңурга,
Калганын айтат Алмамбет,
Кан жөткөртүп калчаны,
Салганын айтат Алмамбет.
Айласы кетип Коңурбай,
Шашканын айтат Алмамбет.
Эсенканга карата,
Качканын айтат Алмамбет.
Эсенканга Коңурдун,
Барганын айтат Алмамбет.
Оозуна келген чагым сөз,
Айтканын айтат Алмамбет.
Эсенканга тартынбай,
Адилеттик иштерден,
Айтканын айтат Алмамбет,
Сөзүн албай Эсенкан,
Кабагы карыш салынып,
Кайтканын айтат Алмамбет.
Атпай журттун баарынын,
Көрүп турган азыркы,
Кордугун айтат Алмамбет.
Каарду канкор кандардын,
Зордугун айтат Алмамбет.
Эл үстүндө илийдин,
Жаманын айтат Алмамбет,
Коңурбай башчы калдайлар,
Кара нээттик иш кылган,
Амалын айтат Алмамбет.
Атасына кеп айтат:
«Ой, атаке Соорөндүк,
Айтып турган сөзүмдү,
Алгының ата – деп айтат.
Ала көр ата сөзүмдү,
Ачайын анык көзүңдү!
Калмактын калкы кара курт,
Кайнап жаткан теңиз журт.
Көптүгү элдин чөп экен,
Атпай калмак элдин,
Адамдыктан айрылып,
Кордукта жургон көп экен!
Калың элдин үстүнөн,
Кандардын сөзү эп экен,
Бей-бечара момунда,
Тепселегени кие чөп экен.
Аябастан атпайга,
Салат экен салымды,
Убалына карабай,
Алат экен алымды!
Токтотпой алым бербесе,
Зоолу салып мойнуна,
Кишен салып бутуна,
Кесет экен баштарын,
Ыйлатып кары, жаштарын!
Кайсы бирин айтайын,
Толуп жаткан азабы,
Атпай элдин баарына,
Кылып турган мазагы!
Өтүп турат кордугу,
Канкорлугу ашынып,
Артыкча кылган зордугу.
Кандарга каршы турамын,
Калк куруткан иттердин,
Иштерин бузуп тынамын!
Бүгүндөн баштап кыймылдап,
Чек араны бөлөмүн,
Канкорлордон келгенди,
Төбөмө түшсө көрөмүн!
Кошунду жыям колума,

Айбайына койбостон,
Атпай журттун үстүндө,
Илийисин котортуп,
Саламын адил жолуна!
Кандар менен кагышам
Качпай туруп салышам!
Ач арстандай алышам,
Аянбастан салышам!
Маңдай-тескей турушам,
Майдан тартып урушам!
Ажал жалгыз айда өлбөйт,
Өлбөгөн адам не көрбөйт!
Залим болсо кан оңбойт,
Ар качандан бир качан,
Өлүмдөн корккон жан оңбойт!
Төгүлбөй турган кан болбойт,
Толкуган кошун аламын,
Төбөсүнөн басамын!
Элден жыйган алымын,
Тартып алып колунан,
Карып менен мискинге,
Кайра баштан чачамын!
Тукумун үзөм канкордун,
Журт куруткан анткордун!
Кандардын күчүн көрөмүн,
Акыр заман журтуна,
Айтылып калсын өнөрүм!
Арбытып кошун жыямын,
Адам сойгуч канкордун,
Амалдарын түгөтүп,
Буратала тыямын!
Коңшуну арбын жыямын,
Корксо да башка бир өлүм,
Компоңдогон кандардын,
Колдорун байлап тынамын!
Чийем азыр сызыкты,
Кара ниет кандарга,
Көргөзөмүн кызыкты!
Кутуруп кандар оолукту,
Колу-бутун кишендеп,
Түгөтүп туруп сайларын,
Мойнуна салам боолукту!
Кыямын чынар бактарын,
Кыйратып алтын тактарын,
Таш коргонун талкалайм,
Кум коргонун кулатам,
Кандарды бүтүн сулатам!
Минип турган алдында,
Тагын берем атпайга,
Башына конгон дөөлөт куш,
Багын берем атпайга!
Өкүмүн алам колунан,
Өнөрүн алам жолунан.
Эл ичинде жөөлөтөм,
Беттерин бүтүн көөлөтөм!
Агызам суудай кандарын,
Аман койбойм жандарын!
Эл тынчытып салайын,
Тынчытпай кантип калайын!
Кел атаке маакул де,
Айткан сөзүм акыл де!
Мен билбеген сөздөрдөн,
Акыл айткын атаке,
Кулагыма киргизип,
Такып айткын атаке!
Жарабаган жерлери,
Ачык айткын атаке!
Балапан жүнүм башымда,
Чырымталым бетимде,
Жаштык кылып салбасам.
Адилет иштер нээтимде!»
Алмамбет сөзүн укканда,

Соорөндүн чочуп токтолду,
Бир айкырып баласын,
Алмамбет көздөй октолду.
Токтолуп туруп кеп айтат:
«Кандай курган баласың,
Бул мүнөзүң барында,
Ушу менин өзүмдү,
Чоң балаага саласың!
Айткан сөзүң эп эмес,
Адам угар кеп эмес!
Айткан кебиң жаман кеп,
Эч акылга сыйбайт эп!
Бул кебиңди ит уксун,
Ит укпаса ким уксун!
Кап-караңгы түн уксун!
Оозу ачылган көр уксун,
Булардан башка ким уксун!
Угузба андай сөзүңдү,
Угузган болсоң сөзүңдү,
Уйпалап коём өзүңдү!
Каратпай тешем көзүңдү,
Каттам кылам өзүңдү!
Жалынсаң укпайм сөзүңдү,
Жайраттырам өзүңдү!
Айттырбай кесем тилиңди,
Агытам кары жинимди!»
Каарданып Алмамбет,
Кылычын кындан суурганда,
Кыйкырып акыр турганда,
Соорөндүк наалып токтолду,
Анда кийин бир дагы.
Айтар сөзү жок болду.
Алмамбет акыл ойлонуп,
Суу чыбыктай толгонуп.
«Атамда душман турбайбы,
Ата деп айтсам бул итти,
Мени буркан урбайбы!
Мында туруш бөлбойт го,
Тура берсем бул жерге,
Кандардын баары туташып,
Кармап мени оңдойт го!
Эми туруп нетейин,
Күн батышта бурутка,
Токтобой кирип кетейин!
Белгилүүдөн жерди таап,
Беренден баатыр эрди таап.
Өчүрбөй өчүм алармын.
Кара жолтой кандарга,
Кабарым катуу угулду,
Кара ниет капырлар,
Жүрөгү оозго тыгылды.
Эми кандар козголот,
Чача албай көпкө топону,
Жалгыз турган Алмамбет,
Армандуу күндө сомдолот.
Жалгыздыгым, жаштыгым,
Акыл-эстен мастыгым!
Мурунтадан озунуп,
Элди колго алууну,
Ойлобой калган экенмин,
Алгыр кыран тайгандай,
Жойлобой калган экенмин!
Калк укпай калды сырымды,
Калк куруткан кандарга,
Катуулап кылар чырымды!
Уккан болсо калайык,
Ээрчибейт беле өзүмдү,
Жактабайт беле сөзүмдү!
Кара жолтой Соорөндүк,
Капыстан мени айдады,
Капыстан колум салганда,
Канкордун көзү жайнады,

Катуу өкүнүп Алмамбет,
Оозун бекем кармады.
Бармагын тиштеп, баш чайкап,
Өкүнчү тоондон чоң болуп,
«Төө кыяда чыкты» – деп,
Турду Алмамбет көз жайнап.
Энеси ыйлап болкулдап,
Эчкирип турду солкулдап.
«Айланайын каралдым.
Жаңырыктуу кыядан,
Жалгыз элең уядан!
Эңелчектүү кыядан,
Элким элең уядан!
Жалгыз туума жолборсум,
Калың калмак бу күндө,
Жайлуу жер сага болбосун!
Жайыңды билдим оңбосун!
Алты бөрү бир тайды,
Таласа тарпың коёбу.
Алты сан душман бир жандын,
Сабаса тарпын коёбу!
Жети бөрү бир тайды,
Таласа тарпын коёбу,
Жети сан душман бир жанды,
Сабаса тарпын коёбу!
Жалгыз туруп көп жоого,
Катылган киши оңобу?!
Тегерегиң темирден,
Тордо калдың кулунум,
Түшкөн кайра чыккысыз,
Казылып койгон кырк кулач,
Ордо калдың кулунум!
Маңдайындан арылгыз,
Шордо калдын кулунум!
Ушу күндө кулунум,
Тегерегиң туюк тоо,
Тереңдиги теңиздей,
Толкуган душман улуу жоо,
Канеткенде кулунум,
Кара башың калат соо!
Кап-караңгы жылчыксыз,
Түндө калдын кулунум,
Кайрат кылар жолдош жок,
Күндө калдын кулунум!
Ашуусу бийик Ала-Тоо,
Белде калдың кулунум,
Аксанаган бири жок,
Элде калдын кулунум!
Адамдын башы маң болгон,
Жолдо калдын кулунум,
Айланаңды баарысы,
Ажыдаардай заардуу,
Колдо калдын кулунум!
Жыты тийсе жай болчуу,
Ууда калдын кулунум,
Кулагыңды тундурган,
Чууда калдын кулунум!
Асмандан түшкөн мөндүрдөй,
Окто калдын кулунум!
Жалыны тоодой айбатуу,
Чокто калдын кулунум!
Алдыңда казган терең ор,
Түшпөй кантип өтөсүң,
Турбастыгын көрүңдү,
Кулунум кандай бир элге
кетесиң?!
Калмактын Эсенканынан,
Эл талаштың кулунум,
Элимди азат кылам деп,
Дем талаштың кулунум!
Калың кара калк үчүн,
Жол талаштың кулунум,

Кара башың жап-жалгыз,
Мол талаштың кулунум!
Же, сабырлыкты кылбадың!
Жан күйөр жолдош жыйбадың!
Жайдарым жалгыз Алмамбет,
Энекеңди кыйнадың!
Айланайын каралдым,
Айлананды карагын,
Арымы узун душмандан,
Кутулуп ишке жарагын!
Аска бийик бел тапкын,
Кол кармашар эр тапкын!
Кыясы кымбат бет тапкын!
Кыйындык түшсө башыңа,
Кыйрашып барчуу эр тапкын!»
Анда Алмамбет кеп айтат:
«Айткан акыл сөзүңдү,
Энеке баарын уктум – деп айтат.
Эми бар жарагым жамдайын,
Жоо жарагым камдайын.
Жолдошумдун баарына,
Ок өтпөс тондон кийгизип,
Ок жетпес тулпар мингизип.
Каршы чыккан душманга,
Каш кайтарбай киргизип.
Өлсөм акыр өлөрмүн,
Өлбөй аман кутулсам,
Күн батышта бурутка,
Бет алып турбай жөнөрмүн!
Качырып кирген жоо болсо,
Качпай туруп атышам,
Кара канга батышам!
Качпай туруп сайышам,
Кайратымды бошотпой,
Кабыландай тайышам!
Качпай туруп урушам,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып турушам!
Өлгөндөр болсо өкүнүп,
Өбөктөп туруп өкүрүп.
Ай талаага таштабай,
Жерди оюп көмөрмүн,
Өлгөнүнө калганын,
Ээрчитип алып соңумдан,
Күн батыш көздөй жөнөрмүн!
Качкан да бергин деп айтат,
Кууган да бергин деп айтат,
Өз тилегин эп айтат.
Туура жолду чабам деп,
Туулган жерден айрылдым,
Канатым сынып кайрылдым,
Туягым сынып тайгылдым!
Ташты басып тайгылдым,
Талаштуу элден айрылдым!
Толкуган дайра көл калды,
Созулган тала чөл калды!
Аккан тунук суу калды,
Атпай элдин башында,
Кайсы бирин айтайын,
Арылбаган чуу калды!
Каарларын төгүп эл-журтка,
Кара жолтой кан калды,
Баштары каардан кутулбай,
Канчалык түмөн жан калды!
Калкка тийбей жарыгы,
Күүгүмдөп күйүп шам калды!
Гул багым кулап ор болду,
Күмүшүм чирип бор болду,
Эми күндөшүм дуулап зор болду,
Күлүстөн элим кор болду!
Бубагым кулап ор болду,
Тузум эрип шор болду,

Душманым дуулап зар болду,
Тууган эл куурап кор болду!
Тууган элдин кордугун,
Ойлоп туруп бу күндө,
Тумшуксуз Алмаң оор болду!
Жолумду бузуп жоюшар,
Жогору акыр коюшар!
Калкымды бузуп жоюшар,
Карайлатып коюшар!
Элимди бузуп жоюшар,
Эндиретип коюшар!
Оозуна мени алганды,
Ойрон кылып коюшар!
Калкым тарап бүтөт го,
Каран калган кара жер,
Калыңдыгынан түтөт го,
Калдайган калың калыкты,
Канкорлор бийлеп күтөт го!
Атпай эл азап көрөт го,
Ар тарапка болот го,
Атпай элдин баарысы,
Аргасыздан көнөт го,
Көнбөгөндөр акыры,
Ажалдан мурун өлөт го!
Каргаша калкка кылат го,
Кылып жаны тынат го!
Элиме эмгек кылат го,
Эңшерип акыр тынат го!
Өчүрбөй өчүм алармын,
Өлүп калсам кантейин,
Өксүп жатып калармын!
Кетирбей кегим алармын,
Кезегим келбей мен өлсөм,
Кемип жатып калармын!
Түйшүгү катуу кандарн,
Түшүнө бир күн кирермин,
Кире албасам арманда,
Үшкүрүп акыр жүрөрмүн!»
Армандуу сөзүн көп айтып,
Айныбастан төп айтып.
«Эми туруп нетейин,
Күн батышка бет алып,
Бурутка кирип кетейин.
Жан жолдошко онду алды,
Ок өтпөстөн тонду алды.

## АЛМАМБЕТТИН КАЧКАНЫ

Он жолдоштун баарына,
Ок өтпөстөн кийгизип,
Ок жетпес тулпар мингизип.
Бар жарагын байланып,
Жоо жарагын шайлантып.
Кабылан Алмаң көк жалың,
Каарданып бүркөлүп,
Кайраты толуп чүмкөлүп.
Атасына кеп айтып,
«Канчада кылса атасын,
Өлтүрүп сени нетейин,
Акыр заман журтуна,
Атасын сойгон дедирбей,
Тирүү таштап кетейин!
Кош энеке кайгырба,
Айрылып менден калдым деп,
Акылыңдан айрылба!
Ак сүтүңдөн кечкиниң,
Ушу жарык дүйнөдө,
Капаланбай өткүнүң!
Өлбөй аман кутулсам,
Кабарым калкка угулар,

Канкорлордун жүрөгү,
Ооздоруна тыгылар!»
Ал сөздү айтып Алмамбет,
Атырылып октолду,
Аргасы кетип Соорөндүк,
Наалыган бойдон токтолду.
Кыны кызыл, сабы алтын,
Байнектери сары алтын.
Кылычты кындан суурулганда,
Кыйкырып Алмаң турганда,
Ордо сакчы солондор,
Качты баары дыркырап,
Кара жаны чыркырап.
Эшигине байлаган,
Эликтей көзү жайнаган.
Окторулуп ойногон,
Ок жыландай сойлогон.
Саралага мингени,
Токтолбой жолго киргени.
Он жолдошун коргоптур,
Душмандын жолун торгоптур.
Ордодогу солондор,
Барабан согуп-баң тартты,
Алмамбет качты бизден деп,
Катуулатып шаң тартты.
Каргадан болуп кабары,
Канаттуу куштан чабары.
Каргасы учуп жеткени,
Эсенкан баштык кандарга,
Кабар таштап өткөнү.
Эсенкан баштап элетти,
Улуктардын баарысы,
Эсинен танып селейип.
Эсенкан туруп кеп айтат,
Эсинен танып көп айтат:
«Соорөндүктүн баласы,
Ичинде толгон аласы,
Акырысы түбүндө,
Бизге тиет балаасы,
Алтай тоону ашырбай,
Бурутту көздөй качырбай.
Өмөлүп кармап алгыла,
Кармап торго салгыла.
Тирүү байлап келгиле,
Өз колума бергиле!
Кармабай аман куткарсак,
Асмандан мунар жошулат,
Манаска барып кошулат»
Эсенкан буйруп турганы,
Кан буйругун угуптур,
Калмактан чыккан баатырлар,
Алмамбетти кармоого,
Каптап кошун чыгыптыр.
Каардуу баатыр Коңурбай,
Кара жалдуу Бороончу.
Кылымдын уулу Мырадыл,
Доңуз мүнөз чоң Жолой.
Жолун тороп жетишип,
Мылтык атып, жаа тартып,
Найза сайып өтүшүп.
Кыран Алмаң көк жалың,
Жеткенин жерге жанчтады,
Келгендердин кыйласын,
Кесип башын таштады.
Тозгонго калба баштады,
Тоздуруп жерге жанчтады,
Толкуп келген кошунду,
Тоздурууга баштады.
Баатырлар жетип сайышып,
Найзанын учу майышып,
Кабыргалар кайышып.
Аты айтылган баатырлар,

Алмамбеттен сайылып,
Этеги башка жайылып.
Жандары аман калыптыр,
Аркасынан келгенин,
Бирин да аман куткарбай,
Астын-үстүн салыптыр.
Чамбыл ала чаң кылып,
Ай талаанын баарысын,
Кызыл ала кан кылып.
Астын-үстүн салганы,
Ал өңдөнгөн душмандан,
Аман чыгып алганы.
Аман-эсен душмандан,
Жолдошторун өлтүртпөй,
Кутулуп Алмаң алганы,
Түштүк жерге барганы.
Суудан ичип суунуп,
Кийимдерин жуушуп.
Жарааттан аман калыптыр,
Андан кийин Алмамбет,
Кайдасың деп буруттар,
Сызып жолго салыптыр.
Асылган душман бүлүндү,
Алмамбеттин шердиги,
Адамдан артык эрдиги,
Калың журтка билинди.
Баатырлар калды мыш болуп,
Алмамбеттен көргөнү,
Оюнан чыккыз иш болуп.
Кутулуп Алмаң алганы,
Мен-менсиген баатырлар,
Бет албай сойлоп калганы,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп.
Алтайдын тоосун таянып,
Жатышып уктап жай алып.
Кол, буттарын чоюшуп.
Эс алып жыргап оңушуп.
Адырдан аркар атышып,
Аркардын этин татышып,
Ала салып жатышып.
Будурдан бугу атышып,
Бугунун этин татышып,
Аттанып алып Алмамбет,
Кылкылдап жаткан Кыл-Эртиш,
Эртиштин суусун коргону,
Көрүп көңүл бөлгөнү.
Дүрбүнү колго алганы,
Султан Алмаң көкжалың,
Эртишке көзүн салганы.
Ардеме ойноп оюнда,
Кыл-Эртиштин боюнда.
Абайлап Алмаң караса,
Айландыра санаса.
Калың токой аралап,
Алда канча эл жүрөт,
Айгалашып кыйкырып,
Кара таандай эр жүрөт.
Элдин бири жак четинде,
Көгала ат минген бир киши,
Алмамбет байкап караса,
Айбаты артык эр киши.
Бастырып келип Алмамбет,
Сембанит деп сөз айтып,
Калмакча салам бергени.

## АЛМАМБЕТТИН КӨКЧӨГӨ КЕЛГЕНИ

Саламын алып эр Көкчө,
Кайтарып алик бергени,
«Кайдан келди булар деп,
Кыдырата карап көргөнү.
Алмамбетке эр Көкчө,
Көзүн салып караса,
Айландыра санаса.
Поруму жандан бир башка.
Калмактан чыккан көй кашка.
Кыл такыя – кызыл чок,
Кылымда мындай баатыр жок.
Алтындан кемер курчанган,
Айдай бетин нур чалган.
Күмүштөн кемер курчанган,
Күндөй бетин нур чалган.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Душманга салган чоң дүмөк,
Бил мүчөлүү бадирек.
Айбаты арстан жолборстой,
Алышкан аман болбостой.
Албарстан кылыч байланган,
Асмандагы булуттай,
Аркы-терки айланган,
Алышкан жоосун жайлаган.
Ээринин кашы алтын,
Олоңунун башы алтын,
Куюшканы куйма алтын,
Жүгөнү чымкый дагы алтын.
Атынан чылбыр кармады.
Алдына салды орунду,
Отурду Алмаң порумдуу.
Көөкөрдөн арак куйганы,
Арстан Алмаң султанга,
Алып келип эр Көкчө,
Өз колу менен сунганы.
«Кара чоктуу калмактын,
Калдайынын уулу окшойт.
Кызыл чоктуу ойроттун,
Кыйынын уулу окшойт.
Эми Көкчө кеп айтат:
Жолуң болсун баатырым,
Кайдан келдиң – деп айтат.
Тек сурамак келбеттен,
Жөн сурамак сөөлөттөн»
Анда Алмамбет кеп айтат:
«Ата тегим сурасаң,
Акылга кеңеш курасаң.
Тексиз киши дебегин,
Тегимден кайгы жебегин.
Жөнсүз киши дебегин,
Жөнүмдөн кайгы жебегин.
Уругум калмак эл болот,
Башымдан өткөн иштерди,
Уккандын башы дел болот.
Кара чоктуу калмактын,
Кандарынын уулумун.
Атамдын аты Соорөндүк,
Аллоке кан, Соорөндүк,
Эсенкан үчөө бир туушкан,
Атабыздан бабабыз,
Душмандын жолун буушкан.
Кандар менен кагыштым,
Качпай туруп салыштым.
Кыйындар менен кагыштым,
Кырчылдашып салыштым.
Өлөңдүү жерди өрттөдүм,

Кара суугa кан куйдум.
Асмандан булут тутулуп,
Асыла келген баатырлар,
Астын-үстүн талкалап,
Аман келдим кутулуп».
Алмамбет айтып токтолду,
Айтып оозун жыйганча,
Айдаркан уулу эр көкчө,
Атырылып октолду.
Сары улактан таптырды,
Алмамбетке эр Көкчө,
Алып келип талаада,
Садагасын чаптырды,
Үй тиктирип, бээ союп,
Даярданып турсун деп,
Айлына киши чаптырды.
Аттанышты дүңгүрөп,
Жер союлуп күңгүрөп.
Калың казак камынып,
Көрүшүүгө Алмаңа,
Кары дебей жаш дебей,
Баары келди жабылып.
Керней тартып бапылдап,
Сурнай үнү такылдап.
Ырчылар сайрап ырдашып,
Атпай келген көпчүлүк,
Арстан Алмаң султанга,
Аламан түшүп көрүшүп,
Тегерекетеп курчашып.
Айчыгы алтын туу менен,
Алып барып түшүрдү,
Айгайлаган чуу менен.
Амандашып турушуп,
Аркыттагы арактан,
Ар кимиси бир-бирден,
Алып келип сунушуп.
Ак боз бээден алдырып,
Ай туякка чалдырып.
Ак боз бээни сойдуруп,
Келгендердин баарысын,
Этке мыктап тойдуруп.
Атпай элдин баарысы,
Айтышып сөзүн салышты:
«Айдаркан уулу Көкчөнүн,
Алмамбетке туш болуп,
Арбагы кетти кылымга,
Кытай, Кырым, Урумга».
Келгендер кетти тарашып,
Жай-жайына карашып.
Тарап алып эл кетти,
Эми Алмамбет канетти.
Бир күн туруп Айдаркан,
Көкчө менен кеңешип,
Акылдарын теңешип.
Баламды өзүм алам деп,
Киргизип алды үйүнө,
Макул болот ата деп,
Алмамбет барды сүйүнө.
Казактардын карысы,
Калк ичинде бир катар,
Акылмандын баарысы.
«Элинен азган баатыр – деп,
Айдаркандын үйүнө,
Эргип акыр жатыр – деп.
Чакырып конок калышып,
Арстан Алмаң баатырдын,
Капасын ичтен жоюуга,
Аракет кылып тырышып.
Көкчөгө Алмаң келгени,
Алтай толук өткөндө,
Жетинчи айга жеткенде.
Алмамбет ой ойлонуп,

Ары-бери толгонуп,
«Жата бербей жалпайып,
Атка минип кампайып.
Кандардан жылкы алайын,
Кара ниет кандардын,
Умачтай ачып көздөрүн,
Тантыратып сөздөрүн,
Кайгыга башын салайын.
Атпай журтту какшатып,
Доңуз кандар ээлишти,
Батарын чокуп мээлешти».
Аны ойлонуп Алмамбет,
Эл ичинде кайраттуу,
Азамат алып кашына,
Токтобой жетип барганы,
Дария Амур башына.
Санат жеткис жылкыны,
Калдайлардан алыптыр,
Алмамбет атын укканда,
Жылкычынын баарысы,
Каш кайтарбай калыптыр.
Бир эмес барып Алмамбет,
Нечен жолу чаңдатып,
Кандардын алды жылкысын,
Амалдарын түгөтүп,
Ачып койду уйкусун.
Баштагы жерден көчүрүп,
Жаткан экен өчүрүп,
Акылынан шашыптыр,
Канкор кандар баарысы,
Амурдан чыга калыптыр.
Коңурбай, Жолой жылкысын,
Түп көтөрө алыптыр,
Күлкүлөрүн жоготуп,
Дүмөктү Алмаң салыптыр.
Кез келген жерден кечилден,
Керсейтип кармап алыптыр,
Кекесин кесип салыптыр.
Калдайдан кармап алыптыр,
Катуулап азап салыптыр.
Кандардан алган жылкыны,
Казакка бөлүп бериптир.
Бергенин атпай көрүптүр,
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Арстан Алмаң султандын,
Дегенине көнүптүр.
Туурдугу май болду,
Туташ казак бай болду.
Керегеси май болду,
Кебелбей казак бай болду.
Айдаркан уулу Көкчөнүн,
Алты жүз экен жылкысы,
Алты миңге толуптур,
Дөөлөтү каркап толуптур.
Арстан Алмаң көк жалың,
Атпай казак элине,
Адилет ишти көздөптүр,
Ар качандан бир качан,
Айтып сөзүн сөздөптүр.
Алдына келген арызчыга,
Кара кылды как жарган,
Калыстыкты кылыптыр,
Каса залым баарсы,
Алмамбетке беттебей,
Качып сайлап жылыптыр.
Арстан Алмаң көк жалдын,
Адилет иши күчөптүр,
Көрө албаган кай бирөө,
Ичтери күйүп түтөптүр.
Казактардын бийлигин,
Калыстыкка алыптыр,
Кашкая залым баарысы,

Катышпай калкка калыптыр.
Коюптур Көкчө оюна,
Үндөбөй көнүп бериптир,
Алмамбеттин тоюна.
Атпай журттун баарысы,
Айланыптыр чуркурап,
Ар качандан бир качан,
Арыздарын айтып чуркурап.
Алмамбеттин тушунда,
Жабагы аттай мөңкүптүр,
Жардылар байып жөңкүптүр.
Кулундар аттай мөңкүптүр,
Кулдар байып жөңкүптүр.
Элди чайкап бузгандар,
Бей-бечара момундун,
Эбин таап кыскандар.
Как талаада калыптыр,
Адилеттик иш кылып,
Атпай казак бийлигин,
Алмамбет колго алыптыр.
Атпай казак элинде,
Алымсейит Шууту,
Тынымсейит куусу.
Алмамбетке бир кастык,
Кылуунун камын ойлоптур,
Ала көөдөн Көкчөнүн,
Асты-үстүнө түшүшүп,
Амал менен жойлоптур.
Бир мүнөзү Көкчөнүн,
Катынга тарлык жери бар,
Башкасында кемчил жок,
Ушул жерден кеми бар.
Байбиче зайыбы Көкчөнүн,
Анын аты Акеркеч,
Акылы жандан артыкча,
Ар качандан бир качан,
Оюнда бар адал нээт.
Токолунун аты Буудайбек,
Ар качандан бир качан,
Ушак-айың үстүндө,
Тынч турбайт эч бир тек.
Бузук ишти күзөгөн,
Барган сайын күчөгөн,
Жанагы эки бузуктар,
Не кыларын билишпей,
Ичтери күйүп түтөгөн.
Алар амал ойлонуп,
Бузук сөз катын Буудайбек,
Ага жойлонушуп калыптыр.
Буудайбекке кеп айтып,
Бузук сөзүн көп айтып,
Келиштирип эп айтып:
«Буудайбек келин келип кал,
Биздин сөзгө кулак сал!
Сен бирдемени билдиңби,
Же, билбей көрбөй турдуңбу?
Бирдемени туйдуңбу,
Же, туйбай, билбей турдуңбу?
Калмактан келген жай таппай,
Качкан бир колу сай таппай.
Кыйырынан качкан жай таппай,
Кыйшык бир кул сай таппай.
Келип алып бу калмак,
Ала көөдөн Көкчөнүн,
Өкүмүн алды колунан,
Өрнөгүн алды жолунан.
Эл бийлигин алганы,
Эндиреп Көкчө калганы.
Калк бийлигин алганы,
Карайлап Көкчө калганы,
Анысы аз келгенсип,
Туз уруп кеткен бу калмак,

Басырыкка салганы.
Ак буудайдын унундай,
Камыр болду көрдүңбү?
Билдиребиз Көкчөгө,
Сен да айтып билдиргин,
Эр Көкчөнү бүлдүргүн»
Бузукулар көп айтат,
«Ой, эр Көкчө – деп айтат.
Эрдигиң бар эсиң жок,
Эчтеме менен ишиң жок,
Же, уйкуда көргөн түшүң жок.
Тузуң урган калмак кул,
Тебеледи өзүңдү,
Угасыңбы эр Көкчө,
Айтып турган сөзүмдү.
Акеркеч менен калмак кул,
Ак буудайдын унундай,
Жуурулушту көрдүңбү?
Ак бөкөндүн кылындай,
Суурулушту көрдүңбү?
Калмак кулдун кордугу,
Катуурак өттү зордугу!
Калмак кулду сойдурган,
Канын төгүп койдурган!
Калмактан келген бир кулдур,
Кайда болсо күнү бир булдур.
Кыйырынан качкан бир кулдур,
Кайда болсо ушундай,
Кыйшыктын куну бир булдур!»
Мындай сөздү укканда,
Көкчөнүн ичи күйүнүп,
Кабагы карыш түйүлүп,
Каарын төгүп бакырып,
Буудайбекти чакырып.
Буудайбектин үйүндө,
Жыйын болуп калыптыр,
Тапкычташып сөздөрүн,
Как ортого салыптыр.
Буудайбек сөздү баштаптыр,
Сөз айтуудан шашпаптыр.
Акеркеч менен Алмамбет,
Тар төшөккө жатышат,
Тамашага батышат.
Тамаша менен таң атат,
Күлкү менен күн батат.
Эчактан бери анык иш,
Ушу мага канык иш.
Алаптаган эр Көкчө,
Арак ичип мас болуп,
Арамзада бузгучтар,
Алмамбетке кас болуп.
Калмак кулду союуга,
Кара көзүн оюуга,
Кайраттанып калышып,
Катуулап сөзүн салышып.
Казактын баары дабырап,
Сөз сүйлөшүп жабырап.
Алмамбет үйгө жатпастан,
Аттанып алып кетчү эле,
Ала-Тоого жетчү эле.
Адырдан аркар атчу эле,
Аңгемеге батчу эле.
Курбудан кулжа атчу эле,
Кубанычка батчу эле.
Алмамбет келсе айылга,
Эр Көкчөнүн үстүнө,
Жыйын болуп калыптыр,
Абайлап байкап караса,
Кайраттарын чакырып,
Кыйын болуп калыптыр.
«Алыстан келген жоо барбы,
Атыша келген доо барбы»

Аны ойлонуп Алмамбет,
Алда кандай жумуш деп.
Буудайбектин үйүнө,
Эр Көкчөнүн үстүнө,
Кирип барды Алмамбет,
Оюнда жок жаман нээт,
Турду Көкчө күүлөнүп,
Ачууланып сүйлөнүп:
«Тузум урган калмаксың,
Ак ишимди кирдетип,
Арам жолго салмаксың!»
Көкчөдөн угуп бу сөздү,
Элейе түштү Алмамбет,
«Ушу кандай жорук деп,
Селейе түштү Алмамбет.
Суук сөз угуп күйүндү,
Ары-бери ойлонуп,
Балакеттүү жумушту,
Эми Алмамбет туюнду.
Туюнуп Алмаң кеп айтат:
«Баатыр Көкчө сабыр кыл,
Менин айткан сөзүмө,
Сал кулагың деп айтат.
Бузгучтардын сөзүнө,
Салба Көкчө кулагың,
Акылыңды токтотуп,
Сабыр кылар убагың!
Бузуку кулдар жеткендир,
Бузуп айтып кеткендир.
Жарыкы кулдар жеткендир,
Жарып айтып кеткендир.
Адам шайтан жеткендир,
Азгырып айтып кеткендир.
Мен билдим Көкчө чыныңды,
Ичиңдеги сырыңды.
Төрүңө кантип жатайын,
Төшөгүң кантип басайын.
Кирбегин бузук сөзүнө,
Ишенгин менин сөзүмө!
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун!
Ак бараңдын огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун!
Ач албарстын мизи урсун,
Арбак урсун ант урсун!
Мен калмактан качып келгенде,
Сарала менен желгенде.
Кыл-Эртиштин боюнда,
Жолуктум Көкчө өзүңө,
Жакшылап кулак салып тур,
Менин айткан сөзүмө.
Кыл-Эртиштин боюнда,
Ошо күндөн ушу күн,
Унутулбайт оюмда.
Ободон мунар боз болдук,
Кол кармашып дос болдук.
Кыл болот мизин жалаштым,
Кыйырыңдан качан адаштым,
Кызматыңа караштым,
Кыйшыктардын сөзүнө,
Кулак коюп эр Көкчө,
Кыйшайып жолдон адаштың.
Журтунан көчпөс казактын,
Туурдугун киш кылдым,
Ит аягын мис кылдым,
Жыргалдуу күнгө туш кылдым.
Көлдөтүп жылкы айдаттым,
Көк өзөн төргө жайлаттым.
Сызылтып казы чайнаттым,
Сыдырым сыртты жайнаттым,
Зыңкыйтып күлүк байлаттым.
Мен келгенде эр Көкчө,

Алты жүз эле жылкыңыз,
Аз гана эле мүлкүңүз.
Азыр күндө эр Көкчө,
Алты миң жылкың болуптур,
Сандыгыңдын баарысы,
Сары алтын мүлккө толуптур.
Ук сөзүмдү кан Көкчө,
Бул бейлиңден жан Көкчө.
Сарала менен желгеним,
Он жыл болду эр Көкчө,
Ушу сенин өзүңө,
Башымды салып келгеним!»
Анда Көкчө кеп айтат,
Каарданып бек айтат:
«Калмак кулду сойгула,
Кара көзүн ойгула!»
Казактар турду камынып,
Карма-карма-карма деп,
Карма кулду жайла деп,
Алмамбетке жабылып.
Кылычты кындан суурганда,
Кыйкырып Алмаң турганда.
Уялбас ултаң бетиби,
Урушар казак көтүбү.
Баарысы чочуп токтолду,
Андан кийин Алмаңа,
Асылган казак жок болду.
Арак ичип мас болуп,
Акыл кетип аз болуп,
Жатып калды эр Көкчө,
Үн дебей оозу таш болуп.
Алмамбет келди Көкчөгө,
Кош аман бол эр Көкчө,
Бузгучтарга алдаткан,
Ала көөдөн жер Көкчө.
Көкчөнү колдон алыптыр,
Бекем силкип салыптыр.
Эр Көкчөнүн башында,
Көк сүлөсүн бөркү бар,
Ар кандай азыр кылса да,
Алмамбеттин эрки бар.
Силккенде Көкчө мүргүдү,
Сүлөөсүн бөрк башынан,
Күйүп турган жалынга,
Тике түшүп ыргыды.
Тебетей отко чалдыкты,
Жайнап турган казактар,
Аргаларын табалбай,
Абыдан жаман ардыкты.
Алмамбет басып чыкканы,
Айбатына чыдабай,
Ар канча көп болсо да,
Жылдыздын күнү кем экен!
Калктуу киши зор экен!
Калксыз киши кор экен!
Калксыздын алы чак экен,
Калкынан азган жигитке,
Кайтпаган өлүм ак экен!
Элдүү киши зор экен,
Элсиз киши кор экен!
Элсизин күчү чак экен,
Элинен азган жигитке,
Эртелеп өлүм ак экен!
Эми мында туруп нетейин,
Күн батыш кирип кетейин!»
Ал сөздү айтып Алмамбет,
Бар жарагын байланып,
Жоо жарагын шайланып,
Каар жүзүнө айланып.
Жаалы чыгып сөзүнөн,
Жалыны чыгып көзүнөн.
Ботодой көзү жайнаптыр,

Оороздогу отуз тиш,
Качырата чайнаптыр.
Кайраты толуп боюна,
Качырып казак кол салса,
Кайыр кылып кайрылбай,
Карайлатмак оюнда.
Бастырып Алмаң калыптыр,
Алдынан тосуп Акеркеч,
Токто бери уул деп,
Ар түрдүү сөздөн салыптыр:
«Бузуку кулдар жайынан,
Буудайбектин айынан.
Көкчөнү кудай алганы,
Бузуктардын сөзүнө,
Ишенип кулак салганы,
Акырысы түбүндө,
Армандуу бойдон калганы.
Айтамын акыл өзүңө,
Арстан Алмаң көк жалым,
Сал кулагың сөзүмө,
Эми мындан кетесиң,
Кайсы жакка жетесиң.
Башка жакка кайрылба,
Мен айткан сөздөн айрылба.
Тийип өткүн Таласка,
Жолугуп өт Манаска.
Манастын жайын айтайын,
Айта түшүп кайтайын:
Күн батыш көздөй жол жүрсөң,
Аябай мол жүрсөң.
Сары-Өзөн, Чүйү бар,
Сандаган кыргыз эли бар.
Сары-Өзөнгө барганда,
Сол тарапка кайрылсаң,
Нурку жери Талас бар,
Ошо Талас жеринде,
Улук баатыр Манас бар.
Кадырың билчү как ошо,
Кайраттуу эрлер баарысы,
Кашында жүрөт а кошо.
Бейлиңди билер бек ошо,
Берендердин баарысы,
Бетинде жүрөт а кошо.
Сегизинде октолгон,
Серпишкен жоосу жок болгон.
Он жашында октолгон,
Олушкан жоосу жок болгон.
Он үчүндө мүчөгө,
Оттой күйүп түтөгөн.
Жыйырмасында баш болгон,
Жылбаган кара таш болгон.
Отуз жашка чыкканда,
Ордолуу орчун кан болгон,
Ойротко сөзү даң болгон.
Калмактан эл кылган,
Казак менен кыргызды,
Катарда жок Көкчөнү,
Кан аттантып тургузду.
Ак жибек түрүп капшырам,
Тийбей өтсөң Манаска,
Аяш ак тузума тапшырам!».
«Тузуңду аяш актармын,
Айткан ушу сөзүңдү,
Көңүлүмө сактармын»
Ал сөздү айтып Алмамбет,
«Кош аман бол аяш» – деп,
Жолго кирди көрүнүп,
Жоолордон кайтты бөлүнүп.

## АЛМАМБЕТТИН МАНАСКА КЕЛГЕНИ

Бир күнү Манас түш көрөт,
Түшүндө сонун иш көрөт:
Ай талаада келайтып,
Кара жолдун мизинен,
Ач албарс кылыч тааптыр,
Ары-бери имерип,
Үйдөй болгон кара таш,
Кара ташты чааптыр.
Балтыркан чапкан немедей,
Кара таш кетти бөлүнүп,
Калдыраган боюнча,
Кабакка кулап төгүлүп.
Таап алган кылычты,
Белине бекем чалыптыр,
Бир оокумда караса,
Арстан болуп калыптыр.
Арстан чыкты чамынып,
Алам саат болгуча,
Төрт аяктап айбанат,
Алдына келди жабылып.
Күн чыгыш карай камынды,
Күркүрөп арстан чамынды.
Жолборстор тутуу буйругун,
Баары келди баш ийип,
Чатына тыгып куйругун.
Күн батыш карап жайланды,
Кун батышта азуулу,
Сийдиги булут айланды.
Чогулушуп турушту,
Азуулунун баарысы,
Айбатына баш ийип,
Арстанга моюн сунушту.
Бир убакта ал арстан,
Ажыдаар болуп кубулду,
Көргөн жандар баарысы,
Оозго жүрөк тыгылды.
Ажыдаар аркырап,
Заар чыгып заркырап.
Сойлогон жери коо болуп,
Топурагы зыркырап,
Кызыл жалын шыркырап.
Ышкырыгы шаркырап,
Оп тартканда демине,
Таш учуруп туш-туштан,
Кара шамал заркырап.
Узундугун караса,
Алты жүз кулач болуптур,
Ачууланып оп тартса,
Ала-Тоону соруптур,
Жер жүзүндө жандуулар,
Баш көтөрбөй коркуптур.
Ажыдаарга кубулуп,
Будайык болуп чыгыптыр,
Асманды карай сызыптыр.
Будайыктын дуусуна,
Канатынын куусуна.
Асмандагы канаттуу,
Топтоп жерге түшүптүр,
Жүрөктөрү жарылып,
Жандан үмүт үзүптүр.
Асмандан келип буудайык,
Колуна кайта конуптур,
Манастын көөнү толуптур.
Уйкудан Манас ойгонуп,
Оң жагына толгонуп.
Ордунан туруп октолуп,

Тура албастан токтолуп.
Арстан Манас акырып,
Чоролорду чакырып.
Ак боз бээден алдырып,
Ай туягын чалдырып.
Аргын, ногой карысын,
Ата уулунун баарысын.
Чакыртып келип киргизди,
Ак ордого толтуруп,
Тамак да берди болтуруп.
Ар даамды бүт берип,
Эриккенче эт берип,
Эр башына теп-тегиз,
Экиден табак жеткирип.
Арак ичип алкынып,
Кымыз ичип кызышып,
Сөөк тери ысышып,
Чекеден терин сызышып.
«Манасты бизге бергени,
Көрдүк кыйла кызыкты,
Бак-таалайга бериптир,
Манас деген ырысты»
Аксакалдар муну айтып,
Жандын баарын кубантып.
Арстан Манас айкөлүң,
Жалаң кылыч алыптыр,
Эшикти тосуп калыптыр,
Айбатын катуу салыптыр.
Эми Манас сөз айтат,
Каратып туруп көз айтат.
«Түнүндө жатып түш көрдүм,
Түшүмдө сонун иш көрдүм.
Көргөн түшүн бир баштан,
Терип айтат эр Манас,
Көпчүлүккө угузуп,
Керип айтат эр Манас.
Жоругула түшүмдү,
Оңдосун журтум ишиңди!»
Олтургандар баарысы,
Жашы менен карысы,
Бир сөз кирбей оозго,
Токтолуп туруп калышты.
Ээ, дээрге сөз жок болуп,
Эт бышымга токтолуп.
Бир убакта каркылдап,
Ооз ачты Жакып каркылдап.
«Каа» – деп айтмак болгондо,
Арстан Манас баатырдын,
Оoздон оту буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Айбатын катуу салыптыр,
«Эмне дейсиң ата» – деп,
Жакыпка карай калыптыр.
Токтолуп Жакып турбастан,
Керегеге бет алып,
Кусууга кирип калыптыр,
Көргөндөр көзүн салыптыр.
Бир убакта караса,
Ажыбай сөздү баштады,
Сөз айтуудан шашпады.
Кой оозунан чөп албас,
Коңур чечен Ажыбай,
Сөзү ширин накыштуу,
Акылга дыйкан табыштуу.
«Мен жоруюн түшүңдү,
Оңдосун баатыр ишиңди!
Уктум эле уламыш,
Соорөндүк кандын баласы,
Ичинде жок чаласы.
Алтын айдар, чок белбоо,
Аты болот Алмамбет.
Эсенкандын өзүнөн,

Жол талашкан Алмамбет,
Үстүңдөн сыйрып кием деп,
Тон талашып Алмамбет,
Эсенканга бербейм деп,
Эл талашкан Алмамбет,
Эңсеңди такыр кесем деп,
Жер талашкан Алмамбет.
Куба чыккан баатырдын,
Баарын сайып жыкты деп,
Топого башын тыкты деп.
Коңурбайды баш кылып,
Баарын сайып алды деп,
Кызыл канга батырып,
Астын-үстүн салды деп.
Жолго кирип кутулуп,
Жоолордон кирип кутулуп.
Көкчөгө келип турду деп,
Айдаркандын өзүнө,
Абыдан моюн сунду деп.
Андан кийин Алмамбет
Калдайдан жылкы алды деп,
Калдай менен кечилди,
Кан сыктатып салды деп.
Журтунан көчпөс казакты,
Жылыбаган бай кылды,
Алмамбет анда келген соң,
Казактын көөнү тынды деп.
Келгендерден кеп угуп,
Көргөндөрдөн көп угуп.
Кандын эле сөзүнө,
Көрбөсөм да мен анын,
Тойдум эле өзүнө.
Көкчөдөн Алмаң бөлүнүп,
Аныктап көзгө көрүнүп,
Асмандан мунар жоошулуп,
Арстаным сенин өзүңө,
Алмамбет келип кошулат.
Алмамбет келсе колуна,
Дүйнөгө даңкың угулат,
Беттей албай душманың,
Алдыңа келип жыгылат.
Ааламга даңкың угулуп,
Не кыйын душман баарысы,
Алдыңа келип жыгылып.
Түшүң жакшы түш экен,
Оңунан келген иш экен!»
Ажыбай жооруп басылды,
Аркасынан токтобой,
Арстандын оозу ачылды:
«Жорудуң жакшы түшүмдү,
Оңдосун кудай ишиңди!
Эми мен бий көтөрдүм өзүңдү,
Уккула журтум сөзүмдү!»
Ажыбайга арстаның,
Аргымак аттан мингизип,
Аруудан тонду кийгизип.
Аксакалдарга ат берип,
Кара сакал, кер мурут,
Жашатарына тон берип.
Келегендер тарап кеткени,
Арстан Манас баатырдын,
Эми көргүн неткенин.
Арстан Манас кеп айтып:
«Аттаналы чоролор,
Сары-Өзөн көздөй – деп айтып.
Сары-Өзөнгө баралы,
Жоо-жобуркай бар болсо,
Аралатпай эл-журтка,
Жоболонду салалы»
Кырк чоронун баарысы,
Кыргын чал баштык карысы.
Абыр-дабыр ат минип,

Аялдабай бат минип.
Сары-Өзөн көздөй бет алып,
Сапар жолду нээтке алып.
Үч семиз бээ жетелеп,
Жүрөр жолун төтөлөп.
Таласты басып өтүшүп,
Сары-Өзөн, Чүйгө жетишип.
Коштогон бээден союшуп,
Жан казанга салышып,
Сары казы кыйма жал,
Этине мыктап тоюшуп.
Ал күнү анда жатканы,
Эртеңки таң атканы.
Супу садык чалганда,
Таң саргарып калаганда.
Арстан Манас айкөлүң,
Дүрбүнү колго алыптыр,
Сары-Өзөндүн талаага,
Созулуп карап калыптыр.
Эрбең-сербең бир караан,
Келе жатат закымдап,
Барган сайын жакындап.
Чындап баатыр караса,
Сарала тулпар мингени,
Сарынжы тон кийгени.
Адамдан түрү башкача,
Айбатына караса,
Арстан Алмаң султаның,
Ааламды баскан көй кашка.
Арстан Манас баатырдын,
Кабагы карыш ачылып,
Алмамбетти көргөндө,
Капасы кетип чачылып.
Чоролорду чакырып,
«Келгиле» – деп айкырып.
Чоролордун баарысы,
Кыргынчал башчы карысы,
Арстан Манас алдына,
Жалпы келип калышты.
Арстан Манас кеп айтат:
«Аттанып азыр калгыла,
Келе жаткан баатырдын,
Туурасынан акырып,
Ураан тартып бакырып.
Кыйгактуу найза-көк түпөк,
Кыркың бирдей сундуруп,
Кыйгый кулак тундуруп.
Баатырлыгын сынайлы,
Баш-аягын кынайлы»
Баатырдан мындай сөз угуп,
Келе жаткан баатырдын,
Жүрөгүн сына деп угуп.
Капысынан туурадан,
Чоролор кирди акырып,
Ногойлоп ураан чакырып.
Текши найза сундуруп,
Кыйгы кулак тундуруп.
Арстан Алмаң султаның,
Кыймылдабай кыңк этпей,
Кылчайып карап булк этпей.
Жалт карап Алмаң кенебей,
Аламан койгон чорону,
Адамбы же чымынбы,
Бучкагына теңебей.
Жолго кирип жөнөлдү,
Айкырыгы токтолуп,
Аркасынан чоролор,
Алмамбетке өмөлдү,
Жандап барды баарысы,
Баатыр Кыргыл карысы.
«Башка түшкөн заманбы,
Алмамбет баатыр аманбы?

Арстан Манас баатырга,
Саламдашып өтүңүз,
Андан кийин баатырым,
Самаган жерге жетиңиз.
Кырк чоролор дүркүрөп,
Кыргыл баатыр күркүрөп.
Туура тартып келгени,
Аттан түшүп Алмамбет,
Арстан Манас баатырга,
Ийилип салам бергени.
Аликти Манас алыптыр,
Амандык-соолук сурашып,
Айкалышып калыптыр.
Алдына даам койгон соң,
Аш-тамакка тойгон соң.
Арстан Манас кеп айтат:
«Жолуң болсун баатырым,
Кайда барыш – деп айтат.
Кайдан келдиң баатырым,
Сөзүңдү айткын акырын»
Манаска Алмаң кеп айтат:
«Эл-журтумдан айрылып,
Эң артыкча кайгырып,
Эндиреп жүргөн бир жанмын.
Ата-энемден айрылып,
Арман кылып кайгырып,
Азып жүргөн бир жанмын».
Башынан өткөн иштерин,
Терип айтат Алмамбет,
Баштан аяк баарысын,
Керип айтат Алмамбет.
Арстан Манас баатырың,
Аңдады сөздүн акырын.
Арстан Манас кеп айтат:
«Аккуланы чоролор,
Арстан Алмаң султандын,
Алдына тартуу тарткыла,
Ак олпок тонду жапкыла».
Арстан Алмаң султанга,
Алып келип алдына,
Аккуланы тартканы,
Ак олпок тонду жапканы.
Эми Манас кеп айтат:
«Арстан Алмаң баатырым,
Аккуланы минип кет,
Ак олпок тонду кийип кет.
Жалгыз кетпей баатырым,
Жолдош кылып жаныңа,
Чоролордон ала кет,
Унутпастан баатырым,
Ушу турган биздерди,
Көңүлүңө сала кет.
Айткан сөзгө кулак сал,
Аталаш тууган бир болуп,
Ары-бери ойлонуп,
Арстаным бизге туруп кал.
Аргын, ногой эки журт,
Элимди бийле Алмамбет,
Ал эки журт жердеген,
Жеримди бийле Алмамбет».
Ак боз бээден алдырды,
Ай туякка чалдырды.
Сары улактан таптырды,
Арстан Алмаң султанга,
Садагасын чаптырды.
Самаркандын жерине,
Сандаган кыргыз элине.
Алты чоро баргыла,
Атпай элдин баарына,
Ачык айтып, шар сүйлөп,
Кабарды мыктап салгыла.
Алмамбет тууган болгонун,

Азыркы күндө Манаска,
Ала-Тоодой обурак,
Айланып келип конгонун.
Атпай журттун баарысы,
Ата уулдан калбасын,
Аксакалдуу карысы.
Каптаган кыян кол келсин,
Кара курттан мол келсин.
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аябай барыптыр,
Атпай журттун баарына,
Алмамбеттин келгенин,
Айтып кабар салыптыр.
Кабарчыдан кеп угуп.
Ата уулдан түк калбай,
Аттанып жөнөп калыптыр,
Аял кылып турбастан,
Аламан жөнөп алыптыр.
Акбалта, Жакып карысы,
Ак байбиче Чыйырды,
Боз жоргосун чайпалтып,
Булар да жөнөп калышты.
Жарым күнү жол жүрүп,
Учурашып калышты,
Арстан Алмаӊ султандын,
Урматына барышты.
Арстан Манас кеп айтып,
«Эмчегиӊди энеке,
Арстан Алмаӊ султанга,
Тосуп берип эмгизгин,
Өзүмдүн балам дегизгин».
Ак байбиче Чыйырды,
Эмчегин тосуп бергени,
Тосконун Алмаӊ көргөнү.
Алмамбет оозун салганда,
Эмчегинен чыккан аппак сүт,
Агып чыкты аркырап,
Булак болуп шаркырап.
Тосуп келген көпчүлүк,
Кан Алмамбет баатырга,
Амандашып көрүшүп,
Кай бирөө колдон өбүшүп.
Керней, сурнай тартышып,
Ырчылар ырын айтышып.
Алда канча дуу менен,
Асман жарган чуу менен.
Арстан Манас баатырдын,
Айылына түштү дүӊгүрөп,
Жер союлуп күӊгүрөп.
Ак боз бээден алдырып,
Ай туягын чалдырып.
Сары улактан таптырып,
Садагасын чаптырып.
Арбын малды сойдуруп,
Атпай журттун баарысын,
Аппак майга тойдуруп.
Асмандан мунар жошулду,
Арстан Манас баатырга,
Таалайына жараша,
Алмамбет келип кошулду.
Аттарын чаап тараШты,
Атпай элдин баарысы,
Жай-жайына караШты.
Бир күнү Манас күүлөнүп,
Каарданып сүйлөнүп:
«Кызы талак Көкчөгө,
Сыйпап алып жылкысын,
Чайыттай ачып уйкусун,
Тыяйын такыр уйкусун.
Дүнүйө мүлкүн чачайын,
Умачтай көзүн ачайын,
Желиккенин тыяйын.

Кылайын азыр Көкчөгө,
Кызматты билбес кайбарды,
Акылына келтирип,
Түшүрөйүн бөксөгө!»
Анда Алмамбет кеп айтат:
«Арстан Манас баатырым,
Андай эмес – деп айтат.
Ала көөдөн Көкчөгө,
Айтканыңды кыласың,
Алам саат болчуга,
Аңгекке башын тыгасың.
Алаптаган эр Көкчө,
Атпай казак элине,
Азапты арбын салбайбы,
Айдап жылкы албайбы.
Мен калдайдан жылкы алгамын,
Калкына берип салгамын.
Мен казакка кылдым кызматты,
Кадырым билбей эр Көкчө,
Кара сөзгө ишенип,
Сөөгүмдү жаман сыздатты.
Мен элге кылдым кызматты,
Эби жок сөзгө ишенип,
Эсер баатыр эр Көкчө,
Эң артыкча сыздатты.
Өткөн иш өтүп кетүүчү,
Өткөн иштин түбүнө,
Өкүнүп кимдер жетүүчү.

## МАНАС БААТЫР КАНЫКЕЙДИ АЛГАНЫ

Баатыр манас бир күнү,
Атакеси Жакыпты,
Чакырып алып кашына,
Аксакалдан бир канча,
Отуруп төрдүн башына.
Кабылан Манас кеп айтат,
Каратып туруп көз айтат,
Каарыга маалим сөз айтат:
«Атаке уккун сөзүмдү.
Ачып кара көзүңдү.
Ар качандан бир качан,
Ата деп сени сыйладым,
Азыр сени атаке,
Абыдан катуу кыйнадым!
Катын алып бересиң,
Ар кандай башка иш келсе,
Учурунда көрөрсүң!
Жашым жетти отузга,
Шашып калба окуска.
Жакындык кордук көрбөгүн,
Жаманга калар өрнөгү!
Баладан кордук көрбөгүн,
Башкача болор өрнөгүң,
Катын алып бербейм деп,
Калбаны бөөдө көрбөгүн!
Аралап элди кыдырып,
Акылың болсо жөнөгүн,
Аманат жаным өлбөсөм,
Ар канча чыгым болсо да,
Жеке өзүм төлөрмүн.
Эркелеткен эли бар,
Эдирлешим кеби бар,
Эртели-кечке көз кыскан,
Бийдин кызы болбосун,
Аалимдиги ашынган,
Ар иш кылса жашырган,
Кожонун кызы болбосун.
Жок иштерди кектеген,

Жарабаган иш кылып,
Талабына жетпеген,
Ардуунун кызы болбосун.
Чачылуу чачпак, чалма этек,
Караңгы үйдөн каймак жеп,
Атамдын көзү барында,
Ар ким кардал малына,
Алар эрим мырза деп,
Байдын кызы болбосун,
Атам өзүң билерсиң,
Анча-мынча ургаачы,
Купулума толбосун!
Эркелетип өстүргөн,
Эркеги жок кызы бар,
Жалгызынан болбосун.
Атасын билбей башка өсүп,
Нөкөр-жөкөр өзүндө,
Өз эркинче кашка өсүп,
Кан кызынан болбосун.
Өкүмү бар өзүндө,
Амалдуу сөздөр сөзүндө.
Ар тарапка жиберген,
Көзү түшкөн балдарды,
Айла менен имерген,
Казы кызы болбосун.
Айтканыңда чының бар,
Атаке сенин сының бар.
Ачып кара көзүңдү,
Айтып кара сөзүңдү,
Абыдан чында өзүңдү.
Барганды куру койбогон,
Балакетке тойбогон,
Бери болсо бир түндө,
Беш, төрт киши жойлогон,
Жеңелери актаган,
Жээк-жергеси мактаган.
Боз балдардын кыйласы,
Босогосун сактаган.
Жүйрүктөрдөн болбосун,
Күндө чапса чарчабас,
Күлүктөрдөн болбосун.
Тарткан тасма белдерден,
Тал чыбыктай теңселген,
Саамай чачы сеңселген.
Акылын терең ойлогон,
Ак сүлөөсүн баштанып,
Аста басып сойлогон,
Ар бир түрдүү жумуштун,
Аркасын аңдап болжогон.
Жазык маңдай, бото көз,
Акак тиштүү, ширин сөз.
Ашкере кылган табарын,
Адамга кылбай жабарын,
Айтар сөзү акырын,
Ай ааламга жиберген,
Нечен түрдүү акылын.
Боло турган жумушту,
Болжоп билип алыстан,
Акылына жеңдирип,
Эң артыкча даанышман.
Акылга дыйкан айлалуу,
Адамга толук пайдалуу.
Көңүлү сылык пейли кең,
Төрт тарабы болгон кең.
Жылдызы ысык, жылуу сөз,
Чырагы жарык, жоодур көз.
Өрдөк моюн, түймө баш,
Көкүлү көркөм, колоң чач,
Ошондой кызды көрмөккө,
Аянбай ата көзүңдү ач!
Акыл менен эр баккан,
Айла менен эл баккан,

Баркын билип мал баккан.
Түмөн иш ойлоп оюна,
Бир сиркедей макүрөө,
Жугузбаган боюна.
Ойротто жок уз болсун,
Ою терең кыз болсун.
Акыл ойлоп ар кандай,
Акыр заман журтуна,
Аттуу болуп калгандай.
Болсо болсун болгондой,
Көзү түшкөн адамдын,
Көңүлүнө толгондой,
Дүйүм акыл ойлогон,
Тубү таштан коргондой,
Аз болгондо кайып иш,
Алты жылдык жумушту,
Азыр билип койгондой,
Берекесин көргөндө,
Бейли бузук адамдар,
Ичпей-жебей тойгондой,
Сөзү болсун шекер бал,
Турган менен жүргөнү,
Туташ баары сарамжал.
Ошондойдон ойлонгун,
Оңой-олтоң кыз издеп,
Окус кылып койбогун.
Баланы ата үйлөнтмөк,
Баштагынын наркы экен,
Жаман да болсо балаңыз,
Манас деп чыккан даңк экен.
Алмамбет менин инимдир,
Эне сүтүн эмди го,
Иним эмей кимимдир.
Ага да кыздан тандагын,
Айтып турган сөзүмдү,
Акылыңа жамдагын».
Манас айтып бул сөздү,
Атасын жолго салганы.
Алооке уулу Боокөнү,
Акымбек уулу Меңдибай,
Алыбек уулу Жоокөнү.
Кашына жолдош алыптыр,
Эки атка кошун арттырып,
Жаадай болгон бедөөгө,
Жалаңдан аркан тарттырып.
Көрмөк үчүн кыз болсо,
Көкөтөйдүн элине,
Көсөл Жакып бет алып,
Ак талапты нээтке алып.
Самаркан элин саралап,
Жарды, байын аралап.
Оро-Төбө, Жызакты,
Онун баарын кыдырып,
Кыз табылбай сыдырып.
Кечип дария Сырынан,
Боз үй тиккен эли бай,
Чыйырчыктын кырынан,
Көөнүнө кыз толтурбай,
Тынчып Жакып олтурбай.
Жай саратан баарына,
Кирди Ташкен шаарына.
Эл байы бар тыштагы,
Нечен бөлөк кыштагы,
Айылында кыз барбы деп,
Ата улуусун кыстады.
Табылбады Ташкенттен,
Эми Жакып жөнөдү,
Кыз кароого башка элден.
Күн батышта Кыйба бар,
Атактуу журт кыйла бар.
Нээтине алып бул Жакып,
Аралады буларды,

Көөнүнө алып Букарды.
«Кең Букарга барайын,
Кыдырып кызын карайын.
Кылымдан кыла кыз көрдүм,
Кылайып бири жакпады,
Төгөрөктү түк койбой,
Теги Жакып таппады.
Букардын көрдү калаасын,
Карап көрдү кан Жакып,
Алтын берип, бул берип,
Аргимдин кыз баласын.
Не жандешим бул адам,
Кыз көрүүгө бул берген.
Ушунусу кызык го,
Көргөн-уккан болуп таң,
Узатып жолго салышып,
Ушакташып калышып.
Кыз издеген Жакыпка,
Жолдон бир адам жолукту.
Ал жолуккан адамга,
Айтты Жакып божурап,
Кыз издеген жорукту.
Алым мырза кеп айтат:
«Аксакал анда – деп айтат,
Айтабыз төгүн биз деди,
Алты жүзчө кыз – деди.
Окуп жатат илимде,
Көңүлгө токуп билимди.
Букардын каны Темиркан,
Атасынан бабасы,
Көп кылымдар болгон кан.
Каныкей аттуу бир кызы,
Адам заттын нур кызы.
Ага кошо окуган,
Акылдашып отурган.
Бойго жеткен эки кыз,
Кебетеси келбети,
Асмандагы нур жылдыз.
Окуудан тарап чыкканда,
Топ-топ кыздар тарашат,
Жай-жайына карашат.
Башка кызга кошулбай,
Үч кыз басат бөлүнүп,
Ушу бакта жалгыз жол,
Жолго кирип көрүнүп.
Тозуп туруп жолунан,
Байкап сынап көрүңүз.
Толуп калса сыныңа,
Көңүлүңдү бөлүңүз.
Кабар кылган мырзага,
Бир жамбы берип колуна.
Кош аман бол баатыр – деп,
Түштү Жакып жолуна.
Кан ордосу чаркарда,
Уюп жаткан чынар бак,
Жыты жыпар бурган,
Шак ийилген жемиш шак.
Ортосунда чынардын,
Аккан тунук суусу бар,
Аңгемеси ушу бар.
Эбедей бою эзилип,
Ысылаган чал,
Суу жээгине чечинип.
Кирди суугa дардайып,
Жып жылаңач чардайып.
Киринип суугa алганы,
Ошоңгуча болбоду.
Чыкты табыш жаңжалы,
Аккан суунун четинде,
Калың куурай бетинде,
Жакып чал көзүн салыптыр,
Окуудан чыгып чуулашып.

Этектери желбиреп,
Далдадагы Жакып чал,
Карап жатат элдиреп.
Үн кошкон ырлар айтышып,
Ары-бери тартышып.
Ар түрдүү оюн ойношуп,
Аккан сууну бойлошуп.
Жакыпка жакын барышып,
Жайнап турган жемишке,
Жабылып кирип калышып.
Жаткан жаңак суудa бар,
Алма, бадам жуда бар,
Алча, жүзүм буда бар.
Писте менен алмурут,
Билими артык бу журут.
Жабылды жемиш теришип,
Сонун экен бу дешип.
Созуп колун беришип,
Жакыпка жакын келишип,
Жакып менен иши жок,
Жакыпты көргөн киши жок.
Бакчаны кыздар аралап,
Көрдү Жакып дааналап.
Жатып алып курайга,
Чоң камышка пааналап.
Жакып чал көзүн салыптыр,
Аруукe менен Каныкей,
Кокок деген жемишке,
Кол узатып калыптыр.
Узатып колу жетпеди,
Ушулар узап кетпеди.
Кыздарынын баарысы,
Чылк жибекке чырмалып,
Жыгылчуудай ыргалып.
Алтындагы жыгасы,
Оң чекеде кырданып.
Баары кыз кетти бөлүнүп,
Орою башка көрүнүп.
Кococко келген үч кызы,
Колоңдой чачы төгүлүп.
Асыл кыз экен Каныкей,
Терең акыл өзү экен,
Жыла сүйлөп шыңк этип.
Акылы толгон кези экен.
Он жетиде жашы бар,
Олоңдой кара чачы бар.
Сары алтындан түймөдөй,
Келишкен кара кашы бар.
Боростой кийим кийинип,
Тасмадай бели ийилип,
Чийидей кашы чийилип.
Жазык маңдай кара көз,
Житик тилдүү, ширин сөз.
Аркасы кайкы, аркар төш,
Ай чырайлуу, бото көз.
Кызыл жүзү нурданган,
Кыпча бели буралган.
Кококтун бирин түшүрүп,
Колго алып кыздар бөлгөнү,
Ары-бери басканда,
Аныктап жакын көргөнү.
Кыздар кийген кырымзы,
Кыркча кыздар ичинен,
Артык турат жылдызы.
«Айтсам балам алар го,
Арылбаган шорум көп,
Арты болбой калар го!
Тууса бирди тубар го,
Тумшугу жок жаныма.
Тукумдан кудай урар го!
Кыздар кийген кырмызы,
Буга жетпей калдыбы,

Болжолуна карасам,
Асыл сыпат сөөгү бар.
Ар мүнөзүн карасам,
Сарамжалдын көбү бар.
Желке жагы тар экен,
Жетимиш жашы толгончо,
Туубастык жайы бар экен.
Тургузарын турбасын,
Аны кайдан билемин,
Башка сыны топ толук,
Тобокелдеп киремин!
Ар түрдүү алам жанашса,
Акылына толуучу,
Аман болсо алганы,
Кайып болуп кетпесе,
Ошонусу болгону.
Жаман деп киши айтпаган,
Сыйлуу болор киши экен.
Алганынан айрылса,
Кирпиги узун, тунук көз,
Ыйлуу болор киши экен.
Бир бүлөнү он бөлүп,
Оюн терең жиберип,
Оң жагынан имерип,
Кирпиктей кирди койбостон,
Боюн сылап тараган.
Аяк-башын имерип,
Жыртык койбой караган,
Болжолу жок боорукер,
Эзилтип адам көңүлүн,
Эт боорунан жараган.
Үзүлгөнүн улаган,
Көзү чалган адамдын,
Үзүр болсо сураган.
Жетишпедим дегенге,
Жеңин кесип бергендей,
Берендик жайы бар экен,
Жеткире акыл ойлогон,
Тереңдик жайы бар экен.
Айткан сөздөн кайтпаган,
Бекемдик жайы бар экен,
Болор кепти бир айткан,
Чечендик жайы бар экен.
Ылайыктап адамга,
Ыгын салбай айбанга,
Ыраазы кыла сөз айткан,
Ыгын билип ар жанга.
Бечарага карашкан,
Бекемдик жайы бар экен,
Азамат бакса айнытпас,
Жетерлик жайы бар экен,
Кылган иши баары амал,
Кызылдай бою сарамжал,
Жок дегендер табылган,
Кастарлуу жайы бар экен.
Арбын болсо дүйнөсү,
Адамдан төмөн мүнөзү.
Көп болсо көтөрүлбөгөн,
Жаманды күткөн жакшыдай,
Жигитти күткөн эринбей,
Эрге кылар кылыгы,
Эми эле түшкөн келиндей.
Өзгө журтту кыдырдым,
Жүрбөймүн эми эл кезип.
Мындай неме табылбай,
Оң сынга куп тең экен,
Ойрон болсун дүнүйө,
Төрөөт жагы кем экен.
Кара тунук көзү экен,
Кыйгач каштуу, бал сөздүү,
Кылаң короз өзү экен.
Катары калктан бөлүнөт,

Кашындагы турганы,
Кайыл сындуу көрүнөт.
Сын чылгы эмей эткени,
Кыздарга көзү жеткени,
Жыла басып жыластар,
Ордого кыздар кеткени.
Ордого Жакып келгенде,
Дигер болгон чагы бар.
Кыя тартып караган,
Букарлыктын салты бар.
«Аркалыктай мүнөзүң,
Аксакал кайдан жүрөсүң?
Аппак сакал башыңда,
Ордосуна паашанын,
Осолдуктан киресиң!
Айдап жүргөн малың жок,
Артып жүргөн булуң жок,
Айткан сөзүң турум жок.
Кан олтурчуу орундуу,
Каада билип көрбөгөн.
Каралыктын поруму!
Календер кана барыңыз,
Конок болсоң ошондон,
Кошулуп орун алыңыз.
Олтурба – деп бул жерге,
Орун алган алыстан».
Оолак жумшат бул жерге.
Эки желдет, бир беги,
Бул олтурган Жакыпка,
Жаман тийди бу кеби.
Анда Жакып кеп айтат:
«Бекер келген мен эмес,
Бекер не үчүн жүрсүн деп,
Бекзаада айтар кеп эмес.
Каңгырап келген мен эмес,
Календерге кошул деп,
Кан заада айтар сөз эмес.
Ачып кара көзүңдү,
Аңдап сүйлө сөзүңдү,
Азыр мени сойсоң да,
Алек кылып жүрбөйүн,
Акимсинген өзүңдү!
Оңдоп кара көзүңдү,
Ойлоп кара сөзүңдү.
Он эсе мени бөлсөң да,
Ойрон кылып жүрбөйүн,
Ушу жерден өзүңдү!
Кара дешиң кээ болот,
Кан отурган орунга,
Кан олтурса не болот?
Сенден суук сөзүм бар,
Жуучу келген өзүм бар.
Айлына конок келбеген,
Ант аткырың кандай кан,
Алыт темир кандай жан.
Кызыңа жуучу келдик деп,
Кабарды ыкчам берип сал.
Кырмызы кийген кырктай кыз,
Ар поруму баары түз.
Боростой кийим кийинген,
Чыбыктай бели ийилген,
Калемдей кашы чийилген.
Карчыга куштай тапталган,
Каталык иштен сакталган.
Каныңдын кызы экенин,
Карап көзүм жетпедим,
Бегиңдин кызы экенин,
Менин көзүм жетпеди,
Карандын кызы болсо да,
Кандан артык көрүндү,
Калыпка чапкан күмүштөй,
Жандан артык көрүндү.

Бекердин кызы болсо да,
Бектен артык көрүндү,
Берилип сыным көрүндү.
Жуучу келди кызга деп,
Журтуңа айткын мындай кеп.
Кайната келди кызга деп,
Калкына айткын мындай кеп.
Каныңарга барыңар,
Жуучу келсе өлтүргөн,
Ачуулу экен каныңар,
Эгер мага кол тийсең,
Айтты койду дебеңер,
Аман калбас жаныңар!»
Айтып Жакып каркылдап,
Ачууланып баркылдап.
Анда желдет кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Аркалыкка кыз берер,
Акмак барбы? – деп айтат.
Чал тоюпсуң жаныңдан,
Темир кан укса мунуңду,
Кашык тамбас каныңдан!
Адам көрбөс кыздардын,
Беттерин кайдан көрдүңүз?
Эркек көрбөс кыздардын,
Этин кандай көрдүңүз?
Кыйкырып катуу сүйлөсөм,
Кыз берет көөнүңүз.
Сүйлөгөнүң чорто тил,
Өзүңдүн элиң ким болот?
Өз абалың өзүң бил»
Бек башында мыршабы,
Мээнет муну чырмады,
Бекем сүлөп турганы.
Анда Жакып кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Калың кыргыз уругум,
Азыркы жерим сурасаң,
Самаркандын Кара тоо,
Жайлаган жерим так ошо.
Кек алганмын далайдан,
Келген жерим Алтайдан,
Бекер сөздү сүйлөйсүң,
Жеп ийчүдөй сен айбан.
Аябаган жаныңды,
Албарстыдай чачайын,
Алдыңарга каныңды.
Атам Ногой Жакыпмын,
Аккан суунун боюнда,
Арасында куурайдын,
Суугa чумуп жатыпмын.
Анда көрдүм кызыңды,
Жуучу келдим дегенге,
Өпкөң мынча кысылды,
Өңүң мынча бузулду,
Кыялыңар мурунтан,
Кызга жуучу келгенде,
Кырып жүргөн шекилдүү!
Өзүңдү-өзүң күүлөйсүң,
Өлтүрөм деп сүйлөйсүң!
Өлсө жалгыз чал өлөр,
Өңкөй Букар не көрөр!
Кежилдешип сүйлөшүп,
Олтурба менин жаныма,
Орунумду тапмакка,
Айткын эртең каныңа.
Өлсөм өлүп калармын,
Өлүп калып шек жатпай,
Өзүм өңдүү чалдардан,
Өкүм билген жандардан,
Өкүмсүп кебин сүйлөгөн,
Өкүмсүгөн заңгардан.

Бир тобун кошуп алармын!»
Өшөнтүп айтып салганы,
«Бул аркалык курган чал,
Өжөрлөнүп айтат – деп,
Өлбөй кантип кайтат – деп,
Өлөрмөнүн артат» – деп.
Ээрчитип алып ал бегин,
Бек укту Жакыптын кебин.
Акылбайыз бек экен,
Желдет менен кошулуп,
Жакыпты сөккөн неме экен.
«Ак сакалдуу бир адам,
Айткан кеби чын айбан.
Кыз издеп мында келдим деп,
Букардын көрдүм элин деп.
Сураганы кыз экен,
Суук тумшуктун өзү экен.
Алтай тоодон келдим дейт,
Атпай кыргыз элим дейт.
Азыркысын турганым,
Самаркандын Кара тоо,
Анжиянда жерим дейт.
Ата уулдан кыз берип,
Азыр мында келдим дейт.
Кан олтурчу чаркана,
Как ошого олтуруп,
Буга олтурчу жер эмес,
Кет десек согуп олтуруп,
Жуучулукка келдим деп,
Журт айтпаган айтат кеп.
Мыршап буга күүлөндү,
Буйругу кандын өлтүрмөк,
Өлтүрөм деп сүйлөндү.
Өжөр өкүм чал экен,
Өлтүрө кой мени деп,
Өчөшкөндөй күүлөндү.
Чал сөзүнө бакканда,
Өлөт эле бизден деп,
Өлтүрбөдүк тим койдук,
Өтүнө албай сизден» – деп,
Акылбайыз айтты кеп.
Темир кан башын чайкады,
Ачуусу келип бир катар,
Мойнуна минди шайтаны.
Оюна ар иш алганы,
«Алооке качкан Манас» – деп,
Эсине түшө калганы.
«Капкама келген катылган,
Ордомо келип оолуккан,
Оңой неме эмес го!
Сурады Акылбайыздан,
Аты-жөнүн укпаган,
Акылы кем тайыздан.
«Барбы жодош жоросу,
Кашында канча жолдошу.
Аттары кандай экен дейм,
Аңдабай келип мага айтып,
Ачууландың бекер сен!
Азыр кайра чыгыңар,
Аты-жөнүн атасын,
Анык сурап угуңар,
Аңдабай мага сөз айтып,
Айбандык болот мунуңар.
Бу жерге келип күчөгөн,
Соодон бекен, шер бекен?
Асилин сурап көрүңөр,
Аты-жөнү ким экен?
Кыйын айткан сөзүбү,
Ак сакалдуу болгондо,
Кыз алат бекен өзүбү.
Кыздарды кайдан көрдү экен,
Капыр чалдын өзү дейм,

Уулу менен иниси,
Кимиси экен кыз алар,
Издеп журтка чай салар.
Оболу сурап билиңер,
Оңой-олтоң жан болсо,
Кесип келип келдесин,
Керестенге илиңер.
Темир кандын сөздрүн,
Анык угуп алышты.
Алиги чаркар сулаган,
Панар алып барышты.
Экөө желдет, үчөө бек,
«Өлүм издеп өзүнчө,
Жүргөн экен бу чал деп,
Өлүмүн өзү издеген,
Өкүмсүгөн куу чал» – деп.
Жакыпка жакын барыптыр,
Капаланып кан Жакып,
Карангыда калыптыр.
Салам айтпай улуксун,
Абдыкалык карганы,
Акылбайыз, Түлөөбек,
Үчөө бирдей барганы,
Жакып чалга ушулар,
Салам айтып салбады,
Аларды Жакып жан дебей,
Тынч отуруп алганы,
Улук сыпат экен деп,
Ушулар айран калганы.
«Ак сакалдуу арамсыз,
Азап жүргөн адамдай,
Кайдан келип калгансыз?
Кыларга барбы ишиңиз?
Кызматта барбы кишиңиз?
Сатууга барбы булуңуз?
Жаман жорук мунуңуз?
Дигерден бери бу жерде,
Тикиретти түрдүңү.
Кор башы чыгып кокустан,
Кордук кылып койбойбу,
Кой дегенге тил илбей,
Түн паашасы кор башы,
Зордук кылып койбойбу.
Календер кана барбапсыз,
Каның тарткан не жансыз?
Кайсы элдensiz элиңиз?
Абдыкалык сурады,
Ал сөзгө Жакып турбады.
Анда Жакып кеп айтат:
«Азаматтар – деп айтат.
Карарып жаткан багыңар,
Калдайып жаткан тамыңар,
Кара кан экен каныңар.
Калааңдан көрдүм канча жан,
Калкың конок күтпөгөн,
Силерде экен жаман заң!
Аркалык деп болжойбу,
Аркалыктын баарысын,
Алуучу деп ойлойбу?!
Ашыңардан беришип,
Акыңды алсаң болбойбу!
Түбүмдү түрүп кеп сурап,
Түбү барбы деп сурап,
Түртөсүңөр көп сурап.
Тегимди терип кеп сурап,
Тегиң барбы деп сурап,
Тексиз киши дедиңби?
Теминип келген бир чалдын,
Тегинен ибеи жедиңби?
Уругум кыргыз эл болгон,
Ушу күндө кыргызга,
Умтулган душман ким болгон.

Түбөйдүн уулу Ногойду,
Түбүнөн иши оңолду.
Ногойдун уулу Жакыпмын,
Ордоңордо кор болуп,
Орун таппай жатыпмын.
Кыз үчүн мени кыйнаган,
Манас менин баламдыр,
Не болуп жүрөт атам деп,
Көңүлү азыр алаңдыр»
Айтты Жакып баянын,
Чалдын көрдү чатагын,
Уккан экен мурунтан,
Баатыр Манас атагын.
Айтты Жакып көп макал,
Абдыкалык аксакал,
Атасы Манас экенин,
Анык жерин укканы,
Алкымга жүрөк чыкканы.
Боконо жүрөк болк этип,
Боор, өпкөсү солк этип.
Жүрөгү кетип кабынан,
Билеги кетип сабынан,
«Төртөөң мында тургун деп,
Абдыкалык жөнөдү,
Жакып чалдын жанынан.
Темир канга киргени,
Ашыгып сүйлөп ийгени:
«Чалды көрдүм ой каным,
Соң балекет келиптир,
Чочуп келдим куп жаным.
Аты угулган Манастын,
Атасы экен келген чал,
Элөөсүз жаткан элибиз,
Мурунтан конок күзөтпөй,
Бузулган экен бейлибиз».
Абдыкалык сөздөдү,
Сөз артынан токтолбой,
Кара кан сөздү көздөдү.
«Кылымдан киши жеңбеген,
Кыйынга калган экенбиз!
Ааламдан киши жеңбеген,
Азапка калган экенбиз!
Коноктобой мурунтан,
Мазакка калган экенбиз.
Мейманканага киргизгин,
Бейкаар адам экен деп,
Бей ооздор сүйлөп салбасын,
Белсенип келген кыргыздын,
Мээнетине калбасын!».
Аныгын билип алдырап,
Акылмандын баарысы,
Калышты тилден жалдырап.
Бекзаданын баарысы,
Жакып келип алдына,
Айыпты алып мойнуна,
Чуркурашып калышты,
Мейман үйгө киргизип,
Конокту күтүп алышты.
«Кызын берейин балама,
Берейин деме Темир кан,
Илинет башы балаага,
Мээнет көрбөй коём деп,
Бекер өзүң каалаба!».
Жаман экен бу чал деп,
Жайын айтып канына,
Жалпы бектер барганы,
Жайын айтып салганы.
Аш-тамагын татышты,
Аңгемелеп жатышты.
Ал күнү жатыптыр,
Эртеңки таң атыптыр.
Анда Темир кеп айтат:

«Обозгерим, бектерим,
Уккула сөзүм – деп айтып.
Жакып чалга баралы,
Саламдашып алалы,
Дегенине көнөлү.
Арга барбы Манаска,
Бер десе кызды берели.
Ар качандан бир качан,
Ачпайсыңар көзүңдү,
Нускалуу сөздү билбестен,
Кыласың уят өзүмдү!».
Айтып сөзүн Темиркан,
Ордого кирди дабырап,
Сөз сүйлөшүп жабырып.
Кол куушуруп бооруна,
Кан Жакыптын дооруна.
Кол кармашып алышып,
Амандык-соолук сурашып,
Айкалышып калышып,
Эми Жакып кеп айтат:
«Как ушунда келишим,
Жайдан күтүп, кышты издеп,
Балам үчүн кызды издеп.
Көп жерди көрдүм кыз жакпай,
Көңүлгө толук кыз таппай,
Көрүндү сиздин балаңыз,
Маакул десең каныбыз,
Балабызга ылайык,
Балаңызды алабыз.
Кенже балам Алмамбет,
Арууке атуу кызыңды,
Алмамбеттке бергиниң,
Айтканыма көнгүнүң».
Ал сөздү Жакып салганы,
«Жаш эле – деп балабыз»,
Кантесир сүйлөп калганы.
«Жаш дегениң жалган сөз,
Балаңдын тиле бактысын,
Жакып чал сүйлөп алганы.
Он жаштан ылдый жаш дегин,
Он жети жашка келгенде,
Оюнда жок болбосо,
Ойротко бүтүн баш дегин».
Аксакалдуу Жакып чал,
Ал сөздү айтып салыптыр,
Акылдуу чал окшойт деп,
Анда турган вазирлер,
Күбүрөшүп калыптыр.
«Балам алсын балаңды,
Жамандык менен алат деп,
Көңүлгө ала кан Темир,
Эгеримде алаңды!
Кыз балаңыз нече экен?
Сурайынчы аныңды.
Эркегиңиз нечендир,
Адамга адам жолукса,
Көңүлдөгү түйүндү,
Көрө-билер чечендир».
Кан Жакып антип сурады,
Азыркысын кан Темир,
Жообун айтып турганы.
«Кыз балам эки, эркек үч,
Баянын сурап балдардын,
Балкыганын көрүңүз,
Башта чоочун чалдрдын.
Анда Жакып кеп сурайт:
«Эки кызың бирдей тең,
Колуңдабы?» – деп сурайт.
Анда темир кеп айтат:
«Улуу кызым күйөөгө,
Башта барган – деп айтат,
Каныкей аттуу бу кызым,

Азыр турган колумда,
Каалап аны турупсуң,
Көрдүк келген жумушуң»
Ак сакалдуу Темир кан,
Ал сөздү айтып салганы,
Акымбек уулу Меңдибай,
Жакыпка карай калганы,
«Кулдук пулуң бергин деп,
Кан Жакып сүйлөп салганы,
Меңдибай туруп куржундан,
Беш шаңшур жамбы алганы.
Кол салып Жакып куржунга,
Бермек болуп кулдукка,
Шаңшырдан тандап чоңду алды,
Санып туруп онду алды,
Баарысын берер бекен деп,
Бекзаадалар көз салды.
Баарысына бир баалык,
Алтындан койду бир жамбы,
Адамдар көбү таңданды,
Көрмөк үчүн көп адам,
Көпчүлүк болуп жарданды.
«Бул чал кыйын чал экен,
Билинбей алып жүргөнү,
Бир кыйла дүнүйө мал экен,
Өлөрмөн чал го биз десек,
Шекер, шербет, бал экен».
Бектер айтып кожурап,
Бештен, төрттөн божурап,
Сөзгө кирип алыптыр,
Бата аякка берди деп,
Баарысы айран калыптыр.
Атасы мындай чал экен,
Манасы кандай жан экен?
Акылы дыйкан бу кызды,
Алар кандай жан экен?»
Көрсөк дешип дегдешип,
Көпчүлүгү кеңешип.
«Жараштты бекен күйөө – деп,
Алган адам ким болсо,
Каныкей болор сүйөө – деп.
Каныкейди акыры,
Ырыстуу адам алар – деп.
Ыгы жок болсо күйөсү,
Убалына калар» – деп.
Андай сөздү айтышып,
Ата уулунун баарысы,
Кан Темирдин үйүнө,
Азыр кирди кайтышып.
«Соогат салам барбы – деп,
Канга кабар салышып.
Кан Темир угуп ал сөзүн,
Азыр көрүп апачык,
Ар адамдын мүнөзүн.
«Элге сөкөт кылбайын,
Алтын жамбы маа калсын,
Ак жамбыдан алайын,
Ата уулулар бөлүшсүн.
Отуз жамбы чыгарды,
Ортодогу бектери,
Бектер түгүл карасаң,
Орчун эли келгени,
Ортого салып бөлгөнү.
Кан Темирдей канынын,
Өкүмүнө көнгөнү.
Бата аяктан олжо алып,
Баары тамам жөнөдү,
Кан Жакып берген булунан,
Баарына пайда тийгизди,
«Кыргыздын заңы кандай деп,
Биле алышпай турушту.
Билбесек да кийсин деп,

Бизден эл калган жармушту,
Бу да көрүп кетсин деп.
Кызыл кымкап дейилде,
Үч сарпайы кийгизди.
Баашайы менен бейкасам,
Тогуз буулум бергизди.
Жарашып куда болушуп,
Жакыпты жолго киргизди.
Үч күн жүрүп арада,
Чөл-Биябан талаада.
Самаркандын Кара тоо,
Келди Жакып азыр ай,
Ага-иниси, эл-журту,
Жаткан экен жайма-жай.
Калк чогулуп келгени,
Кыз издеген сапарын,
Калың элдин баарына,
Айтып Жакып бергени.
Санына толгон бир кызды,
Кең Букардан тапканы,
Кара кан кызы Каныкей,
Көңүлүнө жакканын.
Кең Букарда болгонун,
Кракан кызы Каныкей,
Санына толук толгонун,
Арууке аттуу бир кызын,
Алмамбетке баш байлап,
Кулдук уруп койгонун.
Кудалашып келгенин,
Асыл Аруу сарпайдан,
Кара кан кийит бергенин,
Айтып Жакып билдирди,
Кабагын карыш ачтырып,
Атпай элди күлдүрдү.
Кан Алмамбет, эр Манас,
Кара оого уу кылып,
Жети күн мурун кетиптир,
Жакып келип калды деп,
Калкынан кабар жетиптир.
Уудан кийик атыптыр,
Тамашага батыптыр.
Буруш жерден бугу атып,
Бугудан атып сулатып.
Курбудан кулжа атышып,
Кубанчына батышып.
Адырдан аркар атышып.
Аңгемеге батышып,
Ар бир жерде эрендер,
Ат өргүтүп жатышып.
Бадалдан марал атышып,
Баатырлардын баарысы,
Маарекеге батышып.
Он күн өтүп арадан,
Ойлонуп үйүн ар адам,
Үйгө кайта кетсек деп,
Ойго-тоого тараган.
Үйгө кайта таралап,
Ойдо-тоодо көп баатыр,
Оокатына карашып.
Жанып Манас барыптыр,
Манас келип калды деп,
Алмамбет менен Манасты,
Азыр мында келсин деп,
Жакып чал айтып салыптыр,
«Атам сизди келсин деп,
Айтып жатат үйдө» – деп,
Абыке мырза барыптыр,
«Кыз тапкан белем атаң» – деп,
Кыраан Манас айтып кеп,
Алмаңа сүйлөп калыптыр.
«Тапканы болсо көрөлүк,
Таалайга келсе көнөлүк»

Айтып Манас ал сөздү
Айбалта, кылыч эгешип,
Алмамбет, Манас кеңешип.
Атына минип алганы,
Аксакалдуу Жакыпка,
Алар жетип барганы.
Ак сакалдуу Жакып чал,
Алардан мурун бир күнү,
Элине кабар салыптыр,
Кыйындардын баарысын,
Кашына жыйып алыптыр.
Акбалта менен Бердике,
Бу да келип калыптыр.
Айыл башы карыя,
Жуда келип калыптыр.
Ошпур менен Акымбек,
Ошолор да барыптыр.
Кең Букарга барганын,
Сынга толгон эки кыз,
Как ошондон тапканын,
Кулдук уруп Темирге,
Кудалашып кайтканын,
Терип-терип Жакып чал,
Айтты сөзүн жайма-жай.
Караймын балам алыңды,
Карыганды кыз үчүн,
Каңгыраттың чалыңды!
Камдап эми таба кой,
Калыңга берчү малыңды».
Ал сөзду айтып салганы,
Атпай турган элине,
Арстан Манас карады,
Алса зайып ушунда,
Куда болор тушунда,
Ага-иниден кошумча,
Наркы бизге калганы,
Баары олтурган көпчүлүк,
Башы кара ак төөдөн,
Жуз отуз айтып салганы.
Акбаш кара төөм бар,
Алты жүздөй киши айтты,
Манаска жыйган кошумча,
Баары кыргыз журтуна,
Баркы болгон ушунча.
Ар уруу малдан жыйнашты,
Алынган экен калайык,
Арыстан Манас баатырын,
Кыйналбаңар десе да,
Ушунчалык сыйлашты.
Беребиз дешип чуулашты,
Он эки уулу кыргыз эл,
Ошо жерде дуулашты.
Кырк баатырдын баарысы,
Кысталышта ар качан,
Кылат экен намысты.
«Манастан кантып аяйбыз»,
Кыйкырыкты салышты.
Ыкыбалдуу элди көр,
Ынтымактуу эрди көр,
Бирдей болду эшик төр,
Каткырышты балдары,
Куда башы болмокко,
Карпаңдады чалдары,
Аянбай малды камдады.
Сыйда сакал кер мурут,
Бир миңчеси жигиттин,
Арстан эрди жандады.
Толук жаштуу аксакал,
Тогуз жүздүү тандалып,
Кан Жакыпты жандады.
Баш-аягы баарысы,
Алты күндү камдады.

Энекеси Чыйырды,
Барууга болгон ылайык,
Кудагыйдын жолдошун,
Токсонду берип тыналык.
Токсон болду кемпири,
Толуктап баарын келтирди.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
Кыйырына кабар салыптыр,
Кудалыкка барчууну,
Баштап жөнөп калыптыр.
Өрүктөн комуз чаптырган,
Үкөктөн капкак жаптырган.
Чарасын терең ойдурган,
Тепкесин тайкы ойдурган.
Ичеги кылын тактырган,
Аркы-терки кактырган,
Күүсүн уккан жактырган.
Комуздан жүздү алып,
Кош ooздуу кернейден,
Кол ичине жүздү алып.
Сары жыгач кыйдырган,
Саратан күнгө койдуруп,
Усталыктан кылдырган,
Отуз чакты жигитте,
Сыбызгы манен чоору бар,
Сырттаның Манас барында,
Кыргыздын кыйла доору бар.
Айчыгы алтын, асты жез,
Алтымыштай сурнайчы,
Азыр болгон ошол кез.
Чымылдак кылган камышы,
Түштүк жерге угулуп,
Безилдеген табышы.
Элүү болгон өнөрпоз,
Эки кылдуу кыягы,
Ушу кезде булардын,
Ашкан экен сыягы.
Албан түрдүү жемиштен,
Алты жүз төөгө алдырып,
Аркан тартып жүктөтүп,
Жер жемиштин баарысын,
Куда башчы болгун деп,
Желиктирип карысын.
Туу көтөрбөй бүктөшүп,
Тулпарга кошуп жүктөшүп,
Туура сөздү кай бирөө,
Бирин-бири шүк дешип,
Аңгеме сөзүн аңдашып,
Акылы бар жигиттер,
Насиятын угууга,
Ак сакалын жандашып.
Нардан жүзүн жетелеп,
Ата уулунун башчысы,
Айдатып малын чекелеп.
Айрыдан эки жүз алып,
Атарга мылтык түз алып.
Бир миң жылкы айдатып,
Бара турган жолунун,
Астын-үстүн жайнатып.
Токсон бээ союшуп,
Тогуз байтал бир бөлөк,
Соё турган тою ушу.
Баймырза, Жанай баарына,
Көкөтөйдөй каарыга,
Бара жатыр көп баатыр,
Кара кандын шаарына.
Керней тартып бапылдап,
Дап согулуп дапылдап,
Барабан согуп карсылдап,
Кара сакал, боз балдар,
Баары барат кудага,

Мас болгондой шалкылдап.
Сурнайдын үнү шакылдап,
Көпчүлүктүн баарысы,
Көчкөн көчтөй калкылдап.
Алды-артына көз жетпей,
Бара жатат закымдап.
Букар шаары кайда деп,
Жеттикпи дешип жакындап,
Жезнай үнү ызылдап,
Сыбызгы үнү сызылдап,
Ырчылар ырын ырдашып,
Ышкылуулар тыңдашып,
Баатырлар боюн чыңдашып,
Балбандар күчүн тыңдашып.
Каалагандын баарысы,
Как ушу жерде табылып.
Кой айдатып чубатып,
Уй мөөрөтүп чуулатып,
Кишинетип жылкысын,
Кишинин баары куш убак,
Кубанычтуу болушуп,
Жыргалда болуп ушул чак,
Төрт, беш конуп арага,
Барып жетти кудалар,
Улук Букар калаага.
Кайнаган калың кол келди,
Калдык дешип балаага.
Асманга чыкты тозоңу,
Анык көрдүм ошону.
Обого чыкты чаңы дейм,
Ойлонуп көрдүм аны мен,
Бир калабай чыккандай,
Бир кылымдын баары дейм.
Жүгөрү деген бир жигит,
Айтып жетип барганы:
Темиркан угуп бул сөздү,
Айран азыр калганы.
«Кошундар кайда жыйылсын,
Жайнап душман кол келсе,
Кайрат-күчкө сыйынсын.
Каптап душман кол келсе,
Качкан менен нетебиз,
Каш кайтарбай турганда,
Капилет өлүп кетебиз.
Ашыгып калып кан Темир,
Кошунга кабар салыптыр,
Кырк миң экен кошуну,
Кыйласы келип калыптыр.
Арбын дешип, жоо дешип,
Аман койбойт соо дешип,
Алдырышып алыптыр,
Коркоктору селейип,
Акылынан таныптыр.
Алар шашып турганда,
Ажыбай, Чалыбай, Кутунай,
Алар жетип барыптыр.
Душман дешиң бекер го,
Кадимки кыргыз экен го,
Акыр болду болбоду,
Карыя чалы жеткен го».
Ал сөздү айтып кан Темир,
Акылы тына калыптыр.
Салам айтып Ажыбай,
Аркасында Кутунай,
Артынан келди Чалыбай,
Темиркандай канына,
Амандашты жайма-жай.
«Кудаңыз келди мында дейм,
Кутманым сөздү тында дейм,
Кылыгы чата күйөөң бар,
Кыз балдарың чында дейм».
Ажыбай айтып салганы,

Айтып оозун жыйганча,
Кой мааратып чуулатып,
Отуз миң экен барган кой,
Малчысы кандын кайда дейм,
Малыңды багып жайла дейм».
Кош башчысы Коңурат,
Коюңду ал деп кыйкырдың,
Көрүнгөнүн болтурат.
«Кайдан келген койлор» деп,
Көпчүлүк айтып далай кеп.
«Семиз экен май экен?
Ушунча койду саткыдай,
Не мүдөсү бар экен?»
Алар антип жатканда,
Абасы Бакай, Кыргын чал,
Каратоко, Мажиги,
Камбар уулу Чалиги,
Белгилүү бешөө барганы,
Жигиттер атын алганы,
Амандашып турганда,
Үч миң жылкы айдатып,
Үстүнө жетип калганы.
«Кандын кайда малчысы,
«Жылкыны айдап алчуусу?»
Жылкычы башы Саламат,
Алардын аркы жагынан,
Үмөтөй, Жайсаң, эр Чубак,
Серек, Сыргак, Калкаман,
Булар алтоо барганы,
Амандашып кан Темир,
Айбатына айран калганы.
Он миң толук уй айдап,
Уй башкарган Дилдеши,
Айгай салып акырып,
Бадачы болсоң келгин деп,
Ордого келип бакырып.
Мүйүздөрү каркайган,
Өгүздөрү даңкайган,
Букалары өкүрүп,
Балекет кайдан жетти деп,
Көргөндөрү өкүнүп.
Букалар жатат челишип,
Тута турган бир жан жок,
Бадага жакын келишип.
Базардагы уйларын,
Жайлоодон барган жаңы уйлар,
Баарынын бузду кыйырларын.
Калыңга барган уйлардын,
Катарында калышып,
Өз оюна жете албай,
Алыстан көзүн салышып.
Саан уюнан айрылып,
Аралап айдап кете албай,
Сабыркашты кайгырып.
Аркасынан алардын,
Эл башчысы Эламан,
Той башчысы Токотой,
Казактардан Жооруnчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тооруnчу.
Шыңгынын уулу Кербенчи,
Шыпты кашка Дөрбөнү,
Үч жүз төө айдашып,
Шыпкала баары жөнөдү.
Айры төөлөр селкилдеп,
Ач бөйрөгү бүлкүлдөп,
Арасында нар буура,
Айбатын салып күрпүлдөп.
«Кан төөчүсү кайда деп,
Кармап муну жайла» – деп,
Отор деген төө башчы,
Ордого айгай салыптыр,
Көргөндөр айран калыптыр.

Ээ болбоду малына,
Эл-журтунун баарына,
Батпай кетти келген мал,
Кең Букардын шаарына.
Малы менен алышып,
Балакетке калышып,
Баатырыңды байкабай,
Кошко таштап салышып.
Кырмызыдан чатырын,
Кыдырата тигишип,
Союушу бөлөк өзүндө,
Кыйгач калпак кызыл шым,
Бир-биринин кошуна,
Кызматкерлер киришип.
Үйүндө жүргөн немедей,
Үлпөттөрү кебелдей,
Талаадагы үйдөгү,
Так ошондой жүргөнү.
Сандыргалуу Манаска,
Кан темирдин адамы,
Астына келбей сүрдөдү.
Арадан бир түн өтүптүр,
Мал-бул менен алышып,
Кара кан билбей кетиптир.
Экинчиси түнүндө,
Манас баатыр нетиптир,
Эңкилдетип напсиси,
Эми түпкө жетиптир.
«Бу Темиркандай кан – деди,
Адамды адам билбеген,
Ант ургур кандай жан – деди.
Акылга дыйкан, жатык сөз,
Ажыбай баатыр бар – деди,
Аземдеген бейбагын,
Аныктап билип ал – деди.
Жайынан көрүп порумун,
Жата турган орунун,
Айткан Жакып сонунун.
Аныктап көрүп келгиниң,
Кыз кайтарган сакчысы,
Ак жамбыдан бергиниң,
Барар жолду тазалап,
Макул кылып кел – деди.
Баркы-баасын көрөйүн,
Мактоолу кызын мен» – деди.
Ажыбай макул алганы,
Ондоп-солдоп куржунга,
Жамбылардан салганы,
Ордо баккан он жигит,
Он жамбы бере калганы.
Эшигинин астына,
Хавиз кылган көлү бар,
А хавиздин четинде,
Миң түрдүү жемиш көбү бар.
Шар аккан шабыр суусу бар,
Шабыр көлдө жатуучу,
Өрдөк менен куусу бар.
Үнү бийик муңканган,
Куу унчугуп коёт деп,
Жолобогон жалгыз жан.
Ордонун ооз жагынада,
Жатуучу экен Темиркан,
Алган зайыбы Акмама,
Акылга дыйкан бу бир жан.
Каныкейдин энеси,
Санаасы терең немеси.
Аңдабаган кан Темир,
Анда ойлонуп катыны,
Арбын экен акылы.
Ааламдан ашык шок деген,
Кыргыздын Манас баатыры.
Тогошуп адам жеңбеген,

Токтому жок эр деген.
Тоорулуп келип албасын,
Кан Темир туюп каржаңдап,
Тозокко бөөлө салбасын,
Кызыган бойдон күйөөбүз,
Кызга келип калбасын,
Кызматкерлер туюнуп,
Кыйкырып доорук кылбасын.
Кылыгы чатак эр деген,
Кылымдан адам жеңбеген,
Бөөдөсүнөн кырбасын.
Өчтөшүп адам жеңбеген,
Өтүмдүү өткүр эр деген,
Өткүрлүк менен жетпесин,
Өкүм өскөн жаш чиркин,
Өңкөй нөкөр баарысын,
Өлтүрүп таштап кетпесин,
Аны ойлонуп Акмама,
Эркектин баарын таратып,
Жаткырган экен ар тамга.
Канжар алып колуна,
Кезектешип так жетөө,
Каныкейдей баланын,
Жатуучу экен жолуна.
Кыдырата коргон бар,
Коргонго жакын салдырган,
Кыздарга салган ордо бар.
Ал ордонун ичинде,
Кырк шамала койгон бар.
Панар отун жандырып,
Мамык төшөк салдырып.
Башайы, тубар барчадан,
Байкаган адам баа кылса,
Акылы жетпей чарчаган.
Так эшиктин алдында,
Алтын нөөкөр кызы бар.
Алтындуу айчык көшөгө,
Азем үчүн тарттырып,
Ар салтанат порумун,
Азыркыдан арттырып.
Билими жандан кем эмес,
Ички сырын адамдын,
Билбей коёр неме эмес.
Каткансысам жутам деп,
Суусундукка бал коюп,
Төшөгүнүн четине,
Кыйла сонун аш коюп.
Катырма тузун септирип,
Кырк кебепке шиш коюп,
Кыз Каныкей баланын,
Кызыгына жан тоюп.
Өз алдынча бир үйдө,
Ак эркеч коюп кашына,
Ажына тийбестиги үчүн,
Ак тинте сайып башына.
Ар мүнөзүн Ажыбай,
Аралап билип бир далай.
Акмама экен кудагый,
Артык көрдү андан сый.
Кудагыйга кеп айтты,
«Кут болсун күйөөң» – деп айтты.
Туюк айткан бу сөзүн,
Туюунуп билди кудагый.
Келүүгө күйөөм имерген,
Жолун билип келмекке,
Бу жигитин жиберген.
Каттаса күйө кокустан,
Каталчылык өтпөсүн,
Катындарым силерден,
Катындарын кекетип,
Келсе өткөрүп жол бер деп,
Байбиче айтып бекитип.

Өз үйүнө барыптыр,
Айтпай – дебей Каныкей,
Ал ишти билип алыптыр.
«Өлмөйүнчө өткөрбө,
Жан жибербе мага деп,
Жалпы баарың өлөсүң,
Жоктур мага даба» – деп,
Кыйланы сүйлөп тил безеп.
Басып жатты мамыкты,
Мамыкта уктап камыкты.
Баарын көрүп Ажыбай,
Баатырга айтты анықты.
«Кыйла кыйын иш экен,
Кызын баккан нөкөрү,
Кырк элүүдөй киши экен,
Кыйын экен Акмама,
Кайырдуу экен ар жанга.
Кызы кыйын жерде экен,
Барып келдим мен таңга.
Канетебиз баатыр – деп,
Барам десең баштаймын,
Аргам жоктур акыр» – деп.
Ажыбай айтты мындай кеп.
Анда Манас күүлөндү,
Ажыбайга сүйлөндү:
«Айтпагын андай сөзүңдү,
Арзан көрбө өзүмдү,
Алып барып көрсөтчү,
Азыр менин өзүмдү.
Эшик ачып кирейин,
Эркелеткен кызынын,
Не түрдүүсүн билейин.
Жалынса жанын коёрмун,
Жаман болсо жай билбес,
Жаткан жерге соёрмун.
Акылын аңдап билермин,
Акылы кем болсо,
Кара боорун тилермин.
Капкасынын оозуна,
Тирсегинен илейин».
Муну айтып төрө салганы,
Ажыбай маакыл алганы.
Барбагын деп айталбай,
Баатырдын сөзүн кайтарбай,
Кыз кызыгы бар үчүн,
Баш кошуучу жар үчүн,
Жүрөгү дегдеп тынбады.
Токтоого такай кылбады.
Канжарын аса байланып,
Кандын хаус көлүнөн,
Алыс жерден айланып.
Каз, өрдөк баккан Шабыр көл,
Суусу тартыш, жери чөл,
Каркылдаттпай каздарын,
Чакылдатпай саздарын,
Кулкулдатпай куусун,
Чачыратпай жай кечип,
Шабыр кара суусун.
Ажыбай менен Манбетбек,
Эшигинин астында,
Эр Ажыбай айтат кеп:
«Орто үйүндө калайын,
Төркү үйдө карындашыңа,
Төрөнү кийрип салайын.
Келиндерден жейит бар,
Каныкейдей бу кыздын,
Келбесин деген нээти бар.
Келиндерин кекейтип,
Келтирбе деп койбосун.
Кеби тийсе бирөөнүн,
Кабылан күйөөң сойбосун.
Карап турган биздерди,

Канына забын койбосун.
Жетөөнө жетип барайын,
Жерин өлчөп алайын».
Ал сөздү айтып салганы,
Барсаң ылдам барчы деп,
Баатыр сүйлөп калганы.
Токтолуп бирде турбастан,
Жетип Ажын барганы.
Канжалары колунда,
Каршы-терши жатыптыр,
Кабылан өтөр жолунда,
Нааркул деген акылман,
Артыкчасы бар экен,
Алиги жигит катындан,
Ажыбай аны ойготуп,
Акыл айтып ойлонтуп.
«Эшикте эки сакчысы бар,
Андан башка Канышты,
Жан багары канча бар,
Айткын магаң сырын деп,
Ашык айтпай чынын» – деп,
Ажакең айтып салганы,
Акыл экен мунуң деп,
Нааркул жөнөп калганы,
Бычак алып колуна,
Жаткан экен кирүүчү,
Жер босого жолуна.
Ойготуп сакчы кыздарды,
Эки шаңшуур жамбыны,
Карматып коюп колуна,
Катын арзан эместир,
Карагын сөздүн соңуна.
Ажыбай азыр келгени,
Ачылды жолуң баатыр деп,
Арстанга жооп бергени.
Кыздын көрүп кызыгын,
Кыраан Манас дектеди,
Оиздо бөлмө ордодо,
Отуз чырак койгондо,
Түнүн көрсөң нак туштөй,
Таала менен чак түштөй,
Жарыгын алып кашына,
Жаздыгын коюп башына.
Жаткан экен Темир кан,
Капилет уйку басыптыр,
Кабылан Манас көрмөккө,
Кан кызына ашыктыр,
Андан өтө бергенде,
Нааркул эшик ачыптыр.
Күзөтчү эки кызы бар,
Каныштын жаткан үйүндө,
Бою бийик босого,
Бой теңешип ошого.
Кыздар кылды кызматты,
Каныкейден ар жакка,
Катар кырк бир кыз жатты.
Ар жагында кырк кыздын,
Кыз Арууке артыгы,
Оң жагында жыйырмасы,
Ойсураган жыласы.
Сол жагында жыйырмасы,
Солкулдаган жыласы,
Жыпар бурап жыттары,
Жылма тартып жатканы,
Ак шайыдан шейшеби,
Ак суп менен жапканы.
Аземдери артылып,
Алтын гүлдүү көшөгө,
Беттерине тартылып.
Жаткан экен жарашып,
Кайсы экен билбестен,
Кете жазды арстан эр,

Көп кыздардан адашып,
Бери жагында четинде,
Алтын парда бетинде,
Алтындаган тактада,
Алтымыш кабат бактада.
Баса жатып мамыкты,
Мамыкта Каныш камыкты.
Сакчы кыздан өткөн соң,
Каныкей ушу деп айтып,
Көрсөттү кыздар аныкты.
Барамын деп дегдеген,
Бая түштөн бери жакка,
Баатырың тамак жебеген.
Кебеп шиштин учунда,
Келген төрөң ушунда,
Арстан эр аны көрүптүр,
Ачыгып келген тушунда.
Кыздардын кылар наарын,
Шыпырып алып шишинен,
Оозуна салып толтурду,
Ошончонун баарысын,
Аякка куйган балын да,
Балга кошо майын да,
Эр ичен наар койбой,
Тамам кылды жайына.
Ашы менен нанынан,
Эчтемесин койбоду,
Эртеңки жечү камынан.
Чала тоюп алганы,
Жайнап жаткан Канышка,
Койнуна колун салганы.
Ичиркенди бой жыйып,
Имерилбей сөз кылып,
Чыракка парда тартыптыр,
Чыйрыгып жаман айтыптыр.
Пардасын алды чырагын,
Баатырдын көрдү ыраңын.
Жутуучудай көзү бар,
Журттан бөтөн өзү бар,
Жуда заар сөзү бар.
Бой өлчөөсү болжоосуз,
Өңү айбаттуу сөзү түз.
Өткүр эрди көргөнү,
Ылайык деди эрликке,
Айтканына көнбөдү.
Билмексен болуп кеп сурап,
«Эшиктин алды көл эле,
Өткөн кимсиң? – деп сурап.
Каз, өрдөгү төлдөгөн,
Чатырдай куулар көлбөгөн,
Бейкапар адам көрбөгөн,
Шабыр кара көлүнөн,
Шашпай өткөн сен кимсиң?
Сакчылардын баарысын,
Басып өткөн сен кимсиң?
Эшик багар канчаны,
Бойлоп кирген сен кимсиң?
Эркек кадам койбогон,
Эшиги бийик ак сарай,
Жойлоп кирген сен кимсиң?
Нечен түрдүү керемет,
Ойлоп кирген сен кимсиң?
Адам билбей табышың!
Кара чаар жыландай,
Сойлоп кирген сен кимсиң?
Ажайыпта куландай,
Ойноп кирген сен кимсиң?
Башкаң койгон бал-шекер,
Баарын ичкен сен кимсиң?
Аяктагы суусунду,
Алып ичкен сен кимсиң?
Очоктогу кебепти,

Оозго салган сен кимсиң?
Ойлонбостон иш кылып,
Жандан кечкен сен кимсиң?
Алтын парда көшөгө,
Боосун чечкен сен кимсиң?
Адам бетим көрбөгөн,
Ушу менин өзүмө,
Колду салган сен кимсиң?
Ажал менен өлүмдү,
Мойнуңа алган сен кимсиң,
Уруксаатсыз бу жерге,
Келип турган сен кимсиң?
Чоңаздыргыч напсинин,
Кебин урган сен кимсиң?
Тарткын азыр колуңду,
Тапкын азыр жолуңду,
Ажал жетпей эртерээк,
Айта койгун жообуңду!»
Катуулап айтып какылдап,
Кан баласы шакылдап.
«Желдет-мыршап жетсе» – деп.
Каныкей катуу сурады,
Жооп айтпай төрө турабы.
«Атаңызга мал берип,
Айры менен нар берип,
Алтын, күмүш зер берип,
Сайрап турган өзүңдү,
Алганы келген мен Манас.
Карк алтынды үрөөндөй,
Чачып келген мен Манас.
Караңгы түгүл күндүз да,
Кадам койбос капкаңды,
Ачып келген мен Манас.
Алтындуу бокчо оромол,
Чечип келген мен Манас,
Ат бойлобос кара көл,
Кечип келген мен Манас.
Каркылдатпай казыңды,
Шалпылдатпай сазыңды,
Кукулдатпай кууларды,
Куп окшотуп буларды,
Бугуп келген мен Манас.
Атакеңдин коргонун,
Ачып кирген мен Манас.
Сакчылардын баарысын,
Басып кирген мен Манас.
Канча кызды жалтантып,
Өтүп келген мен Манас,
Өкүм күчүң кор кылып,
Өөрчүп келген мен Манас.
Алмак үчүн сени мен,
Кошун жыйнап мал айдап,
Көчүп келген мен Манас.
Бата аякка мал берип,
Сөзү келген мен Манас.
Баркымды билер жарым деп,
Өзү келген мен Манас.
Отко койгон кебебиң,
Оозго куйган мен Манас.
Жыпар жыттуу пардаңды,
Беттен алган мен Манас.
Ак чүчтөдөн көйнөгүң,
Эттен алган мен Манас.
Кербелдетпей сөзүңдү,
Кечиктирбей өзүмдү,
Төшөгүңдү бергиниң,
Деген сөзгө көнгүнүң!
Окураңган айгырдай,
Омуроолоп алганы,
Опсолоңдук салганы.
Күчкө салып күүлөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,

Ойбойуна койбостон,
Оёнуң Манас оолугуп,
Оолуга түшүп соолугуп.
Зордук кылчу немедей,
Соолуган Каныш кебелбей.
Болбосун билип баатырды,
Төшөгүнөн буралып,
Каныкей турду акыры,
«Кайда кеттиң маршаптар,
Эшиктен желдет чакырды.
Кан Темирдин катыны,
Акылга дыйкан акыры.
Билген экен мурунтан,
Манастын келбей койбосун,
Ыгын билген энеси,
Каныкейдей кызынын,
Ырыстык менен болбосун
Алты желдет жүгүрүп,
Ар жакта бир бөлмөдөн,
Желдеттерге кеп айтат:
«Кабар купай каныңдан,
Кандай курган элеңер,
Тойдуңбу кара жаныңдан,
Кыз болгондон кыя албай,
Кыйын напсиң тыя албай,
Араң турган күйөөгө,
Асылсаңар кокустан,
Амандык бербейт бирөөңө.
Каныкейдин өзүндө,
Акыл-сабыр бар үчүн,
Ата-эне кошкон жар үчүн,
Азыр тойбой тим койду,
Арың кеткен желдеттер,
Аны тутуп алууну,
Ал кубатты ким койду!
Короздой үзүп башыңды,
Койнуңа төгүп жашыңды,
Кыйып ийер жаныңды.
Кыпкызыл шу жерде,
Ичип алар каныңды.
Оолукса эгер бул күйөө,
Ордодо жаткан каныңды,
Ойрондоп кетер баарыңды.
Жол кылып кетер шаарыңды,
Жоготуп кетер баарыңды.
Ордуңарга барыңар,
Кандай түрдүү иш болсо,
Кабарын эртең алыңар».
Желдеттерди кайтарып,
Сөзү менен байбиче,
Жүрөктөрүн майтарып.
Айтып коюп ал сөздү,
Байбиче кирди төшөккө.
Кан кызынын бетинде,
Карк алтындан көшөгө,
Көшөгөсү түрүлүп,
Төрө Манас Каныкей,
Төшөгүнөн сүрүлүп.
Каныкей анда кеп айтат:
«Ынтыкпаңыз деп айтат.
Аңда сөздүн соңуна,
Алганда барам колуңа,
Азыр не үчүн көнбөйсүң,
Айтып турган жообума.
Аргам жоктон барам го,
Алып жатыш арам го.
Арамдык жанга залал го.
Аты Манас экен деп,
Айтканыңа көнөмбү,
Башка жан деп көрөмбү!
Нөөкөрүм аты да Манас,
Бакалчым аты да Манас,

Малчымдын аты да Манас,
Басып жүргөн кызматкер,
Жалчымдын аты да Манас!
Башымды кантип көмөйүн,
Аты Манас экен деп,
Айтканга кантип көнөйүн.
Атамдын үйүн булгаба,
Азыр кетип жөнөгүн,
Азыр чыгып кетпесең,
Анык сенин өлөрүң!
Өз напсиңе ээ болбой,
Ушубу сенин өнөрүң?!»
Айтып аны кан кызы,
Темиркандын бу кызы.
Алды канжар колуна,
Ачуусу келди Манастын,
Кара жанын байлады,
Кас ажалдын жолуна.
Каныкейди бир муштап,
Канжар туткан колуна.
Муштарын билип Каныкей,
Бурулуп бетин буруптур,
Муштаймын деп бу кызды,
Канжарга колун уруптур.
Билекке канжар тийиптир,
Билектеги көк тамыр,
Канжардын учу чийиптир.
Чийдей кызыл кан атып,
Шыркырап агып ийиптир.
Канжар тийип сол колу,
Кайраның сонун болгону.
Жеке таман кашка өтүк,
Поруму артык башка өтүк.
Каныкейди токтоосуз,
Көөдөнгө Манас тепкени.
Адамдан башка баатыр кыз,
Көмөлөнүп кетиптир.
Баатыр Манас султандын,
Баатырлык эмей неткени,
Балчыктай жанчып тепкилеп,
Басып чыгып кеткени.
Атасынын төрүндө,
Абыдан жеди таякты,
Туулгандан бержакка,
Көрбөгөн мындай мазакты,
Ар жерден башын үзмөкчү,
Ажар көркүн, турпатын,
Тартып көрүп сымбатын,
Арстан Манас аяды.
Беш кабырга кыйрады,
Бетин басып ыйлады,
Манас басып чыкканча,
Жеңине каны сыйбады.
Мамытбек менен Ажыбай,
Ордонун капка оозунан,
Карап турган жайма-жай,
«Жол болдубу баатыр» – деп,
Жооп сурады ажыбай.
Болбоду Ажым жолум дейм,
Канга толду колум дейм.
Кан Жакып ата курусун,
Карагын кылган жумушун,
Каракандын кер канчык,
Капшытына балалап,
Баласына каралап.
Каап алды колумду,
Карап көргүн Ажаке,
Кесир кылды жолумду,
Каракандын куу канчык,
Ак сарайга балалап,
Күчүгүнө каралап,
Үзүп алды жеңимди,

Уруп кеткен капырдын,
Урматын көрөм дедимби,
Урууну баскан бу төрөң,
Ушу кызга жеңилди».
Манас айтты ал сөздү,
Силкип салды жеңин бу.
Колун тартып алыптыр,
Кой боорундай кара кан,
Ошо жерде жеңинен,
Уюп түшүп калыптыр.
Айбаттанып кырданып,
Ачууланып сурданып,
Арстан эр барды кошуна,
Кошундун барды кашына,
Барган замат баатыры,
Балакет кылды акыры,
Баштан кетип жоголду,
Карылардын акылы.
Самаганы табылды,
Урушка какчу добулбас,
Ушул азыр кагылды,
Сансып жаткан көп кошун,
Атты көздөй жабылды,
Абыр-табыр ат минип,
Ат минсе да бат минип,
Шаарга койду чабуулду,
Букар шаар ар тарап,
Кейиш тартып ыйлады,
Ыйлабаса канетсин,
Баатыр берген калың мал,
Базарына сыйбады.
Мылтыктуу мылтык октоду,
Мылтыкка милте чоктоду,
Саадактуу жаасын октоду,
Каптап түшүп шаарды,
Калың кошун токтоду.
Карыялар каркылдап,
Жакып менен Көкөтөй,
«Бадыректер токто» – деп,
Айгай салды баркылдап.
Карысынан өтө албай,
Шаарды каптап кете албай,
Каз катар тартып көй баатыр,
Каршы алдынан караса,
Алтымыш тартуу алып,
Темиркан чыгып келатыр.
Ал Темирден өтө албай,
Аламандап шаарга,
Каптап кирип кете албай.
Калың кошун токтолду,
Ал кошунду Темиркан,
Азыр келип жоктоду.
Кыз берем деп кысылып,
Калган экен домокко,
Каны келип башкарып,
Бөлүп берди конокко.
Кырк чоронун баарысын,
Кыргыл, Бакай карысын,
Конок алды бектеди,
Уккандарга бул экен,
Баштап алып Манасты,
Кан ордого келгени.
Баштап келди Манасты,
Чоролорду талашты,
Бизге мейман сиз бол – деп,
Бөлүп алып таратты.
Бөлөк бөлмө бир үйгө,
Тургузган экен Манасты,
Бирден-бирден жөнөдү,
Бирин-бири көрбөдү.
Ажалынын жогунан,
Улук шаар Букардан,

Азыр киши өлбөдү.
Жекендос жерден алдырып,
Баяндос мамык салдырып,
Атлас көрпө, ак мамык,
Алда канча жыйдырып,
Манас кирген сарайдын,
Кеңдигинен сыйдырып,
Бозүйгө кирет кыргыз деп,
Бакчанын баарын кыйдырып.
Шаарга кабар салдырып,
Үй кылчу устадан,
Алтымышын алдырып.
Тез курдуруп үй кылып,
Усталарды башкартып,
Эки устаны бий кылып.
Мал багуучу далайын,
Басып уста сарайын.
Түндүгүн кайың ийдирип,
Каалга менен босого,
Канча түрдөп чийдирип.
Каалгага коюп сызыкты,
Алда канча кызыкты.
Кабылан эрдин каарына,
Катындар батпай заарына.
Кырк, элүүсү жыйылып,
Капия деген катынга,
Каттагын деп сыйынып.
Катындар келди асылып,
Капиянын кайраты,
Кара бойдон ашынып.
Көрмөк үчүн күйөөнү,
Арт жагынан ээрчитип,
Жолдош кылып бирөөнү.
Каалгасын ача салыптыр,
Кабылан Манас баатырдын,
Ыраңын көрүп алаптыр,
Энеке деп жыгылып,
Эс-акылдан таныптыр.
Кайра качып жолдошу,
Катындарга барыптыр.
«Көк желмогуз өзү экен,
Кантип тийет буга деп,
Катынга кабар салыптыр.
Капия жүзүн көрдү – деп,
Көмүлүп калсын көрбөсө,
Көмөлөнүп өлдү» – деп,
Айтып барды бу катын,
Катындар баары селейип,
Эстери чыгып элейип.
«Эмне дейсиң бейбак?» – деп,
Энтелешип бүгүлүп,
Капияны көрүптүр,
Эси чыгып Капия,
Чала жансар болуптур.
Көрбөй туруп козушуп.
Аш бышымга жатканы,
Анан көзүн ачканы.
Ээси чыгып Манастан,
Талыганын билиптир,
Акылы артык Каныкей,
«Көрбөгөн экен эрди – деп,
Көөнүңө алгын эми» – деп,
Каныкей шак-шак күлүптүр,
Эки күнү, эки түн,
Эч бир катын каттабай,
Каныкей гана билиптир.
Акылы тереӊ Каныкей,
Көрбөгөн экен эрди деп,
Көөнүңө алгын эми деп,
Ошондо шак-шак күлүптүр.
Букарлык кыргыз баарысы,
Баш кошуп алып бир үйгө,

Акылдашып калышты,
Акылдары токтолуп,
Тойду курап салышты.
Мал семизин сойдуруп,
Тойго келген адамдын,
Башына жаздык койдуруп,
Малайы, байы дебестен,
Кол, аягын чойдуруп.
Ала-Тоодой эт кылып,
Ала көлдөй чык кылып.
Ойдон кеткиз иш кылып.
Алмамбет менен Манаска,
Арууке менен Каныкей,
Ак никени кыйдырып,
Ар сонундун баарысын,
Даярдаган ак ордо,
Эки ордого жыйдырып.
Буулум менен бутаны,
Атлис менен шайыны,
Айтканда чыгар дайыны.
Машроо менен барчаны,
Жыйган экен канчаны.
Кымкап менен дейилде,
Кыйбат баа булардан,
Ак ордого толтуруп,
Жыйган экен булардан.
Торгун, булум, тубарды,
Толтурган экен буларды.
Солоон, солоон, чүчтөсү,
Не кубулган түстөрү.
Санам менен дүрүйө,
Сап жыйылган дүнүйө.
Бейкасам менен шөкүлө,
Ар жасалга баарысы,
Толгон экен төгүлө.
Ат, кунанын чаптырып,
Арзыгандан баарысын,
Азыр кылып таптырып.
Бир жүз атан алдырып,
Ээрчишкендин барысы,
Куп кумардан кандырып.
Жаккан отун өчтүрүп,
Букардын каны Темиркан,
Шааны-шөөкөт калтырбай,
Жөнөттү кызын көчүрүп.
Аксакалдар башында,
Кырк баатырдын баарысы,
Кылайып кетпей намысы.
Самаган кыздан алышып,
Кыраандар үйгө барышты.

## МАНАС БААТЫРДЫН САМАРКАНТТАН ТАЛАСКА КӨЧКӨНҮ

Айкөл, Манас султаның,
Азган, тозгон кыргызы,
Ар тараптан чогултуп,
Анжиян, Алай жерине,
Орундатып тургузду.
Самаркан тоосун жайлатып,
Сандатып малын айдатып,
Найзанын баарын боолатып,
Кол сала келген душманды,
Сай кашкага жоолатып.
Жердеп турган жерлери,
Анжиян менен Самаркан,
Баатыр Манас султандын,
Жергесинде канча жан.

Арстан Манас баатырдын,
Ардеме түшүп оюна,
Жалпы баары келсин деп,
Жар чакыртты тобуна.
Келди кыргыз баарысы,
Улуу-кичүү карысы,
Жер очокту ойдуруп,
Жети бээни сойдуруп,
Жети жүз чанач кымызды,
Кыдырата койдуруп.
Кызматтарды турдуруп,
Кызыл кесе – сары аяк,
Кыдырата сундуруп.
Тамагын элге тарттырып,
Ар кандай соргок болсо да,
Ак майынан арттырып,
Тарткáны казы жая жал,
Таттылыкка бергени,
Шекер, шербет, зарс, бал.
Суусунга берип кымызын,
Султан Манас баатырдын,
Журтуна кара кылышын.
Аке чуркап балдары,
Аз болгондо бир миңдей,
Ак сакалдуу чалдары.
Калмакта журүп башында,
Каралаш жүрүп жашында,
Үйрөнүшүп калыптыр,
Канжа тартып баарысы,
Ак сакалдуу карысы.
Алтайдан келген кыргыз бар,
Андан бери жылдыз бар.
Эргиштен келген кыргыз бар,
Эрмек сөзүн кылышар.
Жердеп келген жерлерди,
Айтып турган дагы бар,
Ушул элдин арбыны,
Оркун дайра, Амур суу,
Андан келген чагы бар.
Енесей дайра, Ала-Көл,
Анын кебин башташып,
Көргөн жери курсун деп,
Көбү көзүн жашташып,
Жер соорусу жерлерди,
Жердегенин кеп кылып,
Катуу кыйнап калмактар,
Кара малдан калтырбай,
Бер дегенин кеп кылып,
Анча Манас чыкпаса,
Асыла келген душмандын,
Жалпайтып туусун жыкпаса.
Айтканын кылып Эсен кан,
Алмак эле малыңды,
Баш көтөргөн эр койбой,
Кыймак эле жаныңды.
Намуруттай болом деп,
Айткан экен Эсен кан,
Оозуна сөздү алганда,
Эси оогон бойдон калды го.
Манас чыгып калганда!».
Ал сөздү айтып салышып,
Уйгурду көргөн кыргыз бар,
Ардеме айтып сөз кылып.
Самаркандан, Букардан,
Самап келген булардан,
Сап кыргыздан канча жан.
Ак сакалдар бир-бирин,
Аңгемеге салышып,
Алпылдап күлүп калышып.
Эмки кебин ташташып,
Эски сөзүн башташып,
Азыркы сөзүн ташташып,

Аңгемени башташып.
Олтурган эле ошолор,
Ошоңгуча болбоду,
Кырк нөөкөрү кашында,
Дөөлөт кушу башында,
Келди Манас ушунда.
Аксакалга бет алып,
Арстан төрө Манасы,
Аз болгондо алты миң,
Атпай кыргыз баласы.
Карап көрсө буларды,
Орчун жыйын улуу топ,
Оркоюп турган бири жок.
Олтурган баары жыйылып,
Ошондо төрө кеп айтат:
«От калайык – деп айтат.
Алооке деген кан чыгып,
Айбатынан жан чыгып.
Анжиян болуп туругу,
Кара калмак уругу,
Анжияндын улугу.
Түтүн сайын бир тогуз,
Малыңдан алган алымды,
Түтүн сайын бала,
Башыңа салган саламды.
Кайраттуу Ногой өлгөндө,
Калкы кыргыз карайлап,
Каарын төккөн кандардан,
Катаалчылык көргөндө.
Кайгыргансың баарыңар,
Каяша айтып чыкпасак,
Калбас эле жаныңар.
Калаба салдык андарга,
Түгөнгүрдү биз дагы,
Түшүрдүк заман акырга.
Анжиянды, Букарды,
Аңдап көрдүң буларды.
Артык экен дүйнөдөн,
Топосу кара жери май,
Тоо таянса эли бай.
Аккан суусу бышкан май,
Ар түрдүү мол бышкан,
Дыйкандарга жери жай.
Ак сакалдар кеп кылдган,
Азар түмөн эл сыйган,
Артык экен Анжиян.
Алай сырты малга жай,
Арты болор эли бай,
Атпай журтум отурсун,
Ар демени көп ойлоп,
Болбой турат көөнүм жай!
Ортолоп элим турсам деп,
Оюмда турат көп жумуш,
Ортого колум сунсам деп,
Аттанып чыгып Алтайдан,
Артык Алтай кең жайдан,
Калдайга азап салыппыз,
Атыш жүрүп аларга,
Анда аңдабай калыппыз.
Алмамбет келген жолунда,
Ар иш түштү оюма,
Жерин чардап чалганмын,
Айтылуу Талас жерине,
Көп суктанып калганмын.
Ары жагы Чүй экен,
Оболтон бери атагы,
Чүй атанып жүрү экен.
Ала-Тоо болгон күн жагы,
Суусамыр экен бир жагы.
Самарканттын Кара тоо,
Ороло көчүп өтүүгө,
Анжиянды аралап,

Арадан дайра кечүүгө,
Алмамбет табылган жолдо,
Ат койгонбуз Талас деп,
Нак ошого жетүүгө.
Талабым бар оюм бар,
Талабы бирге көп баатыр,
Тартынбастан коюңар.
Дыйканың болсо калыңар,
Көлүктүү болсоң барыңар.
Тартышар душман жок болуп,
Кара-Бура токтолуп.
Кармашар душман жок болуп.
Сары-Өзөн, Таластагы, жерине,
Кайкалып кыргыз жатыптыр,
Кармаша келген душмандар,
Кабылан Манас тушунда,
Кар жерге батыптыр.
Анжиян, Талас кур болуп,
Жемиши көктөп гүл болуп,
Ченине келген эр болуп.
Жөлөшүчү душмандын,
Жүрөгүнө чер болуп.
Атпай кыргыз журтуна,
Шамал тийгиз ык болуп,
Жан жолдошу кырк болуп.
Сайыш кылчуу душмандын,
Жүрөгүнө тык болуп.
Асмандан мунар жошулуп,
Атпай кыргыз элинин,
Таалайына жараша,
Арстан Манас баатырга,
Алмамбет келип кошулуп.
Аялдан чыккан акылман,
Арстан Манас баатырга,
Каныкей келип жар болуп.
Андан кийин Манастын,
Ар кылган иши шар болуп.
Кең Таласты бет алып,
Көчтү Манас дүңгүрөп,
Жер союлуп күгүрөп,
Каалагандар көчүптүр,
Каалабаган калыптыр.
Анжиян жерин аралап,
Аккан суусун саралап,
Тоо этектеп кыдырып,
Аккан суусун сыдырып,
Таласты беттеп калыптыр,
Салкынга жолун салыптыр.
Чаткалды ашып чаң кылып,
Самаркандан кыргыздар,
Самсып көчүп келди деп,
Санатым калкка даң кылып.
Жер солкулдап чайпалып,
Көчүп келген атпай журт,
Кең Таластын түзүнө,
Конуптур баары жайкалып.
Талас, Чүйдүн кыргызы,
Төбөсүнөн жуушуп,
Жарык Чолпон жылдызы,
Учураша келишип,
Ат чаптырып той кылып,
Албан түрдүү жол кылып,
Арстан Манас айкөлүң,
Таласка келип токтолуп,
Көөндүүңөр мында калыңар,
Кайдан бардык ага деп,
Кайгырганың калыңар,
Айтпай көчсөм ага-ини,
Наалат айтып коёрсуң,
Ал жерде самап жүргөнүң,
Абыдан капа болорсуң.
Өз-өзүңдү өзүң бил,

Таласка оогон биздин дил,
Азыр жакшы болуптур,
Аксакалдар келгениң,
Артыңа чапан алдыңа ат,
Ажырашаяк бергеним».
Ал сөздү айтып салганы,
Азырлаган желдеттер,
Алып келип калганы.
Аксакалдар ат минип,
Кара сакал тон кийип,
Тон кийгендер кулпунтуп,
Ат мингендер жулкунтуп,
Көпчүлүгү дүңгүрөп,
Бата берип салганы,
Каалагынын кылууга,
Тарашып жөнөп калганы.
Самаркандын Кара тоо,
Кара тоонун оюнан,
Кара дайра боюнан,
Арстан Манас баатырдын,
Айтканын калкы эп кылып,
Атышкан жоосун мерт кылып,
Ар кайсы кандар кеп кылып,
Арбагын угуп Манастын,
Эсенкан чоочуп шек кылып.
Катагандын Кошойго,
Калк каарысы эң калыс,
Катарлаш болуп ошого.
Чачкын болгон элдердин,
Баарысын курап эл кылып,
Баса келип кол салган,
Душмандын башын дел кылып,
Ичтерин толгон дем кылып.
Жети кан атак бериптир,
Кол сала келген душмандын,
Талпагын ташка кериптир.
Анжиянга Санжыбек,
Туркмен элге Музбурчак,
Алты шаар Кашкарды!
Кан Жамгырчы башкарды.
Кең көтөгө Эр Төштүк,
Казактарга кан Көкчө.
Сары-Өздүн жерине,
Нары жагы Ысык-Көл,
Санат жеткиз элиңе.
Үрбү чечен кан болуп,
Кандыгы журтка даң болуп.
Арстан Манас тушунда,
Атпай кыргыз уруусу,
Төбөсү жетип асманга,
Кармаган экен булутту.
Кол сала келген душманды,
Ал кезде кыргыз курутту,
Кынжыда иттей улутту.

## КӨЗКАМАНДАРДЫН ОКУЯСЫ

Атпай калың кыргызды,
Эсенкан келип чапканда,
Баш көтөргөн элдердин,
Баарын кырып сап кылып,
Эсебин чогу тапканда.
Өлгөнүнөн калганын,
Туш-туш жакка бөлгөндө.
Башына келген балааны,
Ал кезде кыргыз көргөндө.
Ногой кандын бир уулу,
Үсөндү кармап алыптыр,
Каңгайдан ары өткөрүп,

Өз атын жоюп өчүрүп,
Көзкаман коюп салыптыр.
Өзүнүн атын жоюуптур,
Көзкаман атка коюптур.
Үсөн байкуш эрксизден,
Кыргыздан жүзүн буруптур.
Калмактардын элинин,
Ичинде жалгыз туруптур.
Кожоюн кылып калмакты,
Көтөрүптүр бул Үсөн,
Үстүнө түшкөн салмакты.
Отун алып, от жагып,
Малай болуп калмакка,
Эптеп-септеп жан багып.
Эбин таап жалданып,
Анча-мынча малданып,
Калмактан катын алыптыр.
Алган ушу катыны,
Чолосу жок удаалаш,
Чубуртуп тууп салыптыр.
Эң улуусу Көкчөкөз,
Оболтон бери карата,
Ооздон-оозго көчүрүп,
Айтылып келген ушул сөз.
Балдарынын баарына,
Калмакча аттар коюлуп,
Калың кыргыз атынан,
Коюлбай бир ат жоюлуп.
Арбалдай менен Дөрбөлдөй
Агалдай менен Бегалдай,
Токолдой менен Бекебай,
Аттары болгон ушундай.
Кыргызды көрүп өсүшүп,
Жүрүш-туруш, тилдери,
Калмакка тамам өтүшүп.
Кыргыздан четте калышып,
Бирда буруу-терүү жок,
Жети туушкан Көзкаман,
Калмак болуп алышып.
Алтайдан Манас чыкканды,
Алыш келген душмандын,
Айчыгы алтын тууларын,
Жалпайтып жерге жыкканда.
Ар жерден курап кыргызды,
Анжиян, Алай жерине,
Арстан Манас кабылан,
Алып келип тургузду.
Анжиядын жеринен,
Алооке канды айдаптыр,
Алоокеге караштуу,
Азар түмөн көп калмак,
Аргасы кетип сайлаптыр.
Бул кабарды укканда,
Эсенкан чоочуп элейип.
Кашындагы калдайлар,
Эсинен танып селейип.
Урматтуулар умсайып,
Улуктун баары сумсайып.
Такталуулар далдайып,
Таажылуулар шалдайып.
Анда Эсенкан кеп айтып,
«Бу Манаска дабаны,
Кылабыз кандай деп айтып,
Эсенкан айтып таштады,
Калмактардын кыяры,
Суркан деген аяры,
Айтып сөзүн баштады:
«Мен билемин кыргыздын,
Баштан аяк санатын,
Башынан бери билемин,
Толуп жаткан адатын.
Тууганын кыргыз барбастайт,

Көчүп бара тууганы,
Дүнүйөсүн аябай,
Эң артыкча ардактайт.
Билбесеңер айтайын,
Айта түшүп кайтайын,
Тушаң пааша тушунда,
Ногойдун Үсөн баласы,
Кармалып келген ушунда.
Азыр анын атагы,
Болуп калган Көзкаман,
Кулагына кыргыздын,
Угулган болсо кокустан,
Угулат экен эң жаман.
Мен айтамын бир сөздү,
Кулакка сыяр түр сөздү.
Көз камандын жети уулу,
Төкпөй, чачпай айтайын,
Тыңдагыла куп муну.
Кыргызды көрбөй калышты,
Байкап акыр карасам,
Бир жеринде буруу жок,
Калмак болуп алышты.
Кыргыздын калмак жакырдыр,
Колго алыш керек аларды,
Алгыла айткан сөзүмдү,
Айткан сөзүм акылдыр.
Көзкаманга жол берип,
Жол бергенде мол берип.
Астына минер ат берип,
Үстүнө кийер тон берип.
Ар шайманын шай кылып,
Алдуу-жалдуу бай кылып.
Көчүп бар деп Таласка,
Барып жетип сыр бербей,
Бууган бол деп Манаска.
Таласка жетип конуучу.
Барып конуп камандар:
Аралашып камандар,
Сый көрүп тууган болуучу.
Камандар байып алган соң,
Сыр-сыпатын Манастын,
Ийнесине-жибине,
Толук билип калган соң.
Өнөрдү мындай баштачу,
Өрттөнүп кеткен Манасты,
Өрт өчкөндөй бир кылып,
Өлүм кылып таштачу.
Тийсе боло уулардан,
Камандын берип колуна,
Билбегенин билдирип,
Салалык аны жолуна»
Аяр Суркан карысы,
Айтып сөзүн салганы,
«Маакул экен бу сөз» – деп,
Эсенкан макул алганы.
«Андай болсо акыр – деп,
Камандарыды чакыр» – деп.
Эсенкан айтып салыптыр,
Кан жарлыгын укканда,
Токтолбостон салоондор,
Камандарды дүргүтүп,
Айдап келип калыптыр.
Эсенкандын алдына,
Камандар келди жүгүрүп,
Карап турду жер карап,
Карап жандан түңүлүп,
Анда Эсенкан кеп айтат,
Камандарга бек айтат:
«Айтып турган сөзүмдү,
Камандар уккун – деп айтат.
Түбүң кыргыз болсо да,
Калмак элде туулдуң,

Киндигиң каны мында таамп,
Курчалып белиң буулдуң.
Каңгай сенин жериңдир,
Каралашып бир турган,
Ушу күндө камандар,
Калмак сенин элиңдир.
Кыргыздан калмак жакындыр,
Ойлонгула камандар,
Айткан сөзүм силерге,
Ата-энеңден жакындыр.
Эсиңер болсо камандар,
Уга турган маакулдур.
Баргыла көчүп Таласка,
Тууган издеп келдик деп,
Айтыңар сайрап сөзүңдү,
Жолуң каткан Манаска.
Астыңарга ат берем,
Андан башка көп малды,
Аялдабай бат берем.
Үстүңөргө тон берем,
Кең-кесири жол берем,
Үй оокатын шайманын,
Аянбастан мол берем.
Деген сөзгө көңгүлө,
Эптеп жүрүп Манасты,
Каран кылып Таласты,
Кайта мында келгиле.
Союп келсең Манасты,
Дегениңе көнөмүн,
Ар кимиңдин башына,
Калдайлык мансап беремин.
Тийсе болот заaруу,
Андан берем колуңа,
Көөнүңөрдү куп жайлап,
Саламын азыр жолуңа».
Кандан мындай кеп угуп,
Камандар баары төп угуп.
Кабагы карыш ачылып,
Камсыккан жүрөк басылып.
Манасты союп берүүгө,
Союп салып Манасты,
Эсенкандын өзүнө,
Сүйүнчүлөп келүүгө.
Камандар маакул болгону,
Маакулдугун көргөндө,
Кабагы күндөй ачылып,
Эсенкан көөнү толгону.
Айткандарын Эсенкан,
Камандарга бериптир,
Эсенкандан сый алып,
Кайтып үйгө келиптир.
Атасына билдирбей,
Билдирип коюп атага,
Курган чалды бүлдүрбөй.
Атасына кеп айтат:
«Адилет экен Эсенкан,
Колдоду бизди деп айтат.
Төрт түлүк мал берди,
Кеткиле көчүп бурутка,
Түбүң тууган журутка.
Барып кон деп Таласка,
Көптөн бери калмакка,
Азып-тозуп жүрдүңөр,
Тууган бол деп Манаска».
Айтып сөзүн камандар,
Арамдан бүткөн айбандар.
Үйлөрүн чечип бүктөшүп,
Атандарга жүктөшүп,
Атасына сөз айтып,
«Отургунуң шүк» дешип.
Калмактан көчтү бөлүнүп,
Камандар көзгө көрүнүп.

Узатып жолго салгын деп,
Солоондорго Эсенкан,
Катуулап буйрук кылыптыр,
Эсенкандын жардыгын,
Калын солоон угуптур.
Камандарды солоондор,
Жаккан отун өчүрүп,
Коркунуч жерден өткөрүп,
Жөнөтүштү көчүрүп.
Азгана эмес мол көчүп,
Тыным албай камандар,
Арада канча жол көчүп.
Ысык-Көлдү басыптыр,
Капчыгай боомду басыптыр.
Сары-Өзөнгө жетиптир,
Эсен кылса көчкөнүн,
Төрт бүтүнүн өтүптүр.
Сары-Өзөн тоого таянып,
Өргүп тынчып жай алып.
Анда бир ай турушат,
Келген менен кеткенден,
Кулак түрүп камандар,
Манастын жайын угуптур.
Сары-Өзөндөн көчүптүр,
Ала-Тоону ашышып,
Эңкейип Талас басышып.
Жетип конуп Таласка,
Дайынын билген кишиден,
Калмакта калган тууганың,
Көчүп келип калды деп,
Бериптир кабар Манаска.
Кабылан Манас айкөлүң,
Кабарчыдан кеп угуп,
Калмакка кеткен тууганың,
Көз каман келди деп угуп,
Ак сакал Жакып буркурап,
Атпай кыргыз баарысы,
Аксакалдуу карысы,
Аттанышып чуркурап.
Келди Жакып айкырып,
«Аман-эсен келдиңби?
Уялаш деп кыйкырып.
Тар төшөктө жатышкан,
Талашып эмчек татышкан.
Талашып эмчек эмгеним,
Бак-таалайың ачылып,
Сенделип жүрүп калмакта,
Уялашым келгенин!».
Наалып айгай салыптыр,
Аларды көргөн адамга,
Акыр заман башына,
Ошо жерде түшүп калыптыр.
Найзалары солкулдап,
Бөйрөктөрү болкулдап.
Үсөн, Жакып эки чал,
Кыйла сөз айтып салганы,
Кыйырында турган көп элге,
Кыямат болуп калганы.
Карап көрсө каманды,
Токсон жашка барыптыр,
Жетимишке жакын жыл,
Кыргызды көрбөй калыптыр.
Башындагы кийгени,
Майланган кара малакай,
Үстүнө кирдүү күрмөсү,
Абайлап карап турганга.
Нукура калмак мүнөзү.
Көз каман боюн күүлөдү,
Кыргызча тилде сүйлөдү,
Катын менен балдары,
Кыргызча бир ооз тил билбей,
Бүтүн бойдон калмакча,

Сүйлөйт экен барлары.
Үстү-башы кокочо,
Туулгандан ушулар,
Кыргыздан бирди көрбөстөн,
Болгон экен обочо.
Таңыркап карап турушуп,
Оңолуп кетер булар деп,
Ал тургандар баарысы,
Кожурап кебин урушуп.
Бардык күткөн буюму,
Бир жеринде буруу жок,
Кыргызга окшоор бири жок,
Калмакча экен турушу.
Чындап байкап карашса,
Айландыра санашса,
Коргошундан бурканы.
Мойнуна таккан куту бар,
Элден азган курусун,
Не десе болот ушулар.
Сууга чылап кийимин,
Кир жуубайт экен калмактар,
Өмүрүнүн ичинде,
Бир жуубайт экен калмактар.
Өлгөнүн итке салышкан,
Тургузбай иттер жеп кетсе,
Бейишке деп айтыптыр,
Кубанышып калышкан.
Кечил деген молдосу,
Алардын кылган иштери,
Жооруп турган түштөрү,
Эгеримде оңбосу,
Кызды жигит аларда,
Кечилдерге барышып,
Бир жумадай кечилдин,
Колун берип салышып.
Дин молдосу кечили,
Калың элдин баарына,
Адатта жок иш кылып,
Тиет экен кесири.
Өлүктү отко өрттөгөн,
Айтканына кечилдин,
Оболтон бери карата,
Калмактын калкы өтпөгөн.
Өгүз карып өзү өлгөн,
Өрттөнүп кеткен кечилдер,
Өлгөндүн малын тең бөлгөн.
Малдан ыйык көтөргөн,
Калың калмак элине,
Кечилдердин дегени,
Бири жерде калбастан,
Бүтүн бойдон өтөлгөн.
Кечилдер жаткан чогулуп,
Күрөө деген жай болот,
Катын албай кечилдер,
Өмүрлүккө бой болот.
Кашкулак, суур, каманы,
Кадимден бери калмактар,
Арам, адал ылгабай,
Жейт экен абдан жеген,
Кир жууса ырыс качат деп,
Кирин жууган кишини,
Жакырлык келип басат деп.
Билишет экен каламактар,
Качпасын ырыс, кешик деп,
Өмүрүнө кир жуубай,
Эгеримде бир жуубай,
Жүрүшөт экен калмактар.
Жуулбай кийим жыртылган,
Миң талаа болуп тытылган,
Оболтон бери карата,
Ушундай жаман адатка,
Калмактын калкы утулган.

Сөөкө сиңген эски адат,
Калмактарда ашыптыр,
Өрттөнүп кеткен кечилдер,
Калың журтун калмактын,
Албарстыдай басыптыр,
Көз камандын балдары,
Каса калмак өзү экен,
Как кара кан көз экен.
Он эки канат ак ордо,
Ак ордону камдатып,
Ар шайманын жамдатып.
Көз камандын жети уулун,
Жети ордого киргизди,
Жетик Манас султаның,
Жетиктигин билгизди,
Үстүнө кийген кийимин,
Урунган турган буйумун.
Бирин койбой алганы,
Отко өрттөтүп салганы.
Самындап баарын жуудуруп,
Кемер менен белин буудуруп.
Торгун, тубар, булумдан,
Үстүнө кийим кийгизип!
Туйгун Манас султаның,
Тууганды гын билгизип.
Короосуна кой берип,
Желеге байлап уй берип.
Жүктөрүнө төө берип,
Саарына бээ берип.
Жери чүйгүн, суу тунук,
Жерин бөлүп бергени,
Үсөндүн эли дедиртип,
Элин бөлүп бергени.
Көзкаман атын өчүрттү,
Үсөн атка көчүрттү.
Кыргыздардын баарысы,
Баатырдын келген тууганын,
Барпазага алышты,
Өрүлүк кылып салышыты.
Кеп-кеңешке алганы,
Жатыркатпай аларды,
Калмактан келген тууганды,
Катарга кийирип салганы.
Акылга дыйкан Каныкей,
Камандарды сынаптыр,
Жүрүш менен турушун,
Баштан аяк кынаптыр.
«Бу камандар агарып,
Ногойго тууган болорбу,
Арамдан күткөн калмакты,
Тууган деген оңорбу!».
Ээндетип бир түнү,
Арстанга Каныкей кеп айтат:
«Айтамын билген бир сөздү,
Айкөлүм уккун – деп айтат.
Мен айтамын бир сөздү,
Зайыптык кылып айтат деп,
Көөнүңө алба кир сөздү.
Мен айтамын көп сөздү,
Акылга сыйчу эп сөздү.
Калмактан келген тууганың,
Абайласам түрлөрүн,
Агарбаган ичтери,
Каса душман урганың!
Биле албай жатат сырыңды,
Ала албай жатат ыгыңды,
Сыр-сыпатың билген соң,
Калмактар бузар кырыңды.
Атасынын аты Көзкаман,
Аңдасам түрү эң жаман.
Уулунун аты Көкчө көз,
Укканда барбы мындай сөз.

Арбалдай аттуу болорбу,
Аңдадым түрүн олорду,
Абыдан батып алган соң,
Айландырар ногойду!
Арамдар колду салганда,
Сендей арстандын иши оңорбу,
Токтолдой аттуу болорбу,
Токтонуп сырың алган соң,
Тоз-тоз кылар ногойду!
Тогошуп алган ногойду,
Тозуп алмак оңойбу!
Багалдай аттуу болорбу,
Бээледим ишин олорду,
Бекерлер кирип кол салса,
Сендей берендин иши оңорбу!
Чагалдай аттуу болорбу,
Чамаладым олорду,
Чалгырт калмак арамдар,
Чаларго деймин ногойду!
Созмологон тал жибек,
Соктосун жазсам бөлүнбөйт,
Соологон калмак тууганың,
Соо жүрчү адам көрүнбөйт!
Кызыл-тазыл кырмызы,
Кыргагын жазсам бөлүнбөйт,
Кыйшык өскөн калмактар,
Кыябына бир келсе,
Кылчаяр арам көрүнбөйт.
Дөрбөлдөй атуу болорбу,
Төлгөлөп билдим олорду,
Төрөгө төмөн кол салса,
Сендей төрөнүн иши оңорбу!
Ак сарай кылдың киргенин,
Аталаш тууган бил дедиң,
Агарбаган калмакты,
Арстаным ойлоп билбедиң!
Көк сарай кылдың киргенин,
Көтөр тууган бил дедиң,
Көмүлгөн калмак мүнөзүн,
Көрүп байкап билбедиң!
Абыдан кулак салгының,
Айткын тилим алгының!
Айтканым жалган болгондо,
Азапка мени салгының.
Бирин айда кытайга,
Калмактарды тургузба,
Ушу баштан камынып,
Кеңири Талас бу жайга.
Бирин айда казакка,
Камынбасаң кабылан,
Акырысы түбүндө,
Биз каларбыз мазакка.
Бирин айда эренге,
Арамдан бүткөн калмакты,
Аягын жерге тийгизбей,
Чөгөрүп жибер тереңге.
Бирин айдап жибергин,
Кара-тегин калчага,
Бирин-бири көрө албай,
Сенделип жүрсүн канчага.
Бирин айдап жибергин,
Анжияндын жерине,
Тургузбагын каманды,
Кең Таластын чегине.
Кайта бирин айдагын,
Кара калмак кечилге,
Күтүнбөсөң баатырым,
Учурарсың кесирге».
Каныкей сөзү токтолду,
Каарданып кабылан,
Түгү чыгып бетинен,
Каныштты карап октолду.

«Кара баскан Каныкей,
Айткан сөзүң эп эмес,
Абайласам сөзүңдү,
Адам угар кеп эмес.
Тууганга кылса жамандык,
Түбүндө таппайм амандык!
Калың калмак элинен,
Издеп келсе арбакты,
Катаалдык ишин көрбөстөн,
Канткенде салам салмакты.
Калк укса не дейт ишимди,
Жамандыкка оодарып,
Жооруйтко көргөн түшүмдү.
Бул кебиңди ит уксун,
Ит укпаса ким уксун,
Капкараңгы түн уксун,
Андан бөлөк ким уксун!
Ушул айткан сөзүңдү,
Экинчи мага угузба,
Кулагыма жугузба!
Угузган болсоң сөзүңдү,
Чукуймун эки көзүңдү!».
«Айтканыма болбоду,
Акыр төрөм оңбоду!».

## МАНАСТЫН КӨЗКАМАНДАРДАН КӨРГӨН ЖАМАНДЫГЫ

Камандар көчүп келгенде,
Кабылан Манас баатырың,
Каркыттап күтүп аларды,
Эл-жерин бөлүп бергенде,
Көгала сакал Меңдибай,
Айыл конуп каманга,
Асили түбү арамга.
Аксакал болуп алыптыр,
Эртели-кечти кыбырап,
Тынбастан сүйлөп шыбырап,
Бузук сөздөн салыптыр.
«Кызы талак канкорго,
Кылымды баскан анткорго,
Болосуңар тең тууган,
Кудай алсын силерди,
Тең туугандан кем тууган.
Көкчөкөз баштап камандар,
Меңдибай сөзүн угуптур,
Меңдибайдын сөздөрү,
Кулагына жугуптур.
Келгенден тартып Көкчөкөз,
Эсенкандын айтканы,
Бүтүн бойдон эсинде,
Келсе Манас кезинде,
Ар жамандык нээтинде.
Көз каман уулу Көкчөкөз,
Коржоңбоз атын токутуп,
Манаска кылчу жамандык,
Меңдибайдан окунуп.
Бир күнү туруп Көкчөкөз,
Агалдайын алыптыр,
Арыстан эрге калмакка,
Акылдашып калыптыр.
Чагалдайын чакырып,
Арбалдайын акырып,
Дөрбөлдөй мында келсин деп,
Төрө Манас баатырдын,
Төгүүгө канын камын жеп.
Бегалдай бери келсин деп,
Берен эрдин камын жеп.
Токолдой экен кенжеси,
Султан эрди жутмакка,

Чогулганда кеңеши.
Эл агасы Меңдибай,
Аксакал мында келсин деп,
Айттырганда жайма жай.
Арамдарын Көкчөкөз,
Азырлаган шайма шай.
Келе жатып Меңдибай,
Алдынан Үсөн чыкты жай.
Салам айтып салганы,
Алигин Үсөн алганы,
Амандашып калганы,
«Меңдибайым сүйлө» деп,
Үсөн айтып турганы.
Меңдибай баштап кеп айтып,
«Көпчүлүктүн ичинде,
Көзкаман болгон атагың,
Көөдөнүңдө эч ой жок,
Көтөр албай башыңды,
Көмүлгүрүп жатасың!
Өзүң келген ар бакты,
Үсөнгө салган чарбакты,
Канкорго кандай сатасың!».
Меңдибай айтты бул сөздү,
Бейли жаман куу сөздү.
Айтканын Үсөн укканы,
Катуу келип ачуусу,
Бетиндеги түктөрү,
Терисин тешип чыкканы.
Эсенкандын сынчысы,
Көмүлгөн капыр нени айткан.
Көз эмес эле чатагым,
Көзкаман болуп атагым.
Карап турсам Меңдибай,
Кара ыргай чыгып ташка өсүп,
Калабалуу менин балдарым,
Калмакта туулуп башка өсүп.
Журт ойлобойт ар качан,
Манасыма жамандык,
Аман жүрсүн Манас деп,
Баарысы тилейт амандык.
Көкчөкөз ким, Манас ким,
Көппөсүн уулум жүрсүн тим!
Азып жүрүп жер көрүп,
Манаска жаман не ойлойт,
Жамандык оюн не ойлойт.
Менин балам Көкчөкөз,
Манаска кирер мык болуп,
Жүргөндүр балам жык болуп.
Мен айтайын акылды,
Өмүрүмдө көрбөдүм,
Меңдибай сендей капырды.
Булгары өтүк – муз таман,
Бутума кирет деп билбей,
Салыптыр туура таманга,
Таманына мык кирип,
Шишиптир буту заматта,
Аягы шишип жылалбай,
Олтурган жерде капталып,
Калыптыр жеке каманга.
Жеке каман жетиптир,
Сулууланчу немени,
Суу боюна ал каман,
Жарып таштап кетиптир.
Менин уулум Көкчөкөз,
Манаска кирер мык болуп,
Жүргөндүр балам жык толуп.
Манас аксап калбайбы,
Ошол каман сыяктуу,
Бир душман келтирип,
Баарыбызды чалбайбы.
Кокус өлгөн кишидей,
Кордук болуп калбайбы.

Бузук жүрөт оюңар,
Тил алсаңар Меңдибай,
Бу жорукту коюңар,
Кас санабай эч жанга,
Кас кылып кара санаган,
Касиет эмес ар жанга.
Каңгып келип калмактан,
Кабылан Манас балама,
Жамандыкты издөөдө,
Капаланып кайгырып,
Калып турам мен таңга.
Катылбасын Манаска,
Катылам десе акыры,
Кайта көчсүн калмакка.
Жоготууга Манасты,
Көкчөкөз турду камынып.
Кабагы карыш түйүлүп,
Көк камандай чамынып.
Камандарын чакырып,
Баштан аяк жапырып.
Айылга кабар салдырып.
Айтып сөзгө кандырып.
Желесин сазга тарттырып,
Жергесин минтип арттырып,
Казыгын сазга кактырып,
Ачытып араң кымызды,
Казандап арак тартырып.
Жата турсун алары,
Алдырса да, алса да,
Анык көзгө көрүндү.
Бир калаба салары.
Меңдибайын баш кылып,
Алдырып алты бийлерин,
Аземдеп тигип үйлөрүн.
Элден элким – журттан так,
Камандарын чөгүлтүп,
Токолдойдун үйүнө,
Баштап кирди ушул чак.
Аксакалы Көкчөкөз,
Ааламга маалим ушул сөз.
Агалдай менен Чагалдай,
Арбалдай менен Дөрбөлдөй,
Аяк жагы Бегалдай.
Бир атадан аздыгын,
Олжо кылып алмакка,
Арстан Манас баатырдын,
Башына койгон жаздыгын.
Баарын тамам чогултуп,
Баштады сөзүн Көкчөкөз:
«Инилерим байка сөз.
Калмакта жүрүп сандалдык,
Келгенден бери кенендик,
Кенебеген Манаска,
Кемтиги жок теңелдик.
Ушунда келип кенендик,
Улуксуп жүргөн Манаска,
Ушул азыр теңелдик.
Чоросу менен Мнасты,
Чакыралык конокко.
Жоонсунган канкорду,
Түшүрөлү домокко.
Күрөгөдө бозого,
Күйдүрмө дары кошолу.
Чапчакка кордоп бозону,
Чачма дары кошолу.
Аракка ууну куюуңар,
Арзыганга сунуңар,
Асталык менен аш берип,
Алаптаган канкорду,
Ааламды баскан анткорду,
Айлантып жерге уруңар.
Өлгөндөн мастык кем эмес,

Акылы кетпей соо турса,
Жер жүзүндө арамга,
Алдыруучу неме эмес.
Чаркандан бозо ичип.
Чалкасынан жыгылса,
Чабууга кылыч камдаңар.
Кыңкайса кылыч чаба албай,
Кыбырлык кылып салбаңар.
Күрөөгөдөн бозо ичсе,
Күйдүрмө дары кошо ичсе,
Күйүгүп барып жыгылса,
Күрсүдөн кармап туруңар,
Күч менен күрсү уруңар.
Күрсүнү жаздым салбаңар!
Күпөндөп кийин калбаңар.
Аркыттан арак сунуңар,
Акылга туура мунуңар,
Арактан азып жыгылса,
Аянбай албар уруңар,
Азыр болуп туруңар!
Алган болсок ушинтип,
Артылган арбак меники,
Балдар ааламдын баары сеники!
Ойрон кылсак Манасты,
Чоролорун сап кылсак,
Мүңкүрөтүп Таласты.
Кырып салсак инилер.
Кылым журттун баарына,
Кыйындыгын билинер.
Калың кыргыз көп элди,
Каратканың как ошол,
Кас кылганды жоготуп,
Таратканың дагы ошол.
Кырк чоро экен сүйрөсү,
Эскерип аны карасаң,
Энчилеш окшойт мүнөзү.
Башын байлап Манасты,
Башы өлдү деп коюңар.
Бакай чалын койбоңор,
Аны да союп тойлоңор!
Төрт түлүктү малынан,
Төгүлгөн дүйнө зарынан,
Дөөкүрсүгөн канкордун,
Колундагы барынан.
Түшкөн болсо көзүңөр,
Көргөзүп айтып коюңар.
Катыны үчөө болуптур,
Карк дүйнөсү толуптур.
Карабөрк менен Акылай,
Кара кандын Каныкей,
Каныш экен капырай.
Каалаган болсоң катындан,
Калса жесир баарысы,
Канкор Манас баатырдан.
Бизден бөлөк ким алат,
Бизге тийбей ким калат.
Үлөшүп бир-бир көрүңөр,
Ушу баштан бөлүңөр!
Акылыңдан адашпай,
Алып бөлүп койгон соң,
Арман кылып талашпай.
Көңүлүңдөн адашпай.
Оюңа келсе баарыңар,
Баланчада көөнүм деп,
Оозуңарга салыңар.
Ордону кирсек аралап,
Ошондон чыгар дарыңар.
Каалагандын баары бар,
Канчалык дүйнө табылар,
Аттан, төөдөн бар болсо,
Атап айтып салыңар!
Каныш катын баары бар,

Каалап-каалап алыңар».
Сурап турду Көкчөкөз,
Көкүрөктө барлары,
Айтмак болду азыр сөз.
Агалдай туруп кеп айтат:
«Атаганым Карабөрк,
Алайын аны» – деп айтат.
Багалдай туруп кеп айтат:
«Шоруктун кызы Акылай,
Мен алайын» – деп айтат.
Аккула менен Сарала ат,
Аны кандай жан алат»,
Бу сөздү айтып салганы.
Арбалдай деген кеп айтат:
«Айла болсо ага-иним,
Аккуланы алам» – деп айтат.
Көкчөкөз анда кеп сүйлөп:
«Аккула алсын» – деп сүйлөп.
Маңдайында багы бар,
Кулагында шамы бар,
Арам бузук калмактар,
Кеңеш кылган чагы бар.
Аккуланы бергин деп,
Айткан экен Арбалдай,
Адам заат бендеден:
Акылга сыйбас кылганы,
Чыгат экен ар кандай.
«Арбалдай алсын дегенде,
Кабагы карыш жарылып,
Каалаганы табылып,
Азыр минип алгандай,
Арбаңдап күлүп арбаңдап.
Дөрбөлдөйү калыптыр,
«Сен да каала бирин деп,
Агалдай айтып салыптыр,
«Аруукөнү алам» – деп,
Дөрбөлдөй сүйлөп алыптыр.
Токолдой турду тырышып,
Дөрбөлдөйдүн өзүнө,
Ачуусу келди Токолдой,
Арууке деген сөзүнө.
Келгенинде Аруукө,
Көрүнгөн көзүнө,
Олтурган экен Токолдой,
Эң артыкча Аруукө,
Калдыго деп өзүмө,
Аруукөнү айткан Дөрбөлдөй,
Жоо көрүндү көзүнө.
«Алып коюп олтурсам,
Аруукөнү өзүм мен,
Ага болбой жерге кир,
Андан бөлөк катынды,
Көрбөдүбү көзүң сен!
Кенже иниңер менмин го,
Кел дегенден келдим го.
Мен алайын дегенди,
Сен алайын дедиң го»
Токолдой салды доошту,
Дорболдой менен Токолдой,
Токмоктошо турушту.
Чоң камчысын алыптыр,
Төрдөн туруп Көкчөкөз,
Төбө эки салыптыр.
Токолдой менен Дорболдой,
Бир-бирден камчы жеп алып,
Бирин-бири кекетти,
«Билгенинди кылгын» – деп,
Олтурушуп калышты.
«Сарала деген бир мал бар,
Ал ойдукту ким алар!
Дөрбөлдөй менен Токолдой,
Ал экөө да ыкташып,

Аруукөнү бири алар,
Калайыкты жайкаган,
Кара бетти ким алар.
Аруукө десе бул экөөң,
Токмоктошуп калдыңар,
Артык турат Каныкей,
Аны кимиң алдыңар?»
Чагалдай сүйлөп салганы,
Ачууланып Көкчөкөз,
«Көр не дейсиң өзүң дейм,
Көрбөйбү мени көзүң дейм?»
Көкчөкөз аны сүйлөдү,
Көңүлү анда экен деп,
Баарысы ойлоп билгени,
Арбалдай аңдап кеп айтат,
«Аңдаңар баарың» – деп айтат,
Калыстык кылып Арбалдай,
Калганын баарын биледи,
Агалдай алды Карабөрк,
Адамда болбос андай көрк.
Бегалдай алган Акылай,
Берсе кудай деп койбой,
Бейилдерин бузган капырай,
Аккуланы алган Арбалдай,
Адамда бардыр ар кандай,
«Сараланы бергин» – деп,
Самап турду Чагалдай.
Бегалдай турду бек айтып:
«Мен кайсынысын алайын,
Бериңерчи» – деп айтып,
Кан өзүбүз болгон соң,
Кара дөңкүлдү соёбуз.
Кардыгач деген ошондо,
Карындашың бар болот,
Ошону сага коёбуз.
Мурункулар кеп айткан,
Кеп айтканда нени айткан:
Олжо түшсө жаманга,
Үлөшө албайт деп айткан.
Үлөшө албай барат деп,
Көпкө түшүп алат деп,
Талап кетип көпчүлүк,
Өздөрү куру калат деп,
Ошонун бири болбойлук,
Озунуп обол ойлойлук.
Ак күбө деген тону бар,
Ак келте деген сонун бар,
Ак күрөөкө соот бар,
Алтын боолу калкан бар.
Ач албар сындуу кылыч бар,
Баркын билген адамга,
Алты жүз жамбы иши бар,
Айбалта бар албарстан,
Катын үчүн кагыштык,
Аларын бөлүп албастан»
Ал сөздү айтып Арбалдай,
Баары калды кубанып.
Азыр бөлүп алгандай,
Бегалдайы бек айтат:
«Мен албадым жанакы,
Кардыгачты» – деп айтат,
Кара дөң кыргыз калк деген,
Кардыгач деген эмеси,
Кайраты ашык ал деген.
Өчкөндүн өчүн албайбы,
Өлтүрүп коюп өзүмдү,
Оюп коюп көзүмдү,
Андан кийин Көкчөкөз,
Ойлонбойбу өзүңдү,
Караңгы түндө барбайбы,
Кардыңа канжар салбайбы.
Кардың түшүп эшилип,

Кадемиң катып калбайбы.
Көкчөкөздөй агаңды,
Көрүнөө кармап тутпайбы,
Чилдей үзүп башыңды,
Чийкилей чайнап жутпайбы,
Манаска итти чатылба,
Канкоруна тийсең да.
Кардыгачка катылба,
Ал кара бет кардыгач,
Катылбай койсоң өзүңө,
Манастын канын алам деп,
Бир көрүнөт көзүңө.
Жетөөндө тийсең жер болот,
Жер болбосо не болот.
Ар Кардыгач колуна,
Онуңда тийсе оңдурбайт,
Ордуңду соо болдурбайт.
Ал сөздү айтып салганы.
Арбалдай да сүйлөйт:
«Айтканда жок» – деп жалганы»
Арбалдай аны сөздөдү,
Арбалдай сөзү басылып,
Чагалдай сөздү көздөдү:
«Кожурашып олтурбай,
Койсоңорчу сөзүңдү.
Кой дегенге тил албай,
Койбойсуңар өзүңдү.
Катынын бөлүп албайбы,
Каруу жүрөк карк алтын,
Казына болуп калбайбы,
Каныкей деген немесин,
Көкчөкөз кан албайбы,
Калк колуна тийген соң,
Кыргыз калың уругу,
Кың эте албай калбайбы.
Капкандай белден чапкан соң,
Кан ногойдун тукуму,
Былк эте албай калбайбы.
Комуттуу калган бар болсоң,
Кара малдан жебейби,
Каныкей колго тийген соң.
Көкчөкөз баса кирген соң,
Болду – калды дебейби,
Көсөм катын Каныкей,
Көкчөкөзгө алынып,
Көөнү абдан толбойбу,
Көп битиреп отурбай,
Көтөрүлө сөз айтып,
Адам болсок болбойбу,
А көрөкчө канкорду,
Көңүлүнчө тойлойлу.
Кутмандуудан мал калат,
Куту менен сар калат.
Кулпунган талай кар калат,
Куралган кыйла мал калат,
Анын баарын ким алат.
Ушу олтурган жетөөңөр,
Ага менен ини алат,
Камандар баары карашып,
Үй -үйүнө тарашып.
Үзүп арак алдырып,
Үстүнө уудан салдырып,
Күрөгөдө бозого,
Күйдүрмө салды ошого,
Чарканада бозого,
Чачма салды ошого,
Бээ семизин сойдуруп,
Үйүн жасап тиктирип,
Аш тамактын баарысын,
Даяр кылып койдуруп.
«Барып чакыр конокко,
Кырк чоро менен Манасты,

Эми токтоп турбастан,
Салалык ага азапты,»
Бул сөздү айтып Көкчөкөз,
Чагалдайды аткарды,
Көкчөкөздүн айтканын,
Бирин даката кетирбей,
Көңүлүнө жатка алды,
Чагалдайы ат минип,
Аялдабай бат минип,
Кабылан Манас баатырдын,
Алдына жетип барганы.
Кол куушуруп бооруна,
Айкөл Манас дооруна,
Салам айтып салганы,
Алигин баатыр алганы,
Чагалдай анда кеп айтат:
«Чакырып келдик конокко,
Баатыр сизди – деп айтат,
Кырк чоронун баарысы,
Аксакал Бакай карысы.
Бири калбай барышсын,
Колдон келген аз сыйды,
Бизден да көрүп калышсын.»
Чакырганга барууга,
Кадырлаган туугандын,
Сыйын көрүп калууга,
Арстан Манас кырк чоро,
Абыр-шабыр ат минип,
Аялдабай бат минип,
Жөнөп калды баарысы.
Кыргын чал баштык карысы,
Аксакал Бакай бул кезде,
Аң улоого кеткени,
Чакырчуунун кабары,
Бакайга барып жетпеди.
Арстан Манас башында,
Кырк баатыры кашында,
Кырк баатыры дүркүрөп,
Кыргын чалы күркүрөп,
Баатырлар келип калышты.
Камандар атын алышты,
Жакен дос жерден алдырып,
Койгон экен даярдап.
Баяндос мамык салдырып,
Баатыр берген болучу,
Камандардын ак сарай,
Каалгасы сом калай,
Ак ордого киргизип,
Арстан Манас баатырга,
Арамдан бүткөн калмактар,
Арамдык ишин жүргүзүп,
Камандардын баарысы,
Баатырлардын алдында,
Чебеленип жүгүрүп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Аш-тамагын даярдап,
Бир дем турбай аяндап,
Чарканада бозону,
Чамынып калган ошону.
Күрөгөдө бозону,
Күчүнө келген ошону,
Аркыттагы аракты,
Ашынып калган талакты,
Ал аңгыча болбоду,
Серек менен Сыргактын,
Алдам ишин оңдоду.
Жайылып чыгып көп кийин,
Тоо бетинен көрүндү,
Серек менен Сыргактын,
Көргөндө көөнү бөлүндү.
Аш-тамакка карабай,
Караганга жарабай,

Экөө кетип калыптыр,
Бозуул менен Тазбаймат,
Камандардын мүнөзүн,
Өздөрү сезип алыптыр.
Баатырларга айтууга,
Ооздору баталбай,
Камандардын мүнөзүн,
Батынып булар айталбай,
Ат кайтарган болушуп,
Аманат жанды корушуп,
Бүйткан экөө келиптир.
Арстандарга чоң кырсык,
Абайлабай калышып,
Камандардан жетиптир.
Камандар чуркап түйүлүп,
Эшик тартып салыптыр.
Кыргын чал баштап кириптир,
Артынан Манас жүрүптүр,
Андан кийин кырк баатыр,
Улуулашып калыптыр.
Олтуруп орун алыптыр,
Он эки кулач дасторкон,
Ортосуна салыптыр.
Олтурганда чай келди,
Аш-тамагы артынан,
Баары текши жай келди,
Бири жая, бири жал,
Бири шекер, бири бал,
Аркыттан арак куйдуруп,
Арстандарга тынымсыз,
Аркы-терки сундуруп,
Күрөөгөдө бозону,
Күйдүрмө кошкон ошону,
Чаркандагы бозону,
Чачама кошкон ошону,
Тындырбастан сундурду.
Ичкенде кулак тундурду,
Шайманы кетип шалдырап,
Ичкендердин баарысы,
Өрттөнүп ичи алдырап.
Баштап ичип кымызды,
Кымызда кыям дары бар,
Лакылдап каман аңкады,
Ташына чөлдөй чаңкады,
Суусунду басар бекен деп,
Сурап ичти бозону.
Бозондон дагы болбоду,
Өрт ичине толгону,
Баштагысын басам деп,
Арбын ичти аракты,
Албарс кошкон талакты.
Күлдү баатыр кырк чоро,
Күрөкөдөн бозо ичип,
Күйүп барат ичтери,
Күйдүрмө дары кошо ичип,
Чаркаңдан бозо ичип,
Чатырады кырк баатыр,
Чачама дары кошо ичип,
Кымыз ичип мешинен,
Кыйналып танып эсинен.
Айтууга калбай сөзүнөн,
Акыл кетип өзүнөн.
Ала чымчык кошо учуп,
Арстандардын көзүнөн.
Аңдап көрдү көй баатыр,
Анык кастык кыларын,
Калмактардын сөзүнөн.
Акылы кетип айланып,
Айтуудан тили байланып.
Санаасы кетип бузулуп,
Таноосу кетип кысылып,
Кара тер бойдон сызылып.

Караса көзү сүзүлүп,
Кайраты бойдон үзүлүп.
Чачама деген дарысы,
Коркок кылчу неме экен,
Алдырады баарысы,
Аңдоосуз туруп арстандар,
Алдырмак болду намысты.
Эрте келген шашкеде,
Түшкө жакын шашышты,
Эрегишкен немедей,
Ичип заар аш менен,
Заар менен сап болду,
Келбалуу азап карк толду.
Эшигине байлаган,
Эликтей көзү жайнаган,
Башындагы турганы,
Баатырдын аты куланы.
Өркөчү бийик өр кула,
Өзү айбандан зор кула,
Казанат тулпар Аккула.
Маңдайында багы бар,
Кулагында шамы бар,
Тумшугунун үстүндө,
Ноктонун кескен агы бар.
Туягы чоюн куйгандай,
Кош кулагы Хавуздун,
Шамы күйүп тургандай.
Үртүктү каба жаптырган,
Үкүнүн жүнүн тактырган,
Кумдуу жерге оонаткан,
Кудуктуу жерге сугарган,
Күздү, жазды кула атты,
Гүлдүү чөпкө чыгарган.
Байлаган экен башына.
Кымыздан бир аз татыптыр,
Кыларын билип ашынын,
Мас болгонсуп Бозуул,
Аккуланын кашына.
Чыгып барып жатыптыр.
Өлгөндөй болуп булайып,
Жатат Бозуул сулайып.
Каарданып калганы,
Жалаң кармап канжарын,
Жаалданып Көкчөкөз,
Үстүнө кирип барганы.
Желдети болуп жетимиш,
Айылдагысы алтымыш.
Аралашып алыптыр,
Алысыраак тургун деп,
Акырын барып Көкчөкөз,
Аларды сүрүп салыптыр.
Өлтүрүүчү өздөрү,
Айтылып турган ушу сөз,
Өткөндөрдүн сөздөрү.
Желдеттин баары дүрбөшүп,
Бирин-бири жүр дешип,
Тышка чыгып алыптыр,
Бозуул жатат булайып,
Тазбайматы сулайып,
Кымыз ичип кызышып,
Кыйынсынып кыйласы,
Сөөктөрү ысышып.
Бозодон ичип болукшуп,
Көкчөкөздүн айылы,
Терилери тешилип,
Чатырашып толушуп.
Алар антип алыптыр,
«Бүгүн Манас өлөт деп,
Мына турган көй күлүк,
Аттарынын баарысы,
Айыл-айылга бөлөт дейт»
Аны айтышып жигиттер,

Ары-бери турушту,
Ошондо укту Бозуулу,
Оңдурбастай жумушту.
«Арагы менен курусун,
Аңдабай өлдүк мунусун!
Бозосу менен курусун,
Болжобой өлдүк мунусун!»
Аны ойлонуп Бозуул,
Алсырады мына бул.
Үйдөгүлөр кантти деп,
Аста басып эшиктен,
Шыкалады Бозуул.
Капшыт жаккы тешиктен.
Карап Бозуул көргөнү,
Кабылан Манас төрөнү.
Тышы кайрат, ичи заар,
Арстан эрдин боюнда,
Алты түрдүү берден бар,
Көкжал Манас кеңгиреп,
Мас болгон билдей зеңгиреп.
Оң жагына ыргалып,
Ооп барып кырданып.
Сол жагына ыргалып,
Токтолгондо кырданып.
Кырдана түшүп токтолуп,
Оболку бейли жок болуп.
Сүрдүгө түшүп сүйөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп.
Эңкейип барып эс алып,
Эки жакка көз салып,
«Менден улуу жалың» – дейм,
Көкчөкөзгө сөз салып,
Чалкалай түшүп чамынып.
Көзкамандын жети уулу,
Жыгылса жылас кылсак деп,
Жалпы баары камынып.
Көкчөкөз кылыч алыптыр,
Көз жумула түшкөндө,
Чабайын деп Көкчөкөз,
Чакчаарылып калыптыр.
Астында турат Көкчөкөз,
Аркасында Агалдай,
Чабуусунда Чагалдай.
Төр жагында Дөрбөлдөй,
Астын алып Арбалдай,
Бетин алып Бегалдай,
Торгоп алып токсондой.
Тегеректеп калыптыр,
Карап алса канкору,
Кынына салып кылычын,
Кабына салып канжарын,
Курчап душман калыптыр,
Оён эрди көптөшүп,
Ортосуна алыптыр.
Аяк тартар алып жок,
Ал бетинде каны жок.
Сүрөтү турат жаны жок,
Сүрлөрү турат алы жок.
Сүйлөй турган жайы жок,
Көкчөкөз кылыч алганын,
Көрүп турат жайы жок.
Жаалынан чаба албай,
Чабуунун эбин биле албай.
Айбатынан алсырап,
Кайратынан кансырап,
Бардашынан баталбай,
Ыкыс берип октолуп,
Батыла түшүп токтолуп.
Чабамын деп чарпылып,
Чакырая караса
Чаркын ойлоп тартынып.
Жалмаңдатып кылычын,

Жаңы билди айкөлүң,
Жамандыкты кылышын.
Эки жагын каранып,
Эрди-башын каранып.
Чаңкап, суусап чаалыгып,
Арам калмак баарысы,
Арман кылган сөзү ошо.
Арман кылып кеп айтып,
«Аттиңине – деп айтып.
Атка минсе ак жолтой,
Атышкан жоодо сан колдой.
Жортуп чыкса ак жолтой,
Жоого тийсе сан колдой.
Айтышканда сырдашым,
Наалышканда муңдашым.
Абакем Бакай болсочу,
Акылым тапкан ар жерде,
Ажал кыскан тар жерде
Абакем Бакай теги жок,
Армандуу өлдүм эби жок.
Атка огу ташка өткөн,
Ургаачынын баатыры,
Кадырдан жарым Карабөрк,
Карап турса кашымда,
Кантер элем капырга»
Камсыкпаса неткени,
Медер кылып катынга,
Мээнет жеткен баатырга.
Мээнет эмей неткени,
Бетине душман жеткени,
Баягыдай шайман жок,
Кайраты бойдон кетиптир,
Камалап душман жетиптир,
Акырайып караса,
Албарс алган Көкчөкөз,
Айбатынан баатырдын,
Алыстап качып кетиптир.
Көңүлү кетип бүркөлүп,
Кээ байланып чүмкөлүп.
Оолуга түшүп оңолуп,
Обдулуп келген Агалдай,
Оолак качып жоголуп,
Ошону айтып баатырың,
Ок жыландай толгонуп.
«Нөкөр алып бака өскөн,
Өз эркинче кашка өскөн.
Акылай жарды болсочу,
Алыңды билип минтпе деп,
Айрып алып койсочу!
Эркек болбой кыз болгон,
Элден ашык уз болгон,
Катындан ашык кайраттуу,
Акылы толук айбаттуу.
Он жылдык калар кайып иш,
Болорун билип иш кылган,
Ар качандан бир качан,
Түнүң жарык түш кылган.
Санаганы сарамжал,
Иштегени баары амал.
Каныкей жарым болсочу,
Калмактардан бу мени,
Ажыратып койсочу!»
Жапкытта турган Бозуул!
Жакын көөнү дос уул.
«Калмактар сойсун муну деп,
Катының менен куру» – деп.
Көңүлүнө алыптыр,
Көзүн тыштан салыптыр.
«Катынын айтып калжырайт,
Карып калаган бир чалды,
Бакайын айтып бабырайт,
Байкап көрсөм баатырдын,

Кутулар жери табылбайт»
Аны ойлонуп Бозуул,
Оолугуп карайт мына бул.
Өбөктөп Манас шалк этип,
Көрө коюп Көкчөкөз,
Шилисине минүүгө,
Тура калды шып этип,
Өөдө болуп баатырың,
Өрттөй көзү жылт этип.
Караганда конкорго,
Катыла албай тим болду,
Каары мындай ким болду.
Айланасын караса,
Атпай чоро булайып,
Аягын сунуп сулайып.
Баары катып калыптыр,
Баш жагында Кыргын чал,
Кары жатып калыптыр.
Чоролору бир-бирден,
Аттарын атап кеп айтып,
«Арамдан бүткөн калмактан,
Айырсачы» – деп айтып.
Аны айтып баатыр жашыды,
Чагалдайдын кайраты,
Чакчаарылып ташыды,
«Качан кылыч урдуңар,
Камалып карап турдуңар,
Кап-кайдагы сөздү айтып,
Калжырап берди мунуңар»
Аны уккан соң Дөрбөлдөй
«Кабылан Манас баатырда,
Кайсы атаңдын күнү бар,
Өлөргө көзү жеткенде,
Өкүрүп айтып жатпайбы,
Өз тууганы жат болуп,
Өкүнүп айтып жатпайбы.
Айтканына не ардыктың,
Зар айтканга тартындың.
Кайгырды деп кашайттың,
Өкүм менен душмандын,
Атаң башта жоголуп,
Жоготкон Манас эмеско,
Баарың келип Каңгайдан,
Башыңды жуткан Эсенкан,
Манаска келип оңолуп,
Кызматың билбей койгондон,
Кыраан эр наалып жобонуп,
Болушканы жүргөн экенго.
Бок жеген ит Манаска,
Дөрбөлдөйдү тутуңар,
Дөрүүтпөй муну жутуңар»
Агалдай менен Чагалдай,
Аксакалы Көкчөкөз,
Ал үчөө бир болуп,
Дөрбөлдөйдүн көөнү кир болуп,
Корккондон колун салууга,
Кошулуптур аларга.
Арбалдай менен Бегалдай,
Арсарыраак токтолду,
Дөрбөлдөйгө кошулуп,
Токолдой баатыр октолду.
«Тууганың Манас турбайбы,
Келип издеп бул жерге,
Келгениң Манас турбайбы.
Кеткен элдин арбагы,
Кеч-эртеде урбайбы.
Сүрлөрү калып алы жок,
Сүрөтү калып жаны жок,
Кырк чоронун баары өлду,
Кыргыл баштап кары өлдү,
Кылайып бири калган жок,
Кыяматка жөнөлдү.

Атаңдын акы калдыбы,
Аз иш кылып салдыңбы.
Аз турса өзү өлбөйбү,
Асылганың Манастын,
Өлбөгөн жери калдыбы?»
Ал сөздү айтып салганы,
Андай калыс бир сөздү,
Арбалдай сүйлөп салганы.
Алачакмак көздөрү,
Артыкча мас өздөрү,
Арагына мас болуп,
Алардын да карасаң,
Бүтүн болбой эстери,
Жалаң канжар, кылычы,
Жайы ушундай экен го,
Тагдыр иштин кылышы.
Жарымы болуп Манастык,
Ойлогону жарымынын,
Манаска өлүм чоң кастык,
Бир-бирин уруп жагынып,
Сүйрөлүп үйдөн чыгышып,
Үйү бошой калганы,
Капшытта турган Бозуул,
Үстүнө кирип барганы,
«Маңдайга бүткөн ырысым,
Чокумда чолпон жылдызым,
Байланышып душманга,
Башыңды байлап өлүмгө
Бактысын ачкан кыргыздын,
Иттерден өлүп таланып,
Карадан өлүп камалып,
Жоо өлөр жолборсум,
Жоголду баары жолдошуң,
Айтып жүрдүк башынан,
Эсирген калмак колунан,
Эч жакшылык болбосун,
Куулардан өлүп курудуң,
Кубаты бардан мен келип,
Кутулсаң деп турумун.
Түбү бузук калмакты,
Тууганым деп сыйлады,
Туйгундун баары кыйрады.
Тууганың душман деп айтып,
Тумшугу жок Каныкей,
Канча жолу ыйлады.
Жакыным деп сыйлады
Жакыныңдын баары кыйрады.
Жалгыз тирүү калгандан,
Жаныңда Бозуул ыйлады.
Жарактан жалпы айрылдык,
Тактадан билбей тайгылдык,
Өлбөстөн өлүп кор болуп,
Кокуй болор сен белең?
Коркуп келип кашыңа,
Кошомат айтар мени белем.
Арамдан өлүп алсырап,
Камандан өлүп кансырап,
Жоолаша келген душманга,
Жолборстон өлбөй алдырып,
Жоголдуңбу дүйнөдөн,
Жолборстордун баарысын,
Жоболоңго калтырып.
Ачпайсыңбы көзүңдү,
Укпайсыңбы сөзүмдү,
Өздөрү уруш болду дейм,
Кайрат кылып камынып,
Алсаңчы төрө жолду дейм».
Айтып Бозуул салганы,
Акырайып көз ачып,
Арстан Манас ошондо,
Жан жагын карап алганы.
Өлүп жатат кырк баатыр,

Өзүнөн бөлөк тирүү жок,
Бозуулдун айткан сөздөрү,
Арстан Манас баатырдын,
Кулагына барганы,
Атырылып ошондо,
Азыр тура калганы.
Алмамбетти капшырып,
Кутунайды жапшырып,
Кошо кармап алыптыр,
Эшикке чыга бererде,
Кокуй төрө ташта деп,
Тазбаймат айта салыптыр.
Болбогон ишти кылба деп,
Боозуул сүйлөп туруптур.
Окуранып жер чапчып,
Октой карап чоң Кула ат,
Туякты жерге мылгытып,
Турган жеринин топосун,
Кетмен менен чапкандай,
Керте чапчып артына,
Улактырып ыргытып,
Турган экен чоң Кула ат,
Тарта берди Бозуул,
Оң үзөңгү баарысын,
Оболу кесип салыптыр,
Чакырганда конокко жаман алыптыр,
Үзөңгү жок ээринде,
Урматтуу күлүк Кула аттын,
Үстүнө чыгар жеринде,
Аяктап Бозуул калганы.
Аккуланын үстүнө,
Арстаның чыгып алганы,
Аткарганда баатырды,
Башы кежек дей түшүп,
Тебетей баштан бөлүнгөн,
Калмактардын көзүнө,
Башы үзүлгөн көрүнгөн,
Аккула минип болкоюп,
Арстан Манас зоңкоюп,
Кыбылага бет алып,
Кыраан эр жөнөп калыптыр.
Бастырарда Көкчөкөз,
Байкап көрө салыптыр.
«Айбандар кылып салдың го
Аттанып алып бу Манас,
Аман кетип калды го,
Манас тирүү кеткени,
Канкор тирүү кеткен соң,
Калбай түпкө жетти го,
Жеме сөзүн көп айтып,
«Коржоңбоз ат каякта,
Бат келтиргин» – деп айтып,
Каарданып Көкчөкөз,
Кайраттанып ушул кез,
Айгайды бийик салыптыр.
Арстан эрдин Аккелте
Аны колго алыптыр.
Чотола деген мылтыгын,
Чагалдайы алыптыр,
А дагы жөнөп калыптыр.
Коржоңбоз менен чуратып,
Тозоңун тоодой буратып,
Узап кеткен баатырдын,
Артынан түштү Көкчөкөз.
Оболтон бери карата,
Айтылып келген ушу сөз.
Аккула менен чуратып,
Артынан чаңын буратып,
Керме түзгө салыптыр,
Чаткал тоого жакындап,
Аркасынан Көкчөкөз

А дагы барат такымдап,
Татаал жолго салыптыр,
Жалама зоонун бооруна,
Шаты койгон тар жолго,
Шашканынан баатырың,
Тарталбастан оң-солго,
Кыяга кирип калыптыр.
Аккуланын аягы,
Ал ошондо чүрүштөп,
Арбый баскан бүрүштөп,
Үстү жагын караса,
Көз жетпеген бийиги,
Ушу күндө болуптур,
Улуу тоонун кийиги.
Асты жагын караса,
Аска бийик зоо болгон,
Ат аягы батпай калдактап,
Арстаның Манас далдактап.
Аккуланын ошондо
Аягы батпай бүрүштөп,
Басалбай буту чүрүштөп,
Жарактан неме жок болуп,
Салыша албай токтолуп,
Армандуу кыя шайтандан,
Ары-бери алчактап,
Буйдалып баатыр калыптыр.
Коржоңбоз менен койгулап,
Көкчөкөз жетип барыптыр,
Асты бийик аска таш,
Үстүндө таш көзү учкан,
Камалган экен туюкка.
Кандай да болсо соём деп,
Канын ичип тоём деп,
Капыр каман барыптыр.
Көп ортолоп арстаның,
Шатыга кирип калыптыр.
Асынганы жондогу,
Арстан Манас баатырдын,
Аккелтеси колдогу,
Шаты деген жар кыя,
Далай жаман тар кыя,
«Ат менен болбоюн,
Аскада бара жатканда,
Аккелте менен ондоюн»
Аны ойлонуп Көкчөкөз
Атынан түштү ошол кез.
Милтеси келген чоктолуп,
Мылтыгы келген октолуп,
Кире берип кыяга,
Көкчөкөз калды токтолуп.
Ары карап баратыр,
Арстан Манас бу баатыр,
Бир башында миң жаны,
Болсо да аман калбас деп,
Мынча жеткен Көкчөкөз,
Аман коюп салбас деп.
Кемердин өөдө чети деп,
Арасы эки далынын,
Арканын анык бети деп,
Кароолго көзү илинди,
Калабалуу Көкчөкөз,
Соо койбосу билинди.
Машааны ирмеп ийгени,
Чоргодой болгон кызыл чок,
Казанчыкка киргени,
Ак келтеден ок жетип,
Көк милтеден чок жетип.
Өпкөнүн өөдө жагынан,
Колконун өтүп жанынан,
Оң тарабы далыдан,
Акыректин астынан,
Оң эмчектин үстүнөн,

Огу тешип чыгыптыр,
Аккула менен арстанды,
Көкчөкөз атып жыгыптыр.
Оён Манас баатырдын,
От чагылды көзүнөн,
Ок жаңылды өзүнө,
Ак келтеден ок тийип,
Алыс кетип арстаның,
Алыс кетип кулады,
Ала салып отуруп,
Тоо түбүнө сулады.
«Кырылгырлар тургун» – деп,
Кыраан баатыр Бозуул,
Кыйкырыкты салыптыр,
Кыйкырыкты укканда,
Кырк чоронун баарысы,
Ачылыптыр көздөрү,
Кайта баштан баарына,
Аз кириптир эстери.
Көтөрүп башын алыптыр,
Көрсө Манас мында жок,
Даярдап койгон аттарын,
Ар кимисин бир-бирден,
Ат үстүнө салыптыр.
Айкырыкты салганы,
Арстан баатыр Бозуул,
Айдап жөнөп калганы.
Айдап бара жатканда,
Серек, Сыргак чыгыптыр,
Болуп жаткан чатакты
Келгенинде угуптур,
Серек, Сыргак, Бозуул,
Баарын айдап отуруп,
Аска зоонун арасы,
Туюк жерге солоду,
Ал туюкка барганын,
Көргөн бир жан болбоду,
Акылга дыйкан Каныкей,
Уу кайтарчуу дарыдан,
Кырк чоронун баарына,
Камдап берген эмеспи,
Бекем түйүп жанына,
Камдап берген эмеспи.
Душмандан кастык жетер деп,
Жетпегенде нетер деп,
Кенебеген кыраандар,
Кыргын таап кетер деп.
Серек, Сыргак, Бозуул,
Уу кайтарган дарыны,
Эстерине алышып,
Жандарынан табышып,
Чоролордун баарынын,
Ооздоруна салышып,
Жумган көзүн ачпастан,
Сунган бутун тартпастан,
Соолуп жаткан кырк баатыр,
Аз кыймылдап былк этип,
Кайра башы шылк этип,
Тамызган сууну кылт этип,
Ал күнү антип жатыптыр,
Эртеңки таң атыптыр,
Чоролорду эртеси,
Дагы ошондой кылышты,
Баштагыдан чоролор,
Кичинекей жылышты.
Эки жаат болуп камандар,
Алагды болуп калыптыр,
Алар антип жатканда,
Арстан туулган Бозуул,
Чоролорду сарпооштоп,
Айдап жолго салыптыр.
Чоролордун иштери,

Кайта баштан оңолуп,
Карадан бүткөн Көкчөкөз
Манасты кууп жоголуп,
«Союп салдым Манасты,
Эми ойрондойм Таласты,
Буркан мага берди го,
Ааламдын чаркы жетпеген,
Канкор Манас өлдү го!»
Бу сөздү айтып Көкчөкөз,
Кайта тартып келиптир,
Кырк чоронун кеткенин,
Келип көзү көрүптүр.
Бүткөн бою болк этип,
Боконо жүрөк солк этип.
Жамандарын камады,
Карсылдатып сабады.
«Көз камандар өлчөңү,
Өлгөн жоону куткарып,
Өлүп көрдү көрсөңчү.
Эми кайда барамын,
Алардын элесин кайдан табамын.
Айткан сөздү уккула,
Канкор Манас дүйнөсүн,
Талошн кылып киремин,
Бир кумардан чыккыла!
Манасты союп келдим» – деп,
Жерге батпай Көкчөкөз,
Алда канча кепти айтып,
Өзүнө келген эпти айтып.
Жата турсун Көкчөкөз,
Эми Манастан болсун улуу сөз:
Кырк чорону кайтарып,
Бозуул аңда калыптыр,
Серек, Сыргак атканып,
Аккула изин чалыптыр.
Аккула изин араңдай,
Чарпылып түшкөн чопосу,
Чачындысы чарадай.
Сыргак баатыр, Сереги,
Зыркырап күйүп келгени.
Кара кайкаң белестен,
Караса ичи өрт болду,
Эр Сыргактын ар ишти,
Эстесе ичи өрт болу.
Ар жака кеткен изи бар,
Кайтып кеткен эки изи,
Анык болду арстандын,
Качып анда барганы,
Жалама зоого салганы.
Жолугуп калса Көкчөкөз,
Жонунан кайыш алсак деп,
Кезигип калса Көкчөкөз,
Кесип башын алсак деп.
Кетти жөнөп бул экөө,
Шашып жолго салыптыр,
Шаша жүрүп эр Сыргак,
Шатыга кирип барыптыр,
Аккула салган изине,
Айран-азыр таң болуп,
Арстан эрдин ишине,
Шатылаган кыяга,
Жол ортолоп барыптыр,
Сыргак атын жетелеп,
Өтүп кетип калыптыр.
Артынан келип эр Сыргак,
Анчалыгы болбосо,
Серектиги не керек.
Айтылган жерден арчадан,
Канды көрүп калыптыр,
«Катыгүн Сыргак бери кел деп,
Айгайды Серек салыптыр.
«Ал эмне көрдүң?» – деп,

Айгайды Серек салыптыр,
Сыргак чуркап калыптыр.
Арстан Манас баатырды,
Аман койбой сойгонго,
Кара көзүн ойгонго!
Арчада турат каны дейм,
Калбаптыр аман жаны дейм»
Айтып Серек салганы,
Аны көрүп эр Сыргак,
Арчасына таянып,
Асты жагын каранып.
Көз учкан бийик зоосуна,
Калың бадал чери бар,
Тар капчыгай ордуна,
Анда-санда чөп өсүп,
Аккула турат оңкоюп,
Баш жагында Кула аттын,
Арстаның жатат болкоюп,
Аны көрө салганы,
Кайра тартып калганы,
Арстаның жатат сулайып,
Көрүп алып эр Сыргак,
Кайра басты муңайып.
«Бурулуп көзүң салдың сен,
Муңайтып Сыргак калдың сен?»
Көрбөстөн Серек билиптир,
«Өлөрдөн өлбөй төрөм!» деп,
Өксөп ыйлап ийиптир.
Ыйлады Серек өкүрүп,
Өбөтөп калды өкүнүп,
Серек да көрө салыптыр,
Селдей жашы төгүлүп.
«Уругу кыргыз эл эле,
Дуйнөдөн султан шер,
Кыргыздардын бели эле»
Аттарын жөө жетелеп,
Арстанды көздөй энтелеп,
Капчыгай менен сай менен,
Кандай кыйын жай менен.
Төрөнүн келди жанына,
Коюндарын толушуп,
Төгүлгөн көздүн жашына,
Жатыптыр төрө жалдырап,
Акылдан танып алыптыр.
Жаны кетип коркунуп,
Жаткан жери чарадай,
Кан уюган шоркурап.
Ирмелип араң кирпиги,
Издеп келген экөөнү,
Көкчөкөз деп билдиби.
Кайратты кыла салганы,
Кармашмакты ойго алып,
Кайратын жыйып бойго алып,
Каргып тура калганы,
Кайра эсинен танганы,
Элдиребей неткени,
Жыгыларда шылк этип,
Сыргак чуркап жеткени,
Жөлөп калды төрөнү,
«Жөнү кандай жарасы,
Келгин Серек көрөлү»
Жөлөгөн Сыргак артынан,
Жарадар болгон баатырдын,
Астына Серек барыптыр,
Көрмөк үчүн жарасын,
Көөдөнүн ача салыптыр,
Көрүп Серек акырды,
Көзүн жаштап бакырды,
Тийген жагы чарадай,
Чыккан жагы арадай,
Жүрүп турат жүрөгү,
Тегирмендин барадай.

Айнытып ийди көңүлүн,
Арстан Манас баатырды,
Эки чором келди деп,
Эс ала түшүп эреркеп.
Элдиреген баатырды,
Элебей туруп эр Серек,
Эчкирип жаман бакырды,
Эстен танып шалдайып,
Кетирди шайын баатырдын.
«Калбалуу Серек түгөнгүр,
Как бу жерге сен кел деп,
Жөлөп турган баатырды,
Мен да карап жарасын,
Байкайын» – деп акыры,
Ачууланды Серегиң,
Келер ишти билүүчү,
Эң артыча зейрегиң.
«Темир үшкү киргендей,
Эсер-мусар жараны,
Абдан байкап карачы»
Сыргак айтып салыптыр,
Уккан экен кулагы,
Улук Манас баатырың,
Көзүн ача салыптыр,
Аз-маз жара дегенге,
Абдан тынып калыптыр.
«Суу барбы султан Сыргак» – деп,
Бир ооз сөзгө тил келип,
Эңкейгенде оозунан,
Кан аралаш зил келип.
Агып жаткан кашка суу,
Тунуктугу башка суу,
Чыкканы чылгый таштан суу,
Сыргак сузуп алды бу,
Нуржемил улук дары экен,
Жанындагы Серектин,
Бир баштыкта бар экен,
Аябай суугa салганы,
Арстан эрге жуткун деп,
Алып келип калганы,
Апкаарып жутуп арстаның,
Ачылып көзү калганы,
Өлө жазган уу ичип,
Эндирей түшүп эс алып,
Эки жакка көз салып.
«Не болуп кетти мага – дейт,
Айтыңарчы кана» – дейт.
Сыргак турду кеп айтып,
«Мас болдуң баатыр – деп айтып,
Чөөлүгүп качып чөл жакка,
Чөп бараң тийип сулапсың,
Арактан баатыр уулапсың,
Канетесиң акыр» – деп,
Арстан Сыргак айтты кеп,
Кожурашып жатыптыр,
Эртеңки таң атыптыр,
Уусу тарап алыптыр,
Күмүя берген күн бата,
Октун заары калыптыр.
Серек сайрап кеп айтат,
Чоролор аман кутулуп,
Чытырмандуу туюкка,
Келгенин айтат эр Серек,
Эс алдырып аларды,
Уу кайтаргыч дарыдан,
Бергенин айтат эр Серек.
Жараты жок кырк чоро,
Калганын айтат эр Серек,
Заар ичпеген Бозуул,
Аттарына сарпооштоп,
Тоо аралап жол алып,
Качканын айтат эр Серек.

Көкчөкөздүн жолукпай,
Калганын айтат эр Серек,
Сыргак менен өзүнүн,
Кырк чоронун алдынан,
Чыкканын айтат эр Серек.
Аттанганда камандар,
Кол сала албай чочушуп,
Чыкканын айтат эр Серек.
Аккуланын аң изин,
Тапканын айтат эр Серек.
Тоо аралап арстандын,
Качканын айтат эр Серек.
Азыр келип арстанды,
Көргөнүн айтат эр Серек.
Өкүмүнө камандын,
Көнгөнүн айтатэр Серек,
Эми Манас кеп айтат:
«Ушу менин өзүмдү,
Аккуланын үстүнө,
Жөлөп таяп аткарып,
Аткаргыла – деп айтат.
Кырк чоро жаткан туюкка,
Баарыбыз чогу жаталы,
Буюруган сууну таталы,
Уукпай калган үч баатыр,
Баарыбызды кайтарсын,
Кокусунан камандар,
Келип калса кол салып,
Кайта сайып майтарсын.»
Баатыр Сыргак, эр Серек,
«Баатырдын сөзүн акыл» – деп,
Уга турган макул – деп,
Аккуладай тулпарга,
Айбандан чыккан шумкарга.
Жөлөп таяп баатырды,
Ат үстүнө салыптыр.
Кырк чоро жаткан туюкка,
Алып кирип барыптыр,
Чоролорду караса,
Баштагыдан канчалык,
Эс алышып калыптыр.
Арстан Манас баатырдын,
Жараатына тынымсыз,
Каныкей берген соо кезде,
Аман-эсен ал кезде,
Кайнатма кара дарыдан,
Кайнатып алган сарыдан.
Кытайдын кырма кызыл дарыдан,
Кымбат баалуу барыдан.
Күндө сыйпап жатышты,
Жаранын оозу катышты.
Уу кайтаргыч дарыдан,
Баатыр Манас баш болуп,
Тынбай ичип баарысы,
Кыргын чал баштык карысы,
Өлүмдөн калып жатышты.
Сырттан Сыргак, Сереги,
Тоодон кийик атышты.
Аркардан уулап атышты,
Арстандардын баарысы,
Аркардын этин татышты,
Кулжаны уулап атышып,
Кулжанын этин татышып,
Баатырлар жатты жай алып,
Туюк черди таянып.
Камандын уулу Көкчөкөз,
Коржоң боз атты каргытып,
Балакетин арбытып,
Элди-журтту тынч койбой,
Козголоң салып дарбытып.
Камандардын баарынын,
Үстүн-астын сөздөрү,

Үрпөңдөшүп өздөрү,
Кара жолтой каманга,
Каяша айтаар кандар жок.
«Кантесиң дээр» жандан жок.
Кырк чоронун баары жок,
Кыргыл, Бакай кары жок.
Өз малындай ыйгарып,
Өрүштөн айдап жылкы алып,
Өткүр Манас баатырдын,
Өз малына кол салып.
Каарын төгүп Көкчөкөз,
Көк камандай күркүрөп,
Көкчөкөз түрүн көргөн жан,
Онобою дүркүрөп.
Кылычын жалаң байланып,
Кыялың курган камандын,
Тозогу бетке айланып.
«Жыйын кылам келсин – деп,
Кежирленбей кыргыздар,
Келип жүзүм көрсүн – деп,
Кенебей жатып албасын,
Келбей мага калбасын.
Көрүнбөсө көзүмө,
Көөмп коём тим эле,
Таңда күнү болгондо,
Таарынбасын өзүмө!»
Айтып сөзүн Көкчөкөз,
Азаматтан аткарып,
Көкчөкөздүн сөздөрүн,
Кабарчылар жатка алып.
Атпай кыргыз элине,
Катуулап кабар салыптыр,
Чакырык кабар укканда,
Калың кыргыз баарысы,
Дүңгүрөп келип калыптыр.
Ат чаптырды камандар,
Адамзаттан бөлүнгөн,
Аныктап көзгө көрүнгөн,
Ашынып кеткен айбандар.
«Өлдү Манас баатыр – деп,
Өкүрүңөр такыр» – деп.
Мазакени аткарды,
Айгай салып Мазаке,
Калың келген жыйынга,
Катуулап айтып жар салды:
«Өлдү Манас төрөм – деп,
Төрөмдү кайдан көрөм» – деп.
Айгайын арбын салыптыр,
Аягына жыйындын,
Айкырып жүрөт Мазаке,
Башына чыгып жыйындын,
Кыйкырып жүрөт Мазаке:
«Арстаным Манас өлбөй кал»,
Ал сөздү айтып ар топко,
Бакырып жүрөт Мазаке.
Мазакенин өзүнө,
Түшкөн экен көп түлүк,
«Манас өлмөк кайда» –деп,
Байкабады көпчүлүк,
Аралап жүрүп жыйынды,
Бакырып жүрөт Мазаке,
Манас баатыр өлдү деп,
Баарыбыздын көзүбүз,
Көрдүк аны өзүбүз.
Кыйыкбай деген бир кыргыз,
Кызыталак кандай немесиң,
Кыраан Манас өлдү деп,
Кыйкырып айта бересиң!
Манас өлсө даана дейм,
Кырк баатыры кана дейм,
«Кырк жигити кырылды,
Көкчөкөз бийлейт кылымды,

Көргөзүп айтам сырымды,
Көбүнө айтам чынымды,
Ногойдон болот уругу,
Ушунчалык көп элдин,
Эми Көкчөкөз болот улугу».
Кыйкырып жүрүп жыйынга,
Мазаке бөөдө куруду.
«Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
«Кайдан өлө калсын» – деп,
Калайык дуу деп калышты.
«Бакай мында тирүү эле,
Мал бактырып, эл жыйнап,
Балан күнү жүрдү эле,
Баарысы өлдү деп турган,
Мазаке кандай жинди эле.
Өлбөгөндү өлдү деп,
Өрттөнүп кеткен Көкчөкөз,
Өз билген богун жеди бейм,
Баш жиндинин өзү бейм».
Өкүрмөк түгүл күлүшүп,
Өлбөгөнүн билишип,
Таркап тобу калганы,
Мазакенин сөзүнө,
Кулактарын салбады.
Аны менен көпчүлүк,
Тарап кетип алыптыр,
Шылдың кылса бирөөнү,
Мазаке демек калжың сөз,
Так ушундан калыптыр.
«Катыны кара кийсин дейм,
Кара кийип жети айга,
Как өзүмө тийсин дейм»
Арамдан бүткөн Көкчөкөз,
Каныкейдин өзүнө,
Арага киши салганы,
Ал сөздү айтып калганы:
«Баашасы болдум бул элдин,
Башына нокто бир салып,
Баса барып минермин,
Баш булгаган жан болсо,
Баркын анда билермин.
Кан болдум го бул элге,
Кайыштан нокто илермин,
Кайкалата минермин,
Каяша кылган жан болсо,
Капталдан кайыш тилермин,
Так ылдый кылып баштарын,
Тирсегинен илермин».
Айтканын угуп Каныкей,
«Акылыңа бали дейм,
Алам десе мен даяр,
Турамын туура али дейм,
Өлсө кечээ аны дейм,
Калың кыргыз каны дейм,
Бүгүн эрге мен тийсем,
Азыр келип урбайбы,
Арбактын болсо алы дейм,
Зыйнатын күтөм жети айга,
Үзүлө суктук болуштан,
Адам таппайт эч пайда.
Айтпасын азыр мындайды,
Эсине алсын ар качан,
Алла таала кудайды».
Бу сөзүн айтып Мазаке,
Көкчөкөзгө барганы,
Келгиниң мындай деди деп,
Кебин айтып салганы,
«Төгүнү жок төрт айда,
Аламын го аны» – деп,
Көңүлү тынып калганы.
Агалдай деген бири бар,

Аңгемесин билип ал,
Акылай мага тийсин деп,
Айтканыма кирсин деп,
Байбиче кылам баш катын,
Болбос менден убада,
Убадам өтүп калган соң,
Өлүмгө да баш байлап,
Өзүм болом убара.
Тиерин тике айтсын дейм,
Барган киши Мазаке,
Жообун угуп кайтсын деп,
Агалдай айтып салганы.
Ага да барды Мазаке,
«Зыйнатым бүтсүн тием» – деп,
Акылай сүйлөп калганы.
«Тиймек болду сага деп,
Өкүмүн таап Ташкендин,
Өткөрө көр мага» – деп,
Мазаке сүйлөп барганы,
Төрт ай болуп төрт жылдай,
Азыркы болгон азапка,
Агалдай чыдап калганы.
Кайыптын кызы Карабөрк,
Катында болбос андай көрк.
Арбалдай менен Дөрбөлдөй,
Манаска кастык ким кылса,
Барсылдашып өлгөндөй,
Кенжеси бар Токолдой,
Манас өлдү деп угуп,
Басып жүрөт токтолбой.
Үчөөнө жок бергени,
Калыска келген Бегалдай,
«Карабөркту алсын» – деп,
Бегалдайга салганы,
«Кырк жашаган катынды,
Не кылам деп акыры,
албаймын» –деп койгону.
Ал деген сөзгө болбоду,
Агалдайдан түңүлүп,
«Карабөркту атам алсын» – деп,
Мазакени жиберди,
Акылы жетип түк билбейт,
Катын кандай тиерди.
Көзкаманга барыптыр,
Көргөн менен укканын,
Көргөзүп айтып салыптыр.
Катындарын Манастын,
Бөлүшкөнүн айтыптыр,
Катындардын баарысы,
Көнүшкөнүн айтыптыр.
Каныкейди Көкчөкөз,
Өзү алууга имерди,
Карабөрк деген катынын,
Карыса да алса деп,
Балдарың сага жиберди.
Мазакенин бул сөзүн,
Байкап укту Көзкаман,
Балдарынын кылганы,
Байкап көрсө эң жаман.
Чакыртып алып баарысын,
Көкчө баштап карысын,
Көкчөкөздөн кеп сурайт.
«Көңүлүң тынык көрүнөт,
Көтөрүңкү деп сурайт.
Калмактан келдик тууганга,
Беш жыл бүтүн ашкан жок,
Тууганга келип турганга,
Ажал анык табылар,
Биздей кудай урганга!
Арстан Манас баламдын,
Өлгөндүгү жалгандыр,
Өлбөстөн Манас талгандыр,

Өткүр Манас бу күндө,
Өлө турган силерге,
Көрүңдү камдап салгандыр»
Көзкаман аны сөздөдү,
Сөз артынан Токолдой,
Айтар сөзүн көздөдү.
«Урган кудай бизди дейм,
Угузбай урган сизди дейм,
Кырк чоро Манасты,
Кырам деди уу берип,
Өчмөндүү качан болдуң деп,
Өзүм айттым туура кеп.
Өткүр уулуң Көкчөкөз,
Өзү жүрөт күүлөнүп,
Өкүм ээси менмин деп.
Арбалдай калды алдырып,
Мал баккан белекке,
Башынан шыгы жок эле,
Дөрбөлдөй жүрөт жалдырап.
Бизге жакын шайтансың,
Манас деген канкорго,
Жан тарткан сөздү айтасың,
Өлтүрөмүн сени деп,
Өкүмдү алуучу үч уулуң,
Өмдөп мени кириштi,
Өз билгенин кылышты «
Токолдой айтып токтолду,
Чоң камчысын колго алып,
Ачууланып Көкчөкөз,
Токолдой көздөй октолду,
Былк эттирбей кармады,
Жүндөй кылып сабады.
Көкчөкөз турду күүлөнүп,
Буркан-шаркан сүйлөнүп.
Көкчөкөз туруп кеп айтат:
«Көгала сакал Меңдибай,
Келсин мында» – деп айтат.
Меңдибайды алды башына,
Мазакени чакыртып,
Азыр алды кашына,
«Айткан сөзүм алгыла,
Аял кылып турбастан,
Каныкейге баргыла.
Кечикпестен айтып кел,
Жообун алып кайтып кел,
Каныкейдин өзүнө айт,
Чакырып алып өзүнө айт.
Тиемин десе Каныкей,
Тиер жообун угуп кел,
Тийбес болсо Каныкей,
Тийбес жообун угуп кел,
Жалган эмес чынын айт,
Каныкейдин сырын айт.
Көкчөкөз канга тийсин дейм,
Кадырымды билсин дейм,
Көкчөкөз, Манас бир тууган.
Баарыбыз ногой балдары,
Эч жоктур сөздүн жалганы»
Карабөрк менен Акылай,
Алманбеттин Аруукe,
Аларга да сөз айтып,
Тийсин деген кеп айтып,
Ортого кепти салышкан,
Кимисин ким алууну,
Аныктап чектеп алышкан.
Меңдибай карап турабы,
Айтканын эки кылабы,
Жанындагы Мазаке,
Кошо барды бу дагы.
Меңдибай анда кеп айтып,
«Ой Каныкей « – деп айтып,
«Көзкамандын балдары,

Арага бизди жиберди,
Алмакчы болуп силерди»
Меңдибай сайрап кеп айтты,
Байыртан бери келаткан,
Ата-баба салтынан,
Нускалуу сөздү кеп айтты.
Өңчөй жесир катындар,
Меңдибайдын сөзүнө,
Каары келип сумсайып,
Ачуусу келип кубарып,
Каныкей турду камынып,
Кайраттанып чамынып.
«Бала кезден бер жакка,
Баса келген жол ушул,
Баркы акмак сен түгүл,
Манасты сайган кол ушул.
Кыз кезде баскан жол ушул,
Кыйшык бузук сен түгүл,
Кыраанды сайган кол ушул.
Өлтүрүп итти салайын,
Өлтүрбөй кантип калайын»
Ак тинте колго алыптыр,
Меңдибайды карата,
Качырып Каныш калыптыр,
Кара санга сайганы,
Арага келген жаңкы экөө,
Араң жаны калганы.
Кан чуубуруп шорголоп,
Качты экөө жорголоп,
Кайра жөнөп Меңдибай,
Кандарына келди эми.
Кандай болгон сөздөрдү,
Калтырбай айтып берди эми.
«Долу катын Каныкей,
Уккун каным сөзүмдү,
Урматтабай өзүмдү,
Аласыңбы деп айтып,
Жармак болду өзүмдү.
Келтирип сайып санымa,
Алсырадым эсим жок,
Бычактын тийген тагына,
Тиймек тургай ал өзү,
Керек кылбайт баарыңды,
Заардуу айткан көп сөзү,
Баатырлыгың эл билет,
Калкка азыр кабар сал,
Калтырбай баарын жыйнап ал,
Кошуун алып үй чаап,
Көрбөгөнүн көр кылып,
Анан кийин катын ал.
Казынасын калтырбай,
Азыр барып колуңа ал,
Амалсыздан тийсин ал»
Арачынын сөзүнө,
Жаалы келди Көкчөкөз,
Ачуусу келип түрдөнүп,
Алда канча сүрдөнүп,
Жаалы келип жалындап,
Каары келип түнөрүп,
Оюу нечен бузулуп,
Бүркөлгөн күндөй тутулуп,
Бенде чыдап туралбай,
Астына адам баралбай.
Кошуун жыйып кол жыйнап,
Аябастан мол жыйып.
Эрте баарын жүргүзүп,
Аламан коюп киргизип.
Айыл үстүнө барганы,
Каныкейдин ак ордо,
Такыр чаап алганы,
Казынасын түк койбой,
Кайгыны башка салганы,

Карып болуп Каныкей,
Кайгылуу күндө калганы.
Өксөп ыйлап Карабөрк,
Какшап ыйлап Чыйырды,
Жанында төрт келини,
Арманын айтып Арууке,
Өң катын калды жепжеке.
Акылынан шашканы,
Аксакал Жакып токтобой,
Тоого чыга качканы.
Карып болгон буларга,
Кайрат айткан бирөө жок,
Каралды кылган бир жан жок.
Абыкени айдады,
Азууга салып чайнады,
Көзкамандын балдары,
Кылбаганы калбады,
Колунан малды алганы.
Көзкамандын балдары,
Жерге сыйбай чалкалап,
Бет алганын соо койбой,
Ойрон кылып талкалап.
Меңдибай болуп карысы,
Манасынан айрылып,
Ал өңдөнгөн капырга,
Кор болду кыргыз баарысы.
Калың кыргыз кор болду,
Маңдайлары бу күндө,
Кере карыш шор болду.
Камандар дуулап зор болду.
Бир күнү туруп Көкчөкөз,
Жар чакыртты кыргызга:
«Бириң эмес баарың ук,
Жашың менен карың ук,
Манастын атын ким айтса,
Башы кетет өлүмгө,
Малы кетет бөлүмгө.
Катындарына Манастын,
Жан тарткан бирөө болбосун,
Жан тартканы билинсе,
Билип койсун эмитен,
Эгеримде оңбосун!»
Уккула айткан сөзүмдү,
Ачкыла кыргыз көзүңдү!
Унуткула Манасты,
Көрүп билип турасың,
Ушу күндө бу мага,
Кайсы баатыр жанашты!
Мен да ногой баласы.
Сөзүмдүн барбы чаласы,
Ала Тоонун арасы,
Чытырман калың токойдо,
Кыраандар жетип жатыптыр,
Ал жерден даам татыптыр.
Ооруган жерлер басылып,
Умачтай көздөрү ачылып,
Арстан Манас баатырдын,
Жарааты бүтүп сап болуп,
Баштагыдай чак болуп,
Куруп калган кырк чоро,
Кобурашып сүйлөшүп,
Коркпой жумуш кылууга,
Бирин-бири күүлөшүп.
Кырк баатыр кырка отуруп,.
Кырк чоро жаткан бир жерде,
Кырк буудан кеткен бир төргө.
Кырк чоро жаткан жеринен,
Кыйдам төмөн жагында,
Сары жайык суусу бар,
Баатырлардын сай күлүк,
Чубап келип ар качан,
Суу ичет экен ушулар.

Суу ичерге жакындап,
Туягы жерге тарсылдап.
Аттары келип калыптыр,
Ал тушунда кырк баатыр,
Адам болуп алыптыр.
Октой болгон Кула ат,
Окуранып калыптыр,
Окуранган доошу,
Оолак жерге барыптыр.
Буудандын баары буркурап,
Кишенеди чуркурап.
Жер көчүрүп күңгүрөп,
Окуранып дүңгүрөп,
Ар сөздү айтып кырк баатыр,
Бууданга минди тап-такыр.
Баары кийди кырк баатыр,
Баштагы кийген жарагын.
Арстан Манас, кырк баатыр,
Алсырап жаткан элине,
Баарынын байкап карагын.
Таластын башы Жети-Төр,
Байкаймын десең барып көр.
Жети-Төрдүн оюна,
Талдуу-Муз суунун боюна,
Бетегеси май экен.
Чаткалдан келген жолу бар,
Белесче бир кайкы экен.
Жесир калган катындар,
Катындардын баарысын,
Белдин ары жагына,
Бейли бузук камандар,
Бөлүп барып кондурган,
Бейбактардын баарысын,
Бет-бетинен болтурган.

## КӨЗКАМАНДАРДЫН ОЙРОН БОЛГОНУ

Ушу күндө караса,
Көкчөкөздүн өкүмү,
Кыйын болгон кези экен,
Атпай кыргыз үстүнө,
Жыйын болгон кези экен.
Каарын төгүп кыргызга,
Кыйнап турган кези экен,
Не кыларын билбестен,
Атпай кыргыз бүгүндө,
Ыйлап турган кези экен.
Айбалта, кылыч эгешип,
Меңдибай менен Көкчөкөз,
Абыдан экөө кеңешип:
«Суур жебес кыргызга,
Жедирсек деп суурду,
Жыйып алып кыргызды,
Аргаларын түгөтүп,
Абыдан жаман кууруду.
Кашкулак менен каманды,
Жедирсек болуп камандар,
Кыргыздар оозго албаган,
Толуп жаткан жаманды».
Элге кыстоо салыптыр,
Алдырап кыргыз жатканда,
Азапка терең батканда,
Айкөлүң Манас барыптыр,
Кайыптын кызы Карабөрк,
Айылы келбей колуна,
Кара сеңир түбүнө,
Кара суунун боюна,
Баатырдын келер жолуна,
Кандык өкүм бүгүндө,

Калмактардын колунда.
Өкүмдүн ээси болуптур,
Өзгөчө сонун ак үйүн,
Өзөнгө тигип коюптур.
Алардын аты көзкаман,
Артында наалат сөз жаман.
Ал аңгыча болбоду,
Аккула минип заңкайып,
Арстан Манас даңкайып.
Кырк чоросу дүркүрөп,
Кыргын чалы күркүрөп,
Кыйгактуу найза доолдоп,
Кырк баатыры шоолдоп.
Кырк баатыр жолго салыптыр,
Кыйкырып кыраан Бакайы,
Кыядан чыгып калыптыр.
Карабөрктүн ордосу,
Тигилген жолдун боюна,
Тааныган бойдон дабырап,
Карабөрк мында бекен деп,
Баары түштү дабырап,
Акылдан танып Карабөрк,
Олтуруп калды жалдырап.
Арасы жакын жер экен,
Бери жактан көрүп Бегалдай,
Безелентип чапкылап,
Этек-жеңи далпылдап,
Чагалдайлап киргени.
«Кырк чоро, Манас баарысы,
Кыйкырып келди чапкылап,
Кыраан Бакай карысы,
Тозуп барып көрүштү,
Көзүнөн жаштар төгүштү.
Көрүп келдим чынма-чын,
Көкжалдардын баарысын.
Байкаган сөздүн даанисин»
Ал сөздү айтып салганы,
Ачуусу келген Көкчөкөз,
Кыйын тийди өзүнө,
Кылыч шилтеп калганы,
Бегалдай айткан сөзүнө.
«Бул Бегалдай өлсүнчү,
Баары кыргыз көрсүнчү,
Өз инисин сойду деп,
Жүрөгү журттун өлсүнчү!»
Аны ойлонуп Көкчөкөз,
Шилтеп кылыч калганы,
Бегалдайды сүйлөтпөй,
Шо жерде башын алганы,
Бегалдай өлүп калды деп,
Кан Көкчөкөз кыйыктып,
Өлүм кылып салды деп.
Агалдай аны угуптур,
Каары толуп боюна,
Бетиндеги түктөрү,
Терини тешип чыгыптыр.
Өлтүрүш андай эмес, мындай деп,
Колуна шамшар алыптыр,
Дөрбөлдөйдү бирдемде,
Жара тартып салыптыр.
Көкчөкөздүн үйүнө,
Токтобой чуркап жетиптир.
Кан Көкчөкөз баатырга,
Маңдайлаша келиптир.
Катуу айкырып Көкчөкөз,
Албарсын колго алганы,
«Ай баатырлар сабыр деп,
Аксакалы Меңдибай,
Ортого түшө калганы.
Көкчөкөз сайып алдыдан
Арбалдай сайып артынан,
Ажал карап толгону,

Меңдибай өлүм болгону.
Меңдибай тапты өлүмдү,
Кылган иши башка жетет деп,
Өткөн ата-бабалар,
Айтпаган экен төгүндү,
Арбалдайды Көкчөкөз,
Ичеги, кардын эшкени,»
Ушу кезде өзү да,
Кызылдай жандан кечкени,
Токтолбостон барганы,
Карыган Үсөн байкушту,
Алмадай башын алганы.
Токолдой келди күүлөнүп,
Көкчөкөзгө сүйлөнүп:
«Көмүлүп калган капыр – деп,
Үрөн-бутак баарысын,
Көмдүңбү койбой такыр» – деп.
Күүлөнүшүп калышты,
Мандай-тескей болушуп,
Кылыч менен чабышты,
Ана-мына дегенче,
Экөө тең өлүм табышты.
Быякта болгон кыргынды,
Кулуктары чалыптыр,
Камандын катып балдары,
Бычакташып өзүнчө,
Бири тирүү калбастан,
Ойрон болуп калыптыр,
Манас келди дегенде,
Журттун баары буркурап,
Жер көчүрүп чуркурап,
Арстан Манас баатырга,
Көрүштү журттун баарысы,
Жашы менен карысы,
Акбоз бээден алышып,
Ай туягын чалышып.
Тулөөсүн түштөн өткөзүп,
Калайыктын баарысы,
Камандардын кордугун,
Турган экен көтөрүп.
Баатырлардын баарынын,
Кийимдерин талатып,
Кара торпок кескилеп,
Карып менен касарга,
Кол кайырды мол таратып.
Жерди тереӊ ойдуруп,
Камандардын өлүгүн,
Тереӊ орго койдурду.
Малдарынан сойдуруп,
Карып менен мискинди,
Аш-тамакка тойдурду,
Үйү-жайы малдарын.
Карып менен касарга,
Баарын бөлүп бергени,
Башка келген ар ишти,
Өз тушунда көргөнү.
Канча кылса бир трууган,
Аруу жууп кемиңдеп,
Үсөндү жакын көмдүрүп,
Бир боорум деп өкүрүп.
Бычакташып камандар,
Өздөрү өлүп алыптыр,
Бычакташпа каманча,
Деп айтылып кыргызга,
Ошо күндөн ушу күн,
Ылакап болуп калыптыр.

# КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ

## КӨКӨТӨЙ КИМ?

Калың кыргыз элинде,
Кең Ташкендин жеринде,
Чыйырчык салар жердеген,
Жанедил уулу Көкөтөй,
Байлыгы баскан кылымды,
Карып менен мискинге,
Кол кайрылуу эр деген.
Калмакты кыргыз алганда,
Ар тарапка таратып,
Он түтүнүн бир койбой,
Ар кимдин көзүн каратып.
Жанедилди Эсенкан,
Өлүм кылып салыптыр.
Көкөтөй жаш чагында,
Аз айлы менен айдалбай,
Конушунда калыптыр.
Эсенканга баш коюп,
Алык-салык бериптир.
Баш көтөрбөй жер карап,
Дегенине көнүптүр.
Алтайдан Манас чыкканда,
Асыл келген душмандын,
Атышып туусун жыкканда.
Көчүп келип Алтайдан,
Алооке канды кууганда,
Азган-тозгон кыргыздар,
Эл болуп белин бууганда.
Арстан Манас Ташкенге,
Кан көтөргөн эмеспи,
Кылым журтка маалим деп,
Даң көтөргөн эмеспи.
Жашы узарып Көкөтөй,
Жетимиш жашка толуптур,
Ошо жашка жеткиче,
Бала көрбөй коюптур.
Мергендин кызы Бектору,
Төштүк менен бир кезде,
Көз тааныш болуп алыптыр.
Келип калып болжолу,
Боюна бүтүп калыптыр.
Ай, күнүнө толгондо,
Боюндагы баланы,
Төрөр маалы болгондо.
Айтуусу менен Төштүктүн,
Байгаранын кара таш,
Кара таштын түбүнө,
Басып барып Бектору,
Баласын төрөп салыптыр,
Мал айдап жүргөн Көкөтөй,
Ыйлап жаткан баркырап,
Баланы таап алыптыр.
Көккө жетип төбөсү,
Кабыл болуп тобосу,
Тоюна толгон мал союп,
Ала-Тоодой эт кылып,
Ала-Көлдөй чык кылып,
Ойроттун баарын жык кылып.
Капасы кетип чачылып,

Кабагы карыш ачылып,
Эркелетип багыптыр,
Кол кайырды көп берип,
Ар качандан бир качан,
Садагасын кагыптыр.
Ал кездеги ырымдын,
Бирин койбой таптырып,
Ырымга абдан каныптыр,
Башка бир ат атабай,
Бокмурун коюп алыптыр.
Майда жашын өткөрүп,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Жашы он бешке толуптур,
Талпынаар кези болуптур.
Жалындап күйгөн чок болду,
Эл-журтту алып колуна,
Жайдары мындай жок болду.
Жоомарттыгы ашынды,
Жоон моюн күрсүлдөк,
Жаш Бокмурун балага,
Жооп айталбай басынды.
Кылычты илди кынына,
Кыргыз уруу көп элге,
Кыйшык иши көрүнбөй,
Бокмурун толду сынына.
Найзаны илип карыга,
Калыстыгы ашынып,
Канкорлор мындай басынып,
Алынды журттун баарына.
Айбалта илип белине,
Кара кылды как жарган,
Калысытыкты кылыптыр,
Атпай кыргыз элине.

## КӨКӨТӨЙДҮН ӨЛГӨНҮ

Ар тарапка айдалып,
Жеринен азып сандалып,
Бозуп кеткен кыргыздар.
Куралып кайта эл болуп,
Арстан Манас кыргызга,
Ала-Тоо аскар бел болуп,
Алыш кылган душмандар,
Айланып башы дел болуп,
Ичтери толгон дем болуп,
Өзүнөн өзү кем болуп.
Кыргыздын башы кошулуп,
Байчечекей гүл бүрдөп,
Жердин бети жошулуп,
Калмактын кай бир урyусу,
Каалап келип өздөрү,
Тууган болуп кошулуп.
Жайнап калган кезинде,
Эки кедей кыргыздын,
Миңден жылкы, миңден кой,
Айдап калган кезинде,
Сыдырым жайлоо, салкын сырт,
Жайлап калган кезинде,
Дүнүйө мүлкү тептегиз,
Толуп калган кезинде,
Ала-Тоодой обурак,
Конуп калган кезинде,
Алыстагы душмандар,
Коруп калган кезинде.
Жашы илинип токсонго,
Кан Көкөтөй өлүптүр,
Кайтпас жайды көрүптүр,
Ажал менен тагдырдын,

Өкүмүнө көнүптүр.
Бокмурунга Көкөтөй,
Керээз кебин айтыптыр,
Айтып берип кеңешин,
Келбес жайга кайтыптыр.
Кара ашына Бокмурун,
Калың малды сойдуруп,
Кадырлап келген адамдын,
Кардын сыйлап тойдуруп.
Ар уруунун элине,
Мүчөөгө толгон мал берип,
Алтын, күмүш зар берип,
Асылдан сарпай тон берип.
Бир адам куру койбостон,
Карып менен мискинге,
Кол кайырды мол берип.
Токсондогон кур аттан,
Бурак атка токутуп,
Ырчыларга мактоону,
Сайраттырып окутуп,
Айтып сөзүн тактатып,
Акындарга мактатып.
Ыктуу сөздөн тактатып,
Ырчыларга мактатып.
Төрт түлүктүү малдардан,
Дооранына байлатып,
Дооран алчу адамдын,
Толтура көөнүн жайлантып.
Сарбан менен буудуруп,
Токсон кишиге карматып,
Замзам менен жуудуруп.
Чарайнага чаптатып,
Шайиңгиге каптатып,
Мүрзөсүн терең ойдуруп,
Терең казган мүрзөгө,
Калк атасы карыны,
Алып кирип койдуруп.
Топосу тоодой салынып,
Казынак оозу жабылып.
Мүрзөдөн кайтып көпчүлүк,
Өбөктөшүп өкүрүп,
Журт атасы Көкөтөй,
Өлдү дешип өкүнүп.
Байбичеси Күлайым,
Карадан кымкап жамынып,
Карк алтындан гүлдөнгөн,
Карадан жоолук салынып.
Казынадан чыгарып,
Албан түрдүү бул салып,
Ар түрдүү толгон асылдан,
Ак сарай үйгө тул салып.
Айылдагы зайыптар,
Аркасынан кыз, келин,
Эртели-кечти жоктошуп,
Эт бышым айтып токтотуп.
Ар үч маал жоктошуп,
Аш бышым айтып токтошуп.
Зыйнатын бир жыл күтүптүр,
Батасын кылып келгенге,
Кыраан бала Бокмурун,
Бериш жактан түтүптүр.
Түндүктөн тууну чыгарып,
Кадырлап келген ким болсо,
Албан түрдүү ичимдик,
Аш-тамакка суугарып.
Көкөтөйдүн өлгөнү,
Жыл маалына толуптур,
Зыйнаты толук өтүлүп,
Жыл он эки ай болуптур.

## АШКА ДАЯРДЫК

Кан Көкөтөй өлгөнү,
Жыл маалына толгондо.
Кыраан бала Бокмурун,
Калкына кабар салганы,
Ата уулунун ичинде,
Аксакалдуу карысын,
Акылмандын баарысын,
Чакыртып жыйып алганы.
Топтотуп малды сойдуруп,
Кеңешке келген эл журттун,
Кеңири кардын тойгузуп.
Эр Бокмурун кеп айтат:
«Ээ, калайык – деп айтат.
Ага-тууган баарыңар,
Айтып турган сөзүмө,
Аңдап кулак салыңар.
Атакемдин өлгөнү,
Бир жыл тамам өткөнү,
Бир ай өтүп кеткени.
Атакемдин карзынан,
Кутулсам деп турамын,
Атпай турган баарыңа,
Акыл-кеңеш курамын.
Атакем жыйган сан кара,
Казынада сансыз мүлк,
Ашка сарып кылсам дейм,
Кылып жаным тынсам дейм»
Абдыкадыр, Агулук,
Баймырза менен Жанайы,
Ата уулдан олтурган,
Кеп-кеңешке катышкан,
Акылмандын далайы.
Кеңеш кебин бүтүрүп,
Токтотпой ашын берүүгө,
Кең Ташкендин кыргызы,
Даярданды күтүнүп.
Кочкорду бычып ирк кылып,
Койлорду саабай түрк кылып,
Куп оңолтуп эл-журтун,
Куржуну толо элек,
Айгырды бычып ат кылып,
Азаматты март кылып,
Атан төөлөр үстүнө,
Калы килем жаптырып.
Кыздарга кызыл кийгизип,
Кызыл кымкап этегин,
Кыйгачтап жерге тийгизип.
Кызылдан жорго мингизип,
Кызматын журтка тийгизип.
Келинге кете кийгизип,
Кете тондун этегин,
Керилтип жерге тийгизип,
Кер жорго аттан мингизип,
Керегин журтка тийгизип.
Катынга камка кийгизип,
Камка тондун этегин,
Кайрылтып жерге тийгизип,
Карадан жорго мингизип,
Кадырын калкка тийгизип.
Келинге тайлак байлатып,
Кемпирге куйрук чайнатып,
Кедейге миң кой айдатып,
Кең Ташкенде кыргызды,
Керүүнү көздөй жайлатып.

Жетегинин баарысы,
Желмаяндан төө болуп.
Байлаганы бээ болуп.
Уйдун баарын мөөрөтүп,
Ошентип көчүн жөнөтүп.
Койдун баарын мааратып,
Баш элден көргөн адамды,
Таңыркатып каратып.
Жылкынын баары кишенеп,
Акылмандар билишип,
Манастын кылган иши деп,
Байкабаган башка журт,
Баарысы бай киши деп.
Төөнүн баарын боздотуп,
Төө жарагын окшотуп.
Найзанын баарын копшотуп,
Азаматын окшотуп.
Коколору көнөктөй,
Коңгорлору кара нар,
Кол менен көчү барабар.
Жаткырып төө комдошуп,
Жарактын баарын оңдошуп.
Жебилгеси жер чийип,
Жеке сан үнү баш жарып.
Көкөтөйдүн көк туусун,
Көтөрүлтүп калкылдап,
Асабасы жалпылдап.
Алтындан кылган айчыгы,
Ай тийгендей жаркылдап,
Эр-азамат жигиттер,
Көчтү жандап шалкылдап.
Баяндап айтса сөз жетпей,
Баш аягы көз жетпей.
Алды, арты үч күндүк,
Чубаса бирден жүз күндүк.
Жылдырып жылкы айдашып,
Жылмайтып күлүк байлашып,
Сызылтып казы чайнашып.
Куш кондуруп жанаша,
Кылганы күлкү тамаша.
Олуя-Ата, Чымкенти,
Сай жакасы сайрамы,
Сансыз көчү жайнады.
Түмөндөгөн көпчүлүк,
Дүңгүрөп жылкы айдашып,
Желеге кулун байлашып,
Жети күн конуп жайлашып.
Андан көчүп алышып,
Аңгеме оюн салышып.
Козу-Башы Копого,
Ара жолго бир конуп,
Азыр келди ошого.
Кой семирип алсын деп,
Конок болгон адамдар,
Май жей албай калсын деп.
Жылып көчүп алыптыр,
Жыйырма күн ал жерден,
Алматыга барыптыр,
Алты күн анда өргүтүп,
Ат сергитип алыптыр.
Эшик менен түргөндө,
Эгин салган жери экен,
Толкутуп элин көчүргөн,
Эр Бокмурун дээр экен.
Чаптарды ашып чаң кылып,
Көкөтөй ашы болот деп,
Көпчүлүк элге даң кылып.
Үч-Каркыра боюна,
Үч-Булактын оюна,
Көңкү кыргыз камданып,
Көкөтөйдүн тоюна.
Алтын айчык кызыл туу,

Асмандатып аштады,
Ашты бүгүн баштады.
Үй тигилген көп экен,
Каркыранын талаасы,
Үзөңгүдөн чөп экен.
Бетеге белден булаган,
Элиге ээн сулаган,
Бадалынын баарында,
Марал, бугу чураган.
Эми келген кыргыздар,
Эмне деген жер бу деп,
Бир-биринен сураган.
Ботонун сазын бойлогон,
Күндө кумар ойногон.
Күрсүлдөгөн Жолойго,
Ат жетелеп киргени,
Алтындан күрмө кийгени,
Ашкере төрө болгону,
Калдай менен дос кылып,
Туз кайнатып алганы.
Үч-Каркыра жайлатып,
Мааникер атты байлатып,
Элин ашка шайлатып.

## ЭЛ ЧАКЫРУУ

Кыраан бала Бокмурун,
Жайма көкүл жаш Айдар,
Чакырып аны алганы,
Кашына келди жаш Айдар,
Бокмурун ага кеп айтар,
Жаш Айдар тыңда деп айтар:
«Бадана тонду кийгиниң,
Мааникер атты мингиниң,
Бастырып жолго киргиниң,
Жылкыдан тулпар Мааникер,
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез канат,
Камыш кулак, жез билек,
Мээ кайнаткан ысыкка,
Белсенишкен кызыкка,
Кырк күн чапса суусабас,
Чөл биябан жазыкка.
Сүрөтү жыдкы зымпыйган,
Териси кошо жыйылып,
Капталга катып зыңкыйган.
Канчалык күнү чапса да,
Кардыкпай турган адаты,
Оң жагында кырк чалгын,
Сол жагында кырк чалгын,
Туу каркыл канаты,
Энеси аркар жез кайып,
Атасы тулпар жел кайып.
Сексен күнү чуркаса,
Серпиндиси даңканы,
Сегиз таш жерге бурса.
Күчөп турган мал эле,
Дүнүйө жүзүн айланса,
Арыктабас ал эле,
Ар өнөрү бар эле.
Кечип чапса чок өтпөс,
Кездеп атса ок өтпөс,
Мааникерди мингиниң,
Бастырып жолго киргиниң.
Букаранын ар жагы,
Чамбыл-белдин бер жагы.
Ото-Чаткал жердеген,
Ойротко намыс бербеген,
Жарагы болот бир кучак,
Буудайык уулу Музбурчак,

Оогандын каны Акун кан,
Букардын каны Темиркан,
Анжиян каны Санжыбек.
Катагандын Кошойго,
Калк агасы ошого:
Сары-Арканы жайлаган,
Сан казагын айдаган,
Келишиптир кермеге,
Көгала тулпар байлаган.
Саймалуу калпак, сары шым,
Шалдырак кисе, бото кур,
Алтын наал, жез өкчө,
Айдаркан уулу эр Көкчө.
Эгизкара ат байлаган,
Эки кемин жайлаган.
Айтканынан кайтпаган,
Бекемдиги белгилүү,
Калк алдында сайраган,
Чечендиги белгилүү,
Таздын уулу эр Үрбү,
Керме тоону жайлаган.
Чалкуйрук тулпар байлаган,
Алакандай кыргыздын,
Сырттаны эле Эр Төштүк.
Тогуз уулдун кенжеси,
Эламандын эркеси.
Жедигердин Багышы,
Жеткир чалдын Агышы.
Кайраттуу баатыр Жүгөрү.
Көкмөктөрдүн Кер Көкүл,
Көчпөс уулу эр Жанай.
Сакалаттын Сары Дөө,
Сандан чыккан Кейкубат.
Жору куйрук Жоон алп,
Кайчы кулак Каман алп.
Каспаңдын кара тоосунда,
Чок-табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган,
Эл чабууга камдаган.
Алтымыш жайсаң иниси,
Алооке кандын кенжеси.
Кан Коңурбай баатырга,
Калк куруткан каапырга.
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмакатардын Ушаңы,
Кара жолдуу Бороончу,
Каңгайлардын Ороңгу,
Кара чалдын Сайкалы.
Токшукердин Бозкертик,
Солобонун Соорондук.
Калмактардын кан Жолой,
Амурдун башын жайлаган,
Шакардай күчү кайнаган.
Кардуу тоонун төбөсү,
Кара калмак төрөсү,
Ачбуудан тулпар аты бар,
Ал атына караса,
Айбандан бөлөк заты бар.
Адамын арбын баштаган,
Анжиян жерин таштаган,
Алооке кары аксакал,
Аттарын санап өткөрдүм,
Баарына жетип кабар сал.
Кан Көкөтөй өлгөн де,
Ажал менен тагдырдын,
Өкүмүнө көнгөн де.
Сарбан менен буудуруп,
Токсон кише карматып,
Санат кылып көмгөн де.
Көкөтөйдүн көп эли,
Ашын мыктап берүүгө,
Каркырага конду де,

Кара курттай толду де,
Көкөтөй ашы болду де.
Чакырдым ашка келсин де,
Тамаша, сыйым көрсүн де.
Көкөтөйдүн ашы де,
Санат жеткиз калың мал,
Алтын, күмүш асыл зар,
Байгесинин башы де.
Санат жеткис байге бар,
Мындай олжо кайда бар.
Төө чечүү, жамбы атуу,
Балбан күрөш, эр сайыш,
Өнөрдүн баары болорун,
Көргөндүн көөнү толорун.
Аттарын таптап байласын,
Чабуугa бала шайласын,
Өзүнүн билсин байдасын.
Келбей коюп ашыма,
Өкүнчү ичте болбосун,
Зыян таппайт келүүдөн,
Өздөрү ишин оңдосун.
Байлап келсин күлүгүн,
Мага салсын түлүгүн.
Ала келсин аярын,
Амал менен өнөрүн,
Атпай журтка жаярын.
Камадап келсин балбанын,
Тандап келсин баатырын.
Найзакерден ыктуусун.
Тилге жүйрүк чеченин,
Таңдайы жок ырчысын,
Эр сынаган сынчысын,
Жакшылык менен жамандык,
Байкап билген тыңчысын.
Кыяк, чоор, сыбызгы,
Сурнайчы менен кернейчи,
Колу ойногон чертмекчи.
Бийчилери бийлесин,
Чечендери сүйлөсүн.
Жазбай аткан мергени,
Жааны чоюп кергени.
Өнөрпоздон калбасын,
Өзүнүн билсин байдасын.
Жайма көкүл жаш Айдар,
Мааникер минип алкылдап,
Бадана тону жаркылдап.
Булуттай учкан Мааникер,
Көрүнгөндө көрүнүп,
Көрүнбөсө Мааникер,
Закым болуп бөлүнүп.
Ашуусу бийик тоону ашып,
Агыны катуу суу кечип,
Чөл биябан таш басып.
Чакырылган элдерге,
Жетип кабар салыптыр,
Жаш Айдардан кеп угуп,
Кан баатырлар баарысы,
Аштын жөнүн эп угуп,
Тапырылып калыптыр.
Барбай ашка калбайлы,
Кан Көкөтөй ашына,
Барбай калып эринип,
Арманда болуп албайлы.
Тобокелге салалы,
Толкуган кошун алалы,
Токтолбостон баралы»
Ал сөздү айтып салышып,
Ар кайсысы кашына,
Толкуган кошун алышып,
Жөнөп калды бул ашка,
Аштын жөнү бир башка.
Ар кайсы кандар бир баштан

Барып түшүп калыптыр.
Ашка келген элдерди,
Токтотпой конок алыптыр.
Ордун калың салдырып,
Отуна чырак жандырып,
Оюнга кумар кандырып.
Эриккенче эт берип.
Эсте жок тамак-ашты,
Ээк алдына келтирип.
Чай кайнатып, бал салып,
Чатыраш ойноп даң салып.
Арак-шарап ачкыл аш,
Кеселери баарысы,
Сыртка жагы бермет таш,
Жаткан адам болгон мас.
Кызматкерлер турушуп,
Кыдырата сунушуп.
Жатышты конок жайлашып,
Аттарын отко айдатып.
Муну мындай таштайлы,
Калмактардын кандары,
Алардан кабар баштайлы:
Кылымды бузган Коңурбай,
Кылымдын уулу Мурадыл,
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмактардын ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардан Ороңгу,
Токшукердин Бозкэртик,
Бул баатырлар кеңешип,
Акылдарын теңешип,
Эр Коңурбай кеп айтат:
«Ээ,баатырлар-деп айтып
Чакырыптыр ашына,
Адиден ашкан бу бурут,
Адам болуп аш берип,
Сенделип жүргөн куу бурут.
Башы ачылып алыптыр,
Башы ачылып бу күндө,
Ушу турган биздерге
Теңелгенсип калыптыр.
Убара болуп бөөдө эле
Тепкибизде турду го,
Качан бизден өөдө эле.
Каныбызга келиптир,
Ойлогула баатырлар,
Карайлаган бурутту,
Кадиксиз буркан бериптир!
Кошуунду арбын жыялы,
Көкөлөгөн буруттун,
Желиккенин тыялы!
Санатсыз кошуун алалы,
Түгөнгүрдүн ашына,
Дүбүрлөп түшүп калалы.
Жетип ашын талайлы,
Карып -жоюп бурутту.
Баш көтөртпөй камайлы,
Бектерин бей пай кылалы.
Бектерин таман кыралы!
Төрөсүн төмөн кылалы.
Төгүнүн тамам кыралы!
Манасын кармап соёлу,
Ал бадирек канкордун,
Кара көзүң оёлу.
Канын ичип тоёлу!»
Ал сөздү айтты Коңурбай,
Коңурбай аттуу оңорбу ай!
Коңурбайдын сөзүнө,
Макул болду калдайлар,
Сыйлаганды сыйырган,
Бузукта барбы андайлар,
Аргимиси сан жеткиз,

Кошундарын алыптыр,
Талкалоого кыргызды,
Дүңүрөп жолго салыптыр.
Керней, сурнай тартыптыр,
Кесепет ишин арттырып,
Аргимиси бир баштан,
Келип түштү бул ашка,
Кыялдары бир башка.
Бөлүп алды конокко,
Сыйлаганды билбестен,
Сыйыруу иштер көргөзүп,
Коноктор салды домокко,
Канкорлордун кылыгы,
Ошо күндөн ушу күн,
Айтылып калды жомокко.
«Биз конокпуз деп кирди,
Карарган малдын баарысын,
Кой дегенди билбестен,
Калмактар талап жеп кирди.
Кой дегенге болбоду,
Кордук кылып кыргызга,
Компоңдоп калмак оңбоду,
Колуна тийген кыргызды,
Койгулап уруп сомдоду.
Боз жоргосун чайпалтып,
Аксакалын жайкалтып,
«Кадырласак болбоду,
Кастыгын бизге койбоду,
Калмактар канап оңбоду!
Жаш Айдарды батырак,
Аткаралы Таласка,
Салалы кабар Манаска.
Келбесе Манас болбоду,
Акыры бул аш оңбоду!»
Айтып Кошой көп сөздү,
Кулакка сыяр төп сөздү.
Жайма Көкүл айдарды.
«Жете көргүн Таласка,
Калмактар талоон койгонун,
Айта көргүн Манаска»
Жайма көкүл жаш Айдар,
Мааникерди каргытып,
Бадана тонду жаргытып.
Каркырадан атканып,
Кошойдун айткан сөздөрүн,
Көңүлүнө жатка алып.
Күн-түнгө калбай келгени,
Кабылан Манас баатырга,
Калмактардын кылганын,
Келип кабар бергени.
Жаш Айдардан кеп угуп.
Ооздон оту буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап.
Шакардай ичи кайнады,
Ооздогу отуз тиш,
Качырата чайнады.
Арстан Манас айкөлүң,
Азырланды камынып.
Кырк чоросу дүркүрөп,
Кыргынчалы күркүрөп.

## АШКА МАНАСТЫН КЕЛГЕНИ

Аттанып чыкты жол менен,
Санаты жүз миң кол менен.
Аттанды Манас күңгүрөп,
Жер союлуп дүңгүрөп.
Сурнай үнү бапылдап,
Керней үнү такылдап,

Алтын айчык кызыл туу,
Аягын өөдө жайылтып,
Асабасын жайылтып.
Күнү-түнү жол жүрүп,
Тыным албай мол жүрүп.
Суусамыр, Кочкор, Ысык-Көл,
Катарынан басканы.
Кызыл кыя ашканы,
Жайма көкүл жаш Айдар,
Жетип кабар салганы,
Манас келди дегенде,
Уюп жаткан көпчүлүк,
Сапырылып калганы.
«Кабылын Манас келди дейм,
Каарданса канкор шер,
Кадиксиз кырып жиберер,
Аш талаган элди дейм».
Жаш айдардан кеп угуп,
Манас келди деп угуп,
Айдардан кабар укканы,
Ашта жаткан көпчүлүк,
Арстан эрди көрүүгө,
Аттанып чыкканы,
Доол согуп күңүрөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрөп,
Толкундуу көлдөй шарданып,
Айбатын көрүп көпчүлүк,
Алыстан караан жарданып.
Найзаны кылка сундуруп,
Келди Манас бул ашка.
Доошу кулак тундуруп,
Астында турат жыйырмасы,
Адис мерген жыласы.
Ата турган баштанып,
Мылтыкты бетке алыптыр.
Кароолго көзүн салыптыр,
Калың колду аралап,
Каптап кирип барыптыр.
Арт жагында жыйырмасы,
Ашкере баатыр жыласы,
Болот учтуу сыр найза,
Бута кармап сундуруп,
Көргөндүн көзүн жумдуруп,
Оң жагында жыйырмасы,
Ойротту бузган жыласы,
Кылычты кындан алыптыр,
Чаба турган баштанып,
Оң колдорун көтөрүп,
Чекчейишип калыптыр.
Сол жагында жыйырмасы,
Жол бөрүсү жыласы,
Айбалтанын саптарын,
Асый өгүз белиндей,
Астындагы сай тулпар,
Басканы сырттын желиндей.
Ойропо огун чалыптыр,
Керим жааны алыптыр,
Каарын катуу салышып,
Каптап кирип барыптыр.
Асты жагын караса,
Алты жасоол жол баштап,
Ортосунда кула атты,
Оңжоңдотуп жетелеп,
Он эки жайсаң бош коштоп,
Жети желдет чапкылап,
Жол ачкын деп бош-боштоп.
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Арча тору тулпарын,
Айбандан чыккан шумкарын,
Арстан Манас баатырдын,
Астынан тартуу тарттырып,
Аземин арттык арттырып,

Сарыдан улак таптырып,
Садагасын чаптырып.
Кызылдан дилде чачтырып,
Кырк баатырдын баарысы,
Кыйырын бузбай бастырып,
Карыптар тунду көп малга,
Кас душмандар колоду,
Каары катуу көк жалга,
Абакеңиз Кошой дөө,
Боз жоргосун чайпалтып,
Аксакалын жайкалтып,
Боз жоргосун теңселтип,
Ак сакалын сеңселтип.
Ак күбө тонун белсенип.
Аты айтылган кандарга,
Кошой келип калганы,
Козгоп кепти салганы.
«Жайыл Манас канкордун,
Алдынан тосо баралы,
Саламдашып калалы,
Байкабай жатып албайлы,
Каарына калбайлы.
Балдар жүрө коюңар,
Манасты арзан экен деп,
Ойлобосун оюңар.
Келгениң бир ай болсо да,
Башталбады тоюңар.
Тең туугандык туугандыр,
Теңизден терең бу канкор,
Тербелген ургандыр,
Бар туугандык кургандыр,
Билден калың бу канкор,
Билими артык ургандыр».
Эламандын Төштүгү,
Эштектердин Жамгырчы,
Казактардын Көкчөсү,
Кара жаак эр Үрбү,
Кара шактын Жүгөрү,
Анжияндын Санжыбек,
Буудайыктын Музбурчак,
Оогандын каны Акун кан,
Барышты тосуп так он жан,
Алдында Кошой дөө турду,
Акимдердин баарысы,
Атынан түшүп жөө турду.
Арстан Манас айкөлүң,
Абакеси Кошойго,
Алп агасы ошого,
Салам айтып заңк этип,
Абакеси Кошой дөө,
Алик алды барк этип,
Келгенде Кошой кеп айтты,
Кекээр кылып бек айтты:
«Келдиңби канкор? – деп айтты,
Кыргыз-кыргыз болгону,
Бул өңдөнгөн бүлүк жок,
Бул өңдөнгөн жүлүк жок.
Копшоп жонор тал калбай,
Конокко соёр мал калбай,
Калмактар талап жеди дейм,
Калкыңдын кетти эби дейм,
Не себептен канкорум,
Сен кечигип келдиң дейм».
Айтып Кошой салганы,
Жоо бөрүсү айкөлүм,
Абакеси Кошойго,
Жооп айтып калганы.
«Мылтык болбой ок болбойт,
Бел байлабай мээнетке,
Адамга дөөлөт токтолбойт.
Мал чачпаган абаке,
Бай Карымбай канаке.
Асманда турган жарык күн,
Азыр батып кеткен соң,

Артынан келет кара түн.
Карарган бойдон түн турбайт,
Калкылдап тийип күн турбайт.
Кезектүү дүйнө экенин,
Кейпинен аба билбейсиң,
Курулуп калган дүкөнгө,
Касирет кылчу ким дейсиң?
Кыргызың аман чагында,
Абаке дүнүйө деп таарынба.
Акылыңдан айрылба,
Дүнүйө деп кайгырба,
Жесин талап малыңды,
Кыргызың аман турганда,
Кыларсың кайра камыңды,
Аман кылсың жаныңды».
Торум кыздын аксарай,
Толкуган кол бир далай,
Арстан Манас баатырды,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Ак ордого күтүүгө,
Ар канча чыгым болсо да,
Айныбастан түтүүгө.
Ак ордо көздөй жөнөлдү,
Арыстан эрди көрүүгө.
Атпай журттун баарысы,
Жол бербей баары өмөлдү.
Алты жүз жигит аттанып,
Колго кылыч, камчы алып,
Колду айдап турганы,
Айдаганга баш бербей,
Өмөлүп арбак урганы.
Токмок жеген андан көп,
Токмокко болуп ыраазы,
Манасты көрсөк экен деп,
Тооруганы сандан көп.
Таяк жеген андан көп,
Таякка болуп ыраазы,
Манасты көрсөк экен деп,
Талапкер болгон сандан көп.
Азаматтын баарысы,
Эл коруудан ал кетип,
«Колуңдан келсе Манасты,
Койбой байлап алыңар,
Билгениң кылып салыңар».
Коё берип токтолду,
Кокуй атым кайда деп,
Минип жүргөн атына,
Караган киши жок болду,
Тополоң түшүп көпчүлүк,
«Эртеден бери көрдүң деп,
Эми тура бергин» деп.
Жакалашып учташып,
Талайы жүрөт мушташып,
Жабыкты түргөн андан көп,
Жабылган киши сандан көп.
Тушун түргөн андан көп,
Туурдук тешкен сандан көп.
Алооке кандын Чагырай,
Абыдан сынчы капырай.
Ак ордонун жанына,
Басып келип калганы,
Жыртыктан көзүн салганы.
Берен Манас баатырды,
Бет алдынан карады,
Көргөн жерде сынчынын,
«Жабинибин жаби» деп,
Жылас болгон Чагырай,
Жыгылып кетип жан берди,
Сынаган сынчы өлдү деп,
Жыйындар көрүп даң берди.
Үрөмүн деп ит өлдү,
Жалтанып туруп ат өлдү.
Сынаймын деген сынчы өлдү,
Тыңдаймын деген тыңчы өлдү.

## КОҢУРБАЙ МААНИКЕРДИ ӨКҮМ МЕНЕН АЛМАКЧЫ БОЛГОНУ

Манас келген кечинде,
Эртесинде бешимде,
Бакай келген кезинде,
Асаба тууну аштаган,
Ашты соё баштаган.
Көтөргөнү миң отоо,
Эт жыйнатып ошого.
Бирден киши тургузган,
Эт кайтартып босого.
Калмактын Жолой балбаны,
Анын мындай иши бар:
Копшоп алган колунда,
Эки кулач шиши бар.
Ушу шиши кайыңдан,
Узап чыгып айылдан.
«Конок болбой койбодум,
Конокко тарткан этине,
Эгеримде тойбодум!»
Малакайы башында,
Жайсаңдары кашында,
Басып келди чоң Жолой,
Кемегенин башына.
Кемегеге барганы,
Казандагы этине,
Эңкейе Жолой карады,
Бенде бакбай бетине,
Жүйүртө басып чоң жолой,
Олтура калган жери ошо.
Кемегенин четине,
Калмакча сүйлөп калдырап,
«Быштыбы дейм маканың!»
Баладан сурайт балдырап.
Калмактын тилин билбестен,
Карады бала жалдырап.
Копшогон шишин алганы,
Казандагы этинен,
Бирин сая салганы.
Таң балду бала шишине,
Табактай болгон бир этти,
Сайып алып көтөрүп,
Колундагы шишине,
Эт бышырган баласы,
Мындай иш кылба деп,
Колунда шишин талашты.
Баланы жолой каапырың,
Ачуусу келди акыры,
Казандагы бул этин,
Немесин койбой жемекке,
Чоң Жолойдун акылы.
Көзү кетти чекчейип,
Бетинде түгү сексейип.
Сакалы кетти түксөйүп,
Чачы кетти үксөйүп.
Сөгүш сөз айтып калмакча,
Үтүрөңдөп калганы.
Болбой шишин салганы.
Кармаша бала турганы,
Сол колу менен чоң Жолой,
Көтөрүп жерге урганы.
Бакбады адам бетине,
Казан баккан жигитти,
Баса олтурду көтүнө,
Көзү түштү Жолойдун,
Казандагы этине.
Жүйүртө басып олтурду,
Чала бышкан эт экен,

Шишине сайып толтурду.
Шишкебектей болтурду,
Немесин койбой жалмады,
Балбан Жолой аймады.
Бир казан этке тойбоду,
Эки казан этти бул,
Жемек үчүн ойлоду.
Жолой алды мазаны,
Астына баскан жигиттин,
Куру калып казаны,
Экинчи казан бет алып,
Эми Жолой басканы.
Мурунку бала бакырды,
Мырза бала токто деп,
Бокмурунду чакырды.
Чакырганда Бокмурун,
Мааникерди кындыйтып,
Баланы көздөй бастырды.
Жетип келип караса,
Этчиден кетип көп маза,
Мааникер аты алкылдап,
Бадана тону жаркылдап,
Кыраан бала Бокмурун,
Акшумкар куштай баркылдап.
Жолойго келди күүлөнүп,
Ачууланып сүйлөнүп,
«Калдай болбой катып кал!
Кемегеден эт жеген,
Кейпиң курган итсиң сен!
Жер очоктон эт жеген,
Жерге кирген итсиң сен!
Калдай болбой калсаңчы,
Кардым тойбой калдым деп,
Кабарды мага салсаңчы.
Тойгузбай койсом кардыңды,
Топорат анда кылсаңчы.
Ашка атаган бул этти,
Анан кийин жесеңчи!»
Бокмурун айтып салганы,
Айтып турган сөздөрүн,
Балбан Жолой тегеле,
Назарына албады,
Адам экен бу да деп,
Андап көзүн салбады.
Андай бала сөзүнө,
Астындагы Мааникер,
Аты түштү көзүнө.
Минген аты Мааникер,
Калабалуу дөө Жолой,
Кара калмак журтунан,
Кашкая чыккан бу бир эр,
Атка карап немене дээр:
Алакандай бурутка,
Алты, беш үйлүү журутка.
Буудандын башын буруптур,
Бул өңдөнгөн тулпарлар,
Бурутка бүтүп туруптур.
Сыр найза алса боосу жок,
Алакандай буруттун,
Алыстан жоолор жоосу жок.
Артыкча тулпар туруптур,
Эбактан бери албаган,
Бизди калдайды буркан уруптур!»
Ал сөздү айтып чоң Жолой,
Балдыр-салдыр эткени,
Баскан бойдон кеткени.
Кара чоктуу калмактын,
Кайраттуусу Коңурбай,
Коңурбай аттуу оңурбай.
Коңурбайдын кошуна,
Кирди Жолой кашына.

Балбайн Жолой кеп айтат:
«Байка Коңур - деп айтат.
Мурда күнү кечинде,
Манас келген кезинде,
Мурдар экен Бокмурун,
Акындарын айттырып,
Аземин элдин арттырып,
Арча тору тулпарын,
Астынан тартуу тарттырып.
Тулпардан тартуу бергени,
Сиз менен бирге бу бизди,
Адамга катар көрбөдү!
Намысың болсо Коңурбай,
Аңдап уккун сөздү жай.
Бардым азыр ашына,
Кезим менен мен бардым,
Кемегенин кашына.
Бокмурундун колунда,
Мааникер аты бар экен,
Айбандан артык мал экен.
Алгара менен тору айгыр,
Аны албасаң көп кайгыр.
Сынын сизге айтайын,
Айтып барып кайтайын.
Белдемчисин байланып,
Беш шаарды айланып,
Биздин берендер минер ат экен.
Карыпчысын байланып,
Кара шаар айланып,
Калдайлар минер ат экен.
Эми келген жазында,
Эсенкандын алдына,
Өрдөктөй мойнун койкойтуп,
Тартууга бар ат экен!
Мааникер албай болбогун,
Мааникерди бергин деп,
Аш берген ушу бурутту,
Балаага салып толгогун».
«Андай болсо акыры,
Аш берген кулду чакырчы.
Коңурбай буйруп салганы,
Бокмурунга токтобой,
Дебеш, Шалкым барганы.
«Чакырды сизди коңурбай,
Мааникерди булкунтуп,
Коңурбайдын кашына,
Бокмурун келди жайма-жай.
Көк күбө тонун жамынып,
Көк арстандай чамынып,
Бокмурунду көргөндө,
Ачууланды Коңурбай,
Сөз айтууга камынып.
«Сасык айран, көк курут,
Салпылдаган бадирек,
Айтканыма көнөсүң,
Мааникерди бересиң,
Мааникерди бербесең,
Басырыгым көрөсүң!
Кайнап жаткан калмактын,
Кайсы бирөөн басамын,
Өтүп турат ар качан,
Бурут сенин азабың!
Макул көрсөң сөзүмдү,
Баскын десең өзүмдү.
Жардамымды кылайын,
Басып берип тынайын.
Манас келсе көрүпсүң,
Айтканына көнүпсүң,
Арчатору тулпарды,
Астына тартуу берипсиң.
Манас деген канкорду,
Баарыдан артык көрүпсүң!

Каарым келсе катасыз,
Как өзүмдөн өлөсүң,
Буруттардын төрөсүн,
Менден өөдө көрөсүң!
Киши-миши дебеймин,
Тарткан этиң жебеймин,
Ашыңа азап саламын,
Айылыңды талап аламын!
Тоюңа тозок саламын,
Тоюңду чаап аламын!»
Арбак урган чоң Коңур,
Атпай калмак журтунда,
Айбаты ашык оңбогур.
Ал сөздү айтып салганы,
Айтканын угуп Бокмурун,
Айран-азыр калганы.
«Аталар талап сенде бар,
Ага-тууган менде бар.
Акылдашып көрөйүн,
Эби болсо элиме,
Сен каалаган Мааникер,
Андан кийин берейин».
Эр Коңурбай баатырдын,
Өкүм сөзүн угуптур,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Арты менен чыгыптыр.
Атына минип алганы,
Кейишке минтип калганы,
Кеңгиреген боюнча,
Алп Кошойго барганы,
Катагандын Кошойго,
Карыясы ошого,
Баянын айтып салганы.
Анда кошой кеп айтат,
«Ой Бокмурун – деп айтат.
Бек Коңурбай сураса,
Берен калсын бир жылкы,
Берүүгө келген кезеги,
Кырса кырып кетпейби,
Кылса кылып кетпейби,
Кыйратып Коңур кесеби,
Асилиңе жакшы го,
Айылыңдын эсени,
Арам өлгөн Мааникер,
Бир байталдын тезеги.
Ат аяган жер карайт,
Жер карабай не карайт.
Куш аяган көк карайт,
Көк караса көп карайт.
Берен калсын Мааникер,
Бербей аны болбостур,
Бейли бузук бу Коңур,
Беттетпей чалган жолборстур,
Мааникер тартуу кылбасак,
Аягы аштын оңбостур»
Айтып Кошой салганы,
Айтып оозун жыйганча,
Бокмурун сүйлөп калганы:
«Ат алдырып минейин,
Андай болсо абаке,
Айтканың акыл билейин».
Бокмурун сөзүн бек айтып,
Жанындагы жолдошун,
«Атка жөнө деп айтып.
Айрылдым кайран тулпардан,
Атамдан калган шумкардан».
Азыр бармак болгону,
Ал аңгыча Кошой дөө,
Акыл ойлой койгону:
«Аш бердик жалтанып,
Мааникер берип салбайлык,
Баягы Манас канкордун,

Мага айтпай атты бердиң деп,
Азабына калбайлык.
Арстан эрге баралык,
Ага да айтып салалык.
Баарыңарга эп болсо,
Бабаңар билген кеп болсо,
Коңурбайга Мааникер,
Андан кийин берелик.
Азыр барып Манаска,
Акылдашып келелик,
Эби келген иш болсо,
Андан кийин берелик».
Казактардын Көкчөсү,
Кара жаак эр Үрбү,
Эламандын Төштүгү,
Эштектердин Жамгырчы.
Жедигердин Багышы,
Жеткир чалдын Агышы.
Катарында Жүгөрү,
Анжияндан Санжыбек,
Будайыктын Музбурчак,
Калкылдашып баарысы,
Баштаган Кошой каарысы,
Арстан Манас баатырга,
Баары кирип барышты.
Көк кашкалар кашында,
Көкөтөйдүн ашында.
Отоодон оолак барыптыр,
Жыдымык сызык арасы,
Токсон таман чоң ордо,
Ойлоп чийип алыптыр,
Сексен үчү чүкөнү,
Жерин өлчөп салыптыр.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргынчал болук калысы.
Айтып жатат шакылдып,
Кыргынчалы баш болуп,
Башкарып турат бакылдап.
Аттырып коюп эрмекке,
Арстан Манас баатырың,
Аңгемесин көрмөккө.
Ордонун оолак четине,
От жайнаган оёндун,
Ажыдаар түгү бетинде.
Кынынан чыккан албарстай,
Комдогону жолборстой,
Дүйнөдөн кем болбостой,
Ала-Тоону кармаса,
Чеңгээлине толбостой.
Кошой баштап каарысы,
Колбашчынын баарысы,
Аттан түшүп жөө болду.
Барган жерден Кошой дөө,
Баатырга келди баары жөө.
Салам берди заңк этип,
Арстан Манас баатырың,
Алик алды барк этип.
«Келгин аба – келгин деп,
Оңунан берди орунду,
Олтурду Кошой порумдуу.
Калк атасы эр Кошой,
Манаска карап калганы,
Бир баштан сөзүн салганы:
«Ээ, кулунум шер Манас.
Калмактардын Коңурбай,
Каарман бузук чоң калдай.
Намыстанып калыптыр,
Бокмурундун башына,
Бей орун өкүм салыптыр.
Мааникерди бергин деп,
Мааникерди бербесең,
Басырыгым көргүн деп.

Коңурбай аны айтыптыр,
Жетим бала Бокмурун,
Капаланып калыптыр.
Баары мага келген соң,
Кантебиз аба деген соң.
Баарыңарга эп болсо.
Калмак деген кандуу журт,
Калбаны сүйгөн комдуу журт,
Андуу журттун сөзүн жут!
Мааникерди берсек деп,
Мына бу сөздун маанисин,
Сизге айтып келсек деп.
Берeликпи жокпу дейм,
Бeреним айтчы жоопту сен».
Айтып Кошой турганы,
Кошойдун сөзүн укканда,
Оенду кудай урганы.
Оң көзүнөн от чыгып,
Сол көзүнөн чок чыгып,
Оозунан ойронун,
Ок жазайыл топ чыгып.
Баткалашта мараган,
Кабыландай караган,
Чагарак куйрук, чаар тон,
Чамынганы соо болбос,
Шаңгы чыкты сур жолборс.
Адам сыны бөлүнүп,
Арстан сыны көрүнүп.
Балан-бастан дебеди,
Баатыр Кошой абаңа,
Башкарып жооп бербеди.
Доол кагар шаң жыгач,
Толгоп колго алганы,
Алтын курбу доолду,
Даң дедире салганы.
Доол катуу кагылды,
Ордодогу кар баатыр,
Бир калбай тап-такыр,
Кошту көздөй жабылды.
Ыкчамдыгын карагын,
Кийгендери көк темир,
Соот, чарайна, кыягы,
Кырк баатырдын кайраты,
Соо кылбастай сыягы.
Туулагасы болоттон,
Душман жоону колоткон.
Найза, кылыч, ок өтпөс,
Асты бири калбады,
Алышканда душмандын,
Азыр чыгар далдалы.
Абыр-шабыр ат минип,
Аялдабай бат минип.
Мылтыктын баары октолду,
Милтенин баары чоктолду,
Мылтык атар, жаа тартар,
Мыктынын баары токтолуу.
Көптөн бери байланган,
Көзү оттой жайнаган.
Тоодой болгон чоң кула,
Чалкактата жетелеп,
Ат башкарган жоорунчу,
Тартты алдына энтелеп.
Октой болгон чоң кула ат,
Окторултуп алганы,
Оёнго тарта салганы,
Ачуусу келген арстан эр,
Арыштаган боюнча,
Аргып минип алганы.
Темир таман үзөңгү,
Аягын төрө салбады.
Баса минип кула атты,
Марал сындуу бул атты,

Атырылтып чуратты.
Бура тартып калганы,
Болот учтуу найзаны,
Сайып койгон жеринен,
Жулуп баатыр алганы.
Ак сакалдуу Кошойдун,
Алдына барды ошонун.
«Аттиңене абаке,
Акыл-эсиң канаке?
Сенден бөлөк бири айтса,
Өлүк эмес тири айтса.
Албас белем жанын мен,
Төкпөс белем канын мен.
Баш күнүнөн сыйлаган,
Жамандыкка кыйбаган,
Кошойлуктан калдың сен,
Кол тийбеген кары элең,
Ошондуктан калдың сен!
Кордук сөздү кокуйгүн,
Не үчүн айтып салдың сен!
Кайда жүрөт жанагы,
Ээсиз калган малың дейм,
Баш көтөрбөй тим эле,
Өлүп калган жаның дейм!
Оенуң Манас өлгөндө,
О дүйнөнү көргөндө,
Ошондо тартуу берсеңчи,
Манас аман турганда,
Ушу сөздү айтканча,
Абаке өзүң өлсөңчү!
Карааның Манас өлгөндө,
Мен кыяматты көргөндө,
Кыргызды калмак бөлгөндө,
Кыңк эттирбей билгенде,
Кынжылабай мингенде,
Атың түгүл сен Кошой,
Кызынды тартуу бер Кошой.
Бүгүнкү күндө бу калмак,
Көтөргөнү туу калмак.
Сырыңды тартып албайбы,
Тырп эттирбей салбайбы,
Мааникерди алган соң,
Эрдемсинип калбайбы,
Жыла-жыла жыласың,
Кыргызда болгон сай буудан,
Бир баштан терип албайбы!
Сай тулпардан айрылса,
Азганакай кыргызың,
Сай кучактап калбайбы.
Атандар жонго жатпайбы,
Азамат шору катпайбы,
Атышпай атың бердиң деп,
Акыретке барганда,
Тозокко Манас жатпайбы!
Мааникер берем дегенче,
Манасты өлдү десеңчи,
Баатырым өлгөн экен деп,
Бу гөрөкчө абаке,
Батаңды кыла келсеңчи!»
Ушу түрдүү көп айтып,
«Урушту сүйгөн бу доңуз,
Кайда жүрөт?» – деп айтып.
Күлпөңүм күндөй турганда,
Күлүгүм кантип берейин,
Күчөгөн экен бу доңуз,
Күрпөңдөшүп көрөйүн,
Күлдү журттун алдында,
Мен муну күлкү кылып жөнөйүн!
Айдыңым айдай турганда,
Атымды кантип берейин,
Ашынган экен бу доңуз,
Арп урушуп көрөйүн.

Акыр заман журтуна,
Аңгеме кылып жөнөйүн!»
Ал сөздү айтып арстан эр,
Алтын доол кагылды,
Ак келте үнү чаңырды,
Аялдабай карк баатыр,
Аламан коюп жабылды.
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп салган жагы кызыл өрт.
Доолдун үнү түрсүлдөп,
Төө мылтык үнү күркүрөп.
Жазайыл үнү чаңырып,
Кой чагыр үнү жаңырып,
Баатырлардын баарысы,
Калмакты көздөй жабылып.
Ураан тартып ийгени,
Кыргыздардан түк калбай,
Дүңгүрөп атка мингени.
Найзанын учу чабышты,
Адамдын башы кагышты,
Алам саат болгуча,
Балакет баса жабышты.
Бейкут жаткан калмактар,
Мээнетке калды акыры,
Башында калбай акылы.
Жабинибин жаби деп,
Жан талашып калмактар,
Жабыла качып баратыр,
Сандыргалуу көй баатыр,
Сайып өтүп баратыр.
Заман акыр башына,
Салып өтүп баратыр.
Агала калпак, көк күрмө,
Ар жерден тоноп кыргыздар,
Алып өтүп баратыр,
Өлүктөрү дардайып,
Калып өтүп баратыр,
Мөндү- мөндү- мөндү деп,
Мөндүлөгөн көп калмак,
Бөлүнө качып баратыр,
Бөрү жолдуу көй баратыр,
Соңуна түшүп калыптыр.
Бөрү кирген кой өңдүү,
Бөлүп кетип баратыр,
Бөктөлөнүп калмактар,
Өлүп кетип баратыр,
Өкүмүнө Манастын,
Көнүп кетип баратыр,
Көрбөгөндү артыкча,
Көрүп кетип баратыр.
Аламанды баатырлар,
Коюп кетип баратыр,
Айбалталап чокусун,
Оюп кетип баратыр,
Алты, бештен ар жерге,
Союп кетип баратыр,
Кара канга камбылдар,
Тоюп кетип баратыр,
Кап ортосун калмактын,
Оюп кетип баратыр.
Кош-Дөбөнүн тушунда,
Коңурбай баатыр ушунда.
Кыргынды көрүп кысылып,
Булуттай өңү бузулуп,
«Каарданса Манас нететко,
Камданганча бу канкор,
Кыргын кылып кететко!
Ат албасам жок экен,
Ар качандан бир качан,
Ушул Манас шок экен.
Арстан Манас Канкорго,
Кыяптуу сөздү аттыңар,

Кылкара тартуу тартыңар,
Агасы анын Алгара,
Аземи артык Кылкара.
Кылкара тартуу бериңер,
Кырдырып ийбей калмакты,
Кызмат кылып көрүңөр».
Бу сөздү айтып Коңурбай,
Бузукту сүйгөн оңурбай.
Коркпогондо не болду,
Колу качып жоголду
Кыйындары калмактын,
Дабыртын угуп алыптыр,
Кылкара атты кындыйтып,
Арстан Манас баатырдын,
Астынан тартып калыптыр.
Жазайыл мылтык октолду,
Милтенин баары чоктолду,
Астынан тартуу чыкканда,
Аламан чабуул токтолду.
Алооке баштык карысы,
Астына тартуу барышты,
Ат алам деп, ат берип,
Абийири кетип калышты,
Абыдан кетти намысы.
Уюган чаңы жазылып,
Урушу тарап басылып.

## АТ ЧУБАТУУ

Ал күнү антип жатканда,
Эртеңки таң атканда,
Көкөтөйдүн көк туусу,
Көтөрүлдү калкылдап.
Көк асаба жалпылдап,
Көңкү журттун баарысы,
Атка минди шартылдап.
Аяк башы көз жетпей
Айткан менен сөз жетпей,
Алтымыш катар кол болду,
Арасы көчө жол болду,
Карап турса көпчүлүк,
Кара курттан мол болду.
Көкөтөйдүн өлгөнү,
Көпчүлүк элге той болду,
Баш байгеге сайганы,
Тогуз миң жылкы, бир миң төө,
Тогуз миң чаркар кой болду,
Тогуз миң толук уй болду,
Жабык башы кундуздан,
Жана токсон үй болду.
Экинчи аттын байгеси,
Беш жүз атан төө болду,
Баарын турган башкарып,
Абаң Кошой дөө болду.
Төрт миң жылкы, төрт миң кой,
Эсебин малдын алалбай,
Далай адам болду буй,
Жасалгасы келишкен,
Даана тогуз үй болду.
Үчүнчү атка сайганы,
Эки жүз элүү атан төө,
Эки миң жылкы, үч миң кой,
Көкөтөйгө берген той,
Аяккы аттын байгеси,
Тогуз кара, токсон кой.
Алтымыш атка байге бар,
Андай байге кайда бар.
Калкка жарын айтмакка,
Акысын санап дал алып,
Алты тогуз мал алып.
Ырамандын ырчы уул,

Ычкыры бапик кырк муун.
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар оозу токтуу кул,
Атка минди мына бул.
Жанына алган жолдошу,
Жайма көкүл жаш Айдар,
Жар чакырып кеп айтар,
Атыңа жабуу жабыңар,
Аркы-терки чабыңар.
Азамат жүрөт дегдеп дейм,
Аттарыңды тердет дейм.
Кабар салды жарчысы,
Камданды журттун баарысы.
Өркөчү бийик, зээри бас,
Өкүм күлүк бир канча.
Өөдө жерде жоюбас,
Токсон күн минсе жоорубас,
Тобурчак бар бир канча,
Аркасы бийик, зээри бас,
Аргымактан бир канча,
Адыруу жерден ноюбас,
Алыска минсе жоорубас,
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө жез канат,
Камыш кулак сом туяк,
Каса тулпар андан көп.
Кара байыр түрсүлдөк,
Чарчабаган күрсүлдөк,
Буудандары андан көп.
Торкодон үртүк жаптырган,
Тогуздап тумар тактырган,
Тобурчактан бир канча.
Абыты үртүк жаптырган,
Аземин башка арттырган,
Аргымактан бир канча.
Адамдар жүрөк дектетип,
Атты бүгүн тердетип,
Чапкылаган көпчүлүк,
Зайыпкерге көп түлүк.
Чабалекей учкандай,
Чубурганы чычкандай.
Аттарды санап болуптур,
Чабылчуу атты санаса,
Эки миңге толуптур.
Тулпарлар эти тартылып,
Чокудан кулак артылып.
Буудандын баары бурулуп,
Булкунуп басып жулунуп.
Туягы тийген таштары,
Туш-тушунан туурулуп.
Баатырдын аты Аккула,
Кабыргасы Каккула.
Этине келип ээлигип,
Эликтей башын көтөрүп,
Баскысы келип желигип.
Көкөтөй туусу калкылдап,
Атың болсо чубат деп,
Жаш Айдар чыкты быркылдап.
Уургачы жолу улук дейм
Уруксат барбы бурут дейм!
Аттын баары чубоого,
Азыр болуп калыптыр
Ороңгу сөздү салыптыр
Ороңгунун кула бээ,
Окторулган курган бээ,
Чубатууга киргени,
Артынан кула ат жүргөнү,
Анын арка жагынан,
Арзыганы табылган.
Чаткаягы чаткалдай,
Чатына төө баткандай.
Ач буудан кирип алганы,

Жолойдун аты бууданды,
Чубатууга салганы.
Ал үчөөнүн артынан,
Алп-дөөлөр сай күлүк,
Чубатуудан өтүптүр.
Тактап алып эсебин,
Атпай көңкү көрүптүр.
Ат чубатып болгондо,
Чабылган аттар санаты,
Эки миңге толгондо,
Ат кай жерге барат деп,
Ал аңгыча болбоду,
Үрбүнү кудай оңдоду.
Үрбү туруп кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Ары барсын эки күн,
Бери келсин бир күн дейм,
Өлчөп койдум азыр мен,
Бөлөгүң сөздөн түңүлгүн!»
Эр Үрбү айтып салганы,
Айтканын угуп Манастын,
Каары келип калганы.
Өң көзүнөн от чыгып,
Сол көзүнөн чок чыгып,
Илебинен ок чыгып.
Кызыталак таз кулдун
Башканы көзгө илбеген,
Алаптаган мас кулдун,
Бийлик айткан кебин көр,
Калып турган эбин көр,
Кошой менен Бакайды,
Не албайсың кеңешке,
Алар менен эгешпе!
Чокусунда чогу бар,
Өзөгөнүн ичинде,
Сомдоп койгон огу бар.
Толгомолуу булдурсун,
Оң имерип алганы,
Оройго тартып калганы.
Тебетейден чаң чыкты,
Көпчүлүктүн ичинде,
Эстен танып кеңгиреп
Эси оогандай зеңгиреп,
Токтоп Үрбү калганы,
Үтүрөңдөп Кошой дөө,
Манаска кирип барганы,
Ээ,алуут сен канкор?
Жакшыны жакшы билбейсиң,
Жаманды көзгө илбейсиң,
Бу чапканым ким дейсиң!
Үрбүнү башка саларсын,
Кубанып колуң каларсың,
Андан кийин канкорум,
Кокустан чеки иш кылсам,
Колдогонуң болсо да,
Андан кийин канкорум,
Кордук көрүп каларсың!
Кошой минсе каарына,
Кокус өлүп аларсың!
Коюп жүргүн акыры,
Бул бейилиңди Манасым!
Манас-Манас дегенде,
Барбая калат экенсиң,
Чала үйлөгөн чаначтай,
Дардая калат экенсиң!
Абаң Кошой баркылдап,
Аксакалы жаркылдап,
Ачууланып барганы,
Чубатууда аттарга,
Абакеңиз Кошой дөө,
Жооп берип калганы:
«Алтымыш киши ат айдап,

Ат айдаса бат айдап.
Чачтардын белин ашырып,
Иленин боюн бастырып.
Аттарды айдап алыңар,
Алты күн ары барыңар,
Бир коңдуруп токтотуп,
Анан кайта токтотуп,
Анан кайта тартыңар.
Аттын келер жолунда,
Ак желек алсын колуна.
Алтымыш адам барыңар,
Адаштырбай түнүндө,
Аттарды жолго салыңар.
Эки күндө, бир түндө,
Эрте келер күлүктөр,
Ээсинин тийсин колуна,
Байгеге сайган күлүктөр.
Бу сөздү айтып салганы,
Ат айдаган алтымышы,
Кыйгактуу найза алганы,
Кыйкырып жолго салганы.
Ишенимдүү жакшыдан,
Кыргыздын кыйын зардалы,
Аркасынан алты жүз,
Аздырбас калыс барганы.
Адаштырбай алууга,
Балдарды жолго салууга.
Атты айдатып ийгени,
Атпай журттун ийгени,
Атпай журттун баарысы,
Ашты көздөй киргени.
Койгон этти бышырып,
Колдун баарын түшүрүп.
Улук кичик баарысы,
Жашы менен карысы,
Жай-жайына барышты.
Аземин башка арттырды,
Ар кишинин башына,
Экиден табак тарттырды.
Ар даамды бүт берди,
Кишмиш чайкап сүт берди,
Көкөтөйдүн дүйнөсүн,
Көптүгүнөн түткөрдү,
Бендеде мындай болорбу,
Бокмурун берен кылышын,
Мейиз салып чайкатып,
Ачыткан экен кымызын.
Апторой журт көрүптүр,
Эр Бокмурун кылышын.

## ЖАМБЫ АТЫШ

Аксакалы Кошой дөө,
Калың кара көпчүлүк,
Ат минбеген баары жөө.
Эл эригип алар деп,
Сегиз күндө ат келет,
Зеригип жатып калар деп,
Бекерге кантип жатсын деп,
Белсенип жамбы атсын деп,
Каркыранын карагай,
Кыскасына карабай,
Узунунан кыйдырып,
Түбүнө түркүк буратып,
Чыгарып ийди улатып,
Бул эмне иши деп,
Билбегендин баарысы,
Бир,биринен сурашып,
Жамбыга танап, кылмакка,
Болоттон боо сулатып.

Көкөтөй жыйган бул экен,
Кан Көкөтөй өлгөн соң,
Күлайым, Каныш тул экен.
Темирден сымды тарттырып,
Аземин антип арттырып.
Жамбыны бийик зоо кылды.
Бийик түркүк башына,
Алтындан жамбы байлатты,
Каалаган атып алсын деп,
Ырчыларды сайратты.
Атканын жазбас мерген бар,
Айтканы кабыл келген бар.
Мылтыкка адис мыкты бар,
Жаа тартууга ыктуу бар.
Жарчылары киргени,
Жар чакырып ийгени,
Жайнап жаткан көпчүлүк,
Жабылып атка мингени.
Мергендер мылтык октошуп,
Андистер милте чоктошуп,
Элүүдөн,жүздөн топтошуп,
Жамбыга беттеп барганы,
Атып кайра тарталбай,
Көпчүлүктөн шыкаалап,
Жайнап туруп калганы,
Кайсы бири жамбынын,
Түбүнө түшүп алганы,
Түк калбастан аянып,
Туш-тушунан тиреген,
Түркүгүнө таянып.
Арта салып түркүккө,
Ата берди көпчүлүк,
Мергенге түштү көп түлүк.
Барандын баарын майлашып,
Атууга көңүл жайлашып.
Жазайыл бар-очогор,
Төө мылтык бар, кой чагыр.
Чотала үнү чопулдап,
Асмандан түшкөн октору,
Мөндүрдөй болуп топулдап.
Окту көктөн жаадырып,
Ойроттун баары таң калды,
Ой-тоонун баарын чаң кылды.
Ошондой ишти ким кылды,
Калың журттун кашынан,
Каркыранын жогорку,
Күн чыгыш жаккы башынан.
Кырымдын уулу Мырадыл,
Атка минип акыры,
Атка камчы салганы,
Мырадыл жөнөп калганы.
Кылжейрен тулпар закымдап,
Жамбыга жетти жакындап.
Көтөргөндө мылтыкты,
Көк түтүнү бурады,
Көктөгү жамбы кулады.
Түркүгүн түптөн сындырды,
Көргөндүн көөнүн тындырды.

## КҮРӨШ

Көкөтөйдүн көк туусу,
Көтөрүлдү кылкылдап,
Ырамандын ырчы уулу,
Жар чакырып баркылдап.
Майдан тартып баары журт,
Барып турган жери ошол,
Көргөндүн көөнү айнышып,
Көпчүлүк турду жайнашып.
Калайык кабар уккула,
Калмак, кыргыз эки журт,

Эки балбан чыккыла.
Токсон байтал, токсон нар,
Балбандардын байгеси.
Жыгып кеткен балбандын,
Ала турган байдасы.
Кара курттай калмактар,
Дарбый түшүп жазылды,
Ара жери ачылды,
Ошондо көрдү көпчүлүк,
Оңбогон Жолой баатырды.
Орто жери ачылды,
Топурак тоодой чачылды,
Тозоң учуп басылды.
Баары журту баалаптыр,
Балбанга аны каалаптыр.
Тырмактары Жолойдун,
Ак жолборстун салаадай,
Муруттары Жолойдун,
Тегирмендин күпчөгү,
Текши каккан барадай,
Өлчөөсү жок өзгөксү,
Чечекейи чарадай.
Туурасы жоон, бою бас,
Дулдугуй беттүү өңү саз.
Комдонуп жаткан жолборстой,
Мандайында кашы бар,
Таш казандай башы бар,
Кырктын анык өзүндө,
Чоң Жолойдун жашы бар,
Артына түшкөн айдары,
Кыл чылбырдай чачы бар.
Кулагы калган бир чатыр,
Калмактан чыккан чоң баатыр.
Кулактары калкандай,
Кирпигине караса,
Өтөккө чыккан чалкандай,
Колуна тоодой таш тийсе,
Боло турган талкандай.
Эки ийиндин арасы,
Кере кулач, төш жары,
Кан Коңурбай баатырга,
Көнүлү жакын өз жары.
Эки ийинине караса,
Эки киши конгондой,
Эки бетин караса,
Эки даңгыт тойгондой.
Ар мүчөсү жолойдун,
Сүрөткө тартып койгондой.
Балтыры өгүз белиндей,
Оозунан чыккан илеби,
Улуу белдин желиндей.
Эки колдун шадысы,
Кырк жылдык терек чынардай,
Кабагына караса,
Качырганын куткарбас,
Кара кашка тынардай.
Төш жайыгын караса,
Качырганын куткарбас,
Кара кашка тынардай.
Төш жайыгын караса,
Тоого жакын керүүдөй!
Ар мүнөзү Жолойдун,
Ачыккан көк жал бөрүдөй,
Арка жагы Жолойдун,
Ат жарышкан талаадай,
Эки эмчектин балык эт,
Эки жашар танадай.
Балбанга Жолой бекинип,
Байкаган Жолой шекинип,
А дедирбей чоң Жолой,
Басып чыкты чечинип.
Алты батман буудай жеп,

Дан жыттанган чоң Жолой,
Алтымыш алпты бир союп,
Кан жыттанган чоң Жолой.
Жети батман буудай жеп,
Дан жыттанган чоң Жолой,
Каалгадай таманы,
Кара калмак каманы.
Өгүз көөдөн, өкүм сөз,
Өрдүк жери дагы бар,
Өткүр кылыч, куу найза
Эрдик жери дагы бар.
Өз билгенин бербеген
Бектик жайы дагы бар,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Майданга кирип олтурду
Мас болгон билдей күркүрөп.
Чоңдугу ноодой канжасы
Көк түтүнү дыркырап,
Кекиртек, кызыл өңгөчү
Кирген суудай куркурап,
Көзүнөн чыккан ызгаары,
От жалын болуп шыркырап,
Кубанып, капыр айгайлап,
Кулак тунду чуркурап,
Көк болотто бедер жок,
Көпчүлүктө нелер жок.
Айтса сөздү шыбырап,
Алыстан уккан тыңчы бар,
Көпчүлүктүн ичинде,
Көргөндө билген сыңчы бар,
Жыгат экен деп турду,
Көркүн көргөн сынчылар.
Сынчылар сынап кеп айтат:
Чыккан экен дүйнөдөн,
«Бир азамат» – деп айтат.
Абакең кошой акырды,
Кыргыздардын баатырын,
«Чыккыла деп чакырды.
Балдар бириң чыга көр,
Мактантпай итти жыга көр,
Түшөмүн деген жок болду,
Кыргызда баатыр, балбандан,
Түшөргө бирөө жок болду.
Көркүн көрүп Жолойду,
Жолойдун түрүн көргөн соң,
Жакындап адам жолойбу.
Топ башкарган зардалга,
Төө көтөргөн балбанга,
Бет-бетинен айтууга,
Жообун алып кайтууга
Ак сакалын сеңселтип,
Боз жоргосун теңселтип.
Аттары дайын белгилүү,
Баарысына Кошой дөө,
Жолобойбуз Жолойго,
Жолу каткан андайга,
Жообун берип Кошойго.
Жообун алып Кошой дөө,
Баарысынан өткөнү,
Эр Төштүккө жеткени.
Элемандын эркеси,
Балбанга Жолой түшүптүр,
Байкап көргөн адамдар
Жыгуудан күдөр үзүптүр,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып намыс алганга».
Бу сөздү айта салганы.
Барбаймын деп айта албай,
Бабаңдын сөзүн кайтарбай,
Анда Төштүк кеп айтат»
«Абаке Кошой – деп айтат.
Уктуң бекен абаке,

Желмогуз кемпир неткени,
Азыткысы менен мен,
Жер астына кеткеним.
Атсыз калып эчен жөө,
Аңдышканым кыйла дөө.
Ай качабы жылдыздан,
Элирип кетип кыргыздан.
Алптар менен алышып,
Дөөлөргө кыргын салышып.
Көрбөгүнүм калган жок,
Көптөп душман алган жок,
Жүдөп калган табымда,
Сенделип жүрүп акыры,
Кыргызды көрдүм арман жок!
Калк бетин араң карасам,
Абаке менин тилегим,
Ордунан чыксын тилегиң,
Карып калган чагыңда,
Бир ишиңе жарасам»
Ал сөздү Төштүк сүйлөгөн,
Арманым жок деп дүйнөдөн.
Айтканын угуп алганы,
Сын көзүн ага салганы.
Сын сөзүн салып байкады,
Башын Кошой чайкады.
Абакеңиз Кошой дөө,
Төштүктөн жери ошо,
Алигиче олтурган,
Майданда Жолой эр ошо.
Абакеңиз Кошой дөө,
Кайгыланып калганы,
Кайгылуу сөздөн салганы.
«Калың кыргыз калкынан,
Кайраты бар алпынан.
Белдүүнүн бири чыкпады,
Пери ургурду жыкпады.
Кайрат атым баарында,
Канчалык айтсам укпады.
Карарган кулду жыкпады!
Карысаң да дөөсүң деп,
Каалап өзүмдү албады,
Калабалуу кулга салбады!»
Ал сөздү алып оюна,
Касиеттүү абаңдан,
Кайраты толуп боюна
Ээрдеги чагарак,
Калдырата кагыптыр,
Кара жерге багыптыр.
Кабылан Манас баатырың,
Кайратын билип акыры.
Карчыгадай кагынып,
Кабыландай чамынып.
Кайыптан акыл табылып.
Жайдары Манас баатырың,
Абакеси Кошойду,
Жандай түшүп акырын.
«Карысаң да карпаңдап,
Карт буурадай тартаңдап,
Сен түшпөсөң Жолойго,
Калк ичинде ынагың,
Мен түшпөсөм Жолойго,
Жолойго киши жолойбу,
Жолосо соо коёбу?
Эр сайыш деген бирөө бар,
Абаке сактагын мени ошого!
Кана аба өзүң чыккын дейм,
Жылас болгон Жолойго,
Чыкпай байге бердик дейм»!
Арстан Манас баатыры
Ал сөздү айтты акыры,
Ушу сөзүн укканда,
Абакеңиз Кошойдун,

Ордуна келди акылы.
«Аттигине дүнүйө
Жашаган сайын шайманың
Кетет экен күнүгө.
Солкулдаган чыбык кез,
Жер солкулдайт жыйырма беш,
Жыйырма беште болбодум,
Жылас болгон Жолойду,
Жылас кылып койбодум.
Атаны арман сексен беш!
Карадан тулпар ат минип,
Кара түпөк найза алып,
Жоо качырдым бир кезек,
Отуз беште болбодум,
Ойрон Жолой калмакты,
Ойрон кылып койбодум,
Атаны арман сексен беш!
Жоого кирдим бой түзөп,
Топко кирдим тил безеп,
Элүү беште болбодум,
Эрдемсиген Жолойду
Эңсесин кесип койбодум,
Атаны арман сексен беш!
Алтымыш беште болбодум,
Алаптаган Жолойду,
Атыктырып сойбодум,
Атаны арман сексен беш!
Сексен беш деген жаш экен,
Адамзатка кас экен,
Сексен бешке барган соң,
Аркандай адам болсо да,
Үндөбөс кара таш экен!
Карысаң да баргын деп,
Кабылан жолой балбанга,
Барып күрөш салгын деп.
Канкорум айтып калганы,
Кайрылып эки келбеген,
Кашайган дүйнө жалганы!»
Кайратын жыйып боюна,
Камынып абаң калганы.
«Катыным чоркок киши эле,
Калдыратып өзүмө,
Кылып берген иши эле.
Кырк эчкинин териси,
Атасынын көрүсү,
Ашаткыга жатыптыр,
Чыгы менен катыптыр.
Ийи катып алыптыр,
Кылдыра ийип салыптыр.
Арбак урган Дөө Жолой,
Ат көтөрбөс жөө Жолой.
Аласынан албасын,
Айра тартып салбасын,
Атпай журттун алдына,
Аксакал болгон абңадын,
Абийри кетип калбасын!
Кагылайын канкорум,
Каары кату душманды,
Кан жөткүргөн анткорум!
Канкорум бери келе көр,
Калк ичинен бу мага,
Кандагай таап бере көр!»
Кабылан Манас баатырың,
Алп-дөөлөрдүн баарынан,
Кандагайын шыпыртып,
Алдырып келип калганы,
Абасы бутун салганы.
Ары-бери чойгону,
Бири да батпай койгону.
Кандагай чыкпай Кошойго,
Абакеңиз кошой дөө,
Капаланды ошого.

Бап кандагай жок болуп,
Баатыр Кошой токтолуп.
Кошойго Манас жеткени.
Барып сүйлөй кеткени.
Карчыга куштай камынып,
Кабыландай чамынып,
Кайыптан акыл табылып:
«Келиниңиз Каныкей,
Уздугу жеткен мыкты эле,
Каныкейдин колунан,
Бир кандагай чыкты эле.
Катып алып тапташып,
Ажыбай менен Чалыбай,
Жүрөт эле макташып»
«Канкорум айтып болбоду,
Катынын мактап койбоду.
Ажыбай менен Чалыбай,
Айты Кошой жайма-жай.
Келгиле алып шымын сен,
Билейин калпын, чынын мен.
Как ушу жерде көрөйүн,
Катынынын тыңын мен»
Абаң сүйлөп калганы,
Ажыбай менен Чалыбай,
Буйрукту Кошой айткан соң,
Бура тартып калганы,
Көрпөчөнүн астынан,
Көмкөрө ээр үстүнөн,
Кандагай шымды алганы,
Кан Кошойдун колуна,
Келип бере салганы.
Ойрон болгон Кошой дөө,
Аттан түшкөн баары жөө.
Оң жак бутун салганы,
Балтыры батпай калганы,
Сол жак бутун салганы,
Согончок батпай калганы.
Батырууга бу шымды,
Аракет Кошой кылганы,
Аягы чыкпай бу шымдан,
Ажыбай менен Чалыбай
Экөөнө көзүн ымдады:
«Экөөң бери олтургун,
Эптеп шымды батыргын,
Батпай калса бу шымы,
Баага өкөгөн куу шымы,
Жардыгы жалган болбогон,
Жалган кылган оңбогон,
Өкүмү экөө болбогон,
Эки деген оңбогон,
Жайыл Манас көрбөсүн,
Жаркын келген Каныкей
Жакшылыгын көмбөсүн.
Оң бетинен тилдирип,
Нур сыпатын бүлдүрүп,
Оң чачынан кыркпасын,
Кементайын кийгизип,
Кер байталга мингизип,
Журттун баарын сыдыртып,
Аяк-башын кыдыртып,
Каракандын колуна,
Кайтарып берип салбасын.
Кара кыргыз оңбо! – деп,
Каныкей айтып калбасын.
Таңдайында сөөлү бар,
Тамагында мөөрү бар,
Каргышы катаа кетпеген,
Катындардын баарысын,
Калыңдык менен тепсеген,
Каныштан каргыш албасын,
Калың кыргыз уруусу,
Кайгылуу күнгө калбасын».

Абаң айтып салганы,
Батыра албай жатканда,
Байкуштар азап тартканда,
Чыгара албай шыйрагын,
Чытыратып атканда.
Жыйындын тыяк четинде,
Ажыдаар түгү бетинде,
Кыраакы көздүү кыраан эр,
Балбанга көзүн салыптыр,
Бастырып келип калыптыр.
«Батпаганы чынбы? – деп,
Баатыр Кошой шымы – деп,
Мактап жүрүп мына бу,
Эки доңуз кылды – деп,
Каракан кызы Каныкей
Катышкан экем беп-бекер.
Бул өңдөнгөн заңгарды,
Каардансам кырармын
Кашында канча жандарды,
Алганым – деп, жактайлап,
Ак күбө чечип тактайлап,
Акырына ат байлап,
Каныкей жүзүн көрбөскө,
Кайта үйүнө кирбеске
Аккелте мылтык огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун,
Шым – деп, кармап абаке,
Не кылып карап олтурсуң!»
Арстан Манас муну айтып,
Булкуп алып бу шымды,
Батпай калган куу шымды,
Бутунан жулуп алганы,
Кайра басып калганы,
Ажыбай менен Чалыбай
Аларга көзүн салганы:
«Мактап жүрүп башынан,
Кылмак элең эки кул,
Кыянатың бу акмак!
Каныкейди соёрмун,
Эки көзүн оёрмун,
Калабалуу эки акмак,
Экөөңдү тең сойбостон,
Кайдан аман коёрмун»!
Айтып алып бу сөздү,
Бура басып калганы.
Муну көрүп Ажыбай
Ордунан тура салганы:
«Чоңдугуң да курсунчу,
Чоң болгонуң мен болсом,
Чогоолдор сазай берсинчи!
Алп, атактуу дөөлөрү,
Азыр ушу дүйнөгө,
Аз-аз эле келсинчи!
Келген кейпи курусун,
Он жашабай өлсүнчү,
Ушу түрдүү кордукту,
Кандай бенде көрсүнчү!»
Сунган бутун тарта албай,
Жумган көзүн ача албай,
Кошой калды далдайып,
Баатырдын сөзүн кайтарбай,
«Кой Манас» – деп, айта албай,
Кошой абаң далдайды,
Ажыбай менен Чалыбай
Бул экөө да шалдайды,
«Ээ, Ажаке – деп айтат.
Кандагай тегин болгон жок,
Каныкей тегин койгон жок,
Абакеме берем деп,
Айткан мага кеби бар,
Акыры болду-болбоду,
Манаска чактап бир жерин,

Катырып койгон чени бар.
Баатырыңа барсаңчы,
Кандагай сурап алсаңчы».
Чалыбай айта салганы,
Ал сөзүнө Ажыбай,
Айран азыр калганы.
«Не да болсо жүрөлүк,
Баатырдын бу шымын,
Барып сурап көрөлүк,
Каар кылса каңкордон,
Каза жетсе өлөлүк».
Ажыбай менен Чалыбай
Кол куушуруп кожурап,
Коёндой көзү жоодурап,
«Колуңдагы кандагай,
Бизге кайта бериңиз,
Бул Каныкей Каныштын,
Кереметин көрүңүз».
Ажыбай сүйлөп калганы,
Ал сөздү угуп баатырың,
Колундагы кандагай,
Бурап кармап салганы,
Улактырып калганы.
Ажыбай менен Чалыбай,
Кандагай шымды алышып,
Катына көзүн салышып.
Алаасы турат бүгүлүп,
Багалекке жеткенче,
Байкаса адам тигилип.
Бүктөлгөндөй көрүнөт,
Көргөндүн көөнү бөлүнөт.
Ажыбай айтты тигиш – деп,
Чалыбай айтат кириш – деп,
Каратоко сүйлөдү,
Өнөр менен өткөрө,
Кылып койгон бир иш – деп,
Ал сөздү айтып салганы,
Кел бери – деп, Чалыбай,
Олтуруша калышып,
Аласынан алышып,
Алп күчүнө салышып,
Тамандашып тартканда,
Шарт – деп, чыгып жазылды,
Көрүштү мындай асылды!
Арасынын баарына,
Желдүү желим куюптур,
Жыйылган бойдон жыласың,
Жымырайып туруптур.
Ажыбай көөнү басылды,
Чойгонунда кандагай
Карыш сөөм жазылды.
Кайра басып келгени,
Карыясы Кошойго,
Кандагайды бергени.
«Аба, кийип көргүнчү,
Алдырап калды балдарың,
Айтканын кылып бергинчи»
Колуна берди Кошойдун,
Алптыгын аңда ошонун.
Оң жаккы бутун салганы,
Балактап эми калганы.
Сол жаккы бутун салганы,
Шоодурап бошко калганы.
Баары бою тең болуп,
Балактаган кең болуп,
Кийип Кошой алганы,
Көбөлөрү көйкөлүп,
Куп жарашып калганы.
Бабаң Кошой сүйүнүп,
Оң багалек түрүнүп,
Жоон санга барганы,
Ойрон Кошой абаңыз

Багалектин ичине
Оң колун ага салганы,
Оң имерип алганы,
Сыртын көздөй кергени,
Капталына кол келип,
Кайра коё бергени.
Жыйылып этке жеткени,
Жылас болгон бу шымдын
Асылдыгы эмей неткени.
Сол багалек түргөнү,
Жоон санга сүргөнү,
Сол жаккы колун салганы,
Сол имерип алганы,
Сол бөйрөккө киргени,
Бөйрөгү тушка кергенде,
Кайра коё бергенде
Калыбына барганы,
Канча түрлүү чаркырап,
Доош чыгып калганы.
Асылдыгын билгени,
Кыл муруту солк этип,
Мыйыгынан күлгөнү.
Каныкейдей канышка,
Ичинде бата бергени,
Баскан бойдон майданга
Бабаң Кошой келгени.
Олтурган Жолой оксоюп,
Боз дөбөдө чокчоюп,
Жолойду көздөй бет алып
Абакеңиз Кошойдун,
Жолборстой көзү тутанып,
Агала сакал сеңселип,
Мас болгондой теңселип,
Алышууга белсенип,
Аста басып барганы.
Арбак урган Жолой дөө,
Алышмак болгон экөө жөө,
Оздон оту буркурап,
Көздөн жалын шыркырап,
Кармагандан кан чыккан,
Катууланса жан чыккан,
Ордунан турду күр этип,
Аны көргөн адамдын,
Оно бою «дүр» этип.
Кошойду кордоп кеп айтат:
«Компойбой калгын – деп, айтат.
Кара сакал агыңда,
Каруудун кеткен чагында,
Казааң жакын табында,
Буурул сакал агыңда,
Муунуң кеткен чагыңда,
Өлүм жакын табында
Ажалыңдын жеткени,
Абийириңдин кеткени,
Кетпегенде неткени,
Жашыңдан киши чыга албай,
Жакшыраактан чыйгарбай
Карыганда түшүп балбанга,
Карап көрсөм өзүңө,
Каргыш тийип калганда.
Атым менин – Жолойдур,
Ар душман качып колойдур.
Жолойго киши жолоорбу,
Жологон адам оңорбу?!
Бир башыңда, Кошоюм,
Миң жаның болсо коёмбу,
Ичип канга тоёмбу!»
Бу сөзүн айта салганы,
Абакеңиз Кошойдун,
Ачуусу келди ошонун:
«Атаңдын көрү доңуз кул,
Жердеги кара коңуз кул,

Уяты жок жакыр кул,
Айбандыгың мына бул.
Үкүрчүнүн оюнда,
Үч-Капкактын боюнда,
Үйшүнбайдын тоюнда,
Ушу күнчө оюмда,
Өлтүрбөй сени тирүү алдым,
Үйүңдөн байлап бир алдым.
Балчакайдын белинде,
Айлым арбын дегенсип,
Мыктылык кылган жериңде.
Айтышып сөздөн бир жеңдим,
Алыша кетип турушуп,
Ач бөрүдөй жулушуп
Ат үстүнөн бир эңдим.
Оозуңдан жиниң чыгарып,
Өңөрүп сабап отуруп,
Коё бердим өзүңдү,
Көрбөй жүргөн кишидей,
Эмне үчүн мага айттың,
Өкүмсүнүп сөзүңдү!
Оболдон бери, доңузум,
Оё жүрдүм көзүңдү,
Кулжа тоонун оюнда,
Кутман байдын тоюнда,
Калдардын Калдар беги бар,
Калкка маалым кебиң бар,
Катылам – деп, Кошойго
Кан жүткүргөн жериң бар.
Бөрү жолдуу Кошойду
Бөлөк болду дейсиңби?
Болжобой бокту жейсиңби!
Алың качан жетти эле,
Айбандык сөзүң эп беле»
Кошой салды билегин,
Жолой бекем тутканы,
Колун Кошой булкканы,
Жолой бекем кармады.
Касиеттүү эр Кошой,
Бир тартуу менен Жолойдон
Билегин сууруп алганы.
Кол терисин шыпырып
Жолой алып калганы.
Абакеңиз Кошой дөө,
Ач билектен алганы,
Эки жулкуп чоң Жолой
Эптеп сууруп алганы,
Шыпырылып кол тери,
Кошойго кетип калганы.
Кайра басып Жолой дөө
Токтоп туруп алганы.
Карыя Кошой, чоң Жолой,
Кармаша кетти бойлошуп.
Абаңды тутуп алганы,
Калмактын Жолой балбаны
Асманды көздөй атканы,
Кармаган бойдон абаңдын
Жолойдон колу кетпеди,
Абакеңиз Кошойдун,
Кайраты толгон ошонун,
Аягы жерге жеткени.
Таманы менен тик түштү,
Жазылган талпак ордундай
Тийген жерге жик түштү.
Аяктаган абаңыз,
Ал-кубатын караңыз,
Колуна тийген Жолойду
Козголтуп жерден алганы,
Айлантып асманга атканда
Кылым кытай балбаны,
Кырдана түшүп, бадырек,
Аяктап тура калганы,

Таманы тийген жерлердин
Далайы чыкты далдалы.
Арбытты антип жумушту,
Токтолбостон бир-бирин,
Асманга топтой урушту.
Топ аткандай атышып,
Ал экөөнүн жанына
Адам уулу болгондон
Барар эмес катышып,
Карагандар таң болду,
Кара тозоң чаң болду,
Ашта жаткан калың эл,
Көрө албай көбү маң болду,
Чаң жашырды көп колду.
Ал аңгыча болбоду,
Алмамбет баатыр толгонду.
Тамаша көрбөй калдык – деп,
Жалпы журт сүйлөп калганы,
Сандыргалуу Алмамбет,
Жай ташты суугa салганы,
Ачып көздү-жумганча
Алда канча көп булут
Байда болуп калганы.
Ала-Тоодой бир туман,
Үстүнө элдин жазылды,
Кара жамгыр, ак мөндүр
Төгүп өтүп басылды.
Күлдү журт көрдү таңыркап,
Күрөштөн башка таңы жок,
Жел басылып, жеринен
Желп этип чыккан чаңы жок,
Майданда Жолой, Кошойду,
Байкаган көрдү ошону.
Улактырып ыргытып,
Урулуу журтту дыргытып,
Аны менен жыга албай,
Азап болуп бир далай,
Бирин бири бу күндө
Тегеренип калышып,
Өнөрүн артык салышып,
Бир-бирине эки дөө,
Өчөшкөн бойдон калышып,
Куйрукка шымын түрүшүп,
Букалардай сүзүшүп,
Кармашкан жерден кан чыгып,
Чарпышкан жерден чаң чыгып,
Оёндор күрөш салганы,
Ойду-дөңдү булкушуп,
Ойрот журт айран калганы.
Намысына чирешип,
Акырек менен тирешип,
Согончок тийген жерлерди,
Түптүз кылып жирешип,
Топозу тоодой тозулуп,
Тозоңу көккө созулуп,
Баскан жери казылып,
Чаң асманга жазылып,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Алышып жүргөн эки дөө
Арстан шердей күркүрөп.
Бирин бири жыга албай,
Өдөсүнө чыга албай,
Күүгүм жетти, түн жетти,
Абаң Кошой канетти?
Жайы менен Алмаңдын,
Жазылган кара чаң кетти.
Жыбырап жылдыз толгондо,
Түн ортосу болгондо,
Жолойдун үнү күркүрөп,
Доошун уккан адамдын,
Жон териси дүркүрөп.
«Таң атса жарык чыгат – деп,

Карыган Кошой баатырды,
Каман Жолой жыгат – деп».
Майданда балбан Кошойдон
Баары журттун баарысы,
Үмүтүн үзүп ошондон,
«Не үчүн чыкпайт доошу»,
Кобурашат көпчүлүк,
Кошойдун шайы бошогон.
Жыгыла турган окшогон,
Көргөн көзүн талдырып,
Нече миң чырак жандырып,
Панардын баарын алдырып,
Барпырата жандырып,
Адамды көрсө курт кайнап,
Ай-талаада жык жайнап,
Аралашкан көпчүлүк,
Алтымыш жерге туу байлап,
Туусун карап таанышып,
Турган журт айран калышып,
Балбан Жолой, дөө Кошой
Майданга күрөш салышып,
Көтөргөн туусу болбосо,
Көбү адашып жоголот.
Тууну байкап токтолот.
Түн ортосу кеткенде,
Таң жакындап жеткенде,
«Жа арбак» – деп барк этип,
Кошойдун үнү карк этип,
Жолойдун колу кандай уу,
Абакеңиз Кошойдун,
Жонундагы баягы,
Уюп калган сары суу,
Аркасын Жолой эзиптир,
Абакеңиз Кошойдун,
Алыш-күрөш ар качан,
Жашынан кылган кесиптир,
Омуртканын ашташка,
Жолойдун күчү жетиптир,
Колдун уусу нетиптир,
Уюп калган сары суу,
Кармоосу менен Жолойдун,
Боюна тарап кетиптир.
Аткып Жолой жүрүптүр,
Ары-бери сүрүптүр,
Абакеңдин соорусу,
Кармаганын сүйүптүр,
«Ит чиркин, бекем туткун» – деп,
Имерилтип жүрүптүр.
Супу садык чалганда,
Таң сөгүлүп калганда,
Ушу өңдөнгөн балбандар
Болгон экен жалганда!
Баатыр Кошой, чоң Жолой,
Кыргыз, калмактын уругу,
Экөө да журттун улугу.
Кошойдун үнү күркүрөп,
Кары чал кайрат кылды – деп,
Калмактар бою дүркүрөп.
Кечеги күнү чак түштө,
Кармашкан экөө карк түштө,
Калайык айран бул ишке,
Жыгыша албай түн жеткен,
Күрөшүп жүрүп күн кеткен,
Арадан өттү бир түнү,
Күнү-түнү кармашып,
Жыгыша албай ал күнү,
Эртеси чыгып да күнү.
Күн обого толгондо,
Жалган түш жаңы болгондо
Алышып жүрүп абаңыз,
Алптыгына караңыз,
Көңүл кетип күүгүмдөп,

Көз илинип бүлбүлдөп,
Көшүп кетип үргүлөп,
Анда-санда бир айтып,
Кыр арканын балык эт,
Кыйын кармап жүргөндө,
Уйкуга абаң кириптир,
Ушуну Жолой билиптир.
Башта күнү бадырек,
Балаалуу жумуш баштаган,
Бар бөкөлөр чогулуп,
Алачык үйдөй бир ташты,
Балбан таш кылып таштаган.
Ал ташка тийген бенденин,
Айласы келбес туруугa,
Абакеңиз Кошойду,
Апарып ташка урууга,
Көөнүнө Жолой алыптыр,
Көк ала сакал Кошойду
Көтөрүп колуна алыптыр.
Көрө салып арстаның,
Айгай салып акырды,
«Абаке» – деп бакырды,
Майдандагы Кошойду.
Эми Манас чакырды,
«Абаке Кошой неткениң,
Намысың колдон кеткениң,
Напсиң түпкө жеткениң,
Как баш Кошой көзүңдү ач,
Капкара басып кеткени!
Каманга качпай чалдырдың,
Намысты колдон алдырдың,
Атпай кыргыз уруусун,
Жаман атка калтырдың!
Адамдан сонун иши бар,
Арстан кыял, ичи чаар,
Каарданса түсү заар,
Караганда көзү заар,
Каар айтса сөзү заар,
Каңкордун үнү барыптыр,
Кошой абаң кулагы,
Манастын үнүн чалыптыр.
«Чың-чың үнү чың чыгат,
Чымыркaнып бу Манас
Доошу ачуу чоң чыгат.
Каарданып бу каңкор
Кайда жүрүп унчугат?»
Ойлоно салып ошону,
Оңой киши дебеңер,
Оён абаң Кошойду,
Ачса көзүн акыры,
Ачканда келди акылы,
Ташка урууга даярдап
Калыптыр Жолой баатыры,
Түрмөктөй кармап турмакка,
Даярданып калыптыр,
Кошойду ташка урмакка.
Уйкудан көзү ачылып,
Жулкунуп Кошой чачылып,
Кайраты толуп кеткени,
Каарман Кошой абаңдын,
Аягы жерге жеткени,
Абакеңиз Кошой дөө,
Ачуулана кеткени.
Ар жагынан шымынын
Кашаттан кармап калыптыр.
Көтөргөндө дөө Жолой,
Көңүлүнө алыптыр,
Оң бут менен абакең,
Астын торгоп чалыптыр.
Жалпы журт карап туруптур,
Тоодой Жолой балбанды,
Томкоруп жерден алганы,

Көтөрүп жерге салганы
Башынан аттап алганда,
Басып Кошой калганда
«Аякты тушап алдың сен,
Армандуу бойдон калдым мен,
Бутту бууп салганың,
Бурдап жыгып алганың
Бугум чыкпай калганым»
Манастан алган кандагай,
Багалектен аларда,
Булгап-булгап абаңды,
Жерге чаап саларда,
Сылай-сылай камчы алган,
Сырты кара бөркү бар,
Сырттан Манас каркыбар:
«Атаңдын көрү капыр кул!
Бир жыгылып аласың,
Эмене үчүн абама,
Кол узатып каласың!»
Чокусунда чогу бар,
Өзөгүнүн ичинде,
Көк коргошун огу бар.
Толгомолуу булдурсун,
Сол имерип алганы,
Качырып келип Жолойду,
Жоңгулдата салганы.
Кабыргасы сөгүлүп,
Каны жерге төгүлүп,
Кабылан Манас баатырдын,
Кайраты калкка көрүнүп,
Кармаган Жолой колунан,
Кан Кошой кетип бөлүнүп.
Атпай кыргыз дүңгүрлөп,
Кубангандан күңгүрлөп,
Баштан аяк кеп айтып,
Балбан көтөр – деп айтып,
Көтөрдү Кошой балбанды,
Көргөн журт таң калды.
Кубанбаса неткени,
Куюлуп кошун жеткени.
Акылы таштын булактай,
Жайнган көзү чырактай
Сандыргалуу жаш Акбай,
Намыс эмей неткени,
Абакеңиз Кошойду,
Алп агасы ошону,
Көтөргөн бойдон кеткени.
Чатына башын салыптыр,
Алты жашар баладай
Абакеңди эр Акбай,
Так көтөрүп алыптыр.
Көпчүлүк көргөн ошону,
Көтөрүп чуркап Кошойду,
Абакеңиз Кошойго,
Алтындан таажы кийгизип,
Астына такты миңгизип,
Калк атасы Кошойго,
Аш башкартып билгизип,
Баатыр Кошой абаңа
Баары журту келгени,
Сандыргалуу Кошой дөө,
Санап туруп байгесин,
Карыптарга бергени.
Санап туруп баарысын,
Карыптарга бергени,
Абаң Кошой баркылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Манасты көздөй жакындап.
«Каары катуу канкорум,
Калк чайкаган анткорум!
Бу кандагай бу шымды,
Бул өңдөнгөн куу шымды,

Андай түрдүү жан кылды,
Иштеген киши ким эле,
Тиштеген киши ким эле?
Жайы көйүн бу шымдын,
Айта койгун тим эле»
Сурап Кошой калганы,
Токтолбостон баатырың,
Жооп берип салганы.
«Абаке иштеген табылар,
Тиштеген киши табылар,
Келиниң жүрөт бир куубаш,
Абийри качан жабылар!
Бу Каныкей келиниң,
Бир жарым жыл иштеген,
Алмамбеттин Арууке,
Бир ай жарым тиштеген.
Иштегенде Каныкей,
Өңүнө сарысы өтүптүр,
Ошо күндөн ушу күн,
Өргүй албай кетиптир.
Тиштегени келиниң,
Тишине заары өтүптүр,
Тиши саргарып кетиптир,
Касиеттүү карысың,
Бата берсең нетиптир!»
Кабылан айтып салганы,
«Каныкей келин кайда?» – деп,
Абаң айтып калганы.
Кундактай бели ийилип,
Тизеси жерге тийилип,
Каныкей басып барганы,
Абакеңиз Кошой дөө,
Сын көзүн чындап салганы.
«Аттиңине канкорум,
Ушу келин Каныкей,
Күйүп турган чок экен,
Өзүңдүн көзүң өткөн соң,
Эмгекке туулган күң экен.»
Айгайды Кошой салганы,
«Келгиле мында баарыңар,
Атпай кыргыз балдары»
Жалпы кыргыз балдары,
Не токтолгон чалдары,
Калк бийлеген зардалы,
Тигилип баары барганы,
Абакеңиз Кошой дөө,
Алакан жазды буркурап,
Атпай журттун баарысы,
Бата кылды чуркурап.
Көп жыйылган кези ушул,
Көпчүлүктүн алдына,
Кошойдун айткан сөзү ушул:
«Ургаачы болбой эр болсун,
Арстан, жолборс, шер болсун!
Атышканын алсынчы,
Күрөшкөнүн чалсынчы.
Кол сала келген душманды,
Ушаласын көмүрдөй,
Катылышкан душманын,
Өгөлөсүн темирдей,
Эркек тууса акыры,
Аты болсун Семетей,
Ак болотун кайрасын,
Ачуусуна тийгенде,
Абыке, Көбөш, Жакыпты,
Катарынан жайласын,
Кырандуу жерди майласын,
Кыйыгына тийгенде,
Кырк чорону жайласын!
Кара болот кайрасын,
Каарына келгенде,
Кан Коңурду жайласын!

Арууке келин баласы,
Акылдашып ар качан,
Ага болсун чын жоро,
Аты болсун Күлчоро»
Кошой бата бергени,
Ашта жаткан калың эл,
Кошо бата бергени,
Жер дүңгүрөп калганы.

## ТАЗ СҮЗҮШКӨНҮ

Арбагы бийик шер Кошой,
Ал аңгыча эр Кошой,
Ак сакалын жайкалтып,
Боз жоргону чайпалтып,
Баатыр Кошой бабаңыз,
Башкарышын караңыз:
«Чың деген доош чыкпасын,
Айгайды кулак укпасын!
Майданга басып түшүшсүн,
Эки журттан эки таз
Ортого келсин, сүзүшсүн,
Байгесине башкарып,
Токсон кара жайлады,
Төөдөн тогуз байлады,
Жеңип муну алсын – деп,
Токсон соолук айдады.
Мардыкелең таз чыгып,
Майданга кирип алганы,
Барууга тазы жок болуп,
Ашта жаткан көпчүлүк,
Тигилип турду токтолуп.
Алуучу малың ошо деп,
Аңгемеге айтып кеп.
Жаш Айдар жүрдү чапкылап,
Мардыкелең бу тазга,
Барбады бенде жакындап.
Ал аңгыча күн батты,
Уясына калкылдап,
Таз чыкпады алгын – деп,
Абакеңиз эр Кошой
Айгай салды баркылдап.

## ТӨӨ ЧЕЧҮҮ

Күн кызарып батканы
Күлдү журт тарап жатканы,
Эртеңки таң атканы,
Эл көпчүлүк жайнаган,
Тогуз ак төө байлаган,
Ак төөдөн болду бир тогуз,
Калкка болгон бир доош,
Кара төөдөн бир тогуз,
Боз төөдөн кызыл нар болду,
Үч аргымак ат кошуп,
Баарысы отуз мал болду.
Ашта жаткан көп элге,
Аралап жарчы кеп айтат:
«Аңдагын журт – деп айтат.
Талапкер катын чечинет,
Уятынан кечинет.
Тырдай болуп жылаңач,
Терең ордун ичине,
Экейип туруп төө чечет:
Уятынан куп безет»

Аппак атан бир төөгө,
Шурудан буйла тактырып,
Терең ордун түбүнө,
Казыкты бекем кактырып.
Буйланы бекем байлады,
Карап турган көпчүлүк,
Кандай укмуш ушу деп,
Көңүлдөрү сайлады.
Дейилде кымкап тондорду,
Төө үстүнө жапты го.
Уяттан кечкен бир катын,
Олжону кабат тапты го.
Таманы жазы күрөктөй,
Эки эмчегин караса,
Салынган toонун жүрөктөй.
Көгала чалган чачы бар,
Алтымыштын-элүүнүн
Арасында жашы бар.
Ноот көлдөй көздөнүп,
Оолуга басып бу капыр,
Майданга келет бу жакыр,
Жин тийгендей сөздөнүп,
Күйгөн токой каштанып,
Өрттөнгөн дөбө баштанып.
Эки көздүн чуңкуру,
Калга казган ороодой,
Муруну келген бородой,
Чылпагы көздүн шородой,
Буту бүтүн теректей,
Эки эмчектин үрүпү,
Алты казан аталыга,
Аз келүүчү челектей,
Чачын бууган жоолугу
Асабалуу желектей.
Эки ууртуна караса,
Чылгый кайыш чойгондой,
Эки бетин караса
Эки даңгыт тойгондой.
Басып калды балкылдап,
Мас болгон билдей шалкылдап.
Шапалактап такымын,
Уяты жок капырың,
Каратып туруп көзгө айтат,
Кошой менен Бакайды,
Буларды да мен өзүм,
Эч уялбайт бу бетим!
Коңурбай менен Манасты,
Аларды тапкам мен өзүм,
Түк уялбайт бу бетим!
Нечен албан дүйнөдө,
Эрди тапкан мен өзүм,
Нечен кылым жайнаган,
Элди тапкан мен өзүм,
Эч уялбайт бу бетим!
Жерди казып байлаган,
Буйласына оролуп,
Чечип жатыр эңкейип,
Төө буйласын алыптыр,
Мал алып жөнөп чыкканда,
Калмактар айгай салыптыр.

## ЭҢИШ

Көкөтөйдүн көк туусу,
Көтөрүлдү калкылдап
Ырамандын ырчы уулу,
Жар чакырды баркылдап.
«Калмак жактан бир баатыр,
Майданга эңиш салат деп,
Эңгени байге алат деп,
Эңилген куру калат деп,

Абакем Кошой айтты кеп,
Жардын сөзүн уккула,
Эки журттан эки дөө,
Аттанып майдан чыккыла,
Токсон кара, беш жүз кой,
Мөөрөйүнө сайылат,
Эсиңерге туткула»
Жарчынын жары токтолуп,
Ал аңгыча калмактан,
Кызыл чоктуу Нескара,
Нескара чыкты октолуп,
Чаптар күлүк аты бар,
Азыркысын Нескара,
Дажаалдайын заты бар,
Кандай баатыр болсо,
Алам деп ойлоп каркы бар.
Чаптар атты чуратып,
Тозонду тоодой буратып,
Букаранын ары жагы,
Чамбыл белдин бери жагы,
Орто Чаткал жердеген,
Ойротко намыс бербеген,
Жанагы бойдо бир кучак,
Буудайыктын Музбурчак,
Телкүрөң тулпар мойноткон,
Кеңешкен жоону сойлоткон,
Музбурчак чыкты камынып,
Ат менен экөө алышты,
Бирин-бири эңе албай,
Алтымыш кайра салышты.
Калмактын калкы күңүрөп,
Кара көчүп дүңгүрөп.
Ураан тартып турушту,
Аңдачы намыс жумушту.
Кыргыздын баары кыйкырып,
Кыраан элдер айкырып.
Кылымга дүйнө толушуп,
Эки дөө эңиш кылганда,
Кылымдын көөнү солушуп.
Күүгүм жетти күн кетти,
Эңишкен дөөлөр канетти,
Кармашкан жерден кюлуп,
Кара кочкул кан кетти,
Балбанды айрып коюуга,
Карыя Кошой чал кетти,
Ажыратып алганы,
Тепе-тең бөлүп байгени,
Абакеңиз Кошой дөө,
Колдоруна салганы.

## САЙЫШ

Көкөтөйдүн көк туусу,
Көтөрүлдү калкылдап,
Жайнап жаткан көпчүлүк
Атка минди шаркылдап.
Күлүктү тандап минишип,
Күрөөкө тондон кийишип,
Күчү менен тийишип,
Айтканына көнүшсүн,
Ажалдуусу өлүшсүн,
Найза колго алышсын,
Арага сайыш салышсын!
Кыргыз, калмак бу журттан,
Эрегишкен куу журттан,
Сайышка кыйын зардалдан,
Сайышканын алгандан,
Билеги жоон балбандан,

Билими артык зардалдан,
Кичик эмес, улуктан,
Кир болбогон тунуктан.
Баатырдан сайыш салышат,
Сайганы мөөрөй алышат,
Сайдырган куру калышат.
Тобурчак жүз ат байлатып,
Ага кошуп карадан,
Тогуз жүз жылкы айдатып,
Байгеде мындай ким болду,
Баарысы жылкы миң болду,
Алоокенин Коңурбай,
Намысты арбын кылыптыр,
Ачуусун бойго жыйыптыр,
Кагышууга Манаска,
Каргыш-антын кылыптыр,
Карк болоттон сооту,
Денеге араң сыйыптыр.
Муздай темир кийинип,
Сайыш десе сүйүнүп.
Бурама темир курчанып,
Каарданып сурданып,
Чарайна төшкө тартынып,
Чакчарылып Коңурбай,
Көп-көк темир артынып,
Көк күбө тонун жамынып,
Көсөл баатыр Коңурбай
Көк жолборстой чамынып,
Кындырдай болгон чоң кара ат,
Калмакча ээр жарагын,
Ачууланып ат минип,
Кылган ишин карагын,
Октой болгон Алгара,
Окторултуп бастырып,
Очогор мылтык асынып,
Көк найзаны колго алып,
Көркүн көргөн таң калып.
Кылычы белге кыңгырап,
Көк найза колдо зыңгырап.
Даярданып алыптыр,
Салышууга Манаска
Талап кылып калыптыр.
Жаалы катуу мыкты – деп,
Сайышка Коңур чыкты – деп.
Аралашкан адамдар,
Абаң Кошой анда бар,
Угуп Кошой алганы,
Терең ойго калганы.
Боз жорго ат менен теңселип,
Ак сакалы сеңселип,
Абакеңиз Кошой дөө,
Аралап атпай калмакты,
Азыр барган жери ошо.
Нар буурадай кеңгиреп,
Намыс үчүн зеңгиреп,
Турган экен Коңурбай,
Сайышты самап желбиреп.
Бүгүн кыргыз уулунун,
Баатыр менен балбаны
Баарысы жолдо калганы,
Баатыр Манас каңкорго,
Бабаң Кошой барганы.
Барган жерде кеп айтып,
Бабаң Кошой бек айтып,
«Балакет болду» – деп, айтып,
Ээ, кулунум, эр Манас,
Сөз тыңдагын сен, Манас,
Калмактардын Коңурбай,
Мээнет баскан чоң калдай,
Каары катуу чоң калдай
Намыстанып алыптыр,
Ачуусу келип калыптыр,

Каары катуу канкорум,
Калк чайкаган анткорум.
Карыса да карпаңдап,
Карт буурадай тартаңдап,
Мен түшпөсөм Коңурга,
Канкор баатыр элең го,
Сен түшпөсөң Коңурга,
Кандай адам бет алат,
Кан Коңурбай баатырга.
Кантесиң канкор баатыр» – деп.
Карыя Кошой айтты кеп.
Айтканын азыр угуптур,
Арстан Манас баатырдын,
Көзүнөн жалын чыгыптыр.
Айткан Кошой сөзүнөн,
Арстан Манас баатырдын,
Айбаты ашты өзүнөн:
«Кара жолтой мусулман,
Кадимден башсыз, бузулган.
Мурунтан бирөө кеп айтса,
Бу сайышка Коңурбай
«Түшөт экен» – деп, айтса
Байге албасам жок элем,
Омоктуу күлүк чоң Кула ат
Чаппай койбос ол белем,
Акылым дайра мол белем.
Андай болсо келгиниң,
Акылды узун кергиниң,
Мен минерге бир атты
Белендеп, аба, бергиниң!»
Берен эр айтып салганы.
Ат карады Кошой кан,
Карап турган канча жан.
Кыргызда болгон аттарды,
Абакеңиз эр Кошой,
Чубатуудан өткөрдү,
Өткөргөнүн көз көрдү.
Кан Көкчөнүн малы экен,
Кара төбөл жармаңдай,
Элим бийде бар экен.
Көчөгө муну салыптыр,
Көңкү журт карап калыптыр.
Көрө салып эр Кошой,
«Бери кел» – деп айтып калыптыр.
Бетине Сары барганы.
«Алымсарык сен деди,
Атыңдан түшүп кел деди,
Жаадай болгон Жармаңдай,
Сайышка балам бер» – деди.
Кара төбөл, Жармаңдай,
Кара саны тайгандай,
Бербеймин деп айта албай,
Кошойдун сөзүн кайтарбай.
Алымсарык иргилбей,
Атынан түшүп энтелеп,
Абакеси Кошойго,
Алып келди жетелеп.
Аккуланын чоң тердик,
Жармаңдай атка салганы,
Жаадай болгон союлгур
Комсоо келип калганы.
Асты жагы тердиктин
Шилиге кетип калганы,
Арка жагы тердиктин
Жамбашка жетип далбайып,
Чакан болуп калганы,
Дагы анын үстүнө
Ак каңкы ээр салганы.
Аккуланын жарагы,
Аңдап көрсө ал дагы
Куюшкан, олоң, басмайыл
Ар кайсысын кыскартып,

Эки карыш, төрт эли
Ар кайсысын тартылтып,
Куюндан бүткөн Жармаңдай
Кулактан жалын артылтып,
Ат жарагын келтирип,
Абыдан токуп болтуруп,
Кайратын бойго карк кылып,
Кабылан Манас олтуруп,
Кандагайды шымданып,
Кара боюн чыңданып,
Күрөөкө-соот кийинип,
Кайратын бойго жыйынып.
Туулга кийди башына,
Коңурбай, Манас сайышкан
Көкөтөйдүн ашында.
Алакан жайды буркурап,
Атпай кыргыз уругу,
Жер көчүрдү чуркурап,
Атка баатыр мингенде,
Арыштата бастырып,
Арстан эр жолго киргенде,
Ак жоолук байлап башына,
Арстан Бакай, эр Төштүк
Кошо чыкты кашына.
Бу Коңурбай чоң төрө,
Атпай калмак журтуна,
Ар кылган иши оң төрө.
Атка Коңур мингенде,
Калдай, жайсаң, солоондор,
Айгай салды чуркурап.
Атпай калмак буркурап.
Алтындан туулга жаркылдап,
Алгара ат менен алкылдап,
Адырайган чоң калча,
Найзада желек жалпылдап.
Майданга калча киргени,
Сандыргалуу Манастын,
Жармаңдай болуп мингени
Майданга кирип калганы,
Бирин бири көргөндө
Атка камчы салганы,
Чымырканып эки дөө
Маңдайлашып калганы.
Мелтиретип найзаны
Бет алышып калганы.
Асабасы желбиреп,
Найзанын учу мелтиреп,
Бөлөк жерин ташташып,
Оң көз менен сол көздүн,
Ойрон кылып жутмакка
Орто жерин тушташып,
Мелтирете тигилип,
Тулпардан тизе бүгүлүп,
Өлбөй бири калбас – деп,
Көргөндүн баары түңүлүп.
Шилтеген найза жетиптир,
Көздөрүн өлчөп нетиптир,
Туулганын катебин,
Катепке найза чак этип,
Жаактарын жанып өтүптүр,
Жаалданып эр Коңур,
Кыргыз жакка кетиптир,
Кабылан Манас ошондо,
Калмак жакка жетиптир.
Бура тартты бу жерден,
Түгү чыгып бетинен,
Кыргыздардын четинен.
Бура тартып эр Коңур,
Буластаган оңбогур,
Кара атка камчы салганы,
Кайра тартып каңкорго,
Качырып бу да калганы,

Кайраттансын төрө – деп,
Калмактар айгай салганы.
Жармаңдай атты чуратып,
Чаңды артынан буратып,
Мелтиретип найзаны,
Акыры эске келбеген,
Аманат кара бир жаны,
Каңкор шондо ойлонуп:
«Калмак ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Алтын ээр чети – деп,
Айбалка төштүн бети» – деп,
Өлчөдү Манас акыры.
А да кыйын баатыр ку,
Эр Коңурбай капыры:
«Ак каңкынын кашы – деп,
Нак жүрөктүн башы – деп,
Ажалдын жетер тушу – деп,
Найзадан өлөр ушу» – деп,
Качырып каршы жетишти,
Найза менен бир-бирин,
Аянбай коюп кетишти.
Шилтеди найза очоюп,
Астында минген аттары,
Олтурган иттей чочоюп,
Ат жалынан алышты,
Күч менен күрсү салышты,
Күркүрөшүп эки дөө,
Аман-эсен калышты.
Болотко болот чабылып,
Болгон жалын ширенди,
Оно бойго жабылып,
Көргөндүн көөнү жаңылып.
Кыябына иш келип,
Бир-бирине умтулуп,
Бир канча кылыч чабылып,
Кызыл жалын өрт болуп,
Кыйла жерге жагылып.
Айбалта колго алышып,
Орой төбө тушу – деп,
Оюлар бекен ушу – деп,
Жаалданып жетишти,
Оройго тартып кетишти.
Туулгасы көтөрүп,
Болотко болот тийгенде
Тутанып жалын өрттөнүп,
Турган журт карап көз көрүп
Алышууга жеткени,
«Андай жумуш эмес» – деп,
Аламан уруш эмес – деп,
Абасы Бакай, эр Төштүк
Арстан Манас баатырды
Коштоп чыкты кеткени.
Эр Коңурбай баатырды
Бозкертик менен Бороончу,
Коштоп чыкты акыры.
Өлчөөсүнө келишти,
Найза менен сайыш – деп,
Жана коё беришти.
Алтын ээр кашына,
Как жүрөктүн башына,
Коңурбай найза салганы.
Ээрден көчүк кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Манас араң токтолуп,
Эңгиреген Жармаңдай
Өтө түшүп октолуп,
Оңолуп баатыр алганы.
Кыйгап өтө бергенде
Кыл чач айдар ачылып,
Кулактан чачы ачылып,
Туулганын чети – деп,

Туура чыкты бети – деп,
Чылк темирден бөлүнүп,
Кулактын арка жагында,
Чыкчыты калды көрүнүп,
Жакасынан сооттун,
Артылта түшүп алганы,
Туулга этек жагынан,
Чыкыйга найза салганы.
Чыйраксынган Коңурбай
Алгара аттан ыргыды.
Коңурбай калды жыгылып,
Тозоңго башы тыгылып,
Чыкыйга найза сайылып,
Көк күбө тондун этеги
Көп жерге кетип жайылып,
Чыкыйдын каны куюлуп,
Чымырканган кайраты,
Бойдон тарап суюлуп,
Коңурбай жерге сойлоду,
Колдон кара ат ойноду,
Көөдөктүк кылып көк жал эр,
Коңурбайдын Алгара ат,
Коштоп алып койбоду.
Кыргыз айтып күркүрөп,
Айгай салып дүркүрөп,
Ураан тартып алышып,
Кыргыз элдин баатыры,
Жандап алып баатырды,
Колду айлантып салышып,
Төрт миң кара малдарын,
Карып-мискин алсын – деп,
Жана калган беш миңин
Калкка чачты баарысын.

## ЧАБЫЛГАН АТТАРДЫН КЕЛГЕНИ

Ары айдаган алты күн,
Арадан өткөн жети күн,
Элдин баары дегдешип,
Атка минди так бүгүн,
Бери келмек эки күн,
Беленденип так бу күн,
Арбып-дарбып дүрбөшүп,
Аттана көр, жүр! – дешип,
Дүркүн-дүркүн болушуп,
Дүнүйө жүзү толушуп,
Эл козголуп алыптыр.
Чаптардын бели былкылдап,
Жайнап жолго салыптыр.
Аттан баары кыдырып,
Кең Иленин суусунда,
Түз талаанын түзүндө,
Алды келип ушунда.
Кабыргасы как Кула,
Каса тулпар Аккула,
Кара тер басып камыгып,
Кара бою нымыгып,
Сөөгүнөн суу чыгып,
Таноосунан буу чыгып,
Өпкөдөгү канаты,
Өсүп жаны жазылып,
Туяк тийген жерлери,
Жер очоктой казылып.
Кара болот ооздук,
Жерди көздөй басылып,
Желдей учуп бүгүлүп,
Караанын көргөн кара журт,
Баш байгеден түңүлүп,

Жети аттын арка жагында,
Жетпей келген Аккула,
Жебе огундай кыркырап,
Үстүндөгү баланын,
Этек жеңи дыркырап
Ач буудандан өтсөм – деп,
Атка чукул жетсем – деп,
Көй күлүктөн чыксам – деп,
Көкөтөй туусун жыксам –деп,
Чалкуйрук чуркап алыптыр,
Жолойдун аты Ачбуудан,
Чаң илешпей калыптыр.
Ачбуудан келет аркырап,
Оозунан карандын,
Канды көбүк баркырап,
Туяктын тийген таштары,
Асманды көздөй чыркырап.
Бир күндүк тери калыптыр,
Билбестиктен дөө Жолой,
Тер албай байге салыптыр,
Коендой кулак жапырып,
Даңканын көккө сапырып,
Байгенин алдын талашып,
Чалкуйрукка жанашып,
Аркасынан карасаң,
Кер кабылан Кошойдун,
Ач маралдай бүгүлүп,
Ачкүсөндөй түйүлүп,
Арыштап чуркап алыптыр.
Мунун арка жагынан,
Будаңчаңдын Салкара,
Бу да келип калыптыр.
Мунун арка жагынан
Музбурчактын Телкүрөң,
Бу да келип калыптыр.
Аркасынан арыштап,
Аманат жанды карыштап,
Семиз чаап салыптыр,
Керкөкүлдүн Керкашка,
Келбети малдан бир башка,
Аркасынан караса,
Карачтын аты Жаркызыл,
Анын арка жагынан,
Алоокенин Наркызыл.
Көкчөнүн аты Көгала,
Көзүн жаштап үстүндө,
Чаап жүргөн шум бала,
Заяпкерсинип алыптыр,
Көбүрөөк байлап салыптыр,
Этинен оогон кези бар,
Атты чапкан бу бала
Арбыныраак эси бар.
«Өткөрө байлап салдым – деп,
Көкчөнүн тилин алам – деп,
Убалына калдым» – деп.
Катарында калбастан
Калкамандын Казкара,
Анын арка жагынан,
Султакандын Тазкара,
Чегиштин аты Сарала,
Агыштын аты Карала,
Көчпөстүн аты Чабдары,
Аркасынан калбастан,
Аркасынан чукулдап,
Бакайдын аты барганы.
Үмөттүн аты Жаркызыл,
Аркасынан калбастан,
Бакча бийдин Баркызыл,
Багыштын аты Суркийик,
Шыгайдын аты Акмоюн,
Көкөтөй ашында,
Кылымга болгон чоң оюн.

Аталабектин Акжамбаш,
Сынжыбектин Саркызыл,
Алтымыш атта байге бар,
Алганга сонун байда бар.
Эң аягы Кула бээ,
Эң жүгүрчү курган бээ,
Артынан ичмек түшүптүр,
Алсырап андан алыптыр,
Алтымыш болуп калыптыр.
Ашып өтүп Чабдарын,
Айдап калмак барларын,
Коңурбай байкап караса,
Астындагы Ачбуудан,
Артындагы Чалкуйрук.
Эликтей чуркап Чалкуйрук,
Эңкейиш жерде өтүптүр,
Өөдө жерде Ачбуудан,
Өкүм күлүк союлгур
Астына чыгып кетиптир.
Ал экөөнүн артынан
Эти кысып, абыдан,
Эми Кула ат жетиптир.
Эр Коңурбай башында,
Элүү жайсаң кашында.
Аккуланы жыгууга,
Аракет кылып калыптыр,
Эки жайсаң саптырып,
Тоздуруп жолун салыпытр.
Арстандын аты Аккула,
Абыдан кызып калыптыр,
Арышын керип чалыптыр.
Жол тозкон эки жайсаңдын,
Жуубай өтүп алыптыр.
Көрө салып Коңурбай,
Алгара менен чууратуп,
Артынан тозоң буратып,
Аялдабай жетсем деп,
Аккуланы оздурбай,
Омуроо менен урдуруп,
Ойрон кылып кетсем – деп,
Коңурбай жөнөп калыптыр,
Чаңга аралаш чапкылап,
Манас да жетип барыптыр:
Арчатору чуратып,
Артынан чаңы буратып.
Аккулага жетерде,
Алгара менен Коңурбай
Көмө коюп кетерде,
Чокусунда чогу бар,
Өзөк кылып салдырган
Көк коргошун огу бар,
Толгомолуу булдурсун,
Оң имерип алганы,
«Атымда доңуз, нең бар?» – деп,
Оройдон ары салганы.
Малакайдан чаң чыкты,
Жаак жарылды, кан чыкты,
Эстен танып эңгиреп,
Эрдемсиген Коңурбай,
Алгара жалын кучактап,
Акылдан танып зеңгиреп,
Аккула озуп кеткени,
Аттын баарын өткөрүп,
Алтымыш атты көз көрүп,
Арстан Манас баарысы,
Ак сакал Кошой карысы,
Баш байге кыргыздыкы – деп,
Башка элдин атын башкарып,
Байгенин баатыр камын жеп,
Келген атты тутууга,
Сак болгула ушуга,
Так алтымыш киши бар,

Арстан Манас баатырдын,
Калыстык кылмак иши бар.
Байгеден даек карма – деп,
Алтымыш киши коюптур,
Азыр да андай нуска бар,
Аты даек болуптур.
Аттардын баарын жоктотуп,
Ар кайсыга мал бөлүп,
Жүргөнүндө топтолуп,
Челек менен чарында,
Байге койгон баарына
Аттын ээси чапкылап,
Арстан эрди бошотпой,
Азапты алар салыптыр,
Айланышып аларга,
Кечигип баатыр калыптыр.
Эртеси жок кечинде,
Көз байланган кезинде,
Көсөл Манас барыптыр.
Үч-Булактын Кара-Суу,
Баш байгени байлатып,
Коюп кеткен жери бу.
Келип Манас караса,
Жыйырма чоро калыптыр,
Алардын бирин соо койбой,
Баш, көздөрүн жарыптыр.
Коңурбай менен чоң Жолой,
Байгени тартып алыптыр.
Манастын аты Аккула,
Менин атым Суркула,
Менин атым чыкты деп,
Көкөтөй туусун жыкты» – деп,
Жылас кылып жылдырып,
Калмак өкүм кылдырып,
Каардуу баатыр Коңурбай,
Кырымдын уулу Мырадыл,
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмактардын Ушаңы,
Кара жолдуу Бороончу,
Доңуз кыял чоң Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Төө айдатып боздотуп,
Койлорун айдап топтошуп,
Кишенетип жылкы айдап,
Кишилери айгайлап,
Тай, кулуну чуркурап,
Талаадан тозоң буркурап,
Уй айдашып мөөрөтүп,
Атыбыз чыгып алдык – деп,
Коңурбай, Жолой жөнөшүп,
Кыргыздарга бой бербей,
Көптүгүнө салганы,
Аккуланын байгесин,
Айдап сүрүп алганы.

# КАЛМАК МЕНЕН КЫРГЫЗДЫН КАГЫЛЫШЫ

## КЫРГЫЗДАРДЫН КЕҢЕШИ

Астындагы Аккула,
Экинчиси Чалкуйрук,
Үчүнчүсү Ачбуудан,
Көптүгүнө салышып,
Кыйгыйлап калмак мал кууган.
Озуп барган үч аттын,
Катар алып байгесин,
Атпай кыргыз журтунун,
Кетирдик деп айласын.
Сүргөн бойдон кетиптир,
Чегине эбак жетиптир.
Арстан Манас баатырдын,
Ооздон оту буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Кайраты кара түн болуп,
Качырап тиш үн болуп,
Бетинен чыккан ызгаары,
Беш байпактык жүн болуп.
Ак доолду карс коюп,
Ак келте мылтык тарс коюп.
Ак келте үнү чаңырды,
«Атпай журт азыр чогул» – деп,
Арстан Манас баатырдын,
Ач кыйкырык жаңырды,
Айгайын уккан атпай журт,
Ат-атына камынды.
Келди журттун баарысы,
Аксакал Кошой каарысы.
Эламандын Төштүгү.
Эштектерден Жамгырчы,
Казактардан Көкчөсү,
Кара жаак эр Үрбү,
Анжияндан Санжыбек,
Буудайыктын Музбурчак,
Агыш менен Кожошу,
Акбай менен Мамбети.
Эр Көккоён, султаны.
Жедигердин эр Багыш,
Эгиш, Чегиш эки дөө,
Баймырза менен Жанайы,
Баары келди калбастан,
Акылмандын далайы.
Көкмөктөрдүн кер Көкүл,
Карашактын Жүгөрү,
Арстан Манас астына,
Калкылдашып келгени.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргын чал баштап каарысы,
Кыраан Манас астына,
Кылкылдап келип калышты.
Көгала майдан шиберди,
Көңкүң мындай отур деп,
Көкжалың айтып жиберди.
Тегерек тартып тең болду,
Ортосу ачык кең болду,
Атпай кыргыз кеңешке,

Отурган жери шол болду.
Арстан Манас кеп айтат:
«Ой калайык деп айтат,
Калайык ук сөзүмдү,
Ачкыла теги көзүмдү,
Мен айтпаймын төгүндү.
Эсенкандын чапканын,
Эсебиңди тапканын,
Карылар көрдүң көз менен,
Көрбөсөңөр көз менен.
Көрбөсөңөр көрбөң,
Уктуңар айткан сөз менен.
Чачылган кыргыз жыйылып,
Азгана жыл болду го,
Көз жаштары тыйылып.
Ата конуш жер экен,
Кайтарып алдык калмактан,
Самаркан Анжиян, Алайда,
Асыла келген душмандан,
Катыгын берип колуна,
Алсыраттык далайды.
Катыла келген душманды,
Кылганын башка жеткирип,
Ичине салдык бушманды.
Ар качандан бир качан,
Калмактан чыккан канкорлор,
Атпай кыргыз элине,
Асылганын койбоду,
Ичип канга тойбоду.
Жоо көрбөстөн биз сыйлап,
Чакырдык ашка калмакты,
Сыйлаганды билбестен,
Салышты оор салмакты.
Ушул аштын үстүнө,
Кыргызды адам дебестен,
Бир кылбады үч кылды,
Кийинкисин үч кылды.
Коңурбай менен Жолойдун,
Аябай өттү зордугу,
Атпай журтум кулак сал,
Ашкере өттү зордугу,
Артыкча өттү мазагы.
Ашкере өттү азабы.
Жалтанган менен болобу,
Жалынсаң аман коёбу,
Намысың колдон кеткен соң,
Артында кыргыз оңобу!
Ачык болду кыргызга,
Алоокени Коңурбай,
Бир күнү чабуул коёру,
Билгенин анда кылуучу,
Так ушинтип турганда,
Далайда болор кыргызга,
Жатып тынч жай алуу,
Ар качандан бир качан,
Жамандын жаны аялуу.
Аябагын жаныңды,
Айткым келди баарыңды,
Аксакалдуу карыңды,
Колунан келсе Коңурбай,
Койбойт экен жаныңды!
Жүздөн алып нарыңды,
Жүдөтөт экен барыңды,
Кемпир менен чалыңды,
Кемшиңдетип ыйлатып,
Кейитет экен барыңды!
Туулмак бар өлмөк бар,
Жакшылык менен жамандык,
Учурунда көрмөк бар,
Бул аманат куу жанды,
Ажал келсе бермек бар.
Аттангандан тартынба,

Акыр заман журтуна,
Айтууга калсын артыңа!
Кас жоону сүрүп жапырган,
Каталдык кылган душмандын,
Кандарын суудай сапырган.
Тобокөлгө салалы,
Толкуган кошун алалы,
Зордукчу Коңур, Жолойго,
Токтолбостон баралы!
Илгери, кийин кылбайлы,
Итчилик кылып салбайлы,
Билден күчтүү Коңурду,
Адамдыктан тай кылган,
Жетип акыр камайлы.
Төбөсүнөн басалы,
Төрт түлүгүн чачалы,
Дөөгүрсүгөн Коңурдун,
Умачтай көзүн ачалы!
Нескара менен Жолойду,
Бороончу менен Мырадыл,
Бирин койбой оңдойлу,
Кара жерге сомдойлу!
Калдайларын какшатып,
Жайсаңдарын аксатып,
Солоондорун солотуп,
Тыйпыл кармап кыралы.
Журт тынчытпас бузукка,
Мындай бир ишти кылалы.
Өзүнүн калкын өксөттү,
Өкүмсүгөн доңуздар,
Тыңчылк бербей өгө эле,
Таманга салып тепсетип.
Жатып калсын жамысын,
Жетип ачып алалы,
Жанына жапаа салалы.
Алардан алган олжону,
Карып, жетим, тул катын,
Ортосуна салалы.
Көкөтөй аш тарасын,
Ашка келген калың эл,
Жай жайына карасын.
Жаккан отун өчүрүп,
Көкөтөйдун элдерин,
Аман-эсен көчүрүп.
Карып калган чалдарды,
Ойноодогу балдарды,
Аман сактап турууга,
Кокус душман кол салса,
Мойнун толгоп буруугa.
Кошунду болжоп таштайлы,
Компоңдогон душманга,
Бир күн токтоп турбастан,
Козголоңду баштайлы.
Баралыкпы жокпу дейм.
Бат айтыңар жоопту дейм».
Баатыр айтып турганы,
Баатырдын сөзүн укканда,
Колдун баары буркурап,
Койдой маарап чуркурап.
«Макул айтты Манас деп,
Айтып турган бу сөзү,
Баарыбызга бирдей эп.
Билип айтты Манас – деп,
Билип айткан бу сөзү,
Бирибизге эки эмес,
Баары бизге бирдей эп.
Душманга каршы барабыз,
Журт куруткан канкорго,
Тынчыбаган анткорго,
Тоо да болсо томкоруп,
Алма ордуна алабыз».

## КОЛДУН ЖӨНӨГӨНҮ

Эми Манас кеп айтат:
«Ой калайык деп-айтат.
Абакеси Кошой карыя,
Курдаш болгон абама,
Акылман Бакай ак жолтой,
Акылы терең дарыя.
Кол баштасын бул экөө,
Кагылбагын боз балдар,
Бул экөө колду баштаса,
Коркуу кирбес жүрөккө.
Алмамбет жолду баштасын,
Жол билген баатыр эмеспи,
Соңунан ээрчип калың кол,
Коркуу менен кооптон,
Эч убакта шашпасын.
Ушу сөзүм кылабы,
Айтыңар жооп,
Баарыңрга макулбу?!»
«Макул баатыр макул» – деп,
Баары журтка болду эп.
Кошой менен Бакайга,
Башкарууга кол берди,
Кол бергенин эл көрдү.
Алмамбетке жол берди,
Жол бергенин кол көрдү,
Элү башы, он башы,
Миң башы менен жүз башы,
Бөлүмгө баарысын,
Бөөдө сөздөн сүйлөтпөй,
Басыптыр колдун табышын.
Керней тартып бапылдап,
Сурнай тартып такылдап.
Туу көтөрүп калкылдап.
Туулга башка жаркылдап,
Тулпар аттар алкылдап,
Тулпарлардын туягы,
Жерге тийип тарсылдап.
Доол согуп күңгүрлөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрлөп.
Калдайдын кара талаада,
Казылган кара топурак,
Жол баштады Алмамбет,
Кара туусун көтөрүп,
Кол баштады Алмамбет.
Калмак элде туулуп,
Киндик каны жуулуп.
Жерин билген Алмамбет.
Уруу калмактын,
Бирин катаа кетирбей,
Элин билген Алмамбет.
Калың калмак элинин,
Сырын билген Алмамбет.
Түз жер, ой жер калтырбай,
Кырын билген Алмамбет,
Эсенкандын оболтон,
Чырын билген Алмамбет.
Калың кара көп колду,
Айдап жолго салыптыр,
Кароолчусун калмактын,
Байлап жолго салыптыр.
Кароолчунун малдарын,
Баарын колго алыптыр,
Баш көтөрбөй кароолчу,
Ар жактагы калмактын,
Сырларын айтып салыптыр.
Жолойдун жаткан жайлоосун,
Солоондун жаткан орунун,
Терип айтып бериптир,
Эл башкарган порумун.

## КАЛМАКТЫН ЖЕРИНИН КӨРҮНҮШҮ

Сандыргалуу Алмамбет,
Санаасында сансыз нээт.
Ала-Тоонун жыбытка,
Колдун баарын кондуруп,
Олжого түшкөн малдардан,
Семизинен сойдуруп.
От ордундай даңкандан,
Ар кошуна теп-тегиз,
Элүү, алтымыш койдуруп,
Колдун баарын оңдуруп.
Кадиктүү жолду чалдырып,
Калмактан кокус көрүнсө,
Өлтүрбөстөн житирбей,
Тирүү байлап алдырып.
Айкөл Манас ынакты,
Сыргак менен Чубакты,
Ээрчитип алып кашына,
«Көргөзөмүн жерди деп,
Көргөзгөн жерди жердеген,
Ар уругу калмак эли – деп,
Көргөзөмүн жайнаган,
Жерге сыйбас жандарды,
Ал жандарды бийлеген,
Толуп жаткан кандарды.
Ат минбеген жөөлөрдү,
Алпы менен дөөлөрдү».
Айтып сөзүн Алмамбет,
Азыр кайдан аянды.
Ойруп-сыйрып отуруп,
Тал-Чокуну таянды,
Тал-Чоку тоонун бийиги,
Оттоп жаткан боорунда,
Сан жетпеген кийиги.
Марал менен бугусу,
Өрүп жүрөт мунусу.
Аркар менен кулжасы,
Эчки менен текенин,
Сан жетпеген канчасы.
Токоюнда жер түрткөн,
Толуп жүргөн каманы,
Адам затка зыяндуу,
Толуп жаткан жаманы.
Илбирс менен чөөсү,
Жапайы өскөн төөсү.
Оболтодон бер жакка,
Адамды көрбөй өсүптүр,
Арстан болор булардан,
Аман-эсен өтүптүр,
Тал-Чокунун чокуга,
Арстан эрлер барыптыр,
Айландыра карашып,
Абыдан көзүн салыптыр.
«Эр Алмамбет кеп айтат,
Ээ, арстаным – деп айтат,
Айтып турган сөзүмдү,
Абыдан аңда – деп айтат.
Күн чыгыш жакты караган,
Айландыра санаган.
Көрүнгөндө көрүнгөн,
Көрүнбөсө көлөкө түшүп бөлүнгөн.
Эсенкандын эли ошол.
Каарына алганда,
Каптап кетер сел ошол.
Жетиген жагын карасаң,
Жеринин аты Чыякчаа,

Менин атам Соорөндүк,
Алган жери, эли ошо.
Андан мындай карасаң,
Тыргоотордун жери ошол.
Нескаранын эли ошол.
Андан бери карасаң,
Шибе деген эл ошол,
Бороончунун жери ошол,
Шакшелигин карасаң,
Каспаңдын Кара тоосу ошол,
Касташкан калмак жоосу ошол,
Этегинде каспаңдын,
Кан Коңурбай калчанын,
Жылкыларын сологон,
Аяк, башы ат чабым,
Карагайдын коосу ошол.
Андан төмөн жагында,
Кадуулап түшкөн жол ошол,
Кайнатып койгон шор ошол,
Кара калмак калкынан,
Кайнап жаткан кор ошол,
Кан Коңурбай зор ошол.
Кыялап түшкөн жол ошол,
Кылкылдап аккан сел ошол,
Кыр мурундуу кызыл көз,
Кыраан баатыр Коңурбай,
Кылымды бузган шер ошол.
Андан өтүп барганда,
Маңгуванын жери бар,
Сазаңшаң деген эли бар,
Сазаңшаңдын улугу,
Макал, Малгун эри бар.
Күрсүлөрү бир үйдөй,
Күчтүүнүн баары ошондо.
Басташканды бас кылып,
Алгандын баары ошондо,
Маңгуванын уругу,
Зардалдын баары ошондо.
Заман акыр душманга,
Салгандын баары ошондо.
Күн батыш жакка чегинде,
Өрмө-Тоонун бетинде,
Ак кулжа жаткан жери бар,
Куу өрдөк жаткан көлү бар,
Кырымдын уулу Мырадыл,
Кызы талак доңуздун,
Четки кароол жери бар.
Анын бери жагында,
Адыр-кудур көрүнгөн,
Ала-Тоодон бөлүнгөн,
Чардак деген жери ошол,
Ал Чардакты жердеген,
Кан Жолойдун эли ошол.
Терип айтып олтурган,
Жанында Алмаң мен ошол.
Шашкелиги жагында,
Кан уйгурдун жери бар,
Сан жетпеген эли бар.
Көөнө-Турпан белиң дейт,
Уюп жаткан шаары бар,
Ар балаанын баары бар.
Күн чыгыш жагын карасаң,
Көз учунда мунарык.
Көз жетпеген тунарык,
Ал экөөнүн арасы,
Анча-мынча бу жерден,
Көрүнүп турат карасы,
Бери жагында көрүнгөн,
Чыңшанын жазы талаасы,
Талаанын жайын айтайын:
«Ар бир урунт жеринде,
Көгөрүп жаткан көлү бар,

Дүйүм жыгач көбү бар.
Камыш, жекен, кайың, тал
Жерге буткөн кенинин,
Көптүгүнө айран кал.
Бири терек, бири тал,
Жыгачынын көркү ошол,
Бир теректе миң уя,
Чынарынын көркү ошол.
Канаттуудан канча бар,
Карагандар таң калар.
Ажыдаар-жыланы,
Анысын баян кылалы,
Адамды көрсө өлтүрөт,
Сан жетпеген куланы.
Кайыбы чөбүн жериген,
Баркын билген адамдар,
Кеткиси келген түнөгөн.
Сүзүп жаткан көлүндө,
Өрдөк, чүрөк, куусу бар,
Кыйкырганда турна,
Кыйгайлаган чуусу бар.
Суусунда балык кундузу,
Сонун экен мунусу.
Бу калмактын колунда,
Сонун жердин көбү бар.
Орхун дайра жери бар,
Анын ары жагында,
Уюуган калмак эли бар.
Көкө-Ноор көлү бар,
Гобий-Шомо чөлү бар.
Теңир-Ноор көлү бар,
Бегиш-Кердин чөлү бар.
Карагайлуу талаа бар,
Канча түрдүү балаа бар.
Чытырман токой чери бар,
Чылгый жолборс шери бар.
Айттым айкөл баатырым,
Атпай калмак элинин,
Албан түрлүү жумушун,
Жер сагынган курусун.
Сагынып калган экемин,
Киндик кан тамган жеримди,
Атпай калмак элимди!»
Эми Алмамбет кеп айтат,
«Эми туруп иш болбойт,
Кызы талак Жолойго,
Чабуул койбой – деп айтат.
Чабуулду мыктап коёлу,
Айбан кулду соо койбой,
Тескери сыйрып терисин,
Дүнүйөдөн жоёлу.
Ал сөздү айтып Алмамбет,
Арстан Манас баатырга,
Айтып турду албан кеп.

## ЖОЛОЙДУ ЧАПКАНЫ

Байгени сүрүп калмактар,
Кужулдашып калганы,
Илеге жакын барганы.
Тескей тоосу түгөнбөй,
Калтайга кирген учу бар,
Күнгөй тоосу түгөнүп,
Талаа болгон тушу бар,
Текестин суусу барыптыр,
Тегеренип бурулуп,
Тоо түгөнүп калыптыр.
Кундактын суусун бойлошуп,
Кутурушуп ойнотуп,
Кужулдаган калмактар,
Кутулдук деп ойлошуп.

Кара жашыл туу менен.
Жолой буйрук кеп айтып,
Солоонуна деп айтып,
Чанактагы айлымыды,
Тоодон түшүп алсын де,
Түзгө конуп калсын де,
Кан Коңурбай баатырдын
Астын тозуп калсын де.
Какайдан канча сойсун де,
Ак чучугун күрүчтөп,
Азыр кылып койсун де.
Аракты арбын тартсын де,
Коросон арак тарттырып
Кош атанга артсын де».
Чанактагы айылы,
Токтобой көчүп калыптыр,
Курдум суунун боюна,
Толо конуп алыптыр,
Кыргызды кыргын кылдык деп,
Кыйырына кабар салыптыр.
Кырк уруу калмак баары бар,
Ичинде кыйла кары бар.
Акылмандар кеп айтат:
«Ашыгып бекер эл көчү,
Арстан Манас бар болсо,
Алдырбайт эле» – деп айтат.
Кужулдашып калыптыр,
Айтканына түк болбой,
Эли бүтүн көчүптүр,
Жаккан оту өчүптүр.
Мал айдашып жайышып,
Байгени тартып алдык – деп,
Баатыр сынып калышып.
Оң тарабы түштүктө,
Оркойгон улуу тосу бар,
Миздей түзгө келгенде,
Артынан жетер жоосу бар.
Керней үнү бапылдап,
Сурнай үнү такылдып,
Асабалар жалыпылдап,
Алтындуу туулар жаркылдап,
Атылган мылтык тарсылдап,
Түмөндөгөн кыргыздар,
Түрүлүп келди артынан,
Кутулдук деп калганы,
Кутулдук деген кезинде,
Кудай уруп салганы.
Алты түмөн кыргыздар,
Аламан коюп калганы.
Чабуулду коюп ийгени,
Кыргыздардын баарысы,
Урушка баштап киргени.
Жабуу-жабуу-жабуу деп,
Жабуулаган калмагы,
Жабылып атын калганы,
Атка тердик салганы,
Чабуулга кирген кыргыздар,
Жайнап кирип барганы.
Ат мингени арбышып,
Айласын таппай дарбышып.
Калбаны кандай кылды – деп,
Калмакты кыргыз кырды – деп,
Кырк уруу кыргыз буркурап,
Кыргын кылып киргенде,
Кысылып калмак чуркурап,
Төшкө найза коюшуп,
Айбалталап солоондун,
Төбөлөрүн оюшуп.
Алыскысын найзалап,
Кайрына келген кай бирөөн,
Кылыч менен кайсалап.
Мылтык менен атышып,

Калмак менен кыргыздар,
Капталдан канга батышып,
Ажалдуудан жан чыгып,
Зуңкуйуп сулап жатышып.
Чоюнбаш оюп төбөсүн,
Сойлотту далай төрөсүн.
Өзүнө канжар салышып,
Өбөктөп жатып калышып,
Өлүп жаткан андан көп,
Өөдө төмөн жүгүрүп,
Жашынарга жер таппай,
Шашып жүргөн андан көп,
Мине качып атына,
Жетер адам жок болуп,
Бир-биринин датына,
Кужулдаган калмактар,
Качкындары тыгылып,
Курдум суунун чатына,
Сууга качып жетишип,
Чулп этип түшүп кетишип.
Кудукка түшүп кетишип,
Агып жаткан андан көп,
Аманат жанын корголоп,
Багып жаткан андан көп.
Чылбырын сүйрөп ат калды,
Шылкыйып ээси жатканы.
Төгүлгөн жерде кан калды,
Чөгүп кыйла жан калды.
Качканы качып кутулду,
Карарган малдын баарысы,
Кыргызга бүтүн тутулду,
Чылбырын сүйрөп ат жүрөт,
Чыр чыгарган эл билет.
Байгесин тартып алганы,
Көпсүнөм деп отуруп,
Балаага башы калганы.
Калың коштун баарысы,
Жолойго чабуул коюп калганы.
Колун артка калтырып,
Айбан чалыш чоң Жолой,
Өзү мурун барыптыр.
Катынын кашында,
Очогунун кашында,
От жактырып актанып,
Катынына мактанып.
«Кантейин кара журутту,
Калкты кууруп курутту.
Жазасын окуттум белем,
Канкор Манас бурутту.
Кетирди Манас айласын,
Буруттардын тап-такыр,
Келтирдим кыйла байдасын,
Алып келдик ал түгүл,
Аккуланын байгесин.
Кырк жигитин кыйраттым,
Кызыл канга бөлөдүм,
Кыйынсынган кыласын,
Койлорун айдап мааратып,
Койчуларын байлатып.
Уйларын айдап мөөрөтүп,
Уй караган уйчусун,
Уруп-согуп жөнөтүп.
Жылкысын сыйпай алганым,
Жылдырып жолго салганым.
Такалуудан тай койбой,
Тамгалуудан кой койбой,
Айдап келдик баарысын,
Таптым белем кызы талак,
Канкор Манас дарысын».
Иш ойлобой сактанып,
Олтуруп отко актанып,
Катынына мактанып.

Айтып көңул тындырып,
Айлын мүнтүп тундуруп.
Айылынан келип баарысы,
Жалпы келип олтурат,
Жашы менен карысы.
Акылман аяр катыны,
Анын аты Айыңкуу,
Акылынын ашыгы,
«Түпкө жеткен экенсиң,
Түгөнгүрдүн акыры!
Жамандайсың Манасты,
Жер жүзүндө алп-дөөлөр,
Манаска качан жанашты».
Бу сөзгө келип калганы,
«Таңдын көрү катынсың,
Ажылдаган капырсың»
Карагын сөздүн соңуна,
Камчысын алды колуна.
Катынды жонго салганы,
Кайкалактап катыны,
Качып чыкты акыры.
Колун коюп токтотуп,
Арстан Манас айкөлүң,
Үйүнүн турган тушунда,
Кебин угуп ушунда.
Катын качып чыкканда,
Айбалта менен бир салып,
Как ушу жерге жыкканы.
Жыгылды Жолой жер кучуп,
Акылы баштан чын учуп.
Ач албарс колго алганы,
Ала салып жатканда,
Башын чаап салганы.
Акты каны шаркырап,
Казандай көзү жаркырап.
Арстан Манас акырды,
Колду жүр – деп чакырды,
Ал Жолойдун айылын,
Асманга чаңын сапырды,
Ураан тартып буркурап,
Жар чакырып чуркурап,
Доол согуп карса-карс,
Мылтык атып тарса-тарс.
Солоон-жайсаң, калдайды,
Ар кайсы жерде барса-барс.
Колдун баары күңгүрөп,
Каптап кирди дүңгүрөп.
Баатыр Кошой бакырып,
Айгай салып акырып.
«Кылмышы жок калмакты,
Кырбагыла балдарым,
Кыйбагыла жандарын,
Бузуктарын кармап сой,
Тирүүлөй көзүн теш да ой»
Калдай, жайсаң, солоондун,
Бирин да аман койбоду,
Терисин сыйрып тескери,
Кара көзүн ойгону,
Мал, мүлктөрүн тып-тыйпыл,
Олжо кылып койгону,
Төрт түлүк малын Жолойдун,
Айдатып жыйып топтотуп,
Казына мүлктөн түк койбой,
Алды баарын копшотуп.
Күрөөдө толгон кечил бар,
Өлгөндөрдүн малдарын,
Тең жара бөлгөн кесир бар.
Жерге сыйбайт малдары,
Жатып жээр барлары.
Сандап жаткан кечилди,
Кырып ийди баарысын,
Таптырды кечил дарысын.

Олжо кылды малдарын,
Оңолбогон кечилдин,
Отко салды жандарын.
Ак асаба кызыл туу,
Айгайлаган улуу чуу,
Көк асаба кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу,
Зордукчулук иш кылып,
Жолойдун көргөн күнү бу.
Кара куйрук нарларын,
Айдап жүргөн андан көп.
Кажылдатып калдайдан,
Байлап жүргөн сандан көп,
Кызыл куйрук нарларын,
Айдап жүргон андан көп,
Кыжылдатып жайсаңдан,
Байлап жүргөн андан көп.
Миң дилделик торко алып,
Кийип жүргөн андан көп,
Миңден, саңдан жылкыны,
Тийип жүргөн сандан көп.
Минерине жого алып,
Минтип жүргөн андан көп,
Көмө салган жамбысын,
Тинтип жүргөн андан көп.
Буулум менен бутасын,
Бүктөп жүргөн андан көп,
Сандыктарын төөгө артып,
Жүктөп жүргөн андан көп.
Калдай, жайсаң, солоондон,
Калтырбай бирин сойдурду,
Калың элге кол салбай,
Аман эсен койдурду.
Мал баштары аман-соо,
Бири калбай кыйрады,
Эл куруткан бузук жоо,
Сандаган малдан союшуп,
Кошундун баары тоюшуп,
Олжого алган мал, мүлктү,
Чек арага айдатып,
Орундуу жерге жайлантып.
Каспаңда жаткан кан Коңур,
Каары катуу оңбогур.
Коңурбай жерин чалууга,
Эң оболуу Коңурдун,
Жылкысын сыйпап алууга,
Андан кийин токтобой,
Урушту катуу салууга.

## ЧАЛГЫН

Кан Коңурбай калчага,
Каарды катуу салууга,
Каспаңда жаткан жылкысын,
Калдайтып тийип алууга.
Чалгынды мыктап чалууга,
Чамасы келсе сан кара,
Саңдатып чогуу алууга.
Тандап минип күлүктү,
Коңурбайдай калчага,
Салмак болуп түлүктү,
Кылмак болуп бүлүктү.
Алмамбеттин мингени,
Жаадай болгон Сарала ат,
Жан жолдошу эр Сыргак.
Коштогону Алмаңдын,
Ажыйбайдын Карткүрөң,
Каарданып аттанды,
Кан Коңурбай калчага,
Баштамак болуп чоң дүрбөөн,
Алмамбет кайдан аянды,

Эки күнү жол жүрүп,
Боз-Уюк тоого таянды.
Эми Алмамбет ойлонуп,
Акыл ойлоп толгонуп.
Камбылдын кара суусуна,
Жай таштын байлап салганы.
Жайлап туруп калганы.
Тегерте терс окуп,
Тескери дуба нече окуп,
Калмакча кара дуба жат окуп,
Басылбастан бат окуп,
Бар түрдүү дуба жат окуп,
Тиктегенин көргөн кул,
Тилегин кудай берген кул,
Тирешкенин көмгөн кул,
Алмамбеттин өнөрү,
Артыктыгы мына бул.
Асмандан булут айланып,
Ачып көздү-жумганча,
Айдын көзү байланып,
Жылдыздын баары жабылды,
Жылгадан туман табылды.
Тоодон булут толгонуп,
Бөксөдөн булут бөлүнүп,
Кыбыладан күркүрөп,
Кызыл мунар көрүнүп,
Көнөктөгөн немедей
Көктөн көк кашка мөндүр
төгүлүп,
Арыктын баары жыгындап,
Аңдын баары тыгындап,
Асмандан алты сай мөндүр
шыбыргак,
Борошосу бургулап,
Адамдын башын көтөртпөй,
Аркы-терки ургулап,
Туурадан туман дүркүрөп,
Улуу тоосунун башынан,
Кара шамал күркүрөп,
Адамы менен айбандар
Аязына зиркиреп,
Алакең катуу кармады,
Алты күндүк жолуна
Аркы-терки кардады.
Алтымыш казык, жүз чынжыр,
Токсон баштуу жолум үй
Ар жеринен асылып,
Жылкычылар кармады.
Эшикке чыкпай зарыгып,
Эшикке чыккан адамдар,
Эки көзү карыгып.
Тоолорго толук кыш болду,
Жакага жалтаң муз болду,
Орундун баары сыз болду,
Ойдон кеткис иш болду,
Кетилип жука адамдар,
Кыңшылашып кыз болду.
Жылкычы башы Карагул,
Жалмаң-жалмаң жылынгыр.
Чоркун, Чыңгыл, Чабары,
Толук, Шыбан, Шабары,
Жылкычыга баш болгон,
Шибе элдин баңары.
Акыл кылып, кеп айтып,
Аксакалы Карагул,
Аяр кул экен мына бул:
«Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Күндүн кую бузулду,
Аңдап көрсөм ушуну,
Аркы-терки шыбыргак
Алмамбет жайы шекилдүү.
Ашыкпай турган Алмамбет,

Жай ташын суга байлачу,
Жадабастан жайлачу,
Кысылып тамам жылкысы,
Коңурдун шору кайначу.
Ала чаамал кулун бар,
Булардын баары кырылар,
Кар түшпөгөн жайлар бар,
Каран калган жылкыда
Кысырак кыйла тайлар бар,
Кырылып кетчү малдар бар.
Чөлгө жылкы салалы,
Чөңөрлүү түзгө баралы.
Ойго жылкы айдайлы,
Үшүнтүп көңүл жайлайлы»
Токсон баштуу жолум үй,
Баарын чечип бөктөрүп,
Бартал атка жүктөтүп,
Кара кумдай жайнатып,
Бир миң экен жылкычы,
Тоодон ойго айдатып,
Чөңөрүлүүчү оюна
Чөкмө тоонун боюна,
Бир чекесин жылкынын,
Каспаң тоонун оюна.
Жакага жылкы салганы,
Жайланып жатып калганы.
Жаадай Сарала ат менен,
Салып Алмаң барганы,
Жай ташын суудан алганы,
Күн чыгыштын сары жел
Зыркырап жөнөп калганы.
Чымын учту чыркырап,
Чымчык учту чуркурап,
Жерден булоо буркурап,
Сасык туман, жөө туман,
Тарады көккө быркырап.
Күн ачылып алыптыр,
Тоолордун башын курчаган,
Жөө туман туруп калыптыр,
Сайлар ылдый заркырап,
Сары жел жөнөп алыптыр.
Булуттан неме калбады,
Буркурап шамал айдады.
Тумандан неме калбады,
Туш-туштан шамал айдады.

## ЖЫЛКЫ ТИЙҮҮ

Эми Алмамбет кеп айтат,
«Айтып турган сөзүмдү,
Уга көр Сыргак деп айтат:
Үстүндөгү кийимиң,
Бирин койбой чечингин,
Ушу бүгүн Сыргагым,
Бул кийимден кечингин.
Калмакча кийим кийгиниң,
Айткан тилге киргиниң,
Бир ооз сөздү сүйлөбөй,
Дудук болуп жүргүнүң,
Сырттан Сыргак баатырың,
Малакай кийди башына,
Күрмө кийди үстүнө,
Бөктөрүнчүк куржундан,
Кандык күрмө, таажысын,
Алмамбет кийип алганы,
Карап туруп түрүнө,
Эр Сыргак айран калганы,
Күүгүм кирген убакта,
Жылкыны көздөй салганы.
Булардын келер жолунда,

Каспандын кара суусу бар,
Кара саат ушу бар.
Аргымак салса ойнобойт,
Кечүүдөн бөлөк жерине
Алты аркан салса бойлобойт.
Тообурчак салса ойнобойт,
Кечүүдөн бөлөк жерине,
Тогуз аркан бойлобойт.
Алмамбет токтоп калганы,
Караңгыда Алмамбет,
Кечүүнү байкап чалганы,
Шыта кечүү, таш кечүү,
Алмамбет билген маш кечүү,
Кечүүдөн кечип алганы,
Түмөндөп жаткан жылкыга,
Жакындап кирип барганы,
Каспаң тоонун оюнда,
Жекендүү көлдүн боюнда,
Коңурбайдын сан жылкы,
Жаткан экен быжылдап,
Кумурскадай кыжылдап.
Бир дүркүнү жылкынын,
Чыйырчыктай карала,
Бир түркүнү жылкынын,
Чыпка куйрук уя жал,
Баашайыдай сарала.
Кебежи курсак, кең соору,
Макмал жүндүн капкара,
Топ жазбаган тор ала,
Көгүчкөндөй көк ала.
Суксур моюн, кара жал,
Билериктүү сур жылкы,
Чөйчөк алган баарысы,
Минилбеген кур жылкы.
Чакан куйрук тайкы жал,
Чаарлары сан толгон,
Күн тийгендей жаркырап,
Сарысына көз тойгон,
Сопол куйрук, сом туяк,
Манаттай жерде бөлүнгөн,
Түрлөрү ачык көрүнгөн,
Буура көкүл, үкү аяк,
Чакай бозу эсеп жок,
Санатында кесеп жок,
Буурул, күрөң, торусу,
Санатына сан жетпей,
Ар кайсы түрү ар башка,
Аркар шыйрак, нар тамак,
Кер маралдай кер кашка,
Карагер менен чаптары,
Кара курттай кайнаган,
Кара талаа жайнаган,
Кучак куйрук, барак жал,
Кара кызыл, сары кызыл,
Ар кимиси сан толгон,
Карап туруп жылкыны,
Баатыр Сыргак таң болгон,
Алар антип турганда,
Түндүкчүнүн тор айгыр,
Тор айгырды мойнотуп,
Ок жыландай сойлотуп,
Арам өлгөн тору айгыр,
Ар качандан бир качан,
Аткан октой кетер – деп,
Ала качса кокустан,
Аныктап өлүм жетер – деп,
Алты карыш куржунга,
Толтура кумдан салынып,
Колдой көргүн акыр – деп,
Бурканына табынып.
Бүтүн жүрүш-турушу,
Аярлык экен жумушу.

Адам, айбан баарысын,
Көрө болсо самаган,
Баш аягын кынаган,
Алмамбет менен Сыргакты,
Көргөн жерде сынга алды.
Сынап туруп таң калды.
«Билегиң жоон таш жүрөк,
Душманга салган чоң дүмөк,
Бил мүчөөлүү бадырек,
Алгыр арстан жолборстой,
Алышкан аман болбостой,
Албарстан кылыч байланган,
Асмандагы булуттай,
Аркы-терки айланган,
Атышкан жоону жайлаган.
Алп мүчөлүү сен кимсиң?
Карап турган сен кимсиң?
Карагулдун түтүнүн,
Санап турган сен кимсиң?
Жулушканын алгандай
Журт бийлеген зардалдай,
Кармаганын катырган,
Каруу толук балбандай,
Сени мен калмакпы деп ишенип,
Кыла жаздым өзүмө,
Кыйшыктыгы көрүндү,
Жолдош болгон жигитиң,
Жоо көрүндү көзүмө.
Атынын мойну бир кулач,
Келиштирип ат минген,
Кең соорусу бир кучак,
Кара байыр тообурчак,
Качыргандан кайтпаган,
Каман сыны бар экен,
Касташканын бас кылып,
Алган сыны бар экен.
Ташты чапса кескендей,
Албарс сыны бар экен.
Кайсаганын чалгандай,
Жолборс сыны бар экен.
Сундуруп найза тартпаган,
Сурданып жоодон кайтпаган.
Адамга сырын айтпаган,
Атышкан жоодон кайтпаган,
Арыстан сыны көрүнөт.
Койгулашкан душманды,
Коёндой жерге жанчыган,
Комокойлуу сыр найза,
Уңгусун болот аштаган.
Сундурганын сулаткан,
Сайган жоосун ураткан,
Качырган жолборс сындаган,
Кас душманга чындаган.
Кайраты ашык мунуң ким?
Ашык көрдүм сынын мен,
Айтып берчи чынын сен».
Анда Алмамбет кеп айтат:
«Ой Абыгай – деп айтат.
Жакындабай неттиңиз,
Жарсып калган кейпиңиз.
Бурут кайда, эл кайда,
Менден буйташ не пайда.
Менин жайым айтайын,
Бороончу кандын иниси,
Иним эмей кимиси.
Ар качандан бир качан,
Жолду чардап жүрөмүн,
Жоо-жобуркап толкуса,
Жоболоң салып киремин.
Сандуу түмөн кол алып,
Биз жакты көздөй жол алып,
Алп Манас бурут келиптир,

Келген менен сазайын,
Макел дөө барып бериптир.
Манасты баштап союптур,
Тескери сыйрып терисин,
Кара көзүн оюптур.
Калгандары качыптыр,
Акылынан шашыптыр.
Коштоп бул күрөң,
Буруттан түшкөн ат экен,
Коштоп жүрүп нетейин,
Колум бошоп калганда,
Кайта коштоп кетейин».
Шыпырып алды жүгөндү.
Ар канча кыйын болсо да,
Акимсиген Карагул
Айласы эми түгөндү.
Түгөнбөсө неткени,
Желе басып Карткүрөң,
Жылмаңдаган союлгур,
Жылкыга кирип кеткени.
Жана Алмамбет кеп айтат:
«Жанымдагы бул жигит,
Анын жайын менден ук,
Баатырлыгы башкача,
Тубаса туулган бир дудук»
Карагул анда кеп айтат:
«Сүйүнчүлөп кеп айтсаң,
Сүрүлдү жоо – деп, айтсаң,
Баары текший бар атты,
Сүйнчүңө бермекмин,
Сексен кылдай кара атты.,
Кылган сонун ишим бар,
Каспаңдын кыйдам жагында,
Кырк миң үйлүү кишим бар.
Жакындан жакын көрмөкмүн,
Ошо кырк миң үйлүүнү
Кызматыңа бермекмин.
Али дагы кур болбой
Жөнөкөй аттан тогуз жүз,
Ошо кырк үйлүүдөн,
Эми балам күдөр үз»
Кутулуп менден кетсе – деп,
Кутургурга жакындап,
Чылбырга колум жетсе – деп,
Алмамбет барат жакындап,
Айтып сөзүн баркылдап.
Коё берсе Торайгыр,
Учканы туру закымдап.
«Абжордун бири көрүнөт,
Айта турган бу бир сөз,
Жаадай Сарала ат минген,
Сары алтындан тон кийген,
Санды түмөн кол болсо,
Жазганбай жоого бир тийген
Сандыргалуу сен жигит,
Жаалың катуу эр жигит,
Жакындаба өзүңүз,
Жалындуу турат көзүңүз,
Канкор бурут келди – деп,
Кабардарбыз өзүбүз.
Оройлук болот мунуңуз,
Ошо жерге туруңуз.
Дагы жайы-көйүңдү,
Жакшылардан угурбуз!»
Бу сөздү айтып Карагул,
Булуттай учкан Торайгыр,
Бучкакка камчы салганы.
Буркуратып тозоңду
Жөнөп кетип калганы.
Кулду кудай урду дейм,
Эми кууганда болбойт муну дейм,
Аныктап бизге ишенбей,

Азыр кетти Карагул,
Аярдын өзү мына бул.
Душман азыр келүүчү,
Тутанып өлгөн бу доңуз,
Туш-тушка кабар берүүчү,
Камданса балбан баатыры,
Кайгы салар акыры.
Сыргак сенден кем эмес
Карагулдун акылы».
Эми Алмамбет кеп айтат:
«Эми туруп иш болбойт,
Жылкы тийбей – деп айтат»
Болот учутуу сыр найза,
Булгап колго алганы,
Какканда доол күңгүрөп,
Түмөндөп жаткан көп жылкы,
Түп көтөрө дүңгүрөп,
Каспаң тоонун оюнда,
Кара суунун боюнда,
Аяк башы көз жетпей,
Аралда жаткан калың мал,
Алмамбет менен Сыргактын,
Баатырдыгын аңдап ал.
Бир миң экен жылкычы,
Үрккөнүндө жылкысы,
Жыргал күнгө батышкан,
Кайгысыз уктап жатышкан,
Жолум үйдөн дүргүшүп,
Аштан салды кылгандар,
Шымдарына чалынып,
Жерди сүзүп мүргүшүп,
Урушту ойлоп калышып,
Укурук колго алышып,
Укурук колдо орондоп,
Уйгу туйгу сорондоп,
Анталап алар жатканда,
Алектикке батканда,
Алмамбет сайып өтүптүр,
Аркасынан эр Сыргак,
Баштарын чаап кетип жүр,
Эр Сыргак сайып өтүп жүр,
Аркасынан Алмамбет,
Башын кагып кетип жүр,
Бирин да аман койбостон,
Жылкычыларды сойгону,
Кара көзүн ойгону,
Жылкыны баштап Карт күрөң,
Баатыр алмаң, эр Сыргак,
Бакырык салып чоң сүрөөн,
Эл коргону кыраандар,
Кас жоого салып чоң дүрбөөн.
Айгайды арбын салганы,
Баштап алып жылкыны,
Карткүрөң жолго салганы.
Артык аяр Карагул,
Абыдан душман мына бул.
Чылгый ичи от болуп,
Кайгысы ичке жык толуп.
Чаң созулуп буркурап,
Тай кулуну чуркурап,
Айдалып келет жылкысы.
Азыр келди Карагул,
Жылкыга айла кылгысы,
«Ай-ай, ай-ай, какай!» – деп,
Астынан кайра тоскону.
Тосконго болбой Карткүрөң,
Жылкыны баштап озгону,
Бир четин тоссо, бир чети,
Тосулбай жылкы да кетти.
Бир жагын тоссо, бир жагы,
Арт жагы селдей каптады,
Өлтүрөт экен тепсеп – деп,

Карагул чыга качканы.
«Бурутка коё бергенче,
Мунун баарын кырайын,
Кырып жаным тынайын!
Бир жоон топ жылкыны,
Жара тартып салганы,
Мал жарылып өлгөнү,
Өлгөнүн айбан билеби,
Арты каптап туш-туштан,
Алды-артынан жөнөдү.
«Аттигиңе ай дүнүйө,
Алиги келген бир жигит,
Алмамбеттин өзү экен,
Как караган көзү экен,
Мен Карагул шордуунун,
Кара баскан кези экен».
Карагулду көргөндө,
Качырып кирди камынып,
Арстан Алма султаның,
Ач арстандай чамынып,
Качып калды Карагул,
Катуу душман мына бул,
Түндүкчүнүн Торайгыр,
Түмөндөн чыккан зер айгыр,
Жел закымдай союлгур,
Желкайыптын баласы,
Ар чуркаса бир кадам,
Ашып кетип баратыр,
Кууп жүргөн Алмамбет,
Кузгун эле Карагул,
Кууган менен жеткирбей,
Торайгыр барат мына бул.
Каспаңдын Кара суусуна
Капталып келип калганы.
Как далынын бети - деп
Алмамбет найза салганы,
Сууга кирди Торайгыр,
Жылкыдан тулпар зор айгыр,
Суу ичинде Торайгыр
Сүзгөндөй болду бырылдап,
Доошу чыкты кырылдап,
Арам өлгөн Тору айгыр,
Суудан чыгып алганы,
Шыйрагы узун союлгур,
Карагулдай аярды,
Шыпырлтып салганы.
Сууда калды Карагул,
Суурулган бойдон Торуайгыр,
Жолго салды мына бул.
Арстан Алмаң султаның,
Жылкынын жүрдү артынан,
Шашкелик жолго буйдалды
Торайгырдын дартынан.
Ак доолду, карс коюп,
Аткылап мылтык, тарс коюп,
Алмамбет менен Сыргак,
Жылкы тийди ат коюп,
Бээлеринин баарысы,
Шыңкылдашып кишенеп,
Айгырлары азынап,
Аттар үркүп дабырап,
Аргымактар алкынып.
Буудандары булкунуп,
Жорголору бөжүшүп,
Бедөө тулпар мөңкүшүп,
Бет-бетинен жөңкүшүп,
Кулундары куюгуп,
Кунан, тайлар жарышып,
Куйругун сыртка салышып,
Аңгилери алышып,
Көксөө болгон карысы,
Дарттуулардын баарысы,

Аркасында калышып,
Сырттан Сыргак, Алмамбет,
Санат жеткис жылкыны,
Айдап сүрүп олтуруп,
Калган колго келишип,
Атпай колдун баарысы,
Келгенин көзү көрүшүп,
Четинен кармап союшуп.
Аппак майга тоюшуп,
Суудан чыгып алыптыр,
Тиштеп алып чылбырын,
Арам өлгөн Тору айгыр,
Сызып жолго салыптыр.
Чок-Табылгы жайлоодо,
Алгара тулпар байлоодо,
Түркүгү алтын чатырга,
Эр Коңурбай баатырга,
Арам өлгөн Торайгыр,
Тушуна барып турганы,
Чарадай болгон чоң туяк
Чапчып жерге урганы.
Уйкудагы чоң Коңур,
Коңуругун басыптыр,
Айтайын десе тили жок,
Айгыр жерди казыптыр.
Күрсүлдөп тушу казылып,
Коңурбай көзү ачылып,
Тышка чыгып караса,
Айландыра санаса,
Улутунуп Торайгыр
Турган экен тушунда.
Чамбылала чаң болуп,
Торайгыр келген ушунда.
Адамсыз көрдү айгырды,
Жолуң каткан буруттар
Алган экен жылкы – деп,
Эр Коңурбай кайгырды.
Очогорду октоду,
Акыл ойлоп токтоду.
Очогор үнү чаңырды,
Эр Коңурбай баатырдын,
Ач кыйкырык жаңырды,
Айгайын уккан адамдар,
Акылынан жаңылды,
Солоон менен жайсаңдар,
Азыр келип жабылды.
«Алыптыр бурут жылкыны,
Ачыптыр биздин уйкуну.
Аркасынан баралы,
Атаңа наалат бурутка,
Аябай кыргын салалы,
Кандарга кабар кылгыла,
Калтырбай баарын жыйгыла,
Солоон жайсаң ат минип,
Аялдабай бат минип,
Бүлүк түшүп калыптыр,
Аябаган эң катуу,
Түлүк түшүп калыптыр,
Ар тарапта хандарга,
Канатына кат байлап,
Учуруптур карганы,
Оболтон бери карата,
Таба келген арганы,
Каргадан кабар алыптыр,
Камданып кандар калыптыр.
Каарданып Коңурбай,
Бар жарагын байланып,
Жоо жарагын шайланып,
Көк күбөнү жамынып,
Көк арстандай чамынып.
Алгараны мингени,
Ок өтпөгөн көк күбө,

Үстүнө баса кийгени.
Көк найзаны колго алып,
Торала желек булгалап.
Көөкөр сындуу чоң күпсөр,
Ал жанында шаркылдап,
Көз айнеги балкылдап.
Булгаары өтүк, бурма бел,
Буруксуган чоң калча.
Кереге темир курчаган,
Келберсиген чоң калча.
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрүнгөндү жуткудай,
Көз үстүндө кара каш,
Бөктөргөлүү чапандай.
Кылагар көзүн кылайтып,
Кыл мурутун шыйпайтып,
Муруттары Коңурдун,
Айбалтанын сабындай,
Мурундары Коңурдун,
Селебенин кабындай,
Алтындан калган чоң канжа,
Алты карыш кам тамеки,
Жайма салып алганы,
Ачуусуна чыдабай,
Куркурата тартканы.
Түмөн кол келип камынды,
Ат-атына жабылды.
Токсон миң кошун толкуду,
Калмактын баары калкыды.
Алдары арбын күчтүүсү,
Найзасы болот учтуусу,
Кылычы болот курчтуусу.
Калканы болот дөөлөрү,
Ат көтөргүс жөөлөрү,
Аламандап жөнөдү.
Каардуу баатыр Коңурбай,
Кырымдын уулу Мырадыл,
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардын Тагылык,
Кайнап жаткан көп улук,
Токшукердин Бозкертик,
Судаң, Ачаң – эки дөө,
Ат минбеген алар жөө,
Азырлаган жер ошол,
Аламанды коюуга,
Аттанып чыккан жери ошол.
Желек туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй.
Асаба туудан бөлүнбөй,
Айдын жүзү көрүнбөй,
Күн көрүнбөй күгүмдөп,
Ай көрүнбөй бүлбүлдөп.
Желеги алтын туу болуп,
Жер жарылган чуу болуп.
Көк асаба туу болуп,
Көк жарылган чуу болуп.
Туусун тууга урунуп,
Асманга тозоң бурулдап,
Найзанын мизи жылтылдап,
Көпчүлүккө көз жетпей,
Жер союлуп былкылдап.
Кызы талак бурутту,
Түбүнө чейин түрөйүн,
Көй-Капка чейин сүрөйүн.
Босогосун кыйратып,
Боз уланын ыйлатып.
Босоголуу боз үйүн,
Боорго жаңсап жагайын,
Боз чалдыбар кылайын.
Керегесин кыйратып,

Келин, кызын ыйлатып.
Кейишке бүтүн салайын,
Кызы талак буруттун,
Бирин аман койбостон,
Кесип башын салайын!»
Ал сөздү айтып акырын,
Атпай калың колуна,
Каарын түйүп бакырып.
Таппады душман калың кол,
Кайнады толуп оңду-сол.
Базаң тоонун оюна,
Маралдуу-Суунун боюна,
Кыргыздардын көп колу,
Күтүп турган жолунда.
Базаң тоонун учунда,
Кыргыз, калмак эки кол,
Жердин бети жык толуп,
Маңдайлашты ушунда.
Эки кол каршы турушту,
Эрөөлгө чыгып эрендер,
Эки экиден урушту,
Кыргыз менен калмактан,
Карап турган канча жан,
Бүтүн устун жыгачка,
Үйдөй чоюн аштаган,
Кандай жанды чапса да,
Жерге кийирип таштаган,
Бир миң колду бир өзү,
Жан экен деп шашпаган.

## САЛГЫЛАШУУ

Бороончу чыкты токтолбой,
Кыргыз жактан бир баатыр,
Буга беттеп октолбой,
Майданда даңгар акырды,
«Баатыр балбан бар болсоң,
Кел бери» – деп чакырды.
Көтөн ооз көк бараң,
Атса өзүнчө замбирек,
Асынып алып бадирек,
Алеңир жаасы колунда,
Алтымыш кулач найзаны,
Алган кармап колуна.
Эки жүз батма оору,
Батырдын мындай доору.
Учун кайкы келтирген,
Урушканын өлтүргөн
Сабын болот чыгарган,
Заар менен суугарган,
Чапкан жоосу сулаган,
Узун кылыч байланып,
Каар жүзүнө айланып.
Минген аты Чамбылат,
Моюнунда жалы бар,
Болжолу жок мүчөсү,
Кыр сеңирдей шаңы бар.
Кутусун салып койнуна,
Асынып мылтык жонуна,
Карап тургун Даңгор дөө,
Кыла турган ойнуна,
Жаасынын жоондугу,
Чоң өгүздүн белиндей,
Оозунан чыккан илеби,
Улуу белдин желиндей,
Жоондугу найзанын,
Карагай устун бүтүндөй,
Астындагы Чамылат,
Ирмегени түшүндөй,
Ураанын бийикке салганы,

Уруп кеткен Бороон дөө,
Урушка кирип калганы.
Айгайын Кошой укканы,
«Эламан уулу Төштүксүң,
Эштек уулу Жамгырчы.
Айдаркандын Көкчөсү,
Атактуу баатыр Мамбетсиң,
Жакыптын уулу Манассың,
Жайыл баатыр чыкканга,
Жашынып кандай каласың!»
Муну айтып эр Кошой,
Айкырып айгай салганы,
Бар баатырлар чогулуп,
Арстан эрге барганы.
«Өлөмүн деген барбаса,
Өзгө киши не барсын,
Ажалы жеткен барбаса,
Асты киши барбайт го,
Эрөөлгө чыгып эрсинген,
Эгерде тирүү калбайт го!
Акылдан танып алдырып,
Атактуу баатыр баарысы,
Карап турду жалдырып,
Арстан баатыр жаш Сыргак,
Бели катуу Телкызыл,
Ээрин оңдоп токунуп.
Өз ичинде эр Сыргак,
Кайрат сөзүн окунуп.
Бар жаракты байланып,
Жоо жаркты жайланып,
Кара бүркөө булуттай,
Каар жүзүнө айланып.
Соот менен кыягын,
Бар жаракты кийинип:
Сонун көргөн сыягын.
Минди Сыргак атына,
Карап турса бу дагы,
Жан теңеле албай баркына.
Телкызыл минип болкоюп.
Ноокери бутта чойкоюп.
Белде кылыч кыңгырап.
Айбалта жанда шыңгырап,
Сыр найза колдо зыңгырап.
Алма жондо жаркырап,
Ак асаба сур желек,
Асабасы жалпылдап.
Майданга чыкты бакырып,
Кыргыздап ураан чакырып.
Жаадай болгон Телкызыл,
Атка камчы салганы,
Акырган бойдон эр Сыргак,
Качырып кирип барганы.
Астындагы Чамбылат,
Аябай камчы салганы,
Каарданып эр Бороон,
Качырып бу да калганы.
Калмак ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Тикирейтип тиктешип.
Эринин кесе тиштешип.
Атка кылып өкүмдү,
Айгайлашып жетишти,
Көргөн адам таң калар,
Көөдөнгө коюп кетишти.
Коюшканы кочкордой,
Кагышканы чочмордой,
Ошондо да эки дөө,
Ат үстүнөн козголбой.
Үзөңгүнү тирешип.
Күчтөрү эмей неткени,
Астындагы тулпарлар,
Сүрүлгөн бойдон артына,

Кере бута кеткени.
Сүрдүгө түшүп оңдонуп,
Тозоңго кирип жоголуп.
Аттарга камчы салышып,
Акырган бойдон барышып.
Найзаны төшкө сайышып,
Жеткен найзат чочоюп,
Найза төшкө тийгенде,
Астындагы тулпарлар,
Олтурган иттей очоюп.
Жал, тизгинден кармашып,
Жалдырашып карашып.
Астындагы аттары,
Багалчагы майышып,
Эки баатыр сайышып,
Карап турган адамдар,
Кабыргасы кайышып.
Көтөргөндө найзаны,
Көк чыбыктай майышып.
Камчы салды атына,
Кара санга батыра,
Калмактардан Бороон дөө,
Кабылан Сыргак болбосо,
Ким чыдайт анын дартына.
Өнөрүн жоого баштаган,
Үкөк деген жыгачка,
Өзү билип аштаган,
Үйдөй ташты бир чапса,
Үбөлөнтүп таштаган.
Күрсүнү күүлөп алганы,
Туйгун Сыргак баатырды,
Качырып башка салганы.
Тогуз кабат кылдырган,
Чапканда көңүл тындырган,
Айланасы төрт кулач,
Арстан Сыргак баатыры,
Калкан тозду акыры,
Күчтүү күрсү чабылды,
Калкан башка жабылды.
Калканга келип карс этип,
Сыртына күрсү чабылды,
Калкандын болот купасы,
Туулгага чабылды.
Калкандын сырты, карк болот,
Болотко болот чабылып,
Туш-тушуна ширеңди,
От төгүлдү жагылып,
Аны көргөн адамдар,
Аклынан жаңылып.
Күркүрөшү күн болуп,
Карарганы түн болуп,
Беттерине чырымтал,
Бери болсо капырай,
Беш байпактык жүн болуп.
Аман калып акыры,
Арстан Сыргак баатыры.
Эшик эндүү айбалта,
Имерип колго алганы,
Өтө берген Доңгорду,
Оройго туштап салганы.
Калканынын сыртына,
Катуурак эми чабылды,
Калмакатардын Доңгор дөө,
Акылынан жаңылды,
Ар тарапка жайнаган,
Шириндеси жабылды.
Оңоло түшүп бул Бороон,
Кылычын сууруп кыйкырып,
Эр Сыргакка келатыр.
Аны көрүп эр Сыргак,
Албарсты колго алганы,
Кыйкырышып бири-бирин,

Кылыч тозуп калганы.
Кылычка кылыч чабылып,
Кылычтын тийген мизинен,
Кып кызыл жалын чагылып.
Көргөндөр эстен жаңылып.
А да мылтык октоду,
Милтелерин чоктоду.
«Мергенсиген бу кулду,
Оң көзүнөн атайын,
Маарекеге батайын.
Оң көзүнөн оеюн,
Ошо жерде соёюн,
Ойрон кылып коёюн»
А да маша ирмеди,
Урушканга болгон маш,
Бул экөөнүн машасы,
Батаалашкан эмедей,
Казан чыкка киргени.
Көк бараң үнү күркүрөп,
Ак бараңдын доошу,
Уккандардын баарынын,
Тула бою дүркүрөп.
Мылтыктын үнү күр этип.
Ок ортодо сүрүшүп,
Ара жолго түшүшүп,
Жана дүрмөт салышты,
Жаалданып калышты.
Маңдайы деп, башы деп,
Ирмеп маша калышты,
Маша кошкон эмедей,
Маша тартып салышты.
Калкан жапкан бетине,
Туулганын четине,
Как коргошун жабышты,
Көрүп турган көңкү журт,
Өлөт го эми бирөө – деп,
Көңүлүнө алышты.
Көпчүлүк көзүн салышты,
Баштарында ок менен,
Бир-бирине акырып,
Ат коюшуп калашты,
Жаалданып экөө тең.
Айрып алсак экен – деп,
Калмактаардын элүүсү,
Ат коюушуп келишти,
Аларга көзүн салганы,
Кошой баштар жүз баатыр,
Коюшуп атты калганы,
Жүз кишиси жетер – деп,
Доңгоор баатыр бул дөөнү,
Өлтүрүп коюп кетер – деп,
Бүтүн колу ат койду,
Коңурбай баштап бат койду.
«Калмакты кудай урду – деп,
Каптагыла муну!» – деп.
Айгайды Бакай салганы,
Немеси калбай эки кол,
Ат коюушуп киргенде,
Дүнүйө жүзү бузулган.
Кап-карагы түн болду,
Тозоң басты чаң басты,
Бул кыргынды көргөндө,
Адамдын баары сандалды.
Асмандагы дөө, пери,
Айбатына таң калды.
Чактүш күнү, түн болду,
Асман жерге дүң болду,
Бири калмак, бири кыргыз,
Бри бирин көрбөс күн болду.
Айбалта башка шак этип.
Кыйкырып кылыч чабылып,
Кызыл кан бойго жабылып.

Көргөндөр эстен жаңылып,
Тозоңу тоодой бурулду,
Токмоктошуп бир-бирин,
Эки кол эпсиз урунду,
Чаң созулду асманга,
Табылбады чоло жер.
Ат аягын басканга,
Мылтыктан түтүн булады,
Мыкты кыйын сулады.
Туусу туудан бөлүнбөй,
Душман кайсы, эл кайсы,
Бир-бирине көрүнбөй,
Туу түбүнө турушту,
Туу такандап урушуп.
Колтуктан баары чоюлуп,
Колдун баары жоюлуп.
Канаттын баары кайрылып,
Чапандын баары айрылып.
Этектин көбү түгөнүп,
Ээрдин кашы үбөлүп.
Ээриндин баары кесилип,
Эмчектин баары эзилип.
Көздүн көбү тешилип,
Кол, аяктар кесилип.
Баштын көбү алжайып,
Өт айрылды жалжайып.
Баш, көзү кып-кызыл,
Оно бойлор кан жайып.
Колу сынып кокуйлап,
Тура албаган дагы бар,
Аягы сынып алсырап,
Башы айрылып кансырап,
Эли, жоосун биле албай,
Эстен танып тентиреп,
Элеңдеген дагы бар.
Бирөө кокус жетет – деп,
Кылыч мылтык бар жарак,
Белендеген дагы бар.
Чоюн баш тийип ууртуна,
Булчуйгандар дагы бар,
Айбалта тийип мурдуна,
Былчыйгандар дагы бар.
Кулагын кылыч шыпырып,
Молойгондор дагы бар,
Бая эртең менен өлүшүп,
Дени сууп каны агып,
Солойгондор дагы бар.
Кылыч тийип мойнуна,
Кан куюлуп койнуна,
Көтөрө албай баштарын,
Көздөн ирмеп жаштарын,
Жыгылгандар дагы бар.
Эбак өлүп жан чыгып,
Шылкыйгандар дагы бар.
Урушту көрүп таң калган,
Уюуган жерде кан калган.
Какырдуу жерден суу аккан,
Айгайлаган чуу аккан,
Калбады бирөө жан баккан.
Жазайылдан жаткырып,
Күлдүр мамай мылтыктын,
Туш-тушунан аттырып,
Башы боштон бир жан жок,
Кайра качкан тир жан жок,
Кабарышкан эки кол,
Карап бекер турган жок.
Шаркыраган кан чыгып,
Коркурай түшүп жан чыгып.
Азууларын аркайтып,
Астынкы эринин шалпайтып,
Кең сорусун даңкайтып,
Жолдо калган өлүктү,

Ат тебелеп жалпайтып.
Ат өлүгү андан көп,
Муруттарын чычайтып,
Ооздорун арсайтып,
Эр өлүгү андан көп.
Мылтыктарын кучактап,
Мергендер өлүп жатыптыр,
Найзаларын кармашып,
Эрлер өлүп жатыптыр.
Күрсүлөрүн жазданып,
Балбандар өлүп жатыптыр.
Таажылары башында,
Кандар өлүп жатыптыр,
Кара аламан көпчүлүк,
Салгылашып талаада,
Сандап өлүп жатыптыр.
Калкандар жатыр калкайып,
Калган экен кырылып,
Канча өлүк жатыр даңкайып.
Найзалар жатыр сулайып,
Азамат жатыр булайып.
Чылбырын сүйрөп ат жүрөт,
Шымдакчан басып эр жүрөт.
Жарасы бар, жаны аман,
Ошондо дагы ойлонот,
Арам заада көп жаман.
«Бу кыргын жанды алат го,
Ушүнтсөм жаным калат го»
Бул акылды ойдошуп,
Көп өлүктүн ичине,
Тирүү кирип сойлошуп.
Бир топ өлүк четинде,
Өзүнөн-өзү үңкүйүп,
Бир өлүктү солдойтуп,
Кармап алып бетине,
Калмак менен кыргыздар,
Карсылдашып кеткенде,
Мылтык атып баарысы,
Тарсылдашып кеткенде,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып өткөндө,
Кызы талакты кыйрат – деп,
Бирин-бири кыйкырып,
Кылчылдашып кеткенде,
Кыпкызыл кан боюнан,
Чыпылдашып өткөндө,
Дөбөлөнгөн өлүктү,
Тебелешип кеткенде,
Астында жаткан өлүктүн,
Аягы тийип көлүктүн,
Туяктын орду канталап,
Тура качып анталап,
Мөңкүп жүргөн андан көп,
Атты сайып алышып,
Аман-эсен калышып,
Кол ичинен ат кошпой,
Жүтүп жүргөн андан көп.
Күүгүм кирди күн кетип,
Калың черүү канетти,
Далай элден жан кетти,
Какыр ойбут жерлерден,
Суудай агып кан кетти.
Доңгор менен салышкан,
Сыргак баатыр канетти.
Колу кирип калган соң,
Бир-биринин башына,
Акыр заман салган соң,
Кырылып уруш салыптыр,
Кыраан Сыргак эр көөдөк,
Кылым журттан бөлүнүп,
Кыпкызыл кан төгүлүп,
Астындагы Сарала,

Камчыны катуу салганы,
Качырышып бир-бирин,
Каршылашып барганы,
Барып Сыргак баатырың,
Бел боодон бекем алганы,
Жерге уруп салганы,
Жерге тийип нан болду,
Тегереги кан болду.
Атын коштоп алыптыр,
Колун көздөй бет алып,
Кайра тартып калыптыр.
Кайра тартып караса,
Төрө Төштүк баатыры,
Соогат Сыргак соогат – деп,
Атын сурап алыптыр.
Тону менен жарагын,
Тоноду Төштүк карагын.
Кайта баштан баатырың,
Колго кирип калыптыр,
Чакыр-чукур сайышып,
Колу уруш салыптыр,
Астын-үстүн кыйратып,
Аралашып калыптыр.
Көлүктүн бети ийилген,
Көп-көк темир кийинген.
Кыйкырыгы баш жарып,
Эр Коңурбай бакырып,
Кыраан Манас баатырга,
Кыйкырып найза салганы,
Найзанын учун бек кармап,
Бура тартып Кула атын,
Күркүрөгөн Коңурдун,
Найзасын суурап алганы,
Султан эрдин колуна,
Найза кетип калганы.
Найзасына каралап,
Артынан жөнөп калыптыр,
Аралашкан урушту,
Аңдабай кирип барыптыр.
Кыйрашкан кыргыз колу экен,
Кыраан Алмаң ол экен.
Капталдан Алмаң жеткени,
Качырып найза неткени.
Жаадай кара ат үстүнөн,
Жагалданган Коңурбай,
Жалп этип кулап кетээрде,
Алты сан солоон, миң калдай,
Айкырышып жеткени,
Жөлөп-таяп Коңурду,
Куткарып алып кеткени,
Айгай салып акырып,
Төшкур деген бир балбан,
Колго кирди бакырып,
Бир жагы калмак бөлүндү,
Каңгайлап ураан чакырып,
Бөлүнүп көзгө көрүндү.
Күндөй болуп күркүрөп,
Төш таянып дүркүрөп.
Эки кол эки бөлүндү,
Эрлердин каны төгүлдү,
Элин байкап караса,
Жайнап жаткан өлүктөр,
Жуушаган койдой көрүндү,
Ок, кылычтан найзадан,
Окус өлгөн көлүгү,
Үстү-үстүнө жыгылган,
Үйүлгөн таштай көрүндү.
Кан агыптыр сел болуп,
Ат өлүгү аралаш,
Кырылган экен жер толуп.
Көл чети болду кызыл кан,
Көп кырылды канча жан,

Көлдөн адам суу ичпей,
Көргөн адам болгон таң.
Көп кырылган кыргызын,
Карап көрсө капырай,
Калмактан канча баатыр ай,
Өлүгүнө сан жетпей,
Жер кучактап жатыр ай.
Эки кол кайта ат койду,
Арбып-дарбып толкундап,
Аялдабай бат койду,
Арстан Манас айкөлүң,
Кырк чоросу дүркүрөп,
Кыргын чалы күркүрөп,
Эламандын эр Төштүк,
Эштектердин Жамгырчы,
Айдаркандын Көкчөсү.
Кара жаак эр Үрбү,
Анжияндын Сынжыбек,
Будайыктын Музбурчак,
Кыргыздан чыккан кыраандар,
Айкырык үнү таш жарып,
Кыйкырык үнү баш жарып,
Каптап кайта кирişти,
Катуулап уруш кылышты,
Арстан Манас айкөлүң,
Ак доолду карс коюп,
Аккелте мылтык тарс коюп,
Арстан Манас акырып,
Кошуунду көздөй бет алды,
Айгай салып бакырып,
Кыйкырып төрө качырса,
Кылычынын мизинде,
Карк душмандын каны бар,
Найзасынын учунда,
Жүрөт кошо айбаты,
Жүз кишинин жаны бар,
Жеке башы баатырдын
Жети миң колдой шаңы бар.
Бет алдына караса,
Ажыдаар түгү бар,
Аз болгондо кийгени
Кара лөктүн жүгү бар,
Өлөмүн деген турбаса,
Өзгө бенде ким турсун,
Ажал жеткен турбаса,
Асылы адам тургусуз.
Алтымыш кулач найзаны,
Карылыктап алыптыр,
Ажыдаар-жыланы
Артынан сойлоп калыптыр,
Көсөө куйрук көк бөрү,
Көк жал эрдин жөкөрү
Артынан ээрчип алыптыр.
Алп кара куш арбайтып,
Асмандан бутун салыптыр,
Көк ала кулжа болуптур,
Артынан даңкан коюптур,
Кара чаар жолборсу,
Канкор эрдин жолдошу.
Айбаты башка көрүнүп,
Асманга тозоң бөлүнүп,
Аккула ат менен чуратып,
Айкырып төрө киргенде
Калмактын чети сөгүлүп,
Аккула менен чуратып,
Астына каршы келгенди,
Ак найза менен сулатып,
Алыскысын найзалап,
Жакыныраак келгенин,
Ачалбарс менен кайсалап,
Оң көзүнөн от чыгып,
Илебинен оп чыгып,

Сол көзүнөн чок чыгып,
Аккелтеден ок чыгып,
Аткан мылтык Аккелте
Ыраакы-жакын ылгабас,
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү ыспан,
Кароолу дажаал, огу ажал,
Аккелте үнү күркүрөп,
Айкырып төрө киргенде
Качты калмак дүркүрөп,
Ат соорусун салганы,
Каптап кыргыз киргенде,
Темири кулач сыр найза,
Теминип кирген баатырлар,
Теше сайып мылгытып,
Тебетей сайган немедей,
Тегеретип ыргытып.
Боло албады калмактар,
Кайрат кылып турушу,
Кандары жерге төгүлүп,
Катаасыз бүттү жумушу.
Өлүгүнө карабай,
Качты калмак акыры,
Урушууга жарабай.
Канча да болсо жан татты,
Заркыратып жаа тартты,
Тарсылдатып ок атты.
Кылкандай найза жапырып,
Киргенинде качырып
Тозоңун тоодой сапырып,
Тоз-тоз кылып качырып,
Тополоң уруш салганы,
Токтоло албай калмактар,
Созулуп качып калганы.
Кыргыздардын баарысы,
Кайрат сөздөн сөздөптүр,
Баатыр Манас ошондо,
Башкасына карабай,
Коңурбайды көздөптүр,
Кабылан Манас баатырың,
Коңурбайды бет алып,
Качырганда акыры,
Башында калбай акылы,
Астындагы Алгара,
Атка камчы салганы,
Эсенкан көздөй бет алып,
Кашкая качып калганы.
Темир кулач сыр найза,
Теминип кирген баатырлар,
Теше сайып мылтыгын,
Тебетей сайган эмедей,
Чагалатып калмакты,
Тегеретип ыргытып,
Кандары жерге төгүлүп,
Жер кучактап бүгүлүп,
Арстан Манас баатыры
«Арбак урган бу доңуз,
Кайрат кылып беттешпей,
Качты го» – деп акыры,
Астындагы Аккула
Этине келген как Кула,
Омурткасы ор Кула,
Ойроттон озгон чоң Кула,
Багалчагы малынып,
Маралдай төшү салынып,
Куюшкандык узарып,
Куюндан бүткөн союлгур,
Кулжадай көзү кызарып,
Аркан бою түйүлүп,
Аягы жерге тийгенде
Аккүбө чаңы күбүлүп,
Төрт аяктап, тик түшүп,

Басып кеткен жеринен
Казандай ташка жик түшүп,
Элик сындуу Алгара,
Экинчи жерди бастырбай,
Эркин тулпар кара аттын,
Кең колтугун жаздырбай,
Аккула менен чуратып,
Артынан чаңын буратып,
Арстаның Манас тез жетти,
Найзанын учу кез жетти,
Коңурбайдан эс кетти.
Алтын кемер чети – деп,
Айдалынын бети – деп,
«Кууланат элең Коңурбай,
Куп ажал сага жетти» – деп,
Найзаны баатыр бек сайды,
Алдым го эми! – деп, сайды,
Оболу эле оёнду
Ээрден ооп кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Аттын кетти мойнуна,
Аңдап көргүн арстандын,
Коңурга кылган ойнуна,
Аркадан аккан кызыл кан,
Жыпжылуу кирди койнуна.
Чарайнасы чатырап,
Жарылып кетип быркырап,
Чачылуу кара түнөккө
Камчы саптай кара кан,
Жаба коюп шыркырап,
Шайманы анык кеткени,
Шайманы бар кезинде,
Эсенкандын ордого,
Барып Коңур жеткени.
Арам өлгөн Алгара ат,
Адат кылган муруntan,
Алтымыш бакса дубалдан,
Арыштап чурап кеткени.
Баксасын кара таш кылган,
Каран калган Кара атты,
Тай чагында маш кылган,
Бир бакса дубал өндүргөн,
Кайра-кайра чуркатып,
Миң аттатып көндүргөн,
Эртеңки күнү дагы да
Эки бакса өндүргөн,
Эки аттатып көндүргөн,
Үчүнчү күндө үч бакса,
Көнөт экен мал бакса,
Атырылтып октолткон,
Антип жүрүп каранды
Алтымыш бакса токтолткон.
Артынан чаңы бурады,
Алмак үчүн Коңурду,
Арстан Манас баатырың,
Кайратын мыктап чыңады.
Арам өлгөн Алгара,
Алтымыш бакса дубалдан
Аял кылбай чурады.
Өлчөп чураар жери бар,
Баштатадан көнбөгөн,
Баатырдын аты Аккула,
Токтоп калган чени бар.
Жазайылдын тобундай,
Замбиректин огундай,
Алгара чуркап алыптыр,
Кызыган жерде чыгуучу,
Капталынан кара аттын
Кара жору куш өңдүү,
Канат чыгып ушу өңдүү,
Күркүрөп учуп кетти эми,
Каран калган кара аттын,

Тулпарлык эмей неткени,
Эс алып Коңур кеп айтат:
«Калдай, солоон, жайсаңдар,
Уккула сөзүм – деп айтат.
Эсен тапсын айласын,
Издесин жандын айласын,
Азыркы адам баласы,
Табар эмес дабасын
Кырылбайлы бөп-бөөдө,
Кай баатырдан кем элем!
Каптап келген кыргыздын,
Алдынан торуп тородум,
Торогон менен чарк келбей,
Кыргын таап кородум,
Калмактан чыккан баатырлар,
Жетире келген буруттун,
Желдетине тең эмес,
Адам өлчөөр неме эмес,
Көлүктүн бели ийилген,
Көпкөк темир кийинген
Көсөмдүн баары мында экен.
Жан чыкканда жаткандай,
Ажалы жетип калбаса,
Алышам деген душмандын,
Абыдан шору каткандай.
Солго айлантаар оңоңду,
Өлтүргөндөн калганын
Тоздуруп коёр чоңуңду.
Дүнүйөгө байланып,
Омбутуп турган буруттар,
Дүнүйөгө калсын айланып,
Калмактан чыккан чоң Жолой,
Каарданган буруттар,
Кайсамына келтирбей,
Жайлап койду оп оңой,
Кара жалдуу Бороончу,
Кара болот темирди,
Каршы терши орунчу.
Кабылан Сыргак жаш бала,
Кайсооруна келтирбей,
Бороончуну жайлады,
Кара жерди майлады,
Туруштук бербей бурутка,
Калмактын колу сайлады,
Каптап бурут киргенде,
Табалбадым айламды,
Эсенканга эп болсо,
Коңурбай айткан кеп болсо,
Алда канча дүйнөнү,
Атандарга арталы,
Бурулчаны баш кылып,
Алдынан тартуу тарталы,
Бурулчанын өзү бар,
Алмамбеттке беттешип,
Өлбөсөм сага барам – деп,
Убада кылган сөзү бар.
Калдайдын кызы Бирмыскал,
Самайт экен Чубакты,
Аша баатыр чунакты.

## БҮТҮМ

Коңурбай айткан көп сөздү,
Акылга сыйчу төп сөздү,
Эсенкан укту элейип,
Калдай, солоон, жайсаңдар,
Эсинен танып селейип,
Тактуулар далдайып,
Тажылуулар шалдайып,
Урматтуулар умпайып,

Улуктар баары сымсайып,
Аянбас болду малдарын,
Алтын күмүш зарларын
Тогуз миң кара нар кылды,
Нар үстүнө артканы,
Алтын, күмуш зар кылды,
Баары нардын үстүнө,
Жибектен аркан тарттырып,
Асылдан килем жаптырып,
Тогуз миң бирдей кара атты
Сынчылары жаратты.
Тогуз миң байлап сары атты,
Тогуз миң байлап тору атты,
Чапса күлүк, минсе бөрк,
Келишимдүү кур атты,
Тогуз миң байлап куланы,
Тозоңу тоодой бурады.
Тогуз миң байлап боз атты,
Баш, аягы барысы,
Токсон миң жылкы узатты.
Калмак каратып,
Кара чачы кундуздай,
Тал жибектей таратып,
Акак тиштүү, кыйгач каш,
Өрдөк моюн, түймө баш,
Орто бойлуу, он беш жаш,
Добул колдуу, колоң чач,
Кош каркыра, керме каш,
Бурулча менен Бирмыскал,
Эки кызды баш кылып,
Тогуз миң сулуу кыз алып,
Тобунан чыккан уз алып,
Атпай кыргыз колунан,
Алдына тартуу келгени.
Келгенин анык көргөнү,
Алооке баштык карысы.
Алдына келди жыгылып,
Атпай калмак калкында,
Акылмандын баарысы,
Мурункудан калган кеп
Тийсин найза, сынсын – деп,
«Душман да болсо жыгылса
Кордобо, көөнү тынсын» – деп,
Кошой, Бакай карысы,
Атпай кыргыз баарысы.
Эламандын Төштүгү,
Эштектердин Жамгырчы,
Казактардын Көкчөсү,
Кара жаак эр Үрбү,
Анжияндан Сынжыбек,
Будайыктын Музбурчак,
Агыш менен Кожошу,
Акбай менен Мамбети,
Эр Көккоён султаны,
Көкмөктөрдүн Керкөкүл,
Көчпөс уулу эр Жанай,
Баймырза менен Жүгөрү,
Карыя Кошой кеп айтат:
«Алдыга келген тартууну,
Баарыңарга эп болсо,
Бабаң айткан кеп болсо,
Кылалы кабыл – деп айтат,
Алдыңа келсе акыр – деп,
Атаңдын куну болсо да,
Кечип жибер такыр – деп,
Өткөн ата-бабадан,
Айтылып келген бу бир кеп.
Калмак деген кандуу журт,
Качантан берки камдуу журт,
Калайык менин сөзүм ук!»
Карыя Кошой айтканы,
Калың кыргыз баарына,

Каблан Манас баатырга,
Эби калып калганы,
Эртегинин сөздөрүн,
Эстерине алганы,
Калмак кыргыз баш кошуп,
Ортого кепти салышты,
Алып келген тартууну,
Кабыл кылып алышты,
Өздөрү каалап келген соң,
Бурулча менен Бирмыскал,
Эки кызды алганы,
Тогуз миң кызды кайтарып,
Колуна кайта салганы,
Жоолуктун баарын жоюшуп,
Убадалуу сөздөрүн,
Ортого салып коюшуп.
Тынч жаталы эми – деп,
Эл тынчысын теги – деп,
Малдар жушап калышсын,
Балдар уктап жатышсын.
Катчыга катын жаздырып,
Аягына катынын,
Калдайта мөөрлөр бастырып,
Даңсаларга тапшырып,

## КОҢУРБАЙДЫН ЧАБУУЛУ

Тубарды туура бүктөшүп,
Тогуз миң төөгө жүктөшүп.
Каканы кайра бүктөшүп,
Кара лөккө жүктөшүп,
Кыргыздар тартуу мал алды,
Калмак, кыргыз элдешип,
Жай жайына таралды,
Тополоңду салыптыр,
Салгылашкан учурда,
Атпай кыргыз колунан,
Тогуз миңдей кишилер,
Сойлоп өлүп калыптыр,
Карк үч айга толгондо,
Кайра тартып калышты,
Азгана эмес мол жүрүп,
Арада айлап жол жүрүп,
Кайта келди элине,
Туулуп өскөн жерине,
Душмандын изин майтарып,
Атпай кыргыз уруусун,
Асылган жоодон кайтарып.
Турган экен эр Манас.

## КОҢУРБАЙДЫН КАМЫНГАНЫ

Калмак, кыргыз эки журт,
Бүтүм кылып тарашып,
Эл арасы тынч болуп,
Жай-жайына карашып
Баштагы кетти таштаашып,
Журтчулукту башташып,
Кыраан Манас кабылан,
Кошумду жоону колотуп,
Өзү колду салганда,
Кан Жолойду сойлотуп,
Коңурбай мизин майтарып,
Атпай жаткан кыргызды,
Алдырбай жоого кайтарып,
Калмак, кыргыз ортосу,

Тынчтанып калды эми – деп.
Кара нээт Коңурбай,
Катыла койбойт эми – деп,
Жатып калган тушунда,
Антип-минтип арадан,
Өтүптүр он жыл ушунда,
Кара нээт Коңурбай,
Ар качандан бир качан,
Ойлогондон кайтпаган,
Ичи арам доңуздай,
Кайта баштан кол салып,
Кыргызга кыргын салууга,
Кылайтпай кегин алууга,
«Аты Манас болгону,
Атпай калмак оңбоду,
Баатыр Жолой балбаны,
Кара калмак журтунун,
Баштатан чыкты дал-далы,
Башын кошкон кыргыздын,
Баатыр Манас зардалы,
Болбой калбай айтканы,
Мындан барып кошулду,
Соорөндүктүн шайтаны.
Кыргыз менен казагын,
Колуна берип азабын,
Тундура чаап көч алып,
Ушунетип өч алып,
Кытайлардан Коңурбай,
Кырымдын уулу Мурадил,
Кызыл чоктуу Незкара,
Калмактардын Ушаңы,
Токшукердин Бозкертик,
Чогулуп алып чоңдору,
Чоң масилет болгону.
Билеги жоон балбандан,
Миңди бирөө алгандан,
Маңдайы ачык баатырдан
Калмакта бардыр канча жан,
Айландырган акылман,
Өлүмдү билбес өжөрдөн,
Тилге жүйрүк чеченден,
Сезбей турган себилден,
Сексен уруу элинен.
Кошуунду арбын жыялык,
Буруттун демин тыялык!
Баса барып Таласка,
Ойрон салып Манаска,
Чарпышып көрсөк канетет,
Эмерегин эңшерип,
Артышып көрсөк канетет.
Жүктөп алып өлүүсүн,
Жүдөтө чаап өрүүсүн,
Көсөп чаап чантуунун
Көчүн алсак канетет,
Көмкөрүлтүп кыйратып,
Өчтү алсак канетет.
Боорун жарып кыргыздын,
Өтүн алсак канетет,

## КОЛДУН АТТАНГАНЫ

Коңурбайдын айтканы,
Көпчүлүккө эп келди,
Болбосун деген бир жан жок,
Баарысына төп келди.
Айтар сөзгө тыңынан,
Ар тараптан кол жыйып,
Айбаты катуу тыңынан.
Урушту сүйгөн желдүүдөн,

Уйгу-туйгу демдүүдөн.
Балбаны сүйгөн желдүүдөн,
Кайрату толук демдүүдөн.
Кошунду арбын жыйышып,
Аябай доорук кылышып.
Канжанын оту жылтылдап,
Калмактын колу кылкылдап,
Түмөндөгөн кол жыйып,
Дүнүйо жүзү былкылдап.
Колду койдой айдады,
Жаракты мыкты шайлады.
Миң кишинин бирине
Алтындан диңсе байлады.
Билармандар карады,
Биле албастан эсебин,
Миңди бир деп санады.
Санаты миңге толуптур,
Сапарга чыкмак болуптур.
Камданган бойдон кандары,
Кара калмак заңгары,
Түмөн-түмөн кол алып,
Жүрмөк болду ал дагы.
Аз гана эмес мол жүрүп,
Арада канча жол жүрүп,
Кыргыздын жетип четине,
Сары-Өзөн Чүйдүн бетине,
Сары-Өзөндө кыргызды,
Так катырып тургузду,
Алеңгир жааны чоюшуп,
Каптап калмак киргени.
Аламанды коюшуп,
«Кан Коңурбай келди – деп,
Катуулап камды жебесең,
Кайтарып жоол берсең,
Калтырбай кырмак болду го,
Калың кыргыз элди» – деп,
Кабарчы кабар салыптыр,
Бул кабарды укканда,
Таластагы калың эл,
Сапырылып калыптыр,
Көлүктүн бели ийилип,
Көпкөк темир кийинип,
Найзанын учу чабышып,
Адамдын башы кагышып.
Жоо бөрүсү батырдар.

## САЛГЫЛАШУУ

Абыр-шабыр ат минип,
Аялдабай бат минип,
Кыраан Манас баш болуп,
Кырк чоролор дүркүрөп,
Кыргын чалы күркүрөп,
Кыйгактуу найза доолдоп,
Кыргыздын колу шоолдап,
Аргымак аттар алкылдап,
Алтындуу туулар жаркылдап,
Атылып мылтык тарсылдап,
Кагылып доол карсылдап,
Ала-Тоону ашканы,
Сары-Өзөнгө түшкөнү,
Сары-Өзөндүн талаасы,
Кошунга жык толуптур,
Канкор баатыр Коңурбай,
Калың жаткан кыргызды,
Оңдурбай турган болуптур,
Сары-Өзөндө кыргызды,
Төбөсүнөн басыптыр,

Төрт түлүгүн чачыптыр.
Кыргынды кыйла салыптыр,
Келин кыздын баарысын,
Олжосуна алыптыр,
Көтөргөнү туу болуп,
Көк жарылган чуу болуп.
Асабалуу туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Аккан кандар суу болуп.
Айгайлашкан жер ошол.
Жазайыл атып күркүрөп,
Чабуул коюп дүркүрөп.
Мылтык атып тарс-тарс,
Доол кагып карс-карс.
Айбалта башка шак этип,
Найза төшкө так этип.
Кылычын кындан чечишип,
Кызылдай жандан кечишип.
Кайгайлаган калмакты,
Каптап кирип кетишип,
Айбалта белден чечишип.
Аманат жандан кечишип,
Айгайлаган калмакты,
Аралап кирип кетишип.
Туу түбүнө турушуп,
Тууга карап урушуп.
Колтуктун баары чоюлуп,
Колдун баары жоюлуп.
Канаттын баары кайрылып,
Чапандын баары айрылып,
Этектин баары түгөнүп,
Ээрдин кашы үбөлүп.
Ээриндин баары кесилип,
Найза тийип тышынан,
Эмчектин баары эзилип.
Тизенин баары үзүлүп,
Чылбырдын баары кыйылып.
Топуракка көз толуп,
Ушундай катуу иш болуп.
Капталдан канга батышып,
Калмак менен кыргыздын,
Урушка кирген канча жан.
Ээси өлгөн аттар бош калып,
Кулаган жерде баш калып,
Кылыч тийип чекеден,
Кыйылып кыйла баш калып.
Ат өлүп, ээси жөө калып,
Азык арткан төө калып,
Өнөр менен жүрүшүп,
Өөдө көздөй сүрүшүп,
Ыкчылдын баары жүрүшүп,
Ылдый карай сүрүшүп,
Киндигине ок тийген
Кишинин баары бүрүшүп.
Кол сынгандар шалактап,
Коркоктун көзү алактап.
Бут сынгандар буландап,
Жүрө албай атка бурандап.
Кылыч тийген кылкыйып,
Шилиге кылыч тийгендер
Жерге карап шылкыйып.
Окко учкандар жыгылып,
Ооздон каны сыгылып.
Көз чыккандар карайлап,
Эли, жоосун биле албай,
Калабаны аралап.
Бир адам бекер тура албай,
Аралашып алыптыр,
Эки күнү, эки түн
Уруш менен бүпбүтүн
Аралаш уруш салыптыр,
Ушундай уруш ичинде

Уруму тийип чекеге,
Урушуп жүрүп жекеге
Шыпшайдар огу жаңылып.
Урууда жок Алмамбет
Узаган экен Меккеге.
Кыраанга ажал жетиптир,
Кыраан Алма көк жалың,
Кыяматка кетиптир.
Ок жаңылып окустан,
Оён Алма баатырың
О да кеткен кокустан.
Очогор огу тыгылып,
Ортодо жүрүп уруштун
Оёндорун өлтүрүп,
Оёнуң Сыргак жыгылып.
Калмактардын канынан,
Калк бийлеген жагынан,
Кызыл чоктуу Незкара,
Кыяматка кеткени.
Канзаададан көп өлдү.
Токшукердин Бозкертик,
Караңгы жайга жөнөлдү.
Туш-тушунан келген туу,
Тунган кулак улуу чуу.
Калмактардын жагынан
Туталаш колу өмөлдү,
Ошолорду көргөндө,
Нойгуттун эли өмөлдү.
Туталаштан Шыпшайдар.
Тек дагулук баатыры,
Калың кыргыз колуна,
Каршы чаап акыры,
Карсылдашып киргендин,
Калбады башта акылы.
Арстандай чамынып,
Алма баш үнү жаңырып,
Акбалтанын Чубагы
Камчы берип атына,
Каршы жүрдү бу дагы.
Шыпшайдар келип жеткени,
Акбалта уулу Чубакка,
Алеңгир жаа, сыр жебе.
Кыйгап өтө берерде,
Чубакка тартып кеткени.
Жаанын огу мадалып,
Жамбашына кадалып,
Ачынып эти калыптыр,
Ачууланып бу дагы,
Ай балта колго алыптыр,
Айбалта менен салганча,
Акбалтанын Чубакка
Жандай түшүп Шыпшайдар
Жазайыл атып калыптыр.
Жазайыл огу жаңылды,
Акбалтанын Чубагы,
Аттан жерге чабылды.
Кулак тунган чуу болду,
Адамдын каны суу болду.
Калмактардын Ушаңы,
Бу да өлүп узады.
Адамдар кечкен жанынан,
Ат жүрө албай канынан,
Бири аман калбастан,
Миңи менен санынан.
Жарасы жок жан да жок,
Калыкы бүтүн кан да жок.
Эки күнү эки түн,
Эл урушкан бүп-бүтүн.
Ашык мерген Шыпшайдар
Алыстан карап көрүптүр,
Көрүп көңүл бөлүптүр.
Керип жааны тартыптыр,

Арстаның четте жүргөндө,
Нардай болгон Кула аттын,
Башын үзө атыптыр.
Аккуланы окко учуруп,
Алмамбет шейит кечирип,
Арстаның Манас дөө калды,
Аты өлгөн жерде жөө калды.
Аттан жөөлөп алыптыр,
Аңдоосуз турган жеринде
Алоокенин чоң Коңур,
Абыдан аяр оңбогур,
Айбалта менен салыптыр.
Шилиге балта чабылып,
Арстаның эстен жаңылып.
Албарс кылыч колунда,
Кылчая түшүп соңуна,
Кыраан эр шилтеп калыптыр.
Алгара менен чуратып,
Өтө берген жеринде,
Коң төрөнүн бир бутун,
Үзө чаап салыптыр.
Бутунун кетти шадысы,
Мунун да кетти каруусу.
Башманжасы түшкөн соң,
Албарс кылыч үзгөн соң,
Каны буттан шорголоп,
Каңгайлаган ураанга
Качып кирди корголоп.
Кызыл кыргын, күн дигер,
Кыргын болду ушунда,
Калмак, кыргыз кыйла эр.
Мырадыл кирди бакырып,
Калың майдан уруштан,
Калмак колдун баарысын,
Бөлүп чыкты жапырып.
Акылы башта калбады
Калың калмак кошунун,
Майдандан сүрүп айдады.
Эки кол эки бөлүндү,
Кандуу уруш басылып,
Ашкере көзгө көрүндү.
Кыраан Манас алсырап,
Акылы кетип кансырап.
Арстаның антип калыптыр,
Атка минер жайы жок,
Алсыраган шайы жок.
Ал ошентип турганда
Ажыбай, Бакай барыптыр.
Ак сакалы кеңселип,
Жыгыла жазып теңселип,
Ак күбө тонун чече албай,
Оң жакы жеңин белсенип,
Аткаргыла, аткар! – деп,
Абасы Бакай айтыптыр,
Алы келбей баатырга,
Мингизе албай атына,
Адам жетпей датына.
Башы бош бенде мында жок.
Барсылдактын ичинде,
Мылтык аткан, жаа тарткан
Тарсылдактын ичинде,
Айбалта, кылыч чабышкан
Карсылдактын ичинде,
Үйүлүшүп үч чоро,
Көтөрүп араң алыптыр,
Көк жал эрдин денесин
Топурак тартып калыптыр,
Чамбылала чаң болуп,
Кызылала кан болуп,
Калмакка кыргын салыптыр.
Кутмандуу баатыр Кутубий
Баатырын көрө салганы.

«Адам болбой куруңар,
Баарың мындай туруңар».
Көсөм Куту барганы,
Көтөрүп атка салганы.
Карт күрөң атты жетелеп,
Боз уул жөнөп калганы.
Ырчы менен Мажиги,
Эки колдон алганы.
Уруштан кайра чыгып,
Абакеси эр Бакай,
Арстанга көзүн салыптыр,
Алсырап бара жатканын,
Азыр көрүп алыптыр.
Сакалын сабап ыргытып,
Мурутун булкуп дыргытып,
Айгайын Бакай салыптыр.
Көргөн жерде Көбөш дөө,
Айгай салып өкүрүп,
«Майданга кирбе баатыр – деп,
Айттым эле акыр» – деп,
Өткөн ишке өкүнүп,
Өбөктөдү өкүрүп,
Буда жөнөп алыптыр,
Ногойдон калган кызыл туу,
Обологон узун туу,
Тууну жерге жыгыптыр,
Султанды коштоп чыгыптыр.
Сары-Өзөн, Талас жеринде,
Самсып жаткан кыргызды,
Калмактан калың кол келип,
Кара курттан мол келип,
Кан Коңурбай зор келип.
Капыстан басып калды – деп,
Астын-үстүн салды – деп.
Кошойго кабар угулган,
Абакеңиз Кошойдун,
Жүрөгү оозго тыгылып.
Абыр-шабыр ат минип.
Бир сан кошун кол алып.
Келип Кошой калыптыр,
Арстан эр окту жегенин,
Абакеси Кошой дөө,
Эми көрүп алыптыр,
Кошой дөө көрүп алганы,
Коржоңдогон боз жорго,
Санга камчы салыптыр.
Заңкылдап Кошой кыйкырып,
Майданга кирип барыптыр.
Ал кезекте күн батып,
Көз байланып калыптыр.
Кырымдын уулу Мырадыл,
Калмактан ал бакырып.
Катаган Кошой акырып,
Амандык тилеп ойбойлоп,
Урушпа – деп, кой-койлоп.
Караңгы болуп түн жетип,
Калың кошун баарынан,
Калмак менен кыргыздын,
Баарысынан эс кетип.
Көрүүдөн калып, көз кетип,
Айтуудан калып, сөз кетип,
Айрыган эки балбаны,
Акыры бир жан калбайт – деп,
Кырылууга көз жетип,
Адамдын баары кансырап,
Айтуудан калып тантырап,
Акылы кетип алсырап.
Калмак, кыргыз эки журт,
Кайдасың – деп, акырып,
Бирин-бири чакырып.
Майданда калган өлүгү,
Кай бир жерде карасаң,

Баспай калган көлүгү,
Өлгөндөрдүн үстүндө
Чарайна, соот, кыягы,
Аларды чечип алууга,
Адамдын жок сыягы.
Күрсүлөрүн жазданып,
Күн чыгышка баштанып,
Ай балтасын жазданып,
Ар бир жакка баштанып,
Өлгөндөр жатыр солоюп,
Ойдо-кырда кай бирөө,
Олтуруп калган короюп,
Кай бирөөсү көрө албай,
Көзү чыккан олоюп,
Кай бирөөсү калыптыр,
Кулагынан айрылып.
Кулагы жок молоюп,
Кай бирөөсү калыптыр
Колу сынып чолоюп.
Айрылбаган баш да жок,
Алжайбаган каш да жок.
Кай бирөөнү караса,
Ооздон тиши күбүлүп,
Кай бирөөнү караса,
Ойрон жандан түңүлүп.
Кай бирөөнү караса,
Карысына ок тийип,
Ач күзөндөй бүгүлүп,
Аңдабастан кай бири,
Кошунга кирип сүрүлүп.
Айбалта тийип мурдуна,
Талкаланып былчыйып,
Кай бирөөнү караса,
Чоюн баш тийип ууртуна,
Торсуктай болуп чурчуюп.
Шаршембинин түнүндө,
Чабышкан өлүм тыйылып.
Эртеңки күн шаршемби,
Алсыраган кошундун,
Аяк-башы жыйылып,
Кошунду аман көргөндөр,
Айбат менен жүргөндөр,
Элимди эми көрдүм – деп,
Эстен танып жыгылып.
Калганын кайра бөлүшүп,
Өлгөнүнөн калганы,
Жүз кишиден бир киши
Жүрө албай кошко барганы.
Кыргын болгон кыйла жан,
Кыяндай аккан кызыл кан.
Алмамбетин өлүгү
Ай-талаңдан табылган.
Бешим маал кезинде,
Берениң эстен жаңылган.

## МАНАСТЫН ӨЛҮМҮ

Акылдан баатыр таныптыр,
Ажал кыстап калыптыр,
Арстандын шайы кетти – деп,
Айылга кабар салыптыр.
Карабөрк менен Акылай
Алар да минип атына,
Ашыгып жолго салганы.
Кара журт жетер датына,
Каныкей аттуу катыны
Кан ыйлады акыры.
Баласынан кеп угуп,
Байкуш Чыйыр бакырды

Мааниси жаман – деп, угуп.
Боз жоргосун моюндап,
Аккан жашын коюндап
Энекеси Чыйырды
Сый тонун чечип сыйырды.
«Ушундай белең жалган – деп,
Ушунча журттун баарысын
Урматын көрүп алсам – деп,
Нур жүзүн көрүп калсам» – деп,
Атынын оозу жыйылбай,
Агып жашы тыйылбай
Энеси жолго салыптыр.
Үч жарым жаш баланын,
Баркырап үнү чыкканда
Башын өөдө көтөрүп,
Айбаттанып жөтөлүп.
«Айтар тилге келсем – деп,
Андан кийин өлсөм» – деп.
Баатыр башын алганда,
Баркыраган улуу чуу,
Басылып, токтоп калыптыр,
Оозуна сөз алыптыр.
Азат боюн чыңдады,
Адамдар сөзүн тыңдады.
Кучакка алды баланы,
Курчап турган көпчүлүк
Оңолуп калар бекен – деп,
Куп баарысы зардады.
Кучакка бала келгени,
Баатырга кубат киргени.
«Каралдым жалгыз сен элең,
Какшаган атаң мен элем.
Какашаган атаң узады,
Кантейин ажал ушу экен.
Каралдымды тушады.
Тушалды балам аягың,
Туюкталып өсөрсүң
Туш келгендин таягын.
Байланды, балам, колуң дейм.
Байланган колуң чечерсиң,
Байкуштун кунун кечерсиң.
Талаада калды талабым,
Кызырак тайга мингизип,
Кызыгын көрбөй баланын,
Кыямат көздөй барганым,
Кылайып чыкпай арманым!
Жер боорунда мен калдым,
Жетилбестен каралдым,
Жетим болуп сен калдың.
Жер жазданып мен калдым,
Жаш кадырын көргөзбөй,
Жалгыз бойдон сен калдың.
Кунандан токуп мингизбей,
Кутмандуу тойго киргизбей,
Куруган бойдон мен калдым,
Тагдыр ажал жетпесе,
Талабыңа жетерсиң.
Тагдырың жетсе дүйнөдөн,
Талпынып учуп кетерсиң.
Кууп ажал жетпесе,
Кубатыңа жетерсиң,
Кууп өлүм да келсе,
Кууораган бойдон кетерсиң.
Тагдырың жеткен күн болсо,
Таакаты жок өлөрсүң,
Тагдырдыр күнүң жетпесе,
Таалайыңдан көрөрсүң.
Башыма келген өлүмдү,
Багым башка көрүндү,
Башынан бери келди эле,
Баатырлыгым көмүлдү.
Акырет кетип мен калдым,

Айталбай кепти сен калдың!
Тиги жай кетип мен калдым,
Тил сүйлөбөй сен калдың.
Арылбай кеткен арманым,
Караны киер алганым.
Кантейин дүйнө жалган ай,
Кашайган бойдон калганың.
Көңүлүм болсо аласы,
Тишимдин болсо сарасы,
Санаанын чыкты жарасы.
Муунумдун кылтасы,
Жүрөгүмдүн толтосу.
Тула боюм тунугум,
Ата – деп, тилиң уга албай
Арманда өлүп курудум».
Ал сөзгө баатыр келгени,
Армандуу дүйнө дегени.
Баянсыз – деп, баа тартып,
Кашында турган канча жан,
Кайгырыгы күчөптүр,
Каныкей турду аа тартып:

## КАНЫКЕЙДИН КОШОГУ

«Качырганын куткарбас,
Кара кашка тынарым,
Кайнаган ысык күндөрдө,
Саясы салкын чынарым,
Качантан ойлоп билгемин,
Чынарымдын сынарын.
Чынары сынып аларбы,
Чырпыгың өспөй каларбы.
Капталы жазы кайыңым,
Саяңда сан журт корголоп,
Кайып болуп дүйнөдөн,
Калайык таппай дайының,
Какшаган бойдон калабы
Карабет менден зайыбың.
Бутагың өспөй буралып,
Ыраакка кетип ыраатым,
Мээнетим жетип куралып,
Кейишсиз жүрсө кээ болор,
Жаныңды алып сен кеттиң,
Жайым менин не болор.
Көтөрүлүш кээ болор,
Көргөн күнүм не болор.
Санатың журтка жоктолор,
Сай буудандын баарысын,
Саноосуз калып токтолоор,
Кас буудандын баарысын
Кара журт байлап ноктолоор,
Кадырың калкка жоктолор,
Текебер башка кээ болор,
Тулпарды тууган бээ болор,
Туйгунум колдон учкан соң,
Тутунганым бир туяк,
Караганым бир чунак,
Жалгыздын алы не болор?!
Аштан-тойдон эл кайтар,
Арзынган бойдон тим кайтар,
Артында калган жалгызың,
Атакем – деп, кимди айтар.
Өксүгөн өксөп тим болот,
Өтсөң ушу дүйнөдөн,
Өкүмүң ээси ким болот.
Кемиген кетип тим болот,
Кеп ачкычы тил болот,
Кеттиң ушу дүйнөдөн,

Кеңешиң тапкан ким болот.
Тушуңда туйгун салганың,
Тумшуксуз мендей алганың.
Тумшуксуз болбой не болдум,
Туйгунум сенден калганым.
Карчыга каалап салганың,
Кайгырды мендей алганың.
Кашыңда жалгыз каралдың,
Кайрылбай таштап салганың.
Ай батканда күн болор,
Акыр заман журтуңа
Айтылып сөзүң дүң болор,
Атпай калың кыргызың,
Алсырап кетип тим болор,
Күн батканда түн болор,
Күлпөңүң журтка дүң болор,
Күлдү кыргыз болгону,
Күйүтүң тартып тим болор,
Ободо чолпон жылдызым,
Ордуңду жоктоор кыргызың.
Асманда чолпон жылдызым,
Артыңдан жоктоор кыргызың
Чайпалбас дайра деңизим,
Чаалыкпас буудан семизим,
Аркаңда калды кайгырып,
Абакең Бакай эгизиң!
Адырда боздоп төө калды,
Арстаным деп кайгырып,
Атпай журттун атасы,
Абакең Кошой дөө калды!»
Каныкей айтып чыркырап,
Калкынын баары чуркурап,
Карып калган Чыйырды
Каралдым – деп, чыңырды.
Кейишти кемпир баштады,
Улуу-кичүү, кары-жаш,
Келгендер көзүн жаштады.
Байбайын айтып бакырып,
Бай Жакып келди акырып.
Бакдөөлөт сөздү баштады,
Байбиче көзүн жаштады.
Баатырыңыз шондо бир,
Үзүлүп кете жаздады.
Ачып көзүн алганы,
Абыке айгай салганы,
Арстан эрди кучактап,
Аккан жашы бурчактап,
«Арманда калды элиң – деп,
Мага окшогон байкушту
Талаага таштап кеттиң – деп,
Төрөгө келип кол сунуп,
Төгүлгөн жашы жошулуп.
Көбөшү келди өкүнүп,
Көк букадай өкүрүп.
Көпчүлүктүн баарысы,
Көздөн жашы төгүлүп.
Карабөрк менен Акылай
Айгайын салып жайма-жай.
Боз жоргосун моюндап,
Ак сакалды коюндап,
Арстаным – деп, акырып,
Баатыр сага нетти – деп,
Бетин ачып бакырып,
Жаш бурчактап чачылды,
Кошойдун үнүн бир угуп,
Баатырдын көзү ачылды.
Ачкан менен көзүн да,
Айталбады сөзүн да.
Абакеңди бир көрүп,
Күн дигерде кечинде,
Кечки дигер кезинде,
Акыретке жөнөдү.

Кыямат жайын бет алып,
Кыраанын кетти аттанып.
Кыргыздын Манас баатыры
Кыямат кетип акыры,
Кыргыз эмес бул күндө,
Кылымдын кетип акылы.
Жакыптын Манас баласы,
Чайпалды дайра талаасы,
Калкына кайра көрүнбөс,
Кабылан эрдин карасы.
Күлдүү журту күңгүрлөп,
Жер көчүрүп дүңгүрлөп,
Ыйлоодо калды балдары,
Жыйылбай калды малдары,
Жашы менен карысы,
Жалпы кыргыз баарысы,
Боорун коюп боз жерге,
Эси келбей ээ дээрге.
Сыртын коюп сыз жерге,
Кабылан Манас батыры,
Кайып болуп кеткен соң,
Калың кыргыз журтуна
Караңгы түштү акыры.
Бакай, Кошой карысы,
Баш көтөрбөй баарысы.
Кырк баатыры буркурап,
Кыз-катындар чуркурап,
Көшүлүп ыйлап алыптыр,
Көпчүлүк кантип жатканда
Көкчө келип калыптыр.
Төөдөй боздоп буркурап,
Төрт миң киши кашында,
Төштүк келди чуркурап.
Үрбү келди үч миңи,
Улуктары келгени,
Кайрат кылып Кыргылы,
Калк өткөргөн дыңгылы:
«Өкүрүктү коюңар,
Өкүргөндө шэр Манас
Турат дейби оюңар.
Өттү Манас баатыры,
Жесетин жерге салуунун
Акылын кылгын акыры».
Кыргыл чал айтып салганы,
Калктын баары эп алып,
Кырк баатыр туруп калганы.
Бир жумадан бир жума,
Баш көтөрбөй жупжуда,
Эстен танган эли бар,
Эңкейип калган бели бар.
Баш көтөрүп баары журт
Эстерин жыйган чени бар.
Акылын жыйып алышып,
Ак сакал Кошой баш болуп,
Акылдашып калышып.
Кең-Колдун түшкөн этекке,
Жерге кетмен чаптырып,
Терең оюп каздырып.
Казгандарга канча мал,
Кызматына сойдуруп,
Казынасын ойдуруп,
Кабырды казып болду – деп,
Казынасын ойду – деп,
Кабарчылар айтып кеп.
Бу кабарды салганы,
Кара кыргыз зардалы,
Карыя Кошой баш болуп,
Жуумакка кирип калганы.
Катагандын Кошою,
Казактардын Көкчөсү,
Элемандын Төштүгү,
Кара жаак Үрбүсү,

Кадимден кыргыз үлгүсү.
Суу куймакка жүрүштү.
Берендер белин бууганы,
Өңкөй баатыр жууганы.
Көйнөгүн көпкө бычтырып,
Көп ортого түшүрүп,
Көңкү кыргыз баласы,
Көзүн жаштап үшкүрүп.
Кепинге ороп салганы,
Кейишке көп журт калганы.
Көтөрүп сөөгүн баатырды,
Табытка салып акыры.
Адамдар мурда кетиптир,
Көр казган жерге жетиптир,
Көчүгү Манас үйүндө,
Өйүз менен бүйүзгө
Кырка тура калыптыр.
Кошун алды жолду – деп,
Адамдар азыр болду – деп,
Кабар келди карыга,
Кан Кошой баштап баарына.
Акылманы Абыке,
Абыке туруп кеп айтат,
«Абаке Бакай, кан Кошой,
Айтам бир сөз – деп айтат,
Арстан Манас баатырды,
Бу казылган жайына,
Койбосок деймин акыры.
Кас санаган душмандар,
Өлүктөн өчүн алчудай,
Көрүнөн ачып албасын,
Кескилеп итке салбасын,
Эч бир жанга бигизбей,
Өлүктү алып калсак дейм,
Окшоштуруп өлүккө,
Ак кийизден зуңкуйтуп,
Узунунан уңкуйтуп.
Табытка салып оротуп,
Окшоштуруп өлүккө,
Ушундай жолго жоротуп,
Апарып жайга көмсөк дейм,
Башка келген бир ишти,
Учурунда көрсөк дейм!»
«Абыке сөзү акыл –деп,
Баарыбызга макул» – деп,
Кан Кошой айтып токтолду,
Баарыга бул сөз эп болду.
Буракка буудан токутуп,
Баатырга кылчуу кызматта,
Атпай журттун баарына,
Жарыялап окутуп,
Азуулары аркайган,
Астыңкы эрди шалпайган,
Өркөчтөрү коркойгон,
Өрдөктөй мойну койкойгон.
Төө байлады тогуз жүз,
Соорусу бийик, жону түз.
Ат байлады тогуз жүз,
Асыйы төрткө толгондон,
Ай мүйүздү болгондон,
Тогуз жүз байлап өгүздү,
Тогуз миң кой айдатты,
Чарк токтогон семизди,
Алтын, күмүш алдырып,
Ак куржунга салдырып,
Карып менен касарга,
Малды берди аябай,
Мал көзүнө карабай.
Булду берди аябай,
Бул көзүнө карабай,
Табытын карматып,
Кылымды кырка турдуруп,

Алып тышка чыкканда,
Кыйкырык кулак тундуруп.
Колмо-колдоп көтөрдү,
Бири сунуп бирине,
Аткан октой өткөрдү.
Түмөн колу жеткени,
Колмо-колдоп көтөргөн,
Учкан куштай кеткени,

Эртеси шашке түш ченде,
Жесети жерге жеткени.
Сексен бээни сойдуруп,
Кесетин жерге койдуруп,
Чабылбай калган күлүк бар,
Ачылбай калган мүлүк бар.
Ар жерде бар казына,
Адам барбайт кашына.

## КҮМБӨЗ

«Мээнет башка жетти – деп,
Берен Манас кабылан,
Белгисиз калса бекер – деп.
Аземин артык салсын – деп,
Акыр заман журтуна,
Айтуу бойдон калсын – деп.
Топурактан түк кошпой,
Күл ботодон алсын – деп,
Кылымдан чыккан устанын
Кыйындары салсын – деп,
Кылымга сөзү калсын – деп,
Акылдары токтолуп,
Устанын баары жоктолуп.
Билермандан алдырып,
Ат жеткен жерде күлбото.
Ар тараптан чалдырып,
Азыр экен ушунда,
Анжияндын тоосунда,
Күлүш экен атагы,
Дандыр үчүн алчу экен,
Кокондуктун наабайчы.
Дүнүйө жүзүн каратып,
Күлдү кыргыз болгону.
Күлүшөнү жаратып,
Күлботосун чалдырып,

Күлүшөдөн алдырып.
Алты миң атан комдотуп,
Акылманга оңдотуп,
Алты миң эркеч майына,
Куп келтирип жайына
Садык уста салдырып,
Башчы кылып Садыкты,
Башкарып канча калыкты.
Алты миң эркеч майына
Кыш бышыртып бек салып,
Алты кылым өткөнчө,
Айныбасын – деп, салып.
Жети миң эркеч майына
Кыш бышыртып бек салып,
Жети кылым өткөнчө
Жете турсун – деп, салып.
Көсөмдүн баарын алдырган,
Көкбөрүнүн Көккоён,
Көп дүйнөнү чалдырган.
Каухар менен көздөтүп,
Арасын арип сөздөтүп,
Кыябы менен салдырган,
Таштан түптөп орунун,
Жараштырып борумун,
Кылыч, мылтык жарагын,

Кызыл таштан койдуруп,
Кыябына келтирип,
Кырка жазуу ойдуруп,
Жоругуна карагын,
Жоого кийген жарагын
Туулганын борумун
Тунук таштан ойдуруп,
Куп келтирип орунун.
Чарайна, соот, кыягы.
Так ошонун өзүндөй
Ушу күндө сыягы,
Ошо кундөн ушу күн,
Калыбы бойдон калыптыр,
Так жетимиш күнүндө
Камырына баатырдын
Каныкей жеңең барыптыр.
Токсон семиз союшуп,
Казы менен картага,
Калктын баары тоюшуп.
Үч жарымда баланы,
Курган катын Каныкей
Кубат кылып алганы,
Үшкүрүгү баш жарып,
Үйгө кайтып барганы.
Андан кийин Каныкей,
Алмамбет, Чубак, Сыргактын,
Өлүктөрүн каратты,
Алмамбет, Сыргак өлүгү,
Ай-талаада калыптыр,
Жапырт издеп чоролор,
Өлүктү таап алыптыр,
Чубактын сөөгү табылбай,
Дарек чыкпай жок болуп,
Таба алышпай токтолуп,
Акбалтанын Чубагы,
Көктекени каргытып,
Аңгемесин арбатып,
Чаткал тону ашканын,
Анжиян жерин басканын,
Көргөндөр келип кеп айтат.
Көрдүк анык – деп айтат.
Алмамбет менен Сыргакка,
Кызматын кылды аябай,
Семизден тандап сойдуруп,
Мал көзүнө карабай,
Сарбан менен буудуруп,
Аруу суугa жуудуруп.
Таластын башы Жети төр,
Баатырды койгон жерине.
Жерди терең ойдурду,
Алып барып койдурду.

# СЕМЕТЕЙ

## СЕМЕТЕЙДИН БУКАРДА ӨСҮП, ТАЛАСКА КЕЛГЕНИ

### ЖАКЫП КАНЫКЕЙГЕ АРАЧЫЛАРДЫ ЖИБЕРГЕНИ

Төрө Манас өлгөнү,
Төрт айдын жүзү болбостон,
Төрт айга каркат толбостон,
Берен Манас өлгөнү,
Беш айдын жүзү болбостон,
Беш айга каркат толбостон,
Шооруктун кызы Акылай,
Акылы жок капырай,
Ашы-жытын бердирбей,
Алыста жакын досторго,
Аса, бата кылдырбай,
Өз билгенин эп кылып,
Адам уккус кеп кылып.
Азыраак жанын кыйнабай,
Арбакты алты ай сыйлабай.
Арага киши коюшуп,
Көбөшкө тийип алганы,
Адамга опа кылбаган,
Көмүлгөн дүйнө жалганы,
Какшап ыйлап  кайгырып,
Каныкей шоорду калганы,
Каныкейдин ошондо,
Кара чачы жайылуу,
Кандуу бети тытылуу,
Табактай бетке так салып,
Белине тасма кур салып,
Ар түрдүү толгон асылдан,
Ак сарай үйгө тул салып.
Үч убак жоктоп баатырын,
Минтип турган кезинде,
Кандай күн башка түшөр – деп,
Ар кандай иштер эсинде,
Мына ушул учурда,
Акылман туулган Абыке,
Агага кызмат кылам – деп,
Анжияндын шаарына,
Мал айдатып кеткени,
Какбаш Жакып көр Көбөш,
Самаган иши жеткени,
Бир күнү Жакып оолугуп,
Аза түшүп соолугуп,
Балдарына күүлөнүп,
«Бачым кел!» – деп сүйлөнүп.
Жакыптын үнүн укканда,

Доошу катту чыкканда,
Бакдөөлөттүн беш уулу,
Көөдөк Көбөш улуусу,
Медеке, Кочкор үч арам,
Медет, Седет беш арам,
Чоролордун баарысы,
Кыргынчал баштык Карысы,
Какбаш Жакып алдында,
Шыкала келди жамысы,
Жана келди жабырап,
Аргын, ногой калысы.
Какбаш Жакып кеп айтат,
«Калыстар уккун!» – деп айтат.
Чоролорго кеп айтат:
«Чогууңар уккун!» – деп айтат.
Балдарына кеп айтат,
«Байкап уккун!» – деп айтат,
«Манас болсо өлдү го,
Башына келген казааны,
Учурунда көрдү го!
Алты суу толгон мал калды,
Алтын, күмүш-зар калды,
Айнектей Каныш жар калды,
Артында калды бир мерсет,
Балтыр бешик баласы,
Кең-Колдо калаасы.
Ала-Тоо, Талас жер калды,
Аргын, ногой эл калды,
Оболдон адам өлүүчү,
Алла таала салганга,
Арга барбы көнүүчү!
Мен ар кимден кеп уктум,
Кеп уккунда деп уктум,
Башынан бузук Бакай кул,
Каныкейди азгырып,
Арачы болуп бул кезде,
Айтылуу хандын бирөөнө,
Качырып берет деп уктум.
Менин өлүк балдарым,
Тирүү барбы жандарың,
Алып кетсе долуну,
Эркекмин деп дердейип,
Тебетей кийип башына,
Бастыргансып сербейип,
Аттын башын жамандар,
Канткенде алып жүрөсүң,
Уялбай кантип күлөсүң!
Албайсыңарбы жесирди,
Ааламга тийген дүмөгү,
Аябаган кесирди!
Атаң өлсө, тайлак бар,
Кому жерге калган жок,
Арстаным Манас өлсөда,
Абыке, Көбөш иниси,
Орду куру калган жок.
Ал Каныкей долуга,
Аргын менен ногойдон,
Азыр чыгып тандалып,
Арага экөөң баргыла,
Ар түрдүү сөздөрдөн,
Ашкере айтып билдирип,
Кулагына салгыла!
Айткан тилге кирсин де,
Азыткы сөзгө жолобой,
Акылман уулум Абыке,
Анжыяндан келгенде,
Абыкеге тийсин де.
Абыкеге тийген соң,
Акылын жандап ашырып,
Аргын менен Ногойду,
Айныксыз өзү билсин де.
Манас менин шум уулум,

Эрке токол Бакдөөлөт,
Бакдөөлөттөн туулган,
Абыке менин туң уулум!
Токолдон туулган дебесин,
Антип тезек жебесин!
Жетим кылбай баласын,
Ээсиз кылбай каласын!
Сыйы менен тийсинде,
Сыйы менен тийбесе,
Сыйрып туруп алат де,
Сыйдан кетип калат де!
Хан Жакып сөзү бүткөнү,
«Арачылар чыккын!»
Айтып болуп ошондо,
Орчун көптү тиктеди.
Жакыптан бу сөз чыкканда,
Ошо турган көпчүлүк,
Кулактары укканда.
«Кандай шумдук» сөз дешип,
Элең дешип калганы,
Нени айтарын билишпей,
Селең дешип калганы,
«Жоопту кандай беребиз»,
Бул сөздөрдү айтышып,
Күбүрөшүп алганы,
Ким болот деп арачы,
Ошо турган көпчүлүк,
Айран-азыр таң болуп,
Эки жагын карашты.
«Каныкейге арачы,
Кандай адам барар – деп,
Тартынбай барган арачы,
Бери бакбай калар – деп,
Ит көрбөгөн кордукту,
Каныкейден көрөр – деп,
Баатырсынып ким барса,
Кайта келбей өлөр! – деп.
Көпчүлүктүн баарысы,
Кошуун тартып турганда,
Көөдөк Көбөш ошондо,
Чыгыңар – деп арачы,
Күүлөнүп сөздү урганда.
Кырктын башы Кыргынчал,
Кыркында көпкөн дыңгыл чал,
Кылып келген иштери,
Кылымга маалым шылдың чал.
«Мен барамын!» – деп,
Кыргынчал турду октолуп,
Кой деп айтар жок болуп.
«Мен барамын мына! – деп,
Кыйкырып чыкты Тазбаймат,
Ар качандан бир качан,
Айтар сөзгө маш Баймат.
Хан Жакып буюруп турган соң,
Каныкейден тартынбай,
Арачыга барабыз,
Барып жооп алабыз,
Кыргынчал менен Тазбаймат,
Айтып сөзүн ат минип,
Аялдабай бат минип.
Атка минип алышып,
Атырылып жарышып,
Капкасы алтын коргонго,
Хан Манастын ордого,
Жетип келип ат байлап,
Ат байласа бат байлап.
Жигиттер атын алганы,
Кыргынчал менен Тазбаймат,
Азыр барып киргени,
Киргенинде айттырбай,
Булардын келген жумушун,
Каныкей Каныш билгени.

Кыргынчал менен Тазбаймат,
Ээр жаккы капшытка,
Экөө барып отурду,
Акылга дыйкан Каныкей,
Көңүлгө араш толтурду.
Кыргынчал менен Тазбайматтын,
Алдына даам койдуруп,
Аш-тамакка тойдуруп.
Аш-тамакка тоюшуп,
Алакан жазып ошондо,
Бата кылып коюшуп.
Кыргынчал эми кеп баштап,
Кеп баштаса деп баштап:
«Каныкей сага экөөбүз,
Арачы келдик!» – деп баштап.
Алладан буйрук келген соң,
Арстан Манас өлгөнү,
Артына таштап сан элин,
Акырет жайды көргөнү!
Адырда жылкы алты сан,
Ал жылкынын ичинде,
Аргымак, жорго мас калды,
Балтыр бешик Семетей,
Аркасында жаш калды!
Ордосунда курулуу,
Тагы калды Манастын,
Төрт күлдөгү тиктирген,
Багы калды Манастын,
Калк атасы хан Жакып,
Атасы калды Манастын,
Аргын менен ногойго,
Нуска кылып калтырган,
Батасы калды Манастын,
Кара-Суугa жүргүзгөн,
Кемеси калды Манастын,
Токсон жашта байбиче,
Энеси калды Манастын,
Аттан тулпар Тайбуурул,
Тулпары калды Манастын,
Айныбаган табынан,
Шумкары калды Манастын,
Аалам журттун оозунда,
Шердиги калды Манастын,
Көл-дайрадай толкуган,
Кеңдиги калды Манастын,
Жандын баарын бир көргөн,
Теңдиги калды Манастын.
Аркасында айтылып,
Санаты калды Манастын,
Абыке, Көбөш иниси,
Канаты калды Манастын.
Кайын атаң Жакып жиберди,
Каныкей сени өзүңө,
Аргын менен  ногойдон,
Арачы болуп баргын – деп,
Экөөбүздү жиберди.
Жесир кылбай өз башын,
Жетим кылбай баласын.
Айткан тилге кирсин дейт,
Акыл ойлоп Каныкей,
Акылман уулум Абыке,
Абыкеге тийсин дейт!
Акыры адам уулуна,
Өнүп-өскөн жер ийги,
Алтын баштуу Катындан,
Бака баштуу эр ийги!
Ала койду Каныкей,
Бөлө кыркпай койсун дейт,
Андай санаа саноону,
Ал Каныкей жойсун дейт.
Арстандан калган бир туяк,
Алдейлеп жакшы баксын дейт,

Абыкеге ал тийип,
Аргын менен ногойду,
Акылы ашык Каныкей,
Ар акылын тапсын дейт.
Ат өлгөндө адамга,
Соору керек деп айтты,
Агасы өлсө иниге,
Жеңе керек – деп айтты.
Отуз уулу болсо да,
Ак элечек зайыпка,
Ормойгон чал керек – деп,
Кайын атаң айтты мындай – кеп.
Абыкеге тийбейм – деп,
Аны-муну дебегин,
Азыткы сөзгө кирбегин,
Башыңа азап салбагын,
Илгеркини ойлонуп,
Бөөдө өкүнчтө калбагын!
Ушу сөзүм акыл – деп,
Уга турган макул!» – деп,
Кыргынчал айтты мындай кеп.
Тазбаймат кеп айтты:
«Кырктын башы Кыргылдын,
Айтканы акыл!» – деп айтты,
Деп, айтты Баймат мындай – деп,
Акылга дыйкан Каныкей,
Менин сөзүм кандай – деп,
Эки тоонун арасы,
Арстан төрө, эр Манас,
Абыке, Көбөш баарысы,
Бир атанын баласы,
Бар бекен сөзүм чаласы,
Өлүп калган арстандан,
Тирүү чычкан артык – деп,
Өткөн ата-бабадан,
Айтылып келген бул бир – кеп,
Арстанга жаның кыйнадың,
Кайын атаң сөзүн сыйлагын,
Абыкеге баш байлап,
Акыл эсиң жыйнагын!
Каарданып айтканга,
Катындык кылба Каныкей,
Калтыздыкты суруга сал,
Аксымдык кылба Каныкей,
Ачуу шайтан эмеспи,
Айтканга маакул дебеспи,
Манас болсо дүйнөдөн,
Учуп кетти буудайык,
Атаңдын сөзүн кайтарбай,
Абыкедей кайниңге,
Тийип алууң ылайык!
Ордого элиң толтургун,
Оенуң Манас баарындай,
Жетимиңди телчитип,
Ойноп –күлүп олтургун!
Сарайга элиң толтургун,
Заардалың Манас барындай,
Жетимиңди телчитип,
Санаа тартпай олтургун!
Айтканды жаман көрбөгүн,
Дегенге суруң салбагын,
Абыкеге сен тийип,
Акылыңды жамдагын!»
Тазбаймат айтып таштады,
Аркасынан токтобой,
Булбулдай таңшып муңданып,
Каныкей сөздү баштады:
«Атаңдын көрү Кыргынчал,
Ар качандан бир качан,
Азапты мага кылдың чал!
Атаңдын көрү арам чал,
Ар качандан бир качан,

Ар кылган иши каран чал!
Акылың жок Тазбаймат,
Тузум урган мас Баймат,
Урсачы кудай баарыңды,
Кыргынчал бузук карыңды,
Төрөм султан өлгөнү,
Төрт бүтүн болсочу,
Төрт ай каркап толсочу!
Берекем султан өлгөнү,
Беш ай бүтүн болсочу,
Беш ай каркап толсочу!
Арстан төрө султандын,
Ашы-жытын берсечи,
Арачы болуп эки акмак,
Анан кийип келсеңчи!
Атка минип келдиңер,
Калжыраган сөздү айтып,
Кай бетиң менен келдинер!
Бул көрөкчө өлсөңчү,
Өлүп көрдү көрсөнчү!
Бул кебинди ит уксун,
Ит укпаса ким уксун,
Бул кебинди куш уксун,
Куш укпаса ким уксун,
Кап караңгы түн уксун,
Андан бөлөк ким уксун,
Жөн отурбай какбаштын,
Айттырып турган кебин көр,
Абыкеге тийсин – деп,
Кылып турган эбин көр!
Кыянатчы как баштын,
Кылып турган ишин көр,
Жер албаган бузуктан,
Арачы кылган кишиң көр!
Арам доңуз как баштын,
Айткан тилин албаймын,
Акыретке барганда,
Арстанымдын алдында,
Тозок отун баспаймын,
Айтканымдан жазбаймын!
Куудан туулган төрөмдү,
Кузгундан туулган арамды!
Казган туулган төрөмдү,
Каргадан туулган арамды,
Төрүмө кантип жаткырам,
Төшөгүн кантип бастырам,
Каарданып Каныкей,
Өңү кетип сурданып,
Мурду кетип кырданып,
Жаагын жарып түк чыгып,
Күңгүрөнүп унчугуп.
Ак шамшарды колго алып,
Айбатын салып ошондо,
Арачыларга кол салып,
«Айкожом салган жолумдур,
Аңылдап үргөн ит тургай,
Арстанды сайган колумдур!
Пайгамбар чапкан жолумдур,
Баркы жок иттер сен тургай,
Манасты сайган колумдур!
Мен арачы болом – деп,
Атка минип бул итти,
Мындан кийин эч жерге,
Желбегидей кылайын,
Арачы болуп бирөөгө,
Келбегидей кыламын,
Оозуна келген сөздү оттоп,
Жүрбөгүдөй кылайын,
Ооз ачып бирөөгө,
Үрбөгүдөй кылыйын!»
Бул сөздү айтып Каныкей,
Ак шамшарды колго алып,

Айбатын салып тап берди,
Арачы келген ал экөө,
Алапайын таба албай,
Кайра качып жалт берди,
Ак шамшар менен урганда,
Кыргынчал менен Тазбаймат,
Качып чыкты дыркырап,
Кыргынчалдын санынан,
Кан куюлуп шыркырап,
Экөө эптеп чыкканда,
Каалга кетти быркырап,
Ак шамшар учу тик барып,
Каалгага кадалды,
Карыганча Кыргынчал,
Көрбөгөн мындай жадалды,
Кыргынчал менен Тазбаймат,
Жүрөгү кетип кабынан,
Билеги кетип сабынан,
Үмүтүн үзүп жанынан,
Атына жетип минишип,
Аялдабай ошондо,
Качып жолго киришти,
Кыргынчал келди айкырып,
«Бул Каныкей долунун,
Таап койгон жери бар,
Таянып алып бир жолу,
Тандап тиер эри бар,
Бир жерден тынган деми бар!
Колуна кармап олтурат,
Болот шамшар жарагын,
Бөөдө өлтүрө жаздады,
Акылың болсо эр Көбөш,
Өзүң байкап карагын,
Тирүүсүңбү, өлүксүңбү!
Көр Көбөш – деп кыйкырып,
Айбатын салып ал долу,
Качырып шамшар салганда,
Асмандан булут тутулуп,
Ажалыбыз жок экен,
Араң качып кутулуп,
Келип калдык мына – деп,
Кебибиз ушул сына – деп,
Долуң айтты мындай кеп:
«Арамдарга тийбейм – дейт,
Тиймек тургай сыйбайм – дейт,
Алда канча түрлөнүп,
Ачууланып түрлөнүп,
Кыргынчал айтып турганы,
Ар түүрдү сөздү урганы,
Кыргынчалдан кеп угуп,
Кеп укканда бек угуп,
Абыкеге Каныкей,
Тийбейт экен – деп угуп.
Тазбайматтан – кеп угуп,
Талак кылды силерди,
Такыр тийбейт – деп угуп.
Ар кандай жөндүү – кеп угуп,
Арамдар деген сөздү угуп,
Хан Жакып турду каркылдап,
Добуш салып баркылдап.
«Бул кара бет долу күң,
Бороз болгон турбайбы,
Манас өлүп калган,
Алты сан аргын, ногойго,
Короз болгон турбайбы!
Элден уккан чын болду,
Чын болбосо не болду!
Балдарымды арам – деп,
Хан башымды сараң – деп.
Кылып турган кордугу,
Кыйын өттү зордугу,
Адал балам Абыкем,

Тунук балам Көбөшүм,
Бул кара бет долунун,
Арам, саран деп айтып,
Башка жакка жөлөнүп,
Бороз болгон долуну,
Алты сан аргын ногойго,
Короз болгон долуну,
Өз эркинче оттотпой,
Таласымды боктотпой,
Таманын тилип туз салып,
Сүйрөп чыгып үйүнөн,
Чачын кыркып түбүнөн,
Баканга салып көтөрүп,
Керегинен көзүнөн,
Үч кайтара өткүзүп,
Көөнү сыйпап бетине,
Өңүн бузуп кубултуп,
Чалкасынан жаткырып,
Үстүнөн койду чубуртуп.
Кементайды кийгизип,
Керчолок байтал мингизип,
Санат кылып башкача,
Жетимин алып колунан,
Аны жарып өлтүрүп,
Өзү кылган шумдукту,
Өз башына жеткирип,
Кара хандын шаарына,
Айдап жолго салгыла,
Манастан калган сан кара,
Такалуудан тап койбой,
Такыр айдап алгылы!
Хан казына көп зарды,
Ийнесин жерге таштабай,
Такыр жүктөп келгиле,
Журт куруткан долунун,
Сазайын колуна бергиле!»
Жакып хан жардык кеп айтты!
Чакчаарылып бек айтты,
«Көбөшүм барып долуну,
Көтөрө чапкын!» – деп айтты.
Күрсүлдөгөн көр Көбөш,
Күмүрөй болгон жер Көбөш.

## КӨБӨШ МАНАСТЫН АЙЫЛЫН ЧАПКАНЫ

Акмак Көбөш ошондо,
Атасынан кеп угуп,
Арстаным Манас айылын,
Азыр чапкын – деп угуп.
Кепке-сөзгө келбестен,
Аял-уял кылбастан,
Аксакалдуу карыга,
Акыл салып турбастан,
Моюнун кайрып бурбастан.
Чоролорго күүлөнүп,
Буркан-шаркан сүйлөнүп.
Мени ээрчип аттан – деп,
Кабагың ачып шаттан – деп.
Олжого мисир болосуң,
Оюң менен оңосуң!
Олжо таап берем – деп,
Манастан калган сан кара,
Баарыңа жетет кенен – деп.
Доолунун көзүн оёмун,
Тартып алып баласын,
Жол боюна соёмун!
Собой кантип коёмун,
Ушул ишти кылбасам,
Көбөш болбй өлөмүн,
Туулбай туна чөгөмүн!
Кордукту катуу кылам – деп,

Катындан кордук көргөн соң,
Хан болуп кантип турам – деп!»
Күрүлдөп Көбөш турганы,
«Чоролорум аттан – деп,
Буйрукту мындай кылганы.
Кереметтүү Каныкей,
Акылынан шашкан жок,
Арамдар келбей койбойт – деп,
Чырынан бир да качкан жок.
Акылы жок арамдар,
Балаң зыян кылат го,
Зыян кылып тынат го!
Арамдарды азгырып,
Акыл уурдап жазгырып,
Баламды аман сактайын,
Арамдардын чырынан,
Мен Каныкей качпайын,
Алаптаган көп акмак,
Дүнүйөгө кызыгып,
Көңүлдөрү бузулуп,
Билбей калар баланы,
Кудай берсе теңдикти,
Акырысы түбүндө,
Баштарына бир жетер,
Азыр кылган залалы!
Ошону ойлоп Каныкей,
Үйүндө күңдүн баласын,
Сыр бешикке бөлөдү,
Семетейди Каныкей,
Куу бешикке бөлөдү.
Семетейдин кийимин,
Бул балага кийгизип,
Акылы артык Каныкей,
Кереметин билгизип.
Акырын Каныш камынып,
Аярдыгы ашынып,
Семетейди Каныкей,
Алып калды жашырып.
Бет алып Көбөш кирбейби,
Бешиктен таанып билбейби!
Төрдө турган бешикти,
Арамдар келип албайбы,
Семетейди алдык – деп,
Айдап жолго салбайбы!
Бул акылды кылды эле,
Каныкей карап, турду эле.
Ал аңгыча болбоду,
Көбөштү шайтан козгоду.
Манастын айылын көр Көбөш,
Басып калды кол менен.
Ыраактан душман чапкансып,
Аз гана эмес мол менен.
Көбөштүн  үнү баркылдап,
Жер көчүрүп заңкылдап.
Кытайды барып  чапкансып,
Кыйла дүйнө тапкансып.
Калмакты барып чапкансып,
Калың дүнүйө тапкансып.
«Журт куруткан долуну,
Көкбөрү тартып алып чык,
Колундагы баласын,
Мындан кийин бул долу,
Аргын менен ногойго,
Жугузбасын балаасын!
Көр Көбөш айтып турду эле,
Көбөш хан жардык кылды эле,
Көпчүлүк карап турбады,
Карап турган калың эл,
Буйругун эки кылбады.
Семетей эмей кимсиң – деп,
Мындан кийин Каныкей,
Көбөштү көзгө илсин – деп.

Арамдар деп кордобой,
Эсине алып жүрсүн – деп.
Бешиктеги баланы,
Көкбөрү тартып кеткени,
Каныкейдин алдынан,
Кыйкырып чаап өткөнү.
Баласын жайлап салдык – деп,
Тилегине жеткени.
Дагы карап  турбастан,
Хан Манастын ордосун,
Талап кирди бир баштан.
Катуу жардык кылдырып,
Каныкей шагын сындырып,
Үч-Кошойдун бөксөдө,
Сандаган кара буурулду,
Айдап алды жылдырып.
Төрт түлүктөн мал койбой,
Төгөрөккө жан койбой.
Такалуудан тай койбой
Жарты кочууш дан койбой.
Тамтыгын тарптай кетирип,
Таза чаап жөнөдү,
Эчтемесин калтырбай,
Кошо чаап жөнөдү.
Чыйырдыны чыңыртып,
Каныкейди какшатып,
Хан дөөлөтүн бастатып,
Канчалык ишин аксатып.
Айлын чаап Манастын,
Олжосуна мал алып,
Кызыл куйрук нар алып,
Кызыл алтын, ак күмүш,
Кымбаттуу кыйла зар алып.
Ак ордосун чечтирип,
Аманат жандан кечтирип.
Желмаянын чөгөртүп,
Жез казанын көмкөртүп.
Калтырбастан жүктөтүп,
Кайчы, тулга, казанын,
Талап алды Таласын,
Кайнардагы базарын.
Хан казына көп салык,
Баарысы менин мүлкүм – деп,
Кара бетти какшатып,
Эми чыкты күлкүм – деп.
Семетейди сойдум – деп,
Кара көзүн ойдум – деп.
Кара жолтой Канкорду,
Тукум  курут калдым – деп,
Кылып жаным тынды – деп.
Андан жөнөп алышып,
Төөкөр уста Бөлөкбай,
Бөлөкбайга барышып,
Үңкүрдөгү казына,
Аны таап берген – деп,
Аны таап бербесең,
Ажалдан мурда өлдүң – деп,
Бөлөкбайды камады,
Байлап алып байкушту,
Карсылдатып сабады.
Төкөруста Бөлөкбай,
Айтканынан кайтпады,
Кысмакка кыйын алса да,
Казынаны айтпады.
Бу жорукту көргөндө,
Калайык калктын баарысы,
Жашы менен карысы.
Санаалары бөлүнүп,
Көздөрүнөн кара жаш,
Акырек ылдый төгүлүп.
Күнү катын балдарын,
Тууган дан айтып бекер – деп,

Зили, түбү жоо тура,
Тууган эмес экен – деп.
Семетей өлдү дегенде,
Башына келген балааны,
Каныкей көрдү дегенде,
Манастын баркын билгендер,
Канчасы ыйлап буркурап,
Семетейге заркырап.
Жакыпка наалат токушуп,
Көбөшкө каргыш окушуп.
Кыргынчалдай капырга,
Кыйшык тилдүү жакырга,
Наалатты кабат көп айтып,
Кайта-кайта бек айтып.
Кудай бардыр Жакып – деп,
Бузукту салды ал капыр,
Балдарына такып – деп.
Кудай бардыр Кыргыл – деп,
Кыйшык сөздү арбытып,
Кыргыл доңуз кылдың – деп.
Арстан Манас дүйнөдөн,
Тукум курут болду – деп,
Манастан калган көп дүйнө,
Абыке, Көбөш алты арам,
Олжолоп алып онду – деп.
Какбаш Жакып көр Көбөш,
Жер көтөргүс чыр кылды,
Акыр заман калкына,
Түгөнгүсүз ыр кылды.
Манастын арты ой тобо,
Как ушундай болбосу,
Сасыган акмак арамдар,
Кабылган Манас баатырдын,
Конушуна конобу!
Каныкей какшап талаада,
Калат деген эмине,
Ак байбиче чыйырды,
Кыйгыл сууга зар болуп,
Калат деген эмине!
Кабылан Манас өлбөй кал,
Аргын, ногой баарысы,
Бул мүшкүлдү көрбөй кал,
Бул өңдөнгөн кордукту,
Кадыр алда-күдрөт,
Бендесине бербей кал!
Сүйсө катын ийилчү,
Сүйлөшсө тилге кирүүчү,
Сүйбөгөнгө зордук жок,
Мындай жаман кордук жок!
Медер кылып баласын,
Эр жеткенче күйүүчү,
Эптеп-септеп жан сактап,
Эл ичинде жүрүүчү.
Калың, кара-көпчүлүк,
Калабалуу Көбөштү,
Аркасынан тиилдеди,
Калабалуу көр Көбөш,
Артын байкап билбеди.
Жалгызын жайлап салдым – деп,
Долунун бешин алдым – деп,
Көбөш турат баркылдап,
Кумардан чыгып кандым – деп.
Алып келген олжону,
Ортоңорго салдым – деп.
Казынанын арбынын,
Хан атам Жакып алсын – деп,
Ак ордону бүлдүрбөй,
Абыке кургур алсын – деп,
Албас болсо Абыке,
Ак ордо менде калсын – деп.
Кой менен төөнү айдатып,
Койчуларын шайлатып,

Өзүм ээлеп алам – деп.
Кара буурул жылкыны,
Өрүшкө айдап таштады,
Көөсөр Көбөш чатырап,
Калбалуу ишти баштады.
Манастан калган жарак,
Муну да бөлүп алам – деп,
Чалгынды баатыр чалуучу,
Чаңдатып жылкы алуучу,
Абыкедей жамандар,
Ооруктa жатып калуучу.
Жоо жарактын баарысын,
Ортого алып келгени,
Талаш – тартыш кылбастан,
Ынтымак менен бөлгөнү.
Манастан калган сезгиз мүлк,
Жоо жарагы тегиз мүлк.
Бадана – соот, ак добул,
Хан Жакып алды мүлкүм – деп,
Ак келте менен олпокту,
Болот учту найзаны,
Андан башка канчаны,
Ач албарс менен балтаны,
Көбөш алды мүлкүм – деп,
Бир катынга тең болбой,
Абыке акмак жүрсүн – деп.
Көбөштү мээнет чырмады
Иш бузулуп ырбады,
Жетим менен жесирге,
Кайрылып ырай кылбады,
Өз билгенин кылганы,
Колунан келген иштердин
Кылып алып тынганы,
Бул кылышың чеки – деп,
Аргын менен ногойдон,
Бетине бирөө чыкпады,
Үн дебей баары ыктады.
Аны менен тим турбай,
Алаптаган көр Көбөш,
Каарданым бакырды,
Аргын менен ногойдун,
Бирин койбой чакырды.
Чакырып Көбөш кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
«Аргын, ногой калың журт,
Сөз айтамын баарың ук,
Жашың менен карың ук!
Каныкейдей долуга,
Бириң кайыр бербейсиң,
Бириң балан дебесиң,
Жанына жакын келбейсиң!
Бириң жакын келгенде,
Бириң балан дегенде,
Башың кетет өлүмгө,
Малың кетет бөлүмгө,
Ишенгиле сөзүмө!
Арзан дебе өзүмдү,
Мындан кийин калайык
Эки кылба сөзүмдү,
Таанығыла өзүмдү,
Манастын атын өчүрдүм,
Калаалуу коргон ордосун,
Бузуп баарын көчүрдүм!
Манастан Көбөш кем бекен,
Көбөштөн Манас эр бекен.
Ар качандан бир качан,
Абыкенин кордугу,
Артык өтөт зордугу.
Акылы артык ыктуусуп,
Каныкейдей долуга кошоматын койбоду,
Акмакты кудай оңдоду!

## КАНЫКЕЙДИН КАЧЫШЫ

Акылман Бакай кеби бар,
Аныктап айтчуу эби бар,
Арка кылчуу Бакайда
Атпай аргчын, көп ногой,
Алты сан кара эли бар,
Манасым орду куру эмес,
Семетейде деми бар,
Кайрат кылар эби бар.
Көбөш чаап алыптыр,
Кабылан Манас баатырдын,
Ордосу каран кылыптыр,
Чыйырды менен Канышты,
Талаага таштап салыптыр.
Байдын уулу эр Бакай,
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Ордунан туруп октолуп,
Тура албастан токтолуп,
Колун суугa салганы,
Кол дааратын алганы.
Бутун суугa салганы,
Бут дааратын алганы,
Төрт ирекет багымдат,
Тактап окуп алганы.
Куран окуп табыштап,
Арстан Манас баатырдын,
Арбагына багыштап.
Эрте намаз окуду,
Көк тулпарды токуду.
Үйүнөн чыкты атганып,
Манастын атын жатка алып.
Арстандан калган бир туяк,
Жалгызды барып көрөйүн,
Учурашып келейин!
Чыйырды менен Канышка,
Чындап  кайрат айтайын,
Учурашып кайтайын!»
Аны ойлонуп эр Бакай,
Келе жатып караса,
Таластын ичи чаң болгон,
Манастын айылы көрүнбөйт,
Бул эмне болу – деп,
Айран – азыр таң болгон.
Чындап байкап караса,
Бирин-серин бастырган,
Жан көрүнбөйт Бакайга,
Жакын жерде жайылган,
Мал көрүнбйт Бакайга.
Өрөпкүй түшүп жүрөгү,
Кандай жорук ушул  иш,
Түшүмдө көрдүм укмуш иш!
Астындагы көк тулпар,
Маңкаңдата бастырып,
Беңкеңдете желдирип,
Абдан тиктеп караса,
Арстан Манас журтунда,
Каргадай болуп ошондо,
Эки караан көрүнөт,
Көргөнүндө Бакайдын,
Көнүлү чочуп бөлүнөт.
Кашайгырдын көзүнө,
Кара кал басып конбосо,
Караан десем каргадай
Карга десем кузгундай,
Бул эмне укмуш ай!
«Акмак Көбөш  оолугуп,

Келип чабуул койгон бейм,
Атаганат арманай,
Жалгыздын көзүн ойгон бейм,
Канга көөдөк тойгон бейм,
Чапканын Бакай туюнду,
Эки көздөн аккан жаш,
Сакалы ылдый куюлду.
Көк тулпарды каргытып,
Арманын катуу арбытып.
Жетип Бакай караса,
Буулут кулуу Каныкей,
Муңканып ыйлап болкулдап,
Наалып турат солкулдап,
Семетейди кучактап,
Көзүнүн жашы бурчактап.
Бакайды көрүп Чыйырды,
Бакырыкты салыптыр,
Баштагы күнү көр Көбөш,
Тыйпыл чаап алыптыр.
Мына ошондо Бакайдын,
Алакандан чаң чыгып,
Эки көздөп куюлуп,
Кан аралаш жаш чыгып.
Хан Бакай ыйлап зыркырап.
Каныкей ыйлап чыркырап.
Карыганда хан Бакай,
Какшап ыйлап басылбай,
Капалыгы жазылбай,
Кардыгып үнү ачылбай.
Хан Бакай айтып арманын,
Манастан кийин калганын.
Атанын арман дүнүйө,
Арбыды ардык күнүгө.
Сакалымдын агында,
Сапарым чукул чагымда.
Бул кордукту көргөнүм,
Манастан мурун өлбөдүм!
Мурутумдун агында,
Бул дүйнөгө карабай,
Бурулбай кетер чагымда.
Өлбөй туруп өлдүмбү,
Баркымды билбес иштердин,
Өкүмүнө көндүмбү!
Арстаным Манас барында,
Аргымак минип, куш салып,
Аркырап турган чагымда.
Алтын менен күмүшкө,
Бөлөнүп турган чагымда,
Айкөл Манас султанга,
Жөлөнүп турган чагымда.
Бадышалык багында,
Бакайың турган тагында,
Ошондо өлбөй не болдум,
Манастын асман чагында!
Калың  ногой калкымдын,
Качып чыктым четине,
Алты армдын акыры,
Тура албадым бетине.
Айылдан чыккан жоо койбойт,
Арамдар акыр соо койбойт!
Ой, Каныкей кулунум,
Акылыңды жыйнагын,
Алла башка салган соң,
Аманат жаның кыйнагын!
Айткан тилге кире көр,
Арамдар саат кылбасын,
Жалгызынды колуңдан,
Дагы тартып албасын,
Эми Кара хан көздөй жыла көр!
Кайда кетмек элем – деп,
Азыр сени ойлобой,
Дүнүйөгө тойунуп,

Арамдар жатат элендеп.
Каныкей кеткен Темирге,
Жалгызды кармап бетиңе,
Мен турамын жан сактап,
Калың элдин четине.
Мага да Көбөш асылар,
Ала койбос Бакайды,
Акылы жок ит көөсөр,
Азапка башы чатылар!
Акылдуу эле Абыке,
Абыке мага таарынар,
Арстандан калган бир туяк,
Абаке эмне үчүн качырдың,
Арманын айтып зар ыйлар!
Жайлоосу Ала-Тоо болор,
Сары жоонун баары жоо,
Акырында тынчыбай,
Абыке мага жоо болор!
Ушу баштан камынып,
Арамдарга бастырбай,
Бекке боюм салармын,
Теңдигим бербей иттерге,
Тең кармашып калармын,
Жалгыздын төөсүн багайын,
Арстаным Манас айкөлдүн,
Арбагын актап салайын!
Аман жетсең Букарага,
Арстандан калган жалгызга,
Жетимдин ашын ичирбе!
Жакшы баккын жетимди,
Тулпарымдын туягы,
Ташты басып кетилди,
Сазды басып жетилер!
Арыган ат семирчүү,
Ачкан курсак тоюнчу!
Толкуган дайра, Чалкар-Көл,
Акыры бир күн соолучуу!
Теңиз элек чайпалдык,
Терек элек жыгылдык!
Кезекти кудай берер дейм,
Колуңдагы жалгызың,
Аман жүрүп чоңойсо,
Кезегиң алып берер дейм!
Аман жетсең Букарага,
Кармап бергин молдого,
Кат окуткун кожого!
Ата жөнүн билгизбе,
Акылсыз менен жүргүзбө!
Он бешке жашы толгондо
Оолугар кези болгондо
Ак бараң мылтык аттыргын,
Ар өнөргө маш кылгын!
Атасын тарткан эр болор,
Азирети шер болор!
Топ олуя бириккен,
Тобосунан бүттү эле,
Тоодой Кошой олуя,
Батасынан бүттү эле!
Он бешке жашты толгондо,
Ороңдогон душманга,
Ойношор кези болгондо.
Балтыр эти толгондо,
Балбан кези болгондо,
Уюган чаңга кирерде,
Уруштун ыгын билерде.
Ата жөнүн билгизин,
Айтып жолго киргизгин!
Элдин жөнүн билгизгин,
Эргитип жолго киргизин!
Аман келсе Таласка,
Арамдан алар өчүмдү,
Өч алганын көрөмүн,

Албаса кудай өзүмү!
Кеткенден алар кегимди,
Кек алганын көрөрмүн
Кетирбесе эбимди!
Ач албарсын май кылар,
Арамдарды жай кылар!
Айтып турган сөздөрүм,
Текебер болуп кетпесин,
Мен өңдөнгөн карыптын,
Тилегин кудай эптесин!»
Кеп айтканда – деп айтат.
Кара ханга абаке,
Мен барбаймын! – деп айтат
Атамдан көөнүм калды эле
Ак тулпарын мен сурап,
Үч төркүлөп барганда,
Сараңдык кылып салды эле!
Анда Бакай мындай дейт:
«Каныкей андай дебегин,
Ырысымды жебегин!
Кара хан барсаң батасың,
Анда тынчып жатасың!
Башкага барып батпайсың,
Эгерим тынчып жатпайсың!»
Эми Бакай баркылдап.
Ак сакалы жаркылдап.
«Эми турбай бул жерге,
Мен айылга барайын,
Ат менен азык даярдап,
Анан келип калайын,
Аман-эсен силерди,
Алыскы жолго салайсын!»
Көк тулпарын кыргытып,
Акыл Бакай абакең,
Ак сакалын жаргытып.
Салып келип жылкыдан,
Эки ат кармап келгени,
Кайра тартып хан Бакай,
Үйүн көздөй желгени.
Бир борук союп бышырып,
Ээр, токум, басмайыл,
Бар шайманын бүтүрүп.
Эки чанач сүт алып,
Эки семиз күч алып.
Кара ханга кат жазып,
Айтар сөздөн калтырбай,
Аялдабай бат жазып.
Кайра тартып хан Бакай,
Каныкейге келгени,
Ат үстүнө мингизип,
Эми сөзгө киргени:
«Ой, Каныкей кургурум,
Акылыңдан шашпагын,
Мен айткан жолдон жазбагын!
Жол маанисин айтайын,
Амандашып өзүңө!
Салып ийип жолуңа,
Анан кийин кайтайын!
Тетиги кашкайып турган кашка жол,
Кашкарга барат ошол.
Анын быяк жагында,
Бөктөргөн кеткен кара жол,
Бээжинге барат ошо жол
Туура кеткен туура жол,
Индостан барат ошо жол,
Жетиген жакка бурулган,
Сызгандай болгон тегиз жол,
Ишберге барат ошо жол.
Жоргодон түшүп бөлүнгөн,
Бет маңдай да көрүнгөн,
Эңкейиш кеткен эң күү жол,
Кең Букар барат ошол.

Башка жакка кайрылба,
Ушул жолдон айрылба!»
Каныкей анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Айланайын абаке,
Азып калган экенсиң,
Артыкча ыйлайм – деп жүрүп,
Акылыңдан бир кыйла,
Шашып калган экенсиң!
Ак күмбөзгө баралы,
Ак курандан биз окуп,
Арстаныңа биз эми,
Амандашып алалы,
Анан жолго салалы!»
Абакеси, айтканың акыл – деп,
Уга турган макул – деп.
Ак күмбөзгө барышып,
Аттарын байлап салышып.
Кулкулдабат сүрөөнү,
Абакеси хан Бакай,
Куп окуду ошону.
Табаректи так окуп,
Ясындан дагы окуп.
Аяттан окуп табыштап,
Арстан Манас баатырдын,
Арбагына багыштап.
Окуп куран болгону,
Алакан жазып, кол ачып,
Бата кылып койгону.
Чыйырды ыйлап чыркырап,
Каныкей ыйлап буркурап.
Мына ошондо Каныкей,

## КАНЫКЕЙДИН АРМАНЫ

Арстаны менен коштошуп,
Карып болгон байкуштар,
Айры-төөдөй боздошуп.
Арстан төрө султаным,
Бул жалгандан өткөн соң,
Акырет жайга кеткен соң,
Арканда калган жалгызга,
Тууганың болду душманың,
Мен бей таалай Каныкей,
Ичимде кетип баратат,
Арылбаган бушманым,
Токсондо энең калтырып,
Жалгызың турат жалдырап.
Сан жетпеген көп малды,
Алты арамга тарттырып,
Берип кетип баратам,
Барарыма жер таппай,
Батарыма тоо таппай,
Тайган иттей бүрүштөп,
Желип кетип баратам,
Санат жеткис калың мүлк,
Чачып кетип баратам,
Кара жан батпай Таласка,
Жалгызыңды көтөрүп,
Качып кетип баратам.
Балтырымды жоорутуп,
Эзип кетип баратам,
Кордукту катуу мен көрүп,
Арамдардан чочунуп,
Алыскы Букарга,
Безип кетип баратам!
Энең каары, балаң жаш,
Арстаным сенден айрылып,
Эмгекти тарттым шордуу баш,
Атаң как-баш баш болуп,
Ага-иниңдин боору таш!

Аргын, ногой эл калды,
Ала-Тоо, ногой эл калды!
Артыңды кудай оңдосун,
Арбагың азыр жар болусун!
Качып барып шордуу жан,
Жалгызыңды калкалап,
Аргын менен ногойго,
Аким болуп, дөө болуп,
Арамдар калды чалкалап,
Качып барам мен шордуу,
Кара ханды аркалап.
Айнегиң калды ачылып,
Алтының калды чачылып,
Мен Каныкей бей таалай,
Арманым турат ашынып,
Алыска тентип баратам,
Кара боюм жашырып!
Күпкөдөн башың ачалып,
Күмүшүң калды чачылып,
Күйүтүм турат ашынып,
Күймөлүп тентип баратам,
Көрүнбөй боюм жашырып!
Алакчы жалган дүйнөдө,
Алты өзөн толгон мал калдың,
Алты үйгө толгон зар калдың.
Алганыңдын баарысын,
Айнектей сулуу жар калдың,
Алыша келген душмандын,
Кең дүйнөсүн тар кылдың,
Акырында арстаным,
Мен Каныкей бейбакты,
Аркаңа таштап дал кылдың,
Адамдан башка кар кылдың!
Азып кетип тараган,
Аргын менен ногойду,
Ар жерден жыйып эл кылдың,
Ала-Тоо күтүп жер кылдың,
Алыша кеткен душманды,
Ичин толо дем кылдың,
Аргын менен ногойду,
Ар жерден жыйып эл кылдың,
Ала-Тоо күтүп жер кылдың,
Алыша кеткен душманды,
Ичин толгон дем кылдың,
Аргын менен ногойду,
Ай ааламга тең кылдың,
Акырында арстаным,
Ааламдан жыйган дүйнөңдү,
Арамдарга тең кылдың,
Алганың мендей бейбакты,
Ар жандардан кем кылдың!
Узун боюм бас болуп,
Кызыл өңүм саз болуп,
Өз атаң чочко кас болуп,
Арамдар боору таш болуп,
Акылдан айнып турамын,
Арак ичпей мас болуп!
Айдай жүзүм бул күндө,
Ыраңым өчүп жез болуп,
Моюнум кылдай кез болуп,
Акылдан азып турамын,
Жин тийгендей нес болуп!
Ак жүзүм куурап чөп болуп,
Арманым жандан көп болуп,
Ага-иниң мага өч болуп,
Баштагы көргөн жыргалым,
Карматпай кетти колума,
Көчүп кеткен көч болуп!
Арстаным көзуң барында,
Артыкча дөөлөт туш болуп,
Ашыра көргөн түш болуп,
Арстаным көзуң өткөн соң,

Ал дөөлөт кети башымдан,
Айланып учкан куш болуп!
Арстаным көзүң барында,
Ар шаймандын баарысы,
Алтын, күмүш жыш болуп,
Арстаным көзүң өткөн соң,
Жайкы күнүм кыш болуп,
Ааламга калдым мыш болуп,
Артыкча тардык заман бул,
Айкөлүм жаткан кең Талас,
Алыска кеттип мен барам,
Айланып кайта келемби,
Же келе албастан Букардан,
Арманда бойдон өлөмбү?
Асыл жер Талас аман бол,
Арстаным калды аманат,
Ата мекен конушум,
Таласым жаткын саламат»
Бул сөздү айтып Каныкей,
Көзүнүн жашын көл кылып,
Көлбүгүп ыйлап турганы,
Мурдунун суусун,
Булак кашка суу кылып,
Муңканып ыйлап турганы.
Анда Бакай күүлөнүп,
Каныкейге сүйлөнүп:
«Сабыр кылгын Каныкей,
Ыйдын түбү ый болот,
Сыйдын түбү сый болот!
Минте берсең Каныкей,
Дагы бирди көрөсүң,
Алла-таала кудайдын,
Өкүмүнө көнөсүң!
Баштагылар өлбөсө,
Пайгамбарлар канаке,
Мурункулар өлбөсө,
Муштаиттер канаке!
Мындай бошой берсең сен,
Медер кылган жалгызды,
Суугa чыккан жалгызды!
Белиңди бекем буугунуң!»
Күмбөздүн ичи күңгүрөп,
Адамдын үнү өңдөнүп,
Доош чыкты дүңгүрөп,
Токтолбостон эр Бакай,
Каныкейди ошондо,
Жетеледи «жүргүн» – деп.
Маңкаңдата бастырып,
Деңкеңдете желдирип.
Көк тулпарды каргытып,
Артынан чаңын баргытып,
Жашырып чаңын чаргытып.
Күйүктүн белин ашырып,
Күйүт тарткан Каныштты,
Жоргонун белин ашырып,
Жобонуп турган Каныштты,
Бул Таластан качырып,
Кабак жерге жашырып,
Чыйырды менен Канышка,
Колун кармап көрүшүп,
Алмак салмак ошондо,
Семетейдин бетинен,
Шуркурата өбүшүп,
Кайра тартты эр Бакай.
Обуракктар колдо – деп,
Жолго салды Каныкей.

## БАКАЙДЫН АБЫКЕ, КӨБӨШТҮ ЖЕҢГЕНИ

Кабылан Бакай абакең,
Баскан изин жашырып,
Каныкейдей КаныштЫ,
Бул Таластан качырып.
Арамдарды жазгырып,
Асмандан булут кутултуп,
Арстандан калган жалгызды,
Арамдардан кутултуп,
Кайта келип айылына,
Алтымыш үйлүү аргындын,
Жаккан отун өчүрүп,
Жалпы баарын ошондо,
Үч-Кошойдун туюкка,
Алып барды көчүрүп.
Азаматын ыктантып,
Жоо жарагын мыктантып,
Өз жанына бекинип,
Колунан келсе арамдар,
Акыры бирди кылат деп,
Арамдардан шекинип.
Кадиктүү жолго кароолду,
Келеер жолго чыңгоолду,
Кезек менен койдуруп,
Жаанын огун чойдуруп,
« Арамдар сага кылам деп,
Арганды мыктап түгөтүп,
Анан Каным тынам деп,
Жатты Бакай камынып,
Туюк төргө жамынып.
Мына ошондо баягы,
Анжиян кеткен Абыке,
Ал дагы келип калыптыр,
Манастын айылы чабылган,
Келип көзү көргөндө,
Айран азыр калыптыр,
Семетей өлдү дегенде,
Абыке боздоп зыркырап,
Абыкеге кошулуп,
Атпай аргын, ногойлор,
Баарысы ыйлап буркурап,
Ченем-чендүү күйбөдү,
Көбөштүн кылган кылыгын,
Эч бир адам сүйбөдү,
Сүйбөгөндөн Көбөшкө,
Абыке катуу сүйлөдү:
Акмагым сенде  акыл жок,
Манаста итим акың жок,
Өз тууганын өлтүргөн,
Бендеде сендей каапыр жок!
Жалгызды союп таштапсың,
Уккан менен көргөнгө,
Жаман үлгү баштапсың,
Өрттөнгөн Көбөш оңбогур,
Эгерде эки болбогун!
Өлөйүн десем жан татты,
Ким көргөн мындай жорукту,
Кирейин десем жер катуу.
Манастан чыккан жалгызды,
Сууга чыккан жалбызды,
Өлтүрүшүң болобу,
Акыры түбү биздин да,
Тукумубуз оңобу!
Тукумубуз оңбойт ко,
Кезек экөө, кудай бир,
Кылганың жетип башыңа,
Акырысы түбүндө,

Бизди да бирөө сомдойт ко,
Акыр заман журтуна,
Айтылып калчуу кеп болду,
Акмак ит сенин бул ишиң,
Атпай журтка кек болду,
Акмак – айбан билбейсиң,
Же айткан тилге келбейсиң,
Билбеген соң Кара көр,
Көтүңдү кысып жүрбөйсүң,
Адаммын деп бастырып,
Ат башын кантип бурасың,
Калайык калктын ичине,
Жайланып кантип турасың,
Токо наалат моюнуңа,
Илинди го ит Көбөш,
Итчилигиң кылымга,
Билинди го ит Көбөш,
Манастан тукум калган жок,
Кандай арга кыламын,
Укпаган адам бар беле,
Айкөл баатыр Манасты,
Атаганат арман ай,
Ушу жалган дүйнөдө,
Манаска кимдер жанашты!
Ойлонуп акмагым,
Жер жүзүндө алп-дөөлөр,
Сага жердетип койбос Таласты,
Абыке ыйлап өкүнүп,
Камчы сабын таянып,
Өбөктөп ыйлап өкүрүп,
Арманын айтып өкүнүп,
Айланбадым жалгыз деп,
Аласалып өкүрүп,
Оң бөйрөгүн таянып,
Оенум Манас деп ыйлап,
Оолугуп кургур көп ыйлап,
Сол бөйрөгүн таянып,
Солтонум Манас деп ыйлап,
Солкулдап жатып көп ыйлап,
Акыр заман журтуна,
Айтылып калдым жаман ат,
Ааламга кылбай маскара ат,
Абыкени ала жат,
Как баш Жакып кылдыңбы,
Не кылып ийди жаш бала,
Кылып алып тындыңбы,
Ырысы каткан бул мени,
Кылымга шылдың кылдыңбы,
Ай Каныкей кутургур,
Кереметтүү кашка эле,
Керети журттан башка эле,
Баласын сага сойдурбай,
Бир айланы тапкандыр,
Акылын артык ашырып,
Баласын аман каткандыр,
Манаска кудай жар болгон,
Ар кылган иши шар болгон,
Асылышкан душмандар,
Алы келбей Манаска,
Астына келип жыгылып,
Акыр өзү кар болгон!
Манастан тукум калгандыр,
Акмак-айбан Көбөштүн,
Өлтүргөнү жалгандыр,
Акылын жыйып Абыке,
Кайта баштан түзөлүп,
Семетей аман экен – деп,
Өзүнө өзү ишенип.
Абыке турду айкырып,
Айылындагы жигитти,
«Бачым кел» – деп чакырып.
«Жан жабыла аттанып,

Таластын баарын аңтарып,
Каныкейди карайлы,
Таап алсак ишке жарайлы.
Атка минип алганы,
Тоо-таштын баарын арытып,
Куруп калган Абыке,
Үмүт кылып табам – деп,
Каныкейди карады,
Ал аңгыча бир адам,
Жолдон чыгып кеп айтат,
Кеп айтканда – деп айтат:
«Эки катын бир бала,
Коштоп алып хан Бакай,
Бел ашырды» – деп айтат.
«Бир жума болду кеткени,
Ушу күндө ошолор,
Самаган жерге жеткени»
Аныгын угуп Абыке,
Андан бетер кайгырды,
Акылынан айрылды.
«Атаганат арман ай,
Кандай арга кыламын,
Ичим толгон убайым,
Азапка кантип чыдаймын,
Какбаш Бакай качырбай,
Мен куу жолтой келгиче,
Аман эсен Каныштты,
Катып турса не болот.
Тынчтык алып аз күнү,
Айланайын жалгызым,
Жатып турса не болот.
Бакай сага кылайын,
Кылып жаным тынайын.
Бакай сенден өлөйүн,
Сага бир иш кылбасам,
Туулбай туна чөгөйүн!»
Ал сөздү айтып Абыке,
Айгай салды бакырып,
«Атаңдын чоролор,
Келгиле – деп кыйкырып,
Абыке үнүн укканда,
Көөдөк Көбөш баш болуп,
Чоролордун баарысы,
Кыргынчал чочко карысы,
Баары келип калышты,
Найзаны колго алышып,
Кылычты белге чалышып.
Мылтыктарын октошуп,
Миңден, жүздөн топтошуп,
Байрак кармап колуна,
Бакайга казат кылууга,
Баарысы эсеп аттанды.
Үч-Кошойдун башында,
Туюк-Төрдүн жолуна,
Туюк-Төрдүн чатына,
Салган бойдон барышып,
Урушту ойго алышып,
Эми Абыке кеп айтат,
Кеп айтканда – деп айтат.
«Эки киши ылгалып,
Хан Бакайга баргыла,
Өзүнөн жооп алгыла,
Төөгө минип ал Бакай,
Жашынбасын эчкиге,
Ал киши жакпайт эч кимге,
Жоргонун белин камышка,
Ашырыптыр ал Бакай.
Чоң Кең-Колдон Каныштты,
Качырыптыр ал Бакай.
Изин салып башкага,
Жашырыптыр ал Бакай.
Таап берсин Каныштты,

Таап бербесе Канышты,
Көргүлүктү көрөт де,
Аксакалдуу чагында,
Ажалдан мурун өлөт де,
Абыке сөзүн жат алап,
Эки азамат аттанып,
Элчиликке келдик – деп,
Эр Бакайга кеп салды,
Эр Бакайды жеп салды.
«Андай болсо акыр – деп,
Кудай мага бериптир,
Бул силерге баатыр – деп,
Кайта үйүңдү көргөзбөй,
Өлүм кылам азыр – деп,
Кыйкырык салып эр Бакай.
Кылычын колго алганы,
Катарынан элчини,
Баштарын чаап салганы,
Өчүмдүн алдын алдым – деп,
Көксөсү сууп калганы.
Кечиккен соң элчилер.
Капаланып жана үчтү жиберди,
Бакайга барган элчини,
Ажал ооруп имерди.
Экөөнүн башын алганы,
Аман коюп бирөөнү,
Көргөнүңдү айткын – деп,
Кайтарып жолго салганы.
Кутулган элчи барганы,
Абыке менен Көбөшкө,
Көргөнүн айтып салганы,
Колун айдап көр Көбөш,
Чабуул коюп калганы.
Байтайлак – деп бакырып,
Манастап ураан чакырып.
Оңго ооп бир атып,
Каптап келген кошундун,
Он чактысын сулатып.
Солго ооп бир атып,
Толкуп келген кошундун,
Дагы ондоюн сулатып.
Мына ошондо көр Көбөш,
Жутмак болду какбаш – деп,
Кайра качып калганы,
Эр Бакайдын эрендер,
Көөшөрө кууп алганы.
Алдына каршы келгенде,
Андан алысыраагын,
Найза менен найзалап,
Ак бараң үнү күркүрөп,
Абыке менен Көбөштүн,
Азат бою дүркүрөп,
Асмандан булут тутулду,
Абыке, Көбөш ошондо,
Арстан бакай абаңдан,
Араңдан качып кутулду,
Мына ошондо эр Бакай,
Куубагыла эми деп,
Өлтүрбөңөр деги – деп,
Куугуну токтоп калганы,
Өлгөндөрдүн аттары,
Алтымыш болду санаса,
Олжого баарын алганы,
Алтымыш өлгөн өлүктү,
Жыйып алып баарысын,
Жерди терең ойдуруп,
Кепиндетип баарысын,
Аңгекке баарын койдуруп.
Хан Бакай жатты жай алып,
Туюктун төрүн таянып.
Анда Абыке мынлай дейт:
«Акмак Көбөш тил албай,

Кара жерге майлаттың,
Акылы ашык Бакайга,
Алтымыш эрди жайлаттың,
Семетей аман кетиптир,
Акыры түбү баладан,
Бизге балаа жетиптир.
Бул Таластан кетели,
Кулак уккус көз көргүс,
Көй-Капка ооп кетели.
Бул Талас биске жер болбойт,
Акмагым ойлоп билбейсиң,
Аргын, ногой эл болбойт.
Жалгызга кудай жар болот,
Арстандан жалгыздык,
Ар кылган иши шар болот.
Жалгызга бекер катылдың,
Акырында Көбөшүм,
Азапка башың чатылдың!»

## КАНЫКЕЙДИН БУКАРГА БАРГАНЫ

Бул сөз таштап коёлу,
Муңдуу Каныш, Каныкей,
Качпады беле Букарга,
Кабарынан бололу!
Акылы ашык Каныкей,
Өзү көргөн жол менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Өрдөк жаткан көл менен,
Күдүрлөгөн бор менен
Күркүрлөгөн шор менен.
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Сыр дарыяга барганы,
Тереңин көрүп дайранын,
Каныкей, Каныш ошондо,
Айран-азыр калганы.
Дайраны кечиш бекер – деп,
Биз өлсөк мейли,
Кара көзүм кашайып,
Жетимим суура кетер – деп,
Дарыя бойлоп Каныкей,
Жана түштүк барыптыр,
Жээкте турган кемени,
Азыр көрүп алыптыр,
Жакын барып Каныкей,
Кемечиге кеп айтат,
Акыңы алып кемеси,
Дарыядан өткөрүп,
Саласыңбы – деп айтат.
Кемечи айтты салам – деп,
Бергениңди алам – деп.
Жанчыгында бир дилде,
Кемечиге бергени,
Кемечи аны алганы,
Түшүрүп алып кемеге,
Чыгарып акыр салганы.
Жана жүрдү Каныкей,
Букарга жакын барганда,
Үч күндүк жол калганда.
Аттын жонун сергитип,
Аял кылып өргүтүп,
Аттардын жону эзилип.
Ар жеринен жешилип.
Аркасы чирип оюлуп,
Жон териси союлуп.
Түгөнүп туяк бөлүнүп,
Турасы чыгып көрүнүп,
Жоор болуп арыктап,
Азапты көрдү аныктап.
Ат арыктап баспады,
Каныкей андан шашпады,

Баспаган жерге таштады,
Акылы тунук Каныкей,
Мындай кылык баштады,.
Мурун мындай көрбөгөн,
Мындай башка келбеген.
Кудурет салса пендеси,
Көтөрөт экен ар ишти,
Ар кандай укмуштар ишти,
Этегин кайра кыстарып,
Эми кылды кайратты,
Чыйырды көзүн жайнатты.
Белин бекем курчанып,
Баланы салды койнуна,
Чындап жаны кашайып,
Чыйырды минди мойнуна,
Каныкей басты чамданып,
Кайраттанып шаңданып,
Чыйырды келет чыңырып,
Кайсы жерде өлөм – деп,
Өлбөсөм бир күн сенделип,
Темир ханды көрөм – деп.
Үч кун, үч түн басканда,
Таман эти жооруду,
Сөөгү катуу ооруду,
Таманы шишип мөлтүрөп,
Басалбай Каныш тентиреп.
Балтыры шишип оюлуп,
Териси бөлөк союлуп.
Кантер айла таба албай,
Кара көзү коюлуп,
Күнү-түнү алты күн,
Катарынан жөө басып,
Арманы ашып өңү асып,
Ичейин десе тамак жок,
Илгери басар дарман жок.
Каныкей менен Чыйырды,
Ыйлап турду амал жок.
Семетей ыйлап Канышка,
Кыйнап турган убакта,
Дөөлөтү качып мээнети,
Ырбап турган убакта.
Темир хандын шаарына,
Жетип калган кези экен,
Каныкей айтпайт энеге,
Кең Букардын өзү экен.
Мына ошондо бир киши,
Каныштын келди кашына,
Ал келген таң калды,
Каныкейдей Каныштын,
Көзүнөн аккан жашына.
Кашына келген кишиден,
Сөз сурады Чыйырды,
Карыган байкуш кыйналып,
Көрүп келген кыйынды.
Чыйырды эми кеп сурайт,
Темир хандын элинин,
Шаары кайда? – деп сурайт.
Келген киши кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Темир хандын энеке,
Шаары ушул» – деп айтат.
Бул шаардын атын Букар дейт,
Жер жүзүндө адамдар,
Букардын атын угар, дейт.
Чыйырды турду түйүлүп,
Кабарын угуп сүйүнүп.
Чыйырды эми кеп баштап,
Кеп баштаса деп, баштап.
«Балам-уктуң бекен, жок бекен,
Баатыр-султан Манас – деп,
Жери Кең-Кол, Талас – деп.
Безилдеген мен кемпир,

Мен Манастын энеси,
Алдымдагы жаш бала,
Манастан калган керээзи.
Өзүңдүн эжең Каныкей,
Бул Манастын зайыбы,
Эркелеткен айымы.
Ушул эжең Каныкей,
Темир хандын кызыдыр,
Манасынан айрылып,
Көргөн күнү ушудур!
Кармап турган жаш бала,
Манастан калган белек – деп,
Барып айткын Темирге,
Каныкей кызың келет – деп.
Каныкей айтып какылдап,
Темир хандын жанына,
Барбаймын – деп, жакындап.
Ата ушундай болчубу,
Бала мендей болчубу!
Арстанам султан өлгөндө,
Башына балаа келгенде,
Ат бастырып барбады,
Жайың кандай балам – деп,
Жайымдан кабар албады!
Бара албаймын Темирге,
Болбогун бекер убара,
Темир ханга баргандан,
Болгонум артык дубана!»
Чыйырды анда кеп айтат,
Кеп айтканда – деп айтат:
«Долу десе Каныкей,
Арданасың эсиң жок,
Какылдабай тим тургун,
Калкта сендей кесир жок!
Баргын балам Темирге,
Кудагыйың келди – деп,
Каныкейиң кашында,
Анык көзүм көрдү – деп.
Жалгыз жээниң Семетей
Кудагыйы Чыйырды,
Жаны курсун темселеп,
Далай бастым кыйырды.
Экөөбүздү көтөрүп,
Каныкей көрдү кыйынды!
Келген киши кеп угуп,
Кеп укканда эп угуп,
Темир ханга батыраак,
Кабар берем деп угуп,
Кабарчы кайра жөнөдү,
Темир ханга барам – деп,
Каныкейдин келгенин,
Айтып кабар салам – деп.
Аттын башын бурбастан,
Аял кылып турбастан.
Кабарчы барды Темирге,
Тамаша бар кебинде.
Барса Темир башында,
Нөкөрлөрү кашында.
Олтурган экен тактада,
Төшөлүү мамык пактада.
Барып карап турбастан.
Темир ханга кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
«Айта турган кебим бар,
Кебимди угар эбиң бар!
Жабыр көргөн жан окшойт,
Жаш баласы кашында,
Жашка толгон бир кемпир,
Минип жүрөт моюнунда.
Кепичи жок маасычан,
Кемпир менен баланы,
Бир келбетүү катын көтөрүп,

Келди Букар четине.
Аркасында бир кемпир,
Ак өпкө койдой жөтөлүп.
Кемпирдин аты Чыйырды,
Энеси дейт Манастын,
Баланын аты Семетей,
Баласы дейт Манастын,
Катындын аты Каныкей,
Айымы дейт Манастын!»
Кабарчы айтып тургады,
Ушул сөздү урганы.
Кабарчыдан кеп угуп,
Темир хан калды алдырап,
Кандай шумдук болду – деп,
Маңдайда көзү жалдырап.
«Калмактан калың кол келип,
Жерге сыйбай мол келип,
Ногой менен аргынды,
Тыйпыл чаап алганбы,
Эл кеткен соң чабылып,
Талаада кызым калганбы!
Темир ханга барам – деп,
Чыйырды жолго салганбы!
Манаска бата кылганда,
Бала-чака барганга,
Карылыкка сөөнүп,
Темир хан барбай калганга.
Таарынып балам калган бейм,
Келери мында жалган бейм,
Келбеди деп кек кылып,
Көңүлүнө алганбейм.
Жакыпты Кудай албаса,
Мындай жорук болчубу,
Баласын тозуп барам – деп,
Таарынып калса Каныкей,
Тартууга өзүм барам – деп.
Темир хан чыкты шаардан,
Санаасы тынбай баладан.
Кошоматка аттанып,
Шаарында жан калбай,
Кара, төрө, хан калбай.
Атка минип камынып,
Атпай журттун баарысы,
Алдынан чыкты жабылып.
Келсе Каныш ыйлаган,
Кемпирдин жанын кыйнаган.
Канышка Темир кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
Жайланар сөздөн көп айтат,
Жалбарып Темир эми айтат.
Аманат дүйнө жалгандыр,
Адамга келчүү армандыр!
Сексенге чыгып Темир хан,
Акылдан айнып калгандыр!
Асасына Манастын,
Бала-чака баргандыр!
Атакем кандай келбейт – деп,
Ак батасын бербейт – деп,
Бала ордуна көрбөйт – деп,
Таарынып балам калгандыр!
Өткөн иштер өтүүчү,
Өткөн бойдон кетүүчү,
Таарынып болбойт өткөнгө,
Бар Кудай оңдоор ишиңди,
Тилекке балаң жетүүчү.
Ушул кылган айбыма,
Ак тулпар атым тартуудур,
Ак тулпарга болбосоң,
Кара башым тартуудур!»
Тулпарын тартып Канышка,
Кара хан турду зарыгып,
Айбымды балам кечкин – деп,

Айтып сөзүн жалынып.
Атасы айтып турганда,
Ушундай сөздү урганда.
Каныштын көөнү ачылды,
Тартууга башын айткан соң,
Таарынычы жазылды.
Чыйырды менен Канышка,
Эки жорго мингизип,
Сандыргалуу Кара хан,
Сандыргасын билгизип.
Калк чуркурап аттанып,
Кара хан келди шаттанып.
Каныкей минип жоргого,
Кара хан келди ордого.
Эл чуркурап келгенде,
Энеси айым көргөндө.
Энеси ыйлап басылбай,
Капалыгы жазылбай.
«Каныкей кантип калган – деп,
Ичи толгон арман – деп,
Абыке, Көбөш баламды,
Айдап жолго салган – деп,
Күнү катын баласы,
Күйдүрүп малын алган!» – деп.
Ордосуна киргизип,
Касиетин билгизип.
Казынасын ачтырып,
Киш ичиктен кийгизип.
Мейманкана беш сарай,
Бекемдиги бир далай,
Алтын менен сырдаткан,
Атагы дайын ак сарай.
Каныкей менен Чыйырды,
Сунган бутун тартпастан,
Жумган көзүн ачпастан.
Кайын эне, келин сырдашып,
Жатып калды жыргашып.
Чөөлүгүп келген байкуштар,
Эс алышып алышты,
Акылы келип ордуна,
Адам болуп калышты.
Бир күнү туруп Каныкей,
Атасы менен энеси,
Өз иниси Ысмайыл.
Бул үчөөнө кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат.

## СЕМЕТЕЙДИ ЫСМАЙЫЛДЫН ТАРБИЯЛАШЫ

«Арстандан калган жалгызды,
Өткөрүп берем колуңа,
Жатындашым Ысмайыл,
Багып алгын!» – деп айтат.
Ата-эне жөнүн билгизбей,
Жетимдин кийимин кийгизбей,
Жетимдин ашын ичирбей,
Жакшылап салгын оң жолго,
Дарс окуткун молдого!»
Каныкей сөзү акыл – деп,
Уга турган маакул – деп.
Семетейди Ысмайыл,
Өз колуна алганы,
Жакшылап багып калганы.
Ысмайылдын зайыбы,
Өзүнүн аты Салкынай,
Багып алды балам – деп,
Балам өзүм-өзүм багам – деп.
Манастын жөнүн билгизбей,
Башка сөзгө жүргүзбөй,
Бура салган башкача,
Бузуку сөзгө жүргүзбөй.

Кара хан менен Ысмайыл,
Жар чакыртты элине,
Караламан калың журт,
Аким, төрө, бегине.
Кара хан элге кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Калың журтум баарың ук,
Жашы менен карың ук,
Катын бала баарың ук!
Талас, Манас дегенди,
Семетейге угузба,
Оозуңарды бекем бас,
Балакетти жугузба!
Эл ичинде нелер жок,
Оозу бош бирөө кеп кылса,
Өзүнүн сөзүн эп кылса,
Айта салса окустан.
Билинип калса кокустан.
Таарынбасын өзүмө,
Кылып салат өзүнө!
Башы кетет өлүмгө,
Малы кетет бөлүмгө!»
Деп, хандан жарлык угулду,
Калың Букар журтунун,
Жүрөгү оозго тыгылды.
Кандай адам болсо да,
Коркуп чочуп шекинип,
Оозуңарды баскын – деп,
Өз бүлөсүн жекирип.
Мына ошондо Ысмайыл,
Семетейге той кылды,
Топтогон малдар союлуп,
Букардын калкын бүт жыйды.
Семетейдин тоюнда,
Тоюнбаган тоюнду,
Топтогон малдар союлду.
Семетейге батаны,
Калк чуркурап бергени,
Акырында алардын,
Тилеги кабыл келгени.
Ысмайылдын колунда,
Жетим барган Семетей,
Үч жашка чыкты торолуп,
Күнүгө иши оңолуп,
Күндөн күнгө Каныкей,
Кайгысы кетти жоголуп.
Семетей үчкө чыкканда,
Сүннөт тоюн берүүгө,
Даярданды камынып,
Тойго келсин дегенде,
Калың журт келди жабылып.
Толгон мал союп салганы,
Тойду баштап калганы.
О дөбөдөй эт болду,
Ноот көлдөй чык болду,
Көпчүлүк тойго жык толду.
Тамаша менен таң атып,
Күлкү менен күн батып,
Тою тарап кеткени,
Антип-минтип Семетей,
Жетиге жашы жеткени.
Жети жашка чыкканда,
Кармап берди молдого,
Эртели-кечпи ойнотуп,
Аттандырып жоргого.
Тогуз жашка чыкканда,
Жазуу жазып, кат окуп,
Калети жок бат окуп,
Ак куранды жат окуп.
Он жашына чыкканда,
Акылга бала кененди,
Арабча дарс айтып,

Аалимдерге теңелди.
Ойноп жүрүп ортодо,
Жаа тартууга үйрөндү,
Эгеримде Семетей,
Бузук ишти сүйбөдү,
Бузуктар менен жүрбөдү.
Бузуктарды көргөндө,
Карсылдатып сабады,
Караңгы үйгө камады,
Кең Букарда бузуктар,
Кабарын угуп баланын,
Кайыр айталбай жадады.
Эрешен тартып эр болду,
Эл уулу менен тең болду,
Элеңдеген бузуктар,
Эсине келип тим болду.
Он бешке жашы толгондо,
Он эки мүчө тең болду,
Оң далысы кең болду,
Ойротту бузар шер болду.
Сынчылар сынга толтурду,
Он бешинде Семетей,
Тентекти тыйып болтурду.
Алтындан кемер курчанып,
Айдай бетин нур чалып.
Күмүштөн кемер курчанып,
Күндөй бетин нур чалып.
Жалгыз кылды жараткан,
Мергендиги ашынды,
Бузуктарды сазайын,
Бергендиги ашырды.
Кылычын кыя байланды,
Семетей аман турганда,
Сергишер душман кайда – деп,
Букардын көөнү жайланды.
Семетейдин кабары,
Хандарга жетип угулду,
Кабарын уккан хандардын,
Жүрөгү оозго тыгылды.
Балдардан жыйды чорону,
Жакшыдан алды жорону,
Ооз ачырбай Семетей,
Душмандын жолун тороду.
Сөзгө артыкча ыктуу болду
Семетей,
Талаага аң уулоого,
Шыктуу болду Семетей.
Сүйлөп турган сөздөрү,
Жатык болду Семетей,
Аңга чыгып жүрүүгө,
Ашык болду Семетей.
Букардан тентек тыйылды,
Акылмандын баарысы,
Семетейдин кашына,
Күндөн күнгө жыйылды.
Айткан сөзү ордунда,
Бадыл болду Семетей,
Калың Букар элине,
Кара кылды как жарган,
Адил болду Семетей.
Жоомарттыгы көрүнүп,
Калайыкка билинди,
Семетейдин мүнөзү,
Ордолуу шаар Букардын,
Даңзасына чийилди.
Калк чуркурап кеп кылып,
Кеп кылганда деп кылып:
«Атадан уул туулсачы,
Атадан уул туулганда,
Атанын жолун куусачы!
Бул Манастын баласы,
Атасын тарткан эр болду,

Кара кулак шер болду,
Кабылан Манас баатырда,
Эки жаан дүйнөдө,
Кенедей арман калган жок,
Айткан сөздө жалган жок!
Ала-Тоо бузуп жол кылар,
Алышканды кор кылар!
Туюкту бузуп жол кылар,
Тутушканды кор кылар!
Ата жайын бул укса,
Улук Букар шаарына,
Бир дем турбай кететко,
Кең Таласка жететко!
Аргын менен ногойду,
Барып колго алатко,
Абыке, Көбөш арамды,
Айдап жолго салатко!
Акыры түбү соетко,
Өлүм кылып коетко!
Акылы болсо арамдар,
Дүнүйөсүн чачсачы,
Ал Таласка ээ болуп,
Жатып албай чалкалап,
Алыс жака качсачы!»

## СЕМЕТЕЙ САРЫ ТАЗДАН АТА ЖӨНҮН УККАНЫ

Сары таз деген тың болуп,
Айткан сөзү чын болуп.
Сары таз жайын айтайын,
Жайын айтып кайтайын.
Сары таздын тек-жайы,
Тууган экен Манаска,
Арстан Манас барында,
Кыйындыгы ашынып,
Турган экен Таласка.
Манаска жакын жан болуп,
Мунун да кыйындыгы ошондо,
Аргын менен ногойго,
Көрүнүп жүр даң болуп.
Арстан Манас өлгөндө,
Абыке, Көбөш алты арам,
Манастын айылын бөлгөндө.
Кара хан кызы Каныкей,
Дүнүйөнү чачканда,
Ала качып баласын,
Букарды көздөй качканда.
Абыке, Көбөш ошондо,
Сары тазды камаган,
Каныкейди тапкын – деп,
Атка таңып сүйрөтүп,
Өлөрчө кылып сабаган.
Кишен салып бутуна,
Зоолу салып моюнуна,
Өлтүрө турган болгондо,
Асмандан булут тутулган,
Күндөдөн бошоп Сары таз,
Араң качып кутулган.
Каныкейди караандап,
Кең Букарга барыптыр,
Калың токой ичинде,
Жанын сактап калыптыр.
Ал токойдо Сары таз,
Өчүрүп көмүр көө болуп,
Бир токойго ээ болуп.
Жанын сактап өз боюн,
Күүлөп жүргөн Сары таз,
Семетей киши болсо – деп,
Тилеп жүргөн Сары таз.
Семетейди сыртынан,
Бугуп жүргөн Сары таз,

Семетей кыйын чыкты – деп,
Угуп жүргөн Сары таз.
Аңга ышкылуу Семетей,
Ак тулпар минип болкоюп,
Накери бутта чойкоюп,
Ак туйгун алып колуна,
Кырк бала алып жанына.
Былкылдаган кара саз,
Күндө барып куш салып,
Көңүлүн ачып шаттанып.
Айдың-Көлгө куш салып,
Ак туйгун салып таптанып.
Андан салып илдирип,
Мындан салдырып илдирип,
Канжыганы кырк бала,
Каз, өрдөккө билдирип.
Түш кынтайган кезинде,
Кечки салкын бешимде.
Кабылан бала Семетей
Кайта турган кезинде.
Мен токойго барам – деп,
Кызыгын көрүп бир далай,
Кыргоолго кушум салам – деп,
Ак туйгунга илдирип,
Бир далайын алам – деп.
Жөнөп калды эр Семең,
Жөлөмөлүү шер неме.
Барса токой четинен,
Аянт жагы бетинен.
Кыргоол учту барпырап,
Кыя тартып жаркырап.
Колундагы туйгунду,
Шилтеп калды эр Семең
Тап этинде кушум – деп,
Тартынбаган эр немең.
Кушту жаза серптирип,
Кубанчынан кечтирип.
Ак туйгунду жазгырып,
Алчактата бастырып.
Кыргоол куштан кутулду,
Жаза серпип ак туйгун,
Талга конуп отурду.
Бөпөлөсө келбеди,
Бөпө сөздү билбеди.
Ал аңгыча болбоду,
Аллам ишин оңдоду.
Түрү башка бир киши,
Чыгып келди  токойдон
Басса жыгач быркырайт,
Бутунда шири чокойдон.

## САРЫ ТАЗ

Чөйчөктөй болгон көзү бар,
Адамдан түрү бир башка,
Айбаты суук өзү бар,
Уккан адам чочуган,
Аркы-терки сөзү бар.
Челектей сүйрү башы бар,
Кыркка келген жашы бар,
Тутам жүндүү кашы бар.
Жоон келген бою бар,
Ардемеде ою бар.
Качыратып токойду,
Сурун салып башкача,
Кептеп келди Сары таз,
Койго тийчүү бөрүдөй,
Семетейге карата,
Беттеп келди Сары таз.
Чоң балтасы колунда,
Таар чапаны жонунда.

Тери шымы көтүндө,
Тер куюлган бетинде.
Карап туруп ал Тазды,
Сүрүнө айран таң болду,
«Бул токойдун ичинде,
Не кылып жан болду!»
Семетей Тазга кеп айтат,
Кеп айтканда бек айтат:
Аярланган анткор Таз,
Алдыма келдиң – деп айтат.
Бери басып сен келчи,
Мен Семетей куп билчи,
Кушумду алып сен берчи!
Семетей айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Тартынбасаң эр неме,
Тазга буйрук кылганда.
Сары таз тегин таз эмес,
Сары таз турду күүлөнүп,
Семетейге сүйлөнүп.
«Кудайдын салган кордугу,
Семетейдин зордугу!
Тентип келген бир жетим,
Теңтуш болуп турганын,
Кушумду алып бергин – деп,
Жетимдин буйрук кылганын!
Менин атым Сары таз,
Тазсың деп мени кордобо,
Тентип келген жетим кул,
Өз башыңды зордобо!
Куш алып берчүү мен эмес,
Куш алдырчуу сен эмес!
Ушул турган Сары таз,
Семетей сенден кем эмес!
Кең-Кол, Талас жериңе,
Батпай келген сен кулсуң,
Калың ногой калкыңдан,
Качып келген сен кулсуң!
Менден өйдө жериң жок,
Өкүм айтар эбиң жок!
Сен дагы мендей бир кулсуң,
Айткан сөзүң бир булсуң!
Темир хандын шаарына,
Тентип келген кургурсуң!
Бирөөнүн атын мингенсип,
Бирөөнүн тонун кийгенсип,
Бирөөнүн кушун салгансып.
Жанына жолдош алгансып,
Айтып турган кебин көр,
Кылып жүргөн демин көр!
Атадан уул туулбай кал,
Акмакта сендей жан болбос,
Сенин атаң Манастай,
Жер жүзүндө хан болбос!
Бул айтышың кесир – деп,
Чунак жетим Семетей,
Чениң менен эсир – деп,
Сенин энең Каныкей,
Манастан калган жесир – деп.
Ойносоң Темир уулусуң,
Ойлосом анык кулусуң!
Көлпүккөнсүп жүрбөй кал,
Көргөн күнүң курусун!
Оймолуу жактан он килем,
Ногойдун жайын мен билем.
Кыймалуу жакдан кырк килем,
Кыргыздын жайын мен билем.
Жериң Талас болучу,
Атаң Манас болучу!
Элсиз, жерсиз жетим кул,
Эрдикти менден талашпа,
Сары таз менен жанашпа,

Эки энеңди ээрчитип,
Кетсеңчи кургур Таласка!
Атаң Манас өгөндө,
Акырет жайды көргөндө.
Абыке, Көбөш иниси,
Талап алган малыңды,
Каныкей бизге тийбейт – деп,
Тартып алган шаарыңды.
Калааңды алган талкалап,
Тентип келген эки энең,
Темир ханды аркалап,
Качып келген Таластан,
Семетей сени калкалап.
Көтөрүп келген жөө басып,
Көшөрүп ыйлап көөнү азып.
Көрбөй койгон эмедей,
Көлкүгөнсүң чалкалап,
Чыйырды сенин чоң энең,
Чын Каныш өз энең.
Сенин энең Каныкей,
Хан Темирдин кызыдыр,
Жалган го деп санаба,
Анык жери ушудур!
Колуңдагы ак туйгун,
Темир хандын кушудур!
Тентеги жок эл болбойт.
Айтар сөзү туш келет,
Башыңа тиер муш келет!»
Сары таз сайрап турду ошол,
Далай сөздү урду ошол,
Салмактуу туулган Семетей,
Саргарып карап  турду ошол.
Семетей эми кеп айтат:
«Ушу менин өзүмө,
Туйбаганды туйгузуп,
Жакшылык кылдың – деп айтат.
Сайрап айтып баятан,
Таң калтырдың өзүмдү!
Кулагыма куп алдым,
Айтып турган сөзүңдү!
Дагы айтчы Сары аба,
Талас, Кең-Кол жериңди,
Аргын, ногой элиңди.
Толук айтчы чыныңды,
Кандырарсың кыбымды!
Түп атамды түрүп айт,
Түптүү неме айт!»
Семетей мындай дегенде,
Сары таз сөздү баштады,
Сөз айтуудан шашпады.

## МАНАСТЫН АТАЛАРЫ

Сенин атаң Манастын,
Түп атасы Бөён хан,
Бөён хандан Чаян хан.
Чаян хандан Кара хан,
Кара хандан Жакыптыр,
Жакыптан туулган эр Манас,
Кылымды алган колуна,
Кара кулак шер Манас.
Кайсы бирин айтайын,
Кабылан атаң шер эле,
Адам заттын уулуна,
Жан жаратып Манастай,
Жакында бербейт теги эле!
Сенин атаң шер Манас,
Жер жүзүндө дөө болгон,
Кара кытай манжууну,
Ала-Тоодон кубалап,
Мусулманга ээ болгон!

Акырында атакең,
Ордо кылып Таласты,
Чеп орнотуп жер кылган,
Чачылган аргын, ногойду,
Ар жерден жыйып эл кылган!
Түмөндөгөн кытайга,
Мусулман журтту тең кылган!
Арстаным Манас өлгөндө,
Азапты мен да көргөмүн,
Абыке, Көбөш арамдан,
Кордугунан өлбөдүм!
Аягында мен шордуу,
Сенин арка жагыңдан,
Букарга качып келгемин!»
Сары таз токтолду,
Каарданып Семетей,
Кан ичмеси чын кармап,
Токтоно албай октолду.
Ак туйгунду ыргытып,
Санына камчы бир салып,
Ак тулпарды каргытып.
Заар чыгып бетинен,
Жалын чыгып көзүнөн,
Шамал чыгып оозунан.
Өңү кетип сурданып,
Мурду кетти кырданып.
Жетип келди кырданып.
Жетип келди күүлөнүп,
Каныкейге сүйлөнүп.
Жетип келип кеп баштап:
«Каныкей үйдө барсыңбы».
Калет иш менен күн көргөн,
Калайыктан башкача,
Кашкая чыккан карсыңбы!
Азыр салам бетиңе,
Жашырып жүргөн дартыңды!
Айтып берем бир баштан,
Кылып жүргөн сен мага,
Таңды машар күнүндө,
Кутулбай турган карзымды,
Элим менен жеримди,
Атам арстан Манасты,
Не үчүн менден жашырдың,
Амалыңды ашырдың!
Азыр сенин башыңа,
Мен саламын азапты,
Көрөсүң менден азыр сен,
Каар менен казатты!
Жерим Талас турбайбы,
Элим ногой турбайбы,
Атам Манас турбайбы,
Бул Букарга мен эми,
Бир дем турбай кетпесем,
Мени кудай урбайбы!
Атам Манас өлгөндө,
Акыретти көгөндө.
Атамдын калган сан дүйнө,
Абыке, Көбөш арамдар,
Олжо кылып баарысын,
Чачкандыгын жашырба,
Таласка бир күн турбастан,
Көтөрүп мени аркаңа,
Качкандыгың жашырба!
Чыныңды айтып бересиң,
Чыныңды айтып бербесең,
Семетейден өлөсүң!
Тараза-мыйзам курулат,
Не деп жооп бересиң!
Мен ымыркай чагымда,
Мени коргоп Таластан,
Качкандыгың жакшыдыр,
Ал акылды ойлонуп,

Тапкандыгың жакшыдыр.
Чунак жектим Семетей,
Эрешен тартып эр болуп,
Эл уулу менен тең болуп.
Арбайып адам болгондо,
Ат жалын тартып мингенде,
Не айтпайсың чыныңды,
Жашырып жүргөн сырыңды!
Ай ааламдын баарына,
Ашкере турган Манасты,
Алты сан аргын көп ногой,
Жердеп турган Таласты.
Ушу турган Семетей,
Уктап-билбей карыганча,
Букарда өлөр дедиңби,
Минтип бокту жедиңби?!
Семетейдей жетимге,
Ушул Букар жер болбойт,
Эли мага эл болбойт!
Чын чынына келгенде,
Эли-жериң башка – деп,
Букардын жерин баспа – деп.
Эртең бирөө айтпайбы,
Ал сөздү уккан Семетей,
Ошондо шору катпайбы,
Намысынан-арынан,
Кара жер кучуп жатпайбы!
Канзаданын баласы,
Кара кандын шаарында,
Качып жүрүш болобу,
Калкына кастык иши жок,
Каралык илип мойнуна,
Калкынан азган оңорбу?!
Бекзаданын баласы,
Бей күнөө кылган иши жок,
Безип жүрүш болорбу,
Бекерге безген оңорбу!?
Канзаданын баласы,
Качып жүрүш не пайда,
Калкымды уктум эл кайда?
Бек зааданын баласы,
Безип жүрүш не пайда,
Бейбак эне эл кайда?
Тектүү атанын баласы,
Тентип жүрүш не пайда,
Тегимди кутум эл кайда,
Арстан атам өлгөндө,
Абыке, Көбөш эки арам,
Арбагы жерге көмөбү,
Арстан эрдин баласы,
Азапка башы көнөбү?
Каса туйгун баласы,
Каргага теңтуш болобу,
Калкына кылган кастык жок,
Качып жүргөн оңорбу?!
Айтып бергин чыныңды,
Атамдан калган жер кайда?
Карчыга деген кыран куш,
Кайрылбай учат жем үчүн,
Каарым толду боюма,
Калмакты кырам эл үчүн,
Калмакка барып мен өлсөм,
Кайгырбагын мен үчүн!
Кыргыйек деген кыран куш,
Кылчайбай учат жем үчүн,
Кытайды кырам эл үчүн,
Кытайга барып мен өлсөм,
Кың дебегин мен үчүн!»
Кабылан чунак Семетей,
Каарын катуу салды эле,
Катуулап сурап калды эле.

## КАНЫКЕЙДИН ЖОМОГУ

Каныкей, каныш ошондо,
Семетей түрүн көргөндө,
«Айтпасам чынын болбойт – деп,
Атасынан бабасы,
Айтканынан кайтчуу эмес,
Адамга сырын айтчу эмес,
Айтпасам азыр сомдойт» – деп.
Булбул үндүү Каныкей,
Булбулдай болуп таңшыды,
Муңканып сөөгү жашыды.
Күкүк үндүү Каныкей,
Күкүктөй болуп таңшыды,
Күймөлүп сөөгү жашыды.
Безеленип белсенип,
Пери ургандай теңселип.
Тоту куштай сайрады,
Жоодурап көзү жайнады.
«Айкөлдөн калган чунагым,
Айтайын эми чынымды,
Ашыра каткан сырымды,
Көргөзөйүн ашкере,
Арылбаган чырымды!
Укканыңдын баары чын,
Арстан атаң өлгөндө,
Азаптуу ушул башыма,
Абыке, Көбөш кылганын.
Айтайын Талас жериңди,
Аргын, ногой элиңди.
Айтайын жериң Таласты,
Ай ааламды буй кылган,
Атаң арстан Манаска,
Алышкан душман дел болгон,
Аргын, ногой эки журт,
Болуп турган кезинде,
Көлдөй шарпып дөөлөтү,
Толуп жүргөн кезинде.
Беттешкенде мерт кылып,
Басып турган кезинде.
Беттей албай душмандар,
Шашып турган чагында,
Беттеше келген душманды,
Тополоңун тоз кылып,
Чачып турган чагында,
Калмак менен кытайды,
Каарып турган чагында,
Обурагы жер жүзүн,
Жарып турган чагында.
Алыша келген душманды,
Ажыдаардай оп тартып,
Соруп турган чагында,
Ай ааламдын баарысы,
Коруп турган чагында.
Кылымдын баары атаңдан,
Кыйрап турган чагында,
Кызыл кан агып көзүнөн,
Ыйлап турган чагында.
Атаң арстан ошондо,
Билегин түрүп камынган,
Ач арстандай чамынган.
Жети кандан кол жыйган,
Кол жыйганда мол жыйган.
Кызыр чапкан жол болгон,
Кырк эки түмөн кол болгон.
Ошо болгон казатта,
Бээжинди бузган талкалап,
Бетеше албай кытайлар,

Имерген бетин калкалап.
Каканды бузган талкалап,
Кара кытай-манжуулар,
Караган башын калкалап.
Бээжинден алган алымды,
Бек тутанткан жалынды.
Кытайдан алган алымды,
Тутанткан кызыл жалынды.
Кытайга аламан салдырган,
Кыябына келтирип,
Коңурбайга чалдырган.
Каканга аламан салдырган,
Кабысына келтирип,
Кан Коңурга чалдырган.
Аккула окко учурган,
Алмамбет шейит кечирген.
Канатынан кайрылган,
Кан Чубактан айрылган.
Ошо болгон казатта,
Кан Коңурбай калчадан,
Айбалта жеген шилиге,
Ал кезекте Каныкей,
Арзымды айтам кимиңе!
Бээжинден атаң кайрылып,
Берендерден айрылып.
Какандан атаң кайрылып,
Кайрандардан айрылып,
Зилдеп кеткен жарасы,
Чоңойду антип балаасы.
Кайра бакбас болгонун,
Анык билип ошондо,
Быркырап сөөгүм бошоду.
Акылымды жыйнадым,
Аябай жаным кыйнадым.
Төрөмө белги салам – деп,
Салбай кантип калам –деп,
Алтымыш атын комдотуп,
Аргын, чомун ондотуп,
Анжияндын күлбото.

**КҮМБӨЗ**

Күл бótодон алдырып,
Ылайын мыктап чалдырып.
Ичкерден чыккан Кара сарт,
Акысын берип аябай,
Кара сартты алдырдым,
Ал күмбөзүн салдырдым.
Көргөндүн көзүн талдырдым,
Сайрамдын суусун бурдурдум,
Салтанат күмбөз урдурдум.
Чымыген суусун бурдурдум,
Чындап күмбөз урдурдум.
Алты жүз эркеч майына,
Кыш бышыртып бек салдым,
Алты кылым өткөнчө,
Арстанымдын күмбөзү,
Аша турсун – деп салдым.
Жети жүз эркеч майына,
Кыш бышртып бек салдым,
Жети кылым өткүчө,
Жетигимдин күмбөзү,
Жетик турсун – деп салдым,
Ак күмбөздүн ичине,
Аккуланы мингизип,
Ак олпокту кийгизип,
Ак келтесин асынтып,
Айбатын жандан ашынтып,
Атаңды тартып сүрөткө.
Атаң менен катарлаш,

Ак сакалы чүчтөдөй,
Устукан сөөгү мистедей.
Атаң Манас жолдошу,
Акыреттик колдошу.
Абакең Бакай-карыя,
Адамдан артык олуя,
Аны тартып сүрөткө.
Арстанымдын кашында,
Ошо кезде Каныкей,
Так отуз беш жашында.
Балтыр бешик өзүңдү,
Кучагыма алгамын,
Арстанды карап калгамын,
Сени тартып сүрөткө.
Анын мындай жагында,
Азиз кандын Алмамбет,
Акбалтанын Чубагы,
Атаңдын жакын ынагы,
Аларды тартып сүрөткө.
Кыргынчал баштык карысын,
Кырк чоронун баарысын,
Аларды тартып сүрөткө,
Таласка барсаң көрүнөр,
Ак күмбөздү көргөндө,
Абыдан көөнү бөлүнөр.
Ак күмбөзү бүткөн соң,
Артык шордуу Каныкей,
Ак күмбөз салган устанын,
Акысына түшкөн соң,
Арстан атаң ошондо,
Алагар көзүн аңтарып,
Акырет көздөй жол тарткан.
Кылагар көзүн кылайтып,
Кыл мурутун шыйпайтып,
Кыямат көздөй жол тарткан.
Атаң арстан өткөндө,
Акырет сапар кеткенде.
Алптын баары айкырып,
Дөөнүн баары кыйкырып.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргынчал баштык карысы.
Найзаларын таянып,
Жандары калбай аянып,
Аргын, ногой ошондо,
Өлгөнүнө өкүнүп,
Өбөктөшүп өкүрүп.
Ачык күнү бүркөлүп,
Айдын бети карарып,
Күндүн бети чүмкөлүп.
Малдын баары буркурап,
Иттер үрүп чуркурап.
Жер солкулдап токтолгон,
Кыямат кайым ошондо,
Боло турган окшогон.
Кырк чоронун барысы,
Найзаларын таянып,
Жандары калбай аянып,
Өкүрүп турган жерине,
Чынар терек өнгөндүр,
Аргын, ногой баарысы,
Катаасы жок көргөндүр.
Атаңды суугa алган жер,
Чытырман токой болгондур,
Аргын менен ногойдун,
Көрүп көөнү толгондур.
Мазар кылып алгандыр,
Мазар клып албаса,
Мен Каныей бей таалай,
Анда сөзүм жалгандыр.
Бетимди тытып турган жер,
Арстаным ала жаткын – деп,
Боздоп какшап турган жер.

Бетимдин каны жууган жер,
Бодурайган кызыл таш,
Борчук болуп каткандыр,
Борчук ташты көргөндө,
Абакең Бакай аксакал,
Боздоп ыйлап жаткандыр.
Көзүмдүн жашы тамган жер,
Кашка булак болгондур,
Ал булакты көргөндө,
Аксакал Бакай абаңдын,
Кара бою солгондур.
Атаң арстан сөөгүн,
Күмбзөгө койсом бекер – деп,
Кас санаган душмандар,
Өчтөрүн алып өлүктөн,
Ачып алып кетер – деп,
Ачып кетип калар – деп,
Кескилеп итке салар – деп.
Аны ойлонуп мен бейбак,
Амалымды ашырдым,
Үй-Кошойдун кара зоо,
Атаң арстан сөөгүн,
Ошого коюп жашырдым.
Анжиянда ак эшен,
Ак эшенди алдырдым,
Көргөндүн көзүн талдырдым,
Токутуп токсон сур бердим,
Баарысын семиз кур бердим.
Дооранына атаңдын,
Карып менен мискинге,
Санат жеткис бул бердим.
Алтын, күмүш асылды,
Карып менен касарга,
Чачып көөнүм басылды,
Тогуз жүз кой, токсон бээ,
Кара ашына сойдуруп.
Карып менен касардын,
Карындарын тойгуздум.
Толуктап кийим кийгиздим,
Тойгондукту билгиздим.
Кожо менен молдого,
Жүз атты бурак токуттум.
Жан азасын атаңдын,
Ак эшенге окуттум.
Кожо менен молдого,
Үч ай куран түшүрттүм,
Ушинтип ишин бүтүрттүм.
Атакеңди койгондо,
Кошой, Төштүк алпы бар,
Мусулман журту жалпы бар.
Бата берген ошондо,
Мен Каныкей шордууга,
Калайыктын баарысы,
Кошой, Төштүк карысы,
Айтамын уккун сөзүмдү,
Айланайын чунагым,
Ачып кара көзүңдү.
Атакеңдин кырк чоро,
Ар кайсысы ар жерден,
Азып келген ит эле,
Баш калкалар бай таппай,
Качып келген ит эле.
Азып келген чорону,
Ак өргө үйгө киргиздим,
Ак суптан кийгиздим.
Аргын менен ногойду,
Аягына билгиздим.
Оймок ооз, бото көз,
Ойкучтаган сулуудан,
Алып бердим чорого,
Атаңа келген жорого.
Атаңа наалат кырк чочко,

Аргымак буудан ат минди,
Аялдабай бат минди,
Кыран атаң өлгөн соң,
Кылчайгыс жайды көргөн соң.
Кылычын кыя байланып,
Кыйры башка чоролор,
Абыке менен Көбөшкө,
Баарысы кетти айланып,
Саадагын сая байланып.
Санаттуу төрөм өткөн соң,
Сай кашканын баарысы,
Сасыган Көбөш арамга,
Шашып көчтү айланып,
Чоролордун баарысы,
Абыке менен Көбөшкө,
Баарысы кетип байланып.
Мен Каныкей бей таалай,
Маңдайга шорум айланып,
Төрө Манас өлгөнү,
Төрт айдын жүзү боло элек.
Беренім Манас өлгөнү,
Беш айдын жүзү боло элек,
Кара чачым жайылуу,
Кандуу бетим тытылуу.
Өлөйүн дедим арымдан,
Өлбөй калдым курган жан,
Өзүңдөй чунак барынан.
Кетейин дедим арымдан,
Кетпедим чунак барыңдан.
Чунагым жетим билип жүр,
Менин айткан сөзүмдү,
Көңүлүңө илип жүр!
Атаң арстан Манастын,
Менден улуу зайыбы,
Айтылып өтсүн дайыны,
Шорук кан кызы Акылай,
Башынан бери карата,
Бузукка туулган капырай.
Беш ай аза күтпөстөн,
Белсенип барып ошондо,
Көбөшкө тийип кеткени,
Арбак антты сыйлабай,
Акмак Көбөш доңуздун,
Доңуздук немей неткени.
Акмак көбөш ошондо,
Байы өлгөн куудай барбактап,
Аябай көөп дардактап,
Кандыкты колго алганы,
Аргын менен ногойго,
Билгенин кылып салганы.
Акылай алып тим турбай,
Жок жерден кеңеш тапканы,
Каныкейди Бакай кул,
Качырганы жатат – деп,
Бакайга жалаа жапканы,
Чоң атаң чочко оолугуп,
Аза түшүп соолугуп.
Көбөшту алып кашына,
Кыргынчал бузук кашында.
Чоң атаң чочко кеп айтып,
Кеп айтканда – деп айтып.
«Атаң өлсө, тайлак бар,
Кому куру калган жок,
Манас өлсө акыры,
Абыке, Көбөш ини бар,
Орду куру калган жок.
Сөзүмдү тутуп Каныкей,
Ак суптан көйнөк кийин де,
Алдейлеп багып жетимин,
Абыкеге тийсин де,
Былк эттирбей билсин де.
Манас менин султаным,

Абыкем болсо акылман,
Арта туулган султаным.
Ала койдун жүндөрүн,
Бөлө кыргып салбасын,
Күнү катын эле – деп,
Андай ишти Каныкей,
Көңүлүнө албасын,
Көңүлүнө алам – деп,
Кордук көрүп калбасын.
Ат айланат казыкка,
Ар качандан бир качан,
Тууган чабат намыска!»
Деп ушундай калжырап,
Кыргынчал менен Байматты,
Арача кылып жиберип,
Түгөтүп такыр айламды,
Зордук сөзгө имерип.
Эки акмакты мен доолу,
Ак шамшар менен ургамын.
Кыргын чалдай чочконун,
Санына шамшар сайылып,
Санынан аккан кызыл кан,
Кара жерге жайылып.
Санынан каны шорголоп,
Эки чочко ошондо,
Качып чыкты жорголоп.
Атка минип айкырып,
Абакелеп кыйкырып.
Көздөн жашы шорголоп,
Көсөр акмак Көбөшкө,
Жетип барган корголоп.
Каарын Көбөш төккөндө,
Кабылан атаң арбагын,
Шатырылта сөккөндө.
Көбөш буйрук кылганда,
Аттанганда чоролор,
Бороз болгон долуну,
Азыр соём дегенде,
Антип бокту жегенде.
Тузум урган чоролор,
Жан жабыла ат минип,
Аялдабай бат минип.
Арстан атаң айлына,
Чабуул коюп калганы,
Өрүштөгү толгон мал,
Жылдырып жолго салганы.
Көбөш чочко өзүңдү,
Бөөдө өлтүрүп коёт – деп,
Арстанымды таптакыр,
Кашайтып көзүн оёт – деп,
Амалымды ашырдым,
Амал менен өзүңдү,
Кор Көбөштөн жашырдым.
Сени таңган бешикке,
Күң баласын бөлөдүм,
Чунагым сенин өзүңдү,
Чынар терек түбүнө,
Бек бекитип жөлөдүм.
Келди Көбөш күүлөнүп,
Оозго алгыс сөздү айтып,
Мен доолуга сүйлөнүп.
Камчысын күүлөп имерип,
Эмчегимди ошондо,
Жара чаап жиберип.
«Алып кел бери баласын,
Кара бет доолу Каныкей,
Аргын менен ногойго,
Жуктурбасын жалаасын!
Арчыган маяз кылайын,
Алып коюп тынайын!»
Күң баласын бешиктен,
Кармап сууруп алганы,

Кылыч менен баланы,
Кыя чаап салганы.
Айдап алды малыңды,
Артып кетти зарыңды.
Кең-Колдон чапты айылымды,
Кесиреттүү ит Көбөш,
Таптырбады дайнымды.
Таластан чапты айылымды,
Талыктырды көр Көбөш,
Чыгарбай такыр дайнымды.
Кең-Колдон алды көчүмдү,
Кесепеттүү иттерден,
Ала албай келдим өчүмдү.
Таластан алды сартымды,
Дардактаган арамдан,
Ала албай келдим дартымды,
Чоң энең менен үчөөбүз,
Талаада улуп калганда,
Опсыз дүйнө жалганда.
Абакең Бакай ошондо,
Эки байтал күч берип,
Эки чанач сүт берип,
Бир борук этин бүт берип,
Абаң Бакай карынын,
Бышырып берген боругу,
Көңүлүмдөн калбайт го,
Арамдардын жоругу!
Абаң Бакай ошондо,
Жоргонун белин ашырып,
Кабак жерге жашырып,
Жоболоңду бу менен,
Букарды көздөй качырып.
Күйүттүн белин ашырып,
Күйүт баскан бу мени,
Күймөлтпөстөн качырып.
Асмандан булут тутулуп,
Ала качып өзүңдү,
Арамдарга карматпай,
Букарга келдим кутулуп.
Балтыр эти толо элек,
Абыке менен көбөшкө,
Басташар кезиң боло элек.
Боконо сөөгүң толо элек,
Абыке, Көбөш арамга,
Болжошор кезиң боло элек.
Барганың менен оң кылбайт,
Абыке, Көбөш соо кылбайт.
Чоң атаң чочко кан эле,
Ар качандан бир качан,
Атаңа кектүү жан эле.
Аркытка куйган уусу бар,
Атаңдын кылар чуусу бар.
Кымызга кошкон уусу бар,
Кыйшык чочко атаңдын,
Кыйла дүмөк чуусу бар!
Үч жылдан кийин барсаңчы,
Айткан тилим алсаңчы,
Абыке, Көбөш арамга,
Анан жаңжал салсаңчы.
Таластан бейбак качканда,
Дүнүйөнү чачканда.
Каттоочудан кеп уктум,
Абакең Бакай байкушту,
Абыке, Көбөш арамдар,
Камоого алды – деп уктум.
Абакең Бакай ак жолтой,
Белин бекем бууптур,
Абыке менен Көбөштүн,
Алтымыш эрин ойрондоп,
Андан кийин сууптур.
Үч-Кошойдун башына,
Бекине конуп алыптыр,

Арамдарды беттетпей,
Ойрон кылып салыптыр.
Ушу күндө абакең,
Төө кайтарып калыптыр,
Теңдигин бербей армага,
Астын-үстүн салыптыр.
Абакең Бакай күйгөндүр,
Жетимим качан келет – деп,
Айды санап аркандап,
Күндү санап бек кармап,
Сени күтүп жүргөндүр.
Барып калсаң чунагым,
Бакайды таап аларсың,
Айткан тилин аларсың,
Бакайдын тилин албасаң,
Балакетке каларсың!
Атыңа салган кишенди,
Эгеримде чунагым,
Башка жанга ишенбе!
Алты бөрү бир тайдын,
Таласа тарпын коёрбу,
Арамдар баары чогулса,
Канды ичсе тоёрбу!
Жети бөөрү бир тайдын,
Таласа тарпын коёрбу,
Жетесиз туулган армадар,
Жеке бир жесе тоёрбу!

**ТАЛАС**

Жер сорусу кең Талас,
Жердеген атаң шер Манас.
Белеске чыгып барган соң,
Көзүңө дүрбү саларсың,
Таласты көрүп аларсың,
Адыр менен күдүрүн,
Айрып адам таанығыс,
Армандуу бенде таанығыс.
Будурун адам таанығыс,
Муңдуу адам наалығыс.
Адыр-адыр жери бар,
Адырмак артуу бели бар.
Адырдын чөбү суюлуп,
Аркарлар жүрөт куюлуп.
Будур-будур жери бар,
Будурмак артуу бели бар,
Будурдун чөбү суюлуп,
Бугусу жүрөт куюлуп.
Өлөндүү келген сазы бар,
Саздын бетин бербеген,
Өрдөк, чүрөк, казы бар.
Тулаңы көп, сазы бар,
Турна менен казы бар.
Аргын менен ногойдун,
Өз элинен жаты көп,
Сараңынан марты көп.
Кара малдан төөсү көп,
Карды салык бээси көп.
Атанынан нары көп,
Алтын, күмүш-зары көп.
Ор коёндон түлкү көп,
Ыйлагандан күлкү көп.
Бокчоого таңган мүлкү көп.
Жармасынан чайы көп,
Жардысынан байы көп.
Кара эгинден күрүч көп,
Каалайынан күмүш көп.
Күрүч күздүк айдаган,
Күлүгүн жемге байлаган.
Бетегеси май эле,

Бээ байларга жай эле.
Бетеге белден буураган,
Элиги ээн чуулаган,
Бадал менен черинде,
Бугу, марал чуураган,
Ар коктудан шаркырап,
Сымаптай суулар кулаган.
Гүлдөрү жайнап ыргалган,
Алда таала-кудурет,
Армандуу мендей бейбакты,
Айрыган ошо жыргалдан.
Короолусу короздой,
Короздору көнөктөй.
Балтырганы билетей,
Маралдары чураса,
Мала кашка инектей.
Жыландары ышкырат,
Жытын алса адамдын,
Маралдары бушкырат.
Кара-бура, чоң Чаткал,
Барып көрбөс жер бекен,
Кара ногой калың журт,
Барып көрбөс эл бекен!

## АК ОРДО

Каныкейдин ак сарай,
Калаага күмүш сом калай,
Мен Каныкей бейтаалай,
Катындан башка шумурай.
Кереге кептүү, уугу узун,
Үйүмдүн жөнү мына бул.
Ууктарын учтатып,
Учуна маанай тыштатып.
Керегени кердирип,
Керип алтын чордотуп,
Алтын менен бөрктөтүп,
Күмүш менен көктөтүп.
Каалгасы сырдалуу,
Босогосу нылдалуу.
Ортосуна ойдуруп,
Айнек салып койдуруп,
Жол-жол көгөртүп,
Каалганын бетине,
Чөйчөктөй алтын чөгөртүп.
Аземин башка арттырып,
Ак маанай менен жаптырып.
Кайсы бирин айтайын,
Бир жагына жүз киши,
Катары менен батчу эле,
Капшытына көп ногой,
Оюн ойноп жатчу эле,
Эшигинде кырк чоро,
Ордо салып атчу эле.
Ак ордо калды акыры,
Акылай күндүн колунда,
Угарсың далай сонунду.

## АКОЛПОК

Атаңдан калган аколпок,
Анын жайын айтайын,
Айта түшүп кайтайын.
Атаңдан калган сегиз мүлк,
Жоо жарагы тегиз мүлк.
Жакасы алтын, жеңи жез,
Чын бадана торгой көз.
Айчыгы алтын, жеңи жез,

Ак күрөккөө, торгой көз.
Баданалап кадаган,
Бараңдын огу жадаган.
Алакан жүзү билинбес,
Найзанын учу илинбес.
Ак бараң мылтык октогон,
Ажалга келген октору,
Олпоктон өтпөй токтогон.
Он беш түймө бүчүнү,
Келтирип бейбак кадаган,
Келтенин огу жадаган.
Чоң атаң как баш алгандыр,
Сурап алып көр Көбөш,
Булайыт кийип салгандыр.
Алуучу болсоң мүлк ошол,
Кабагың ачар күлкү ошол.

## АК КЕЛТЕ

Атаңдан калган Ак келте,
Аманат жанга чак келте.
Асынып жүрсө Ак келте.
Ай далынын айнеги,
Айкашкан жоого киргенде,
Аманат жандан бар кеги.
Алайдын сарык талаадан,
Алтымыш орус жер ченчи,
Жерди ченеп келгенде,
Ошондон алган карактап,
Артык башка жарак – деп.
Оозу орус Уруму,
Түбү кытай Кырымы.
Ойноп атса очогор,
Чындап атса замбирек,
Атканы зая кетпеген,
Шай колдогон бадырек.
Тышын көк жал эгеген,
Боору муздай көгөргөн,
Кароолуна келтенин,
Муштумдай алтын чөгөргөн.
Сайын салып келтирген,
Аткан жоосун өлтүргөн,
Ыраакы, жуук ылгабас,
Түтүнү туман, огу ажал,
Акыр заман журтуна,
Аккелте болор чоң макал.
Абыке кулдун колунда,
Алар болсоң мүлк ошол,
Чыга турган күлкү ошол.

## СЫРНАЙЗА

Атаңдан калган сыр найза,
Карагайдын жармасы,
Учундагы темири,
Ак болоттун сыйдасы.
Сегиз кырдап чаптырган,
Кош кара кыл тактырган.
Тутам жерин сырдаган,
Тутам жерин нылдаган.
Темирди сайса тешүүчү,
Теңиз атаң сайганда,
Теңирсиген дөөлөрү,
Тебетей сайган эмедей,
Тегеренип кетүүчү.
Уңгусу болот учу курч,
Усталар соккон кара курч.
Бөрү тил учун чыгарган,
Учун ууга сугарган.
Колдон тайма болот – деп,

Коло менен чырмаган,
Тийген жери ырбаган.
Тартып алса сыр найза,
Түпкүч болуп ийилген,
Коё берсе сыр найза,
Шили болуп жыйылган.
Атаңдан калган сыр найза,
Абыке кулдун үйүндө,
Аларсың чунак сүйүнө.

## АЙБАЛТА

Атаңдан калган айбалта,
Уңгусу болот учу курч,
Учуна койгон болот курч.
Тегерегин теңеген,
Төөкөр уста Бөлөкбай,
Төптөп жатып эгеген.
Как ыргайга саптаган,
Бил терисин каптаган.
Чагарак алтын сомдогон,
Чапкан жоосун оңдогон.
Жалкыны болот айбалта,
Көр Көбөштүн колунда,
Берсе сурап алып кел,
Белиңе бекем чалып кел.

## АЧАЛБАРС

Атаңдан калган Ачалбарс
Төмөнтөн келген Төлөкбай,
Төөкөр уста Бөлөкбай,
Ак болоттон алдырган,
Ажыдаар заарына,
Үч ай таштап салдырган.
Көмүрүнө чыдабай,
Көңкү токой кыйылган,
Көөрүгүнө карандын,
Көп букалар кырылган.
Төөкөр уста Бөлөкбай,
Ач билекке сыйынган.
Чындап чапса таш кескен,
Бойго чапса баш кескен.
Таптоосуна чыдабай,
Алтымыш уста жадаган,
Тоөкөр учта Бөлөкбай,
Жайы-кышы кадаган.
Сугатына бир катар,
Суук булак соолгон,
Айтылуу болот Ачалбарс,
Көр Көбөштүн колунда,
Берсе сурап аларсың,
Белиңе бекем чаларсың.

## КАНДАГАЙ

Алтымыш куран мойногун,
Арасына салдырган,
Он эки теке терисин,
Эки жанга калтырган.
Кара сакал боёкчу,
Анжияндан алдырган,
Байтал бээнини сүтүнө,
Малмага мыкты кандырган.
Кат-катынан бүктөтүп,
Кара нарга жүктөтүп.
Алма кабык алдырып,
Ашаткысын кандырып.
Ишин бейбак иштеген,
Алмамбеттин Арууке,

Жети күнү тиштеген.
Бүктөгөн жери билинбей,
Тиктеген көзгө илинбейт.
Жылан боор бүктүргөн,
Жымырата тиктирген.
Отко салса чок өтпөс,
Мылтык атса ок өтпөс.
Орогондо кандагай,
Шили болуп чогулат,
Колго алып кармаса,
Кой макмалдай чоюлат.
Багалагын кайыган,
Байкаган көзү тайыган.
Асыл кийим кандагай,
Абыкенин үйүндө,
Берсе аларсың сүйүнө.

## ТАЙБУУРУЛ

Нойгуттун кызы Кызсайкал,
Текеликтин тоосунда,
Аңырайган коосунда,
Атаң менен сайышкан,
Карап турган эрендер,
Кабыргасы кайышкан.
Асмандан мунар бар болуп,
Ошо болгон сайышта,
Атакең менен Кызсайкал,
Акыреттик жар болуп.
Тартууга берген Тайбуурул.
Канаттуудан как тууган,
Тоо кайыптан ат тууган.
Айгыр карап, бээ тууган,
Аягы менен тик тууган.
Азуулары арадай,
Төр туягы чарадай.
Чаткаягы колоттой,
Туягынын илеби,
Чаркка тарткан болоттой.
Секиргени бүргөдөй,
Учкан куш менен жарышат,
Ар кандай балбан болсо да,
Токтото албай акыры,
Оозу менен алышат.
Атаң арстан өлгөндө,
Арамдарга карматпай,
Мөңгүгө чыгып кетти эле.
Кулан менен куушуп,
Кайып болуп калгандыр,
Айтканым туура болбосо,
Анда бейбак Каныкей,
Кереметим жалгандыр.

## КУМАЙЫК

Улуу жолдун жээгинде,
Эки колу ээгинде.
Атакеңден калган кумайык,
Кандай айтсам ылайык.
Асканын башы борчукка,
Көк жоору тууп таштаган,
Ал кумайык башында,
Далай жорук баштаган.
Адырдагы аркарды,
Айдап алган кумайык,
Будурдагы бугуну,
Бугуп алган кумайык.
Тектирдеги текени,
Терип алган кумайык.

Аюуну алган апсайтып,
Каманды алган саксайтып.
Жолборсту алып бүлдүргөн,
Ар качандан бир качан,
Атакеңди күлдүргөн.
Аска тоодон койбогон,
Бөрү менен түлкүнү,
Ар качандан бир качан,
Чыгарган болчу күлкүнү.
Атаң арстан өлгөндө,
Барса келбес чын жайды,
Барып акыр көргөндө.
Адамдай эстүү кумайык,
Айтсам сөзүм ылайык.
Оозун ачып катуу улуп,
Бөгүп калган кумайык,
Көзүнүн жашын көл кылып,
Төгүп калган кумайык,
Бир күндөрдө кату уулуп,
Тоону көздөй бет алып,
Качып калган кумайык,
Адырды карай бет алып,
Чыгып кеткен кумайык,
Армандардан оолактап,
Ыгып кеткен кумайык.
Ошо күндөн ушу күн,
Улуп-уңшуп кумайык,
Аса күтүп жүргөндүр,
Арстандан калган жетими,
Келер кези болду деп,
Сени күтүп жүргөндүр.
Даакы жүнү үстүндө,
Түшпөй катып калгандыр,
Айтканым туура болбосо,
Анда сөзүм жалгандыр.
Ушу быйыл кумайык,
Келериңди билгендир,
Адырдагы аркарды,
Кыргын кылып киргендир.
Эңкейип Талас киргенде,
Жытыңды билет кумайык,
Как алдыңдан аңгырап,
Бугуп чыгат кумайык,
Оозун ачып аңгырап,
Улуп чыгат кумайык.
Атаң арстан барында,
Кумайыктын мойнуна,
Алтындан каргы тактыргын,
Аземдетип бактыргын.
Адырда жаткан жылкыдан,
Бир кур бээни соё көр,
Аткан бээге апарып,
Кумайыкты коё көр.

## АКШУМКАР

Атаңдан калган Акшумкар,
Анын жайын айтайын,
Айта түшүп кайтайын:
Арпанын башы жайыктан,
Ак жумуртка туюктан,
Асырап-сактап куш кылган.
Ак шумкардын уяга,
Алты аркан салса жетпеген,
Айланып зоодон кетпеген.
Жети аркан салса жетпеген,
Тегеренип кетпеген;
Көзү кара көк жал бут,
Көрүнгөндөн кайтпаган,
Көнөктөй жемден артпаган.

Талпынгандан кайтпаган.
Табактай жемден артпаган.
Болот төөкөр боосу жез,
Тору кара, мойну кез.
Кукулуктап унчукса,
Куштан бөлөк үнү бар,
Куйрук башы жалтылдап,
Куудан аппак жүнү бар,
Айбат менен караса,
Алпкаракуш сүрү бар.
Саңоорлору сары алтын,
Таканак жүнү бары алтын,
Чырымтал жүнү чылк алтын.
Текөөрү болот темирден,
Серпкени өлгөн себилден,
Алтындан боо тагылган,
Ай мунарын жем кылып,
Аземдеп жакшы багылган,
Күмүштөн боо тагылган,
Күн мунарын жем кылып,
Күпкөгө жакшы багылган.
Кукулуктап айтып үндөсө,
Келип конгон колуна,
Салганынын баарысы,
Далдайып жаткан жолуна,
Асмандагы канаттуу,
Айбатынан учпаган,
Төрт аяктуу айбандар,
Желип чыгып качпаган.
Атаң арстан өлгөндө,
Акыретти көргөндө.
Айтылуу кыран Акшумкар,
Асманды карап бек шаңшып,
Алтындан боосун тытты эле,
Күндү карап учту эле.
Ошо күндөн ушу күн,
Атакеңе кайгырып,
Аса күтүп күйгөндүр,
Арстандан калган бир жалгыз,
Качан келер экен деп,
Сени күтүп жүргөндүр.
Көлдө жаткан соного,
Быйыл кыргын салгандыр,
Сени күтүп калгандыр,
Бир баламды берсем деп,
Убада кылып тургандыр,
Кайгырып шумкар кургандыр.

## ЖЕЛМАЯН

Атаңдан калган желмаян,
Төөдөн чыккан бир оён,
Айтпай кантип мен коём.
Желмаянды атакең,
Кең мекеден алдырган,
Башына алтындан нокто салдырган.
Желмаяндын үстүнө,
Ок-дарыны арттырган,
Жибектен аркан тарттырган,
Жүрүшү шамал жел болгон,
Арстан төрөм өлгөндө,
О дүйнөнү көргөндө.
Баш көтөрбөй ошондо,
Чөгүп калган желмаян.
Үнүн баспай тынымсыз,
Бөгүп калган желмаян,
Үнүн баспай бир апта,
Боздоп калган желмаян.
Көзүнөн аккан жаштары,
Көл, дарыя – сел болуп,

Тоодой калган желмаян,
Ушу быйыл желмаян,
Келериңди билгендир,
Ак күмбөз көздөй жүргөндүр.
Ак күмбөздү каралап,
Желмаян байкуш кургандыр,
Арстандан калган бир жалгыз,
Келип кармап чалса деп,
Кудайдан сурап тургандыр.
Аман барсаң Таласка,
Ал желмаян ак төөнү,
Куран окуп багыштап,
Курмандыкка чала көр,
Арстан атаң Манаска.

## КАНЫКЕЙДИН МАНАСТЫ САЙЫШЫ

Таластан ногой кеп айтар,
Сенин энең Каныкей,
Доолулугу ашынып,
Атаңды сайган деп айтар,
Атаң арстан Манасты,
Ак шамшарды колго алып,
Сайгандыгым чын эле,
Мен Каныкей бей таалай,
Доолулугум ашынган,
Ургаачыдан тың эле.
Атакемдин төрүндө,
Жатуучу элем чоюлуп,
Ботодой көзүм коюлуп,
Алмадай бетим оюлуп.
Күйөнүн жайын ким билет,
Күйөнү көзгө ким илет.
Арстан төрөм ошондо,
Күйөлөп келип калыптыр,
Мен Каныкей бейбакка,
Мүшкүлдү башка салыптыр.
Жээрдеден бээни союптур,
Жеңеге жакын болуптур.
Аладан бээни союуптур,
Айылга келип конуптур.
Түн ортосу болгондо,
Оор уйкуга толгондо.
Эшиктин алды шабыркөл,
Арстан төрөм ошондо,
Шабыратпай өтүптүр,
Кыдырата кырк сакчы,
Кыбыратпай өтүптүр,
Мен Каныкей доолуга,
Төрөм келип жетиптир.
Буулумдан кылган көшөгөм,
Булгай тартып алыптыр,
Мен Каныкей бейбакка,
Келип колду салыптыр.
Менин атам Кара кан,
Ар кылганы сара кан.
Аруурак болсом калат – деп,
Ар качандан бир качан,
Акэркеч байлап кашыма,
Ак шамшарды сайуучу  башыма.
Чочуп кетип мен бейбак,
Шамшарды колго алгамын,
Атакеңди карата,
Шилтеп туруп калганмын,
Билектен каны шорголоп,
Арстан эрди көргөндө,
Жууркандын ичине,
Орондум акыр корголоп.
Мына ошондо арстаным,
Көк жеке өтүк имерди,
Кабыргама келтирип,

Катуу тээп жиберди.
Тебүү түштү өзүнө.
Кош кабыргам ошондо,
Кошу менен өзүмө,
От чагылды көзүмө.
Эрке бала Каныкей,
Төшөктөн турбай ыйлады,
Арстан атаң ошондо,
Доол кагып ийиптир,
Калкандай болуп кырк чоро,
Жабыла атка миниптир,
Кең букардын шаарына,
Аламан коюп кириптир.
Темир кан атам кайгырып,
Тентегим деп жалынып.
Өзүм он беш жашымды.
Арстанымдын алдынан,
Тартууга өзүм чыккамын,
Дабан болсоң ашыр – деп,
Дайра болсоң кечир – деп,
Жүйө сөзгө жыккамын,
Атакемдин төрүндө,
Төөлөтүнө мас болдум
Сөөлөтү төрөм өткөн соң,
Узун боюм бас болду,
Абыке, Көбөш кас болду.
Ачылбай оозум таш болду,
Арамдар журтка баш болду.
Абыке, Көбөш арамдар,
Атпай журтту ыйлатты,
Жаныңа жан тартканды,
Кордук кылып кыйратты,
Арстандын атын ататпай,
Атпай журттун баарысы,
Оозун басып койгондур,
Атап койгон ким болсо,
Кордук кылып сойгондур,
Абыке менен Көбөштүн,
Абыдан доору ашкандыр,
Аргын ногой эки журт,
Акылынан шашкандыр,
Кордугуна чыдабай,
Ар тарапка качкандыр.
Акылым артык бөлүндү,
Айкөлдөн калган чунагы,
Бу Букарга токтойбуз,
Кетериң анык көрүндү.

# ЧУБАКТЫН ОКУЯСЫ

## КЫРГЫНЧАЛДЫН БУЗУКТУГУ

Кырктын башы Кыргынчал,
Башынан иши кыйшык чал.
Ар качандан бир качан,
Бузуктукту ойлогон,
Аргын менен ногойду,
Бузбай акыр койбогон,
Бузгучтуктан тойбогон.
Бузуктугун ашырган,
Чубак менен Каныкей,
Көңүлү жакын деп,
Эр Чубакты качырган,
Кулак коюп ал сөзгө,
Атаң арстан тардыккан,
Жок жалага чыдабай,
Баатыр Чубак ардыккан,
Эми канкор Манаска,

Каралашып нетейин,
Кайра тартып нойгутка,
Токтолбостон кетейин.
Калың нойгут элине.
Токтолбой Чубак кеткени,
Кыргынчалдай капырдын,
Бузуктугу эмей неткени.
Элине Чубак барыптыр,
Барып алып тим турбай,
Канчородой калчага,
Кабарды каттуу салыптыр.
Жер кылбадым Таласты,
Кеттим таштап Манасты,
Оодаргың Таласты,
Баатырлыгың чын болсо,
Ойрондогун Манасты!
Чубактан андай кеп угуп,
Канкор Манас баатырдын,
Чубак кетип колунан,
Бели сынды деп угуп.
Коңурбай калча камынып,
Бурканына табынып.
Алты сан кара кол менен,
Ат майышкан туу менен,
Жети сан кара кол менен,
Жер майышкан туу менен,
Таласты каптап калганы,
Аргын менен Ногойду,
Ойрон кылып салганы.
Арстан атаң бу сени,
Салбар кылып салды эле,
Шорук кан кызы Акылай,
Ооп кетип калды эле.
Шооруктун кызы Акылай,
Атаңды барктап багып тур,
Тулку боюн чоо басып,
Арстан атаң ошондо,
Кышылдап басып калыптыр.
Аккула чөйчөк алыптыр,
Кара жерде кеме жок,
Аргын менен Ногойдон,
Коңурбайга ошондо,
Кош кайтарар неме жок.
Таласка ойрон салганы,
Атаң менен бир тууган,
Карындашы Кардыгач,
Олжого кармап алганы.
Коңурбайдын оң колу,
Кайра тартып кеткени,
Кең жылдызга жеткени,
Канкордун туусун жыктык – деп,
Карындашын олжолоп,
Бир кумардан чыктык – деп.
Нойгуттан чыккан Акбалта,
Эр Чубактын атасы,
Каарына бир алып,
Тескери бата кылганда,
Урбай койбойт батам деп.
Чубакка Балта кеп айтат:
«Кан Коңурбай эр калча,
Таласты чаап салды дейт.
Баш көтөргөн Манасты,
Карындашы Кардыгач,
Олжо кылып алды дейт.
Дин мусулман баласы,
Өрт өчкөндөй болбосун,
Мындан кийин Коңурбай,
Бирден терип отуруп,
Дин мусулман болгонду,
Ойрон кылып койбосун.
Манастын бели сынбасын,
Коңурбай көөнү тынбасын!

Бааласы Чубак сен акыр,
Арбакка чет болосуӊ,
Арбакка чет болгон соӊ,
Анан кайдан оӊойсуӊ!
Аттанып азыр барсаӊчы,
Кардыгачты Коӊурдан,
Ажыратып алсаӊчы,
Чет болбостон арбакка,
Жарык болуп калсаӊчы!
Акбалта мындай дегенде,
Арстан Чубак баатырыӊ,
Барбаймын деп айта албай,
Атанын көөнүн кайтарбай.
Көк текени токунуп,
Ак куранды окунуп,
Жоо жарагын шайланып,
Каары бетке айланып,
Лоп дайрадан аттанып,
Жүрөр жолун жатка алып,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп.
Кеӊ Жылдызга жеткени,
Коӊурбайдын колуна,
Жетип найза неткени.
Айкырык үнү таш жарып,
Кыйкырык үнү баш жарып.
Бөрү тийген кой өӊдүү,
Бөлүп кирди көп колду,
Кылычтады оӊ-солду.
Ителги тийген таандай,
Ийирип айдап кырганы,
Тополоӊун тоз кылып,
Тоздотуп айдап жырганы.
Ошондо калча Коӊурбай,
Чубактын үнүн укканда,
Доошу каттуу чыкканда.
Боконо жүрөк болк этип,
Боор, ичеги солк этип.
Чубак кетпей калыптыр,
Алдоого салып буу мени,
Балааны башка салыптыр,
Эми туруп болбойт – деп,
Сан-түмөн колду акыры,
Ушу Чубак оӊдойт» – деп.
Атаӊдай теӊиз болбойт ко,
Атакеӊе эгериси,
Кылапат айткан онбойтко!
Кыргын чалды арстаным,
Назарына алган жок,
Сөзүн кагып салган жок.
Кабагым, кашым дебестен,
Кыргын чал жүрдү кутуруп,
Бузуктугун ашырып,
Ач бөрүдөй жутунуп,
Бузгучтуктан тойгон жок,
Буудан төрөм эч качан,
Бузду экенин койгон жок.
Өлө качып калыптыр.
Чубак жетип калмакты,
Найза менен жеткени,
Будаланып жатканда,
Албарстап башын кескени.
Талдуу-Суунун башында,
Кара үӊкүр деген үӊкүр бар,
Төкөр уста Бөлөкбай,
Ошо байкуш баш болуп,
Алтымыш үйлүү мүӊкүр бар.
Казына кайтарган,
Барганды кууп майтарган.
Атаӊдын асман чагында,
Ааламды билген табында,
Алты миӊ жамбы, миӊ кундуз,

Айда санап Кокондон,
Алып алган ошондон,
Ал алымды кимге алган.
Аркамда калган кырк чоро,
Азабым тартсын деп алган.
Жети миң жамбы, миң кундуз,
Анда санап жоктотпой,
Алым алган кытайдан,
Амбал менен дотайдан,
Ал алымды кимге алган,
Аркамда калган кырк чоро,
Азабын тартсын деп алган.
Кашкардан алган салыкты,
Калмактан алган алыкты,
Ак жамбысы тоо болгон,
Атандан кимдер соо болгон.
Алтын дилде үй толгон,
Мен Каныкей бейталай,
Санат жеткис дүйнөнү,
Камдаттырып ала албай,
Анда башым буй болгон.
Баашайы, макмал, дүрүйө,
Торгун, тубар буулумдан,
Толуп жаткан дүнүйө.

## ЖОЛДУН ЖАЙЫ

Жолдун жайын айтайын,
Айта түшүп кайтайын,
Кең букарды аттанып,
Айтканымды жатка алып.
Букардан чыгып аларсың,
Салгар жолго салаарсың.
Азгана эмес мол жүрүп,
Арада канча жол жүрү
Чоң дайраны көрөсүң,
Кайсы жерден кечем – деп,
Көңөлүңдү бөлөрсүң.
Сыр дайрада суу ошол,
Адам кечип өтө албас,
Дүмөгү каттуу чуу ошол.
Сыр дайра суусу ташкандыр,
Жар башынан ашкандыр.
Аркыраган чоң дайра,
Чоң дайрага барарсың,
Оюңа бир сөз алаарсың.
Кайратыңды сынаарсың,
Кара боюң чындаарсың.
Айландыра санасаң,
Кайрылып артың карасаң,
Арак менен шарапты,
Аралаша ичерсиң,
Аманат жандан кечерсиң.
Суугa кирип барарсың,
Кечериңе шайланып,
Сийдигиң булут айланып.
Муунуң кетер бузулуп,
Таноон кетер кысылып.
Маңдай жагың карасаң,
Кызыл селде башында,
Кырк чоросу кашында,
Ак куласы астында,
Сыр найзасы колунда,
Ак келтеси жонунда,
Ак шумкары конулуу,
Атаң карап туруучу,
Ал атаңды көргөндө,
Атыңдын башын бурбастан,
Айбыгып карап турбастан.
Атам сага кылам – деп,
Кырк чороңду кырам – деп.

Каныкейдей энемди,
Кайта нике кыям  – деп,
Алда кудай алда деп,
Акыры мени колдо – деп
Балаа керден баабедим,
Азыр мени колдо – деп,
Жигит пири Шаймерден,
Жан карары Кожоакмат,
Кыла көр деп ыракмат.
Кара көзүң кан чалып,
Кандуу бетиң суу чалып,
Качырып кое берерсиң,
Асты кийин карабай,
Суугa кирип бaрарсың,
Сууну кечип барганда,
Агып ботом кетерсиң.
Акканыңда калдайып,
Эки колун шалдайып.
Жана байкап карасаң,
Аккуласын жетелеп,
Алмамбетти жемелеп,
Сараласын жетелеп,
Сай төрөсүн жемелеп.
Суугa кирип баруучу,
Колуңдан кармап алуучу,
Колтук ачып кол жайып,
Көздөн кайым болуучу.
Өөдө-төмөн чапкылап,
Ээриңдин башын каккылап,
Атаңды ыйлап табаалбай.
Акылың ооп тура албай.
Акырет кеткен атам – деп,
Айласы кеткен ботоң – деп.
Убайым тартып каларсың,
Куран окуп кулунум,
Дуба кылып саларсың.
Сыр дайраны кечкенде,
Айры жолдор көрүнөт,
Кимисине кирем – деп,
Көңүлүң анда бөлүнөт,
Оң жагыңа карасаң,
Аңырайган ачык жол,
Анжиян кетет ошол жол.
Кашкайып турган кашка жол,
Кашкарга барат ошол жол.
Бөктөрлөп кеткен кара жол,
Бээжинге барат ошол жол,
Туура кеткен туура жол,
Таласка барат ошол жол.
Ошо жолдон айрылба,
Башка жолго кайрылба,
Аркайган Ала-Тоо келет,
Аңырайган коо келет
Ала-Тоонун аты Чаткалдыр,
Мандай жагы баткалдыр.
Чаткал тоону ашканда,
Таластын бети көрүнөт,
Көргөндө көөнүң бөлүнөт.
Атакендин ак күмбөз,
Ак күмбөз анык көрүнөт,
Көргөндө көөнүң бөлүнөт,
Камчы сабың ошондо,
Бөйрөгүңө таянып,
Жаның калбай аянып,
Атка өбөктөп аларсың,
Айкырыкты салаарсың,
Он бөйрөгүң таянып,
Ойронум атам – деп өкүр,
Сол бөйрөгүң таянып,
Солтонум атам – деп өкүр,
Атыңды талга байлагың,
Сабыр кылып кулунум,

Көңүлүмдү жайлагың,
Кыбыла карап олтурдуп,
Көңүлгө ыйман толтуруп,
Кулкулдабай сүрөнү,
Куп окуй көр ошону.
Тамгат деген сүрөнү,
Так окуй көр ошону.
Алакан жайып кабышта,
Атакеңе табышта.
Ишиңди кудай оңдосо,
Күмбөздүн ичи күңгүрөйт,
Доош салып дүңгүрөйт.
Ошондой белги билинсе,
Абыке, Көбөш арамга,
Тартынбастан барарсың,
Билинбесе эч белги,
Жолобостон иттерге,
Кайра тартып калаарсың,
Токтобой кайра тартып кел.
Көргөн менен билгениң,
Мен шордуудуга айтып кел!
Күмбөздүн ичин көргөндө,
Арстандардын сүрөтүн,
Бир баштан карап көрөрсүң,
Көңүлүңдү бөлөрсүң!
Мен Каныкей бейбактын,
Кызматтын баалап билерсиң,
Айкөлдөн калган туягым,
Сабырлык кылып шашпагын,
Өкүмдүк жолго баспагын.
Абыке менен Көбөшкө,
Акелер деп көрүшкүн,
Жүйөөлү сөзгө көнүшкүн.
Абакең Бакай карыңың,
Айтакан тилин ала көр,
Мен айткан сөзүмдү,
Көңүлүңө сала көр!
Акылга дыйкан Каныкей,
Жомогун айтып бүтүрүп,
Сарамжалын күтүнүп.
Акыл ойлоп аяндап,
Күл азыктан даярдап.
Уу кайтарчу дарысын,
Даяр кылып баарысын.
Ак куржунга салдырып
Арстандан калган чунакты,
Айтып сөзгө кандырып,

**СЕМЕТЕЙДИН ЖӨНӨШҮ**

Темиркан менен Ысмайыл,
Кабарчыдан кеп угуп,
Каныкейди Семетей,
Беймаза кылып!
Кеткени жатат, деп угуп.
Токтолбой келди буркурап,
Калың Букар элинин,
Көбү келди чуркурап.
Таякеси Ысмайыл,
Семетейге кеп айтат:
«Айланайын Семетей,
Кандайлыктан акыры,
Капа болдуң, деп айтат,
Калың букар элиң бар,
Эмнеден кемиң бар».
Семетей анда кеп айтат:
Уктум жерим Таласты,
Билбей жүргөм экенмин,
Атам арстан Манасты,
Жерим Талас турбайбы,

Атам Манас турбайбы,
Эми турсам Букарга,
Арбак мени урбайбы!
Эжем деген Каныкей,
Кызыл тилин кайрады,
Чынын айтып акыры,
Булбул болуп сайрады,
Андан көрө таяке,
Ак тулпар берчи минейин,
Кара олпок берчи кийеин,
Кидирбей жолго кирейин,
Келтенди илчи жонума,
Токтотпой салчы жолума.
Ач албарс берчи байланам,
Ак туйгундай айланам!
Семетей мындай дегенде,
Темиркан менен Ысмайыл,
Ээ дээрге сөзү жок болуп,
Эт бышымдай токтолуп.
Эми Ысмайыл кеп айтат:
«Менин айткан сөзүмдү,
Акылмандар ойлонуп,
Тыңдагыла « – деп айтат.
Канкор Манас баласы,
Кара чунак Семетей,
Айтканынан кайтчуу эмес,
Эки сөзү эгерим,
Эч кайтарып айтчу эмес,
Дегенине көнбөсөк,
Сураганын бербесек.
Букарды чаап алуучу,
Жалынса жанды койбостон,
Ушу турган Букарды,
Ойрон кылып салуучу,
Ары-бери чаргытпай,
Дегенине көнөлү.
Эр Семетей баланын,
Сураган берели
Ысмайылдын сөзүнө,
Темиркан баштап карысы,
Букарлыктын баарысы,
Макул болуп калышты.
Анда Ысмайыл кеп айтат:
«Айланайын Семетей,
Айтканыңдын баарын ал,
Кан таятаң тагын ал,
Жоо-жарагың шай кылып,
Жолдошуңду камдагың.
Аз болгондо жолдошко,
Найзакерден баатырдан,
Үч миң жолдош баатыр ал,
Бир кудайга сыйынып,
Андан кийин жолго сал!»
Ысмайылдан кеп угуп,
Көп жолдош алгың – деп угуп.
Семетей анда чочуду,
Окторулуп козуду,
«Ой Ысмайыл таяке,
Бул кебиңди ит уксун,
Ит укпаса ким уксун!
Балтыр бешик чагымда,
Атакемден айрылып,
Кара жолтой чунак жан,
Канатымдан кайрылып.
Аргын менен ногойго,
Карагай найза доолашпай,
Калмактан бетер жоолашпай
Келгендигим аныктыр,
Атпай журка жарыктыр.
Жеке өзүм барамын,
Аргын менен ногойдун,
Абыке, Көбөш туугандын,

Сүйлөшүп жүзүн көрөмүн,
Ажалым жетсе өлөмүн,
Башыма келген иш болсо,
Моюн сунуп көнөмүн!»
Мына ошондо Ысмайыл,
Үн дебестен токтолуп,
Камынды акыр октолуп.
Алдырып келип Ысмайыл,
Ак тулпарды токутту,
Курандан сүрө окутту.
Кара олпок тонду кийгизди,
Кадырын артык билгизди.
Ак бараң асты жонуна,
Ач албарс байлап белине,
Семетейди жөнөттү,
Аргын, ногой элине.
Айбалта илип белине,
Семетейди узатты,
Айтылуу Талас жерине.
Арстан бала Семетей,
Алтындан кемер курчанып,
Айдай белин нур чалып.
Күмүштөн кемер курчалып,
Күндөй бетин нур чалып.
Каары толуп боюна,
Кайгы толуп оюна,
Аттанып чыкты койкоюп,
Айбатына караса,
Ач арстандай октолуп
Ботодой козү жайнады,
Кан ичмеси кармады,
Ооздогу отуз тиш,
Качырата чайнады.
Заары чыгып өңүнөн,
Жалыны чыгып көзүнөн.
Темиркан баштап карысы,
Букарлыктын баарысы,
Алакан жайып, кол ачып,
Бата берди буркурап,
Жалпы баары чуркурап.
Жөнөп кетти Семетей,
Көзүн айрабай ошондо,
Карап калды Каныкей.
Каныкей байкап караса,
Артыкча арбак конуптур,
Арстан Манас баатырдын,
Колдоп жүргөн пирлери,
Ээрчип даяр болуптур.
Ажыдаар камынып,
Астынан сойлоп алыптыр,
Кара чаар кабылан,
Оң капталдан чамынып,
Атырылып калыптыр.
Көгала кулжа болуптур,
Артынан даңкан коюптур.
Алпкаракуш арбайып,
Асмандан бутун салыптыр,
Адагы колдоп алыптыр,
Каныкейди ошондо,
Капалыгы жазылды,
Көкүрөгү басылды.
Кабылан бала Семетей,
Азгана эмес мол жүрүп,
Арада канча күн жүрүп,
Сыр дайранын боюна,
Жетип келди Семетей,
Каныкей айткан сөздөрүн,
Баарын алып оюна,
Карап турса дайраны,
Чалмаланып калыптыр,
Каттуу кирип алыптыр.
Эр Семетей карады,

Кандай кечсе болот  – деп,
Айландыра санады.
Карап туруп муну айтат:
«Кечейин десем мен жалгыз,
Кечпейин десем жол алыс.
Жолумду кудай оңдочу,
Жолоочу жалгыз башымды,
Көп ногойго жеткиче,
Ушу жерде колдочу!»
Ушундай сөздү урганда,
Буркурап карап турганда.
Маңдай жагын караса,
Кызыл селде башында,
Кырк чоросу кашында,
Аккуласы астында,
Ак олпогу үстүндө.
Сыр найзасы колунда,
Ак келтеси жонунда,
Манас карап туруптур.
Ал атасын көргөндө,
Арстан бала Семетей,
Айбыгып карап турбастан,
Атынын башын бурбастан.
«Атам сага кыламын,
Кырк чороңду кырамын,
Каныкейди энемди,
Кайта нике кыямын!»
Кара көзү кан чалып,
Кандуу сур чалып,
Каарданып кумсарып,
Качырып кирип  калды ошол,
Алды-кишини карабай,
Алдына сууну санабай.
Сууга кирип барганда,
Аты менен арбайып,
Агып калды калдайып.
Ал ошондо караса,
Аккуласын жетелеп,
Алмамбетин жемелеп
Сараласын жетелеп,
Сай чоросун жемелеп.
Сууга кирип барды ошол,
Колдон бекем алды ошол,
Маңдай жакка чыгарып,
Көздөн кайым болду ошол,
Көрүнбөй көзгө калды ошол.
Арстандын улуу чунагың,
Өөдө-төмөн чапкылап,
Эрдин кашын каккылап,
«Акырет кеткен атам – деп,
Айласы кеткен ботоң» – деп
Убайымды кабат жеп.
Ак тулпар кайта токуду,
Азирет ясын аягын,
Арбакка атап окуду.
Омийин деп кол ачып.
Алда талаа жол ачып,
Бетине сыйпап алды эле,
Арбакка атап салды эле,
Канкордун уулу чунагың,
Куюндатып бууданын,
Жана жолго салды эле.
Каныкей айткан туура жол,
Туура жолго салды ошол,

## СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА КЕЛИШИ

Түтүндөй жөнөп калды ошол,
Адыр-адыр бел ашып,
Арада канча жер басып.
Будур-будур бел ашып,
Буйгаттуу канча жер басып,
Таластын четин басканы,
Белге барып Семетей,
Аттан түшүп чамынып,
Дүрбүсүн алды камынып.
Дүрбүнү колго алды ошол,
Көзүнө дүрбү салды ошол,
Таласты карап калды ошол.
Кара-Буура, кең Талас,
Жерин көрүн Семетей,
Калың кара көп ногой,
Элин көрдү Семетей.
Карап туруп ошондо,
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Токтоно албай буркурап,
Сай сөөгү кетти зыркырап.
Атына минип камынып,
Ак жолборстой чамынып.
Ак тулпарды каргытып,
Аңгемесин арбытып
Кең-Колду көздөй бет алып,
Ак күмбөздү нээтке алып,
Көрүндү күмбөз карааны,
Ачык-айкын көрүндү,
Семетейге барааны.
Мына ошондо Семетей,
Камчынын сабын таянып,
Жаны калбай аянып,
Оң бөйрөгүн таянып,
Ойронум атам деп ыйлап,
Оолугуп жетим көп ыйлап.
Сол бөйрөгүн таянып,
Солтонум атам деп ыйлап,
Солкулдап жетим көп ыйлап,
Өбөктөп кирип барганы,
Тулпарды талга чалганы,
Өбөктөп туруп өкүрдү,
Өткөн ишке өкүндү.
Өкүрүп чарчап токтолду,
Өөдө болуп Семетей,
Күмбөздү көздөй октолду.
Эшигине ошондо,
Семетей барып отуруп
Көңүлгө иман толтурду.
Мына ошондо эр Семең,
Дарс окуган шер Семең,
Азирети ясынды,
Аягына чыгарып
Азыр окуп алганы,
Атасына багыштап,
Алакан жазып, кол ачып,
Бата кылып салганы.
Күмбөздүн ичин карады,
Айландыра санады,
Күмбөздүн ичи күүлөндү,
Күңгүрөнүп сүйлөндү.
Карап туруп ошондо,
Семетей турду таң болуп,
Акылы кетип дал болуп.
«Карадан жорго мингизип,
Камкадан тонду кийгизип,

Калк таанытып кетериң,
Атам арстан кабылан,
Андан кийин өтпөдүң!
Торудан жорго мингизип,
Торкодон тонду кийгизип,
Топ таанышып кетпедиң,
Тоодой атам – кабылан,
Андан кийин өтпөдүң!»
Жээрдеден торко кийгизип,
Жер таанытып кетпедиң,
Жетик атам кабылан,
Андан кийин өтөпөдүң!»
Төрө жагынан караса,
Отурган экен оңкоюп,
Ала тоодой зоңкоюп.

**МАНАС**

Мурду тоонун сеңирдей,
Муруту чөлдүн камыштай.
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрүнгөндү жуткудай.
Кара киштен бөркү бар,
Кандай баатыр болсо да,
Кайсайм деген эрки бар
Аркасында жалы бар,
Айааламдын баарысын,
Ала турган чагы бар.
Эңчегер келген бою бар.
Кабагы бийик, өңү саз,
Каарын көргөн олак кач!

**АЛМАМБЕТ**

Манастын бияк жагында,
Алтын айдар, чок бел боо,
Азиз кандын Алмамбет,
Алтындан кемер курчанып,
Айдай бетин нур чалып.
Күмүштөн кемер курчанып,
Күндөй бетин нур чалып.
Кызыл чийкил өңү бар,
Калемдей кашы чийилген,
Ботодой кыйгач көзү бар,
Сарынжы тонду белсенип,
Сарала менен теңселип,
Кашташтан  кылган чакчага,
Калемпир кошкон насыбай,
Оң колуна алыптыр,
Алаканга салыптыр,
Манаска сунуп кылыптыр.

**ЧУБАК**

Андан мындай караса,
Арстан Манас баатырдын,
Адамдан артык ынагы,
Акбалтанын Чубагы.
Кемерин белге курчанып,
Кара сур келген өңү бар,
Каарданып, сурданып.
Көк текени кындыйтып,
Көк найзасын зыңкыйтып.
Жалыны чыгып көзүнөн
Заары чыгып өңүнөн.

## БАКАЙ

Каздай моюнун койкойтуп,
Боз жоргосун чайпалтып,
Аксакалын жайкалтып.
Төр жагында төрөм – деп,
«Эми кайдан көрөм» – деп.
Кан Бакай турат чийилүү
Ашкере көзгө билилүү.

## КАНЫКЕЙ

Арстан эрдин оңунда,
Көбүк кардай эттенип,
Кызыл алма беттенип.
Карды көрда этин көр,
Кар үстүнө кан тамса,
Канды көр да беттин көр,
Белине тасма курчанып,
Аса күтүп Каныкей,
Айдай бети кумсарып,
Кындырдай бели буралып,
Желке чачы чубалып,
Ак тамагы каныштын,
Каса туйгун, ак шумкар,
Саңоорундай кылайып.
Толмоч кара көзү бар,
Кыйгач кара кашы бар,
Алмадай борум башы бар.

## СЕМЕТЕЙ

Балтыр бешик Семетей,
Атасын карап арбаңдап,
Ак эмчекти кармалап.
Сүрөтү турат чийилүү,
Сүлдөрү көзгө билинүү.

## ЧОРОЛОР

Андан мындай караса,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргынчал баштык карысы,
Найзаларын таянып,
Өбөктөй түшүп өкүрүп,
Жандары калбай аянып,
Саадагы турат илинүү,
Санаты журтка билинүү,
Санатынын баарысы,
Сарайында чийилүү.
Кылычы турат илинүү,
Кылганы журтка билинүү,
Кылганынын баарысы,
Күмбөзүндө чийилүү.
«Баатырлардын иши деп,
Байкуш энем Каныкей,
Башкача кыйын киши деп
Алданын кылган иши деп,
Асыл энем Каныкей,
Артыкча кыйын киши» – деп
Акыл – эсиң жыйынып,
Аккан жашы тыйылып,
Атка минди эргилип,
Капалыгы жазылып,

Кабагы күндөй ачылып.
Таласты ошондо,
Тегерете карады
Айландыра санады.
Төрт күлдүн төмөн жагы бар,
Төрөнүн тиккен багы бар,
Кайнардын кара көзү бар,
Как чынардын өзү бар,
Аларды көрду Семетей,
Ашыкпастан кебелбей.
Маңдайкы жак баткалды,
Кара-Буура, Чаткалды.
Каныкей айткан белгинин,
Баарын көрүп алганы,
Бакайды кайдан табам – деп,
Бала төрө Семетей,
Бастырып жолго салганы.
Кара-Буура, Чаткалдын,
Адырын көздөй таянды,
Эми тапты аянды.

## КУМАЙЫКТЫН КЕЛИШИ

Адамдан эстүү кумайык,
Семетейдин келгенин,
Жытынан билип алыптыр,
Токтолбостон кумайык,
Каргып жолго салыптыр,
Оозун ачып аңылдап,
Кумайык келди заңылдап,
Жетип келип Кумайык,
Эки колун көтөрүп,
Семетейге асылды,
Бир улуп алып басылды.
Мына ошондо Семетей,
Жаңы калбай аянып,
Бөйрөккө камчы таянып,
Көңүлгө толуп ар санаа,
Көзүнүн жашы он талаа.
Адырдын бетин караса,
Кайнаган жылкы көрүндү,
Карап туруп Семетей.
Көңүлү кетип бөлүндү.
Калың күңгүрөп,
Жер көчүрүп дүңгүрөп,
Кара буурул көп жылкы,
Көп жылкыдан бөлүнүп,
Камбар ата боз айгыр,
Үйүрү бир миң болуптур,
Камбар боз атка конуптур.
Семетейдин келгенин,
Камбар боз айгыр билиптир,
Айдап алып үйүрүн,
Семетейге бет алып,
Камбар боз айгыр жүрүптүр.
Камбар боз айгыр азынап,
Үйүрлөрү кишенип
Келип калды жаны бар,
Семетейге жабылып,
Окуранып чамынып.
Бала төрө Семетей,
Бараңды колго алганы,
Чолок куйрук кара бээ,
Чөйчөк алган табы экен,
Тогуз асый чагы экен.
Имере тартып алганы,
Кара бээни Семетей,
Кыйык атып салганы.
Арстан Манас баатырдын,
Арбагына багыштап,
Башын кесип алды ошол,

Кумайыктын жанына,
Азыр коюп салды ошол.
Андан Семең бастырып,
Акыл-оюн ашырып.
Чаткал тоонун өңүргө,
Салып чыгып барды эле,
Санаага ар иш алды эле.
Өркөчтөрү коркойгон,
Өрдөктөй мойн койкойгон,
Сандаган калың төө көрдү,
Арасынан Семең ошондо,
Бир кишини жөө көрдү,
Мына ошондо жөө киши,
Атына минди камынып,
Ач арстандай чамынып,
Боз жоргосун моюндап,
Томгосун коюндап.

## СЕМЕТЕЙДИН БАКАЙГА УЧУРАШЫ

Жетип келип калганы,
Аппак сакал абышка,
Балага көзүн салганы.
Салам айтты Семетей,
Алик алды эр Бакай.
Эми Бакай кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат
Жөн сурамак сүннөттөн,
Нарк сурамак келбеттен,
Жөнүңдү айт баласы – деп айтат,
Кайдан келген баласың?
Кайсы жакка барасың?
Астыңда айтың алчактай,
Айбандын түркү көрүнөт,
Өзүңдүн түрү башкача,
Адамдан сүрдүү көрүнөт!
Сени көрүп кулунум,
Көңүлүм кетти бөлүнүп,
Бакай мындай дегенде,
Семетей анда кеп айтат,
Кең Букардан келаткан,
Жолочу болом деп айтат,
Анда Бакай кеп айтат:
«Букардан келсең кулунум,
Кара кандын жээни,
Семетей аттуу баланы,
Билдиң бекен – деп айтат.
Чыныңды балам айта көр,
Айтып берип кайта көр!
Сообума кала көр,
Жашырбастан жаппастан,
Чыныңды айтып сала көр!»
Бакай мындай дегенде,
Семетей анда кеп айтат:
«Ал Семетей баланы,
Билемин чалым, деп айтат.
Келесоо чыгып калганы,
Ишенгиниң абышка,
Сөзүмдүн жоктур жалганы.
Анда Бакай кеп айтат,
«Кара оозуңа акыры,
Кан толсун балам» – деп айтат.
Көкөтөйдүн ашында,
Капыр менен мусулман,
Көп чогулган кашында.
Олуя Кошой баатырдан,
Батасынан бүттү эле,
Атасы Манас арстанга,
Жер жүзүндө баатырлар,
Качан беттен түштү эле!

Айткан сөзүң жалгандыр,
Буулукмасы таркабай,
Буулугуп акыр калгандыр,
Атасын тарткан эр болсо,
Артсан, жолборс шер болсо
Семетей туруп кеп айтып,
«Кайгырбагын абаке,
Мен Семетей» – деп айтат,
Андай сөздү укканда,
Аныктап кулак укканда,
Абасы Бакай ошондо,
Буудандан кулады,
Семетей көздөй чуркады.
Оодарып аттан алганы,
Абакең Бакай ошондо,
Айгайды бийик салганы,
Найзадан калган желегим,
Айкөлдөн калган белегим!
Тулпардан калган туягым,
Шумкардан калган тынарым!
Ийнеден калган учугум,
Жолборстон калган акыры,
Кара чаар күчүгүм!
Боз ала тунжур болпоңум,
Бала шумкар чолпонум!
Токсон жашта Чыйырды,
Чоң энең аман бар бекен?
Тозокту тарткан Каныкей,
Өз энең аман бар бекен?
Алдага муңум зар экен,
Көрөр күнүм бар экен?!
Кан таятаң Темиркан,
Кас таякең Ысмайыл,
Баары аман бар бекен?
Кара шаар кең Букар,
Шаары аман бар бекен?
Карыганда мен Бакай,
Кабыландан айрылып,
Кара көзүм кал басып,
Кандуу бетим чаң басып,
Кайгырып ыйлап көп жүрдүм,
Канкордон калган бир туяк,
Качан келээр деп жүрдүм.
Безилдеп ыйлап көп жүрдүм.
Беренден калган туякты,
Бербедигер кудурет,
Берер бекем деп жүрдүм!
Жакама таккан тумарым,
Жазылды азыр кумарым.
Э, айланайын жетимим,
Арстанымдан айрылып,
Арстан кылып кайгырып.
Ажалым жетип өлбөдүм,
Абаке, Көбөш арамдын,
Акимине көнгөнмүн!
Абаке, Көбөш арамдын,
Ашкере көрдүм кордукту,
Артыкча көрдүм зордукту.
Кандыкты Көбөш алганы,
Качып алып, бекинип,
Капада Бакай калганы,
Бектикти Көбөш алганы,
Безе качып мен Бакай,
Бекке моюн салганы!
Мында туруп нетели,
Азыр үйгө кетели,
Абыке, Көбөш арамдар,
Семетей келип кабар укпасын,
Компоңдогон арамдар,
Колун камдап чыкпасын!»
Деп ошонтип кан Бакай,
Айылын көздөй жөнөдү,

Калың төөлөр ичинен,
Болүнүп алып желмаян,
Семетей көздөй өмөлдү.
Желмаян келет делпилдеп,
Эки өркөчү селкилдеп,
Чуудалары селкилдеп,
Оозун ачып бакырды,
Боздоп келет желмаян,
Эки көздөн аккан жаш,
Тоздоп келет желмаян,
Семетей жытын билиптир,
Болүнүп алып көп төөдөн,
Желмаян боздоп чыгыптыр,
Семетейдин жанына
Жетип келип желмаян,
Моюнун артып боздоду,
Көзүнөн аккан жаштары,
Дария болуп тоздоду.
Семетей боздоп ыйлады,
Агызып жашын тыйбады.
Желмаянды кан Бакай,
Буйласын алганы,
Жетелеп алып токтобой,
Ак күмбөзгө барганы,
Арстан Манас баатырдын,
Арбагына багыштап,
Курмандыкка чалганы,
Он эки кулак мис казан,
Казанга этин салыптыр,
Койчу менен колоңго,
Кудайы кылып тартыптыр,
Калган этинен артынып,
Айылына Бакай тартыптыр,
Айылга жакын калганда,
Абакеңиз кан Бакай,
Боз жоргосун моюндан,
Томогосун коюндан,
Айкырыкты салды ошол,
Айылдагы адамдар,
Жоо кайдан келип калды,
Дүрбоп баары калды ошол.
Абакең Бакай акырын,
Сүйүнчү деп бакырып.
«Сүйүнчү журтум Сүйүнчү,
Тон, өтүгүң кийинчи,
Арстандан бир жалгыз,
Семетей келди сүйүнчү,
Текши тонуң кийинчи!
Айылдагы кары-жаш,
Баары чыкты жабылып,
Жакасын кармап баарысы,
Жаратканга жалынып.
Моюнга курун салынып,
Боздоп чыкты жабылып.
Кары-жашы буркурап,
Катын, кыздар чуркурап,
Жаштары көздөн төгүлүп,
Баары келди боздошуп,
Семетейге бөгүлүп
Кучакташып бакырып,
Семетейлеп чакырып.
Бетинен келип өбүшүп,
Бек кучактап көрүшүп,
«Чыйырды менен Каныкей,
Аман-эсен барбы – деп,
Алдага сөзү барбы» – деп.
Сары улактан таптырып,
Садагасын чаптырып,
Чөйчөккө кара суу куюп,
Айландырып башына,
Кара жерге чачтырып.
Бакайдын уулу Байтайлак,

Тоодон келди бакырып,
Семетейлеп чакырып,
Кучакташып өбүшүп,
Күн көрүшүп өбүшүп,
Ай туякка бээ союп,
Ак сары-башыл кой союп,
Семетейге тай союп,
Ал түнү сыйлап кондурду,
Конок кылып оңдурду,
Бала төрө Семетей,
Абасы Бакай үйүнө,
Байпак чечип, бут чоюп,
Өрүүн болуп жатканы,
Тамашага батканы,
Ар түрдүү даамды татканы,
Абасы Бакай кеп айтат:
Ар кандай сөздү көп айтып,
Чоң атаң Жакып карыды,
Чочкодон бетер алжыды,
Жаткандыр азыр дуулашып,
Абыке, Көбөш эгиз эр,
Ат көтөргүз семиз эр.
Акылман туулган Абыке,
Ак көңүл ачык жан эле,
Ар акыл анда бар эле,
Ит эмей кайсы киши эле
Бир баштан барып көрүнүп,
Учурашып кайталы,
Туугандык сөздөн айталы,
Жукаланбай Семетей,
Салмактуу сөздөн айтуучу,
Арбак үчүн аларга,
Учурашып кайтуучу,
Атаңдан калган мүлктөрдү,
Берсе сурап алуучу,
Бербейм десе тууганың,
Жамандашпай калуучу,
Айтканымдан айрылба,
Башка сөзгө кайрылба!»
Деп ошондой сөз айтып,
Кайта-кайта көп айтып,
Бакай кан менен Семетей,
Аттарына миништи,
Алда деп жолго киришти.
Бир убакта караса,
Мөңгүдөн түштү бир караан,
Көрүнгөнгө көрүнүп,
Көрүнбөсө ал караан,
Көк түтүн болуп бөлүнүп,

## ТАЙБУУРУЛДУН КЕЛИШИ

Тайбуурул келди закымдап,
Семетейге жакындап,
Жетип келип Тайбуурул,
Бир кишенеп алганы,
Семетейди карата,
Моюнун сунуп калганы.
Аттан түшүп Семетей,
Тайбуурулду токунду,
Абасы эр Бакай,
Булбул болуп окунду.
Андан жөнөп калганы,
Асман жактан бир карап,
Айланып бутун салганы

## АКШУМКАРДЫН КЕЛИШИ

Эки шумкар тебишип,
Бирин бири эңишип.
Ак шумкар экен каркылдап,
Жерге конду калкылдап,
Аттан түшүп кан Бакай,
Ак шумкардын баласын,
Кармап колго алганы,
Кайта учуп ак шумкар,
Айланып кетип калганы
Арбакты сыйлап акшумкар,
Бир баласын биргени,
Абасы Бакай ак жолтой,
Бала төрө Семетей,
Бергенин алар көргөнү.
Абыке, Көбөш арамдар,
Айбандарча болбоду,
Адам зат бенде болгондон,
Ошо күндөн, ушул күн,
Уккандын көөнү толболду.
Арстан бала Семетей,
Тайбуурулду булкунтуп,
Атырылып жулкунтуп.
Акшумкарды кондуруп,
Кумайыкты шимшитип,
Баскан жери буурулдун,
Кол арыктай оюлуп,
Семетейди бир карап,
Абакеси Бакайдын,
Артыкча көөнү тоюнуп.

## СЕМЕТЕЙДИН ЖАКЫПКА УЧУРАШКАНЫ

Эми Бакай кеп айтат,
«Кулак сал сөзгө Семетей,
Чоң атаң чочко Жакыпка,
Чалгынчылап акыры,
Мен барайын деп айтат,
Чоң атаң акмак ит эле,
Ит эмей кайсы киши эле,
Акмактыкты ар качан,
Кыла келди башынан,
Акмактыгы ашынган,
Сөзүнөн чалгын чалайын,
Кабакка түшүп тура тур,
Барып келе калайын».
Ал сөздү айтып кан Бакай,
Боз жоргосун жылжытты,
Эшигине Жакыптын,
Дароо келип калганы,
Түркүккө атын чалганы,
Салам айтып Жакыпка,
Кан Бакай кирип барганда,
Салоодон салоом алейким,
Сандыргалуу кан Жакып,
Журт атам бай Жакып,
Кан Бакайды көргөндө
Жакып анда күүлөнүп,
Бакайга карап сүйлөнүп,
Кайдан келдин Бакай кул,
Ар качандан, бир качан,
Иштерин бузук мына бул,
Каныкейди качырдын,
Таласка боюң жашырдың,
Каныкейди кетирдиң,

Калкка тийди кесириң,
Азаматтар токтобой,
Бакай кулду байлагын,
Эки колун бек байлап,
Көбөшкө жөө айдагын,
Көбөш баласы Бакайдын,
Эки көзүн ойсун де,
Өлүм кылып койсун де,
Чарбысынан жарсын де,
Тырмактарын кескилеп,
Даңгыттарга салсын де!»
Жакып мындай дегенде,
Анда Бакай кеп айтат:
«Какбаш Жакып сөзүмдү ук,
Тентип кеткен Букарга,
Семетей келди, деп айтат.
Эми сени соемун,
Кара көзүң оемун!
Кескилеп туруп өзүңдү,
Даңкыттарга саламын,
Өчүмдү сенден аламын!
Көбөшүңдү көр кылам,
Ордуң кара жер кылам!
Абыкеңди аймаймын
Баарыңды бирден жалмаймын.
Төбөңдөн азыр басамын,
Төрт түлүгүң чачамын!
Кан Бакай айтып турганда,
Каар сөзүн урганда.
Анда Жакып каркылдап,
Доош салып баркылдап.
Сынап айткан сөзүмө,
Акылман Бакай тардыкпа.
Эгеримде ардыкпа,
Адеп салам бергенде,
Сүйүнчү Жакып дебедиң,
Кайгылуу болгон мен Жакып,
Ар кандай сөздү дегеним.
Арстандан калган бир жалгыз,
Семетей келген турбайбы,
Сүйүнчүнү бербесем,
Мени кудай урбайбы.
Ой байбиче Бакдөөлөт,
Сүйүнчүгө Бакайга,
Жамбыдан бергин сүйүнчү,
Тон өтүгүн кийинчи,
Ак байбиче Бакдөөлөт,
Боздоп ыйлап буркурап,
Он эки мүчөө зыркырап.
Арстандан калган бир туяк,
Семетей келип калган соң,
Кеткен дөөлөт кайрылып,
Кудай жалгап салган соң,
Кантип бербей калайын,
Сүйүнчүңдү кидирбей
Азыр бере салайын,
Деп ошентип Бакдөөлөт,
Ак куржундан колуна,
Бирди кармап алганы,
Бакайга бере салганы,
Колуна Бакай алганы,
Алуунун алды ушу деп,
Аттанып жолго салганы,
Аттанып Бакай бастырып,
Акылын артык ашырып.
Кайра тартып жакындап,
Кулагын Бакай салыптыр,
Абыдан тыңшап калыптыр.
Анда Жакып кеп айтат:
Акмактык сөздү эми айтат,
Атырылып деп айтат.
Баягы канкор Манастын,

Тентип кеткен Букарга,
Балакети жетиптир,
Жетпегенде нетиптир,
Жуукур Бакай жетимди,
Билбегенди билгизип,
Туйбаганды туйгузуп,
Чукул коштоп алыптыр,
Оюнда жоктун баарысын,
Оюна Бакай салыптыр.
Дүмөктүү Манас тукуму,
Келип калса Таласка,
Дүмөктү кыйла салуучу,
Балдарымды бир жолу,
Ойрон кылып салуучу,
Кайрылып келсе ал жетим,
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Жер меники деп айтат,
Аргын, Ногой эки журт,
Эл меники деп айтат.
Алдын ала калайын,
Алактаган жетимди,
Тамырын жулуп бир жолу,
Ойрон кылып салайын,
Мындай жорук кылайын,
Балакеттүү жетимден,
Кутулуп акыр тынайын!
Тилимди алып байбиче,
Бир аяка бал чыла,
Бир аяка уу чыла.
Бал чылаган аякты,
Бакай кулга сунуп кал,
Уу чылаган аякты,
Семетейге сунуп сал.
Бал ичип Бакай куунасын,
Уу ичип жетим суласын,
Жакып мындай дегенде,
Бакдөөлөт турду буркурап,
Боздоп ыйлап чыркырап,
«Капыр какбаш оңбойсуң,
Ар качандан, бир качан,
Арстаным Манас айкөлгө,
Кастыгыңды койбойсуң!
Манастан мурун сен какбаш,
Кара калмак, манжууга,
Кайсы жерде тең элең,
Качан болсо жем элең,
Катардан калган кем элең,
Айдалып бардың Алтайга,
Байланып бардың манжууга,
Бактың Манас шер келди,
Төрт түлүк дөөлөт тең келди,
Кылымга атың угулду,
Кабарын уккан душмандар,
Жүрөгү оозго тыгылды.
Сандыгын алтын жыш болду,
Самаганың туш болду,
Салганың туйгун куш болду,
Салышкан жоолор мыш болду.
Өз тукумуң жоолаган,
Өжөрдө сендей болобу,
Бул кылыгың угулса,
Өзгө элдин көөнү толоорбу!
Кылымга калат макалың,
Бул кылыкты ойлогон,
Кыркылып калсын сакалың,
Капыр какбаш жетесиң,
Бул кылыгың койбосоң,
Абыке менен Көбөштү,
Жетти тозок түбүнө,
Жетелеп ала кетесиң!
Падышам арстан Манаска,
Башынан кудай жар болгон.

Басташа келген душмандын,
Башына заман тар болгон,
Анда Жакып күүлөнүп,
Бакдөөлөткө сүйлөнүп,
От жанында кычкачты,
Бачым колго алганы,
Бакдөөлөттүн оң колун,
Басып Жакып калганы,
Колу сынды кор болуп,
Маңдайы калың шор болуп,
Бакдөөлөт байкуш ыйлады
Оң билеги кыйрады.
«Капыр как баш оңбоду,
Ар качандан бир качан,
Осолдугуң койбодуң!
Эмине болсоң ошол бол,
Как баш капыр сага эми,
Ачык болор тозок жол!»
Деп ошентип Бакдөөлөт,
Тийсе болот уулардан,
Токтолбостон алганы,
Көөкөрдөгү арактан,
Куюп келип аякка,
Уудан уруп салганы.
Бир аякка бал куйду,
Бир аякка уу куйду,
Кан Бакай угуп бастырды,
Тукумуна уу берген,
Ким уккан мындай капырды.
Бакай жетип ошондо,
Семетейге кеп айтат:
«Капыр какбаш чоң атаң,
Чунагым сенин өзүңдү,
Соймок болду – деп айтат.
Соймок болду өзүңдү,
Оймок болду көзүңдү!
Барып үйгө киргенде,
Экөөбүзгө чоң энең,
Сунат келип аякты,
Арагын ичсең Семетей,
Чочкодон жедиң таякты,
Колуңа арак тийгенде
Тура калып Семетей,
Жакыптын сунгун өзүнө,
Кире көргүн сөзүмө,
Сунганда моюн буруучу,
Жакыпты Кудай уруучу,
Озуна келген сөздү айтып,
Аякты албай турганда,
Тескери моюн бурганда.
Ит аяка куюп сал,
Көңүлүңөн чыгарбай,
Айткан сөзүм тутуп ал.
Арагын ичсең өлөсүң,
Акыретти көрөсүң»
Айтып сөзүн билдирди,
Жакыптын ишин бүлдүрдү.
Абасы Бакай ошондо,
Семетейди ээрчитип,
Жаш кулундай телчитип.
Жакыптын барды үйүнө,
Жакып менен Бакдөөлөт,
Тозуп чыкты сүйүнө.
Бакдөөлөт келди бойбоздоп,
Көзүнөн аккан кара жаш,
Боору ылдый агып сел тоздоп,
Семетейди Бакдөөлөт,
Бакырып барып жыттады,
Бооруна кысканы.
Мына ошондо Жакып чал,
Кара каска кайгырып,
Мүдүрүлүп тайгылып,

Боздогон болуп жеткени,
Оозун чала тийгизип,
Семетейди өпкөнү.
«Темир кандын шаарына,
Тентиген балам келдиңби,
Теңирим мага бердиби!
Кара кандын шаарына,
Каңгырган балам келдинби,
Кайтадан кудай бердиңби!
Кеткеним келип калган бейм,
Кемтигим толуп калган бейм,
Ана-мына деп жүргөн,
Душмандын оозу басылсын,
Алдага сөзүм зар бекен,
Эки энең аман бар бекен,
Боздоп калдым кайгырып!»
Бакай менен Семетей,
Үйгө кирип отурду,
Санаага ар иш толтурду,
Бай Жакып эми баркылдап,
Доош салып каркылдап,
«Бачым болгун Бакдөөлөт,
Ушу бүгүн башыма,
Кайта конду чоң сөөлөт!
Арып келген балама,
Ачкылыңды куя көр,
Алып келип суна көр!
Атасы Манас кабылан,
Ачкыл жандуу болучу,
Бир көөкөр толгон аракты,
Бир эле ирмеп коюучу,
Бакдөөлөт туруп кыбырап,
Семетейге каранып,
Көзүн кысып ошондо,
Оозу-башы шыбырап,
Бал кошулган арактан,
Аякка куюп Бакдөөлөт,
Бакайга келип сунганы,
Тартып ийип кан Бакай,
Абыдан жыргап тунганы.
Уу чайкаган арактан,
Семетейге сунду ошол,
Сунуп карап турду ошол.
Бала төрө Семетей,
Аякты колго алды ошол,
Тура калып ошондо,
Жакыпка сунуп калды ошол,
«Атама сунам аяк – деп,
Атамдан мурун ичишим,
Шарияттта арам – деп,
Анда Жакып кеп айтат:
«Ой, Кулунум деп айтат,
Атаң Манас өлгөндө,
Акыретин көргөндө,
Канатымдан кайрылып,
Кабыландан айрылып.
Мына ошондо мен атаң,
Элден ушак кеп уктум,
Баатыр Манас өлгөндө,
Бай Жакып көптү деп уктум,
Анда Жакып ардыктым,
Аябастан тардыктым!
Ардыкандан ойлодум,
Ичпеймин деп аракты,
Каргыш кылып койгонмун,
Ич деп балам кыйнаба,
Атакенди сыйлаба!»
Ал аңгыча болбоду,
Аракты кудай оңдоду,
Шакардай болуп кайнады,
Таршып жерге жайнады,
Анда Семетей кеп айтат:

«Э, атаке – деп айтат.
Арак эмес, уу экен,
Ичкен жанга чуу экен.
Кастыкты кылдың көрүнө,
Ушу жерде капыр чал,
Көрүнөйүн көзүңө!»
Кармап туруп аякты,
Оозуна кармады,
Моюнун буруп булкунуп,
Жанталашып жулкунуп.
Жакыпты кудай урганы,
Койгун балам койгун,
Тескери карап турганы,
Арактын табы өткөндө,
Сакалына жеткенде,
Уунун оту жеткени,
Ачып көздү жумгуча,
Сакалы жыдып кеткени,
«Атам качкан арақты,
Акылдан такыр айныткан,
Арак деген талакты,
Капыр атам как баштын,
Капырлык сырын билемин.
Деп ошондой сөз айтып,
Улагада ит аяк,
Тура калып Семетей,
Ит аякка куйду ошол,
Кирип келип көкдөбөт,
Башын салып турду ошол,
Салары менен сырайды,
Төрт аягы тырайды,
«Ит да болсо бир жан го,
Бөөдө өлүп албасын,
Убалына калбасын,
Деп ошондо сөз айтып,
Каныкей берген ак дары,
Оозуна салды ошол,
Ошо замат көк дөбөт,
Баш көтөрүп калды ошол,
Карап турган адамдар,
Тамашага канда ошол,
Карап турган адамдар,
Качты баары дыркырап,
Туш-туш жака быркырап,
Токтоно албай ал Жакып,
Жүк алдында чон такта,
Сойлоп кирип кутулду,
Маскара болуп көрүнөө,
Аябастан утулду.
Каары толуп Семетей,
Кабагы карыш салынып,
Ач арстандай чамынып.
Ажыдаардай октолуп,
Аял кылбай токтолуп,
Албарсын алып күүлөдү,
Сары түк чыгып бетинен,
Айбаттанып сүйлөдү.
Бакай турду камынып,
Ак жолборстой чамынып,
Жүк түбүндө ак куржун,
Аны да сууруп алганы,
Дагдандап алып көтөрүп,
Ак тулпарга артканы.
Семетей басты сүрдөнүп,
Ажыдаардай түрдөнүп.
Тайбуурулга минди ошол,
Бастырып жолго кирди ошол,
Арстан бала Семетей,
Ак олпок кийип болкоюп,
Айбатына караса,
Ала-Тоодой доңкоюп.
Жаалы чыгып бетинен,

Жалын чыгып көзүнөн.
Шакардай ичи кайнады,
Оездогу отуз тиш,
Качырата чайнады.
Булуттай өңү бузулуп,
Көргөндүн көөнү кысылып.

## СЕМЕТЕЙДИН АБЫКЕ, КӨБӨШКӨ УЧУРАШКАНЫ

Кан Бакай менен Семетей,
Аттанып чыкты шаңданып,
Айбатын көргөн таңданып,
Орто Кең-Коло юнда,
Кең Таластын боюнда,
Бар көлдүн маңдай жагында
Баатыр Манас багында.
Абыке, Көбөш эгизкан,
Ат көтөргүз семиз кан.
Ак ордосун тиктирип,
Акимин журтка уктуруп,
Жаткан экен чалкалап,
Бет алганын талкалап.
Эми Бакай кеп айтат:
«Акылман эле Абыке,
Алдын алып чалгындап,
Мен барайын « – деп айтат,
Ал сөзүн айтып кан Бакай,
Боз бууданды булкунтуп,
Атырылып жулкунтуп,
Аппак болгон ордого,
Кан Көбөштүн коргонго,
Жетип барды ошондо.
Кулак салып байкаса,
Ак ордо ичи дуу болгон,
Айкырык ызы чуу болгон.
Кыргынчал баштык карысы,
Кырк чоронун баарысы,
Бака-шака болушуп,
Бакылдап көөнү толушуп.
Арак ичип алкынып,
Алакташып жулкунуп,
Кысырак тайдан союшуп,
Казы менен картаны,
Кыя кесип коюшуп.
«Кимдин-кимдин доору,
Кан Көбөштүн доору!
Ал Манастын тушунда,
Атка катып курудук,
Ачкалыктан талаада,
Ач бөрүдөй улудук!
Байпак чечип, бут чоюп,
Тынч алып бир күн жаталык,
Тамашага баталык,
Аты калды Манаска,
Азыркы турган сыймыкты,
Атпай аргын, көп ногой,
Көбөш менен талашпа!»
Деп ошондо сөз айтат,
Кырктын башы Кыргынчал,
Кылымды бузган дыңгыл чал,
Башынан иши кыйшык чал.
Ажыбай анда кеп айтат:
«Андай эмес Кыргын чал,
Кудайга кара деп айтат.
Манасты азыр кордобо,
Көбөштүн атын зордобо.
Арстан Манас баатырдан,
Ак тузу бизди урбасын,
Кесириң тийип баарыңа,
Ушу турган чоролор,
Акырында курубасын!»

Чоролордун баарысы,
Ажыбайды жаалады,
Көбөштү артык баалады.
Ал аңгыча Ормонбек,
Эшикке чыгып барганы,
Көп аттардын ичинде,
Өбөктөп турган Бакайды,
Көзүн салып карады,
Жетип барып Ормонбек,
Кан Бакайга кеп айтат:
«Кайдан келдиң Бакай чал,
Ушу жерге деп айтат,
Токтобой кайта кайткының,
Арыз-абалың бар болсо,
Өзүң кирем дебестен.
Желдеттерге айтканың»,
Ормонбек мындай дегенде,
Бакайдын келди каары,
Бетинен чыкты заары.
Ормонбекти Кан Бакай,
Эки буттан алды ошол,
Башын ылдый каратып,
Алачыктай караташ,
Алып басып барды ошол.
Эми Бакай кеп айтат:
«Не дейсиң балам – деп айтат,
Бакайды ким деп ойлопсуң,
Каарым келди сөзүнө,
Каарымды өзүңө,
Кара ташка сойлойсуң!
Жамгырчы кандын Ормонбек
балам,
Жасалуу жоого коргонбек балам,
Кундузу карык киш бөркtү,
Төбөсү карыш шиш бөркtү,
Ким ыргалып кийбеген балам,
Түндүгү күмүш ак ордо,
Кимдер алып кирбеген балам,
Куранды ногой, аргында,
Ким жуткасын албаган балам.
Кимдерден сөөлөт калбаган балам.
Кимдерден дөөлөт кетпеген балам,
Кимдерге нөөмөт жетпеген балам,
Анда Ормонбек кеп айтат:
«Жан соого аба – деп айтат,
Балалыгым жаштыгым аба,
Байкабаган мастыгым аба!»
Анда Бакай кеп айтат:
«Андай болсо Ормонбек,
Абыкеге сен баргын,
Кулагына акырын,
Шыбырап койгун деп айтат
Эшикте Бакай жүрөт де,
Акырын чыгып келсин де,
Келип жүзүм көрсүн де,
«Макул аба болот –деп,
Сөзүнө көөнүм толот» – деп,
Жыла басып Ормонбек,
Абыкеге келгени,
Ормонбектин келгенин,
Эми Абыке көргөнү.
Анда Ормонбек кеп айтат:
«Бакай абам эшикте,
Чакырып жатат» – деп айтат
Акырын басып Абыке,
Эшикти көздөй жөнөдү,
Ат үстүндө өбөктөп,
Турган экен кан Бакай,
Аны Абыке көргөнү,
Бакайды колдон алганы,
Жыттап акыр калганы.
«Арстаным Манас өлгөнү,

Акыретти көргөнү,
Билимбедиң өзүмө,
Көрүнбөдүң көзүмө».
Эми Бакай кеп айтат:
«Кулак салып Абыке,
Сөзүмдү уккун деп айтат.
Темиркандын шаарына,
Тентип кеткен Семетей,
Каракандын шаарына,
Каңгып кеткен Семетей,
Эрешен тартып эр болуп,
Эл уулу менен тең болуп,
Арбайып адам болуптур,
Ат жалын тартып миниптир,
Атасынын сыймыгы,
Башына келип конуптур,
Атасындай болуптур.
Дарс окуптур молдодон,
Дин билиптир кожодон,
Атам арстан Манасты,
Жери Кең-КолТаласты,
Эли аргын, ногойду,
Калаалу коргон токойду.
Сары таздан угуптур,
Угары менен токтобой,
Аттанып бери чыгыптыр,
Муну кандай кыласың,
Кандай кылып тынасың»,
Бакай кандан кеп угуп,
Семетей келди деп угуп.
Абыке көзүн жаштады,
Айтып сөзүн баштады:
«Айланайын абаке,
Кудай бизге бериптир,
Кеткен дөөлөт кайтадан,
Бурулбастан келиптир,
Көбөш акмак ит эле,
Ит эмей кайсы киши эле.
Алдап-соолап акыры,
Ит Көбөштү таяйын,
Акыл ээсти жыяйын,
Деп ошондой сөз айтып,
Айтып оозун жыйгыча,
Көбөш чыкты күркүрөп,
Карап турган Абыке,
Тула бою дүркүрөп,
Бакайды көрө калганы,
Түндүк бакан колго алып,
Айсал-буйсал кылбастан,
Жетип келип Бакайды,
Как чокуга салганы.
Чоң бакан башка чабылды,
Кан Бакай эстен жаңылды,
Башы айрылды быркырап,
Каны жерге шыркырап,
Абыке турду акырып,
Ит Көбөш деп бакырып,
Баканды жулуп алганы,
Керилип туруп Абыке,
Көбөштү башка салганы,
Жыгылды Көбөш тырайып,
Буту-колу сырайып.
Атына минип Абыке,
«Кайда абаке Семетей,
Азыр барып көрөйүн,
Арстандан калган жалгыздын,
Бетинен жыттап өбөйүн,
Абыке келди айкырып,
Семетейлеп бакырып,
Семетейим келдинби
Мага кудай бердиңби?!
Өлсөм менде арман жок,

Кенедей арман калган жок»
Деп ошондой сөз айтып,
Аттан түшүп Абыке,
Семетейди кучактап,
Көзүнүн жашы бурчактап,
Тамагынан бек жыттап,
Куркурата көп жыттап,
Анда Абыке кеп айтат:
«Абаң Бакай экөөбүз,
Аңдоосуздан турганда,
Акмак Көбөш абамдын,
Башын жарды деп айтат,
Ал итти мен да сойдум дейт,
Башын жарып койдум дейт!
Андай сөздү укканда,
Семетей каттуу күүлөндү,
Кан ичмеси чын кармап,
Каарын төгүп сүйлөдү:
«Кое бер аба колумду,
Тозбогун менин жолумду,
Ал Көбөштөн келгенди»
Ушу жерде көрөйүн,
Менда башын жарайын,
Башын жарып тим болбой,
Алактаган акмакты,
Акыретти карата,
Айдап жолго салайын!»
Анда Бакай кеп айтат:
«Айланайын Семетей,
Сабыр кылгын деп айтат.
Теңелбегин айбанга,
Кара шайтан сайганга,
Баш айрылса ар качан,
Бөрк ичинде болуучу,
Кол сынганды ар качан,
Жең ичинде болучу.
Эки тууган чабышат,
Түшүнбөстөн акыры,
Акырысы табышат.
Эрди катын урушат,
Эси кеткен болушат»
Бакай мындай дегенде,
Семетей акыр токтолду,
Ачуу сөзу жок болду.
Аргын, ногой баарысы,
Жашы менен карысы,
Кабарчыдан кеп угуп,
Кабылан Манас баласы,
Семетей келди деп угуп.
Баабедиң деп бакырып,
Бирин бири ошондо,
Бат жүргүн деп чакырып.
Арстан Манас айкөлдун,
Азып кеткен жалгызы,
Семетей кайта келиптир,
Алда таала жасаган,
Аныктап бизге бериптир!»
Деп ошондой сөз айтып,
Калың журт келди жабыла,
Кайып болгон Семетей,
Капысынын табылып.
Калың журт келди буркурап,
Кары дебей, жаш дебей,
Катын дебей, кыз дебей,
Каптап келди чуркурап.
Шорго үйүлгөн кой өңдүү,
Үстү-үстүнө үйүлүп,
Аттан түшүп түйүлүп,
Тополоң түшүп көрүшүп,
Боздоп ыйлап баарысы,
Семетейди өбүшүп.
Кезектешип турушуп,

Эми тура бергин – деп,
Кемпир, чалдар урушуп,
Калың кара көпчүлүк,
Мына мындай кеп айтып:
«Кабылан Манас баатырга,
Кадыр алда жараткан,
Кадимден берген деп айтып,
Падыша Манас султандын,
Башынан иши оң болгон,
Басташкан жоолор сомдолгон!
Түбүнөн иши оң болгон,
Түртүшкөн жоолор сомдолгон,
Түгөнөт десе түтөгөн,
Түбүнөн кайта күчөгөн!
Өлдү десе өөрчүгөн,
Оболтон кызыр ээрчиген!
«Тайбуурулду миниптир,
Акшумкар колго алыптыр,
Арстан Манас баатырдын,
Арбагы келип конуптур,
Ар борумун карасак,
Атасындай болуптур!»
Сынчылары кеп айтат:
«Арстан Манас баатырдын.
Колдоп жүргөн пирлери,
Бул Семетей балага,
Конуптур бутун» – деп айтат
Калктын көөнү толуптур,
Кара чунак Семетей,
Атасындай болуптур,
Семетей барып түштү ошол,
Акылай күткөн ордого,
Азап түштү ошондо,
Ал ордого жык толгон,
Атпай турган чорого.
Кырк чоро качты дыркырап,
Кара жаны чыркырап.
Калыптыр Көбөш очоюп,
Тарпка конгон жорудай,
Отуруптур чочоюп.
Салам айтып Семетей,
Көбөштүн колун алганы,
Эс-мас болуп көр Көбөш,
Балага көзүн салганы,
Анда Абыке кеп айтат:
«Ачкын Көбөш көзүңдү,
Тааныбасаң бул бала,
Семетей болот» – деп айтат,
Тура калып Семетей,
Акылай колун алганы,
Мурдун чыйырып Акылай,
Чала-була кармады.
Семетей бекем кысканда,
Акылайдын ошондо,
Беш манжасы кыйрады,
Энесин бала сыйлады.
Көзүнүн жашы зиркиреп,
Сийдиги кетип диркиреп.
Калың кара көпчүлүк,
Катар келип отурду,
Көңүлгө кубаныч толтурду.
Бала төрө Семетей,
Эми сөздү баштады,
Сөз айтуудан шашпады:
«Аргын, ногой калың эл,
Баарың уккун – деп айтат,
Калк ичинде аксакал,
Карың уккун – деп айтат,
Калк бийлеген башкарып,
Каның уккун, деп айтат.
Атам арстан өлгөндө
Акырет жайды көргөндө,

Жетим менен жесирди,
Бой боздотуп ыйлатып,
Чапкан эрлер ким экен?
Калың кара төрт түлүк,
Кан казына мүлктөрдү,
Чачкан эрлер ким экен?
Баш көтөртпөй акыры,
Аргын менен ногойду,
Баскан элдер ким экен?
Адисинен акыры,
Ашкан эрлер ким экен?
Кара канга ошондо,
Тойгон эрлер ким экен,
Бир ооз сүйлөйм дегенди!
Сойгон эрлер ким экен?
Аргын мененНогойдун,
Азабын аштай кетирип,
Урган эрлер ким экен?
Өз билгенин бир кылып,
Турган эрлер ким экен?
Балтыр бешик баланы,
Каракандын шаарына,
Калмактан бетер кубалап,
Кууган эрлер ким экен?
Жетим менен жесирдин,
Талап алып мал-мүлкүн,
Көксөлөрү бир жолу,
Сууган эрлер ким экен?
Айтылуу Талас жеримден,
Кимдер кууп мени чыгарган,
Аргын, ногой элимден.
Жетимдерге зордукту,
Кылган эрлер ким болот?
Сан казына мүлктөрдү,
Талап алып акыры,
Тунган эрлер ким болот?
Атамдан калган жаптыкты,
Азыр салсын колума,
Азим, Букар бет алып,
Кайта салам жолума,
Анда Абыке кеп айтат:
«Айланыйын Семетей,
Мен Абыке шордуумун,
Сөзүм уккун деп айтат.
Баары укмуштун баарысын,
Кылган агаң мен болом,
Сан казына мүлктү алып,
Тунган агаң мен болом.
Кылгылыктын баарысын,
Кылган аган мен болом,
Кылып алып акыры,
Кылча уялып койбостон,
Турган агаң мен болом!
Атаңдан калган тең Талас,
Жериң турат беремин,
Аргын, ногой эки журт,
Элиң тура беремин!
Талаа толгон төрт түлүк,
Малың турат беремин,
Атаңдан калган жоо жарак,
Аның турат беремин».
Анда Көбөш кеп айтат:
Ачууланып бек айтат.
«Оозуңа келген сөздү айтып,
Калжыраба Абыке,
Ойго-тоого урунуп,
Тантыраба Абыке!
Кечээ кең Алтайдын жеринде,
Кара калмак, манжуунун,
Аралаш турдук элинде,
Атасы Манас жок кезде,
Атакебиз бай Жакып,

Сан кара күткөн бай болгон,
Төрт түлүгү шай болгон.
Кылымды баскан бай болгон,
Кызматы журтка жай болгон.
Жети жашка чыкканда,
Канкор болду атасы,
Өз билгенин бербеген,
Тажаалдыгы ашынган,
Анкор болду атасы.
Калмакка салды чатакты,
Калайыкты тынчытпай,
Катураак салды азапты,
Жыргап жаткан Алтайдан,
Айдап сүрүп көчүрдү,
Жаккан отту өчүрдү,
Карагай найза боолады,
Калмак, кытай, ооганды,
Катарынан жоолады.
Оодарып алды калчаны,
Ойрон кылды канчаны,
Айда жортуп койбоду,
Арам малга тойбоду.
Жорткондугун койбоду,
Жоо малына тойбоду.
Жакыптын малын сапырды,
Өмүрүндө тынбаган,
Ким коргон канкор капырды,
Ошо канкор Манастын,
Тентип кеткен Букарга,
Кайта келип баласы,
Жукпасын бизге жаласы,
Абыке менен Көбөштө,
Чака булча акысы,
Ырас жери жок эле,
Энеси долу Каныкей,
Долулугу ашынып,
Ургаачыдан шок эле,
Баласына ал долу,
Абыке менен Көбөштө,
Сан казына, төрт түлүк,
Малың калган дегендир,
Оозуңа келген сөздү айтып,
Аябай бокту жегендир»
Көбөш мындай дегенде,
Семетей турду камынып,
Ак жолборстой чамынып,
Семетей түрүн көргөндө,
Эрдемсиген Көбөштүн,
Акылы кетти жаңылып,
Абакеси кан Бакай,
Ордунан турду камынып.
Ач албарс менен айбалта,
Бурчтагы адал баканда,
Турган экен илинүү,
Көрүнүп көзгө билилүү,
Барып жулуп алганы,
Семетейдин колуна,
Ме деп бере салганы,
Ач албарс менен айбалта,
Семетей илди белине,
Айбаты анык көрүндү,
Аргын, ногой элине,
Анда Абыке күүлөнүп,
Ачуусу келип сүйлөнүп,
Аттаналы Семетей,
Акмак менен эгишпей.
Абыке, Бакай, Семетей,
Үйдөн чыкты түйүлүп,
Көбөш менен Акылай,
Аргасы кетип акыры,
Отурушту күйүнүп,
Анда Акылай кеп айтат:

«Ары жок Көбөш өлсөңчү,
Бу көрөкчө акмагым,
Өлгөнүңдү көрсөңчү!
Үйдө баатыр, жоодо жок,
Бир чычкандай балага,
Асыл мүлктү алдырдың,
Карап турган душмандын,
Табаларын кандырдың,
Өрттөй ичим жандырдың!
Карап тургун көөдөгүм,
Букарадан келип Семетей,
Ак ордо мүлктү алуучу,
Ачуусу келсе бу бизди
Ойрон кылып салуучу!».
Акылман зууган Абыке,
Семетей менен абасын,
Ордосуна киргизип,
Оендугун билгизип.
Ай туякка бээ союп,
Ак сары башыл кой союп,
Семетейге тай союп,
Сары улактан таптырып,
Садагасын чаптырып,
Ордун калың салдырып,
Шам чырагын жандырып.
Ал күнү анда кондурду,
Конок кылып ондурду,
Эртесинде Абыке,
Семетейдин ийинине,
Ак келтени илгизди,
Кандагайдын бутуна,
Алып келип кийизди,
Сыр найза берди колуна,
Кол кармашып божурап,
Семетейди Абыке,
Эми салды жолуна.

## СЕМЕТЕЙДИН БӨЛӨКБАЙГА УЧУРАШКАНЫ

Мына ошондо кан Бакай,
Семетейди ээрчитип,
Жаш кулундай телчитип.
Билбегенди билгизип,
Билдирген жолго киргизип,
Туйбаганды туйгузуп,
Туура жолго киргизип.
Талдуу суунун башында,
Казына салган үнкүргө,
Казына кайтарган,
Төкөр уста Бөлөкбай,
Алтымыш үйлүү мүңкүргө.
Баштап алып келгени,
Башчы болгон Бөлөкбай,
Семетейдин келгени,
Мүңкүрлөр текши көргөнү.
Бабеден деп бакырып,
Манастан ураан чакырып,
Мүңкүрлөр баары буркурап,
Семетейге бет алып,
Азыр келди чуркурап.
Семетей менен көрүшүп,
Кезек менен өбүшүп.
Чыйырды менен Каныкей,
Алардын жайын сурашып,
Ардыгы чыгып куунашып,
Бөлөкбай боздоп болкулдап,
Наалып ыйлап сокулдап,
Арнап баккан боз борук,
Бата кылып сойгону,
Этин салып казанга,
Арашан кылып тойгону,

Алакан жазып, кол ачып,
Бата кылып койгону.
Баштап алып Бөлөкбай,
Семетей менен Бакайды,
Үңкүрдү көздөй өткөрдү,
Өтүп барып Семетей,
Манастан калган казына,
Казынаны көз көрдү.
Казынанын көптүгү,
Өзүнчө жаткан тоо экен,
Эгерде ичи агарбас,
Эселек Көбөш жоо экен.

Казына мүлктөрдүн,
Баарын көрдү Семетей,
Алтын, күмүш асылдан,
Зарын көрдү Семетей.
Бөлөкбай менен мүңкүрлөр,
Алар менен жатышып,
Арыз-арманды айтышып,
Сагынганы басылып,
Моокумдары жазылып.
Эртесинде Семетей,
Аттанып чыгып жөнөлдү,
Кайра Букар өмөлдү.

## СЕМЕТЕЙДИН БУКАРГА КАЙТЫШЫ

Арстандын уулу Семетей,
Тайбуурулду булкунтуп,
Атырылтып жулкунтуп,
Ак олпокту кийинип,
Атам айкөл Манастын,
Арбагына сыйынып.
Ак келте жондо жаркылдап,
Ач албарс менен айбалта,
Алары белде шаркылдап,
Алтындан кемер белинде,
Алыстан келип көрүшүп,
Аргын, ногой элине
Акшумкар колго алып,
Айбатын көргөн таңданып,
Сыр найзаны өңөрүп
Кайра кандай көгөрүп,
Акшумкарын дабышын,
Кумайыгын шимшитип,
Ак олпок кийип чыңданып,
Кандагай кийип шымданып,
Аттанып чыкты койкоюп,
Айбаты башка болкоюп.

Абыке келди айкырып,
Семетейлеп чакырып,
Аргын, ногой камынып,
Баары келди жабылып.
Семетей анда кеп айтат:
«Мен келгиче калайык,
Тургула аман – деп айтат
Көрдүм журтум көзүңдү,
Арбакты сыйлап баарыңар,
Кадырлап мени өзүмдү,
Азим шаар Букарга,
Төкпөй-чачпай акыры,
Айтып барам сөзүмдү,
Тентек Көбөш агамды,
Алдап-соолап акыры,
Ага кылып алаармын,
Абыке асыл агама,
Каныкейдей жеңесин,
Алып берип салармын.
Азим шаар Букарга,
Барып жетип көчүрөм,
Жаккан отун өчүрөм.

Ал сөздү айтып Семетей,
Ак күмбөзгө барганы,
Табарек деген сүрөнү,
Тактап окуп алганы,
Арстан Манас баатырдын,
Арбагына багыштап,
Атпай турган көпчүлүк,
Бата кылып салганы.
Аргын, ногой баарысы,
Кош айтышып калышты,
Ак тулпарды жетелеп,
Байтайлак болду жолдошу,
Жолго кирип жөнөлдү,
Семетей бала жолборсу.
Өзү көргөн жол менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Азгана эмес мол жүрүп,
Арада канча жол жүрүп.
Жетти Букар шаарына,
Семетей келип калды деп,
Угулуптур ошондо,
Калың Букар баарына,
Семетейге көрүштү,
Темиркан баштап карысы,
Букарлыктын баарысы.
Ысмайыл келди болкулдап,
Наалып ыйлап солкулдап,
Калың журт байкап караса,
Семетейдин өзүнө,
Артыкча арбак конуптур,
Арстан Манас баатырдын,
Так өзүндөй болуптур.
Атадан калган мүлктөрдүн,
Арамдардын колунда,
Бирин койбой алыптыр,
Семетейге арамдар,
Каш кайтарбай калыптыр,
Кара кан менен Ысмайыл,
Келгенине кубанып,
Семетейге тай сойду,
Сан сары башыл кой сойду,
Ошо тойдо Семетей,
Сары тазды кан кылды,
Калайыкка даң кылды.

## СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА КӨЧКӨНҮ

Букарга кайтып Семетей,
Бир ай тынчып жатыптыр,
Көчөйүн деп Таласка,
Терең ойго батыптыр.
Бир күнү туруп Семетей,
Каныкейге кеп айтат:
«Эми турбай Букарга,
Көчөсүң акыр, деп айтат.
Ар шайманың бүтүргүн,
Көчүшкө эне күтүнгүн.
Акылга дыйкан Каныкей,
Семетейден кеп угуп,
Эми турбай Букарга,
Көчүп кетем деп угуп.
Ысмайылдын алдына,
Токтобой Каныш барганы,
Семетейдин сөздөрүн,
Баштан аяк сайрады.
Анда Ысмайыл кеп айтат:
«Айтканынан кайтпаган,
Арстан Манас баласы,
Кара чунак Семетей,
Токтобойт эми –деп айтат.
Айтканынан кайтпайт дейт,

Адамга сырын айтпайт дейт,
Андай болсо эжеке,
Энчисине мен азыр,
Мал беремин аябай,
Мал көзүнө карабай,
Бул беремин аябай,
Бул көзүнө карабай.
Ак ордо үйүн камдайын,
Ар шайманын жамдайын,
Ал сөздү айтып Ысмайыл,
Атакеси Каракан,
Караканга кеп айтат:
«Семетей  жээниң атаке,
Аргын, ногой элине,
Кетмек болду» – деп айтат.
Энчи куюн берели,
Дегенине көнөлү.
Энчи куюн бербесек,
Дегенине көнбөсөк.
Тууган деп бизди санабайт,
Ырайым кылып карабайт.
Талкалайт Букар шаарды,
Тайманбай кылат каарды»
Кара кан анда кеп айтат:
«Кылайын деген ишиңди,
Семетейден аянбай,
Ысмайыл кылгын» – деп айтат.
Атасынан кеп угуп,
Ойлоп турган ишиңди,
Семетейден тартынбай,
Кыла бер акыр деп угуп,
Семетейге берүүгө,
Ак ордо үйдү камдатып,
Ар шайманын жамжатып,
Төрт түлүктү малдардан,
Миңден кылып аябай,
Мал көзүнө карабай,
Бир миң нарды комдотуп,
Ком, арканын оңдотуп.
Атанга жүгүн арттырып,
Ар атаңдын үстүнө,
Калыңдан килем жаптырып,
Жибектен аркан тартырып,
Ар атаңдын моюнуна,
Жеке сандан тактырып,
Букарды эли дарбышып,
Семетей көчөт экен деп,
Атка минип аргытып.
Ажыраш аяк беришип,
Кол алышып баарысы,
Чыйырды менен Каныкей,
Бала төрө Семетей,
Бул үчөөнө калың эл,
Боздоп ыйлап көрүшүп,
Айтып сөзүн наалышат,
Кайта-кайта барышып,
Мечитке азан айтышып,
Алтын ооз кернейди,
Арылдата тартышып.
Көтөнү бөлөк болгон соң,
Көктөсө болбойт экен го,
Кыздан туулган жээнди,
Бир тууган болот деп айтып,
Бептен бекер экен го!
Калайык андай кеп кылып,
Калет эмес деп кылып.

## СЕМЕТЕЙДИН ЧАЧЫКЕЙДИ АЛЫШЫ

Шаатемир хан, Кара хан,
Ушул экөө бир тууган.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Он алтыда жашы бар,
Олоңдой кара чачы бар,
Сурмадай кара кашы бар,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Чачыкейге баш байлап,
Аташып койгон башында,
Үч, төрт жашар жашында.
Кара хан кызы Каныкей,
Ашыгып үйүн чечкенде,
Жаккан отун өчүрүп,
Таласты көздөй көчкөндө,
Кара хан менен Шаатемир,
Кеңеш кылып отуруп,
Кеңешин каркап болтуруп,
Каныкейди биз эми,
Келиндүү кылбай болбойтко,
Келиндүү кылбай кетирсек,
Акырысы түбүндө,
Ишибиз жакшы оңбойт ко,
Каарына алса Семетей,
Бир кезекте сомдойтко!
Көчтөн ашкан көрктүүдөн,
Көмкөрө кундуз бөрктүүдөн,
Элден бир кыз табалы,
Калың малды чачалы,
Жер каратып жибербей,
Каныкей көөнүн басалы!
Деп кеңешти эки хан,
Сынчыларга ат берип,
Ат бергенде бат берип.
«Сынчылар атка мин деди,
Элди аралап жүр деди,
Кимде жакшы кыз болсо,
Келип кабар бер» – деди.
Сынчылары ат минип,
Аялдабай бат минип,
Аралап элди жүрүштү,
Кимде көрктүү кыз болсо,
Калтырбай баарын көрүштү.
Сынчылардын сынына,
Көргөн кыздар жакпады,
Көргөн билген сөздөрүн,
Чарчап келип сынчылар,
Хандарына айтканы.
Мына ошондо хандарың,
«Кызды кайдан табабыз,
Эми кайда барабыз!»
Деп кысылып турганда,
Мындай сөздү урганда.
Ысмайыл турду мындай деп:
«Менин сөзүм кандай дейт,
Кысылып бөөдө турбастан,
Семетейге биз эми,
Чачыкейди берели,
Тобокелге кайгы жок,
Үмөтөйдөн келгенди,
Учурунда көрөлү!»
Деп Ысмайыл айтканда,
Мындай акыл тапканда.
Калктын баары дабырап,
Сөз сүйлөшүп жабырап,
«Ысмайыл өзү акыл деп,
Куп кулакка сыйымдуу,

Уга турган макул кеп!»
Ысмайылдын сөзү төп болду,
Хандарга бу сөз эп болду.
Топтошуп малды союшту,
Тойго келген көпчүлүк,
Тойго тарткан эттерди,
Түгөтө албай коюшту,
Экиден табак тарттырды,
Берекесин арттырды.
Кожо-молдо жайылды,
Манастын уулу Семетей,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Экөөнө нике кыйылды.
Аземин артык арттырды,
Карып менен мискинге,
Алтын менен күмүштү,
Аралаша чачтырды.
Кожо менен молдого,
Ээр, токумдуу ат берди,
Аялдабай бат берди,
Отуз күнү ойнотуп,
Так кырк күнү кыңшытып,
Кыдырата шимшитип,
Керней-сурнай тартылып,
Бала төрө Семетей,
Келбети журтка артылып,
Кара шаардан Букардан,
Көчү чыкты ошондо,
Жердин бети союлуп,
Көргөндүн көзү тоюнуп,
Асаба жууну аштады,
Бакайдын уулу Байтайлак,
Ошол көчтү баштады,
Калың кара Букарлык,
Узатып чыкты жол менен,
Санаты түмкөн кол менен,
Сакал, мурут тарашып,
Кыбыланы карашып,
Оңдо кудай ишиңди,
Жоготсун душман кишиңди.
Ал сөздү айтып буркурап,
Атпай калың Букарлык,
Кош айтышып ошондо,
Батасын берди чуркурап.
Бир жүз киши кашында,
Көчү менен баланын,
Ысмайыл жүрду ушунда,
Жебилгеси жер чийип,
Жеке сан үнү баш жарып.
Көчү-көчкө урунуп.
Чаң асманга бурулуп,
Аз гана эмес мол көчүп,
Арада канча жол көчүп.
Сыр дайраны кечкени,
Жана илгери кеткени.
Адыр менен күдүрдү,
Ашып көчү алыптыр,
Ара жолго салыптыр,
Жана канча жол басып,
Чаткалга келип калыптыр,
Чаткалга көчү конгону,
Жыргап-куунап ал жерге,
Бир жума өрүүн болгону.
Андан көчүп алыптыр,
Чаткалдын тоосун ашыптыр,
Күйүктүн белин басыптыр,
Таластын бети көрүндү,
Көргөн замат Каныкей,
Көңүлү кетип бөлүндү.
Эртеги түшүп эсине,
Жаш имерди көзүнө,
Оболку иш түшүп оюна,

Такаты турбай боюна,
Кара-Буура, теӊ Талас,
Жерди көрүп ыйлады,
Көзүнүн жашы көл болуп,
Мурунан булак кашка суу агып,
Буркурап Каныш куурады.
«Кара-Буура, кеӊ Чаткал,
Жерди көрүп ыйлады,
Аргын, ногой калыӊ журт,
Элди көрүп ыйлады,
Көрбөгөнү көп болгон,
Элди, жерди көп санап,
Саруулап өӊү чөп болгон.
Чыйырды менен Каныкей,
Ак күмбөз көздөй жөнөдү,
Ысмайыл баштык жүз киши,
Артынан алар өмөлдү.
Мына ошондо Ысмайыл,
Атынын оозун жайганы,
Жездекелеп токтобой,
Айгайды катту салганы.
Жүз киши катар өкүрдү,
Арстан эр жаӊы өлгөндөй,
Кара жерди көчүрдү,
Өкүргөндүн баарысы,
Аттан түшүп камынып,
Ак күмбөз көздөй жабылып,
Азирет ясын сүрөсүн,
Аныктап окуп алышты,
Арстан эрге багыштап,
Алакан жайып кол ачып,
Бата кылып салышты.
Ак боз бээден алдырып,
Арстан эрге багыштап,
Бата кылып чалдырып,
Орто Кеӊ-Кол оюна,
Кеӊ Таластын боюна,
Көчү келди күӊгүрөп,
Жер союлуп дүӊгүрөп.
Көчү келди дегенде,
Аргын, ногой элинен,
Кары дебей, жаш дебей,
Катын дебей кыз дебей.
Чапкылап баары келишти,
Чыйырды менен Каныкей,
Ал экөөнү көпчүлүк,
Кучакташып көрүштү.
Кудай берди бизге деп,
Боздогону андан көп,
Көзүнүн жашы көл болуп,
Тоздогону андан көп,
Өткөн ишти эскерип,
Ырдаганы андан көп,
Кабагы карыш ачылып,
Жыргаганы андан көп.
Семетейдин ордосун,
Арстан эрдин конушка,
Алып келип тикти ошол,
Семетей көчүп келди деп,
Абыке, Көбөш кан Жакып,
Кабарчыдан укту ошол,
Кабарчыдан кеп угуп,
Букардан келип Семетей,
Конушуна Манастын,
Ак ордо тикти деп угуп.

## КӨБӨШТҮН СЕМЕТЕЙГЕ ЧАБУУЛУ

Семетей конду дегенде,
Кан Жакып, Көбөш кайгырып,
Кандай заман болот деп,
Көңүлү кетип кайгырып,
Анда Көбөш ойлонуп,
Эт жүрөгү солкулдап,
Алапайын таба албай,
Ары-бери ойлонуп.
Эми Абыке камынып,
Атка минип чабынып,
Атын сабап моюндан,
Томогосун коюндан,
Кан Жакып менен Көбөшкө,
Жетип келип Абыке,
Наалып-наалып кеп айтат:
«Атаке Жакып, эр Көбөш,
Ары бери турбастан,
Аттангыла, деп айтат.
Семетей келип Манастын,
Конушуна конду дейт,
Укканда көөнүм толду дейт.
Аргын, ногой баарысы,
Жашы менен карысы,
Кошулуп баары калды дейт,
Султан кылып алды дейт.
Өтүп кеткен иштердин,
Барып суугa салалы,
Түбүбүз бир  эмеспи,
Алдына ыкчам баралы.
Убалга Көбөш калбагын,
Бакдөөлөттүн тукумун,
Сыйпалтып акыр салбагын!
Алыңды Көбөш ойлогун,
Ал жетер жоого ойногун!
Анда Жакып күүлөнүп,
Абыкеге сүйлөнүп:
«Абыке акмак не дейсиң,
Чычкандай болгон баладан,
Коркуп калган кедейсиң!
Турба Көбөш аттангын,
Колду жыйып чук кылып,
Аялдабай бат баргын!»
Деп ошентип кан Жакып,
Атка минди калдайып,
Ала тоодой заңкайып,
Кыргын чал келди камынып,
Кырк чоро келди жабылып.
Аргын менен ногойдун,
Эстүүлөрү келбеди,
Жакып менен Көбөштүн,
Айтканына көнбөдү.
Аргын менен ногойдун,
Семетейди утурлап,
Көбү кетип калыптыр,
Эс билбеген акмактан,
Эки, үч миңче кишиси,
Көбөшкө келип алыптыр,
Абыке боздоп кайгырып,
Эми ойронум чыкты деп,
Акылынан айрылып,
Жакып менен көр Көбөш,
Өз билгенин баштады,
Туу көтөрүп алышып,
Семетейдин айылына,
Чабуул коюп таштады,
Карагай найза боолады,

Какбаш Жакып, көр  Көбөш,
Кабылан эрдин баласын,
Калмактан бетер жоолады.
Аламан коюп акырып,
Жакыптап ураан чакырып,
Көк найзаны сундуруп,
Көбөштөп ураан чакырып,
Айгай кулак тундуруп,
Айылды каптап алганы,
Мылтык атып, жаа тартып,
Алеңгирди салганы,
Каныкей боздоп кайгырып,
Акылынан айрылып.
Семетей жатат чоюлуп,
Коңуругу таш жарып,
Ачылбай көзү коюлуп.
Бир убакта Семетей,
Көзүн ачып караса,
Мылтыктын үнү чаңырат,
Көбөштөп ураан жаңырат.
Жебенин огу кыркырайт,
Ордону тешип зыркырайт.
Абай кылып караса,
Ак ордону таптакыр,
Курчаган экен калың кол,
Мылтык атып, жаа тартып,
Тынбастан аткан оңду-сол.
Анда Каныш кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Борой-борой күн жаады,
Боз керишке токой жок,
Босого басып жоо келди,
Сага болушчу ногой жок!
Керей-керей күн жаады,
Керешке болор токой жок,
Кесепет атаң баш болуп,
Керегең басып жоо келди,
Кеңеш берер ногой жок!»
Кабылан бала Семетей,
Каныкейден кеп угуп,
Капысынан жоо келип,
Басып калды деп угуп.
Ордунан турду октолуп,
Отурбастан токтолуп.
Бар жарагын байланып,
Жоо жарагын шайланып,
Каар бетине айланып.
Ак олпок кийип чаңданып,
Кандагайды шымданып,
Кара боюн тыңданып,
Тайбуурулга ошондо,
Аттанып чыкты камынып,
Ак жолборстой чамынып,
Манасты айтып бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Курчап калган көп колду,
Төбөсүнөн өөдөрөк,
Ак келте менен бир атты,
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Зыркырата бек тартты,
Аккелте үнү чаңырды,
Арстан бала төрөнүн,
Ач кыйкырык жаңырды,
Ак ордону курчаган,
Аргын, ногой конушу,
Акылы баштан жаңылды.
Калың кол качты дыркырап,
Бет-бетинен чуркурап,
Аттан түшүп кай бирөө,
Эки колу боорунда,
Семетейдин доорунда.
Баары келди бүгүлүп,

Аманат жандан түңүлүп,
Жан соогалап ыйлашып,
Кара жанын кыйнашып.
Жакып менен Көбөштүн,
Зордугу менен келдик деп,
Ыктыяр жок курган жан,
Зордугу менен келдик деп,
Кыргынчалдай бузуктун,
Айдоосу менен келдик деп,
Кишен түшүп бут, колго,
Байлоосу менен келдик деп,
Бала төрө Семетей,
Ошо колго кеп айтат:
Коркпогула баарыңар,
Улуу-кичүү карыңар,
Тарагыла, деп айтат.
Мына ошондо Семетей,
Жакып менен Көбөштү,
Кармап байлап алганы,
Мейманкана ордого,
Какпай, сөкпөй киргизип,
Кол, бутуна экөөнүн,
Бекемдеп кишен салганы.
Жакшы багып тургун – деп,
Сакчыларга тапшырды,
Атасы менен агасын,
Экөөн бирдей капшырды,
Мына ошондо токтолбой,
Абыке качып калыптыр,
Токтолбой жолго салыптыр,
«Ар качан иним ак эле,
Бакай билет баарысын,
Айткан сөзүм так эле,
Ак иним акыр бул кезде,
Кан карага айланды,
Жипсиз колум байланды!
Мында туруп нетейин,
Жердин суунун желпиниш,
Ошого кирип кетейин
Деп ошентип Абыке,
Ак телки камчы салганы,
Аргытып жөнөп калганы.
Кырк чоро качты дыркырап,
Тирүү койбой соет деп,
Кара көздү оет деп,
Кара канга тоет деп,
Ажыбай калды кайрылып,
Чоролор ойрон болду деп,
Айтып сөзүн кайгырып.
Арстан бала Семетей,
Буурулга камчы салганы,
Качкандардын артынан,
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп калганы.
Адыр-күдүр, катканды,
Ашып качты чоролор,
Заманы башка айланып,
Шашып качты чоролор,
Чоролор канча бел ашты,
Закымдатып Буурулду,
Семетей жетип жанашты,
Алдын тозуп жапыра,
Айдап алды баарысын,
Кыргынчал, баштык карысын,
Семетей анда кеп айтат:
«Менден кандай жамандык,
Көргөн жоксун – деп айтат.
Айланайын чоролор,
Атамдар калган жоролор!
Тынчып жата бергиле,
Силерге кылам чоң кызмат,
Кызматымды көргүлө,

Тынчып жыргап жаткыла,
Тамашага баткыла!
Чоң атам менен агамды,
Алдап-соолап акыры,
Ага кылып аламын,
Агаларды жектесем,
Аганы кайдан табамын!
Аргымак, буудан, тулпарлар,
Айлансын Буурул буудандан.
Азаматтын баарысы,
Айланып кетсин акыры,
Атамдан калган мураны,
Кырк чоро сендей туугандан,
Чоролорду токтотуп,
Жүйөөлүү сөздүн баарысын,
Булбулдай сайрап окшотуп,
Буурулга камчы салганы,
Абыкенин артынан,
Сүрө түшүп калганы.
Чаткал тоонун этеги,
Анжиян багыт өңүрдө,
Кара тоонун сеңирде,
Абыкени кармады,
Абакелеп жалынып,
Айтпаган сөзү калбады,
Айланайын абаке,
Акыл-эсиң канаке?!
Тайбуурул тартуу, мен тартуу,
Каныкей энеси да тартуу,
Агаң Манас ордуна,
Кайт барып конуп бер,
Аргын, ногой элинде,
Калыс султан болуп бер!»
Деп ошондой сөз айтып,
Абыкенин алдына,
Салып алып жөнөдү,
Кең-Колду көздөй өмөлдү,
Чоролордун артынан,
Семетей кетип калганда,
Жакып менен Көбөштү,
Ар ордого кишендеп,
Сакчы коюп салганда,
Каныкей туруп камынып,
Каарын төгүп чамынып,
Ак тинте колго алыптыр,
Кайын атасы Жакыпты,
Кайын иниси Көбөштү,
Ак тинте менен жарыптыр,
Экөөн катар союптур,
Өлүм кылып коюптур,
Семетей келди өкүрүп,
Өбөктөп жатып өкүрүп,
Толгомо саптуу булдурсун
Оң бойрөккө таянып,
Жаны калбай аянып,
«Кара нээт эне кылдың – деп
Кылып жаның тындың» – деп.
Кара атты калың сойду да,
Жерди терең ойдуруп,
Бурак атын токутуп,
Жаназасын окутуп.
Аруулап таза жуудуруп,
Ак суптап ороп буудуруп,
Дооранга токсон сур берип,
Баарысын семиз кур берди.
Атасы менен агасын,
Мүрзөсүнө койдуруп,
Карып менен касардын,
Курсактарын тойдуруп,
Эми Семең кеп айтат:
«Абыкедей агама,
Каныкейдей энемди,

Алып берем – деп айтат.
Анда Абыке кеп айтат,
«Каныкейди алгын деп,
Курган жаным кыйнаба,
Антип мени сыйлаба!
Атам менен агамдын,
Кылганы жетти башына,
Жамандык ишти ал экөө,
Тартынбай кылды ашына,
Каныкейге маалым го,
Алардын бузук ишинин,
Жолободум кашына,
Алдага арзым зар экен,
Акыретке барганда,
Ар адамдын ишине,
Тараз-мыйзам бар экен!
Мында туруп мен эми,
Журттун көзүн көрбөйүн,
Аса кармап колума,
Ак деп алып акыры,
Кетип алып жөнөйүн!»
Анда Бакай кеп айтат:
«Абыкенин бул иши,
Абыдан туура – деп айтат,
Аргын, ногой чогулуп,
Абыкеге ошондо,
Бата берип калганы,
Кош айтышып Абыке,
Күн батышты карата,
Бастырып жолго салганы,

**ЧОРОЛОРДУН ӨЛҮМҮ**

Кырктын башы Кыргынчал,
Кыркында көпкөн шылдың чал,
Оозунан бокту кузган чал,
Башынан бузук урган чал,
Далай бузук кылган чал.
Бир күнү туруп Кыргынчал,
Чоролорго кеп айтат,
Өзүнүн сөзүн эп айтат:
«Алаң касар чоролор,
Мен айтайын бир укмуш,
Чогулуп уккун!» – деп айтат,
Силер бирдемени билдиңби:
Бирдемени туйдуңбу?
Же туйбай билбей турдуңбу?
Туйбасаңар айтайын,
Кара чунак Семетей,
Ошонун бейли бузулду!
Бузулганын мен айтам,
Көрүп туруп баарыңар,
Жашың менен карыңар!
Таласка чунак конгону,
Бир түнөбөй бул канкор,
Жакындарын оңдоду!
Атам экен дебестен,
Жакып ханды жайлады,
Абыкени аймады,
Көбөштү көргө кийирди,
Көп ногойду ийирди!
Чоңойдуго дүмөгү,
Чочуп турат жүрөгүм!
Бизгеда кайыр кылбастан,
Бир күнү оңдойтко,
Билгенин кылып сомдойтко!
Ыдыгына камкордун,
Бата албайсың чоролор,
Жыргап-куунап Таласка,
Жата албайсың чоролор!
Балакеттен машайык,

Билип качып кутулат!
Жата берсек элебей,
Ыраймсыз канкорго,
Башыбыз бир күн жутулат!
Кызы талак канкордон,
Кыргын болуп өлгүчө,
Кыяматты көргүчө,
Таласка туруп нетели,
Жаткын канкор өзүң деп,
Калмакка кирип кетели!
Тобокелге салалы,
Токтобостон баарыбыз,
Башыбызды салганча,
Калмакка кирип баралы!
Калмактын журту кайрыкер,
Калмакка барсак батабыз,
Кудайдан ажал жеткиче,
Тынчып жатып калабыз!
Дүнүйөнү чачалы,
Катын менен баланы,
Бирин Талас таштабай,
Ушу баштан качалы!
Коңурбайга биз барсак,
Чоро болуп алабыз,
Акырында биз дагы,
Ырайымсыз канкордун,
Кезек экөө, кудай бир,
Азапка башын салабыз!»,
Деп Кыргынчал басылды,
Токтолбостон ошондо,
Чоролор оозу ачылды,
Кыргынчал сөзү акыл – деп
Уга турган макул, деп.
Жашы менен карысы,
Макул болот макул деп,
Чуу турушту баарысы.
Камынышып чоролор,
Күүгүм кире күн бата,
Элдин алды жуп жата.
Бар жарагын байланып,
Жоо жарагын шайлашып,
Арбып-дарбып чоролор,
Камданып атка мингени,
Бүлөлөрүн бүт алып,
Качып жолго киргени.
Таластан жөнөп алыптыр,
Ала-Бел, Өтмөк ашаттыр,
Суусамырды басыптыр,
Жумгал өйдө кыдырып,
Кара-Кол менен Сөөктү,
Катарынан сыдырып,
Кең Кочкорго түшүптүр,
Таластан күдөрү үзүптүр.
Ак-Мазардын оюна,
Аккан суунун боюна,
Жетип келип чоролор,
Жатып тынчып калыптыр,
Коштогон бээден союшуп,
Казысына бөлөнүп,
Картасына жөлөнүп,
Жыргап жатып калыптыр,
Асмандан булут тутулду,
Кара чунак Семетей,
Көрүнөө бизге умтулду!»
Бул сөздү айтып чоролор,
Өз алдынча болушуп,
Ак-Мазарга конушуп,
Кенебей жаткан жери ошол,
Аксакалы аларыдн,
Бузуку Кыргыл кем ошол.
Аны таштап салалы,
Арстандын уулу Семетей,

Алда кандай сөзү бар,
Кабырын билип алалы!
Келгендерден кеп угуп,
Арстандын уулу Семетей,
Чородон бирөө калбастан,
Качыптыр такыр деп угуп,
Эр Семетей айкырып,
Сары хан менен Бакайды,
Келгиле деп чакырып,
«Абаке, Бакай Сары аба,
Айтканынар дары-аба!
Мен кыламын не чаара!
Чоролор качып кетиптир,
Кай кеткени билинбейт,
Далай жерге жетиптир!
Чачылган бойдон мал калып,
Тигилген бойдон үй калып.
Чоролор мага кылыптыр,
Кылып жаны тыныптыр!
Мен Таласка келгени,
Бирөөнү сен деп айтпастан,
Атамдан калган чоро деп,
Мага болоор жоро деп,
Акылымды жыйнадым,
Чоролорду сыйладым!
Муну кандай этебиз,
Кай кеткени билинбейт,
Кайдан кууп жетебиз!»
Деп Семетей айтканда,
Анда Бакай мындай дейт:
«Кызы талак чоролор,
Акылынан шашыптыр,
Алдасына жазыптыр,
Бузук чочко Кыргынчал,
Азгырып алып качыптыр!
Далай жерге жетиптир!
Башка кетпестен,
Коңурбайга кетиптир!
Коңурбайга баруучу,
Акылы ашык ал калча,
Алдына барган чорону,
Чоро кылып алуучу!
Акыры алар тим турбай,
Бузукту кыйла салучу,
Баштап алып калчаны,
Алты сан кара кол менен,
Казат кылып Таласка,
Кайра келип калуучу!
Бирдем турбай Семетей,
Тайбуурулду мингиниң!
Жарагың белге илгиниң!
Сары хан баштык беш жолдош,
Жаныңа жолдош алгының,
Качып кеткен чорону,
Аркасынан салгының!
Азыр ыраак кете элек,
Ысык-Көлгө жете элек,
Зордосо Кочкор баргандыр,
Семетей эми келбейт деп,
Көлбүгүп жатып калгандыр!
Чоролорго сен жетип,
Үзүрлүү сөздөн айта көр,
Камчыңды салып моюнуңа,
Ак олпок жаап үстүңө,
Тайбуурулду тарта көр!
Макул болуп токтосо,
Жакшылашып алып кел,
Аман-эсен койбостон,
Кыргын чалдай чочкону,
Жол боюна жарып кел!
Башын кесип байланып,
Как өзүмө алып кел!

Чоролор торгор сөзүңдү,
Душман көрүп өзүңдү,
Жалынчыңа көнбөсө,
Жалгызсынтып өзүңдү,
Жабылып баары өмдөсө.
Ак келт мылтык дүрмөттөп,
Ондон катар сулайткын,
Үстөмөндөн кулаткын!
Жуушатып баарын салган соң,
Жер майланып калган соң,
Мага кабар салдыргын,
Таластан мени алдыргын!»
Бакайдын сөзү токтолду,
Эр Семетей султаның,
Сары ханды алып башына,
Төрт желдет алып кашына,
Качкынды кууга октолду.
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп алыптыр,
Куу изине чөп салып,
Кубара кууп калыптыр,
Эртеңки күн бешимде,
Ак-мазардын оюна,
Агын суунун боюна,
Жете келип калганы,
Жайкалып жаткан чорону,
Семетей көрүп алганы,
Жакын барып ошондо,
Ыргып түшүп буудандан,
Камчысын салып моюнуна,
Каарданса төрөнүн,
Жан тура албайт оюнуна,
Ак олпокту чечкени,
Мына ошондо Семетей,
Аманат жандан кечкени.
«Салоодон салам алайкум,
Сандыргам чоролор,
Күнөйүм болсо кечиңер,
Атамдан калган жоролор!
Мен Букардан келгени,
Азыр беш күн болгон жок,
Бир жумага толгон жок,
Балан-бастан дебедим,
Өгөй-атоо сөз айтып,
Антип бокту жебедим!
Жазыгым жок турганда,
Качышыңар болобу,
Силер безип кеткенде,
Семетей анда оңобу!
Уккан, көргөн кеп айтаар,
Кеп айтканда деп айтаар,
Атадан калган чоронун,
Кадырына жеталбай,
Семетей жаман турбайбы,
Качырып ийди деп айтаар!
Сөзгө сөлтүк болормун,
Анан кайдан оңоормун!
Айланайын чоролор,
Минтип мени кууратпай,
Өлтүргүлө өзүмдү,
Чукугула көзүмдү,
Же болбосо чоролор,
Аягыла үзүмдү!
Көмбөгүлө арбакты,
Кара чунак өзүмө,
Салбасаңар болбойбу,
Бил көтөргүс салмакты,
Деп жалынып чорого,
Наалып сөздү урганы,
Анттуу-шерттүү сөз айтып,
Чоролордун алдында,
Семетей зарлап турганы,

Кыргынчал турду күүлөнүп,
Семетейге сүйлөнүп.
«Канкор чунак ооз ачып,
Чорого бир сөз дебегин,
Калжырап бокту жебегин!
Өз атасын өлтүргөн,
Өрттөнгүр сендей болобу!
Агаларын өлтүргөн,
Акмакта сендей болобу,
Сага айланып турганда,
Чоролор анда оңобу!
Карап туруп чорону,
Каар урган сен канкор,
Кармап бирден соесуң,
Кара көзүн оесуң!
Канына тоесуң!
Канткенде аман коесуң!»
Калжыратпай канкорду,
Калк чайкаган анткорду.
Атаңдын көрү кырк чоро,
Тегеректеп турбастан,
Моюнуңарды бурбастан!»
Кыргынчал мындай дегенде,
Кырк чоронун – баарысы,
Кыргынчал баштык карысы,
Тегеректеп ошондо,
Ортосуна алганы,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Жабыла колду салганы,
Сары хан кирди бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Ак найзаны сундуруп,
Айгайы кулак тундуруп.
Кыргынчалга жеткени,
Ак найза менен неткени.
Найзаны учу жеткенде,
Кыргынчал кулап кеткени,
Өйдө болуп тургуча,
Ак болот колго алганы,
Башын чаап салганы,
Бала төрө Семетей,
Оозунан оту буркурап,
Көзүнөн  жалын шыркырап,
Таноолору кысылып,
Булуттай өңү бузулуп.
Ак келте үнү чаңырды,
Арстан-төрө султандын,
Ач кыйкырык жаңырды.
Оңго ооп бир атты,
Он чорону кулатты.
Солго ооп бир атты,
Солдон онун сулатты.
Ортосунан бир атты,
Онун андан сулатты.
Алдына карап бир атты,
Андан онун сулатты.
Сары жоонун баары жоо,
Аргын менен ногойдун,
Кулактары болсун соо,
Алып калып булардын,
Катын менен баласын,
Чыркыратып кетемин,
Буратоло тынчытып,
Кырып салып кетемин!
Деп ойлонуп Семетей,
Ач албарс алды колуна,
Баарын айдап жиберди,
Кыяматтын жолуна,
Бири үчтө, бири эки,
Ошого барган жашы бар,
Кундуздай чачы бар,

Эки түгөй эр бала,
Өлтүрбөй аман алыптыр,
Ак куржунга салыптыр,
Асырап багып калыптыр.
Кырк чорону кырганы,
Кыркын баарын чогултуп,
Бир чуңкурга жыйганы.
Чоролорду капшырды,
Кыяматка тапшырды,
Абакеси Бакайга,
Эки азамат чаптырды.
Эки азамат ат минип,
Аялдабай бат минип,
Атка камчы салганы,
Атырылып аргытып,
Артынан чаңды баргытып,
Күнү-түнгө калбастан,
Таласка жетип барганы,
Азаматтар кеп айтат:
«Абаке сенин өзүңө,
Кабарга келдик деп айтат.
Кызык болуп калды – деп,
Кыран төрө Семетей,
Чоролордун баарысын,
Тыйпыл кырып салды – деп.
Абасы Бакай баркылдап,
Аксакалы жаркылдап.
«Андай болсо балдарым,
Камыналы жандарым!»
Кош-колоңун бүктөтүп,
Кара лөккө жүктөтүп,
Союшка керек болот – деп,
Алты тогуз бээ алып,
Алтымыш атан төө алып,
Анжиянга чаптырып,
Ак эшенди баш кылып,
Алтымыш уста алдырып,
Бакай жөнөп калыптыр,
Ат күчүнө салыптыр,
Үч күн болот дегенде,
Ак-мазардын оюна,
Аккан суунун боюна,
Тополоңду тоз болгон,
Чоролордун тоюна,
Абакең барды айкырып,
Чоролор деп өкүрүп,
Чоролордун баарысын,
Ак кепин ороп буудуруп,
Аруулап жакшы жуудуруп.
Чоролордун аттарын,
Бурак атка токутуп,
Ак эшенге баарынын,
Жаназасын окутуп.
Коштотуп барган бээлерди,
Кара ашына сойдуруп,
Жерди терең ойдуруп,
Казынакка койдуруп.
Арбактарга багыштап,
Катма куран түшүрүп,
Чоронун ишин бүтүртүп,
Тон-тоноосун бериптир,
Атамдан калган чоролор,
Өлгөнүңдү билип жат!
Эр Семетей – султаның,
Өкүрүп боору эриптир.
Усталар кепке түшүндү,
Чоролорго күмбөздү,
Эки айда салып бүтүрдү.
Усталардын акына,
Бирден атан, бирден ат,
Алтын, күмүш аралаш,
Акысын берди ушул чак.

Эр Семетей – султаның.
Алып калган балдарды,
Куржунга салып байланып,
Белбулуттай айланып.
Капкасы алтын коргонго,
Каныкейдин ордого,
Өлгөндөргө өкүнүп,
Бөйрөккө камчы таянып,
Өбөктөп түштү өкүрүп.
«Шыйпанарга жалым жок,
Куландай болуп калдым – деп
Кол менен буттан айрылып,
Жыландай болуп калдым – деп!»
Аргын, ногой чуркурап,
Аларада келди өкүрүп,
Өлгөндөрго өкүнүп.
Эр Семетей – султаның,
Каныкейге кеп айтат,
«Энеке уккун – деп айтат:
Эки ымыркай жаш бала,
Мажик, Камбар баласы,
Айтып турган сөзүмдүн,
Бир да жоктур чаласы.
Ушул эки баланы,
Керээз кылып алайын,
Чоролордон калган деп,
Мураз кылып алайын!
Багып бергин энеке,
Ушул эки баланы,
Арманда мени калтырбай,
Тындырып мени санаамды!»
Деп эле айтып Семетей,
Тоюна токсон сойдурду,
Абакеси Бакайга,
Балдардын атын койдурду.
Тойго келген тоюнду,
Ушу эки балага,
Канчоро деп бирөөнө,
Күлчоро деп бирөөнө,
Аталып аттар коюлду.
Мына ошондо Каныкей,
Канчородой балага,
Сол эмчегин салды эле,
Канчоро соруп калды эле.
Канчоро соргон эмчектен,
Оргуштаган кан чыкты,
Тамырлары зыркырап,
Каныкейден жан чыкты,
Күлчородой балага,
Оң эмчегин салганы,
Күлчоро салган эмчектен,
Сары ууз чыкты шаркырап,
Бүткөн бою көйкөлүп,
Умачтай болуп ачылды,
Каныкей көзү жаркырап,
Мына ошондо Каныкей,
Семетейге кеп айтты,
«Ой, Семетей тыңдагын,
Ушул эки баладан,
Укмушту көрдүм – деп айтат,
Канчородон Семетей,
Акырысы түбүндө,
Жаманчылык көрөсүң,
Ажалдан мурун өлөсүң!
Өйдө чыксаң өзүңө,
Өбөк болот Күлчоро,
Ылдый түшө бергенде,
Жөлөк болот Күлчоро!
Тилимди алгын кулунум,
Канчорону торолтпой,
Кара көзүн оеюн,
Өлүм кылып коеюн!»

Деп Каныкей айтканда,
Анда төрө күүлөнүп,
Энесине сүйлөнүп.
Жаш ымыркай баланын,
Жоо болорун ким билет,
Ай ааламга чеп болгон,
Тоо болорун кимбилет!
Койгун андай сөзүңдү,
Мындан кийин энеке,
Капа кылба өзүмдү!»

# ЧЫНКОЖО, ТОЛТОЙДУН ОКУЯСЫ

## СЕМЕТЕЙ МЕНЕН ЧЫНКОЖОНУН ЖОО БОЛУШУ

Ногой, шыгай туушкан,
Намысты бирге куушкан.
Доону бирге доолашкан,
Найзаны бирге боолашкан,
Жоону бирге жоолашкан.
Ногойдон Манас чыгыптыр,
Бет алышкан душманды,
Кагып жерге тыгыптыр.
Шагайдан болгон Чынкожо,
Өз алдынча тың кожо.
Кабылан Манас өлгөндө,
Кайгыны ногой көргөндө,
Карабастан ногойго,
Шыгай менен Чынкожо,
Бөлүп алып айылын,
Өзөндүү сууга конуптур,
Өз алдынча болуптур,
Букарга кеткен Семетей,
Кайта келип Таласка,
Конушуна конгондо,
Олуттуу султан болгондо.
Шыгайдын уулу Чынкожо.
Ат бастырып келбестен,
Саламга алик дебестен,
Туугандыкты билбестен,
Семетейди Чынкожо,
Такыр көзгө илбестен.
Жатып алган кезинде,
Чынкожонун кылыгы,
Эр Бакайдын эсинде.
Бир күнү туруп эр Бакай,
Семетейге кеп айтат,
«Шыгайдын уулу Чынкожо,
Тууган эле деп айтат.
Качан болсо Чынкожо,
Туугандыкты билбеди,
Бир көзүнө илбеди.
Сен Букардан келгени,
Арбагын сыйлап Манастын,
Ат бастырып келбеди,
Жакшы сөздү билбеди.
Арага киши жиберип,
Көкөлөгөн кожону,
Тууган кылып имерип.
Деп, эр Бакай айтып турганда,
Ушу сөздү урганда.
Бала төрө Семетей:
«Абаке бул айтканың акыл кеп,
Уга турган макул кеп.
Жатыркап жүргөн тууганды,
Алдына тартуу жиберип,
Аке, үкөлөп имерип.

Боорго тартып калалы,
Ал Чынкожо аганы,
Тууган кылып алалы!
Тогуз атты тептегиз,
Абайы менен жабуулап,
Тогуз шумкар жагоолоп,
Абаке өзүң баш болуп,
Чынкожого барып кел,
Жатыркап кеткен тууганды,
Акыл-насаат сөз айтып,
Тууган кылып алып кел!
Келип бизге кошулуп,
Тааныш болсун Чынкожо.
Аргын, ногой журтуна,
Кара кылды как жарган,
Калыс болсун Чынкожо.
Белиме саадак бууганда,
Бээжиндеги калчадан,
Атамдын кунун кууганда,
Тууну алып көтөрүп,
Кол баштасын Чынкожо,
Аргын, ногой элине,
Жол баштасын Чынкожо»
Бул сөздү айтып Семетей,
Тогуз буудан жабуулап,
Тогуз шумкар жагоолоп.
Даярдатты Семетей,
Тогуз кылка кара атты,
Тuугандыкты билсин деп,
Келиштирди санатты.
Эр Бакай менен Күлчоро,
Бедөө-тулпар аттарды,
Үч жигитке коштотуп,
Бедөөлөрдүн баарысын,
Жалпоочтотуп окшотуп.
Жолго түшүп алышты,
Чаткалдын асты Ак-Сууда,
Дөөгүрсүп жаткан Кожого,
Туугандары барышты.
Аттарын желдет алганы,
Эшик тартып калганы.
Салам айтып Кожого,
Абакең Бакай киргени,
Бул Бакайдын келишин,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Айттырбастан билгени.
Алдына даам койгондо,
Аш-тамакка тойгондо,
Алакан жайып кол ачып,
Бата кылып болгондо.
Абакең Бакай кеп айтат,
Кеп айтканда эп айтат:
«Алдыңа келдик Чынкожо,
Тuугандыкты бил Кожо!
Тууганың ногой баарысы,
Манас өлүп бас болдук,
Көптөн бери Чынкожо,
Сени менен жат болдук.
Аяк-табак катташпай,
Алыстап барат арабыз,
Айткан сөздү Чынкожо,
Акылга салып караңыз!
Өз элине адамдын баркы болот эмеспи,
Топурагы туугандын алтын болот эмеспи.
Өзгө элге султан болгуча,
Өз элде ултан бол деген.
Семетей иниң Кожом саа,
Дубай салам кеп айтты,
Жатыркашып жүрүшпөй,
Сыйлуу тууган болушуп,

Кошулалы деп айтты.
Ак буудайдын унундай,
Жуурулушсун деп айтты,
Ак бөкөндүн кылындай,
Суурулушсун деп айтты.
Чынкожо агам келсин дейт,
Аргын менен ногойго,
Калыс болуп берсин дейт.
Бээжинге казат кылганда,
Тулпарын минип туу кармап,
Колду баштап берсин дейт,
Алты сан аргын, ногойго,
Жолду баштап барсын дейт!»
Бакай айтып токтолду,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Оолукмасын карматып,
Бакайды көздөй октолду.
«Жуукур Бакай не дейсиң,
Оозуңа келген сөздү айтып,
Калжыраган кедейсиң!
Бузуп-бузуп болбойсуң,
Кар качандан бир качан,
Бузуктугуң койбойсуң!
Кызы талак Бакай кул,
Кылып турган эбин көр,
Айтып турган кебин көр!
Өлөңдүү жерди майлагын,
Өз атасын жайлаган,
Абыке, Көбөш агасын,
Азууга салып чайнаган.
Жинди болгон жетимди,
Тийишпей мага шүк жүрсүн,
Ченеп кылсын кесирди,
Өлө албай бул жетим,
Мынча несин эсирди!
Бээжинге барам дегенин,
Ылгабай бокту жегенин!
Тууган-сууган эмесмин,
Оозуна келген сөздү айтып,
Антип бокту жебесин!»
Ал сөздү айтып Чынкожо,
Бакайды алды жакалап.
Абакеңиз эр Бакай,
Кийин деди чалкалап.
Мына ошондо Күлчоро,
Ордунан турду октолуп,
Тура албастан токтолуп.
«Акмак Кожо не дейсиң,
Кантер экен деп турсам,
Жинди болгон эмедей,
Алаптаган кедейсиң!
Жиндисиңби? Соосуңбу?
Же кырылышчуу жоосуңбу?!
Абакеме асылба,
Абакеме асылып,
Бериштеңди качырба!»
Бул сөздү айтып Күлчоро,
Айбалта колго алганы,
Сырты менен Кожону,
Жыга чаап салганы.
Күрсүлдөгөн Кожонун,
Оозунан кара кан кетти.
Оңкосунан жыгылды.
Күлгө башы тыгылды.
Бала жолборс Күлчоро,
Ач албарс колго алганы,
Азыр башын аларда,
Абакеси хан Бакай,
Колунан кармай калганы.
«Ай-ай балам сабыр кыл,
Сабыр менен жетели,
Кызы талак кожону,

Канын төгүп нетели!
Кызыкты кыйла салалы,
Бул Кожонун колуна,
Төрт түлүктөн мал койбой,
Баарын айдап алалы!
Эр бүлөсүн боздотуп,
Баарын алып окшойтуп,
Мына ошондой кылалы,
Баарын алып жылалы!»
Күлүстөн туулган Күлчоро,
Күмрөй кылган душманды,
Күжүрмөн баатыр эр чоро.
Кан ичмеси чын кармап,
Айгайды катуу салганы,
Чынкожонун колуна,
Мал калтырбай айда деп,
Кашындагы желдетке,
Буйрукту катуу салганы.
Э дегенде ме деген,
Бөрк ал десе баш кескен.
Араң турган желдеттер,
Тийип айдап жылкысын,
Ачып алып уйкусун.
Боздотуп айдап төөсүн,
Сыйда кылды жөөсүн.
Мөөрөтүп айдап уйларын,
Мааратып айдап койлорун,
Чаң-тополоң кылганы,
Чынкожонун айылы,
Кың дей албай курганы.
Эс алып туруп Чынкожо,
Кара атына мингени,
Кашкарды көздөй бет алып,
Качып жолго киргени.
Айыл-апасы буркурап,
Аркасынан Кожонун,
Жөө чубурду чуркурап.
Туугандан көрдүк кызыкты,
Салып кетти бузукту,
Чийип кетти сызыкты!»
Чынкожонун айылы,
Кашкардан барып жай алып,
Кара тоону таянып.

## СЕМЕТЕЙ БАГЫШТЫ ӨЛТҮРГӨНҮ

Жет-кайт деген жеринде,
Жедигердин элинде.
Эр Багыш хан болгон,
Хандыгы журтка даң болгон,
Баатыр Манас тушунда,
Катардагы жан болгон.
Султандык кыйла заты бар,
Суркоён тулпар аты бар.
Манас менен жатындаш,
Кардыгач деген кыз болгон,
Оймокчудан уз болгон.
Манастын толук чагында,
Кудайдын берген багында.
Кардыгачты бул кызды,
Кара дөңдүн элине,
Жарманас деген эрине.
Берген экен башында,
Так он жети жашында.
Кабылан Манас өлгөндө,
Кайтпас жайды көргөндө,
Кадыралла-кудайдын,
Өкүмүнө көмгөндө.
Ногойдун бели сынганда,
Душмандын көөнү тынганда.

Жедигердин эр Багыш,
Кара дөңдүн элине,
Кордукту кыйла салыптыр,
Баласын булап алыптыр.
Жайынкысын болгондо,
Жолдуу байтал мингизбей,
Кышынкысын болгондо,
Куйруктуу токту жедирбей.
Жердин жүзүн ачтырбай,
Жерге эгин чачтырбай.
Сасык камал кылыптыр,
Баш көтөртпөй туруптур.
Ал Кардыгач бей таалай.
Кербенчиден кеп угуп,
Келгендерден көп угуп,
Тентип кеткен Семетей,
Эрешен тартып эр болуп,
Эл уулу менен тең болуп.
Арбайып адам болду деп,
Ат жалын тартып минди деп.
Кайра тартып Семетей,
Келип Талас конду деп,
Элин кайта колго алып,
Орундуу султан болду деп.
Касташканын жыкты деп,
Кара жерге тыкты деп.
Кетирбей кегин алды деп,
Кежири ашкан тууганын,
Кейишке башын салды деп,
Кабарын уккан душманы,
Көтөрбөй башын калды деп.
Кардыгач акыл ойлонуп,
Сыздап ичи толгонуп.
Найзадан калган желектин.
Айкөлдөн калган белектин,
Барып жүзүн көрөйүн,
Учурашып келейин.
Арыз-абалым айтайын,
Учурашып кайтайын!
Токсон кызыл нар менен,
Токсон буудан ат менен,
Күндөп-түндөп жол басып,
Ашуусу бийик тоо ашып,
Агыны катуу суу кечип.
Таласка келип Кардыгач,
Семетей менен көрүшүп,
Сагынышкан байкуштар,
Кучакташып өбүшүп.
Моокумдары канышып,
Сагынганы басылып,
Кумарлары жазылып.
Амандык-соолук сурашып,
Айкалышып куунашып.
Семетейге Кардыгач,
Багыштан көргөн кордукту,
Башкача кылган зордукту,
Баарын койбой сүйлөдү,
Кардыгач сөзүн укканда,
Каарданып Семетей,
Токтобостон күүлөндү.
«Эр Багыш сага кылбасам,
Кылып жаным тынбасам!
Туулбай туна чөгөйүн,
Алла башка салганда,
Учурунда көрөйүн.
Кызы талак Багыштын,
Кутурганын карачы,
Кара дөңдүн элинин,
Жедигердин элине,
Утулганын карачы!»
Мына ошондо Семетей,
Бар жарагын байланып,

Жоо жарагын шайланып.
Бакайды алып кашына,
Канчоро менен Күлчоро.
Ал экөөн алып жанына.
Тайбурулду токунуп,
Курандан аят окунуп.
Чоролорун ээрчитип,
Жаш кулундай телчитип.
Тыным албай жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп.
Кара дөңдүн элине,
Семетей жетип келгенде,
Семетей келип калды деп,
Кабарчылар чапкылап,
Жарманастай баатырга.
Барып кабар бергенде.
Ашып-шашып Жарманас,
Семетейдин алдынан,
Каршы чыгып көрүшүп,
Кучакташып көрүшүп.
Кара дөң эли буркурап,
Семетей келди дегенде,
Баары келди чуркурап.
Үй көтөрүп, бээ союп,
Ак сары башыл кой союп,
Семетейге той союп.
Капанын баары жазылып,
Семетей келип калган соң,
Кара дөңдүн элинин,
Кабагы карыш ачылып.
«Тилекти кудай берди деп,
Тилеп жүргөн Семетей,
Колубузга келди!» – деп.
Алыстан келген баатырлар,
Жатып тынчтык алганда,
Тулпарлардын баарысы,
Сууттары канганда.
Абасы Бакай кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Жарманас эми тим турбай,
Элиңди жыйгын деп айтат.
Найза керден эренден,
Жазбай атар мергенден.
Жаа тартуучу ыктуудан,
Айбалта чабар мыктуудан.
Элиңден азыр мол камда,
Алты сан кара кол карма!
Багышка баса барабыз.
Өзү кылган иш үчүн,
Башына азап салабыз,
Барбай кантип калабыз!»
Бакай мындай дегенде,
Кара дөңдүн Жарманас,
Кабар салып элине.
Кара төрө бегине.
Кабарды катуу салганы,
Калкын жыйып алганы.
Алты сан кара кол менен,
Ат майышкан туу менен.
Кара дөң эли чук болду,
Алты санга жык толду.
Туу көтөргөн алганы,
Жол бийлеген султаны.
Конуш билген жакшысы,
Кол бийлеген кашкасы.
Тууну кармап колуна,
Семетейди алышып,
Жет-Кайттын түштү жолуна.
Жет-Кайттын жетип бетине,
Жедигер элдин четине,
Эр Бакай эми кеп айтат,
Кеп айтканда – деп айтат.

Багышка элчи салалы,
Сөзүнөн кабар алалы.
Айткан сөзгө көнсүн – деп,
Алдыбызга келсин – деп.
Кара дөндүн элинен,
Тартып алган мал-мүлкүн,
Кылдайын да калтырбай,
Кайтарып санап берсин – деп,
Айткан сөзгө келсин – деп.
Аны менен тим болбой,
Айыпка түшүп берсин –деп,
Айткан сөзгө көнбөсө,
Колун курап чук кылып,
Атышар жерге келсин – деп,
Калың журттун баарысы,
Акыл табар карысы,
Бакайдын сөзүн алалы,
Жедигердин Багыштын,
Өзүнө элчи салалы».
Деп, айтышып калың эл,
Тилге жүйрүк эстүүдөн,
Сөздүн түйүнүн чешчүдөн.
Эки адамды ыйгарды,
Каалап элчи чыгарды.
Эки элчи жүрдү ат минип,
Аялдабай бат минип.
Жедигердин Багышка,
Жиберген элчи барыптыр,
Атын байлап желдеттер,
Эшик тартып калыптыр.
Колдорун алып бооруна,
Эр Багыштын дооруна.
Салам берип Багышка,
Эки элчи барып киргени,
Карап туруп аларды,
Жедигердин эр Багыш,
Элчи экенин билгени.
Элчилер сөздү баштады,
Сөзүн айтуудан шашпады.
«Жедигердин эр Багыш,
Семетейдин алдынан,
Элчиликке биз келдик,
Как өзүңдү бет алып,
Бурулбастан түз келдик.
Элчиликке кордук жок,
Жуучулукка кордук жок.
Жедигердин эр Багыш,
Айткан сөзгө көнсүн дейт,
Намыс кылбай ар кылбай.
Өз алдыма келсин дейт.
Бет болушуп сүйлөшүп,
Кара дөндүн элинен,
Зордуктап алган мал-мүлкүн,
Кылын ката кылбастан.
Кайтарып азыр берсин дейт,
Аны менен жөн калбай.
Атадан калаган заңыттыр,
Айткан сөзгө көнбөсө.
Атыша турган жерине.
Кошунун курап келсин дейт».
Элчилер айтып токтолду,
Элчинин сөзүн укканда,
Жедигердин эр Багыш.
Элчилерге октолду.
«Атаңдын көрү жетимдин.
Айтып турган кебин көр,
Эрмек кылып бул мени,
Кылып турган эбин көр!
Багыш-Багыш болгону,
Багыш атка конгону,
Укпадым мындай куу сөздү,
Адам уккус шум сөздү!

Көпкөн экен жетим кул,
Келиптир менин кезиме,
Түшөйүн анын эсине!
Көрөйүн кулдун к... – деп,
Ажал айдап келиптир,
Жарайын кулдун өтүн – деп.
Каарданып төгүп бакырып.
Кол-кошунун чакырып.
Аттан элчи кеткин – деп,
Семетей кулга жеткин – деп,
Жет-Кайттын мейкин талаага,
Урушар жерге келсин – деп.
Аттанып элчи кеткени,
Семетейге жеткени.
Элчилер кайра кайтканы,
Уккан көргөн иштерин,
Төкпөй-чачпай баарысын.
Семетей менен Бакайга,
Кожурашып айтканы.
Элчиден сөз укканда,
Арстандын уулу Семетей,
Ооздон оту буркурап.
Көзүнөн жалын шыркырап.
Жаагын жарып түк чыгып.
Күңгүрөнүп унчугуп.
«Бул Багыштын кордугу,
Башкача экен зордугу!
Кара дөңдүн Жарманас,
Азыр колду башта деп,
Акылыңдан шашпа» – деп.
Семетей мындай дегенде,
Туруучу беле Жарманас,
Багышка болгон Корманас.
Жедигер көздөй каптатып.
Колунун баарын айдады,
Кошуну койдой жайнады.
Эр Семетей султаның.
Абасы Бакай башында,
Канчоро менен Күлчоро,
Эки чоро кашында.
Тулпарлары алкылдап,
Белде кылыч жаркылдап.
Уруш болор жерине,
Жетип келди калкылдап.
Эки жаак болушуп.
Маңдай-тескей турушуп.
Мылтык атып жаа тартып.
Карадөң менен жедигер,
Балчылдашып урушуп.
Баатрдын уулу Семетей,
Тайбурул санга бир салып.
Манас-Манас бакырып,
Манастап ураан чакырып.
Ак келте үнү күркүрөп,
Аны укканда жедигер.
Азат бою дүркүрөп.
Жазайыл үнү жаңырып.
Койчагыр үнү чаңырып.
Аламанды кара дөң,
Коюп кирген жери ошол,
Орто жерин Семетей,
Оюп кирген жери ошол,
Эр Күлчоро, Канчоро,
Эки четин куушуруп,
Союп кирген жери ошол.
Ителги тийген Таандай,
Жедигердин көп колун.
Итерип айдап алганы,
Бөрү тийген кой өңдүү,
Бөлүп айдап алганы,
Жедигердин башына.
Акыр заман салганы,

Мына ошондо эр Багыш.
Акылынан шашканы,
Суркоёнго камчы уруп,
Беттешүүгө жарабай.
Тоо таянып качканы.
Бала төрө Семетей.
Тайбурулга камчы уруп,
Арандай оозун ачылтып,
Ак көбүгүн чачылтып.
Эр Багыштын артынан,
Сүрө түшкөн жери ошол.
Суркоён барат закымдап,
Тайбурул барат такымдап,
Жедигердин эр Багыш,
Ач каңкыга барганда,
Тайбурул эми жеткени.
Жедигердин Багышты.
Сыр найза менен Семетей,
Ыргыта сайып кеткени,
Будаланып жатканда,
Ач албарсты колго алып,
Башын чаап өткөнү.
Каран калган Суркоён,
Тиштеп алып чылбырын,
Мөңгүгө чыгып чурады.
Андан кийин Семетей.
Суркоёнду куубады.
Кайра келсе Семетей,
Канчоро менен Күлчоро,
Кара таандай ийирип,
Коктуга салып кийирип.
Камап турган кези экен.
Бирин бура бастырбай.
Карсылдатып чыкканын,
Сабап турган кези экен.
Жедигердин көп колун,
Баарын аттан түшүрүп,
Иштерин антип бүтүрүп.
Олжого алдык атыңды,
Айт кудайга датыңды!
Ээр, токум жарагың,
Олжо болду карагын!
Башка келген балаага.
Кулак мурун садага!
Аман калат жаныңар.
Сөзгө кулак салыңар!
Кара дөңдүн элинен,
Олжо кылып алгандан,
Кыл таштабай бересиң,
Айткан сөзгө көнөсүң,
Айткан сөзгө көнбөсөң,
Ажалдан мурун өлөсүң!
Аны менен жөн калбай,
Айыпты мыктап бересиң!
Колго түшкөн жедигер,
Колдорун алып төбөгө.
Ооздору келип тобого.
«Айып биздин моюнда,
Не кылсаң баатыр көндүк биз,
Көнбөгөндө өлдүк биз!
Сунуп турган моюнду,
Сууруган кылыч кеспейт го.
Өтүп кеткен иштерди,
Ичи таар адам кектейт го!»
Калың кара жедигер,
Эр Семетей султандын,
Айтканына көнгөнү.
Кара дөңдөн алганды,
Суулары болсо сүт кылып,
Суусар алса киш кылып.
Кылын койбой ошондо,
Бүт жыйнатып беришти.

Өзүбүз кылган айып – деп,
Үч жыйнашып беришти.
Калың кара жедигер,
Көчө албай калды журтунан,
Жегендери аш болбой,
Бүт куюлду ууртунан.
Аламын деп алдага,
Калып калды жедигер,
Өз баштарын балаага,
Салып калды жедигер.
Бейбаштыктын сазайын,
Көрүп калды жедигер,
Өкүмүнө Семеңдин,
Акырында аргасыз,
Көнүп калды жедигер.
Малдан такыр айрылды,
Эр Багыш өлүп кайгырды.
Жедигердин Багышка,
Казат кылды Семетей,
Тепседи болгон кара дөң,
Жедигердин колунан,
Азат кылды Семетей.
Кара дөңдүн элинин,
Баатырларын жуушатты,
Балдарын тыныч уктатты,
Карыларын куунатты.

## ЧЫНКОЖОНУН ТОЛТОЙГО КОШУЛУШУ

Шыгайдын уулу Чынкожо.
Семетейден запкы жеп,
Ардыгына чыдабай,
Чымырканып Чынкожо.
Тең туугандын кордугу,
Жаман экен зордугу!
Бул Семетей жетимдин,
Өчүрбөй өчүм аламбы,
Бул жалганчы дүйнөдө,
Алалбай калдым өчүмдү,
Өксүп жатып каламбы!
Кетирбей кегим аламбы,
Кетирип коюп кегимди,
Бул жалганчы дүйнөдө,
Кесир жатып каламбы!
Деп, ойлонуп Чынкожо,
Кашкарга барып жай алып,
Кара тоого таянып.
Аң уулатып элине,
Эгин салып жерине.
Төрт-беш жылдын ичинде,
Тыңып калды Чынкожо,
Өз алдынча тың Кожо.
Тыңып алып Чынкожо,
Кашкардын суусун бойлоду,
Кайтадан акыл ойлоду:
Өч алайын канкордон,
Өз атасын жайлаган,
Өткур тууган анткордон.
Жеке өзүм беттешип,
Кармашып кааруум келе албайт,
Күрөшүп күчүм жете албайт!
Жер жүзүнөн кыдырып,
Бир баатыр табышым,
Керек экен турбайбы,
Бул Семетей канкорго,
Бир беттешип көрбөсөм,
Мени кудай урбайбы!
Таптым баатыр Толтойду,
Семетейге атасын,
Сойдуруп алган жолтойду!
Бул кашкарга турбастан,

Жет-Кайтка көчүп кетейин,
Жедигердин эр Толтой,
Эр Толтойго жетейин.
Айылына барып коноюн,
Аталаш тууган болоюн!
Элине барып коноюн,
Эзилген тууган болоюн.
Деп ойлонуп Чынкожо,
Кылган иши тың Кожо.
Кара атын минип каргытып,
Аңгемесин арбытып.
Кочкорун бычып ирк кылып.
Коюнун баарын түрк кылып,
Айгырын бычып ат кылып,
Азаматтын баарысын,
Мергендикке маш кылып.
Жаккан отун өчүрүп,
Кең Кашкардын жеринен,
Элин жалпы көчүрүп.
Көчүп алып Чынкожо,
Жетти Жет-Кайт жерине,
Жедигердин элине.
Жедигердин Толтою,
Келгендерден кеп угуп,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Көчүп келди – деп угуп.
Жедигердин Толтою,
Алдынан тозуп Кожону,
Кошоматтап ошону.
Кучакташып көрүшүп,
Кубангандан ээришип,
Өрүлүккө бээ союп,
Аксары башыл кой союп,
Чынкожого той союп.
Жедигердин Толтойго,
Эр Чынкожо кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Жедигердин Толтою,
Алыстан угуп даңкыңды,
Адамдан башка баркыңды.
Арзып келдим өзүңдү,
Угуп тур айткан сөзүмдү!
Айта турган кебим бар,
Уга турган эбиң бар!
Айта турган арзым бар,
Ичим толгон дартым бар!
Арзымдан мурун дос болом,
Андан кийин эр Толтой,
Дартымды айтып козголом!
Ат башындай ак куран,
Көкүрөккө урабыз,
Өлөр антты кылабыз,
Достошуп Толтой тынабыз!
Баш кошуп алып экөөбүз.
Опол-тоо жердеп турабыз!
Оокатты бирге кылабыз!
Достукта көөнчүң бар болсо,
Айткан сөзүң шар болсо.
Эки тизгин, бир чылбыр,
Өз колуңа илип жүр,
Эл болуп келип мен турам,
Жедигерге да кошуп,
Мени кошо билип ал!»
Толтой анда кеп айтат,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Бул сөзүң ырас – деп айтат.
Достуктан кантип качыйын,
Достошуп көөнүм басайын,
Дос болом, деп алыстан,
Көчүп келсең атайын!
Ат башындай ак куран,
Алланын жазган каты – экен,

Дос кудайдын аты – экен,
Адамдын өлөр анты – экен.
Анттан тайган оңобу,
Ант урган адам кобобу!
Ант урган адам өлүүчү,
Акыретти көрүүчү,
Жети тозок түбүнө,
Ыйманы жок өтүүчү!
Акыреттке барганда,
Аксакал сары ат миничү,
Айрылып алып ыймандан,
Арманын айтып жүрүүчү!
Арзыңды кийин угайын,
Дос болуп азыр тынайын!
Ат башындай ак куран,
Ортосуна коюшту,
Толтой менен Чынкожо,
Айтып сөзгө тоюшту,
Кол кармашып турушту,
Антты бекем кылышты,
Алып келип куранды,
Кармап төшкө урушту.
Батаны мыктап кылышты,
Баштан аяк тынышты.
Аянбай шертти кылышты,
Абыдан көөнү тынышты.
Эр Чынкожо кеп айтат:
«Менин досум сен Толтой,
Арызымды уккун деп айтат.
«Манасын уулу Семетей,
Семетейдин кордугу,
Бул Чынкожо досуң,
Өткөрө өттү зордугу!
Упуратты жеримди,
Уйпалады элимди!
Талап алды малымды,
Так кетирди алымды!
Жылдырып алды жылкымды,
Жылас кылды уйкумду!
Айдап алды жылкымды,
Ачып салды уйкумду!
Эркек уул туулганда,
Намыстыкка караткан,
Эркек козу туулганда,
Курмандыкка караткан.
Кызы талак канкордон,
Теңдикти качан алабыз,
Чалгынды качан чалабыз!
Сен да мендей кор болуп,
Турасың азыр ополдо,
Баатыр Толтой эми сен,
Сөздүн түбүн которбо!
Жедигердин эр Толтой,
Эр экен деп, келдим мен!
Беттешкен жоону кор кылган,
Шер экен – деп келдим мен.
Сен угар сөздүн дайны бар,
Кең Үркөнчтүн шаарында,
Атасы Манас барында,
Бел куда болгон кайыны бар!
Сандыргалуу эр Толтой,
Сал кулагың сөзүмө,
Самаганга жеткирип,
Келтирсе кудай кезиме,
Акундун кызы Чүрөктү,
Алып берем өзүңө!»
Анда Толтой кепти айтат,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
«Ук сөзүмдү» – деп айтат.
«Ачып кара көзүңдү,
Абдан уккун сөзүмдү!
Жалгыз баатыр сен эмес,

Толтой сенден кем эмес!
Семетей сага тең эмес,
Адам өлчөөр неме эмес!
Жесирин бизге берчү эмес,
Айчүрөк бизге келчү эмес!
Кармашам деген канкорго,
Кайрылып үйүн көрчү эмес!
Кой Чынкожо бул сөздү,
Бир кыз үчүн өлчү эмес!
Алдырып коюп катынын,
Семетей жатып алчу эмес,
Атадан калган адаты,
Атанын жолун танчу эмес!
Андай жорук кылбайлы,
Ак, караны ылгайлы,
Айтып сөздү сыңдайлы!
Алсаң менин кебимди,
Мен айтпасмын тегинди,
Семетей менен журтташып,
Жыргаталык элиңди.
Арага киши салалы,
Абыдан сөзгө каналы.
Жоонун түбү эл экен.
Жардын түбү кечүү экен.
Ушул ишти кылалы,
Журт болушуп тыналы!
Биз алдына барган соң,
Семетей сөзгө келүүчү,
Сенден алган малдарды,
Бир улагын коротпой,
Кайра жыйып берүүчү!
Коркконумдан айтпаймын,
Кылган шерттен кайтпаймын,
Өжөрлүгүм кармаса,
Өлүмдөн башым тартпаймын!»
Акылман Толтой эр ошол,
Алда канча акыл сөз,
Айтып турган жери ошол!
Чынкожо мындай кепти айтат,
Өзүнө жакын эпти айтат:
«Толтой досум угуп тур,
Атка минип чыгып тур,
Коркок болсоң корголоп,
Семетейден ыгып тур!
Семетей менден эр эмес,
Эр турсун мага тең эмес!
Ушу турган Чынкожо,
Семетейден кем эмес!
Коркуучу адам мен эмес,
Жедигердин эр Толтой.
Бул айтканың эп эмес!
Айнычуу сөздү козгойсуң,
Айнычуу адам окшойсуң!
Антка-шертке турбасаң,
Алдымдан торгоп тозбогун!
Калктын мизин кайтардың,
Кара нээт канкордон,
Кандайлыктан жалтандың!
Барбасаң анда калагой,
Убадаңдан жанагой,
Антың шертиң алагой!
Жанбаймын мен сөзүмдөн,
Кечеги кылган ант сөздөр,
Чыкты Толтой эсинден.
Алдымда турса кара атым,
Кара аттын күүлөп канатын,
Чынкожонун көрөрсүң,
Канкорго кылган санатын!
Үргөнчкө булүк саламын.
Өлбөгөн жерде каламын!
Перинин кызы Чүрөктү,
Албасаң өзүм аламын!»

Жедигер эли кыбырап,
Экиден, үчтөн болушуп,
Сөз сүйлөшүп шыбырап:
«Кайдагы кожо келди – деп,
Акырысы түбүндө,
Кайгыга салар элди – деп.
Көөлдөгөн Толтойду,
Азгыра турган өңдөндү,
Ызыткы сөзгө киргизип,
Жазгыра турган өңдөндү!
Калкты жыйып бир жакка,
Жылдыра турган өңдөндү,
Манастын уулу көк жалга,
Беттештирип бу бизди,
Кырдыра турган өңдөндү!
Ажыдаарга апарып,
Сордура турган өңдөндү,
Барса келбес чын жайга,
Кондура турган өңдөндү!
Ач арстанга алпарып.
Чалдыра турган өңдөндү,
Жалындуу оттун ичине,
Калтыра турган өңдөндү!
Семетей менен беттешип,
Урушкан адам оңобу,
Семетейге чалдырган,
Баш көтөрүп кобобу!»
Жедигердин баарысы,
Көп жашаган карысы,
Көптү көргөн сарысы,
Акылмандын баарысы,
Бул сөздү айтып салышты.

## ЧЫНКОЖО, ТОЛТОЙ ҮРГӨНЧТҮ КАМАГАНЫ

Шыгайдын уулу Чынкожо,
Антка такап бергенде,
Сен барбасаң Үргөнчкө,
Өзүм барам дегенде.
Жедигердин Толтою,
Барбаймын – деп айта албай,
Баштагы шерттен кайта албай.
Ар акылды ойлонуп,
Ары-бери толгонуп.
Барууга макул болгону,
Жоо жарагын шайланып,
Баатыр Толтой оңдонду,
Ач арстандай комдонду.
Барабанын барс уруп,
Доолбасын карс уруп.
Жазайылын аттырып,
Кол жыйылсын бачым – деп,
Жедигердин элине,
Чабарманын чаптырып.
Конуш билген жакшысын,
Кол башкарган кашкасын.
Туу көргөн алтынын,
Жол бийлеген султанын.
Балбандарын эрлерин,
Жоо качырчу шерлерин.
Баарын жыйып алганы,
Үргөнчтү барып чабам – деп,
Жедигердин Толтою,
Балакетти салганы.
Кадырбай, Төлөк жол башчы,
Эр Чынкожо кол башчы.
Алты сан кара кол алып,
Ат майышкан туу алып.
Жети сан кара кол алып,
Жер майышкан туу алып,
Кара жердин топурак,

Казылтып даңкан изине,
Караган жандан түңүлүп,
Хан Толтой кылган ишине.
Эр Толтойлоп бакырып,
Эрдемсип ураан чакырып.
Чынкожолоп бакырып,
Чындап ураан чакырып.
Аянбастан барганы,
Акундун шаары Үргөнчтү,
Тегеректеп алганы.
Тыштан ичке киргизбей,
Ичтен тышка чыгарбай.
Бүлүктү катуу салышты,
Талаадагы малдарды,
Союшуна алышты.
Үргөнчтүн шаары бүлүнүп,
Кокусунан кол келип,
Шаарды курчап калды деп,
Акун канга угулуп.
Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Түмөндүн уулу Ажыбай.
Эки баатыр баш болуп,
Ордодо даяр көп кошун.
Айт дегенде кайт деген,
Аттанууга маш болуп.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Абыр-шабыр ат токуп,
Аялдабай бат токуп.
Бар жаракты байланып,
Жоо жаракты шайланып.
Жоого кагар доолбас,
Доолбасын урдуруп.
Сурнай кулак тундуруп.
Жазайылды жаткырып,
Төө мылтыкты аттырып.
Туу түбүндө турушуп,
Туу такандап урушуп.
Жекелишип сайыгып,
Буудандын бели майышып.
Айрылбаган баш калбай,
Алжайбаган каш калбай.
Эки кошун беттешип,
Уруш кылды бир далай,
Кан төгүшүп кармашып,
Беттешип жатты так үч ай.
Үч ай каркап болгондо,
Карк үч айга толгондо.
Элчи салды сүйлөштү,
Убада сөздү чийлешти.
Түмөнбай менен Ажыбай,
Төлөк менен Кадырбай.
Төртөө чыкты сүйлөшүп,
Бирин-бири бийлешти.
«Уруштан пайда таппадык,
Ким кимибиз болсок да,
Убайым тартып какшадык!»
Төлөк сөздү баштады,
Сөз айтуудан шашпады.
Жоолашканды коёлу,
Ак боз бээден соёлу,
Ак батаны кылышып,
Кудалашып оңолу.
Акылың болсо Түмөнбай,
Айткан сөзгө көнгүнүң,
Абыдан байкап көргүнүң,
Айчүрөктү бергиниң!
Калыңга малды көп алып,
Аянбай калың сен салып.
Кара атты берем калыңга,
Канаттууга кактырбай,
Тумшуктууга чектирбей.

Карап турам жанында,
Семетейден корпогун,
Чынкожо, Толтой барында!»
Түмөнбай анда кеп айтат,
Кеп айтканда эп айтат:
«Карындашым чүрөктү,
Беремин деп айтпаймын,
Беремин деп айткан соң,
Убада сөздөн кайтпаймын!
Карындашым чүрөктүн,
Ак жибектен боосу бар.
Баатыр Манас барында,
Куда болгон болуучу,
Семетейдин доосу бар,
Берип койсом Чүрөктү.
Бетимден чыгар жоосу бар!
Жесирим кайда кетти деп,
Семетей айтар оозу бар!
Арбагы тирүү Манас бар,
Сен ашыкпа Чынкожо,
Бу сөзүңдө талаш бар!
Жеңил-желпи доо эмес,
Семетей оңой жоо эмес!
Айтып койгон сөзүмдөн,
Кайталбасмын Чынкожо,
Сенден коркуп баатыр деп,
Жалтанбаймын Чынкожо!
Эр Толтойго эп келсе,
Бул сөзүмду эп көрсө,
Жайланып жакшы тынышып,
Жалгыз мага кеп келсе.
Үч айга мөөнөт бергиниң,
Бул сөзүмө көнгүнүң!
Убада үч ай бүткөн соң,
Кудаа болуп келиңиз,
Кеңеш салып эл-журтка,
Анан Чүрөк беремин!
Бербейбиз – деп калк айтса,
Канткенде Чүрөк беремин!
Түмөнбай айтып өткөрдү,
Толтой менен Чынкожо,
Айткан сөзүн эп көрдү.
Кулдук урду Чынкожо,
Чын сөздү эми урдуң – деп,
Сөзүңдө жок шумдук – деп,
Үч ай эмес, төрт айга,
Убаада мөөнөт кылдык деп,
Сөздүн арты оң болсо,
Жайлашып жакшы тындык – деп.
Акылы артык Түмөнбай,
Чынкожо менен Толтойду,
Катарынан алдады,
Алдап туруп аларды,
Кара боюн чыңдады.

## АЙЧҮРӨК УЧУП БАРЫП, АЛПТАРДЫ СЫНАГАНЫ

Айчүрөк акыл ойлонуп,
Кайгырып ыйлап толгонуп.
Чынкожо менен Толтойго,
Канткенде олжо боломун,
Олжо катын аталсам,
Анан кайдан оңомун!
Жазыгы жок бул элдин,
Убалы мага жетер деп,
Жетпегенде нетер деп.
Аккуу кебин киейин,
Асмандап учуп жүрөйүн,
Антташканым Семетей,
Ал-абалын билейин,
Андан айла болбосо,

Жер үстүндө алптардын,
Баарын сынап көрөйүн,
Көңүлгө толгон бирөнө,
Көңүлүмдү бөлөйүн!
Ээрчитип алып келейин,
Чынкожо менени Толтойдун,
Сазайын колго берейин!»
Деп ойлонуп Айчүрөк,
Бейшембинин күнүндө,
Жуманын кадыр түнүндө.
Боюн суута куюнуп,
Жаратканга сыйынып.
Айчүрөк учуп жөнөдү,
Күн чыгышка бет алып,
Семетейди нээтке алып.
Канатын жайып калкылдап,
Куйругун жайып жаркылдап.
Тегеренип калкактап,
Тескери учуп чалкактап.

## ТӨШТҮК

Керме-Тоону жердеген,
Кезигишкен душманга,
Эгерим намыс бербеген.
Эламандын Эр Төштүк,
Эрикпей жорткон алп Төштүк.
Тогуз уулдун кенжеси,
Эламандын эркеси.
Алакандай мусулман,
Кутманы экен Эр Төштүк,
Касиети башкача,
Сырттаны экен Эр Төштүк.
Сексенге жашы жетиптир,
Серпишер мезгил өтүптүр.
Жаш кезинде кабылса,
Талкандайт эле Толтойду,
Чамасы артык жолтойду.
Кереметтүү Айчүрөк,
Канатын күүлөп зыпылдап,
Керме-Тоодон кеткени.
Кыл-Эртишке жеткени.
Алтай тоонун оюнда,
Кыл-Эртиштин боюнда,
Коңурбайдын сан кара.
Жаткан экен жыбырап,
Кумурскадай быжырап,
Дүркүн-дүркүн бөлүнүп,
Түрлөрү ачык көрүнүп.
Жылкычылар жарышып,
Үзөңгүлөр кагышып.
Карап турса Айчүрөк,
Ааламды баскан Коңурбай,
Алгараны булкунтуп,
Желип калган кези эен,
Жылкы аралап ошондо,
Келип калган кези экен.
Мына ошондо Айчүрөк,
Чоптор өтүк, кемер кур,
Кечүүдөн көрдү калчаны,
Кара жандын айынан,
Чынкожо, Толтой жайынан.
Сынап турду калчаны.

## КОҢУРБАЙ

Алгараны миниптир,
Алтындан күрмө кийиптир.
Көк найзаны колго алып,
Көгала байрак булгалап.
Көөкөр сындуу чоң күрсөр,
Ал жанында шаркылдайт,
Аяктай асыл көөхар таш,
Ай төбөдө жаркылдайт.
Көз айнеги балкылдайт.
Аркасындагы айдары,
Асаба туудай калкылдап.
Чопдор өтүк, кемер кур,
Кеңирсиген чоң калча,
Булгары өтүк бурма бел,
Буруксуган чоң калча.
Көзү көлдүн быткылдай,
Көрүнгөндү жуткудай,
Көз үстүндө кара каш,
Бөктөргөлүү чапандай.
Кылагар көзүн кылайтып,
Кыл мурутун шыйпайтып.
Муруттары Коңурдун,
Чоң балтанын сабындай,
Мурундары Коңурдун,
Селебинин кабындай,
Кыр мурундуу Коңурбай.
Алтындан кылган чорбашка,
Алты кап карыш тамеки,
Жайма салып алганы,
Коркурата тартканы.
Канжадан түтүн дыркырап,
Коё берсе түтүнү,
Кол ыштыктай буркурап.
Оң мурутун имерип,
Оң кулакка ороп жиберип.
Сол мурутун имерип,
Сол кулакка ороп жиберип.
Сексенге барган жашы бар,
Жан казандай башы бар.
Сакалы, чачы ак экен,
Картайып калган чагы экен.
Телегейи тең экен,
Жаш кезинде бул калча,
Кылымды бузган шер экен,
Капырлык менен карылык,
Катар экөө болбосо,
Тийип алчуу эр экен!

## АЛГАРА

Коңурбайдын Алгара,
Кундуз жүндүү капкара.
Тоодой болгон чоң кара ат,
Капталында бар канат.
Куйругу саяң кулан жал,
Айбанда болбойт мындай жал.
Каз моюндуу кара аты,
Жоого кирсе канаты.

## МЫРАДЫЛ

Зыпылдап учуп Айчүрөк,
Турушу башка чоң дүмөк.
Калмактын берки четинде,
Кармашар жоонун бетинде,

Кароол карар чегинде.
Кызыл-Кыя жердеген,
Кырымдын уулу Мырадыл,
Бели катуу эр деген.
Минген аты Кылжейрен,
Кытайдан чыккан бир эрен.
Муну сынап карады,
Он эки куйрук, он чалгын,
Бирин койбой тарады.
Кара сууну уюткан,
Өзү жайчы кул экен,
Мырадыл деген бул экен.
Калмактан чыккан кар экен,
Баатырлыгы мунун да,
Бир баатырча бар экен!
Дини кара капырдыр,
Дин билбеген жакырдыр.
Андан өтүп Айчүрөк,
Ат-Башынын сазында,
Чеч-Төбөнүн кашында,
Катагындын хан Кошой.

## КОШОЙ

Даш казандай башы бар,
Жүзгө келген жашы бар,
Жаш кезинде Кошой дөө,
Бир адамча башы бар.
Алагар көзү чолпондой,
Ай кулагы калкандай,
Сан, түмөндөп жоо болсо,
Чала турган чалкандай.
Андан өтүп Айчүрөк,
Таласты көздөй бет алды.
Антташканы Семетей,
Өз төрөсүн нээтке алды.
Кара-Буура, кең Талас,

## АЙЧҮРӨКТҮН ТАЛАСКА КЕЛГЕНИ

Жерди көрдү Айчүрөк,
Ал Таласты жердеген,
Аргын, ногой эки урук,
Элди көрдү Айчүрөк,
Кең-Колдогу ак күмбөз,
Ит агытып куш салып,
Чоролору кашында,
Толук жыйырма жашында,
Аташканы башында.
Арстандын уулу Семетей,
Жарын көрдү Айчүрөк,
Кең-Колдогу ак күмбөз,
Баарын көрдү Айчүрөк.
Семетейди көргөндө,
Ичтеги кайгы чачылды,
Мына ошондо Айчүрөк.
Күн тийгендей жаркырап,
Кабагы карыш ачылды,
Капалыгы жазылды.
«Жер соорусу кең Талас,
Жер сонуну турбайбы,
Атпай аргын көп ногой,
Эл сонуну турбайбы,
Төрөмө башым кошпосом,
Чүрөктү кудай урбайбы,

## СЕМЕТЕЙ

Аташканым Семетей,
Он эки мүчөө тең экен,
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузар эр экен!
Сол далысы кең экен,
Солоонду бузар эр экен!
Кең көкүрөк, жайык төш,
Кызыл чийкил, нур жүздүү,
Каарына алганда,
Кылымды бузаар кара көк,
Бир айткандан кайтпаган,
Бир жанга сырын айтпаган.
Кырдач мурун, жалын көз,
Маңдайы жазы, жар кабак,
Телегейи тең ошол,
Ичи чалкар көл ошол.
Ак кумбөздүн жанына,
Айланып конуп Айчүрөк,
Боюн сууга салды ошол,
Боюна даарат алды ошол.
Кайын атасы Манаска,
Тооп кылып жүгүнүп,
Тизеси жерге бүгүлүп.
Куран окуп табыштап,
Атакеси Манастын,
Арбагына багыштап.
«Эми мында туруп нетейин,
Самаган ойго жетейин!
Төрөмдүн эрке Канышы,
Чачыкейге барайын,
Күнү да болсо күйөргө,
Арзымды айтып салайын!
Акылы болсо Чачыкей,
Кулак салар сөзүмө,
Алдына өзүм барган соң,
Ыраазы болор өзүмө.

## АЙЧҮРӨКТҮН ЧАЧЫКЕЙГЕ УЧУРАГАНЫ

Деп ойлонуп Айчүрөк,
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Төрөнүн тиккен багында.
Кайнардын кара көзүнө,
Как чынардын өзүнө.
Капкасы болот коргонго,
Семетейдин ордого.
Жакын келип олтурду,
Көңүлгө ар иш толтурду.
Шашкеде келген Айчүрөк,
Эт бышымдай олтурду.
Эсине ар иш толтурду.
Чачыкейдин үстүнө,
Туура басып жүрө албай,
Эбин таап кире албай.
Күн обого толгону,
Чачырап чак түш болгону.
Бир убакта Чачыкей,
Эшикке чыкты шуудурап,
Ботодой көзү жоодурап.
Эшикке чыкты кылактап,
Кырымзы кийип булактап.

## ЧАЧЫКЕЙ

Жибектен жоолук салынып,
Упа менен эндикти.
Бети менен колуна,
Аралаша жагынып.
Алтындан кылган чач мончок,
Аркасында шаркылдап,
Алтындан кылган сөйкөсү,
Омуроодо жаркылдап.
Сүлөөсүндөй керилип.
Сүйлөргө сөздөн эринип.
Узун бойлуу кыйгач каш,
Босого маңдай, колоң чач.
Толмоч беттүү, акак тиш,
Түндө көргөн бул бир түш.
Жөлөп-таяп келиндер,
Эшик-ачып чыгарып,
Шаатемир кандын Чачыкей,
Шал оору болгон эмедей,
Акырын басып ыргалып.
Өзүнө арнап жасалган,
Көлүнө келип Чачыкей,
Бети-колун жуунуп.
Алтындан кемер белинде,
Тартып байлап буунуп.
Ак суп жоолук колго алып,
Бети-колун арчып белсенип,
Пери ургандай теңселип.
Оң жагына бурулуп,
Айчүрөк көзгө көрүндү,
Айчүрөктү көргөндө,
Чачыкейдин ошондо,
Көңүлү башка бөлүндү.
Чоочуп кетти Чачыкей.
«Капырай сен ким элең,
Асмандан түшкөн жин белең!
Албарстынын өзүсүң,
Как каракан көзүсүң!
Чоочуп кетти жүрөгүм,
Жаман экен дүмөгүң!
Жерден чыккан жексиңби.
Суудан чыккан суксуңбу?
Же журт куруткан куусуңбу!»

## АЙЧҮРӨК

Эжеке көрдүм өзүңдү,
Айтайын арман сөзүмдү!
Эми сенин сөзүңө,
Эжеке көрдүм жүзүңдү,
Айтамын арман үзүрдү!
Менин жайым сурасаң,
Акундун кызы Айчүрөк,
Айланайын эжеке,
Ушу күндө башыма,
Түшүп турат чоң дүмөк!
Кайнатаң султан башында,
Көкөтөйдүн ашында.
Менин атам Акунга,
Бел куда болуп коюптур,
Балалуу болсом эми – деп,
Капанын баарын жоюптур.
Кабылан атаң өлгөндө,
Кайгыны журту көргөндө.
Атамдан калган сан дүйнө,
Абыке, Көбөш иниси,
Камчыга ченеп бөлгөндө.
Жетим болуп Семетей,

Ала качып энеси,
Дарыянын кемеси.
Букарга барып чоңоюп,
Күндөн күн иши оңолуп.
Кайта келип Семетей,
Атадан калган жерине,
Аргын, ногой элине.
Эжеке жакшы билесиң,
Жакып ханды жалмаптыр,
Абыкени аймаптыр.
Көбөштү көргө кийриптир,
Көп душманды ийириптир.
Багыштын башын алыптыр,
Чынкожону боздотуп,
Кашкарга кууп салыптыр!
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Башынан иши чыр Кожо.
Жедигердин эр Толтой,
Каары катуу куу жолтой.
Чынкожо менен эр Толтой,
Өлө турган шерт кылып.
Убааданы бек кылып.
Ак буудайдын унундай.
Жуурулушуп алыптыр,
Ак жибектин талындай,
Суурулушуп алыптыр.
Кою бирге короолош,
Аштыгы бирге ороолош,
Ашы бирге жоролош.
Толтой менен Чынкожо,
Алты сан кар кол менен,
Ат майышкан туу менен,
Жети сан кара кол менен,
Жер майышкан туу менен.
Акун хандын Үргөнчтү,
Камап жатып калганы,
Жайлантып оокат кылдырбай,
Азапты калкка салганы.
Ушалады блимди,
Уйпалады элимди!
Айчүрөгүн берсин – деп,
Айчүрөгүн бербесе,
Атышаар жерге келсин – деп.
Чынкожо, Толтой жайынан,
Чымындай жандын айынан.
Учканым жума күн болду.
Үч ай токсон күн болду,
Көргөн күнүм бул болду.
Ак чалгыным сыдырдым,
Анжиян менен Көлөптү,
Учуп жүрүп кыдырдым!
Алптын барын арыттым,
Дөөнүн баарын сынадым!
Күң кылып мени алыңыз,
Кызматыңа салыңыз!
Сен да эжеке кан кызы,
Мен да эжеке кан кызы.
Кой ичинде серкеси,
Өзүң болсо эжеке,
Шаатемир хандын эркеси.
Сууга чыккан жалбызы,
Мен да болсом Айчүрөк,
Акун хандын жалгызы,
Экөөбүз эже бириксек,
Болбос дейм иштин калтызы.
Төрө бала Семетей,
Арстан баатыр баласы,
Бириккенде үчөөбүз,
Болбос дейм иштин чаласы!
Эжеке өзүң сындачы,
Жоктур дейм сөздүн калаты!
Кололуу кумган колго алып,

Кол жуугучуң болоюн,
Бедерлүү кумган колго алып,
Бет жуугучуң болоюн!
Отуң менен кирейин,
Күлүң менен чыгайын!
Жалган айтып жазбаймын,
Акыретке барганда,
Тозок отун баспаймын!
Арстаның эжеке,
Алты күнү саа жатсын,
Артпаган күнү маа жатсын.
Жети күнү саа жатсын,
Жетпеген күнү маа жатсын,
Акундун кызы Айчүрөк,
Алда нече сөздөрдү,
Айтып зарлап турганы,
Эжекелеп курганы.
Деп, Айчүрөк айтканда,

## ЧАЧЫКЕЙ

Чачыкей анда муну айтат,
Адам уккус шумду айтат.
«Түү капырай кебиңди,
Киши укпасын ит уксун,
Түү бетиңе жүн чыксын!
Түлкү ичик кийген тоңорбу,
Кыз башың менен капырай,
Кылым журтту кыдырып.
Эр издеген оңорбу!
Көрпө тон кийген тоңорбу,
Көңкү журтту кыдырып,
Күйөө издеген оңорбу!
Хан кызы болбой катып кал,
Кара жерге батып кал!
Жүзү кара бей таалай,
Айтып турган кебин көр,
Төрдү мага бергин – деп,
Кылып турган эбин көр!
Төрөм сени алчу эмес,
Уятка башын салчу эмес,
Бир дем турбай кете бер,
Үргөнчүңө жете бер!»
Деп, Чачыкей муну айтып,
Айчүрөктү муңайтып.

## АЙЧҮРӨК

Эми Айчүрөк кеп баштайт,
Кеп баштаса, деп баштайт.
«Ант-шерт менен сөз айтсам,
Айткан тилге кирбедиң,
Адам уккус сөз айтып,
Аянбай мени тилдедиң.
Бекем бол айткан сөзүңө,
Шаатемирдин даркысы,
Өлбөй турсам Айчүрөк,
Көрүнөрмүн көзүңө!
Өзүңдүн кылган ишиңе,
Бармагыңды тиштетип,
Акырысы түбүндө,
Арманың кетер ичиңе!
Төрөң бүгүн сеники,
Бүгүндөн кийин меники!
Андай кыйын сен болсоң,
Төрөңдү атка мингизбе,
Ала-Көлдүн боюна,
Куш салдырып жүргүзбө!
Төрөңдү атка мингизсең,
Ала-Көлдүн боюна,

Куш салдырып жүргүзсөң!
Канатыңдан кайрылдың,
Хан султандан айрылдың!
Аккуу болуп кубулуп,
Ак була болуп созулуп,
Ар түрдүү арып кылармын,
Алып кетип шумкарын,
Андан кийин тынармын!
Ушул ишти кылбасам,
Атам Акун ханга тиейин,
Айтканыңдан сен кайтсаң,
Шаатемир ханга сен тийгин!
Шаатемирдин даркызы,
Салынды кылам өзүңдү,
Баш булгатпай эч кайда,
Жалдыратам көзүңдү!»
Бул сөздү айтып Айчүрөк,
Суук дуба окуп ошондо,
Чачыкейдин бетине,
Түү деп демди салганы,
Шаатемирдин Чачыкей,
Жин тийгендей калтырап,
Чалкадан кетип калганы,
Чалкасынан жыгылды,
Чуңкурга башы тыгылды.
Аккуу кебин кийинип,
Токтолбостон Айчүрөк,
Зыпылдап учуп калганы.
Чачыкей жатат тороюп.
Арыкта башы сороюп.
Акылдын баары дабырап,
Сөз сүйлөшүп жабырап.
Дарбып баары келишти,
Арыкта жаткан жыгылып,
Чачыкейди көрүштү.
Ажыналап келген бейм,
Азапка байкуш калган бейм!
Деп чуулашып көпчүлүк,
Сары улактан таптырды,
Садаганы чаптырды.
Карып менен касарга,
Кийимдерин талатты,
Ат чаптырып батырак,
Бакшы, бүбү каратты.
Молдолор окуп дем салып,
Бакшы менен бүбүлөр,
Ырымын кылып эм салып.
Көрүмүн көрүп бакшылар,
Тумарын жазып молдолор,
Жыгылган түштө Чачыкей,
Кеч күүгүмдө эс алды,
Эсин жыйып ошондо,
Эки жакка көз салды.
Түлөөнү жеп келгендер,
Жай-жайына барыптыр,
Жайланып жатып калыптыр,
Семетей менен Чачыкей,
Бир төшөккө жатчу эле,
Көп кызыкка батчу эле.
Бүгүнкү түнү бул экөө,
Бир төшөккө жатпады,
Баштагыдай болбоду,
Шаатемир хандын Чачыкей,
Акыры иши оңбоду.
Төрө бала Семетей,
Тескери карап алыптыр,
Чачыкейдин бир жери,
Тийип калса кокустан,
Жолотпой силкип салыптыр.
Семетей өзү элирип,
Уктай албай желигип.
Бачымыраак таң атса,
Ала-Көлгө барсам – деп,
Ак шумкарды салсам – деп.

## АЙЧҮРӨКТҮН ШУМКАРДЫ АЛА КАЧЫШЫ

Таң сөгүлүп атканда,
Жылдыз тарап батканда.
Эр Семетей айкырып,
Чоролорун чакырып,
Эр Семетей кеп айтат:
«Канчоро менен Күлчоро,
Болгула бачым – деп айтат.
Бүгүн эрте аттанып,
Ала-Көлгө баралы,
Тап этинде шумкарды,
Бүгүн мыктап салалы,
Ушу бүгүн чоролор,
Бир кумарды жазалы!»
Семетей айтып турганда,
Ушундай сөздү урганда.
Эки чоро ат токуп,
Ат токуса бат токуп.
Аттарына мингени,
Ала-Көл көздөй бет алып,
Арстандар жолго киргени.
Арстандын уулу Семетей,
Тайбурул минип золкоюп,
Аттанып чыкты койкоюп.
Ал аңгыча Чачыкей,
Чыңырып ыйлап чыркырап,
Мындай сөз айтып буркурап.
«Төрөм, атыңдын башын
бура тур,
Сөз айтамын азыраак,
Аз аялдап туру тур!
Түндө жатып түш көрдүм,
Түшүмдө укмуш иш көрдүм.
Бүгүн шумкар салбагын,
Тилимди алып султаным,
Ала-Көл көздөй барбагын!»
Бу сөздү айтып Чачыкей,
Чылбырдан келип алды ошол,
Арстандын уулу Семетей,
Акырая бир карап,
Ачуусу келип калды ошол.
«Кутуруп кеткен кара бет,
Коё бергин чылбырды,
Мен Семетей болгону.
Эгеримде көрбөдүм,
Бул өңдөнгөн шылдыңды!»
Каарын төгүп ошондо,
Толгомо саптуу булдурсун,
Толгой тартып имерди,
Асылып турган бейбакты,
Капталга тартып жиберди.
Калдыркан ала көйнөгү,
Кат катынан бөлүнүп,
Кабыргасы сөгүлүп,
Кан акты жерге төгүлүп.
Бүлдүркөн ала көйнөгү,
Бүгүшүнөн бөлүнүп,
Бүрүлдөп каны төгүлүп.
Бой мончоктор быркырыап,
Чачыкейдин этинен,
Кан төгүлдү шыркырап.
Жөнөп кетти төрөсү,
Артынан жүрдү чоросу.
Мына ошондо Чачыкей,
Мажиктин уулу Күлчоро,
Күлчорого жалынып,
Сөз айтууга камынып.
«Айланайын Күлүстөн,
Атыңдын башын бура тур,

Аз аялдап тура тур!
Төрөң кетти камчылап,
Ыйлап турам Чачыкей,
Көзүмдүн жашы тамчылап!
Бери мага карагын,
Бир кызматка жарагын!
Ушу бүгүн төрөңө,
Кара жолдун боюнда,
Ак була жатса алдырба,
Куугa кушун салдырба.
Ушул ишке жарасаң,
Сага кызмат мен дагы,
Өлгөнүмчө кылармын,
Журттан тандап бир сулуу,
Ушу сенин өзүңө,
Алып барып тынармын!»
Колунан алып бек кармап,
Макулбу Күлүс» – деп кармап,
Чачыкей турду жалдырап,
Акылы кетип алдырап.
Айтканыңа жарайын,
Андан кийин жеңеке,
Сөзүңдүн артын карайын,
Айтканыңдан жанбагын,
Убаадаңды танбагын!»
Убада берип Күлчоро,
Күүлдөгөн эр чоро.
Как телкини каргытып,
Артынан чаңын баргытып,
Төрөсүнө барганы,
Эки чоро, бир төрө,
Кара жол ылдый салганы.
Жол четинде ак була,
Жайылып жатат була ат,
Өтө берип Семетей,
Карап алды кылчайып.
Төрө-султан кеп айтат,
«Тетиги жаткан буланы,
Көрдүңбү?» – деп айтат.
«Соодагер жолдон өткөнгө
Чекерлери бош байлап,
Түшүрүп салып кеткен го.
Бул буланы алалы,
Каныкейге апарып,
Ак олпокту жакшылап,
Бир оңдотуп салалы!
Кечээ Манас атам өлгөндө,
Абыке, Көбөш алты арам,
Атамдан калган дүйнөнү,
Олжо кылып бөлгөндө.
Ак олпокту алыптыр,
Буласы булат калыптыр,
Абыке, Көбөш эки арам,
Булайтып кийип салыптыр!»
Деп Семетей айтканда,
Анда Күлүс кеп айтат:
«Жолдо жаткан буланы,
Албайлы аба» – деп айтат.
Көчөт кылып ырымдап,
Жол боюна таштаган,
Балакетти баштаган.
Көчөттү алып болобу,
Алган адам оңобу?
Керек болсо акбула,
Айтканымды куп тыңда,
Жүз кур атты айдатып,
Анжиян базар барайын,
Атан төөгө арттырып,
Акбула алып келейин,
Энекеме берейин!
Бастырып төрө кеткени,
Токтоп калып Күлчоро,

Акбулага жеткени.
Акбуланы алганы,
Бурдай кармап колуна,
Алачыктай кара таш,
Астындагы жыраңка,
Жыраңкага бек тыгып,
Койдой болгон бир ташты,
Алып келип Күлчоро,
Оозуна бекем кептеди,
Буту менен бекем тээп,
Чыккыс кылып кеткени.
Кара таштын ичинде,
Айчүрөк калды тырпырап,
Чыңырып ыйлап чыркырап.
Кереметүү Айчүрөк,
Көрүп калды чоң дүмөк.
Өлдүм талдым дегенде,
Таштан чыкты суурулуп,
Бир чалгыны  ошондо,
Ташта калды жулунуп.
Мына ошондо Айчүрөк,
Кейип-кепчип кайгырып,
Башындагы керемет,
Кереметтин биринен,
Ошондо Чүрөк айрылып.
Эки жагын каранып,
Бүткөн боюн таранып,
Аккуу кебин кийгени,
Купулдап учуп куу болуп,
Ала-Көл көздөй келгени.
Эки чоро, бир төрө,
Ала-Көлгө келишип,
Акшумкарды салганы,
Буулукканы басылып,
Моокумдары канганы.
Керели кечке куш салып,
Өрдөк, чүрөк, каз алып.
Андан салып илдирип,
Мындан салып илдирип,
Канжыганын баарысын,
Каз, өрдөккө билдирип.
Андан салып жээктеп,
Мындан салып жээктеп,
Канжыганын баарысын,
Каз, өрдөккө тээктеп,
Бешим убак болгондо,
Эки чоро, бир төрө,
Үйдү карай жүрдү ошол,
Балырлуу көлдүн башында,
Коколуу көлдүн жээгинде,
Алачыктай чоң аккуу,
Семетейге көрүндү,
Төрө бала Султандын,
Көргөндө көөнү бөлүндү.
«Шумкарды ккуга салайын,
Кубанчыңа канайын! «
Деп, ойлонуп Семетей,
Акшумкарды ыңтайлап,
Томогосун тартты ошол,
Шилтегени калды ошол.
Күлүстөн бала Күлчоро,
Төрөсүнө кеп айтат:
«Колуңдагы Шумкарды,
Ушу турган аккууга,
Салбагын аба!» – деп айтат.
«Карып калган куу белем,
Каргышы катаа кетпеген,
Касиети башкача,
Жүргөн жери чуу белем!
Мекеден келген куу окшойт,
Беш баласы бар окшойт.
Бул ккуга Шумкар салбайлы,

Жетим кылып балдарын,
Убалына калбайлы,
Каргышын катуу албайлы!
Кой абаке кетели,
Ушул кууну нетели! «
Деп  Күлчоро айтып турду ошол,
Укмуштуу сөздү урду ошол.
Ушу сөздү укканда,
Төрөнүн келди каары,
Бетинен чыгып заары.
Ушу бүгүн Күлчоро,
Сөзүмдү торгоп болбойсуң.
Минте берсең чунагым,
Акыры түбү оңбойсуң!
Не көрүндү көзүңө,
Не билинди өзүңө!
Ушу бүгүн Күлчоро,
Бакшы болуп кеттиңби?
Акылың ашып артыкча,
Жакшы болуп кеттиңби?
Убал деген эсине?
Божураган чунагым,
Убалды билбейм тегеле!
Абыкени аймадым,
Атакемди жалмадым!
Көбөштү көргө кийирдим,
Көп душманды ийирдим.
Кырандуу жерди майладым,
Кыйыгыма тийгенде,
Кырк чорону жайладым,
Чынкожодой агамды,
Жипсиз колун байладым,
Кашкарды көздой айдадым!
Багыштын башын кемирдим,
Бар душманды жемирдим,
Кана убалы жеткени,
Семетей өлүп кеткени.
Качан көрдүң Күлчоро,
Мага жеткен кесирди,
Көлдө жүргөн бир куунун,
Кайдан тийсин кесири !»
Каарданып, күүлөнүп,
Жолумду тороп тозбо – деп,
Күлчорого сүйлөнүп.
Колундагы шумкардын,
Тосмогосун алганы,
Турган кууну карата,
Шилтеп туруп калганы.
Жетип шумкар теберде,
Кереметтүү Айчүрөк,
Тескери дуба салганы,
Жазгырып салып Шумкарды,
Алтын боодон алганы,
Бооруна кымырып,
Асман менен зыпылдап,
Айчүрөк жөнөп калганы.

## КҮН ЖАЙЛОО

Парайыздан дубаны,
Бачым окуп Айчүрөк,
Касйдадан дубаны,
Кайырып окуп Айчүрөк,
Артыкча салып чоң дүмөк,
Күндүн бетин тутултуп,
Жердин бетин бузултуп.
Көзгө сайса көрүнгүс,
Жөө туманды салганы,
Караса көзгө илинбей,
Кай кеткени билинбей,
Сызып кетип калганы.

Жаканын баары жамгырлап,
Бөксөнүн баары мөндүрдөп,
Ала кайыр түшүптүр,
Арстандын уулу Семетей,
Шумкардан күдөр үзүптүр.
Акшумкардан айрылып,
Семетей турат кайгырып.
Кууну шумкар албастан,
Шумкарды куу алды, деп,
Адам айран калуучу,
Шумдукту башка салды – деп.
Ары-бери ойлонуп,
Айласын таппай толгонуп.
«Э, Чунак бала Күлчоро,
Бүгүн мени сен өзүң,
Буруп айтып сөзүңдү,
Эки жолу тородуң,
Башка жакка жородуң!
Бирди билип иш кылдың,
Салба куугa шумкарды,
Кийинкисин күч кылдың!
Билгениңди жашырба,
Амалыңды ашырба!
Билгениңди жашырсаң,
Амалыңды ашырсаң,
Көрүнбөгүн көзүмө,
Таарынбагын Күлчоро,
Таңда күнү өзүмө!
Жашырганың билинер,
Ойлоп кара Күлчоро,
Токо наалат акыры,
Өз моюнуңа илинер!»
Деп Семетей кычап турду ошол,
Ашкере сөздү урду ошол.
Бала жолборс Күлчоро,
Оң жагына бир карап,
Ок тийгендей ыңгырап.
Сол жагына бир карап,
Топ тийгендей ыңгырап.
«Төрөнүн бейли оңбоду,
Эми чынын айтпасам,
Акыры бул иш оңбоду,
Айтайын эми чынымды,
Амалы бар сырымды!»
Деп ойлонуп Күлчоро,
Абасына кеп айтат:
«Алдатканым айтайын,
Абаке тыңда!» – деп айтат.
Чачыкей айткан бир сөздү,
Шумдугу башка кир сөздү.
Баарын айтып сайрады,
Кызыл тилин кайрады.
Бала төрө Семетей,
Күлчородон кеп угуп,
Акшумкардын дарегин,
Чачыкей билет деп угуп.
«Андай болсо акыр – деп,
Канчоро менен Күлчоро,
Аттангыла бачым – деп.
Чачыкейге баргыла,
Акшумкардын дайынын,
Барып сурап келгиле!
Көргөн менен билгенин,
Чынын айтсын жашырбай,
Арыбын артык ашырбай!
Акшумкарды издетип,
Арыктатпай тулпарды,
Айтып берсин шумкарды!
Айтып берсе шумкарды,
Атаң-анаң дебеймин,
Артылта камчы чаппаймын,
Артынан күнү албаймын!

Айтканымдан кайтпаймын,
Жалган айтып жазбаймын,
Акыретке барганда,
Тозок отун баспаймын!
Сырын айтпай жашырса,
Амалын артык ашырса,
Алаксытып жазгырса.
Куйругун тилип кум салып,
Бетин тилип туз салып.
Чачын кыркып чолтойтуп,
Сыйда кылып молтойтуп.
Кементайды кийгизип,
Кер байталга мингизип,
Шаатемир хандын колуна,
Бүгүндөн калбай жүргүзүп.
Санатты мындай кылгыла,
Айдап ийип тынгыла!
Абакеси Бакай, Сары хан,
Ал экөөнө баргыла,
Барып кабар салгыла!
Акылды мыктап курасын,
Келининен ал экөө,
Алдап-соолоп сурасын!
Мен калайын талаага,
Акшумкардан айрылып,
Ушу бүгүн калдым го,
Кара саат балаага!»
Эки чоро ат минип,
Аялдабай бат минип.
Эки чоро жарышып,
Үзөнгүсү кагышып.
Хан Бакайга келгени,
Келип салам бергени.
Аликти абаң алганы,
«Кандай шашып келдиңер,
Айткылачы балдар» – деп,
Келгенинин жөн-жайын,
Абакең сурап калганы.
Күлчоро сөздү баштады,
Болгон иштин баарысын,
Бир баштан айтып таштады.
Ак сакалын жайкады,
Ушу сөздү укканда,
Абакең башын чайкады.
Абакең Бакай аттанып,
Сары канга барыптыр,
Болгон иштин жөн-жайын,
Ага да айтып салыптыр,
Эр Сары хан ат минип,
Ат мингенде бат минип.
Байбичеси Канымжан,
Чачыкейдин эжеси,
Жакын тууган эмеспи.
Аны да жүр деп шаштырды,
Абакең Бакай Сары хан,
Ашып-шашып бастырды.
Кайнардагы коргонго,
Азыр жетип барганы,
Жигиттер атын алганы,
Аттарды байлап түркүккө,
Эшик тартып калганы.
Эр Сары хан кыркылдап,
Сөз баштады баркылдап.
Ой Чачыкей балдызым,
Көргөн менен билгендин,
Чынын айткын жашырба,
Жашырамын катуу – деп,
Амалыңды ашырба!
Бакай хан келди абакең,
Сары хан келди жездекең.
Жеңилдикти кылбагын,
Айтканымдын баарысын,

Акылга салып сындагын!
Акбула жатса алба – деп,
Аккуууга кушту салба – деп.
Күлчорого жалынып,
Болор турган бир иштин,
Алдын алып камынып.
Тапшырууу берген өзүң бар,
Бирди көргөн көзүң бар.
Шумкарды аккуу алыптыр,
Айрылган соң Шумкардан,
Семетей катуу кайгырып,
Талаада жалгыз калыптыр,
Үйгө келбей кайрылып.
Чачыкей чынын айтсын,
Анты-Шертин бериптир,
Канчоро менен Күлчоро,
Ашып-шашып өзүңө,
Көргөн менен билгениң,
Айттырганы келиптир!»
Сары хан сөзү басылды,
Бакай хан оозу ачылды:
«Ээ, Чачыкей кулунум,
Жездеңдин сөзү акыл сөз,
Уга турган маакул сөз.
Айтып жибер жашырбай,
Көргөн билген кебиңди,
Ала-Тоодай иш болсо,
Чочубагын Чачыкей,
Өзүм табам эбиңди!»
Чачыкей анда кеп айтат,
Кеп айтканда бейтаалай,
Өз билгенин эп айтат:
«Үйдө отурган катындын,
Ашы менен иши бар,
Талаадагы эркектин,
Кушу менен неси бар,
Зордук көргөн Чачыкей,
Туура сөздү тартынбай,
Көп көрүнөө айтамын,
Өлгөнүм артык бу көрө,
Моюнума минди шайтаным,
Акбула, аккуу дегенди,
Көрбөдүм да, билбедим,
Эртеден бери кекетип,
Сары таз жезде тилдедиң!
Шаатемир хандын Чачыкей,
Бир айткандан кайтабы,
Аксакалдуу адамдар!
Ушундай бузук сөздү айтабы,
Деп, Чачыкей айтканда,
Канымжан турду какылдап,
«Акылсыз көөдөк өлгүн» – деп,
Басып келди ошондо,
Чачыкейге жакындап.
Ал аңгыча болбоду,
Канчоро менен Күлчоро,
Чачыкейге жулунуп,
Каарданып оңбоду.
Экөө келип ошондо,
Тил тартпаган катынды,
Акылы кем капырды.
Эки колдоп алганы,
Талпак керген эмедей,
Камчы астына салганы.
Чыныңды айткын эсердеп,
Канымжан келип чородон,
Арачалап калганы.
Мурдунун суусу жеткени,
Жетпегенде неткени.
Кордук көрүп алган соң,
Канчоро менен Күлчоро,
Азапка башын салган соң.

Ырдап айтты ырын бул,
Ыймандай айтты сырын бул.
Деп, Чачыкей кеп айтты:
«Акбула болуп созулган,
Аккуу болуп кубулган,
Акун хан кызы Айчүрөк,
Айчүрөк болчу!» – деп айтты.
Айчүрөк учуп келди – деп,
Таласта аргын, ногойду,
Аралап жүрүп көрдү – деп.
Акун хандын Үргөнчкө,
Чынкожо, Толтой эки дөө,
Аябаган кыйындык,
Салганын айты Чачыкей,
Айчүрөктү алам деп,
Барганын айтты Чачыкей,
Акырында Айчүрөк,
Ала-Көл келип шумкарды,
Алганын айтты Чачыкей,
Баары азапка өз башы,
Калганын айтты Чачыкей.
Кабыргасы сөгүлүп,
Ыйлап жатат үңүлдөп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Намыс кылып Канымжан,
Чачыкейке кеп айтты,
«Акыл менен ой ойлоп,
Сыйың менен сен айтпай,
Кетирдиң намыс» – деп айтты.
Кудай алсын өзүңдү,
Ушул кеп кандай болот – деп,
Башынан ачпай көзүңдү!
Арстандын уулу Семетей,
Атасынан бабасы,
Айтканынан кайтпаган,
Адамга сырын айтпаган.
Таштабайт эле Семетей,
Айткан сөзүн талаага,
Айтканын илбей кулакка,
Акылыңдын азынан,
Калдың го сиңдиси балага!
Эсеп салбар болуп мыш болдуң,
Жайкы күнүң кыш болдуң!
Жини келсе Семетей,
Кементайды кийгизип,
Кер байталга мингизип.
Талак кат берип колуңа,
Айдап салат жолуңа!»
Абакең Бакай,Сары хан,
Канчоро менен Күлчоро,
Кабагы карыш ачылып,
Капанын баары чачылып.
Анда Бакай кеп айтып,
«Айтпай жүрүп балдарга,
Акырында мен Бакай,
Уят болдум!» – деп айтып.
«Семетей менен Чүрөктүн,
Туула элек кезинде,
Бал куда болгон шер Манас,
Бул сөз менин эсимде.
Алтымыш ала жорго айдап,
Алыскы жолго бел байлап,
Акун хандын алдына,
Алмамбет барган кудалап,
Мунун арка жагынан,
Нээтинин агынан.
Сүйүнчү кабар кеп угуп,
Чүрөктү тууду деп угуп.
Токсон буудан жактырып,
Баарын семиз бактырып,
Моюнуна тумар тактырып,
Абайы үртүк жаптырып.

Бакай бардым мал айдап,
Майын бузбай жай айдап.
Айткан сөзүм жатка алгын,
Эки чунак аттангын!
Бат аттанып баргын – деп.
Талаада калган төрөңө,
Чүрөктөн кабар салгын – деп,
Эки камчы шарт уруш,
Чоролордо не жумуш,
Чачыкейден кеп угуп,
Жараган сөздү эми угуп,
Абасынын Шумкарын,
Айчүрөк алды – деп угуп.
Бакай хандан кеп угуп.
Баарысы ырас, деп угуп,
Жашында куда болгонбуз,
Анысы ырас, деп угуп.
Жөнөп калды чоролор,
Ала-Көл карай аттанып,
Абасы Бакай айтканын,
Көңүлүнө жатка алып.
Бала төрө Семетей,
Уктабай таңды атырып,
Санабай жылдыз батырып.
Ала-Көлдө жатканда,
Таң сөгүлүп атканда.
Колун суута салганы,
Кол дааратын алганы.
Бутун суута салганы,
Бут дааратын алганы.
Эки сүннөт, экөө парз,
Алда-таала кудаанын,
Бендесине улук парз.
Окуп намаз болгону,
Алакан жазып, кол ачып,
Бата кылып койгону.
Буурул атты сугарып,
Оодугун чыгарып.
Отко коюп олтурду,
Таз кардын чөпкө толтурду.

# МАЗМУНУ

«МАНАС» ЭПОСУНУН УНИКАЛДУУ ВАРИАНТЫ ................................3

## МАНАС

### МАНАСТЫН ТУУЛУП ӨСКӨНҮ

Манастын аталары ..................................................................24
Жакыптын зары.......................................................................26
Жакыптын түшү ......................................................................32
Түштөрдү жорутканы ..............................................................37
Манастын туулушу ..................................................................42
Манастын тою .........................................................................52
Манасты койчулукка бергени ...................................................56
Манастын калмактарга сокку урганы ........................................65
Манас Эсенкандын баатырларын өлүм кылганы ..........................81
Манас Нескараны жеңгени ........................................................87
Манас уйгур баатырларын ойрондогону ....................................107
Манас Нүкөр дөөнү жеңгени ....................................................113
Манас Жолойду жеңгени..........................................................123
Манастын үйлөнгөнү................................................................126

### МАНАСТЫН ОРТО АЗИЯДАГЫ ОКУЯЛАРЫ

Алтайдан көчүү жөнүндө кеңеш ................................................128
Элдин Алтайдан көчүшү...........................................................133
Манастын Алооке кан менен бетешкени.....................................135
Алооке кандын качканы ..........................................................161
Шоорук кандын окуясы............................................................166
Акункандын окуясы.................................................................182
Алмамбеттин окуясы ...............................................................189
Алмамбеттин туулуп өскөнү .....................................................190
Алмамбеттин тою ....................................................................192
Алмамбет элдин укугун талашканы............................................194
Алмамбеттин качканы .............................................................210
Алмамбеттин көкчөгө келгени ..................................................213
Алмамбеттин Манаска келгени .................................................221

Манас баатыр Каныкейди алганы ....................................................227
Манас баатырдын Самарканттан Таласка көчкөнү ...................................255
Көзкамандардын окуясы .......................................................................259
Манастын Көзкамандардан көргөн жамандыгы.......................................267
Көзкамандардын ойрон болгону ...........................................................294

## КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ

Көкөтөй ким? .........................................................................................297
Көкөтөйдүн өлгөнү ..................................................................................298
Ашка даярдык .........................................................................................300
Эл чакыруу .............................................................................................302
Ашка Манастын келгени...........................................................................306
Коңурбай Мааникерди өкүм менен алмакчы болгону...............................310
Ат чубатуу................................................................................................318
Жамбы атыш.............................................................................................321
Күрөш......................................................................................................322
Таз сүзүшкөнү .........................................................................................337
Төө чечүү ................................................................................................337
Эңиш .......................................................................................................338
Сайыш......................................................................................................339
Чабылган аттардын келгени.....................................................................344

## КАЛМАК МЕНЕН КЫРГЫЗДЫН КАГЫЛЫШЫ

Кыргыздардын кеңеши.............................................................................348
Колдун жөнөгөнү .....................................................................................351
Калмактын жеринин көрүнүшү .................................................................352
Жолойду чапканы ...................................................................................354
Чалгын ....................................................................................................358
Жылкы тийүү ..........................................................................................360
Салгылашуу.............................................................................................368
Бүтүм.......................................................................................................378
Коңурбайдын чабуулу .............................................................................380
Коңурбайдын камынганы..........................................................................380
Колдун аттанганы ...................................................................................381
Салгылашуу.............................................................................................382
Манастын өлүмү .....................................................................................387
Каныкейдин кошогу.................................................................................389
Күмбөз.....................................................................................................393

## СЕМЕТЕЙ

### СЕМЕТЕЙДИН БУКАРДА ӨСҮП, ТАЛАСКА КЕЛГЕНИ

Жакып Каныкейге арачыларды жибергени ....................395
Көбөш Манастын айылын чапканы ....................402
Каныкейдин качышы ....................407
Каныкейдин арманы ....................411
Бакайдын Абыке, Көбөштү жеңгени ....................414
Каныкейдин Букарга барганы ....................418
Семетейди Ысмайылдын тарбиялашы ....................422
Семетей Сары таздан ата жөнүн укканы ....................425
Сары таз ....................426
Манастын аталары ....................428
Каныкейдин жомогу ....................431
Күмбөз ....................432
Талас ....................438
Ак ордо ....................439
Аколпок ....................439
Ак келте ....................440
Сырнайза ....................440
Айбалта ....................441
Ачалбарс ....................441
Кандагай ....................441
Тайбуурул ....................442
Кумайык ....................442
Акшумкар ....................443
Желмаян ....................444
Каныкейдин Манасты сайышы ....................445

### ЧУБАКТЫН ОКУЯСЫ

Кыргынчалдын бузуктугу ....................446
Жолдун жайы ....................449
Семетейдин жөнөшү ....................451
Семетейдин Таласка келиши ....................455
Манас ....................456
Алмамбет ....................456
Чубак ....................456

Бакай ....................................................................................................457
Каныкей ................................................................................................457
Семетей.................................................................................................457
Чоролор ................................................................................................457
Кумайыктын келиши ..............................................................................458
Семетейдин Бакайга учурашы ..................................................................459
Тайбуурулдун келиши ............................................................................462
Акшумкардын келиши.............................................................................463
Семетейдин Жакыпка учурашканы...........................................................463
Семетейдин Абыке, Көбөшкө учурашканы ...............................................469
Семетейдин Бөлөкбайга учурашканы........................................................476
Семетейдин Букарга кайтышы .................................................................477
Семетейдин Таласка көчкөнү ...................................................................478
Семетейдин Чачыкейди алышы ................................................................480
Көбөштүн Семетейге чабуулу ...................................................................483
Чоролордун өлүмү ..................................................................................487

## ЧЫНКОЖО, ТОЛТОЙДУН ОКУЯСЫ

Семетей менен Чынкожонун жоо болушу.....................................................494
Семетей Багышты өлтүргөнү ....................................................................497
Чынкожонун Толтойго кошулушу ..............................................................503
Чынкожо, Толтой Үргөнчтү камаганы .......................................................507
Айчүрөк учуп барып, алптарды сынаганы...................................................509
Төштүк ..................................................................................................510
Коңурбай................................................................................................511
Алгара ...................................................................................................511
Мырадыл................................................................................................511
Кошой....................................................................................................512
Айчүрөктүн Таласка келгени ....................................................................512
Семетей..................................................................................................513
Айчүрөктүн Чачыкейге учураганы ............................................................513
Чачыкей..................................................................................................514
Айчүрөк .................................................................................................514
Чачыкей..................................................................................................516
Айчүрөк .................................................................................................516
Айчүрөктүн шумкарды ала качышы ..........................................................518
Күн жайлоо ............................................................................................521

*Илимий-популярдуу басылма*

**«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер»**
**сериясы**

# ЫБРАЙЫМ АБДЫРАХМАНОВ
# МАНАС, СЕМЕТЕЙ

Түзгөн
*Кубат Ибраимов*
Тех. редактору *Тилекматова Н.*
Корректору *А.Бекболотов*
*Компьютерде терген А. Бекболотов*
Компьютердик калыпка салган *Б. Өмүров*

Терүүгө 10.10.2018-ж. берилди.
Басууга 10.12.2018-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70х100. 1/16
Көлөмү 33,25 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____

«Полиграфбумресурсы» басмаканасында басылды.
720071, Бишкек ш., Сүйүнбаев көч., 144/23
Тел.: (0 312) 43-20-75, (0 312) 43-19-51